КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ОКУРМАНДЫН КИТЕП ТЕКЧЕСИ» СЕРИЯСЫ

25-том

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

Академик А.А. АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Т ү з г ө н: *Айнура Кадырманбетова*

БИШКЕК
«КУТ-БЕР»– 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 37

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

**Редкеңеш:**

*Акматалиев А.А.*
*Байгазиев С.*
*Жайнакова А.Ж.*
*Маразыков Т.*
*Мусаев С.Ж.*
*Садыков Т.*
*Токтоналиев К.Т.*
*Эркебаев А.Э.*

А 37 **Чыңгыз Айтматов:** «Окурмандын китеп текчеси» сериясы. 25-том./ Түз. *А. Кадырманбетова.* – Б.: «Кут бер», 2017. – 640 б.

ISBN 978-9967-12-673-2

Китепте залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун повесттери орун алды.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**А 4702300100-17**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-673-2

© КРУИА, 2017
© «Кут-Бер», 2017

## АЙТМАТОВ ЧЫҢГЫЗ

Дүйнөгө кеңири белгилүү залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов 1928-жылы 12-декабрда Талас областындагы Киров районуна караштуу Шекер айылында туулган. Кыргыз эл жазуучусу (1968), КР УИАнын академиги (1974), Кыргыз Эл Баатыры (1997), Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1976), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1978) жана СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1968, 1977, 1983), Илим, искусство жана адабият тармагындагы Европа академиясынын анык мүчөсү (Париж, 1983), Бүткүл дүйнөлүк илим жана искусство академиясынын академиги (Стокгольм, 1987), Австрия, Австралия, АКШ, Индия, Италия, Япония, Россия жана башка өлкөлөрдүн эл аралык сыйлыктарынын лауреаты. Жамбыл шаарындагы зооветтехникумду (1946), Фрунзедеги К. Скрябин атындагы айыл чарба институтун (1953) бүтүргөн. 1953-56-жылы Кыргыз мал чарбачылыгы институтуна (КирНИИЖ) караштуу асыл тукум заводунда зоотехник болуп иштеген. 1956–58-ж. Москвадагы Жогорку адабий курстун угуучусу, 1956–60-ж. «Литературный Киргизстан» журналынын редактору, 1960–65-ж. «Правда» гезитинин өз кабарчысы, 1965-жылдан Кыргызстан кинематографисттер союзунун төрагасы, 1986–91-ж. Кыргызстан Жазуучулар союзунун төрагасы, 1988–90-ж. Москвадагы «Иностранная литература» журналынын башкы редактору, СССР Президентинин кеңешчиси, 1991-жылдан СССРдин, 1992–93-ж. Россиянын Люксембургдагы,

1994–2006-ж. Кыргызстандын Бельгия мамлекетиндеги, Нидерландия королевствосундагы жана Люксембург герцогствосундагы Атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси.

Жазуучунун балалыгы Улуу Ата Мекендик согуштун катаал мезгилине туш келген. Ал 14 жашында айылдык советтин секретары болуп иштейт. Согуш мезгилинде алган турмуштук сабактар жазуучунун дүйнөгө көз карашынын, түшүнүгүнүн калыптанышына катуу таасир бергени талашсыз. Эстен кеткис бул катаал күндөр кийин жазуучунун чыгармачылыгында системалуу көркөм чагылышка ээ болду.

Жазуучунун эскерүүлөрүнө караганда чыгармачылыкка болгон кызыгуунун алгачкы учкундары Жамбылдагы техникумда окуп жүргөн учурунда эле пайда болгон. Адегенде ыр жазууга ышкыбоздонот. Техникумдун мугалими А.В.Штубендорф Айтматовдун ырларын окуп көрүп, жаш талапкерден өз күчүн прозадан да сынап көрүүшүн өтүнөт. Айтматов кыргыз адабиятында согуш темасында жакшы чыгармалар жаралбай жаткандыгына кабатырланган. Айыл чарба институтуна келип киргенден кийин М.Бубенновдун «Ак кайың» романын, В.Катаевдин «Полктун уулу» повестин которууга киришет. Котормолорун басмага алып барса, бул чыгармалардын которулуп калгандыгын билдиришет. Бирок, бул ордунан чыкпаган аракет, котормочулуктан алган алгачкы тажрыйба адабий турмушка болгон жандуу кызыгууну жараткан. Ошол эле жылдары жаш калемгер студенттин терминология, көркөм котормо проблемаларына байланыштуу макалалары («Орусча-кыргызча сөздүк жөнүндө», 1951; «О терминологии киргизского языка», 1952; «Перевод далекий от оригинала», 1953) жарык көргөн. Согушту жектөө жана тынчтыкты жактоо темасында жазылган «Газетчи Дзюйо», «Ашым» (1952), «Сыпайчы» (1953) аттуу алгачкы аңгемелери орус тилинде жарыяланат. Жазуучу чыгармачылыгынын башталы-

шында кыргыз жана орус тилдерин катар алып жүргөндүгүн анын гезиттик макалаларынан, аңгемелеринен байкоого болот. 1954-ж. окурмандар орус тилинде «На богаре» аттуу аңгемеси жана ага удаа эле кыргыз тилинде «Ак жаан», 1955-жылы «Асма көпүрө», «Түнкү сугат» аттуу аңгемелери менен таанышат.

Ч.Айтматовго алгачкы чыгармачылык ийгиликти «Бетме-бет» (1957) жана «Жамийла» (1958) повесттери алып келди. Бул повесттер жарык көрөрү менен адабий коомчулук аларга кыргыз адабиятындагы жаңы көрүнүш катары баа берип, окурмандар тарабынан жакшы кабыл алынды. «Бетме-бетти» жазуучу чыгармачылык жолунун чыныгы башталышы, «адабий дебюту» катары атайт. Адабий дебют бул жерде жазуучунун чыгармачылыктагы өз чыйырын табуусу, алгачкы саамалык, ийгилик маанисинде айтылып жатат. Бирок, бул башталышты жалаң эле Айтматовдун жеке ийгилигин эмес, улуттук көркөм адабиятыбыздын өнүгүшүнүн жалпы табиятындагы жаңы сапаттык бурулуш катары туюу керек. Буга чейин кыргыз прозасында жалпы сүрөттөө үстөмдүк кылып, көркөм образ статикалуу, поэтикалык ой экстенсивдүү формада өнүктүрүлүп келсе, «Бетме-бетте» чыгарманын идеялык-тематикалык мазмуну каармандын ички дүйнөсүндөгү диалектикалык карама-каршылыктарды иликтөө менен тыгыз карым-катышта өнүктүрүлөт.

«Жамийла» – жазуучунун атын алыска тааныткан чыгарма. Повесть алгач «Обон» деген ат менен кыргыз тилинде «Ала-Тоо» журналына, орус тилинде «Жамийла» деген аталышта «Новый мир» журналына (1958, № ) жарык көргөн. Повестти алгачкылардан болуп казак адабиятынын классиги, дүйнөлүк денгээлдеги окумуштуу М. Ауэзов жогору баалап, жазуучуга ак жол каалайт. Француз жазуучусу Луи Арагон повестке «Махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян» деп баа берип, француз тилине которуп, ал 1959-ж. Парижден өзүнчө китеп болуп жарык

көрөт. Повесттин мазмундук өзөгүн түзгөн тема – сүйүү темасы. Адамдын турмушка, элге, жерге, жашоого, руханий сулуулукка болгон чексиз сүйүүсү, патриархалдык салт-санаа, түшүнүк үстөмдүк кылган чөйрөдөгү үй-бүлө түшүнүгүнө аялдык «мендин» кайчы келиши сыяктуу маселелер өз ара тыгыз байланышта чечмеленет.

Жазуучунун «Делбирим», «Ботогөз булак», «Биринчи мугалим» (1961) повесттеринде, «Кызыл алма» (1964) аңгемесинде нравалык-этикалык проблемалар андан ары тереңдетилип, өнүктүрүлөт. «Саманчынын жолу» (1963) повестинде жазуучу Адам менен Жердин өз ара сүйлөшүүлөрү сыяктуу шарттуу ыкманы чеберчилик менен колдонгон. Жер-Эненин образы жазуучуга Адам-Эне Толгонайдын, тынчтыкты, бейпил турмушту сүйгөн, балдарынын амандыгын каалаган эненин эң жөнөкөй жана ыйык тилегин жалпы адамзаттык деңгээлде айтуу үчүн керек болгон.

«Гүлсарат» (1966) социалдык планда өтө курч жазылган этаптуу чыгарма. Ушундан баштап жазуучунун чыгармаларынын идеялык-эстетикалык мазмуну курч социалдык мүнөзгө ээ боло баштаган. Чыгарманын башкы каарманы Танабай Бакасовдун өмүр-тагдыры анын жоргосу Гүлсарынын тагдыры менен бирдикте сүрөттөлөт. Ак ниет коммунист Танабайдын каршысында мансапкор партиялык жетекчилер Кашкатаев, Сегизбаев, Алданов, Ыбырайымдын образдарын жаратуу менен Айтматов кыргыз адабиятындагы, дегеле совет адабиятындагы традициялуу кө-рүнүшкө айланып калган коммунист жетекчинин идеалдаштырылган образы тууралуу окурмандардын иллюзиясын бузду, повестте чарба жүргүзүүнүн советтик системасына карата бир топ сынчыл көз караштар айтылган.

«Ак кеме» (1970) повестинин идеялык-тематикалык мазмунунун борбордук түйүнү Мүйүздүү Эне жөнүндөгү жомокко барып такалат. Чыгармада реалдуу турмуш,

реалисттик образдар мифологиялык-жомоктук сюжет менен жанаша жашап, жуурулушуп, өтмө катар байланыштагы өзгөчөлүктүү композициялык курулушка ээ болгон. «Ак кемедеги» Мүйүздүү Эне – бул жайынча айтылган жомок же корукка адашып келип калган реалдуу бугу эмес, ал баарыдан мурда ата-бабадан келаткан ыйык мурас, символ, ыйык эненин элеси.

Жазуучу өзүнүн балалыгы туш келген согуштун катаал күндөрүнүн элесинен алып «Эрте жаздагы турналар» (1973) аттуу лиро-романтикалык стилдеги повестин жараткан. «Манас Атанын ак кар, көк музу» (1975) аттуу автобиографиялык очеркинде повесттеги «Аксай десанттары»: Анатай, Эркинбек, Эргеш, Кубаткул өзүнүн классташ курбулары экендигин баяндайт.

«Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» (1977) повести алыскы Охотск деңизинин жээгиндеги нивх элинин турмушунан алынып жазылган. Албетте, жазуучунун негизги максаты нивх элинин социалдык-тарыхый абалын, салт-санаасын, үрп-адатын, тиричилик эрежелерин сүрөттөө эмес. Повесть – Улуу Деңизде Улуу Туманда калган аңчылардын адамдык улуулугу жөнүндөгү чыгарма.

«Кылым карытар бир күн» (1980), «Кыямат» (1986), «Кассандра тамгасы» (1995), «Тоолор кулаганда» (2006) романдарында жазуучу учурдун актуалдуу проблемаларын: илим, техниканын, дүйнөлүк, эл аралык коммуникациялык байланыштын күчтүү басымы алдында адам өзүнүн жеке адамдык өзгөчөлүгүн, индивидуалдуулугун, адамгерчилик сапатын, өзүнө, келечекке болгон ишенимин сактап калуу аракеттенген Едигей, Бостон, Авдий, Филофей, Роберт Борк, Руна Лопатина, Арсен Саманчиндердин образдарын чагылдыруу аркылуу адамзатты ыймандык тазалыкка, руханий бийиктиктерге чакырат.

## ЖАМИЙЛА

Ар дайым бир жакка жол жүрөрдө мен ушул алкагы жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам. Мына, эртең да айылга жөнөймүн. Сүрөттү карап, мен андан жолума ак тилек бата алып жаткан өңдүү аны көпкө көз айрыбай тиктейм.

Ушул күнгө чейин бул сүрөттү эч бир көргөзмөлөргө да берген жокмун, ал тургай айылдан туугандарым келгенде көздөн далдалап бекитип коём. Анча эле жашыргандай эмнеси бар, уяттуубу деп, кокус оюңарга кетип жүрбөсүн,– жок, бул сүрөттүн эч кандай ыксыз жайы деле жок, же болбосо, ага «көз тийип» кетет дегендей, ал бир ашкан укмуш да эмес. Биринчи көрүшкө жөнөкөй эле кадыресе сүрөт. Бетине тартылган жер кандай жөнөкөй болсо, сүрөт өзү дагы ошондой жөнөкөй.

Сүрөттүн тээ ички тереңинде – күзгү асмандын ала-бүркөк чет жакасы. Шамал бирин-серин булуттарды бир жакка бет алдырып, алыста кылтыйган чокуларга жандатып, кыялата айдап бара жатат. Андан берки көрүнүштө – бозоргон сары талаа, кең өзөн. Чет-четтен чийлер ыкташып, жаан-чачындан кийин топурагы борпоң, тоборсуп карайган жолдо катарлаш баскан эки жолоочунун изи тигинден бери чубайт. Жолоочулар улам жакындаган сайын алардын издери жерге даана түшүп, өздөрү азыр дагы бир-эки кадам шилтешсе, алкактын сыртына аттап, ушундан ары кетип калчудай сезилет. Айтмакчы, жолоочунун бири... Бирок мен шашпайын, сөз башынан болсун.

Бул өзү кечээ эле балалык чактагы окуя. Ата Мекендик согуш үчүнчү жылга аяк басып, Курск менен Орелдун майданында күчөп турган кези. Анда биз, бир кур өспүрүм балдар, колхоздо араба айдап, суу сугарып, чөп чаап, айтор,– согушта салгылашып жаткан эр бүлөлөрдүн оор түйшүгү биздин мойнубузда калган.

Өзгөчө эгин-жыйын келгенде аптасы менен үй бетин көрбөй, күн-түн кырманда, же болбосо эгин төгүп станцияда, жолдо бозуп жүрчүбүз.

Мына ушинтип саратан талаа ороктун кызуусуна өрттөнүп турган күндөрдүн биринде, станцияга каттап жүрүп, көптөн бери үйдөгүлөрдү көрбөй, бара кетейин деп, жолдон салт арабамды кайрыдым.

Биз башынан эки үй жанаша турабыз. Үч кез дубалы мыктап салынган, мечит жактагы дөбөчөдө турган бакдарактуу короолор ошол биздики. Мен чоң үйдүн баласымын. Агаларым согушка кетип кабар жок,– экөө тең үйлөнө элегинде кеткен. Карыган атам жыгач уста, колхоздун жүрүп турган ушул тактай араба, шады араба баарысы дээрлик ошол кишинин колунан чыгып турат. Таңдан намазын окуп, устаканасына кетет да, күн бата келет. Үйдө апам менен карындашым бар.

Берки кичи үйдө болсо биздин жакын туугандарыбыз турат. Жакын дегеним, ортобуздан эки-үч ата өтсө да, алар менен башынан малыбыз, жаныбыз бир. Тээ чоң аталарыбыз бирге көчүп, бирге конуп өтө ынтымактуу турушкан экен, ошолордун салты менен биз дагы арабызды алыстатпай, кол үзгөн жокпуз. Колхоз уюшулганда аталарыбыз короо-жайларды бир жерден жанаша тургузушуптур. Ал гана эмес, эки суунун ортосундагы биздин Арал көчө ылгый эле бир атанын балдары.

Кийинчерээк берки үйдүн ээси дүйнөдөн кайтып, артында аялы менен тестиер эки уулу калат. Илгертен калган адат боюнча агайын-туугандар жесирдин башын байлап коёлу деп, арбак, кудайга тууралап менин атама ни-

келештирип коюшат. Ал үй жонунан өзүнчө түтүн болуп саналып, мал оокаты, чарбагы бөлөк болгону менен, чынында биз баарыбыз бир үй-бүлө болчубуз. Алардын да эки уулу аскерде. Улуусу – Садык жаңы эле келинчек алганда кетти. Фронттобуз деп анда-санда алардан кат келип турат. Кичи үйдө кичи апам менен анын келини эле калышты. Ал экөө да эртеден керээли кечке колхоздун жумушунда. Кичи апам,– аны айылдагылар иштерман деп коюшат, ээ бир дүйнөдө табылбаган карапайым, сонун киши да. Түк бир бригаттар менен жаакташпай, жүр деген жагына жүрүп, берки жаш келиндер менен тең катары эле арык да чаап, суу да сугарып, кетмен колунан түшпөйт. Анын келини Жамийла, кудай билип берген бейм, ал дагы жумушка кайраттуу, мыкты келинчек, бирок мүнөзү башкачараак.

Жамийла жеңемди мен чын ниетим менен жакшы көрчүмүн: бир жагы жеңем, бир жагы,– ал менден азыраак эле улуу, тең курбу сыяктуу эле. Ал дагы мени «кичине бала» – деп, инисиндей эркелетет.

Ушинтип эки үйдүн тең тиричилиги өзүмдүн апам менен карындашымда. Карындашым анда секелек ойноок кыз, садагасы, анын ошондо апама жардамдашканын, мүнөзүнүн жайдарысын түк өмүр бою унутпасмын. Эки үйдүн тең козу-улагын жайган да ошол, тезек терип, отун алган да ошол, балдарынан кабар албаган апамдын кайгы-муңун алаксыткан да ошол. Бу биздин эки үйдүн ынтымагын, ырыс-берекесин сактаган апам, билерманы да апам, ал кишилердин арбагын сыйлап, сеники-меники дебей, эки үйдү тең адилеттүү башкарып, айылдагы эски нускалуу, кадырман байбичелердин бири. Бизге тийиштүү кандай гана иш болбосун апамдан чечилет. Атамды үй ээси экен деп эч кимиси кайрылчу да эмес. «Ой, устакеңе барбай эле кой,– ал дөңгөлөк, аспаптарынан башка эчтеке менен иши жок. Алардын эки үйүн тең билген байбичеси, ошого бар» – дешчү. Дагы да андай-мындай

иштерге, жаштыгыма карабай, мен кийлигишип кетчүмүн. Анткени, агалар аскерге кетип, эки үйдүн бел байлар жигити деп коюшканына корсоюп, мен өзүмдү кандайдыр жоопкерчиликтүү сезем. Апама болсо менин андайым жагат,– бышык болсун, тыкан болсун, атасынча жыгач чапкандан башканы билбей, тиричилик алаcа-бересеге көнсүн дейт. Мен арабамды чарбактын четине, көлөкөгө айдап келсем, биздин бригадир Орозмат, балдагын канжыгасына байланып алып, короонун оозунда апам менен эмнегедир кежеңдешип айтышып жатыптыр.

Жакындай келгенимде апамдын үнү угулду:

– Барбайт андайыңарга! Кудайды карап иш кылсаңарчы, аял деген качан эле араба айдачу эле? Кой, айланайын, келинимди ошол орогуна эле тим койгула. Ансыз да жалгыз бойлуктун азабын тартып, эки үйдүн тең түйшүгү өйдө каратпайт! Бир базардан бери белиме жел туруп, тиги жүгөрүлөрдүн түптөрү үйүлбөй жатат! – деп, заңкайта орогон элечектин ээк алгычын апам адатынча кайра-кайра жакасына кыстай, булкулдап жаткан экен.

Орозмат ээрде чалкалай берип, аргасы түгөнгөн кишиче онтоду:

– О, кокуй-ой, жарыктык, менин төрт мүчөлүм соо болуп, колумдан келсе, өзүм эле баягыдай каптарды арабага ыргытып-ыргытып жиберип, шакылдата айдап кетпейт белем! Ылаажы жок,– бой келиндерге араба айдаталы деп жатсак, макул деген келинди сиз тыйып салсаңыз, план толбойт, пронттун эгинин токтоосуз деп, тыяктан чоңдор үстөлдү муштагылап жемелесе, бу деги шартка түшүнсөңөр болбойбу!

Нары жактан шапалак камчыны сүйрөй баскан мени көргөндө, бригадир алда кандай ой тапкансып, сүйүнүп кетти:

– Андай эле келиниңизге жолдон тентек арабакечтер тиет десеңиз, мына – кайниси турбайбы! – деди ал, мени көрсөтүп. – А бу иним жеңесине бирөөнү жакын жуут-

мак турсун, каратып да койбойт. Андан кам санабаңыз, Сейит азамат өзү, бизди жансактатып жаткан мына ушул балдар да азыр, садагасы кетейиндер...

Апам мени көрө салып, бригадирдин сөзүн бөлүп жалынды.

– Ии, тентиген арам... Чачың өсүп, жүдөп да калыптырсың го өзүң. Жанагы атасы түшкүрү баланын чачын алып берүүгө да чолосу тийбейт... Ата имиш...

– Андай болсо бүгүн чачын алдыртып, кемпир-чалга эркелеп кетсин,– деп, Орозмат жайдарыланып коштоду. – Сейит иним, бүгүн үйгө түнөп, аттарыңды тыныктыр. Эртең Жамийлага араба беребиз, жеңеңди кошуп алып өзүң баш бол. Байбиче, чочубай эле коюңуз Сейит турганда. Андан калса, жанагы «жаңы тууган» Даниярды кошуп берейин: өзүңүз билесиз, ал деги адамга зыяны жок бечара... Өздөрүнчө үч араба – бир бригад болуп, стансага каттай беришсин, башкаларды булардын жанына кошпоюн да... Э, Сейит, сен кандай дейсиң. Бу апаң Жамийлага араба айдаталы деп жатсак, көнбөй жатат, өзүң айтчы.

Бир чети,– бригадир менин мактоомду жеткизип, бир чети,– ал менден кадыресе акыл сурап жатканга, анын үстүнө жеңем жанымда араба айдап жүрсө, кандай сонун болор эле деген балалык ой менен, мен мурчуюмуш болуп, апама айттым:

– Айдай берсин, аны эмне карышкыр жейт беле! – деп, тиги чоң арабакечтерди туурап, чырт түкүрүп, камчыны сүйрөй, жайбаракат теңселип бастым.

– Ии, күрсүлдөгөн урган, карышкыр дейби? Кой, айланайын, сен эмнени билип коюптурсуң! – деди апам ачуулана эреркеп.

– Э, билбей анан – эки үйдүн бел байлар жигити да! – деп жиберди Орозмат, апам жаңы макул болуп келе жатканда айнып кетип, кайра жаакташабы деген коркунуч менен жапылдап, эмне дээрин билбей, кайсалактады.

Аңгыча апам солгун үшкүрүп койду:

– А-а, кудай, ушу тырмактай немебизге өмүр берегөр... Бел байлар союлдай жигиттерибиз алда кайда; журтта калгандай эле аңкылдап калбадыкпы...

Андан аркысын мен уккан жокмун. Тамдын бурчун камчы менен бир тартып, саамайлары сербеңдеп, кичинекей колдору менен эпилдете тезек жайып, мага кубанычтуу жылмайган карындашыма анча деле назар салбай, далисте турган чоюн кумганды эңкейте шашпай колумду жууп, колтугума аарчыдым да, дароо үйгө кирерим менен адегенде чоң кесе айранды жутуп жиберип, экинчисин терезенин түбүнө алып барып, нан туурап жедим. Эшикте апам менен Орозмат дагы эле сүйлөшүп туруптур. Бирок, бул жолу алар жай эле муң айтышып жаткандай өңдөнду. Апам улам-улам ээк алгычы менен кабара түшкөн көздөрүн аарчып, тиги бир нерселерди жоотуп айтып жаткан Орозматка өзүнчө муңдана баш ийкеп, кылгырган тумандуу көз караш менен тээ алыска-алыска, кабарсыз балдары көрүнө калчудай тиктейт. Айтор, капаланып бошой түшкөн апам, Жамийланын араба айдашына көндү окшойт. Бир аздан кийин бригадир ыраазы болгондой жорго байталын шарт камчыланып, чойтоңдото бастырып кетти.

Анда бул иштин аягы эмне менен бүтөрү апамдын да, менин да капарымда жок.

* * *

Жамийланын эки атты башкарып, араба айдап кетишине мен эч кандай күмөн санаган жокмун. Ал өзү кичинесинен жылкыда жүрүп өскөн, тээ боордо, Бакайыр айлындагы жылкычынын кызы эле. Биздин Садык дагы жылкычы болуп жүрүп, жайлоодогу малчылардын тоюнда кыз куумайга түшүп, Жамийлага жетпей калган имиш, ошондон кийин намыстанып аны ала качып келгенин уккам. Андай эмес, экөө көңүлү менен кошулуш-

кан деп да айтып жүрүштү абысын-ажындар. Эмнеси болсо да, алар үч-төрт ай эле бирге туруп, анан Садык акемди аскерге алып кеткен. Билбейм, балким жаштайынан атасы менен бирге ой-кырда жылкы айдашып, ат чапкылап жүрүп өктөм өскөнбү, анын үстүнө, жалгыз кыз бала экен, айтор, Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр кайраттуулук, эркекке таандык мүнөз бар. Ар бир ишке шамдагай киришип, башка келиндердей башым, белим дечү эмес. Анан өзү да бирөөгө жемин жегизбеген өжөр, айтышкан менен айтышып, тилдешкен менен тилдешип, ал тургай бир-эки жолу келиндер менен тытышканы да бар. Жан-жакадагы жеңе-желпилер: «Э, ботом, бул кандай тыкчыңдаган келин эле! Эшик төрдү көргөнүнө бир күн болбой жатып, тили менен тим эле буудай кууруйт!» – дегендерине апам: «Ошондою мейли! – деп, кайра жактай кетчү. – Келинибиз ошондой ачык-айрым, тайманбас... Адамдын ичи-койну ачыгы эле жакшы болот,– сасыткылар кайра ошо тымпыгыйлардан чыгат».

Атам менен берки Иштерман энем го, алар деги кайната-кайнене катарында Жамийланы кагып-силкпей, жай эле чын ыкласы менен эркелетишип: «Кудай өзүнө ынсап берсин, түз жүрүп, нээтин бузбаса эле болду!» – деп коюшчу. Өстүрүп чоңойткон төрт уулду аскерге жөнөтүп жиберип, эки үйдүн ортосунда колго кармап калган жалгыз келиндин көзүн карашабы, бирок мен апама таң калган жерим бар. Башканы мындай коёюн, апам бирөөнүн көзүн карай турган киши эмес. Эски салтты коё бербей, атам өзү чапкан алты канат боз үйдү ар жылы жаз чыгары менен короого тигип, арча түтөтүп кут сактап, бизди баарыбызды тектүү, катуу тарбияда өстүрүп, башынан эки үйдү бийлеп келген апама үй-бүлө анын айткан дегени менен болушу керек. Ал эми Жамийла келери менен биздин арабызда айырмаланды. Ырас, ал энелеринен ийменип, аларды сыйлачы, бирок айылдагы

көпчүлүк келиндердей болуп, үп этпей башын жерге салып, же болбосо тескери карай көгөрүп сүйлөнбөй, өзү туура таап, айтам дегенин тартынбай айтып, ой-пикирин жашырчу эмес. Жүйөлүү болсо апам көбүнчө аны менен макул, бирок ошондо да акыры ток этер сөздү ал оңой эле бирөөгө бере койбойт. Менимче, апам аны мүнөзүнүн күчтүүлүгү, адилеттүүлүгү жагынан өзүнө жакын, өзүнө тең болорлук көрүп, келечекте аны эки үйдүн башын коштуруп, очоктун ырыс-берекесин сактаган өзүндөй мыкты орун басар катарында калтырып кетейин деген ою бар болсо керек.

– Аллага шүгүр, тектүү, куттуу жерденсиң, балам. Ал да болсо сенин багың, ушуну билип жүр. Аял деген кудай этегинен айтып, үйүнө береке турса, башка эмнени тилемек эле. Мына, жыйган-тергенибизди биз чал-кемпир кошо алып кетмек белек... Кадыр-баркыңды сактасаң, энчиңе бак-дөөлөт сактаганың ошол, балам! – деп, эскерте турган.

Баса, энелерди саал чочуткан бир нерсе бар эле. Жамийла өтө эле шайырсымак, бала кыялдуу. Кээде ал эч бир себепсизден энелерине эркелей кетсинби, же болбосо шаңкылдап каткырып жиберсинби, же көчөдөн короого кирип келе жатканда, куду эле жаш кыздарча арыктан так секирип, жүгүрүп келсинби, анан өзүнчө эле ырдап жүрөт. Энелер Жамийланын мунусун кеп кылып, анан кайра: «Бала да, бара-бара салмак тартар» – деп коюшчу.

Ал эми мага жеңемдин ушундайы жакчу. Ал экөөбүз алышып-күрөшүп, кубалашып да кетебиз.

Жамийла өзү шыңга бойлуураак, белдүү келин. Эки өрүмгө батпай, дүркүрөп өскөн калың чачын кысып туруп, бир байлам ак жоолукту маңдайына кыйгачтатып, шарт буунуп алса, кызыл торусунан келген, балкылдаган тегерек жүзүнө ак жоолук эп келише калат. Жамийла күлгөндө анын чымкый кара, сүйрүрөөк көзүндө ден соо-

луктун, жаштыктын ашып-ташкан күчү ойт берип, ал эмнегедир өзүнчө бой каранып, секетбайдын туздуусунан ырдап жиберет. Айыл арасындагы жигиттер, өзгөчө фронттон кайтып келгендер Жамийлага кызыгып, тийишишип жүргөндөрүн алда нече байкагам. Тамашаны жакшы көргөн жеңем алар менен тамашалаша берчү, бирок колу шокторду жанына көп жуутчу эмес. Ошондой болсо да, мен өтө ичи тар элем, жеңемди кызганып, берки тийишип жаткан «бузуктарга» сыр көрсөтөйүн дегендей: «Байкагыла, мында мен, кайниси турам! Коруп алар эч кимиси жоктой көп эле сугалактай бербегиле!» – дегенчелик кылып, алардын сөзүн бөлүп, эпсиз какшыктап, эң акыры сүзөнөөк теке-улакчасынан кыйшайып, кабактын астынан үлүрөйө тиктейм. «Ой, алдагы жаман кантет, жеңе ушунуку беле!» – деп жигиттер күлгөндө, кудай билет, кызарып-татарганым аз келгенсип, көзүмө жаш имериле түшөт окшойт. А мени түшүнгөн жеңем кубанычтуу күлкүсүн тыялбай, суз жылмайып: «Ишиңер болбосун, жеңе деген жерде жатыптырбы? Жүр кеттик, кайним!» – деп, тигилерди ого бетер кызыктырып бураң этип, башын өйдө чулгуп, мени менен кошо басып бара жатып, өзүнчө ыраазы болгондой да, ызалангандай да, унчукпай күлүмсүрөйт. Мүмкүн ошондо: «Жеңе коруйт десе ушунте бересиңби, кичине бала? Кызыксың да анан, көңүлүм бузулса, миң коругула, мен чабырдагы чымчык эмесмин да!» – деген ой кетеби ага?.. Мен дагы ошондо айыптуу немедей унчукпайм. Бирок, аздан кийин эле жеңем кайра жазылып: «Ии, кичине бала, кызыксың да анан!» – деп, адатынча мени бооруна кысып, маңдайымдан өбөт.

Ооба, мен жеңемди эч кимге ыраа көрбөй кызганам, анын ирендүүлүгү менен, өзүн эркин алып жүргөн мүнөзү менен ичимден сыймыктанчумун. Билбейм эмне үчүн экенин, бирок биз өтө жакын элек, биринен-бири эчтеке жашырбас сырдаш курбулар сыяктуу элек. Ал кезде

айылдагы эркектер аз, ошондон улам кээ бир көкүрөк көтөрүп, дөгүрсүнгөн жигиттер, өзүн «мен гана» дегендей сезип, аял алар үчүн кеп эместей. Бир жолу чөп чабыкта, улам эле жөнү жок ыржалактап, айтканым сая кетпейт дегендердин бири – биздин тууган сөрөй Осмон тийише бергендиктен, Жамийла анын сенек колун жактырбай силкип салды да, көлөкөдө отурган жеринен өйдө боло берип:

– Турчу нары! – деди. Анан тескери карап, өзүнчө капалана үшкүрдү. – Аңгиликтен башка колуңардан эмне келет дейсиң?

Чөп маянын түбүндө талтая жамбаштаган Осмон шилекейленген калбык ээрдин кекерлене түйрүп, бышкырды:

– Тигини, мышык этке жетпей жатып сасык дейт... Мурдуңузду чүйрүбөй эле коюңуз! Кесирди эмне кылат экенсиң, көзүң катып өлүп эле жүрөсүң го...

Жамийла жалт бурулуп, кубара түштү:

– Өлсөм өлүп жүргөндүрмүн,– кудайдын башка салганы! Бешенебиз ушул экен – сен, акмак, андан эмне күлөсүң? Көзүм катмак турсун миң жыл так өтсөм да, сага окшогон шүмшүккө кесиримди артканым арткан! Акмаксың, баягыдай тынчтык замана болсо, көрөр элем ушинтип айтканыңды!

– Ошону айтам да! Согуштун кесепетинен камчынын уусуна сугарылбай кутуруп жүрбөйсүңбү,– Осмондун көзү жүлжүйө майланышып, ал ээрдин тиштене тамшанып алды. – Менин гана катыным болуп калсаң ээ...

Эриндери дирилдеген Жамийла Осмонду баардык күчү менен жекире карап, бир нерсе айтмакчы болуп ага умтула берди да, анан: «ушуга айткан кайран сөз» – деди окшойт, «түү» – деп, тигини көздөй жийиркеничтүү түкүрүп, жерде жаткан айрыны ийнине салып, унчукпай четке басты. Мен бери жакта арабанын үстүнөн чөп

түшүрүп жатат элем, мени көрө салып, Жамийла чукул бурулуп кетти. Жеңем мен ошондо кандай абалда экенимди билди. Сөз ага эмес мага тийгендей, мен ал үчүн ызаланып, намысым кайнап: «Андайларга эмне үчүн жолойсуң, алар менен эмне үчүн сүйлөшөсүң?» – деп, жеңеме жаным ачып, кейип турдум.

Ошол күнү керээли кечке Жамийланын ийилген кашы сустайып, шыңкылдаган күлкүсү тыйылып, унчукпады. Мен шады арабаны[1] үймөктөрдүн жанына айдап келгенде, ал мени сүйлөтпөс үчүн атайын жумушка алаксытып, ичин өрттөп жаткан ой-санаасын байкатпай, чоң үймөк чөмөлөгө айрыны ныгыра сайып, тоо омкоргондой аны бүт бойдон жерден так көтөрүп, бетине калкалай келип, улам арабага өжөрлөнө силкип таштап жатты. Тигиндей узай берип артыма караганымда, жеңем айрынын сабын таянып, бир азга солгун туруп, ойлонуп калат да, кайра жумушка кирет.

Кеч бешимде акыркы арабага чөп басып жатып Жамийланын тиги өчүп бара жаткан күндү карап турганын байкадым. Наркы өйүздө казактын боз адыр белесинде от жагылган тандырдын оозундай алоолонуп, билинер-билинбес мелт-мелт ылдый чөгүп, жерге күүгүм чакырып, асмандагы борпоң булутчаларды кызылсур түскө боёп, талыкшып албырган күндү, Жамийла алаканын көзүнө калкалап, ошол жакта кандайдыр бир сонун көрк ачылып келе жаткансып, муңайым күлүмсүрөп карап турду. Баятан куушурулган кашы азыр жазыла берип, жүзү жарык тартып жумшарды.

Ошондон улам ал менин айтылбаган, бирок али да жүрөгүмдү өйкөп, тилимдин учунда турган: «Андайларга эмнеге жолойсуң, алар менен эмне үчүн сүйлөшөсүң?» – деген кейиштүү суроомо жооп бергендей, мен анын эң жакын сырдаш курбусу өңдүү:

---

[1] ш а д ы  а р а б а – бийик тосмолуу, чабактары көп араба.

– Сен жанагыны оюңа албай эле кой, кичине бала,– деп койду. – Ушул Осмонго окшогондор да кишиби? Дөбөттөр да ал бир...

Жамийла унчукпай калып, күндүн кылтыйып үзүлүп бара жаткан четин ойлуу карап, мага эмес, өзүнө угуза айтты:

– Андайлар адамдын черин жазмак кайда... Ал жүрөктүн түпкүрүндө жатат да. Кудай билет, андай эркектер дүйнөдө жок да чыгар?..

Мен антип-минтип арабаны кайырганча карасам Жамийла нары жакта иштеп жаткан келиндерге жүгүрүп кетип, алар менен бир нерселерди тамашалаша айтышып, кубалашып да кетиптир. Күндүн таптаза батышын көрүп көңүлү ачылдыбы, же жумушту ойдогудай бүтүргөнүнө ыраазы болдубу, айталбайм. Чөп баса үйүлгөн арабанын үстүндө олтуруп, буурул-ала салкын көлөкө жайылган чабынды менен жоолукчасын булгалап, кулачын кере жүгүрүп бара жаткан Жамийланы көрүп, менин да көңүлүм ачылды: «Ырас эле, Осмондун сөзү да кеппи?»

– Чү, аттарым, ылдамда! – деп, арабаны тездеттим.

* * *

Бригадир Орозмат айткандай, ал күнү мен чачымды алдыртып кетейин деп, атам устаканадан кайтканча, Садык акемдин катына жооп жаздым.

Кат жазуунун бизде өзүнчө салты боло турган. Аскердеги агалар катты атамдын наамына жиберчү, почточу аны апамдын колуна тапшырат. Келген каттарды окуп бериш жана жооп жазыш – ал менин милдетим. Катты окуй электе эле анда эмнелер жазылганын мен күн мурун эле биле турганмын, анткени алардын баары эгиз козудай бирине бири окшош болучу. Садык акем кат жазганда адегенде: «Амандык кат» – деп туруп, анан: «Андагы Таластын атыр жыттуу, салкын абасында жа-

шаган, жандан артык көрүүчү агам Жолчубай»,– деп, атамдан баштап, анан апамды, анан Иштерман энемди айтып, ушинтип баарыбызды бир-бирден өз кезеги менен атап, жакын туугандарыбыздын аманчылыгын сурашып, эң акырында: «Жана да аялым Жамийла аман-эсен турабы?» – деп, Жамийланы бир ооз сурап өтөт. Ата-эне, туугандар турганда аялын биринчи эскерип, катты анын наамына жазыш – жалаң эле Садык үчүн эмес, эркекмин дегендердин баарына эрөөн болобу, бирок биз ушундай эле катка көптөн-көп ыраазыбыз, айыл элинин түшүнүгүндө бул өзү салттагы иш. Катты бир эмес эки-үч жолу окутуп алгандан кийин, апам аны казан-аяктын ысык-суугуна туурулган колуна алып, кагазды учуруп жиберчүдөй абайлай кармап, үч бурчтук кылып кайра бүктөйт.

– А-а, тумардай болгон катыңардан айланайын! – деп коёт ал, көзүнө жаш ала үшкүрүп. – Ата-эне, туугандар дейт тура? Бизди коюп өзүңөрдү эле кудай сактаса болгону, биз эмне... үйдө эмеспизби... Мен аманмын деп бир ооз эле чийип койсоңор, ошо да бизге чоң каниет...

Анан ал дагы бир азга катты телмире тиктеп, сандыктагы кат сактоочу тулубуна салып коёт.

Эгерде ошол учурда Жамийла да үйдө болуп калса, ал дагы катты бир сыйра ичтен окуйт. Ар убакта кат колуна тиери менен Жамийланын бети албыра түшүп, ал аны демин токтото албай, шашылып окуй баштайт. Бирок, улам каттын аягына жакындаган сайын, өңүндөгү оту соолуп, ийилген кашы сустая жыйналат. Кээ бирде аягына чейин да окуп жетпей, Жамийла унчукпастан, катты убактылуу карызга алгандай, сустайган бойдон кайра энесине берет.

Кат сактоочу тулупту сандыкка бекитип жатып, келининин бозоро түшкөнүн байкаган апам, аны кайраттандырмакчы болуп жемелеп коёт:

– Кабар келгенине сүйүнбөй, кайра шылкыя калат экенсиң да, балам. Же аскерге кеткен жалгыз эле сенин күйөөң бекен? Эл тарткан азапты эл менен кошо тарт... Кудай кошкон жарын ким сагынбасын, сагынсаң да ичиңде болсун, ичиңе сакта...

Жамийла унчукпайт. Унчукпаганы менен ошол учурда кежирлүү капалана карап: «Сиз түшүнбөй эле айта бересиз да!» – дегенсийт.

Садык акемдин бул жолку каты да Саратов шаарынан келиптир. Ал анда госпиталда жаткан. Куда кааласа, күз ортосуна карай бошоп келермин дептир. Мурун да ушундай кабар келип биз сүйүнүп жүргөнбүз.

Атам жумуштан келгенде, чачымды тезирээк шыпыртып алдым да үйгө жатпай эле, аттарды бедеге коё берип, күндөгүдөй кырманга барып түнөдүм. Башкармалар малды бедеге жайдырчу эмес, бирок мен, аттарым мыкты болсун деп, көздөн далда алысыраак ойдуңдагы бедеге түндөп тушап койчумун. Эч ким аны билчү эмес. Бул жолу арабаны кырманга чыгарып коюп барсам, мен ээлеп жүргөн ойдунда төрт ат тушалып жүрөт. Ачуум келип, бул аттарды тээ алыска айдап салайын дедим. Бирок, эки ат жана бригадир айткан Даниярдыкы экенин таанып, эртеңден баштап баарыбыз бир бригад болуп, станцияга кошулуп каттап жүрөбүз деген ой менен тим койдум. Кырмандагы саманга жатайын деп келсем, Данияр дагы ушул жерде экен. Арабанын дөңгөлөктөрүн кечки жарыкта жаңы эле майлап бүтүп, бурамаларын бекемдеп жатыптыр.

– Данике, сайдагы аттар сеникиби? – дедим. Ал бурула берип, жай карап койду:

– Экөө меники.

– А беркилеричи?

– Жанагы Жамийла дейби... сол келиндики. Сенин ал жеңең беле?

– Жеңем.

– Айтпесе бүгүн түн багып бересиң деп, бригад өзү таштап кетти. «Ии, жана аттарды айдап жибербегеним жакшы болгон экен анда»,– деп койдум оюмда.

Түн кирип, жогортон соккон сыдырым тыйылып, кырман да тынчыды. Мен жаткан саманга Данияр да келип жатты. Бирок, бир аздан кийин ал туруп кетип, нары суу аккан чоң сайдын тик ылдый түшкөн кашатына барып туруп алды. Ал ошол жерде эки колун артына алып, башын саал бир жагына кыйшайта, козголбой тура берди. Артынан карасаң Даниярдын сөлөкөтү айдын күүгүм жумшак жарыгында сомдон чыккандай арбайып, кашатта жалгызсырайт. Мемиреп жуушаган түнкү тынчтыктын уйкусун бөлүп, ушул кезде улам күч алып, бөгөлгөн таштарга урунуп, сайда шаркырап аккан суунун шарын, же башка бир кулакка угулар-угулбас дабыштарды тыңшагансып Данияр козголбойт,

«Адатынча дагы суунун боюна барып жатайын деген экен го!» – деп, күлүп койдум мен.

Данияр биздин айылга жакында эле пайда болду. Чөп чабык жаңы башталганда фронттон бир жарадар аскер кайтып келди деген кабарды айылдан чуркап келген бала сүйлөп берди. Бирок, ал аскер ким экенин бала өзү да билбейт. Айылда го белгилүү: бирөө аскерден кайтып келди дегенче болбой, жабыла учурашканы жүгүрүп барат эмеспи. Ал эми бул жолу анын аты-жөнү дайынсыз болуп, чөп чабыктагылар ого бетер чуу түштү.

– Чоочун дейт го?

– Чоочун болсо бул айылга эмнеге келмек эле?

– Баса, ошондой де!

Ушинтип, ал ким экен, кимдин баласы экен, биздин баланча болуп жүрбөсүн, биздин түкүнчө болуп жүрбөсүн – деп, чуулдаган чөпчүлөрдүн бир тобу айылга чаап барып да келишти.

Көрсө, Данияр түпкүлүгү биздин айылдан экен. Кишилердин айтымына караганда, ал кичинесинде тоголок

жетим калып, анан ар кимдин колунда жүрүп, акыры тээ төмөн Чакмактагы казак таякелерине кетип, ошо бойдон артынан издээр, күйөөр жакын тууганы жок, элдин эсинен чыгып, унутулуп калат. Айылдан кеткенден кийинки өмүрү жөнүндө Данияр анча деле чечилип айтып бербептир. Бирок, азыр ойлоп карасам, анын көрбөгөн күнү, тартпаган азабы калбаса керек.

Илинер-карманары жок эбелектей[1] баланы, турмуш бир жерден экинчи жерге айдап, сүрүп отуруп, карандай баштын жан сактоосун акмалатып, далай жерди кыдыртат. Данияр бир топко чейин Чакмактын боз даңгыр айланасында кой кайтарып, анан бой жетип, кайнаган чөлдө канал чаап, жаңы пахта совхоздорунда пахта эгип, суу сугарып, акыры Ташкенттин жанынан Ангрен шахталарында иштеп, аскерге кетет.

Эмнеси болсо да, элдер анын кайтып келгенин туура таап; «А, бечара, туз-насиби бар экен, акыры өз элин издеп келгенин карачы! – Ушунча жыл сыртта жүрүп өз тилибизди унутпаптыр,– аздап эле казакча чалышы бар» – дешип, өз ара ыраазылыгын айтышты.

«Тулпар айланып үйүрүн табат. Тууган жер, эл-журт деген оңойбу. Келгениң арбакка жагар иш: мына германды жеңип, тынчтыкка жетсек, сен дагы эл катары түтүн булатып балалуу-чакалуу болорсуң» – дешкен чалдар Даниярдын жети атасына чейин сөөк сүрүштүрүп отуруп, анын кай уруудан экенин, айылдагы анча-мынча туугандары ким экенин да таап беришти. Элдер эми аны: «Жаңы тууган Данияр» – дешчү болду.

Ортодон көп өтпөй, бир күнү шинелин ийнине арта салып, сол бутунан сылтый баскан узун бойлуу, мойну куркуйган бирөөнү бригадир Орозмат ээрчитип келди.

---

[1] э б е л е к – кумдуу, какыраган жерлерде өсчү назик өсүмдүк, бышып жетилгенде катуураак жел соксо тамырынан үзүлүп, жел менен кошо учат.

Өзүнчө эле чукчулдуктай[1] бүлүнүп, жорго байталды кыдыңдата бастырган жампыгый Орозматтын жанында тиги узун бойлуу аскер, салмагын соо бутуна салып, кандайдыр демите арыштап, унчукпастан калышпай келе жатты.

Биз, чөп чапкыч машина айдаган балдар, Даниярды ошондо биринчи жолу көрдүк. Анда жанагы бүгүлбөгөн бутунун жараты жакшы айыга элек, чалгыга жарабай, ал дагы машина айдашты. Чынын айтайын, биз аны анча жактыра бербедик. Себеби, Данияр киши менен көп сүйлөшчү эмес. Сүйлөшсө да ошол убакытта башка бир, өзүнө гана белгилүү ойлорду ойлогонсуп, кишини тике карап турса да, көңүлү башка жакта экени сезилип турчу. Ал өзүнөн өзү кыялга баткандай, маңыроо сыяктуу. Аны байкаган кишилер: «Байкуш неме согуштан эси ооп калса керек»,– деп да жүрүштү. Бирок, Даниярдын ушул мүнөзү, кыймылы тез иштегенине, чапчаң жүрүш-турушуна түк байланышпайт,– сыртынан карап турсаң, аны абдан курч, чечен неме го деп ойлойсуң. Мүмкүн, жетимдиктин запкысын көп тартып, турмуш аны тез иштөөгө, бирок көп сүйлөтпөй, сырын ичке түйүп, сактаганга үйрөттүбү? Балким, ошондой болуш керек.

Тартайган, москоол боюна жараша Даниярдын бет түзүлүшү шылынып чап жаак, кабагы дайыма чарчаңкы жыйрылып, көзү бир калыпта салмактуу тиктейт. Анын жүзүн өзгөртүп, кыймылга келтирген ийкемдүү кашы. Кээде ал бир үн чалгансып, сестейе калганда, каш серпкендей кашы өйдө боло берип, көзү жалжылдап, бир нерсеге сүйүнгөн өңдүү болот. Ал эмнеси экени биз үчүн түшүнүксүз. Бул гана эмес, анын башка да кызыктары бар. Кечке жуук, иңир чалышта аттарды коштоодон чыгарып, казанда кайнаган тамак качан даяр болот деп

[1] ч у к ч у л д у к – чулдук, жаныбардын аты, мис., «Өрдөк жокто чулдук бий».

отту тегеректеп, баарыбыз дем алып күтүп отурабыз. Данияр болсо, жаныбыздагы Кароол дөбөгө чыгып барып, караңгы киргенче ошол жерде олтурат. «Эмнеси бар анда, күзөт күзөтөбү?» – деп, биз күлөбүз. Бир күнү кызыгып, мен дагы Даниярдын жанына дөбөгө чыгып отурдум. Анча деле укмуштуу эчтеке жоктой бул жерде. Ырас, дөбөнүн үстүнөн айлана кеңири ачылып, тоо этектеп коюлуп келе жаткан көгүш иңирде жайкы талаалар деңиз түбүнө чөккөнсүп, барган сайын куйкум көлөкө жамынат. Данияр менин мында келгениме көңүл бурган жок. Сыңар тизесин кучактап, тек өзүнчө кыялданып, жүзү эргиген мейримде отуруптур. Ушул учурда ал мен укпаган, менин кулагыма жетпеген кандайдыр кереметтүү бир нерселерди тыңшап, ошого жан дили менен берилип, кулак салып отурган өңдүү туюлат. Кээде анын кашы бийик серпилип, көзү жайнап, ичинде демиккен бир зор күч бардай, ал чыңала түшүп, сыягы азыр өйдө тура калып, кулачын жая, айланадагы көз көргөндүн баарын кучактап, көкүрөгүнө бекем кысчудай термелет. Бир карасам жок, жөн эле чарчаган эмедей шалдырап, дем алып отурган сыяктуу.

Биздин колхоздун чөп чабындысы Күркүрөө суусунун ойдуң-буйдуңдуу чоң сайында. Күркүрөө дегендей эле капчыгайдан күркүрөп келип, ошол ашынган бойдон жан сабалап агат. Чөп чабынды маал, тоо сууларынын кирген кези. Таштан-ташка күбүлүп, кум ойнотуп, сары көбүк тарткан суу кечтен кошула баштап, түнкүсүн анын жер дүңгүрөтүп шаркыраганынан алачыкта жатып ойгонуп кетем. Каймагы алынган сүттөй көк ирим аба, сырттан муздак илеп чалып, бадырая толгон жылдыздар жылчыктарга шыкаалайт. Түнкү тынчтыкта суунун агымы бөтөнчө күчтүү сезилип, алачыктын түбүнө шарпылдата толкун уруп, улам жакындап сүрүп келгендей. Жээктен алыс болсок да алачыкты каптап алып кетеби

деген коркунуч эрксизден туулат. Жолдошторум бейкапар уйкуда, мен сыртка чыгам.

Сайдагы түн көрктүү да, коркунучтуу да. Жээкте тушалган аттардын караандары тигинде, мында бириндеп, тынч. Аттар баятан шүүдүрүм чөпкө тоюп, азыр кез-кез бышкырынып, тек гана магдырашат. Ошолордун эле жанында булуңдагы бүткөн бою суу, солкулдак бадал чырпыкты ыргай жапырып, таштарды ала-сала агызган Күркүрөө эчтекеге ээ-жай бергисиз жапайы күч менен жердин астынан чыккандай күңгүрөнүп, жандуу, тилдүү немедей сүрдүү, укмуштуу күү чалат. Аны тыңшап сүрдөйм, ичиркенем. «Баса, Данияр кайда болду экен?» – деп ошондо эстеймин. Ал дайыма так суунун жанындагы үймөк чөптөргө барып жата турган. «Ал эмне түнкүсүн коркпойбу, кулагы тунбайбы? – деген ой келет мага.– Уктап жатат болду бекен, же ойгообу? Тооба, өзү жалгыз суу боюна барып жаткандан кандай кызык табат, эмнеси бар мунун? Деги кызык неме... Адамдан оолак...» Кайда болду экен деп карайм, тыңшайм, эчтеке жок. Теребел жарык, кечит кара, жээкте толкун шыпшынат. Сайдын тээ башында, тоонун кыры мунарыктап, жылдыздар алыста көрүнөр-көрүнбөс.

Айлына кайтып келгенине бир топ күн болсо да, ушинтип эч кимге кошулбай, ар качан жалгыз жүрүп, Данияр өзүнө жоро-жолдош күтө албады. Бирөө менен жакындашуу, душмандашуу ага жат өңдүү, эч кимге жаман айтпайт, жакшы айтпайт. Айыл арасында го колунан жамандык, жакшылык да келип, жыйналыш-жыйында чыгып сөз сүйлөп, аш-тойдо аксакалдар менен тең катары тизгиндешип, эл башкарышып жүргөн өкмөт жигиттер кадыр-барктуу болуп, оозго кирет. Кыз-келиндин көзүнө түшчү да ошолор.

Ал эми Даниярга окшоп, өзүн башкалардан окчун кармап, жоош жүргөндү ишке аралашкан мыктылар анча теңине албайт, карапайымдар анын зыян-пайдасы бол-

богон соң: «Эптеп жансактап жүргөн бир бечара-байкуш» – деп коюшат. Өзгөчө бизге окшогон чечек балдар чоңураак жигиттерге теңаталашып жүргөндү мыктылык көрөт эмеспи. Биз көрүнө болбосо да, көзү жокто Даниярдын мүнөзүнө күлө турганбыз. Ал эмес көйнөгүн суугa алып барып, өзү жууганына да күлчүбүз. Аскерден кийип келген көйнөгү жалгыз болгондуктан, аны чала кургатып эле кийип алчу. Бирок, бир кызык жери, Данияр момун болсо да биз ага теңаталаша албадык. Аны улуусунтуп сыйлагандай ал менин агаларым менен курбалдаш, андайларды биз «сен» деп, өзүбүздүн наркыбызды төмөн түшүрбөйбүз. Сүрдөй тургандай Даниярдын эч деле жери жок, антсе да анын ошол унчукпас, басмырт мүнөзүндө кандайдыр терең маани бардай, демейде шок, какшыкчыл балдар көп эле ага батына бербеди.

Анын себеби мындан да болуп кеттиби деп ойлойм. Мен өзүм элдин көргөн-билгенин, бөтөнчө фронтто болгондорду майда-чүйдөсүнө чейин сурап, билүүгө кызыкчумун. Суроо деген менде түгөнбөйт, ушул дартымдан «Сейит маңыз» – деп да атыгып кеттим.

Данияр келген алгачкы күндөрү андан согушта болгон окуяларды угамын го деп күтүп жүрдүм. Бир күнү жумуштан кийин тамак ичип, отту тегеректеп жарпыбыз жазылып, тынчтанып отурганда, Даниярдан сурап калдым:

– Данике, согуштан козгоп, эрмектеп бербейсиңби?

Данияр адегенде унчукпай, жаман көргөнсүп түктүйө калды.

– Согуш дейсиңби? – деди ал жай гана, эмнегедир үнүн басаңдата түнөрүп,– согуштун түрү курусун, сендер аны билбей эле койгула!

Данияр бери жакта жаткан катуу-кутуу куурайдан чоң тутам алып, отту көсөп, тез-тез үйлөп күйгүздү да, эч кимибизди карабай, көнүмүш боюнча колдорун тапка

кактап, желпилдеп күйгөн жалынга көзүн сүзүлтө тиктеп унчукпады.

Ал эмне үчүн ушинткенин ким билсин, бирок анын ушул эле айткан сөзүнөн согуш деген жомок катары эрмектеп сүйлөй турган кеп эмес, ал адамдын жүрөгүнө терең батып, айтууга өтө кыйын, оор экени сезилди. Уялганымдан дагы жер карап калдым. Экинчи согуш жөнүндө Даниярдан эчтеке сураган жокмун, балдар дагы ага тийишип теңаталашканын койду.

Бирок, мүнөзү түнт, адамга ыгы жок Данияр мурункудай эле жалгыз-жабык жүрүп, анын аскерден кайтып келгенинин кызыгы бат эле таркады. Кээ бир элдер аны анчейин: «ээ бир жүргөн бирөө да!» – дегенсип көзүнө илбей, кээ бирлер ага ачык күлө сүйлөп, көпчүлүгү болсо боору ачып, «үйү-жайы жок эптеп жансактап жүргөн бечара карып... Колхоздун талаада берген ысык оокаты болбосо тим эле тентип эле кете турган неме... Өзү да кудайдын боз кою!» – дешип, аяп жүрүштү. Бара-бара элдер Даниярдын мүнөзүнө көнүгүшүп, үйрөнүп калгандыктанбы, аны кеп кылганды да койду. Чын эле адамдын эч кимге тиешеси болбогон соң, ал көз көрүнө эле унутула берет эмеспи.

* * *

Эртеси күн чыкпай, Данияр экөөбүз аттарды кырманга алып келдик. Аңгыча Жамийла жеңем да орокто жүргөн жеринен келип калган экен, бизди көрүп, тигинден эле кыйкырды:

– Ай, кичине бала, менин аттарым кайсы, бери жетеле! Камыттары кайсы эле? – деп машыккан арабакечтен бетер дөңгөлөктөрдүн шалкылдагын буту менен тээп көрүп жатты. Аттарды коштой жетелеп биз жакындап келгенде, Данияр экөөбүздүн түрүбүз кызык көрүндүбү, анткени жайдак бастырган Даниярдын кончу кенен солдат өтүгү салаңдаган узун буттарынан шыпырылып

кетчүдөй бутунун башына илинип, мен болсом мүйүздөй чор болгон согончокторум менен жылаңайлак теминип келаткам, Жамийла бизди шылдыңкор карап, күлүп койду:

– Оо, узунду-кыскалуу болгон кайрандар десе! Издешпей табышкансыңар го!

Ушундан баштап эле ал бизди башкарып алгансып: «Болгула, урушта туруш жок, эртерээк салкында жөнөй берели!» – деп, аттарды булкулдата кетенчиктетип, арабага кошо баштады.

Данияр жаныбызда жүрсө Жамийла аны кишиби, көлөкөбү дебей такыр эле көзүнө да илген жок, сүйлөшсө мени менен сүйлөшүп, бизден калышпай, нары-бери шамдагайлана аттарды чегип жатты. Жамийланын бул кыр көрсөткөндөй чечкиндүүлүгүнөн Данияр апкаарый түшкөндөй болду. Чекесин тырчыктырып, ал аны жактырбагандай да, таң калгандай да, түктүйө карап, сыртын салды. Тиги анысын байкаган да жок, болгондо Данияр тараза үстүнөн каптардын бирин кучактап алып, унчукпай арабасына көтөрүп таштаганда, Жамийла аны жемелей кетти:

– Ал эмнеси экен? Ар ким эле өзүнчө далбастай береби! Келе колуңду, колдошконду кудай колдойт! Ай, кичине бала, чык арабага, каптарды жаткыр!

Жамийла Даниярдын колун өзү эле шап кармап, экөө колдошуп кап көтөргөндө, Данияр уялганынан кара-көк болуп кызарып кетти. Анан алар улам каптарды колдошо көтөрүп басканда, бекем кармашкан колдору чыңалышып, кап үстүнөн арта салынып, Жамийлага эңкээ берген Данияр өз алдынан эле оңтойсузданып үтүрөйүп, аны карабаска аракеттенип жатты. Жамийла анда да иши жок, таразачы келин менен ары өтүп, бери өтүп шыңкылдашат. Арабалар жүктөлүп бүтүп, жуп жөнөрдө гана, ал бер жакка көзүн кымтый коюп, Даниярга:

– Ай, ким, Данияр белең? Карааның эркек эмеспи, жол башта! – деди.

Данияр бул жолу да унчукпады, чочугандай келинди бир карап, арабаны турган эле жеринен ала-сала айдады.

«Аа, шоруң кур, уялчаагын мунун!» – деп аяп койдум аны.

Жол алыс. Жыйырма чакырымдай боз талаа менен жүрүп отуруп, төмөндө жаткан Кара-Тоонун капчыгайынан өтүп станцияга барыш керек. Бир жакшы жери, кырмандан чыгып станцияга жеткенче жер өңүтү ылдый, аттарга бул көп жеңилдик. Улуу-Тоонун адырлуу тескейинде орношкон айлыбыз, капчыгайга кире бергенче, качан артыңа кылчайып карабагын, тал-дарагы карайып, жогору жакта көрүнүп турат. Темир жол капчыгайдын этегинде.

Мына ушинтип биз күнүн барып келип, эгин тартып жүрдүк. Айылдан эртең менен чыгып, станцияга түш оой барабыз. Жүктүү арабалардын дөңгөлөктөрү каксоо жолдо дүңгүрөп, шагыл майдаланып бычырайт. Күн өйдөлөп, талаа ысыган сайын, аттардын сооруларынан жылга-жылга тер кетип, үйүр алып, кошо ээрчишкен чымындар чаң аралаш учуп-конот.

Саратан чаңкып, жер какшыган күндөр. Станцияга келсең араба-көлүктөн басарга орун жок. Тоо койнундагы алыскы колхоздордон эгинди өгүз, эшекке артып, айдап келатышкан балдар менен катындардын жондору туздуу шор, чаң баскан беттери капкара болуп күйгөн. Шамалга киберсиген эриндери кан кесилип, өздөрү жылаңайлак-жылаңбаш, ташыркап, чаалыгып келишет. Заготзернонун короосу ызы-чуу, дарбазасында: «Баардык эгин – фронт үчүн!» – деп, ураан жазылган. Сокмо дубал менен тегерете курчаган жапыс короонун сыртында, паровоз вагондорду нары-бери кагыштырып, ысык буу уруп, кумурскача тынбаган аракетте. Өткүн жаандай шартылдап өткөн поезддер капчыгай жаңырта ток-

толбой зуулдашат. Так кампанын оозуна чөгөрүлгөн төөлөр өйдө тургусу келбей, жинин бүркүп, оозун чоё ачуулуу боздошот.

Чоң кампанын ичи тоодой үйүлгөн эгин. Каптарды жонго салып, тактайдан жасалган трап менен кампанын тээ төбөсүнө жете жаздай, бийик чыгып барып төгүш керек. Кампанын ысык чыккан тунукелүү үстү темир ис берип, буудайдын чаңы абада кылкылдайт.

– Эй бала, көзүңө кара, үстүнө жеткир! – деп, уйкусуз көздөрү кызыл эт болуп канталаган кампачы төмөндө колун кезеп сөгүнөт.

Ал эмнеге сөгүнөт? Сөгүнбөй эле койсочу! Алдан тайып жыгылып эле калбасак, ансыз да көтөрүп жеткиребиз го.

Биз бул эгиндин мээнетин жалаң эле ушул жерде эмес, талаанын өзүнөн, айдоого дан таштагандан баштап көтөргөнүбүз көтөргөн. Аны жашаялмет катын-балдар жазы-жайы тынбай, тырмактап өстүрүп, азыр да ошол өрт алган саратан талаада алда качан эскилиги жетип, күнүгө жүз жолу бузулган шалдыраган комбайнды бирде жүргүзүп, бирде кайра оңдоп, комбайнер жанын уруп далбастайт. Азыр да ошол эгин майданында орокчулар куланөөк таңдан караңгы түнгө чейин, уюп сыздаган белин жазбай, орок тартып, жерге түшкөн ар бир баш машакты кымындай балдардын колдору терүүдө. Ошол күндөрдө биздин баардык тапкан-тергенибиз – фронттуку, ал биздин жеңиш үчүн берген тер менен каныбыз.

Али да эсимде: жаш өспүрүм мен ошондо карылуу жигиттер көтөрчү каптарды ийниме салып, каптын бир бурчун тишим менен кошо тиштеп, өйдө чыгып бара жатканда, кабыргам майышып, көзүм тунарыктайт. Кадам сайын траптын тактайлары ийилип, кампанын чаңдуу деми өпкөнү кысат. Нечен-нечен жолу алдан тайып, жонумдан ылдый жылбышып бара жаткан буума капты ыргытып жиберип, өзүм да траптан кошо кулап түшсөм

деген ойлор кетчү. Бирок, артымда кап көтөргөн киши бар. Ал деле мага окшогон жаш бала же болбосо, төрөп-түшүп жүргөн аял чыгар. Эгерде согуш болбосо, мындай оор жүктү буларга ким көтөртмөк эле? Эркек мен эмес, аялдар ушинтип бел байлап иштегенде алсыздык кылууга акым бар беле?

Тигине алдыда Жамийла жеңем кетип бара жатат. Этегин кыстарып, багалектерин өйдө түрүнгөн Жамийланын кара тору толмоч балтырлары булчуң түйүп, толорсук тарамыштары үзүлүп кетчүдөй чыңалган. Жүгүн жеңилдетейин дегендей, Жамийла каптын астында бүгүлө ийилип, бат-бат басат. Кээде гана менин күчтөн тайып бара жатканымды сезгенсип, ал токтоло калат да:

– Чымыркан, кичине бала, аз калды эми! – деп коёт. Бирок, өзүнүн да үнү ошондо муунуп киркирейт.

Каптагы буудайды кызылдын төбөсүнө төгө салып, биз кайра тартканда алдыбыздан Данияр кезиге турган. Адатынча эч кимге кошулбайт. Ал унчукпастан, салмак менен бутун сылтый басат. Биз жандаша түшкөндө, оор тарткан боюн керип, көйнөгүнүн бырыштарын жазып келе жаткан Жамийланы Данияр эңкейген калыбында кабактын астынан кыйык тиктеп өтөт. Ал аны биринчи жолу көргөнсүп, ар дайым ушинтип карайт. Бирок, Жамийла муну оюна да алчу эмес. Биз бирге кошулуп иштегенден баштап, ал экөөнүн ортосундагы мамилеси ушул: Жамийла кээде анчейин тамаша үчүн тигиге үстөмдүк менен күлө сүйлөсө, кээде анын бары-жогун такыр эле унутуп салган өңдүү, эчтеке дебейт, карап да койбойт. Бул өзү Жамийланын көңүл иши. Көңүлү келсе жолдо келе жатып Жамийла мени: «Айда аттарды, кичине бала, кеттик!» —деп үндөп коёт да, отурган жеринен өйдө тура калып, камчыны үрөй кыйкырып, арабаны айдайт. Мен дагы калышпайм. Көз-ачып жумгандын ортосунда, жол баштап алдыда кетип бара жаткан Даниярды биз кууп өтөбүз. Чаңдын баары Даниярга капталып, ал артта ка-

лат. Бул өзү тамаша болсо да, адамдын ачуусу келе тургандай жорук. Ошентсе да Данияр таарынчу эмес. Чаңды буркуратып, биз жанынан өтүп бара жатсак, ал айыптуу немедей жай эле күлүмсүрөп, арабада тикесинен туруп, аттарды оңдон солго камчылап, каткырып айдаган Жамийланы унчукпастан таңыркап карайт. Кантип жатат болду экен деп, артыма кайрыла калам: тумандай коюу чаңдын арасында да Данияр ыраазы болгондой Жамийладан көзүн түшүрчү эмес. Анын ошол таңыркаган көз карашында жаш баланын шоктугун мейличи деп кечирген өңдүү мээрим да, ичтен тымызын күйүт чегип, эч кимге сыр айтпай, тарткан санаа да бар сезилет. Жамийланын ушундай жоруктарын, какшыктап күлгөнүн, жадагалса аны теңине албагансып, жанында жүрсө ага карабай, сүйлөбөй коюшун Данияр эч бир көңүлүнө албаган сыяктуу, баарына чыдап бир да жолу сөз кайрыган жок. Адегенде Даниярга менин боорум ооруп:

– Жоош немени ушинте бергениң кандай, жеңе? – деп айтсам, Жамийла:

— Ай, койчу ушуну! – деп колун шилтеп күлчү.– Бекер жүргөндөн көрө тамаша да! Аны эмне кудай алмак беле ошондон!..

Жүрө-бара жеңемдин бул тамашасына мен да кошулдум. Анткени Данияр Жамийлага өтө эле кадала карай турган болду. Өзгөчө Жамийла кап көтөргөндө, ал иш арада токтой калгансып, көзүнүн кыйыгы менен аны карайт да турат. Ар ким эле өзүнчө убаралanып, жумуш менен алек болгон көпчүлүктө мунусун эч ким байкабайт деп ойлойбу, айтор, үнү кардыккан арабакечтер кыйкырышып, ат-араба тыгылышкан станциянын базар сыяктуу тополоңдуу короосунда, жалгыз эле Жамийла элден башкача жаралгансып, канчалык кыйналса да, ээнэркин жердегидей элпек кыймылдап, жайдары күлүп, чын эле көзгө көрүнбөй койбойт экен. Арабанын кырына тикесинен тургузулган буума капты Жамийла чалка-

лай берип, артынан кармаганда, бүт денеси ийиле созулуп, мойну, көкүрөгү керилип, күнгө күйгөн кара күрөң чачтын өрүмдөрү узара түшкөндөй, артына салмактантып, чала жумган кирпиктердин арасынан көздүн каректери жалт эте түшөт. Ошондо кап көтөргөн Жамийла кампанын эшигине жеткенче, Данияр аны жанагы үңүрөйө таңыркаган көз караш менен байкатпастан карап узатат. Бирок, мен муну байкап эле жүрдүм. Башта анча деле көңүлгө албасам да, кийинчерээк барып Даниярдын минтип жеңеме кызыгып караганы мага жакмак турсун, намысымды келтирди: эч кимге ыраа көрбөй кызганган жеңеме, башкалар го мындай турсун, Данияр дегенди кантип эле тең көрөт элем.

«Тигини, ушунун да Жамийлада ою бар болсо керек, анан башкаларга сөз барбы! Ой то-бо!» – деп ачуум келип кыжырланып жүрдүм.

Даниярды эми момун деп аямак турсун, аны жек көрө баштадым. Ушундан улам мен дагы жеңеме кошулуп, аны шылдың кыла турган болдум. Бирок, биздин бул жоруктарыбыздын аягы уяттуу болуп чыкты.

Эгин ташыган каптардын арасында таардан тигилген, жети пуддук[1] бир чоң карала кап бар эле. Аны ар дайым жеңем экөөлөп кампага жеткирип, жерге төкчүбүз,– анткени, бир кишинин алы келе тургандай эмес болучу. Бир күнү кырманда арабаларды жүктөп жатып, жеңем экөөбүз жанагы карала капты Даниярдын арабасына таштап, үстүнөн башка каптар менен бастырып койдук. Чыны, кантер экен деп, тамаша кылдык.

Ушинтип, күн чыга кырмандан жол тарттык. Жолдо, орус кыштагында бирөөнүн багына кирип, Жамийла экөөбүз алма уурдап чыктык да, жол катары каткырып күлүп келдик: Жамийла Даниярды «тос» – демиш болуп, аны алма менен уруп келатты. Алма түгөнгөндөн

[1] п у д – оордук өлчөм – 16,38 кг салмакка барабар.

кийин, биз адатыбызча Даниярга чаң каптатып, жанынан өтө чаап, бир топ узап кеттик. Данияр бизди капчыгайдан чыга бериште гана кууп жетти. Темир жолдун өткүчү тосулуу экен, ачылышын күтүп турганбыз. Бул жерден станцияга бирге келдик. Мына ушулардын ортосунда жанагы жети пуддук кап эстен чыгып да калыптыр, оюбузда эчтеке жок, эгинди ташып бүтүүгө жакын калганбыз. Бир убакта Жамийла мени кабыргага түртүп, Даниярды карай көзүн кысып, күлүп койду. Данияр арабанын үстүндө турган экен. «Муну кандай кылсам?» – дегендей жанагы чоң капты тыяк-быягынан карап, Жамийланын күлкүгө какала түшкөнүн байкай койгондо, заматта кумсарып түнөрдү,– сынап жатканыбызды түшүндү окшойт.

– Ай, неме, ыштаныңды өйдө тарт, шыпырылып калбасын! – деди, кыткылыктап тамашалаган Жамийла.

Данияр аны жаман көзү менен акырая бир карап алды да, капты нары-бери булкуп, арабанын кырына тургуза салып, бир колу менен сүйөй берип жерге секирип түштү. Биз «а-бу» дегенче болбой зылдай болгон капты жонуна силкий көтөрүп, эңкейген Данияр кампаны көздөй басты. Адегенде, биз кантер экен деп, байкамаксан болуп, сыр алдырган жокпуз. Башкалар болсо, Даниярга сыра[1] да көңүл бурушкан жок, элдин баары кап көтөрүп жүрбөйбү, ким менен кимдин иши бар эле. Данияр трапка жакындай келгенде, Жамийла артынан жетти:

– Муну кайда алпарасың, соосуңбу, ташта ушул жерге, тамашаны түшүнбөйсүңбү?

– Тур нары! – деп, Данияр аны кагып салды.

Шагы сынган Жамийла күлүмүш болуп эле, тиги трап менен өйдө чыга баштаган Даниярды артынан карап:

– Карасаң ай, өлөрманын, көтөрүп бара жатат! – деп, айыптуу немедей бүдөмүк күлүп сүйлөндү. Жамийла ошол

---

[1] с ы р а – (*ир.*) 1. бүртүк, кенедей; 2. *өтм.* такыр, таптакыр.

бойдон кыткылыктап күлө эле берди, бирок барган сайын анын күлкүсү суз тартып, ал өзүн-өзү зордоп күлдүргөнгө окшоп жатты. Данияр тигиндей барып эле, жарадар бутуна күч келип, аксай баштаганда, биз аны кандай азапка салганыбызды ошондо түшүндүк.

Даниярдын буту жарадар экенин эмне үчүн мурда ойлободук экен? Ай, менин балалыгым ай! Муну ойлоп чыгарган шойкон мен эмес белем!

– Кайт артыңа! – деп жиберди Жамийла, күлкү аралаш кыйкырып. Бирок, артка кайтууга да кеч болуп калган, Даниярга удаа кап көтөргөн кишилер чубай келди.

Мындан ары эмне болгонун эсим чыгып, өзүм да жакшы билбей калдым. Менин бир көргөнүм эле Данияр. Көз алдымда ошол сабадай лыкыйган чоң карала кап. Данияр анын астында бүгүлө ийилип, трап менен өйдө чыгып бара жатат. Жарадар бутун ал сүйрөй сылтып, ага канча күч келтирбөөгө аракеттенген менен, улам жаңыдан кадам шилтегенде ооруганына чыдай албай тиштене калып, башын чулгуйт. Данияр жогорулаган сайын, үстүндөгү зор карала кап, жонуна минип алган жандуу немедей, аны оңдон солго теңселтип жатты. Жеңем экөөбүздүн бул ойлобой кылган кылмышыбызга ушунчалык уялып, эсим чыкканынан денем өлүп, калчылдап кеттим. Данияр эмес кап көтөргөн мен, ошол сыздап ооруган ок тийген бут меники сыяктуу, ал теңселгенде кошо теңселгенсип, көзүм караңгылап жатты.

Тигине Данияр токтой калып, ээрдин кесе тиштеп, көзүн жумду. Менин да башым айланып, жер көчүп бара жаткансыйт. Бир оокумга эсим оогондой, эчтеке билбей калдым.

Кимдир бирөө билегимден карыштыра кармап, сындырып жиберчүдөй болду. Мындай карасам Жамийла экен. Өңү жууган чүпөрөктөй бопбоз, эриндери мурдагы күлкүнүн элесин сактаган бойдон чала ачыла берип, көзүн Даниярдан албай, телмирип калыптыр. Биздин жаны-

бызга кампачы да, башкалар да жүгүрүшүп келишкен экен. Алар да эмне болгонун жакшы түшүнө бербей, Даниярды карашат.

Мына Данияр жүрүп бара жатып, ылдый жылбышкан капты оңдойм деп, аны өйдө силкти эле, туруштук бере албай тизелеп жыгыла баштады.

– Ташта! Ташта капты! – деп кыйкырып жиберди Жамийла. Данияр тил алган жок. Капты алда качан эле траптын четинен кулатып жиберсе болмок, ал анда арттагыларды да коюп кетпес эле, бирок өжөрлөнүп көгөргөн Данияр аны кылбады. Жамийланын үнүн укканда, ал кайра чымыркана калып, илгери умтулду. Азыраак барып, дагы кетенчиктеп теңселе бергенде, кампачы жаны чыккандай бакырды:

– Ташта, ташта дейм, иттин баласы!

– Ташта! – деп, башкалар да кыйкырышты.

Данияр бул жолу да өз дегенин бербей, нарыдан бери уруна, чайпалып, алга басты.

– Ой, мунуң таштабайт, айтты дей бер! – деди тургандардын бири, ошого көзү жеткен немедей колун шилтеп. Жалгыз ал гана эмес, жаныбызда тургандар да, кап көтөрүп Даниярдын артынан трап менен кошо чыгып бара жаткандар да, бул иштин тегин эместигин, мында бир сыр бар экенин, Данияр кап менен кошо кулап түшпөсө эле, ал аны эч убакытта коё бербесин түшүнүштү окшойт.

Бир оокумга сөз жок, үн жок унчукпай калышты.

Кампанын сыртында эшелонду ордунан козгоп, паровоз күүлөнүп вагондорду кагыштырууда. Өргө жүк көтөргөн аттай жата калып, Данияр траптын бийигинде. Теңселип жыгыла баштаганда, ал токтой калып күч жыйнап, кайра алдыга утурлайт. Даниярдын артынан келе жаткандар анын ыгына көнүп, ал токтогондо туруп калышып, ал басканда басышат. Даниярга каралап, алар

да кубаттан тайып, кара терге түшкөн. Бирок, бири дагы аны сен деп, ооз ачып тилдеген жок. Ашуунун тайгак жолунда бирине-бири кармашып келе жаткандай кап көтөргөндөр үнсүз тилсиз аракетте. Эгерде бири жаза тайып учуп кетсе, башкалар да анын артынан учуп кетчүдөй сезилет. Алардын ушул үнсүз кыймылында кандайдыр оор салмак, бир ооздон чыккан дем бар. Даниярга удаа келе жаткан аял буту чаалыгып, жыгыларына аз, бирок ал кудайдан өзүнө эмес Даниярга кубат сурап, ал үчүн арбактарга сыйынып жаткан өңдүү ага боор ооруп карайт. Мына эми аз эле калды, Данияр дагы чымырканса, траптын түз жерине жете бара тургандай. Ушул учурда алдан кеткен Данияр жарадар бутун аярлаганга чамасы келбей шалактап, үстүндөгү капты коё бербесе, жыгылганы эле калды.

– Жүгүр! Артынан, сүйөп жибер! – деди мага Жамийла, өзү болсо Даниярды тосуп алчудай, шашканынан ага колун сунуп көтөрдү. Мен трап менен өйдө жүгүрдүм. Кап көтөргөндөрдүн арасынан сыгылып, көйнөгүмдү мыкка айрытып, Даниярга жете бардым. Жонуна жүк аркалап, эңкейген калыбында Данияр колтуктун астынан мени бир карап алды. Бетинен жыш тер куюлуп, маңдайындагы кан тамырлар жарылып кетчүдөй кабарган, көзүндө – каар менен жаш толгон. Даниярга жардамдашайын деп умтулдум элем:

– Тур нары! – деп ал заардуу киркиреп, анан капты өйдө силкип, жанын оозуна тиштегендей, акыркы күч менен андан-мындан аттап, алдыга жүткүндү.

Шишиген салмактанган колдору шалдырап, бутун сүйрөп Данияр траптан түшкөндө, төмөндө күтүп турган эл, унчукпай тең жарыла берди. Жалгыз гана кампачы токтоно алган жок. Ачуусу келген бойдон Даниярга жулкунду:

– Сен эмне бала, жиндеп кеттиңби, яа? Же мен ошончо ит белем: бир ооз айтсаң, алдагы жерге эле төктүрүп

салбайт белем? Ким айтты сага ушундай каптарды көтөрсүн деп?

– Ишиң болбосун, өзүм билем,– деди Данияр жай гана, анан чырт түкүрүп коюп, арабасын көздөй басып кетти. Жамийла артынан шыбырады:

– Тамашаны түшүнбөгөн акмак?

Ушуну айтканы менен өзү башын өйдө көтөргөн жок. Данияр аны уктубу, укпадыбы, бирок азыр кайрыла калып, бизге эмне десе да, жеңем экөөбүз анын бетин тик карай албас элек.

Айылга кайтып бара жатып, жол катары бирибиз да ооз ачып сүйлөгөн жокпуз. Данияр үчүн бул көнүмүш иш,– ал ансыз да сөзгө сараң, ошондой болсо да бүгүнкүсү бизге катуу тийип жатты: же анын биротоло жүз карашпай таарынганы ушубу, болбосо ак көңүлдүк кылып, жанагы болгондорду алда качан унутуп да койдубу, айтор ким билсин аны? Биздин унчукпаганыбыз го түшүнүктүү: бир чети уялгандан жер карап, бир чети – оройураак болсо да, арам санатайы жок тамашаны Данияр чын көрүп, көңүлүнө жакын алганын жактырбай келе жаттык.

Эртең менен эгинди капка салып жатканда, Жамийла жанагы кырсыктуу карала капты алды да, буту менен басып туруп, тигиштерин эки колдоп айрып-айрып жиберди. Бөлөк-салагы чыккан таарды ал таразачынын алдына ыргытты:

– Ме, ал алдагы таарыңды! Бригадириңе да айтып кой, экинчи мындай капты берчү болбосун!

– Ой, сен өзүң соосуңбу, бул эмнең?

– Эчтеке эмес!..

* * *

Ошонун эртесинде күндөгүдөй станцияга келип, кашкарайганда кайра айылга жол тарттык. Данияр алдыбызда кетип бара жаткан. Анын таарынчысы, ызасы

жазылдыбы, биле алган жокпуз. Аны билүү да кыйын эле. Ортобузда эчтеке болбогонсуп, Данияр мурдагыдай эле бир сырдуу, токтоо мүнөз. Болгондо, кечээ ал жараатын аябай эле кокустатып алса керек, демейдегиден катуураак аксап, өзгөчө кап көтөргөндө кыйналып жүрдү. Ал эчтеке дебесе да, ушунун өзү, биз күнөөлүү экенибизди бассак-турсак да эске салып, көңүл оорутту. Деги эмнеси болсо да, Данияр бир ооз тамашалап, күлүп койсо, ушуну менен баардыгы өз жайына келип, унутулуп да калат эле.

Жамийла болсо, ал дагы өз намысын бербейт, оюнда эчтеке жоктой сыр алдырбай, күлүмүш болуп, сыртынан жайдары. Ушинткени менен нары жагында капаланып, кейиш чеккени сезилип эле турду.

Мына ушинтип, биз айылга кетип бара жаттык. Чиркин, ошол күнкү түн бөтөнчө жаратылгансып, эң эле көрктүү болду.

Ким билбейт, жайдын толгон кезиндеги август түндөрүн! Асмандагы жылдыздар алыста турганы менен, ар бири өңүнө чыгып, алаканга салгандай, ар бири өзүнчө нур төгүп, чет-четинен бүлбүлдөгөн күмүш кыроо чалып, асмандын тиги каптал, бу капталына жайнап, кири жок жадырап карашат.

Жылдыздар ушинтип толгондо, биз капчыгай аралап келе жатканбыз. Аттар салкынданып, үйдү көздөй көңүлдүү жортууда. Араба качыр-кучур дүңгүрөп, ташка тийген такалардан учкун чагылат. Капчыгайга сырттан келе берген сыдырым талаанын алда кайсы жеринен бүрдөгөн эрмендин кермек-ачуу чаңын учуруп, аңызда шамалдап жаткан самандын билинер-билинбес коңур жытын лепилдетип, жол катары шыралжын буруксуп, ушунун баары терге жибиген камыт-шлиянын карамай жытына аралашып, адамды эңги-деңги мас кылгансыйт. Жол үстүнө үңүлгөн аскалар кыйгач көлөкө таштап, нары сайдагы бадалдын арасында Күркүрөө жаны тынбай

алдастайт. Тээ артта калган темир жолдо поезддер көпүрөдө нары өтүп, бери өткөн сайын жаңырык ээрчитип, гудокторду алыска-алыска созолонтот.

Ушундай түндө жол жүргөн кандай жакшы! Караңгыда термелген аттардын жондорун карап отурсаң, ушул түнкү дабыштарга кулак салып, ушул түнкү жыттарга мас болсоң кандай жыргал!

Жамийла ошондо менин алдымда кетип бара жаткан. Тизгиндерди бош коё берип, ал эки жагына көз сала, акырын гана кыңылдап ырдамыш болот. Биздин унчукпай, сүйлөбөй келе жатканыбыз анын көңүлүн басынтып жатты. Мен аны билип эле турдум. Чын эле ушундай түндө да унчукпай коюш болобу? Адам деген тилдүү, жандуу болсо, анан табийгаттын ушул көрүнүшүнө жооп бербейби?

Айткандай эле, Жамийла тынч отуралган жок: акыры үнүн көтөрүп ырдап жиберди. Менимче мунун дагы бир себеби болду го дейм, Жамийла ушинтип Данийардын таарынчысын жазып, капасын ачмак. Кээде адамдар бириникин бири кечиргени эле турат, бирок ошого болор-болбос болсо да алгачкы түрткү керек эмеспи. Мүмкүн, Жамийланын оюна ушу кеттиби, иши кылып ал ынтасын коюп, ичке, шыңгыраган үн менен, көңүлдөнүп ырдады.

«Шай оромол бир байлам,
Жанымда жүрсөң садагам...»

деген сыяктуу секетбайлар Жамийлада толуп жатат. Аны угуп отуруш да өзүнчө бир жакшы. Ырдап келе жатып, Жамийла бир убакта алдыда бара жаткан Данийарга кыйкырды:

– Ой, сустайган неме, ырдап койсоң болбойбу? Жигитсиңби өзүң, же өлүксүңбү?

Данийар арабасын токтото берип, бери кайрылды да уялгандай үн менен:

– Ырдай бер, Жамийла, кулак сенде! – деп койду.

– Башка эл эмне кулагын шыпыртып салыптырбы? – деди Жамийла кекете какшыктап.– Ырдабасаң жөн кой, бой көтөргөнүн мунун!

Анан: «сен ырдабасаң мен ырдайм» – дегендей эрегишип, кайра өзү ырдады. Ал эмне үчүн Даниярды ырда дегенин ким билет, же ушуну менен аны сөзгө алаксытмак болдубу? Менимче ошондой болуш керек, анткени бир аз өткөндөн кийин, Жамийла Даниярды дагы үндөдү:

– Ай, Данияр, деги сен бирөөнү сүйдүң беле? – деп, өзү эмне үчүндүр күлүп жиберди.

Данияр жооп берген жок, Жамийла да унчукпай калды. Бир азга капчыгай ичи тынчтана түштү. Дөңгөлөктөр гана дүңгүрөп, аттар башын чулгуп, бышкырынат.

«Ырдай турган кишини тапкан экенсиң!» – деп, күлүп койдум мен.

Жолдун туурасын кесип, шаркырап аккан сууга жеткенде, Данияр арабаны жайыраак айдап, күмүштөнгөн кечиттин таштарына такалардын чакылдап урулганын, атайын эңкейип тыңшай калды. Анан бир убакытта «чу» – деп, аттарды желдирди да, күтпөгөн жерден:

Ой, Ала-То-о-о, Ала-То-о-о,
Ата-бабам өскөн жер! —

деп, араба секиргенде кошо секирип, дирилдеген үн менен ырдап жиберди. Бирок, ошол замат уялып кетти окшойт, үнү мукактанып, чыкпай калды эле, кийинки эки сапты, ал көкүрөгүн абага толтуруп, обонун бийик көтөрүп ырдады:

Ой, Ала-То-о-о, Ала-То-о-о,
Ак булут калкып көчкөн жер!

Эмне болгонун билбейм, бул жерден ал дагы мүргүй түштү. Ошол бойдон унчукпай да калды. Ай, уялчаак киши курусун, андан көрө ырдабай эле койбойбу! Кудай

билет, бети дуулдап өрттөнүп кеткен чыгар, ал эмес, ал үчүн мен да оңтойсуздана түштүм.

Анткен менен, Даниярдын ушул эле ооз ачып ырдаганынын өзүндө кандайдыр сонун, укмуштуу обон бар экени дароо эле сезилди, үнү да мыкты көрүнүп калды.

«Тигини!» – дептирмин мен таң калып. Жамийла болсо тимеле кыйкырып жиберди:

– О, кайран неме, башта кайда элең? Ырда эми, жөндөп ырда!

Данияр унчукпай келе берди. Алды жакта капчыгайдын чыга бериши агарып, өрөөндөн келген жел бетке сокту. Жана баштаган обонду Данияр дагы улантса экен деп, чыдамсыздык менен күттүм. Бир аз өтө түшүп, ал кайра ырдаганда, мен чындап эле сүйүнүп кеттим.

Адегенде Данияр мурункудай эле үнү кысталып, батына бербей, акырын баштады. Бирок, бара-бара үнү улам ичтен күч алып, арышын кең таштап, чабыты толгондо, капчыгай ичи баштан аяк жаңырып, алыскы аскалар Даниярдын обонун эки үч кайтара улантып жатты. Анын үнү дагы да чыйралып күчөй берди. Ошондо шаңшып созолонгон үнү гана эмес, Даниярдын обонунда болгон жалын менен чексиз мээрим адамды таң калтырып, жакасын карматты. Ушунун өзү эмне экенин, аны эмне деп айтарымды билбедим: ырчынын көмөкөйүнөн чыккан үн беле, же болбосо андан башка, жүрөктүн өзүнөн оргуп төгүлгөн дагы бир нерсе барбы? Ал өзү эмне, ал эмне адамдын жанын эргитип ой-кыялын ойготкон?– азыр да айта албайм.

Атаганат, колдон келсе кагазга жазып отурбай, бул укмуштуу обондун өзүн салып берсем кана.

Анын ыры сөзү жок эле үн менен обон. Анда-санда гана бир ооз сөз айтып коюп, анан бир топко чейин жөн эле үн салып демин тартпай безеленет. Деңиздин толкуну удургуп каптагандай, төктүрмө обон ташынып, анын сөз айтууга чамасын келтирбей жатты. Бала болуп мен

мындайды эч качан угалек элем. Бул бир өзүнчө тубаса үн, тубаса обон. Жүрөгү зор адамдын ой-санаасын, кубанычын, тилегин баяндаган зор обон! Ал кыргызчага, казакчага да окшобойт, бирок тыңшап отурсаң, бул обондо байыртан бир боордош кыргыз менен казактын тандалган төл обондору ширетилип кошулгандай туюлат. Обон, бирде, казактын уч-кыйры жок ай талаасындай кенен агымда жайкалып көйкөлсө, бирде кыргыздын зоокалуу тоолорундай бийик заңгырап, көкөлөйт. «Капырай! – деп жаттым мен, – Данияр ушундай экен да? Капырай, анын мындайы кимдин оюнда бар эле?»

Капчыгайды басып өтүп, жолу даңгыр, жайкалган өзөнгө чыкканда, Даниярдын ыры көкүрөк черин жазып, жаңы күч менен талпынды. Өмүрү угуп көрбөгөн кереметтүү обондор, бирине-бири куюлушуп, биринен бири өтүп алмашууда. Даниярга бүгүн эмне болгонун түшүнбөй жаттым. Так ушул бүгүн, так ушул саатта айкүнү жеткендей, ичтеги бук болуп камалган баардык сырын, байлыгын Данияр мына азыр ачыкка чыгарып, алтын чачыладай төгүп берди. Мына эми гана мен Даниярдын эмне үчүн маңыроо сыяктанып, элге күлкү болуп жүргөнүн, эмне үчүн кечкурун Кароол дөбөгө чыгып барып, өзү жалгыз кыялга батып отурганын, эмне үчүн шаркырап ташынган суунун боюна түнөп жүргөнүн, эмне үчүн кандайдыр угулар-угулбас дабыштарды тыңшагансып, ошондо кашы өйдө серпилип, көзү кубанычка толгонун, мына эми гана бир чети түшүнгөнсүдүм. Бул адам – жүрөгүнө чоң сүйүү алып жүргөн адам! Анын бул сүйүүсү, менин оюмча, канчалык ысык көрүп, шыгы түшкөн жалгыз бирөөгө гана арналган сүйүү эмес, кандайдыр андан да зор, андан да алп, турмуш-жашоонун өзүнө, жан берип, жан жараткан ааламдай жерге, жарык дүйнөгө болгон өлчөмү жок чоң сүйүү! Көрсө, ал ушул сүйүүнү көкүрөгүнө сактап, өчүрбөй, ошону менен жашаган адам экен. Эгерде андай эмес башкача болсо, эгерде ал дити

супсак, жүрөгү муз болсо, жаратылыш аны кандай гана таңдайы жок обончу кылбасын, ал азыр минтип ырдай албайт эле.

Даниярдын обону ушул кезде түнкү өзөндүн үстүнөн жайыла каалгып, көзү илинип, мемиреп бара жаткан кең талаанын бешигин алдейлеп терметкендей, алыска жумшак созолонуп, акырындап өчөрүндө жаңыдан безелене үн алып, талыкшып уюган жерди кайра ойготуп, уйкусун ачат. Өзү дем берип, өзү жараткан ырчыны ойгонгон албан талаа кулак салып, тыңшап жатты. Тигине, арык бойлой жарданып, ороо күткөн эгиндер ай жарыгында күүгүм көлөкө ойнотуп, үстү-үстүнөн көлкүлдөп ыргалат. Жолдон окчун жерде эски тегирмендин кыркалакей теректери жалбырак дирилдетип, алда эмнени угузбай шыбырашкансыйт. Суунун аркы маңдайында, белес-белесте кырманчылар от жагышып, эртеңки көжөсүн кайнатууда. Тигине, кимдир бирөө алда кандай иш менен шашылып, кокту бойлой далбалаңдап, кыштакты көздөй чаап бара жатат. Алдыда кыштактын бак-дарагы дүпүйүп, андан келген жел эзилип бышкан алманын ширесин, сото кучактап гүлдөгөн жүгөрүнүн балыр-таттуу дүмбүл жытына, короолордо жайылган тезектердин жылуу демине аралашып, аңкытат.

Данияр дагы көпкө чейин обон салып, ырдап келди. Чалкыган август түнү аны тыңшап, обонго арбалгандай терең тынчтыкта уюп магдырады, ал түгүл аттар да арабаларды жай терметип, жай басышты. Мына ушинтип, адамдын денесин балкыта, толукшуп ырдап келе жаткан Данияр бир убакытта үнүн бийик закымдата келип, ырын чорт токтотту да, аттарга ала-сала камчы уруп, айдап жөнөдү. Менин оюмда Жамийла дагы анын артынан түшөт экен деп, тизгиндерин жыйып, алардын соңунан калбай утурламак болдум, бирок Жамийла козголуп да койгон жок. Башын бир жагына кыйшайткан калыбында терең кыялга чөгүп, нес болгон сыяктуу ошол бой-

дон былк этпей отура берди. Обондун абада калган учкундары дагы эле көкөлөп жүргөндөй. Жамийла аны сыйкырланып тыңшагансыйт.

Данияр ушуну менен токтобой, бир аздан кийин көрүнбөй калды. Биз болсок айылга жеткенче бир ооз да сүйлөшкөн жокпуз. Анын себеби: адамдын ичтегисин сөз менен айтып берүү кээ бир учурда колдон келе бербейт го дейм....

Ушул күндөн тартып биздин турмушубузга бир түрлүү жаңы бир нерсе кошулгандай болду. Мени дайыма алда эмнеге сонуркатып, кандайдыр жакшы сезимдер жүрөгүмө толуп, өз алдымча сүйүнтүп жүрдү. Эртең менен кырмандан жөнөгөндөн тартып, станцияга келип, кайра жолго чыкканча, капчыгайга качан жетер экенбиз деп, кечки салкын менен төгүлгөн Даниярдын обонун угууга ынтызар болуп, чыдамым жетчү эмес.

Анын үнү, анын обону менин кулагыма сиңип, кайда бассам-турсам да артымдан калбай, кошо ээрчигенсийт.

Бул обон, күндүн мурду кылтыйып жаңы көрүнөрүндө, саманда жаткан жеримден тура калып, жылаңайлак, жылаңбаш шүүдүрүм беде менен сайдагы тушалган аттарды көздөй чуркаганымда, жүрөгүмдө күү чалып угулгандай. Мөңгүлүү кыр аркадан төгүлгөн күн аны билгенсип, мени карай күлүмсүрөп жаркырайт.

Күрөккө ченей сузуп, алтын жаандай чачыратып, кызыл сапырган чалдардын кыймылында да, сары-күрөң өзөндүн үстүнөн, асманда жай баракат керилип айры куйруктун каалгып учушунда да бул обон угулат. Ошондо мен көрүп, мен угуп, мен сезгенимдин баарында Данаярдын обону жүргөнсүйт.

Ал эми кечинде, капчыгай менен араба айдап бара жатканыбызда, мен башка бир укмуштуу дүйнөгө көчүп кеткендей болчумун. Данаярдын ырына кулак салып, көңүлүм толкуп ыргалам. Ошондо эне сүтү менен каныма сиңип, жаштайымдан тааныш болгон көрүнүштөр көз

алдымдан чубап өтөт. Бирде үлбүрөгөн ак-боз булуттар көгүлтүр асманда айылдын үстүнөн жазгы көч жүргүзүп, бирде жер дүңгүрөтүп кишенешкен жылкы, үйүр-үйүрү менен жайлоого сабалап, асый чыкма айгырлар көкүлдүн астынан албууттанган от ойнотуп, үйүрүн кызгана чарк айланып, элирип азанашат. Бирде капталга койлор жайыла тартып, бирде бийиктен кулаган көбүктүү шаркыратма күпүлдөп, бирде эргиген кең талаа жайкалып, чийлердин арасына чөгүп бара жаткан күн мелтилдеп, асман менен жердин кошулган жүлүндөй жигинде жалгыз атчан күндүн артынан чапкылап, аны азыр колуна кармап алчудай жакындап барып, күн менен кошо куйкум иңирде эрип, көздөн кайым болууда.

Ой, айланайын кең талаам! Казак боордошум жердеген, алп талаам! Мынакей, биздин тоолорду эки жакка керип таштап, чий менен шыбакка ыргалып, көз жетпеген деңиздей көлкүп жатасың. Ким билет сендеги жаткан күчтү! Жарыктык, сыртыңдан карасаң, эч бир жан жоктой бозоруп жатканың жаткан. Бирок, кечээги эле эстен кеткис жайда согуш башталып, душмандар өлкөбүзгө кол салганда, туш-туштан талаада оттор жалындап, туш-тушка чабармандар ат коюп, жоокерлер минсин деп айдаган канаттуу күлүктөр ысык чаң тумандатып, дүбүртүнөн асман чайпалды. Ошондо аркы өйүздө токтой калган кабарчы казак, ат оозун жыя:

– Аттан, кыргыз, аттан! Жау келди! – деп чуу коюп, саратан куюнга аралаш дагы да алда кайда чапкылаган.

Ошондо кең талаам, өзөнүм, тоолорум силкинип, өз элин атка мингизди. Ат жалын бура тартып, жигиттер жабыла аттанганда жер толкунуп, жоо күүсүн чалды. Өрөөнгө батпай, миңдеген үзөңгүлөр кагышып, түмөндөгөн миң сан жоокерлер чырактай көздөрүн жалындатып эл менен, журт менен коштошту. Алардын алды жагында кызыл туулар желбиреп, арт жагында,– туяктан чыккан чаң менен ый аралаша, энелер, жубайлар

боздошот: «Кең талаа, колдо! Касиеттүү тууган жер, колдо! Манас, колдо!»

– О, айланайын кең талаам, тоолорум, элиме ушул күч кайратты берген касиетиңден силердин!..

Мына ушунун баардыгын Данияр обонго салып, көз алдыма сүрөт тарткандай укмуштуу чоң дүйнөнүн көркүн ачып көрсөтөт. «Капырай, ушунун баарын ал кайдан үйрөндү, кайдан укту экен?» – деп таң калып кызыгам. Ошентсем да, өз эл-журтун, тууган жерин мындай сүйгөндүк, мындай өлчөмү жок сагынуу көп жылдар бою алыста, четте жүрүп, көрүүгө зар болуп, эңсеген адамдын жүрөгүндө гана жаралып, пайда болорун өз акылымда түшүнүп да жүрдүм. Мен үчүн Даниярдын бул обондорунда анын жер кыдырып, жол-жолдо жетимче жүргөнү да, Россиянын көп азаптуу кан майдан талааларын басып өткөндөрү да эстетилүүчү. Мүмкүн, Ата Мекен жөнүндөгү ушул жалындуу обондор ошондо туулган чыгар. Мындай учурларда, Даниярды угуп отуруп, астындагы боз топурак кең талаа жерди адам баласы ушунчалык сүйгөнү үчүн, жата калып аны өз энеңдей бек кучактап, өпкүлөгүң келет. Мына ошондо биринчи жолу менин жүрөгүмдө кандайдыр жаңы бир нерсе ойгонуп, көкүрөктү дегдеткен эңсөө кыстап, мен дагы ушул жер келбетин, жер көркүн Даниярча сезе билип, сүйө билип, мен дагы ушинтип эле айтып берсем экен деп тиледим. Өзүм да жакшы түшүнө бербеген белгисиз алда эмненин келерин күтүп, ошого сүйүнүп да, сүрдөп да жүрдүм. Ошол белгисиз күтүү, түшүнүксүз эңсөө чыгармачылыктын алгачкы чакырыгы экени, келечекте мен турмушту боёктор, сүрөттөр аркылуу көрсөтүүгө аракеттене турганымды анда билген эмес экенмин.

Сүрөт тартууга кичинемден эле колум эптүү эле, окуу китептериндеги сүрөттөрдү карай отуруп окшоштура тартканымда, балдар: «Ой, ит оой, куду эле өзүндөй, карачы!» – дешип мактай турган. Мугалимдер да мектептеги

дубал газетаны мага коездотушчу. Бирок, кийин барып, сүрөт тартууну эстен чыгарууга туура келди. Согуш башталып, агаларым аскерге кеткенде, мен окууну таштап, өз курдуу теңтуштарым менен колхозго иштеп кеттим,– сүрөт деген кимдин оюна келсин анда. Ал кезде сүрөтчү болуу ойдо да жок иш, бирок ошондо эле Даниярдын обондору менин кыялымды толкутуп, турмуштун көркүн сезүүгө талпынтты...

Өңүмдө эмес түштөгүдөй бул таттуу кыялга эңги-деңги берилип, дүйнөгө жаңы туулуп, көзүм жаңы ачылгансып, ушул айлана аймакка суктана таңыркап карадым. Мен үчүн мунун өзү турмушумдагы чоң окуя сыяктанды.

Ал эми Жамийланын өзгөрүлгөнү эмне! Баягы тамашакөй, шайыр мүнөз келин эмне үчүндүр жоошуй түшүп, анын мурда ойноктогон өткүр көздөрү эми ичтен муңдана, тумандуу жазгы күн сыяктуу жылуу мээримге толуп, назик тиктейт. Жолдо кетип бара жатканыбызда Жамийланын жүзүнөн дайым бир ой кетпей, ээрдинде үлбүрөгөн күлкүнүн көлөкөсү адашып, ал өзү гана билген, кандайдыр жакшы бир нерсеге ичи жылыгансып, ошого сүйүнгөн өңдүү туюлат. Кээде болсо, тескерисинче, алда эмнеден эси чыккандай, капты арабадан ийнине силкип алып, ошол бойдон ордунан козголбой туруп калат. Оргуштана аккан суу алдынан кокус кездешкендей, ушул шок сууну кечсемби, же кечпесемби деген сыяктуу Жамийла ошондо илгери аттагандан коркуп, дал болуп апкаарыйт. Данияргa болсо ал эмне үчүндүр жакын жолобой, көзүнө тик кароодон качып, сырттап жүрдү. Жамийла ага мурункудай эле назар салбагансып, тоотпой коюуга канчалык аракеттенсе да, акыры бир жолу кырманда, айласы куругандай, Даниярга кыжырлана сүйлөндү:

– Алдагы үстүңдөгү көйнөгүңдү чечсең боло! Берчи бери, жууп берейин!

Көйнөктү сууга алып барып жууду да, жашаңга жайып коюп, өзү жанына отуруп, көйнөктүн бырыштарын жазган өңдүү, аны көпкө чейин алаканы менен акырын сылап отурду. Кээде ал көйнөктүн тозулган ийиндерин күнгө салып, муңдана тиктеп, эмнегедир кейигенсип башын чайкап жатты.

Ушул кийинки күндөрү Жамийла бир эле жолу баягысындай шаттана каткырып, көздөрү жайнап, кадимкисиндей шаңдуу болду. Ал күнү иштен келе жаткан жоон топ чөпчүлөр кырманга кайрыла калышты эле. Арасындагы аскерден кайтып келген жигиттер:

– Эй, байлар, буудай нанды өзүңөр эле жей бересиңерби, бизге берериңер кайсы, болбосо сууга салабыз! – дешип, айрылары менен тап берип, тамашалап айбат кылышты.

– О-о, кайран көсөлдөр, аныңардан коркор кырманчылар бекен! – деп, Жамийла жагалдана тура калды. – Мына сый келген келин-кыздарды сыйларбыз, силер жөнүңөр менен болгула!

Жигиттер шылтоо табалбай эле турса керек, ого бетер күчөштү:

– Андай экен кыз-келиниң менен кошо баарыңарды сууга салабыз!

Ошол замат шапа-шуп кармаша кеткен жаштар, кыйкырык сүрөө менен, бирин бири кийимчен, өтүкчөн бойдон сууга сүйрөшө баштады. Ушул оюн-тополоң ичинен Жамийла баарынан шаңдуу кыйкырып:

– Тарт, кокуй, өлбөгөн жерде калалы! Карма! – деп жигиттер менен шамдагайлана алышып, эч кимисине моюн бербей жатты. Анын үстүнө ушунча кыз-келиндин ичинен жигиттер жалгыз эле Жамийланы көргөнсүп, эмне үчүндүр ар кимиси Жамийлага эле асылып, аны бегирээк кучактап, кысууга аракеттенишет. Бир убакытта алар үчөөлөп жатып, Жамийланы жерге жыгышты да, туш-тушунан кармап, сууга алып жөнөштү.

– Өпкүн азыр, болбосо кеттиң сууга! Өпкүн! – дешип, жыргап каткырган жигиттер Жамийланы жээктен эңкейте беришти.

– Карма, балдар! Ал күүлө!

Боору эзилип күлгөн Жамийла балыктай колго токтобой ийилип, келиндерди жардамга чакырып кыйкырат, бирок тигилер чый-чуй этип чыркырашып, сууга аккан жоолуктарын кармоо менен алек. Жигиттер Жамийланы күүлөп туруп сууга ыргытканда, дуу жарылган күлкүгө суу дагы дуу жарылып, күмүштөй чачырандылар бүркүлдү. Али да күлкүсү тыйылбаган Жамийла, суудан күлө тура калды. Ошол чачы саксайган, суу бойдон ал мурункусунан да сулуу көрүндү. Чыт көйнөгү эт-этине жармашып, мүчөсүн кыналап сүрөттөгөндөй, тирсейип түйүлгөн эмчектен тартып, белине чып бурала, соорусунан жылгаланып, чың булчуң сандарына оролгон. Жамийланын аны менен иши жок, күлкүгө ыргалып, бети башынан, үстүнөн шорголоогон сууну да байкабайт.

– Өпкүн азыр! Өп! – дешет, аны бура бастырбаган жигиттер. Жамийла эркелеп, акебайлап аларды өөп да жатты, бирок тигилер ага карабай аны ансайын сууга күүлөтүп ыргытышат. Жамийлага ушунун өзү жагып жатты бейм, кайра эле тура калып, кайра эле күлкүгө боору катып, бөйрөгүн таяна жыргап күлөт. Жаштардын бул ойнуна кырманда күлбөгөн адам жок. Эгин сапырган чалдар күрөктөрүн таштап, ушул кезде баягы кайран жыйырма бештегидей, беттеринен күрөң бырыштары жазыла берип, көздөрүндө мурунку шайырлыктын оту жанданып, – алар да алаканын шак чаап: «О, кокуй, карма, жет! Этектен бура тарт!» – дешип, көкбөрүдө улак тарткансып кызуулана кыйкырышып жатты. Мен дагы кызыкка батып, аябай күлдүм. Бул жолу жеңемди кызганып, коруууну да унуткан экенмин. Ушунча элдин ичинен күлбөгөн, унчукпаган жеке эле Данияр болду. Аны көрө койгондо мен да тып басылдым. Кырмандын че-

тинде Данияр өзү жалгыз турган экен. Алдыга жүткүнө бергендей умтулуп, түрү ал азыр жүгүрүп барып, Жамийланы жигиттердин колунан жулуп алчудай. Өзү кол тийгизүүдөн тартынып, мүмкүн перизатындай көргөн Жамийланы тигилер азыр минтип опоңой эле кучактап, жулмалап ойногондору Даниярдын жанына батып жатты окшойт. Анын күйүтү да, бактысы да Жамийланын сулуулугунда болуп жатты. Элден канчалык кызганганы менен, жаркылдап күлгөн Жамийладан көзүн албай, Данияр анын бул жоругуна кейип да, сүйүнүп да, кабактын астынан эркелете көз салып, тиштенип карап турду. Жигиттер Жамийлага туш-туштан асылып, беттерин тосуп өптүргөндө Даниярдын иреңи кумсарып, нары басып кетүүгө аракеттенип эле жатты, бирок кетип кала албай, ордунда каткан бойдон тура берди. Бир убакта Жамийла дагы анын карап турганын байкады окшойт, шагы сынгандай эле сустая түштү да, анысын билбей дагы эле асыла берген жигиттерди кагып салды:

– Жетишет, оюн бир, тамаша эки!

– Ии, сага эмне болду? – деп, кимдир бирөө ойной каткырып, ансайын күчөп асыла кеткенде, Жамийла аны көкүрөккө түртүп жиберди:

– Эмне болгонду эмне кыласың? Тур нары!

Анан ал жагалдана бой түзөп, Данияр жакты жалт карап алды да, бадалдын арасына көйнөгүн сыкканы жүгүрүп кетти.

Данияр менен Жамийланын ушул туюк мамилеси акыры эмне менен бүтөрү мен үчүн анда түшүнүксүз. Чыны, аны кууп ойлоодон коркчумун, кайра өзүмдү алаксыткандай, ойлобоско тырышам. Бирок Жамийланын Даниярдан четтеп, жолобой жүргөнү жана ошого өзү кайра кайгыланып кыйналганы эмне үчүндүр көңүлүмдү оорутуп, мени капага салчу. Андан көрө мурункусундай эле кээде күлүп, кээде какшыктап коюп, ачык-айрым жүрсө болбойт беле? Ошентсем да, түнкүсүн айылга кайтып бара

жатып, Данияр обон салганда, алар үчүн менин ичим ушунчалык жылып, жүрөккө толгон кубаныч ушунча ташкындайт, жанагынын баары эстен чыгып, мен үчүн анда дүйнөнүн рахаты гана бар. Капчыгайдан өтүп, өзөнгө чыкканда Жамийла ар качан арабадан түшүп, жөө басат. Мен дагы анда арабадан түшөм – анткени, обонго эрип шашпай жөө баскан эң бир сонун жыргал! Жолдун чаңы да ошондо бутка мамыктай болуп, жылаңайлак жерде эмес, асманда булут менен кетип бара жаткандай, эң бир сонун жыргал! Адегенде жеңем экөөбүз өз-өз арабабыздын жанында басабыз. Анан бара-бара улам Даниярга жакындай берип, так жанына барып калганыбызды өзүбүз да байкабай калчубуз. Кандайдыр көзгө көрүнбөгөн күч адамды Даниярга жетелегендей, эрксизден жакыныраак баргың келип, ушул ырдап жаткан түнт мүнөз, унчукпас Даниярдын чын эле анык өзүбү, эгерде ал болсо, анын ушул кезде жүзү, өңү кандай экенин көргүң келет. Көңүлү толкуп, обонго жаны балкыган Жамийла ар дайым ушинтип, жакындай барганда, өзү да билбей Даниярга акырын колун созчу. Бирок шаңшып ырдаган Данияр аны байкачу эмес. Анын ою, кыялы асманда көкөлөп жүргөндөй, ал кайда бир узакка көз салып, желкесин алаканы менен сүйөй, обондун агымына каалгып термелет. Жамийланын колу ошол сунулган бойдон ылдый түшүп, арабанын кырына барып тийгенде, ал эсине келе түшкөндөй селт этип, колун тарта коюп, ордунан жылбай туруп калчу. Жолдун ортосунда селейип каткан Жамийл  ошондо жүрөктү элжиреткендей муңга чайылган, жалынычтуу көз караш менен бир топко чейин Даниярды узата карап, анан кайра артынан сендиректей келет.

Мына ушулардан улам, жеңем экөөбүздүн бирдей тынчыбызды алып, менин да, анын да көңүлүн дегдеткен түшүнүксүз сезим, чынында бирдей эле окшош сезим го деген ой кетчү мага. Мүмкүн, ал сезим башта ар кими-

бизде билинбей жашыруун болгон чыгар, эми болсо анын күнү тууп, сааты жеткен өңдүү күч алып, жүрөктөрдү бийледи.

Жумушта иш менен алаксып, Жамийла анча сыр байкатчу эмес. Ал эми, кээ бир учурда кырманда кармалып калып, азыраак эле кол бошой түшкөндө, Жамийла өзүнө орун таба албай алдастап калат. Бошчулуктан эмне кыларын билбегендей нары басып, бери басып, эгин сапыргандардын жанына бара коюп, аларга атайын жардамдашмакчы болуп, эки-үч күрөк эгинди күч менен бийик ыргытат да, ошол замат шалдырай түшүп, күрөктү четке таштай басып кетет. Саман маянын түбүнө көлөкөлөп отурган болот, бирок анда да ичи бышып чыдабайт:

– Бери келчи, кичине бала! – деп, жалгыз отургандан коркконсуп ар дайым мени жанына чакырып алат.

Ушинткенде жеңем мага ичтеги кандайдыр сырын ачып, капасын айтат го деп күтчүмүн. Бирок, ал эчтеке айтчу эмес, тек гана эркелете менин башымды өзүнүн тизесине коюп, узакка кеткен көз караш менен алда кайда алыска тигилип, тикенектей тикчийген чачымды уйпалап, дирилдеген ысык алаканы менен бетимди назик сылайт. Ошондо жеңемдин муңайым, кайгы менен санаага толгон жүзүн карап, эмне үчүндүр өзүмдү ага окшоштурам. Анткени, анын да көкүрөгүн кандайдыр туюк эңсөө кыстап, анын да жүрөгүндө жаңы тилектер ойгонгонун ичимден сезип жүрдүм. Менин байкоомдо, Жамийла ушундан коркуп, аны күндөн күнгө өзүнө багынткан сүйүүдөн жазгангысы келет. Бирок, сүйүүдөн дагы танып кеталбай, анын ыгына көнүүгө мажбур. Мен дагы ушул сыяктуу, бирде туруп,– Жамийла Даниярды сүйсө экен деп, бир туруп, кайра, – сүйбөсө экен деп тилечүмүн. Анткени, канча айткан менен Жамийла биздин үйдүн келини, менин бир туугандай агамдын аялы да. Анан кантип эле аны бөлөккө кыйайын. Бирок, ушуну билип эле туруп, эмне үчүндүр мен бул өңдүү ойлорду өзүмө

жакын жуутпай алыс куучумун. Мен үчүн анда, башымды Жамийланын тизесине жөлөп, анын күн жыттанган денесинин ысык илебине берилип, көздөрүндө жайылып келе жаткан туптунук жаштын мөлтүрөгөнүн кароо – дүйнөнүн эң асыл рахаты! Андан башка мага эчтекенин кереги жоктой. Жамийланын ошондогу сулуулугу ай! Ичтен ой-санаа сызып, муңайым жарык тарткан жүзү адам канчалык таза экенин, ошону менен бирге канчалык татаал экенин, миң кыял, миң ойдун башын бириктирип, канчалык терең экенин билдиргендей. Ал кезде мен мына ушуларды көзүм менен көрсөм да, түпкү маанисине анча түшүнө бербесем керек. Бирок азыр, нечен күндөр өткөндөн кийин, ошондогуларды элестетип, көп учурда өзүмө суроо берем: балким, сүйүү деген – адамдын баардык сын-сыпаты толуп, аң-сезиминин эң бир жетилип турган курагы чыгар? Ооба, жашоонун так ошол жаркыраган курагында, төкмө акынга шык келген өңдүү, адамга сүйүү келип, ага дем берип, жаңы тилек менен турмуштун жаңы багытын издетип, умтулта тургандыр? Мүмкүн, ашыктыктын касиети так ушунда чыгар? Андай дегеним, мен, ошондо Жамийланын жүзүнө карап, кээ бир учурда өзүм да анын толкундаганына берилгенсип, кандайдыр түшүнүксүз кубаныч менен эңсөө жүрөгүмдү болкулдатып, дегдете турган. Ошондо ордумдан тура жүгүргүм келип, айылдын сыртындагы кең талаага жете барып, жүрөгүмдү дегдеткен ушул түшүнүксүз кубаныч менен эңсөө эмне экенин, анын дабасы эмнеде деп, жайкалган талаанын өзүнөн кыйкырып сурагым келчү. Бул жоопту мен алда кимден күткөнсүп жүрдүм, бирок бир күнү ал өзү эле табылгандай болду.

Ал күнү биз адаттагыдай станциядан чыгып, айылга кайтып бара жаткан элек. Асманда жылдыздар төгүлүп, түн кирип калган кез. Айлана жымырап тынч, болгондо Даниярдын обону гана өзөндүн үстүнөн созолонуп, алыска жайылып жатты. Жамийла экөөбүз анын артынан

ээрчип келаттык. Бул жолу эмне үчүндүр, Даниярдын обону бөтөнчө бир назик, күйүт менен жалгыздыктын арманына толуп, адамдын жүрөгүн эреркетип, муңкантты. Көзүмө ысык жаш чайылып, тамагым жашка бууլду. Жамийла бул жолу колун Даниярга сунуп жакындай барды да, ошол бойдон арабаны карманып, башын эңкейте, ээрчип келе берди. Анан бир убакта, Даниярдын үнү акырын басаңдап келип кайра бийик көкөлөп, түнкү талаага жаңыдан мукамдуу илебин төккөндө, Жамийла башын көтөрдү да, басып бара жатып, арабага ыргып минди. Даниярдын жанына отура калып, козголгондон коркконсуп, колун көкүрөгүнө кыса, отурган ордуна катып калды. Эми эмне болот дегендей туюк ой менен, жолдун четине ылдамдап, мен алардан көзүмдү айырган жокмун. Жамийла анын жанына отурганын Данияр билген жок окшойт, ага караган да жок, ырдаганын токтотпой уланта берди. Бир аздан кийин Жамийланын колдору акырын жазыла берип ал Даниярга бой салып, сүйөнө калды да, башын секин гана анын ийнине койду. Ошондо кызуу келе жаткан төкмө жорго жүрүшүнөн жаңылып, кайра ошол замат оңоло кеткен сыңарындай, обон салган Даниярдын үнү мүдүрүлө түшкөнсүп үзүлүп, кайра жаңыдан шаңшып, күч алды.

Бул обон башкаларга окшобогон ашыктыктын, махабаттын жаңы обону болду!

Түн эки жакка сүрүлүп, өзөнгө жарык төгүлүп, талаанын гүлдөгөн бети ачылгандай, ушул кең талаанын ортосунан мен сүйүшкөн эки жашты көрдүм.

Алар мага назар салбаса да, мен алардан көзүмдү түшүрбөй, сыйкырланган өңдүү келаттым. Сүйүшкөндөрдүн мени менен эмне иши болмок эле, мен эле эмес, дүйнөнүн баарын унуткандай, алар тек гана өздөрүнчө жан эргиткен обондун агымына көйкөлүп, термелип келе жатышты. Мен аларды карап Жамийла менен Даниярды таанып жаттым.

Булар мен башта көрбөгөн, кандайдыр жаңы, укмуштай бактылуу кишилер эле!

Ооба, анын бири,– көзү караңгыда оттой балбылдап, эски солдат көйнөгүнүн жакасы жакжайып, талааны жаңырта шаңшып обон салган Данияр эле!

Ооба, анын бири,– Даниярга эркелеп, унчукпай бой салып отурган менин жеңем Жамийла эле! Чексиз бакытка жеткендей, Жамийланын кирпиктерине жаш мөлтүрөп, каректери жылтылдайт.

Чын эле бакыт деген ушул эмеспи? – ушул гимн өңдүү ааламдай обонду жараткан, жер отонуна, жарык дүйнөгө болгон зор сүйүүнү Данияр бүт бойдон төкпөй-чачпай Жамийлага берип, Жамийлага арнап жатты. Анан бул бакыт эмей эмне? Ошондо аларды карап, мен таң калып, алардын бактысына тилектеш болгонум ушунчалык – бир убакытта кадимки Даниярдын обондору менен келчү түшүнүксүз толкундануу жүрөгүмдү болк эттирип козгоп кетти да, көзүм ачыла түшкөндөй, эч качан күтпөгөн укмуштуу ой башыма түштү. «Мен булардын сүрөтүн тартам!» – дедим да, алда кандай табылга тапкансып, сүйүнүп кеттим. Бирок, ошол замат өзүмдүн оюмдан өзүм чочудум: «Менин колумдан бул иш келмек беле, эмнеге элирем?» Ичимден ушуну билип эле турсам да, жанагы укмуштуу ойго алданып, кыялдын агымын токтото албадым: «Ооба, мен буларды сүрөткө тартам, так ушундагыга окшоштурам. Алар менин сүрөтүмдө да так ушундай бактылуу болушат!» – деп, келе жаттым мен.

Ушул кыялдарга берилип, айланамды карасам, көзүмө август түнү түркүн кубулуп жаркырап, талаа жаздын күнкүдөй гүлдөгөн өңдүү жайнады. Мен дагы өзүмдү бактылуу сезип, ойлогон тилегиме азыр эле жетчүдөй кайраттанып келаттым, көрсө анда бала экем, келечекте бул максатты орундатыш үчүн канча кыйынчылык тартып, канчалык эмгектене турганымды билген эмес экенмин.

Андагы менин мүдөөм: Данияр обон салып ырдаганды мен боёктор менен сүрөттөп, ошондой too, ошондой асман, булут, жер-сууну Данияр сыяктуу көрктөп берүүдө. Бул ишке чоң өнөр керек экенин ойлобой эле, андагы менин кайгым: «Боёкторду кайдан табам? Мектептен сурасамбы, ай бере койбос, өздөрүнө керек эмеспи!» – деп жүрөм. Кептин баары эле ушунда сыяктанып, кайран балалыгым ай!

Мен ушинтип келаткан арада, Даниярдын ыры аягына жетпей, эмне үчүндүр кескин үзүлдү. Мындай карай салсам, Жамийла Даниярды бек кучактап, бир оокумга аны жүрөгүнө кысып калган экен. Бирок ошол эле жерден чочугандай кийин боло берди да, арабадан секирип түштү. Данияр шашканынан тизгиндерди тартып, аттарды токтото калды. Жамийла тескери караган бойдон жолдун ортосунда сендиректеп турду да, бир убакта мойнун шарт кайрып, ыйлачудай дирилдеген үн менен ачуулуу айтты:

– Эмне карайсың? Эмнең бар менде? – анан тура түшүп,– караба мени, айда арабаңды, кет! – деди да, артта калган арабасын көздөй басты. Мен дал болуп, оозумду ачып калган экемин, жеңем мени да жемелей кетти:

– Сага эмне жок эле! Түш арабаңа, делдейбей! Окшошкон макоолор, кудайдын азабына гана калган экем да силер менен!

«Ой, тооба, бул эмнеси экен, жин тийгенби буга?» – деп келе жаттым мен жолду катары. Ал эми тереңирээк ойлой түшкөн адам Жамийланын чын эле кыйноого калганын бат эле түшүнбөйт беле: никелүү эри Саратовдогу госпиталдардын биринде жатса, жакында кайтып келем десе, анан оңойбу!

Бирок мен мындайды ойлонмок турсун, кайра Жамийлага ызам келип, аны жаман көрүп келе жаттым, ал эми Даниярдын экинчи ырдабасын билгенимде, анын обонун мындан кийин эч качан укпасымды билгенимде,

кудай билет, Жамийладан жек көргөн, андан түрү суук адам мен үчүн болбойт эле.

Азыр болсо бүткөн боюм шалдырап, көңүлүм алда эмнеге иренжип, эртерээк эле кырманга жетип, саманга кулап жатсам экен деп келаттым. Араба дагы адамды кыйнап, олку-солку секирет, тизгин колдон жылбышып, жол бүгүн өңгүл-дөңгүл. Кырманга барганда эптеп аттардын каамыттарын чечип, аларды арабанын астына сүйрөп салууга алып келдим. Данияр ошол түнү аттарды жайытка өзү алып барып тушаптыр.

Эртеси күнү ойгонгонумда, таң кызуу атып калган экен, ушул таң кандай таза болсо, менин да көңүлүм ушундай ачылып, жүрөгүм кубанычка толуп, алда кандай жакшылыктын келерин күткөнсүп туйлады. Адегенде эмнеге сүйүнүп жатканымды билбей, анан кечээ күнкүнү эстеп, ого бетер сүйүнүп кеттим. «Окшоштура алар бекем!» – деген күмөн ой муздак көлөкө сыяктуу бүткөн боюмду чыйрыктырды. Көзүмдү жумуп элестеттим эле, кечээ күнкү көрүнүш тим эле дапдаана, азыр эле сүрөткө тарта койгондой көз алдыма келди. Ордумдан тура жүгүрүп чоң сууга бети колумду жуудум да, сайда тушалган аттарды көздөй чуркадым. Эртең мененки шүүдүрүм, муздак беде туурулган балтырларымды тызылдатып, шыйрактарга чапкылады. Бирок мен үчүн ал кеп эмес. Кыраркадан кылтыйып келе жаткан күндү тосуп алчудай кубанычтуу кыткылыктай, жан-жанымда болгондорго көз салып, чуркап бара жаттым. Мынакей, арыктын кашатында кодура чыккан сары баш күнкарама, алыста төгүлүп келе жаткан күндү көздөй созулуп, боюн оңдоодо. Аны тегеректеп ак баш мыялар курчап алган, бирок жаш кодура аларга моюн бербей, күндүн шооласына алардан мурун озунуп, сары гүлдүү башын койкойтуп, күн нурун шимирет. Мынакей, арабалар өтчү арыктан дөңгөлөктүн жибиген изи менен суу сызылып,

эңкейиш бетке жайылган. Ошол суу тийген жер менен чытырман жалбыз дүркүрөп, жыт аңкытып буруксуйт.

Олдо айланайын, тууган жерим ай! Мен чуркасам талаадагы чабалакейлер дагы кошо жарышып, жан жанымдан зыпылдап учушат!

«Чиркин, сүрөтчү болсом, ушул эртең мененки күндү, ак ала көгүш тоолорду, эртең мененки шүүдүрүм жашыл бедени, арыктын кашатындагы сары гүлдүү кодура күнкараманы сүрөткө тартсам, кандай сонун болор эле!»

Бирок, кырманга кайра келгенимде, менин бул алтын кыялдарым күл сапыргандай сапырылып жок болду. Анткени, Жамийла өткөн түнү уктабаса керек, көздөрү шишип, жаагы ичине тартылып, кабагы бүркөлүп ачылбады. Мага ал эчтеке деген жок, караган да жок. Бир убакытта бригадир Орозмат кырманга келип калды эле, атынан түшөр замат Жамийла анын жанына басып барды да, учурашпай туруп, түрсөсүнөн айтты:

– Арабаңызды алыңыз! Кайда жиберсеңер мейли, бирок стансага эгин ташыбайм!

– И, сага эмне болду, Жамалтай, сайгак тийдиби? – деди Орозмат, аны эркелете күлүмсүрөп.

– Сайгактын менде акысы жок! Барбаймын дедим болду, айтканым айткан!

Орозматтын өңү сустая түштү:

– Айтсаң айтпасаң да ушул: стансага араба айдайсың, башка кеп жок! – деди ал балдагын калчылдатып, жерге күч менен тык коюп.

– Эгер бирөө тийген болсо айт азыр, балдакты башына ойнотом, жок андай эмес экен,– жөнө ишиңе! Эгин меники эмес, аскердин эгини, өзүңдүн эриң да ошол жакта! – бригадир турган жеринен шарт кайрылып, балдакты арыштата секирип, четке басып кетти.

Жамийла жооп кайтара албай эле, колундагы камчыны кармалап, кылмышы бардай кызарып туруп калды. Бери жакта турган Даниярды көргөндө, ал ичинен билдирбей оор үшкүрүндү. Данияр аттарын арабага ко-

шуп жаткан. Ал жанагы сөздөрдү укканы менен, сыр алдырган жок. Болгондо, тескери карап, каамыт боолорду жулкуй тартып, байлап жатты. Жамийла дагы бир аз кырмандын ортосунда жалгыз турду да, анан «эмне болсо ошо болсун» дегендей колун шилтеп таштап, арабасын көздөй басып кетти.

Ал күнү биз айылга күндөгүдөн эрте кайттык. Анткени, бара жатканда да, келе жатканда да Данияр аттарды тындырбай айдап эле жүрүп отурду. Жамийла да кабагы тырчыгып көңүлсүз. Мен болсом какыраган боз талааны көрүп, өзүмө ишенбей жаттым: кечээ күнкү түркүн кубулуп, гүлдөгөн талааны жомоктон уккандай эле болуп калыптырмын. Кечээ күнкү көрүнүш, кечээ күнкү Данияр менен Жамийланын арабада отургандары көз алдыма эле туруп алды. Турмуштун эң бир жаркыраган, көрктүү учурун куш кармагандай колума кармап алгансып, ошол көрүнүш эстен кетпей, тынчымды алды. Акыры, ойлогон максатыма жетмейинче жаным тынбады. Кырмандагы эсепчинин бир барак актай калың кагазын уурдап алып, саман маянын артына жашынып, кагазды эгин сапырган күрөктүн үстүнө койгонумда, жүрөгүм атырылып кетчүдөй дүкүлдөп, оозума капталды. Атам мени биринчи жолу ат үстүнө мингизгендегини туурап:

– Быссымылда! – дедим да, каламды кагазга тийгиздим. Адегенде Даниярдын штрихтерин белгилей баштадым. Анда бул көп мыкты да эмес жаңы үйрөнчүк штрихтер эле. Бирок ошондо мен тарткан Даниярдын түс-келбети өзүнө окшой баштаганда, көңүлүм алып учуп эле, кайда экенимди, эмне кылып жатканымды унутуп салдым. Ошол мен көргөн август түнү, кубулуп жайнаган кең талаа кагаз бетине көчүп келгенсип, Даниярдын ошондой шаңшып обон салганы кулагыма угулуп жатты. Көз алдымда солдат көйнөгүнүн жакасы кере жакжайган Данияр менен ага бой салып, ыктап отурган Жамийла. Бул сүрөт менин алгачкы жолу өз алдымча

тарткан сүрөтүм: мына арабанын кыры, мына жанаша отурган Данияр менен Жамийла, тизгиндер алдыда бош ташталып, аттардын жондору караңгыда термелет, андан нары түнкү талаа, алыскы жылдыздар. Мунун баарын ушунчалык берилип тарткан экенмин, бир убакта эле так төбөмдөн бирөөнүн ачуулуу үнү чыкканда эсиме келдим. Карасам Жамийла экен:

– Сен эмне, тилиң дудук, кулагың дүлөй болдубу?

Көрсө, ал мени издеп жүрүптүр, шашканымдан сүрөтүмдү беките албай да калдым.

– Буудайды алда качан эле жүктөп, эт бышымдан бери кыйкырабыз, кыйкырабыз, же бир үн берсең боло... Алдагы колуңдагы эмне? – деп Жамийла сүрөттү менден тартып алды.

– Ой, шумдугуң кур! Дегеле... – деп барып, ирeңи бузулуп, кагазды телмирип эле тиктеп калды. Ай, менин ошондогу уялганым ай! Төрт шыйрагым өлбөгөн эле жерде калды! Жамийла сүрөттү карап турду да, бир убакытта жаш чайып, муңдана түшкөн көзүн өйдө көтөрдү:

– Мага берчи муну, кичине бала! – деди ал акырын гана. – Мен эстеликке сактап коёюн...

Жамийла баракты эки бүктөп, койнуна салып алды.

Биз жолго чыгып, айылдан бир топ узап кеткенче, мен өз калыбыма толук келе албай жаттым. Жүрөгүмдү терең козгогон көрүнүштү чын эле өзүнө аз да болсо окшоштуруп сүрөткө тартканым аныкпы, же бул түшпү деп күмөн санадым. Ошентсем да, жанагы тарткан сүрөтүмө ичтен мактанып, ошого өпкөм көөп, тимеле бир укмуштуу кыялдар башымды айландырып, жакында мен боёк тапсам, толуп жаткан сүрөттөрдү тартып, мектепке илип коём деп жаттым. Көрсө, мындай кыялдар ошол балалык чакта эле болууга мүмкүн экен. Аны менен ишим жок, жол оңуту ылдый болгону менен, өтө эле катуу кетип бара жатканыбызды да ойлоп койбойм. Андай дегеним, алдыда араба айдаган Данияpдан калбайлы деп эле,

улам аттарды ылдамдата келе жаттык. Кийинки кезде Данияр ар качан арабасын катуу айдап жүрө турган болду, аттары да бат эле эттен түшүп калды.

Жамийла Даниярга удаа келе жатты. Жол катары ал эки жакка каранып, кээде кандайдыр айыптуу немедей аянычтуу жылмайып коёт. Анысын көрүп, мен дагы жылмаям, менин ойлогонум: «Сүрөт тартып жеңемдин бая күнкү ачуусун жазып, көңүлүн ачкан экенмин. Жеңем эми Даниярды ырда десе, ал сөзсүз ырдайт... Демек, бүгүн Даниярдын обонун тыңшап, көңүл толкуп жыргаймын... Кандай сонун жыргал, бүгүн Данияр ырдайт экен, ооба, ырдайт – ырдаса экен!»

Бул жолу станцияга биз абдан эле бат келдик, бирок аттарыбыз кара терге түшүп барды. Тараза бош экен, арабадан түшөр замат Данияр каптарды ташый баштады. Ал кайда шашылып, эмнеге мынча капалуу болгонун ким билсин, айтор, унчукпай эле түктүйүп жүрдү. Поезддер ары-бери өткөндө Данияр токтой калып, аларды артынан көпкө чейин узата карай, алда эмне оюна келгендей түнөрүп жатты. Жамийланын ансайын тынчы кетип, Даниярдын оюнда эмне бар экенин билгиси келгендей, ал дагы Данияр караган жакты тигилип карап калат. Бир убакытта Жамийла арабанын жанына барып, Даниярды өзүнө чакырды:

– Бергелчи Данияр, кашка аттын такасы шалкылдап калыптыр, жулуп таштачы, кармап берейин!

Данияр аттын туягын эки тизесинин ортосуна кысып, таканы жулуп алып өйдө боло бергенде, Жамийла аны карап, акырын гана айтты:

– Сен эмне эчтеке түшүнбөйсүңбү? Же менден башка кыз-келин түгөнүп калыптырбы.

Данияр ылдый карап унчукпады.

– Болбосо мага эле оңой дейсиңби? – деди Жамийла, үшкүрүп алып. Даниярдын кашы селт этип өйдө боло берди да, ал Жамийланы муңайыңкы эркелете карап,

бир нерсе айткандай болду, бирок мен укпай калдым, анткени атты ооздуктан кармап турат элем, ат ошондо башын силкип алды. Данияр болсо бир нерсеге ыраазы болгондой, колундагы таканы сылап, нары четке басып кетти. Менин таң калганым: «Жамийла айткан сөздөрдүн ага эмнеси жакты? Мисалы, бирөөгө: «Мага эле оңой дейсиңби?» – деп бирөө үшкүрүп айтып турса, анын эмнеси жакшы?»

Каптарды ташып бүтүп, биз кайра жөнөгөнү жатканда, жонунда асма кабы бар, уйпаланган эски шинелчен бир арык жарадар солдат короого кирип келди. Ошондон бир аз эле мурун, станцияга эшелон келип токтогон. Жанагы солдат эки жагын каранып, кубанычтуу күлүңдөп турду да, бир убакытта:

– Күркүрөө айлынан ким бар? – деп кыйкырып жиберди.

– Бул ким болуп кетти? – деп, тааный албай жатып, анан:

– Менмин Күркүрөөдөн? – дедим. Солдат сүйүнүп кетти:

– Сен кимдин баласы элең, иничек?

Ал аңгыча болбой Жамийланы көрө салып, делдейип эле туруп калды.

– Керим, сенсиңби,– деди кубанып кеткен Жамийла.

– Ой, Жамийла карындашым! – солдат Жамийлага жүткүнүп барып, эки колдоп учурашып калды.

Көрсө, бул Жамийланын кабырга тууганы болгон айылдашы экен.

– Мына десең, бул жерге тимеле билгендей эле кайрылып келген турбаймынбы! – деп жаны калбай жатты,– анан, – Садыктын жанынан чыкканыма беш күн эле болбодубу, госпиталда бирге жаттык, куда кааласа ал дагы бир-эки айда үйгө кайтып калар. Быякка жөнөрүмдө келинчегиңе кат жаз, өз колум менен өзүнө тапшырайын деп, кат жаздырып алгам... Деги... жакшы болбо-

дубу, мынакей аманатың, ыйык парсымдан кутулайын! – деп кобураган бойдон, солдат шинелинин ичинен үч бурчтук катты сууруп чыкты. Колунан жулуп алгандай эле Жамийла катты өзүнө тартып алды да, сүйүнгөнү ушунча болдубу, же уялып кеттиби, адегенде кыпкызыл болуп албырып, анан купкуу болуп туруп калды. Ай, жүрөк деген курусун, мына ушул учурда да Жамийла акырын гана көзүнүн кыйыгын салып Данияр жакты карады. Жамийлага армандуу карап Данияр арабанын жанында өзү жалгыз туруптур. Баягы кырмандагыдай же элге басып баралбай, же четке басып кетпей, жалдырап эле Жамийланы тиктеп калыптыр. Аңгыча туш-туштан жүгүрүп келишкен кишилер солдатты тегеректеп алып, кээси тууган, кээси айылдаш чыгып, учурашып, сурашып калышты. Жамийла айылдашына ракмат деп да айтып жетишкенче болбой, Данийардын арабасы андан-мындан бир тийип, атырылган бойдон короодон жулунуп чыкты да, чаң уютуп жолго түштү.

– Ой, буга жин тийгенби? Сообу? – деп кыйкырып калышты анын артынан.

Солдатты да туугандары бир жакка ээрчитип кетишти окшойт, короонун ортосунда жеңем экөөбүз эле калыптырбыз. Данийардын арабасы көздөн кайым болгончо, алыста кайнаган чаңды карап турдук.

– Жүр, жеңе үйгө кетели,– дедим мен.

– Кете бер, мени эмне кыласың! – деди Жамийла.

Мына ушинтип, биз биринчи жолу бир-бирибизден бөлүнүп, ар кимибиз өзүбүзчө жолго чыктык.

Талаа үп болуп, демигип турган экен. Жерден көтөрүлгөн ысык тап эриндеримди кеберситип, таңдайымды кургатып жатты. Чаңкайган асмандагы күн жерди көөрүккө салгандай эртеден бери өрттөп жатты эле, азыр кечке жуук какшыган жер бетин туздуу шор каптады. Ошондой эле туздуу бозомук алыскы белеске түшүп,

көлкүлдөгөн күн туманда чайпалгансып, мунарыктап батып бара жатты.

Белестин үстүндөгү кызыл сур булутчалардын асманда уюган кара жалын сыяктуу түрү сүрдүү. Кээде керимселдин оор толкундары келип, аттардын таноолоруна ак шор ширетип, чаңыган жал-куйругун жайбаракат оодарыштырып, жол боюндагы шыбактардын баш-башын ыргап жылжып келет.

«Бул эмнеси, жаан болобу?» – деп жаттым мен. Ошондо жүрөктү сыдырган жалгыздык ичимди аңкылдатып, алда эмнеден коркконсуп, аттарды тындырбай айдап отурдум. Мен гана эмес, узун шыйрак боз тоодактар да бир нерседен чочуган өңдүү элтеңдешип, чий аралап коктуга жашынышты. Курмушунун үзүндүлөрүндөй карайган төө жалбырактын сыныктарын шамал алда кайсы жерден жол үстүнө айдап келип жатты. Биз жакта мындай жалбырактар болбойт, түрү бул казактын чөлүнөн келген болуш керек. Айланада да эч бир жан жок. Данияр көрүнбөйт. Артта калган Жамийла да жок. Тигине жылт этип күндүн чети жашынды. Чаалыккан талаа тунжурап уйкуга бөлөндү.

Кырманга каш карайганда жеттим. Кырман тынч, үп эткен шамал жок. Даниярды чакырсам кароолчу абышка жооп берди:

– Ой, ал сууга кетти, аны эмне кылат элең? – Анан улутунуп алып өзүнчө кобурады. – Үп болуп турганын карасаң, оо, алла, шамал жортпосо кырманда иш болмок беле, элдин баары үй-үйүнө кетишти.

Аттарды бедеге тушап коюп, кайра келе жатканда сууга кайрылдым. Данияр адатынча тик түшкөн жардын башында отуруптур. Артынан караганда да анын кайгыга чөгүп, армандуу отурганын билүүгө болор эле. Сыңар тизесин кучактап, башын салаңдатып, жар астында күпүлдөгөн сууну тыңшап отуруптур. Анын аянычтуу отурушу жүрөгүмдү мыкчып өттү. Жанына ба-

сып баргым келип, Даниярды боорума кысып, ага өзүмдө болгон баардык жакшынакай сөздөрүмдү айтып, капасын бөлүшкүм келди. Бирок, мен ага эмне дейт элем, аны кантип жоотот элем? Бир топко чейин четте туруп, анан кайра кырманга бастым.

Ушундан кийин дагы көпкө уктай албай саманда жаткан жеримден асмандагы калдайып келе жаткан булуттарды карап: «Адамдын турмушу эмне үчүн мынча татаал, эмне үчүн мынча түшүнүксүз болот?» – деп, ар кайсыны ойлондум. Жамийладан болсо дагы эле кабар жок: «Ал мынча эмне кечикти, кайда жүрөт?» – деп, арабанын калдыраганын угууга зар болуп, кулак түрүп жаттым. Же уктагандай уктап кете албай, же туруп кетпей, бүткөн боюм шалдырап кыйналдым. Үнсүз, дабышсыз чагылгандар булут аралап, жалт-жулт кубулуп жатышты.

Данияр суудан келгенде, мен уктай элек элем. Ал эмне кыларын билбей, жол жакты кайта-кайта карап, кырманда басып жүрдү да, анан менин жаныма келип, саманга боюн таштап кулады.

«Ай, эми кетет го бир жакка, калбайт айылда! – деп, ойлодум мен. – Бирок, бечара кайда барар эле. Үй жайы жок мусапыр кимге керек эле? Деги жаман болду, кантер экен эми?»

Көзүм илинип бара жатканда кырманга жай келе жаткан арабанын кылдыраганы угулуп калды. Жамийла келди окшойт? – деп болжодум уйку аралаш.

Канча уктаганымды билбейм, бир убакта эле так кулагымдын түбүндө саман шырпылдап, бирөө басып келгендей болду. Канат серпкендей кандайдыр бир суу нерсе бетимди сылап өттү. Көзүмдү ачсам – Жамийла экен. Сууга түшүп келген көрүнөт, көйнөгүн да салкындатып, сууга сыгып келиптир, өзү да бир түрлүү жагымдуу салкындыкты ээрчитип келди. Жамийла

токтой калып, эки жагын элеңдеп карады да, Данияр-дын баш жагына отурду.

– Данияр, мына мен өзүм келдим! – деди ал акырын шыбырап.

Жымжырт тынчтык, асман капталдап чагылган ылдый сойлоду.

– Сен таарындыңбы? Катуу таарындыңбы я?

Дагы эле айлана тыптынч, нары сууда кемерленген жээк чолп этип жумшак кулады.

– Бирок, мен айыптуу белем?.. Сенде да айып жок...

Тоо кыркалап күн күркүрөдү. Чочуп кеткен Жамийла жалт бурулуп караганда, чагылган анын жүзүн жап-жарык кылып көрсөттү. Ошол замат Жамийла Даниярды кучактап жакындай бергенде, ал аны өзүнө тартып, кучагына кысты. Саман менен суналып Жамийла анын жанына жатты.

Акактап күйүккөн шамал талаадан жулунуп келип, саманды уйгу-туйгу сапырыштырып, кырмандын четинде кыңырыла түшкөн боз үйгө бир тийип, жол менен сабалап куюндады. Чагылгандар булуттун арасына көгүлтүр жалын ойнотуп, карагай сынгандай кургак чатырап күн күркүрөдү. Бүт денем дүркүрөп сүйүндүм да, сүрдөдүм, – күн күркүрөгөн акыркы чагылгандуу добул табигаттын сүрдүү көркүн ачып, жайдын аягын бүтүрүп келе жатты. Мына ушул эчтекеге токтолбос күчтөй демитип, Жамийла Даниярга шыбырап жатты:

– Чын эле күмөн санадыңбы, кантип эле сени бирөөгө алмаштырайын!.. Керек эмес, түштөн кийинки сүйүүсү өзүнө буюрсун! Мейли, ким эмне десе да мен сеникимин! Жалгызым, секетим, эч кимге сени ыраа көрбөйм!.. Мен сени бүгүн эмес, кечээ эмес, сыртыңдан билгендей, бала болуп эс тарткандан бери сүйөм... Мына эми сен да мени издеп келдиң!..

Жашыл-ала көгүлтүр чагылгандар ийме-чийме сынып, жардын артына сууга түшүп жатты. Андан-мындан ти-

йип, саманды чаба черткилеп, жаандын алгачкы тамчылары дыбырай баштады.

– Жамийлам, жаным, калкатайым, кызыл гүлүм, Жамалтай! – деп, Данияр кыргыз менен казакта болгон эң назик аттарды сүйгөнүнө арноодо. – Мен дагы сени алда качан сүйгөм, өмүрүмдө көрбөсөм да, окопто жатып сени ойлогом! Көрсө, менин сүйгөнүм туулган жеримде тура! Көрсө, ал сен экенсиң, Жамийлам, кызыл гүлүм!

– Бүркүтүм! Шаңшыган бүркүтүм! Бери болчу, көзүңдү көрсөтчү! О, шаңшыган бүркүтүм!

Жаан күчөп келди. Шамал учурган үйдүн үзүгү, кулаалы канат каккандай далбаңдап жулунду. Бирде кыйгачынан, бирде тик куюлган нөшөр жерди сагынгандай үстү-үстүнө өпкүлөп, асмандын каптал-капталынан көчкү жүргөнсүп күн күркүрөдү. Кызгалдактын жазгы өртүндөй, жалын алган чагылгандар тоо боорлоп, төштөшкө жайнады.

Жаан күчөй берди, мен болсом саманга көмүлүп, так колтуктун астында тикилдеген жүрөктү сезип жаттым. Ушул учурда менден бактылуу, менден таалайлуу эч ким болгон эмес чыгар. Көптөн бери сыркоолоп, бүгүн эшикке чыкканда асманда жаркыраган күндү көргөнсүп, жер үстүндө жашоонун өзү канчалык жыргал экенин билгенсидим.

Жаан да, чагылгандардын жарыгы да, самандын астында жаткан жериме жетип жатты, бирок мен андан жүдөп, жыйрылган жокмун. Көзүм илинип бара жатып, өзүмчө эле күлүңдөп жаттым: кулагым чалган эмне болду экен,– Жамийла менен Даниярдын шыбырашканыбы, же бастап келе жаткан жаандын саманга шыртылдап тийгениби?

«Мына эми күн жаай берет, күз келет!» – деп жаттым мен өзүмчө. Чын эле күздүн кабарчысындай болуп, ным-

далган саман менен кыярган эрмендин кеч күздөгүдөй жылуу деми мурунга келип жатты.

Ал эми күзүндө биздин тагдырыбыз кандай болорун эмне үчүндүр ойлобоптурмун.

* * *

Ушул күз, эки жыл үзгүлтүктөн кийин, мен кайра мектепке бара баштадым. Сабактан кийинки бош убакытта көп учурда баягы суу боюндагы жар үстүнө барып жүрдүм. Кырман ал кезде аңкылдап, ээн калган. Бул жерде мен мектептен алган боёктор менен өзүмдүн биринчи этюддарымды, сүрөтчөлөрүмдү тарттым. Андагы сүрөтчөлөр анча деле жакшы болбосо керек, анткени, ошондо эле мага көп жакчу эмес. «Боёкторум начар көрүнөт,– деп ойлочумун ичимден. – Атаңдын көрү, чыныгы боёк тапсам, кандай сонун болор эле!» Ушундай дегеним менен, ошол чыныгы боёктор кандай болорун өзүм да билчү эмесмин. Тээ кийинчерээк гана сүрөтчүлөр колдонгон тюбиктеги сыкма боёкторду биринчи жолу көрүүгө туура келди.

Боёктор го боёк болсун, бирок мугалимдердин айткандары да туура болуп жатты окшойт: сүрөтчү болуш үчүн сүрөтчүнүн өнөрүн атайлап үйрөнүш керек, анын окуусун окуш керек. Бул акыл чеки болбогону менен, окуу жөнүндө менин үмүтүм да жок эле.

Окуу кайда: агаларым ошол бойдон дареги жок жатса, анан эки үйдүн жалгыз бел байлар жигитин энеси окууга жиберчү беле. Муну билип, мен унчукчу да эмесмин. Бирок ансайын окууну эстеп ичим күйчү, анын үстүнө ошол жылкы күз өзгөчө көрктүү болду. Колдон өнөр келсе, көргөнүңдүн баарын тартсаң эле, өзүнчө сүрөт боло тургандай. Аттигиниң, ошондогу күз ай!

Күркүрөөнүн суусу тартылып, көк кашка болуп тунган. Суунун астында бөгөлгөн баягы казандай таштар эми сыртка чыгып, алардын үстүндө жапжашыл, сапса-

ры тукаба өңдүү эңгилчектер оюу жүргүзгөн. Эртең мененки үшүктө бадалдын жылаңач чыбыктары назик кызарып, жапайы терекчелер күндөн-күнгө түрдөнүп кыярууда.

Жайы менен жайлоодо түтүнгө ышталган жылкычылардын үйлөрү азыр чоң сайдын буурул тарткан чабындысында тигинде-мында карайып, ак элечек, ак көйнөк кийгендей түтүндөр чамгарактап этек-жеңин чубалжытып, той тойлогон аялдардай айылма-айыл көйкөлүшөт. Тегеректе жылкы жайылып, бет-бетинче басып кеткен үйүрүн чогулта албай, тынчы кеткен айгырлар элтеңдешип азанашат,– жазга чейин эми ушунусу ушул: бээлер оңой менен үйүргө токтобойт. Тоодон түшкөн мал сары сойгок жапырып, аңыз-аңызда жүрөт. Күзгү талаанын бети изден чыбыр-ала.

Күз ушинтип эле жакшылыгын алып туруп алган жок. Көп кечикпей кара жел жүрдү, асмандын иреңи бузулуп, кар аралаш жаан башталды. Аптасына көз ачырбаган жаан бир күнү басаңдап токтогондон, мен Күркүрөөнүн жээгине бардым,– нары таштак аралчада жылгын менен чычырканактын арасындагы бир түп тоо четин жалбырттап күйгөн оттой болуп, сүрөткө эле «суранып» туруп алды.

Жээкте бадалдын арасында сүрөт тартып отурат элем, кеч кирейин деп калган, бир убакытта башымды өйдө көтөрүп, наркы өйүзгө суу кечип өткөн эки кишини кокус көрө калдым. Алар Данияр менен Жамийла экенин дароо тааныдым. Эмне үчүндүр алардын жүздөрү чочулап сактангандай сүрдүү эле. Данияр адатынча демите арыштап, аттаган сайын, анын топчуланбаган шинелинин этектери, эскилиги жеткен солдат өтүгүнүн кончторуна шартылдата урунуп келе жатыптыр. Жамийла болсо, аппак жуулган жүн жоолугун салынып, үстүнө базарга кийчү кызыл-ала гүлдүү көйнөгү менен чий баркут чапанын кийип алыптыр. Бир колунда көтөргөн түйүнчөгү

бар, экинчи колу менен Даниярдын асма баштыгын кармап келе жатыптыр. Экөө кез-кез бир нерсени сүйлөшүп коюшат.

Булар биздин айылды таштап, бир жакка кетип бара жаткандарын түшүнгөндө, ичим тыз этип куйкалана түштү.

Тигине, ал экөө коктудан өтүп, чий аралап жөнөштү, а мен шалдайган бойдон алардын артынан карап, эмне кыларымды билбей калдым. Үндөйүн десем, тилим таңдайыма жармашып калгандай.

Тоо кыркалап ээрчишкен булуттарга күндүн кыйыр нурлары акыркы жолу бир тийип, жерге күүгүм түштү, айлана бат эле караңгылай баштады.

Данияр менен Жамийла артына карабай темир жолдун разъездин көздөй ылдам басууда. Алардын караандары улам алыстап отуруп, бир аздан кийин чийдин арасынан көрүнбөй калды.

Мен мына ошондо гана эсиме келдим.

– Жамийла-а-а-а! – деп, күчүмдүн бардыгынча кыйкырдым.

Томсоргон талаанын үстүнөн: «-а-а-а!»—деген жалгыз жаңырык көпкө созолонуп, муңканып басылды.

– Жамийла-а-а! – дедим мен, дагы бир ачуу кыйкырып, анан турган ордумдан атырылып тигилердин артынан жүгүрдүм. Сууну суу дебей, өткчөн, кийимчен бойдон түз эле сууга салганымда, тызылдаткан муздак чачырандылар бетиме, бүткөн боюма жабыла берди. Ага да карабай, дагы күчөп чуркадым. Бир убакытта бутум бир нерсеге чалынып кетти эле, күү менен барып бет алдымдан жерге жыгылдым. Ошол бойдон, башымды өйдө көтөрбөй, бетимди мыкчып, өксүп-өксүп ыйлап жибердим. Астымдагы нымдуу топурак жыттанган жер колумду, бетимди муздатып, кеч караңгысы жонума салмагын салгандай өпкөм кысылып, чийлер менин кайгымды бөлүшүп, жан-жанымдан муңканып ышкырып

жатышты. Жана Жамийланы кыйкырган үнүм дагы эле томсоргон талаанын үстүнөн жаңыргансып, кулагымдан кетпейт.

– Жамийла, Жамийла! – деп, жаш балача шолоктоп, мен өзүмдүн эң жакын көргөн кымбаттуу кишилерим менен коштошуп жаттым. Мына ушунда гана, жерде ыйлап жаткан учурумда, мен өзүм дагы Жамийланы сүйгөнүмдү түшүндүм.

Ооба, балким бул балалык кездеги менин эң таза, наристе сүйүүм болгон чыгар!

Бетимди көз жашыма сууланган жеңиме катып, дагы көпкө чейин ыйладым. Көрсө, мен ушул учурда, жеке эле Жамийлалар менен коштошпой, өзүмдүн балалык чагым менен дагы коштошуп жаткан экем.

Караңгыда темселеп үйгө келгенимде, биздин короодо дүрбөлөң түшүп, кимдир бирөөлөр ат токуп, шашылышып жатышкан экен. Осмон зөөкүр болсо адатынча мас, колуна союл кармап, тепсетип кетчүдөй атын жулкунтуп бакырат:

– Ой, мен айтпай жүрдүм белем! Мына эми, бүт Олжобай атасына шермендечилик иш болбодубу? Бол аттангыла, жеткен эле жерден тентиген ит, чала казакты жыга чаппасам, атым өчсүн, мейли он жыл мойнумда, бирок, көрүнгөнгө Олжобайдын катындарын талоонго бербейбиз. Аттан жигиттер, кеттик! Кайда узайт дейсиң!

Куугун кайсы жакка ат коёр экен дегенимде, жүрөгүм шуу деп, муздай түштү. Эмне кыларымды билбей, айылдын сыртына чейин атчандардын артынан жүгүрүп отуруп, алардын разъездди көздөй эмес, станцияга кетчү чоң жолго түшкөнүн көргөндө гана жаным тынчыды. Анан үйгө келдим да, ыйлаганымды эч кимге көрсөтпөй, атамдын тонуна оронуп алып, чүмкөнүп жаттым. Ушундан кийин айылда канча кеп-сөз, канча ушак-айың болду. Аялдардын баары эле Жамийланы жамандашып жатты:

– Акмак да! Болбосо ким эле өзүнүн ырысын тебелеп, тентиген мусапыр менен ээрчип кетсин!

– Ошону айт жеңе! Эмнесине кызыкты дейм да! Жаман шинели менен тамтыгы чыккан өтүгүнөн башка эчтекеси жок эле го!

– Анан эмне, короо-короо малы бар беле! – деп, дагы бирөө коштой чыгат. – Үйү жок, жайы жок тентиген неме да! Мейли, өз убалы өзүнө, тим кой өкүнүп бармагын тиштер, али... Көрөрбүз, ошондо ал сулуусунган немени!

– Тооба, Садыктан артык эрди ал кайдан тапмак эле?

– Аны айтасың, кайненесичи? Ошондой, пайгамбардай болгон кайненени кайдан табат экен ал! Өз шоруна өзү түкүргөн арам, мейли!

Мүмкүн, жалгыз мен гана өзүмдүн мурунку жеңемди жамандабай, анын кылганын туура деп тапкандырмын... Даниярдын эски шинели менен тамтыгы чыккан өтүгүн мындай коюп, ал өзү ким экенин, анын ички байлыгы канчалык зор экенин, мен билбегенде ким билет. Жамийла Данияр менен ээрчип кетип, таалайсыз болот деген кептерге мен эч бир ишенмек турсун, кайта, ал анык таалайын эми тапты деп ишенгем. Болгондо, ушул апам үчүн катуу капа болдум. Жамийла менен кошо анын күчкайраты, билгичтиги кеткендей, апам өзүнөн өзү эле кайгыланып, эңшериле түштү. Жарыктык, турмуштун агымы кээде ушинтип өзүнүн эски нугун талкалап, чукул жерден жаңы багытка бет ала тургандыгын түшүнгөн эмес окшойт. Мисалы, чоң карылуу теректи бороон тамыры менен омкоруп кетсе, ал экинчи тура келбейт да... Апам дагы ушул сыяктуу: мурунку күчүнөн тайганы ар бир кыймылынан байкалып калды. Башта ал ийнесин эч кимге саптатчу эмес, намыстанып жаман көрчү. Бир күнү үйгө кирип келсем, апам ийненин көзүн таба албай жарыкка шыкаалап, ыйлап отуруптур.

– Ме, жип өткөрүп берчи! – деди ал ийне-жипти калчылдаган колу менен сунуп жатып. Анан оор үшкүрүк түтөттү да, жашын сыгып жатып, өзүнчө сүйлөндү. – А-а, шордуу келиним ай, эчтекеден эчтеке жок кор боло турган болдуң ээ... Ушул бойдон колдо жүрсө не деген гана киши болор эле... Кайран Жамийла... Өзүңдү өзүң өлтүрдүң... Чандың бизди, кеттиң... Эмне үчүн кеттиң... Биздин үйдө эмнеден кем болдуң элең?.. Шордуу Жамийла...

Апамдын ушинтип отурганын көрүп, сай-сөөгүм сыздап кетти. «Жок, апа, ал шордуу эмес!» – деп кыйкырып жибере жаздап, токтодум. Апамды кучактап алып Данияр деген кандай киши экен, мен аны кандай жакшы көргөнүмдү айтып берип, буркурап ыйлагым келди. Бирок бул сөздөрдү мен кайсы бетим менен айтат элем: өмүрү өткөнчө апамдын көңүлүндө муң калбайт беле.

Ошентсем да, менин бул күнөөсүз «кылмышташтыгым» билинбей калган жок.

Арадан көп өтпөй Садык үйгө кайтып келди. Чынын айтканда, сыртынан байкатпаганы менен ал абдан эле намыстанып, ич күптү болуп жүрдү. Ырас, Осмондор менен ичкилик үстүндө отурганда оозун көптүргөнү бар:

– Атасынын көрү, кетсе кеткени! Жол-жолдо самсып жүрүп, акыры бир жерде ачтан тороёт да! Катын деген азыр толуп жатат, четинен чертмей... Алтын баштуу катындан, бака баштуу эр артык..

– Аның го туура,– деп Осмон жооп бере турган. – Бирок ошондо бир колума тийбеди да, кап: тигинисин селейте чаап, беркисин чачынан атка сүйрөтөт элем! Алар болжолумда, түштүккө кетишти го, пахтага, болбосо, казакта тентип жүргөндүр, тигиге көнүмүш эмеспи башынан... Эми бир таң калган жерим: ушул ишти эч ким билбейт, эч ким байкабайт, кандайча болгонун сезбей да калдык... Жанагы бураңдаган канчыктын арамзалыгы, жигин билдирген жок, болбосо го аны!

Мындай сөздөрдү укканда каным кайнап, муштумдарым түйүлчү. Алым келсе, ушул Осмондун бетине түкүрүп айтар элем: «Баягы чөп чабыкта болгондор эсиңден чыкпай жүргөн экен ээ... Болбосо, анык арамза, анык бузулган зөөкүр сенсиң!» – дээр элем.

Бир күнү үйдө отуруп, мектептин дубал газетасы үчүн сүрөт тартып жатат элем, апам да мештин жанында от жагып отурган, бир убакытта эшик шарт ачылып, үйгө купкуу болуп сурданган Садык акем кирип келди. Ал мени көздөй жулкунуп басканда, желбегей жамынган шинели жерге учуп түштү.

– Муну ким тарткан? – деп, ал чоң барак кагазды бетиме сунду. Кагаздагы сүрөттү көргөндө үрөйүм учту: бул менин баягы кырманда Данияр менен Жамийланы калем менен тарткан сүрөтүм экен. Алар мени ошол учурда тике карашкандай болушту. Олдо Жамийла ай, муну кантип таштап кетти экен? Үйдүн бир жерине бекитип коюп, ошо бойдон унутуп калган го!..

– Мен тарткан элем! – дедим мен.

– Булчу, бул ким өзү?

– Данияр.

– Бузукусуң сен! — калчылдаган Садык акем сүрөттү майда-майда кылып тытты да, жерге тебелеп, эшикти шарт жаап, сыртка чыкты.

Үйдүн ичин көпкө тунжураган, сүрдүү тынчтык бийледи.

– Сен билчү белең? — деп, сурады бир убакта апам.

– Ооба, билчүмүн.

Апам мешке жөлөнө калып мени ушундай бир кыжаалат болгон көз караш менен телмирип тиктегенде, биротоло чабар бармакты чабайын деп:

– Мен алардын сүрөтүн дагы тартам! – дедим.

Апам унчуккан жок, башын кайгылуу чайкап, төмөн түшүрдү.

Жерде тытылып жаткан сүрөттү карап, ичимди өрттөп куйкалаган ызага чыдабай жаттым,– мейли мен биздин үй-бүлө, биздин уруу үчүн «бузуку» болоюн, бирок адамдык чоң чындыкка мен кыянаттык кылган жокмун, турмуштун чоң чындыгына мен акыр-акырына чейин адилеттүү болгом. Менин мына ушул ак ниеттүүлүгүмдү эч ким билген эмес, аны элге айтууга да болбос эле, анткени башкалар түгүл, жанымдай көргөн өз энем да мунун маанисин түшүнбөс эле.

Апам унчукпай отура берди. Жанагы ыза болгонума көзүмө жаш имериле түшкөн окшойт, жерде чачылган сүрөттүн үзүндүлөрү айлампа сууга аккансып, каалгып жатты. Жана Данияр менен Жамийланы сүрөттөн тирүү сыяктуу көргөн учур мээме ушунчалык кадалган экен, көз алдыма баягы август түнүндөгү гүлдөгөн талаа келип, Даниярдын от менен жалын алып шаңшыган обону кулагыма угулгансып жатты. Жамийла менен Даниярдын ошондогусун эстеп, муңайыңкы жылмайып отурдум. Алардын айылдан кеткендегисин эстегенде жүрөгүмө кайрат толуп, мен дагы ошолор сыяктуу өз таалайым үчүн кыйын жолго чыгууга тайманбай бел байладым.

– Мен окууга кетем! – дедим мен апама. – Сүрөтчү болгум келет, сүрөтчүнүн окуусуна барам, атама да ушуну айтып кой...

Бул сөздү айтканымда, апам азыр согушта жок болгон агаларымды эстеп, буркурап ыйлайтко деген ой менен, өзүмдү ошого чыдагандай кайраттандырдым. Бирок, бакытка жараша, апам бул жолу көзүнөн таруудай жаш чыгарган жок, болгондо өтө катуу кейип айтты:

– Мейлиң, барсаң өзүң бил... Темир канат болгон соң, ар кимиңер өзүңөрчө канат шилтеп калбадыңарбы... Биз кайдан билели, балким, силердики чындык чыгар, балким, алыска чабыттап учарсыңар... Азыркы заман эми ушундай болбодубу... Окууңа барсаң өзүң бил... Балким ошол жакка барганда, сүрөт тартып чиймелеген кесип

эмес экенин билерсиң... Үйүңдү, ата-энеңди унутпа, бар сураганым ушул...

Ушул күндөн тартып кичи үй өзүнчө бөлүнүп кетти. Мен болсом көп кечикпей окууга жөнөдүм.

Сүрөтчүлөрдүн мектебин бүтүрүп, Ленинграддагы академияга өнөрүмдү улантыш үчүн дагы окуганы барганда, мен өзүмдүн дипломдук ишимди тапшырдым. Бул дипломдук иш – көптөн бери ниет кылып, жүрөгүмө сактап жүргөн сүрөт эле.

Албетте, силер бул сүрөттө Данияр менен Жамийла тартылганын дароо эле сезген чыгарсыңар. Ооба, менин ал сүрөтүмдө күзгү кең талаа менен кеткен жолдо, топчуланбаган шинели жакжайып, алдыга утурлап баскан Данияр менен анын жанында асма баштыгын карманып, кубанычтуу келе жаткан Жамийла...

Алардын бет алды Данияр ырдаган учу-кыйыры жок көйкөлгөн жарык мейкиндик... Бул жарык мейкиндикте кимдер Жамийла менен Даниярча таалайлуу болбос!..

Ырас, менин сүрөтүм баардык жагынан мыкты тартылган деп айталбасмын, чебердик бара-бара эмгек менен келет эмеспи... Анткени менен, бул сүрөт мен үчүн дүйнөдө эң кымбаттуу зат, анткени жүрөктүн эң асыл, алгачкы жалынын мен ушул сүрөткө бергенмии.

Мына эми бир топ тажрыйбалуу болсом да, кээде иштегеним ойдогудай чыкпай калат, ошондо өз күчүмө ишенбей күмөн санаган оор учурлар болот. Андай учурларда менин жүрөгүмдүн дабасы – сүрөттөгү Данияр менен Жамийла, алар көзүмө ушундай ысык көрүнүп, мени өзүнө тартып тургансышат. Ошондо сүрөттү карап, Данияр менен Жамийладан көпкө көз айырбай, алар менен ой бөлүшүп, көзмө-көз сүйлөшөм: «Кайдасыңар силер азыр, кайсы жолдор менен кетип бара жатасыңар?»

Биздин жерде мындай кең талаа, мындай жолдор көп: Казакстандан тартып, Алтай менен Сибирге чейин ачык мейкиндик! Бул ачык мейкиндикти, ушул мейкиндиктей

зор эмгекти сүйгөн азаматтар жаңы жерлерде, жаңы турмуш куруу үчүн аттанышты! Балким, силер дагы ошол жакка кеткен чыгарсыңар! Анда сапарыңар ачык болсун!.. Жамийла, менин алтын Жамийлам, сен кеткенде, башыңды бийик көтөрүп, кылчайбай, тайманбай кең талаа менен кеткенсиң... Азыр да ошондойсуңбу, азыр да жол баскандан талыбайсыңбы? Же чарчаган күндөрүң болобу, жаным Жамийла? Же өз күчүңө ишенбей, күмөн санаган күндөрүң болобу, гүлүм Жамийла. Эгерде андай болсо алсыздыкка берилбе, Даниярды медер кылып, жөлөн! Ошондо Данияр баягыдай сүйүү, жер, жарык дүйнө, турмуш жөнүндөгү деңиздей төгүлгөн жалындуу обонун салып берсин! Ошондо көз алдыңда кең талаа гүлдөп, биздин август түнүндөгү чагылгандуу добул төгүп берсин! Коркпо, Жамийла, алыс жолдон, сенин жолуң таалай жолу, андан күмөн санаба!

Жол менен баскандарды карап, мен алар менен сырдашам. Тигине, Данияр обон салып шаңшыды, демек, ал Жамийла экөө мени жолго чакырышат. Ооба, мен жолго чыгышым керек! Ооба, жайкалган кең талаанын жолун басып мен өзүмдүн айлыма барам! Туулган-өскөн жер – күч кубатым! Мен андан жаңы түркүн боёк табам. Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгынан Даниярдын обону угулсун! Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгында Жамийланын жүрөк оту болсун!

## ДЕЛБИРИМ

### Пролог ордуна

Кесибим журналист болгон соң үйгө байыс албай кыргыз жергесин кыдырып жүргөнүм жүргөн. Ошондой бир жолу Нарында жүргөн элем, Фрунзеге редакциядан чукул чакырып калышты. Автостанцияга жетип келсем, автобус менин алдымда эле жүрүп кетиптир. Кийинкиси беш сааттан соң жөнөйт экен. Жол улаш бир машинеге түшүп кетиштен башка ылаажы калбады. Жүгүрүп шаардын этегиндеги кара жолго чыктым.

Жолдун бурулушундагы бензоколонкада жүк машине туруптур. Шофер жаңы эле май куюп бүтүп, бензобактын капкагын толгоп жаап жатыптыр. Кубанып кеттим. Кабинанын айнегинде Балыкчы автобазасынын белгиси бар экен. Аерге жетсем, андан нары Фрунзеге машине байма-бай каттап турат эмеспи.

– Сиз азыр жөнөйсүзбү? Мени Балыкчыга чейин ала кетиңизчи! – деп өтүндүм шофердон.

Шофер кылчайып бир карап алды да, моюн толгоп кетти.

– Жок, агай, ала албайм.

– Антпесеңиз. Фрунзеге шашылыш чакыртыптыр. Шофер дагы бир жолу түксүйө карап койду.

– Түшүнүп атам, бирок капа болбоңуз, агай. Жан баласын албаймын.

Таңыркап туруп калдым. Кабинасы бош эле экен, ала кетсе эмне болмок?

– Журналист элем... Шашып баратам. Канча болсо төлөйүн...

– Кеп акчада эмес, агай! – Шофер корс этти да, дөңгөлөктү бир тепти. – Башка учурда бекер алып кетейин. Бу жолу... болбойт. Капа болбоңуз. Дагы далай машине өтөт, бирөөнө түшүп кетерсиз. Мен алып кете албайм...

Жолдон ала кетчү бирөөсү бар го деген ой кетти.

– Кузовуна деле...

– Болбойт... Кечирип коюңуз, агай.

Шофер саатын карады да, жөнөөгө шашты.

Айлам түгөнгөндөн кийин ийин куушуруп, бензин куюучу москоол орус катынды таңыркай тиктедим. Ал баятан бери терезесинен бизди телмире карап отурган. Мага башын чайкады, кантесиз, тынчын албаңыз дегенсиди. Таң.

Шофер кабинасына отуруп, тутанбаган папиросун тиштеди да, моторун от алдырды. Отуздар чамасындагы күржүгүй далы, узун бойлуу жигит экен. Рулдун алкагын аткый кармаган шадылуу колдору, кабагы салаңдаган чарчаңкы көздөрү али күнгө көз алдымда турат. Чү дээр алдында алаканы менен бетин бир сүртүп алды да, оор күрсүнүп, алдыдагы тоо боорлоп кеткен жолду олурая карап койду.

Машине жүрүп берди.

Бензин куюучу катын будкасынан чыкты. Сыягы мени жубаткысы келди бейм:

– Иренжибеңиз, азыр сиз да кетесиз,– деди. Мен унчукпадым.

– Кусалыкка жабыркап жүрөт алиги байкуш... Айтса, узун сөз... Бир кезде ушул базада турчу.

Бензин куюучу катындын сөзүн аягына чейин уга албадым. Жол улаш «Победа» чыгып калды.

Алиги жүк машинени биз Долондун этегинен араң кууп жеттик, жүк машине катуу жүрүп баратыптыр. Тянь-

Шандын жолуна каныk болгон шоферлорго да мынчалык катуу жүрүш опурталдуу эле. Катуу бараткан күүсүн басаңдатпастан боор талашкан кыя жолдун чукул бурулуштарынан шарт-шурт бурулуп, салаңдаган аска таштардын астынан күркүрөп өтүп, бирде кайкыга чыга калса, кайра көрүнбөй түшүп кетип, брезенти далбактап бортун чапкылап кайра чыга калып, машине алдыбызда баратты.

Канткен менен «Победа» жеңилдигин кылды. Акырындап басып өтө бердик. Өлөр-тирилерине карабай арылдаткан бу кандай неме деп мен карап өттүм. Аңгычакты жамгыр аралаш мөндүр төгүп жиберди. Айнекке чаба жааган жамгырдын пардасынан шофердун сустайган жүзүн көрүп өттүм. Папиросун капшыра тиштеп, колу тыным билбей рулду аркы-терки тегеретет. Кабинада да, кузовунда да жан адам жок...

Ошол ошо болду. Нарындан келген соң көп өтпөй мени Ош областына жөнөтүштү. Журналисттин жаны жай алмакпы, дамаамат ашыгып жүргөнү жүргөн. Мен вокзалга так поезд жүрө бererде араң жетип бардым. Ашыгып купеге кирдим. Терезени тиктеп отурган жүргүнчүнү обол элес албапмын. Поезд күүлөнүп жүрүп берди, тиги жүргүнчү анда да бери бурулуп отурбады. Ошондон улам көңүлүм түштү.

Радиодон комуз чертилип жатты. Кадимки тааныш күү. Негедир бу күүнү укканда мен кечкурун ээн талаада жай бастырып келаткан жалгыз атчанды элестетем. Жол алыс, ээн талаа, кыңылдап ырдап жүрүп отурса жүрөктөгү чер козголот. Даңгыр жолдон аттын гана дүбүртү бир калыпта угулуп, ойлогон оюң, учкан кыялың бузулбайт. Үч кыл бирден терилип, комуз күүсү бир калыпта шылдыраган мөлтүр суунун, ат дүбүртүн кайталагансыйт, адырмактын артына батып бараткан күндүн капалыгын айткансып сезим сыздатат, күүгүмдөгү салкын желаргыдай кайра көңүл сергитет. Жалгыз атчан жүрөк

сырын кыңылдап ырдап барат, күүгүмдөгү буурулданган эгин талаа, кашкайган сызма жол коштоп үн салып жаткансыйт...

Азыр поезд менен бараткан жолдон илгери жалгыз атчан жолоочулар нечен ирет өткөндүр... Тигинтип кызарып батып бараткан күндү, талаанын бетине күүгүм түшсө да тамылжып кызарып турган тиги тоо чокуларындагы мөңгүнүн өңүн, аздан соң тамылжыган ал өң да өчөрүн, өзү болсо узак жолдо шашпай бара жатканын ырдап өткөндүр...

Терезе сыртынан жолду катар бирде дүпүйгөн бак, бирде бурждуктанган жүзүмдүктөр, бирде кочкул жашыл түстөнүп күдүрөйө өскөн жүгөрү талаалары өтүп барат. Кош ат чеккен араба туура жол менен жолго жакындап келатат. Жаңы чабылган беде салып алыптыр. Араба шлагбаумга такала келип токтоду. Ийнинде оңуп кеткен жыртык майкечен, тизесинен өөдө түрүлүү шымчан, жүзү күнгө тотуккан тестиер бала поездди жалдырай тиктеп, тиштерин кашкайта жылмайып турат. Кимдир бирөөгө кол булгап да койду.

Комуз күүсүнүн ыргагы поезддин жүрүшүнө жалгашып баратты. Ат дүбүртүнүн ордуна поезддин дөңгөлөктөрү бир калыпта шакылдайт.

Алиги жигит терезе түбүндөгү столчого чыканактап, менден далдалагандай жаагын таянып, жанагы калыбын жазбай сыртты телмире тиктеп келатат. Бул отурушунда ал дагы жалгыз атчан жолоочунун ырын ырдап келаткансыйт. Өз оюна сүңгүп кирип кеткендей, жанында киши бар-жогу менен иши жок. Бирдемеден улам капалуубу, же кыялданып отурганы ушундайбы, айтор өлүмсүк шамдай өңү муңайып, ичтеги кайгынын көлөкөсү жаап тургандай. Карап отуруп, мен бүшүркөй баштадым. Кайдан көрдүм эле? Шадылуу колдору да негедир тааныш... Мына ошондо эсиме келди: бу баягы мени салбай

кеткен шофер эмеспи. Ушуну менен өзүм да тынчыдым. Дагы бир жумушу менен бараткан жандыр да деп, жолго ала чыккан китебиме үңүлдүм. Сураштырып отурамбы. Анын үстүнө мени эле эстеп жүрөт дейсиңби. Жолоочу шофердун жолуктурбаган кишиси болобу.

Ошентип ар кимибиз өз оюбуз менен бир топко жүрдүк. Сырт күүгүмдөнө баштады. Тиги жигит бир маалда чылым чекмекчи болду. Папирос алып чыкты да, ширеңке чагар алдында оор күрсүнүп койду. Анан башын көтөрүп мени көрө сала таңыркай тиктеп алып, кызарып кетти. Тааный койду.

– Саламатсызбы, агай! – деди күнөөлүүдөй күлүмсүрөп.

Алик алып, кол бердим.

– Алыска баратасызбы?

– Алыска! – Ал тамекинин түтүнүн жай үйлөдү да, ойлоно калып унчукту: – Памирге баратам.

– Памиргеби? Анда жолубуз бир экен. Мен Ошко баратам. Отпускабы, же иш которуппу?

– Ошол өңдүү... Чегесизби?

Экөөбүз тең түтүн буркуратып, унчугушпадык. Сүйлөшөр сөз деле жок сыяктанды. Жигит кайрадан оюна чөмүлүп кетти. Башын салаңдатып, поезддин термегенине жараша термелип отурду. Башта көргөнүмөн алдаганча өзгөрүп кеткен сыяктанат. Жаагы шылынып азып калыптыр, маңдайына үч катар бырыш түшүптүр. Жыйрылган кабагы жүзүнө күңүрт көлөкө түшүрүп тургансыйт. Бир маалда жигит мени карап, күлүмсүрөй күрсүнүп койду.

– Баягыда сиз мага капа болуп калдыңыз окшойт ээ, агай?

– Качан, эсимде жок. – Мен аны коомайланткым келбеди. Бирок, ал мени кадала тиктеп, чын ниетинен кейигендей көрүндү. Мен эстедим. – А, Нарында жолуккандабы? Эсимен да чыгып кетиптир. Ошо да сөз бекен.

Жолдо жүргөндө эмнелер болбойт. Сиз дагы эле эстеп жүргөн турбайсызбы.

– Башка учур болсо балким унутуп калат белем. Бирок ал күндү унута албайм...

– Эмне болду эле? Авария эмеспи?

– Кандай десем... авария эмес, башка иш эле... – деп оозуна сөз келбеди, анан күлүп калды, мага карап күчкө күлгөндөй көрүндү. – Азыр машинечен болсом кайда алпар десеңиз да жеткирет элем. Бирок өзүм жүргүнчү болуп баратпайымбы.

– Эчтеме эмес. Ат баспаймын деген жерин үч басат, дагы жолугуп калгыбыз бардыр...

– Аныңыз туура. Эми жолуксак кабинага өзүм сүйрөп киргизем.

– Анда убадалаштык, – деп мен тамашаладым.

– Убадам ушул,– деп жигиттин да көңүлү ачылды.

– Деги анда эмнеликтен албай кеттиңиз?

– Эмнеликтен дейсизби? – деп ал кайра түнөрүңкү тартты.

Кабагы салаңдап алдын тиктеп, папиросун үстөккө-босток сорду. Оңтойсуз суроо берип алганыма өкүндүм да, сөз жаңыртыштын амалын таппай отурдум. Жигит папиросунун түбүн күл түшүргүчкө баса өчүрдү да, күчүркөнө тилге келди:

– Ала албагам... Уулумду ойнотмок элем... ал мени күтүп турган...

– Уулум дейсизби? Нечеде, уулуңуз чоңбу?

– Жок! – Жигит күлүмсүрөй көзү жайнады. – Тентек али, бешке жаңы чыкты.

– Ошондо ал жолдо күтүп турган беле?

– Ашуудан күтмөк.

– Кандайча? – Мен түшүнө албадым, уулу кандайча ашууда жүрөт?

– Кандай десем... Түшүнөсүзбү... Мындай болгон эле...

Толкунданганын басышка ал кайрадан чылым чекти. Анан мени тик карап, сөзгө кирди.

Өз тагдырын баяндаган шофердун аңгемесин мен ушинтип уктум. Мурда бул окуяларын эч кимге айтпаганы көрүнүп турду. Ичтеги сырын туш келди айта бербеген бир мүнөз жигит экенин мен ушунда билдим. Бирок, азыр айтып отурган окуяларын жан адамга айтып бугун чыгарып албай, жашырып жүрүү кыйын болмок.

Алдыда убакыт көп, поезд Ошко чейин дагы эки сутке жол жүрөт. Андыктан мен баянчыны шаштырбадым, туурадан суроо катып сөзүн бөлбөдүм. Баштан мурун кечирген окуясын кайрадан аралап жүргөнсүп, адам өз эрки менен эскерип отурушуна не жетсин. Анан калса бөтөнчө окуя болуптур, кызыгып, толкундап, сөзүн бөлүп жибериштен карманып араң уктум. Кийин журналисттик кесибимдин аркасы менен бу шофердун тагдырына байланыштуу дагы кошумча аңгемелерди уктум. Анын баарын чогултуп, толуктап, аттарын өзгөртүп кайра иштеп чыкмакчы да болгом. Бирок ойлоп отуруп, кандай уксам ошо бойдон калтырууну туура көрдүм. Ушунум туура болду өңдөнөт.

Эмесе повесттин каармандарынын башынан өткөргөн окуяларын өз ооздорунан уккула.

## ШОФЕРДУН БАЯНЫ

...Ойдо жок иш күтпөгөн жерден башталат.

Аскерден жаңы келгем. Моторлуу бөлүктө кызмат өтөп, шофер болуп жүргөм. Өзүм балдар үйүндө чоңойгом. Алыбек Жантурин деген досум менден бир жыл мурун аскерден бошонуп кетти эле, Балыкчынын автобазасында иштеп жатыптыр. Башка барар жагым болбогон соң мен да аны издеп жөнөдүм. Алыбек экөөбүздүн эңсе-

генибиз да Тянь-Шань менен Памир боло турган. Мени жакшы кабыл алышты. Жатакана беришти. Жапжаңы ЗИЛ машине беришти, майышкан бир жери жок. Чынымды айтайын мен да машинени адамдан кем көрбөдүм. Мотору да күчтүү. Бир мыкты чыкканы туш келген экен, жакшы асырап жүрдүм. Ырас, жүктү ашкере көп ала бербейбиз. Тянь-Шандын жолу деген кандай, дүйнөдөгү бийик тоолуу автотрассалардын бири. Тегиз жер көрбөйсүң, дамаамат капчыгай өрдөп, ашуу ашып, бел басып, аска-зоонун боорун тырмалап жүргөнүң жүргөн. Тоо арасынын жыбыт-жылгаларынын баары эле булак-башат дечи, ошондо да дайыма жаныбызга суу ала жүрчүбүз. Кузовдун алдыңкы бурчуна кадалган жыгачты байкаган чыгарсыз. Ошого илинүү камерада дайыма суу боло турган. Анткени, кыя жолдо мотор ысып кетет. Аның болбосо радиатор эрип агып калышы мүмкүн. Алпараткан жүгүң деле анча көп эмес, бирок жолдун тиктиги ошончолук. Ободу мен да канткенде көбүрөөк жүк артынышка болор эле деп баш катыргам. Бирок, калып алган жобону кантип өзгөртмөксүң. Тоо деген тоо да.

Өз ишиме өзүм ыраазымын. Жүргөн жерим да көңүлүмө толот. Автобаза так Ысык-Көлдүн мизинде. Чет элден келген туристтер көлдүн жакасында селейип туруп калышканда мен: мына, биздин Ысык-Көл ушундай! Мындайды кайдан табасыңар! – деп корстон болуп өтөм.

Алгачкы күндөрү тек бир нерсеге көңүлүм иренжип жүрдү. Жаз – жарыш, колхоздор күрдөөлдүү ишине күчөнө киришкен мезгил. Бирок, техника жетишпейт. Ошол үчүн биздин автобазадагы машинелердин бир азын колхоздорго кол кабышка жиберип турат. Жаңыдан алынган шоферлордун шору. Кан жолго чыгышка даярданып калган сайын андан алып, айыл-айылга айдап жиберет. Ырас, колхоз жумушу да маанилүү, керектүү экенине акылым жетип турат, бирок, кан жолдон калганыма ичим ачышат, анын үстүнө машинеме боорум ооруйт.

Айылдын кара жолунда кара баткакка тыгылып, өңгүл-дөңгүлдө өпкө-жүрөгүң аралаша секириктеп жүргөндө тетиктери чачылып кеткидей. Ал жолдордун бетин кудай көрсөтпөсүн.

Ошентип, бир күнү уй сарайга деген шиферди жүктөп, бир колхозго бараткам. Айыл тоо этегинде, ага чейин жол бөксөлөп бара берет. Жакшы эле бараткам. Жол тоборсуп калыптыр. Айылга жакын калган. Мына ошерде бир кичинекей эле арыкка тыгылып туруп калдым. Эрте жаздан бери жолдун тамтыгын чыгарып салышкан экен, баткактуу жерине төө батса таппайсың. Ары-бери жүткүнтө айдап көрдүм, чыгар эмес. Кайра сормо баткак машинени ого бетер соруп барат. Анын үстүнө, кыжырланып атып рулду катуу толгоп алган экем, дөңгөлөк бурулбай калды. Машиненин астына сойлобосо болор эмес... Ошентип жатам, асман-жерим адам баткыс тар болуп. Чекемен аккан тер кулагыма сарыгат, ансайын жолду тилдейм. Бир маалда бирөөнүн келаткан шыбырты угулду. Машиненин астындагы мага резина өтүк гана көрүндү. Эки өтүк келип, туруп калды. Эмне, буер ага цирк бекен, эмнеге кызыгып туруп калды деп жиним келди.

– Өпкөдөн баскансып эмне туруп калдың, өтүп кете бербейсиңби! – деп корс эттим машиненин астынан.

Көз кыйыгым менен өтүктөн өөдө, тизе ылдый кыкка булганган көйнөктүн этегин көрдүм. Айылга жеткирип кой дечү кемпирлердин бири го дедим кыязымда.

– Кете бер, чоң эне! – дедим мен. – Менин жумушум көп али, чыдап күтө албассың.

– Мен чоң эне эмесмин,– деди анда тиги. Үнүндө кысынгандык бар, бирок кермек какшыгы да сезилди.

– Анда кимсиң? – дедим.

– Кызмын.

– Кызмын? – деп өтүгүн дагы бир карап алдым да, оюнга чаптырдым. – Сулуу кызсыңбы?

Эки өтүк тыбырап алды да, кетүүгө ыңгайлангандай четтей басты. Ошондо мен ашыгып машиненин астынан сойлоп чыктым. Карасам, маңдайымда тал чыбыктай буралган кыз турат. Башында кызыл жоолук, кабагы түйүңкү. Ийнине салынган чоң кемсел, кыязы, атасыныкы окшойт. Үн-сөзсүз телмире тиктейт. Өзүм бети-башыман бери баткак болуп жерде отурганымды унутуп да коюпмун.

– Ырас, сулуу дегенчелик сулуу экенсиң, – деп мен жымыйып койдум. Кыз чынында сулуу экен. – Туфли болсо гана! – деп тамашаладым ордуман туруп жатып.

Кыз терс бурулду да, кылчайбастан жөнөп берди.

Бул эмнеси? Таарынтып алдымбы? Мен коомайлана түштүм. Кууп жетишке жүткүнө берип, кайра аспаптарымды жыйнай салдым да, машинеге миндим. Алды-артына күүлөнтүп, мотордун жанын чыгара бастым. Бирок машине суурулуп чыгар эмес. Кыз болсо алыстагандан алыстап кетип барат. Кимге багыштаганымды өзүм билбей, баткак чачып чимирилген дөңгөлөктөргө эңиле карап кыйкырдым:

– Коё бер! Коё бер дейм!

Акселераторду житире бастым. Машине өпкө кагып онтоп ыйлап, алдыга жылжый берди, дөңгөлөктөр тыгылган чуңкурунан баткак тиштеп суурула берди. Бир маалда кыраңга чыга түштүм. Ошондогу кубанганым! Жол улай зуу койдум да, жүзүмдөгү ылайды аарчынып, чачымды сыладым. Кызга жанаша берип, тык токтоттум, отурган ордумда сунала берип, каалганы шарт ачтым:

– Отуруңуз! – деп колумду сунуп турдум.

Кыз токтоор ою жок, кете берди. Мына балээ! Кежигемди кашып отуруп калдым, анан дагы кууп жеттим. Бу жолу кечирим сурап өтүндүм:

– Ачууланбаңыз. Мен анчейин эле... Түшүңүз эми, келиңиз!

Кыз бу жолу да жооп бербеди, кылчайбады. Ошондо кыздын алдын торой туура токтоттум да, кабинадан ыргып түшүп, машиненин тумшугун айлана чуркап барып, каалганы ачтым, колумду албай туруп бердим. Кыз сестене тиктеп, жакындай басты. Ач кенедей асылган кандай неме дегендир. Мен унчукпадым, күтүп турдум. Мени аядыбы, же башка бир ой ойлодубу, кыз башын чайкады, унчукпастан кабинага түштү.

Жүрүп кеттик.

Сөздү кандай баштасам деп үнсүз келем. Далай кыз менен таанышып, сүйлөшүп көргөн жан элем, бу жолу оозуман сөзүм качты. Бул эмне болгонум? Рулду ары-бери айландырып, көз кыйыгымы таштап коём. Бир тал чачы толгонуп алкымына түшүп турат. Кемсели ийнинен жылбышып чыканагында. Кыз өзү мага тийип албайын дегенсип боюн качырып отурат. Көзү бет алдын суз карайт, бирок өзү жароокер өңдөнөт. Кабагын түйөйүн десе деле болбой маңдайы жарык. Бир маалда мени кыңая карады. Көздөрүбүз чагылыша калды. Кыз жылмайып койду. Ошондо барып оозума сөз келди:

– Жана машиненин жанына келип эмнеге токтоп калдыңыз? – дедим тапкан сөзүм ушу болуп.

– Сизге жардам берейин дедим эле.

– Жардам берейин деп? – күлүп жиберипмин. – Чын эле жардам бердиңиз. Сиз болбогондо каш карайганча жатмак экем ошерде... Сиз ар дайым ушу жол менен өтөсүзбү?

– Ооба. Уй фермада иштейм.

– Анда ырас болгон тура! – деп мен кубанып кеттим, кайра жымсалдоого ашыктым. – Жолуңар жакшы экен!

Айтып бүткүчө машине бир уңкулдап секирип өттү эле, кыз экөөбүздүн ийиндерибиз тийише түштү. Мен ики деп ийип, кызарып-татарып көзүмү ала качтым, кыз күлүп калды. Аны көрүп чыдай албай мен да каткырдым.

– Мен дагы бу колхозуңарга барбайын деп кыжылдашып жүрбөйүмбү базада! – дедим күлкү аралаш. – Жолдон сиздей жардамчы учуратарымды кайдан билейин... Ай, Илияс! Илияс! – деп өзүмдү өзүм жекирип алып, кайра айттым: – Илияс деп өзүмдү айтып атам.

– Менин атым Асел... – деди кыз.

Айылга жакындап калдык. Жол да оңолуп берди. Газды басып-басып алдым. Терезеден шамал аркырап, Асел-дин бир байлам жоолугун башынан талаша желпип, чачын желбиретет. Үн-сөзсүз бараттык. Экөөбүздүн тең көңүлүбүз ачылды. Мындан бир саат эле мурун дайынын билмек тургай көрөмүн деп ойлобогон жан эми минтип анда-санда чыканактарыбыз тийише катар отуруп баратсак, мындан ары аны гана ойлогуң келип, көкүрөк өрөпкүп, машинени да аркырата айдайт экенсиң... Асел кандай ойдо баратканын ким билсин, бирок көзү жалжылдап, жүзү жаркын. Ушинтип токтобостон, ажырашпастан чексиз бир жакка кете берсек... Бирок айыл аралап калганбыз. Аңгыча Асел капилет шашып калды:

– Токтотуңуз, мен түшөйүн! Мен тормоз бастым.

– Келип калдыңызбы? Ушерде турасызбы?

– Жок,– деп кыз оңтойсуздана шашты. – Бирок, ушерден эле түшүп калайын.

– Коюңуз! Үйүңүздүн дал түбүнө алпарам! – деп кыз каяша айткыча андан ары айдадым.

– Болду, мына келдик, – деди Асел акыры. – Рахмат!

– Эчтеме эмес! – Анан тамаша-чынга чаптырып кошуп койдум. – Эртең жанагы жерге дагы тыгылып калсам жардамга келесизби?

Кыз кылчайып жооп бергиче болбоду, дарбазанын кичинекей каалгасы ачылды да, бирдемеге алактаган катамал аял чыга келди.

– Кокуй, Асел! – деп балбалактады. – Мынча кечигип кайда жүрөсүң? – Анан күйпөлөктөй күбүрөдү. – Бол тезирээк кийине кой, куда-кудагыйлар келип отурат.

Асел кысына түштү. Ийниндеги кемсели шыпырылып кетти эле, аны ала коюп, апасынын артынан шылкыя басып жөнөдү. Каалгага жете бергенде бир кылчайып жалт карады. Аңгыча каалга да шарт жабылды. Сыртта байлануу турган токулгалуу аттарды мен эми байкадым, тери кургабаптыр, кыязы, алыстан келген окшобойбу. Рулга таяна моюн созсом, очок башында, самоор тегерегинде карбаластап аялдар жүрөт. Бастырманын астында эки киши кой союп жатат. Кудаларга даярдап жаткан сый белем. Дендароо болгон мен эсими жыйдым да, жүгүмдү түшүрүүгө жүрүп кеттим.

Кечкурун автобазага кайтып келдим. Машинени жууп, гаражга киргиздим. Негедир дагы нары жак, бери жагын карагылап жүрө бердим. Бүгүнкү окуя негедир мынчалык тынчымы кетиргенин өзүм түшүнө албайм. Жолду катар өзүмдү өзүм урушуп келгем: «Сага эмне керек? Кандай немесиң? Ал сенин кимиң эле? Колуктуң беле, же карындашың беле? Бар болгону жолдон жолугуп, үйүнө жеткирип койгонуңбу? Сүйүүгө эзилишип, убадалашып келгендей эмне күйүнөсүң? Ал кыз балким сени ойлоп да койбос чыгар! Тим эле сен деп сыздап калгансып... Бир жолбун шофер экенсиң, сендейлер самсып жүрөт. Ал кыздын антташып койгон жери бар окшободубу. Сен ким экенсиң? Кудалары келиптир, эми бир күнү үлпөт тою болот. Анда сенин тиешең эмне? Жаныңды куру кыйнабай кол шилтеп басып кете бер да? Машинеңди аркыратып айдап жүрө бер!..»

Бирок канчалык чымыркanып кол шилтесем да Аселди унута албай койдум, балээ ушу болду.

Эми машиненин тегерегинде кыла турган иш деле калбады. Жатаканага кетсемби? Жаткан жайыбыз шаңдуу,

көңүлдүү, кызыл бурчубуз[1] бар. Бирок, мен бүгүн жалгыз болгум келип турду. Колуму желкеме жазданып, машиненин бир канатына кыйшайдым. Тигинде машине койчу чуңкурда Жантай бирдеме кылып жүрөт. Арабызда ушундай бир шофер бар эле. Ал чуңкурдан мойнун созуп, мага тамаша ыргытты:

– И жигит, ойлонуп калыпсың? Ойлонгон оюңа жол болсун?

– Акча табыштын жолун ойлоп жатам! – дедим мен кыжырлана.

Жаман көрчү элем аны. Кесип алса кан чыкпаган саран эле. Анан калса башканын жакшылыгын көрө албаган ичи тар, куу каптал митаам неме. Башкаларга окшоп жатаканага да жатпайт, бир аялдын үйүндө жүрөт. Ошого күч күйөө болуп кирип алат имиш дешкен. Андан таюу тартпаган неме. Бекер оокат, даяр там...

Мен терс толгонуп кеттим. Короодо машине жуучтун жанында биздин балдар ызы-чуу түшүп жатышат. Бири кабинасына чыгып алып, кезек күтүп турган беркилерге брандспойттон[2] суу аттырып жатат. Каткырык-күлкү базаны жаңыртат. Суу катуу атылат, тийсе теңселте коёт. Тиги жигитти кабинадан сүйрөп түшүүгө ыкыс бергендерди көкүрөк-жонго урдуруп, баш кийимдерин учура коюп жатат. Өзү каткырып күлүп, бийлеп турат. Аңгыча суу катуу тээп, асманга чачырады, күн нуруна желеленип алыс ийилип түшүп жатты. Карасам ошоякта биздин диспетчер Кадийча туруптур. Атылган суу анын башынан ары ашып түшүп, келин нурга бөлөнүп турат. Кадийчаны оңой-олтоң шаштыра албайсың. Наркын коё бербеген немеге жакындап шынаарлаш да

[1] кызыл бурч – өкмөттүк, саясий, маданий жаңылыктар менен таанышып туруу үчүн уюшулган бурч же бөлмө.

[2] брандспойт – башында темир түтүкчө кийгизилген желим суу түтүк.

кыйын. Мына азыр да кебелип койбойт. Тие албайсың, начарсың дегенсийт. Өкчөлүү өтүкчөн бутун серпе таштап коюп, чачын түрүп турат. Күлүп турат. Күмүштөнгөн майда тамчылар төбөсүнөн себеленет. Тегеректеги балдар каткыра күлүп, суу чачкан жигитти шыкактап жатышат:

– Соорусун бир жууп койчу!

– Бир чаптырып ал!

– Кадийча, сак бол!

Бирок жигит батына албай сууну ары-бери үстүнөн ашыра аттырып турду. Анын ордунда мен болсом, башынан ылдый жаба чачат элем. Кадийча да мага эчтеме демек эмес. Күлүп тим болмок. Муну мактанып айтып отурган жерим жок. Бу келин мени башкалардан өнтөлөй жүрчү. Мени менен сүйлөшкөндө жумшарып, назданып турат. Тамаша айтып, чачынан сылап өтсөм жага бербей калат. Экөөбүз ар дайым бирдемеден улам кызандашып, талашып айтыша кетебиз, бирок меники натуура болсо да ийигип жөнүмө көнүп берет, мага ушунусу жакчу. Кээде киного алпарып, кайра үйүнө узатып коём. Акыры жатаканага барчу жол деле ошол. Диспетчерлик бөлмөсүнө мен сүзө кирип бара берем, башкаларды жолотпойт, көзөнөктөн гана сүйлөштүрөт.

Бирок азыр Кадийча менен шынаарлашар көңүлүм жок эле. Мейли, ойной беришсин.

Кадийча чачын түрүп бүттү да:

– Тамаша экөө, оюн бир. Болду! – деп буюра сүйлөдү.

– Койдум анда, жолдош диспетчер! – деп тиги жигит таазим этти. Аңгыча даяр турган балдар аны кабинадан сүйрөп кетишти.

Кадийча бизди бет алып басты. Жантайдын машинесинин жанына келип, алда кимди издегендей болду.

Мени байкаган жок, ортодо бөлмө бөлгөн тор бар эле. Жантай чуңкурдан мойнун созду:

– Саламатсыңбы, сулуум!

– А, Жантайсыңбы...

Жантай көзү өтүп анын балтырын суктана карап калды эле, Кадийча иренжип ийнин какты.

– Көзүң тийбесиң, – деп өтүгүнүн тумшугу менен тигинин ээгин кагып койду.

Башка бирөө болсо өлбөгөн төрт шыйрагы калар эле, тиги болсо перизатка өптүргөндөн бетер жалжая күлүп, чуңкуруна кирип кетти.

Берээк баса түшүп Кадийча мени көрдү.

– Ии, жатыпсың, Илияс!

– Мамыктын үстүндө эс алып... Кадийча торго жармашып кадала карады да, акырын айтты:

– Диспетчер бөлмөсүнө келип кетчи.

– Мейли.

Кадийча кетти. Мен да туруп, жөнөмөк болдум эле Жантай чуңкурунан дагы моюн созду.

– Келишимдүү катын ээ! – деп мага көз кысты.

– Бирок сенин теңиң эмес!

Муну уккан Жантай итиреңдеп мушташа кетеби деп ойлодум эле. Мен өзүм мушташканды жаман көрөм. Бирок, азыр жаным жай таппай турган чакта аянбайт болчумун.

Жантай болсо кумсарып койбоду.

– Болуптур, – деп булдурады. – Тирүү болсок көрө жатарбыз...

Диспетчер бөлмөсүнө кирсем жан адам жок. Бул эмнеси? Өзү кайда житип кетти? Мен кайра бурула берген жерде Кадийча экөөбүз төш тиреше түштүк. Ал далысын эшикке жөлөп, кайкая турган экен. Кирпик астынан көздөрү күйүп-жанат. Ысык таноосу бетиме алоо болуп тийди. Мен кармана албай жүткүнө бердим да, кайра боюмду тарттым. Кызык, ошол саамда Аселге опосуздук кылып жаткансып кеттим.

– Эмнеге чакырдың? – дедим иренжигендей. Кадийча калыбын жазбай, унчукпай турду.

– Айтпайсыңбы?.. – дедим чыдамым кетип.

– Билбей турасыңбы? – деди ал үнү ызалуу дирилдеп. – Башка бирөөнү таап алгансың го дейм? Бизди деги эле көзүңө илбейсиң...

Шашып калдым. Бу мени эмнеге күнөөлөйт? Кайдан билип ала койду?

Аңгыча терезенин капкагы ачылып, Жантайдын башы көрүндү. Көздөрү табалагандай ойноктоп, жүзүндө митаам күлкү.

– Мынаңыз, жолдош диспетчер! – деп ал Кадийчага кагаз сунду.

Кадийча аны ачуулана жалт карап алды да, мага зааркана сүйлөдү:

– Сенин жол кагазыңды артыңан бирөө алпарып берет дейсиңби! Же киши чаптырып чакыртабызбы? Анан мени мындай түртүп салып, столуна барды.

– Ме! – деп сунду мага жол кагазды.

Мен алдым. Карасам, эртең да жанагы колхозго жүк ташып барат экем. Жүрөгүм муздай түштү: Аселдин абалы жанагы болсо, мен кайсы бетим менен барам?.. Ал болбогон күндө эмне үчүн мен эле бара беришим керек колхозго? Мени эле кубалай беришеби колхозго?

Жаным чыгып кетти.

– Дагы колхозгобу? Мен эмне, бок ташууга жалданыпмынбы?! Барбайм! – Жол кагазды столго ыргыттым. – Бүгүн баткакка оонаганым да жетет, башкалар барсын!..

– Кыйкырба! Нарядың бир жумага жазылган. Керек болсо дагы узартып коёт,– деп Кадийча да ачуулана чаңырды.

Мен кайра бастай түштүм.

– Барбайм,– дедим кайталап. Кадийча да адатынча тез жумшарды.

– Болуптур. Чоңдор менен сүйлөшүп көрөйүн, – деп столдо жаткан жол кагазды алды.

«Барбай турган болдум,– дедим ичимен,– бирок Аселди да экинчи көрбөй турган болдум». Муну ойлоп алып, кайра кыйнала баштадым. Өмүр бою өкүнүп жүрүп өтөрүм кадиксиз сезилди. Кой, барса барайын деген ой келди.

– Болуптур, келе бери! – Жол кагазды Кадийчанын колунан жулуп алдым.

Терезеден башын салаңдатып турган Жантай бырс күлдү:

– Айылдагы менин чоң энеме салам айта бар!.. Мен үндөбөдүм. Тумшугун талкалай койсо болор эле!..

Эшикти шарт жаптым да, жатаканага кетип калдым.

Эртеси жолду катар издей карап бара берип көзүм тешилди. Кайда болду экен? Тал чыбыктай буралган кымча бел кыз каерден көрүнөр экен? Кызыл жоолук делбирим. Кырга чыккан ак кайыңым! Мейли, бутунда резинка өтүк, ийининде атаңын кемсели болсо, мейли. Кандай кыз экениңи өзүм көрүп турбайымбы!

Козгоп кеттиң жүрөгүмдү, делбирим, жанымдын тынчын буздуң!

Алактап жан-жагымды карап бара бердим, эч жерден көрүнбөдү. Айылга да жеттим, көчө бойлой карап баратам. Жок! Мына анын короосу. Машинени токтоттум. Балким үйүндө болбосун? Бирок кантип чакырам, эмне дейм? Кайра жолугушууну тагдыр жазбаган экен да... Жүк түшүргөн жайга бардым. Жүктү түшүрүп жатып да, кайра кайткан жолдо жолугуп калбасын деп үмүтүм жылуу. Кайтып келатып да жолукпады. Жолдон фермасына кайрылдым. Фермасы айылдан алыс кайырмада. Бир кыздан сурадым. Бүгүн ишке келген жок деди. «Демек мага жол боюнан жолугуп калбас үчүн атайы чыкпай калган экен го»,– деген ойго уугуп, көңүлүм чөктү. Автобазага ындыным өчүп кайттым.

Кийинки күнү дагы жолго чыктым. Бара жатам. Бүгүн кечээгидей дегдебедим. Чынында эле мен ага ким

элем? Кудалашкан жери бар кыздын тынчын алып мага эмне жок? Бирок ушинтип эле бир жолугуп алып жок болобузбу деген ойго ишене албайм. Айылдарда азыркыга чейин деле кыздын макулдугун албай кудалашып берип жатпайбы. Гезиттен канча окубадым. Андай болгон күндө пайда эмне? Жоо кеткен соң кылычыңды бокко чап. Макулбу, жокпу, узатып жиберген соң кайра келер кыз жок, таш түшкөн жеринде оор, бузулган өмүр кайра калыбына келбейт... Ушундай ойлор башымда чар көпөлөк айланып баратты.

Жаздын толуп турган кези. Боор-боордо кызгалдак жайнап гүлдөгөн чак. Ушу кооз гүлдөрдү бала күнүмөн жакшы көрөм. Жыланаяк жүгүрүп жүрүп бир кучак гүл терип, Аселге алпарып берер болсом ээ! Бирок, кайда, ал эми учту, кетти...

Аңгыча көргөн көзүмө өзүм ишене албадым. Жолдун боюндагы бир таштын үстүндө, мурдагы күнү мен тыгылган тушта Асел отурат. Куду бирөөнү күтүп отургандай. Мен учуп жеттим. Асел чоочуп кетти, карбаластап башынан жоолугун жулуп алды. Бүгүн Аселдин кийгени татынакай көйнөк, өкчөлүү туфли. Бараткан жолунун алысын кара да, өкчөсү бийик туфлисин көр. Дароо машинени токтоттум, жүрөгүм лакылдап оозума тыгылды.

– Саламатсыңбы, Асел!

– Саламатсызбы! – деди ал акырын.

Мен кабинага түшүрүүгө жардамдашайын десем ал жай толгонуп жол бойлото баса берди. Мен да машинени жандай айдап, ал түшөр эшикти ачып койдум. Ал жол бойлоп, мен руль кармап, ушинтип бара бердик. Экөөбүздө тең үн жок. Эмне дейм? Акыры кыз суроо катты:

– Кечээ фермага бардыңызбы?

– Ооба, эмнеси бар экен?

– Жөн эле. Барбай эле койгонуңуз жөн.

– Сизди көрөйүн дегем.

Асел унчукпады. Менин оюмда кечээги кудалыктын жайын билүү. Сурайын десем, оозум барбайт, корком. Оюм туура чыгып калабы деп корком.

Асел мени бурула карады.

– Ырас эле ошондойбу?

Асел башын ийкеди. Руль колуман чыгып кетиптир.

– Той качан? – деп сурадым.

– Жакында,– деди ал акырын гана.

Ызама чыдабай машинени кутурта айдап, көз көргөн жакка жөнөгүм келип кетти. Бирок ылдамдыктын ордуна сцеплениени басып алган экем, машине күркүрөп коё берди эле, Асел чоочуганынан четке ыргып кетти. Кечирим да сурабадым. Антер чак эмес эле.

– Анда эми көрүшпөйт экенбиз да?

– Билбейм. Көрүшпөгөнүбүз эле дурус го.

– Жок, мен баары бир... эмне десең ошо де, мен баары бир сени издей берем!

Кайра унчугушпай калдык. Балким экөөбүздүн тең оюбуз бир болгондур, бирок бөлөк жүрүп келаттык. Ортобузда дубал тургансыды. Дубалды эки жактан сыйпалап, мен ага жете албайм, ал келип кабинама түшө албайт.

– Асел! – дедим мен аргасыздан. – Менден качпай жүрчү. Жолтоо болбойм. Сизди гана алыстан көрүп жүрсөм болду мага. Макулбу?

– Билбейм, балким...

– Түшүңүз, Асел.

– Жок. Жөнөй бериңиз. Айыл жакын калды.

Экөөбүз андан кийин да жолугуп жүрдүк. Капыстан кезиккендей дал ошол жол боюнан жолугабыз. Алиги күнкүдөй болуп, ал жол бойлоп басат, мен кабинада кыбырайм. Ичим күйөт, арга жок.

Кудалаган күйөөсүнүн жөн-жайын сурабадым. Оңтою келбеди, анын үстүнө, коомайландым. Бирок кыздын сөзүнүн кыябына карасам, алыскы таякелеринен окшойт.

Тоодо токойчу көрүнөт. Жек-жаат эки тарап илгертен бери маал-маалы менен сөөк жаңыртып келатышкан сыяктуу. Ошол үчүн кыздын ата-энеси Аселди бөтөн бирөөгө кетет деп үч уктаса түшүнө кирбейт экен. Андай болгон соң менин атымды атап кажаты жок тура. Мен ким элем? Каңгып жүргөн бир шоопур. Өзгөнү коюп, өзүм ооз ача алмакмынбы?

Ал күндөрү Асел түнт болуп кетти. Убайым тартып, ойго басынып жүрдү. Менин да күдөрүм үзүлгөн. Тагдыры чечилип калган кыз менен жолугуша берүүнүн пайдасы жок эле. Экөөбүз тең жаш балдардан бетер ал тууралуу сүйлөшпөйбүз, бирок жолугушпай чыдай албайбыз. Көрүшпөсөк жашай албачудай болуп кеттик.

Ошентип, беш күн өттү. Соңку күнү мен автобазада жолго камынып жаткам. Диспетчерге чакырып калышты.

– Кудайың берди! – деп Кадийча жаркылдап тосуп алды. – Сени Долондун жолуна которушту.

Селейе түшүпмүн. Долондун кан жолунда нечен жүргөм. Бирок, кийинки күндөрү айылга каттап калгандан бери мен мындан ары дайым ушул жолдо гана жүрчүдөй болуп алыпмын. Долондун жолу узак жол, бир каттап келгениң бир нече күн. Анда Аселге кантип жолуктум? Же эскертип кетсемчи...

– Ии, иренжий түштүңбү? – деп Кадийча байкай койду.

– Колхоздогу жумуш кантет? – деп карбаластадым. – Аердеги иштер али бүтө элек. Кадийча таңыркай ийин куушурду.

– Баягы күнү барбаймын деп кыйкырган ким эле? Ачуум келе түштү.

– Анын эмнеси бар экен? – деп орундукка шалак отуруп, эмне кыларымды билбей шылкыйып калдым.

Жүгүрө басып Жантай келди. Көрсө менин ордума колхозго аны жөнөтүп жатышыптыр. Жантай моюн

толгоор деп күтүп калдым. Кара жолдо иштеп тапканың ченелүү эле болот. Жантай ага бара койбос. Бирок Жантай жол кагазды алып алды да:

– Сен жердин түбүнө жиберсең да бара берем, Кадийча. Азыр айылда козу бышып калбадыбы, бирин бөктөрө келсем кантет, ыя? – деп ырсалаңдап койду.

Анан менин отурганымы көрүп купшуңдады:

– Кечирип койгула, жолто болгон жокмунбу?

– Жоголчу ары! – деп башымды көтөрбөй ызырындым.

– Өзүң эмне отурасың, Илияс? – деди Кадийча ийинимен түртүп.

– Колхозго барышым керек, Кадийча, мени жиберчи...

– Дени-кардың сообу деги? Наряд жок, мен кантип жиберем,– деди да жүзүмө үңүлө тиктеди. – Эмне эле колхоз деп калгансың?

Мен үн дебедим. Унчукпай чыктым да, гаражга бет алдым. Жантай мазактагандай көз кысып, машинесин жаныман айдап өттү, коюп кете жаздады.

Машинемин жанында күймөлөнүп жүрдүм да алдым. Ашыкпадым. Бирок эчтеке ойлоп таппадым. Акыры жүк салчу станцияга айдап жөнөдүм. Кезек аз экен.

Жолдошторум чылым чегүүгө чакырса да түшпөдүм. Көзүм жумулуу, оюм чалды-куйду. Асел жол боюнда бекерге зарыгып күтүп турарын элестетем. Бир күн өтөр, эки күн өтөр, үч күн... Эмне деген ойдо калат? Коркуп качып кетти дээр бекен?

Кезек жакындай берди. Тигине, алдымдагы машинени жүктөп жатат. Андан кийин кран астына мен турам. «Кечир, Асел! – дедим ичимен. – Кечир, делбирим! Айта албай кетип баратам». Ошондо бир ой кылт этти: баятан бери жетип барып, айтып деле келбейт белем! Жолго бирэки саат кечигип чыксам бирдеме бүлүнүп кетеби? Чоң-

доргo кийин деле айтып түшүндүрүп койбойт белем. Түшүнүшөр да. Түшүнбөсө урушаар. Көп болсо сөгүш берер, же жумушунан кууп чыгар. Баятан бери эмне ушинтпедим?.. Бартобокел, кеттим!»

Кийин чегинмек болуп от алдырдым. Бирок артым толгон машине. Аңгыча алдымдагы машине жүгүн алып, жылжып жөнөдү. Эмки кезек меники. Абдырап калдым.

– Турбайсыңбы, эй, Илияс! – деп кыйкырды кранчы.

Машинем жылжып кран астына турду. Крандын жебеси жүгүн салаңдатып үстүмө келди. Бүттү! Курудум! Жооптуу жүк менен кыя кете албайсың. Баятан бери эмне оюма келбеди? Кап! Жүк жөнөткүч документтерин алып келди. Бурулуп арткы терезеден карасам, салаңдаган чоң контейнер кузовума түшүп келатат. Мына түшө турган болду. Мына ушунда ач айкырык салдым:

– Сактан!

Машинем контейнердин дал астынан ыргып чыкты. Моторун өчүргөн эмесмин. Артыман кыйкырган үндөр, ызы-чуу, сөгүнгөн сөздөр даңкан өңдүү чачырап кала берди. Жыйылган тактайларды, үймөк-үймөк көмүрлөрдү чымын-куюн болуп аралап өттүм. Көзүм чекирейип, рулга жабыштым. Машине андан-мындан бир секирет. Мындайга көнбөдүк беле...

Көп өтпөй Жантайды кууп жеттим. Ал кабинадан башын чыгара мени көрүп алып, көзү алайды. Жол бер десем, айбанды кара, атайылап жол бошотпойт. Ойт берип жолдон чыктым да жээк-талаа менен айдадым. Жантай да ылдамдады. Озуп өтөйүн десем, катар жүрүп алды. Ошентип, ал кашка жол менен, мен дың жээк менен жарышып барабыз. Улам ыкшыя тиктешип, тилдешип баратабыз.

– Ой, сен кайда? Эмнеге? – деп кыйкырат.

Мен муштум кезейм. Канткен менен ал жүктүү, менин машинем бош эле да, жүрө түшүп, жолго чыктым да, зымыраган бойдон узап кеттим.

Бирок Аселди таппадым. Айылга жетип, короосунун тушуна токтодум. Жөө жүгүрүп келгенсип энтигем. Сыртта да, короосунда да жан көрүнбөйт. Мамыда гана жалгыз ат байланып турат. Эмне кылсам? Машинени көрүп, сыртка чыгар деп, күтмөй болдум. Капотту ачып коюп, бирдеме оңдоп жаткан таризде моторго үңүлүп, өзүм дарбазаны жал-жал карайм. Аздан соң каалга ачылып Аселдин апасы менен эткелинен келген бир сакалдуу киши чыкты. Кийгени эки кабат: астында баркыт чапан, үстүндө сур чепкен. Жүзү майланышып кызылы төгүлүп турат, чайга аябай канган көрүнөт. Ынтыга дем алып, жылан боор камчыны салаңдата кармап келет.

Аселдин апасы ал кишини колтуктап аттантты.

– Куда, биз ыраазыбыз сизге. Биз жактан болсо кам санабаңыз,– деди Аселдин апасы. – Боор эт менен тең кызыбыздан эмнени аяйлы. Кудайга шүгүр, колубуз куру эмес.

– Ээ, кудагый ырыс алды ынтымак,– деди куда ээрге оңдонуп отуруп жатып. – Кудай балдардын жанын аман кылсын. Жыйган-тергенибиздин баары ошо балдарга деген дүнүйө эмеспи. Өзүбүз болсо илгертен бери жек жаатпыз... Кана эмесе, аман-эсен тургула. Ошентип жума күнгө макулдаштык ээ?

– Ооба, ооба, жума күнү. Кудайдын улуу күнү экен. Жолуңар шыдыр болсун. Кудагыйга салам айтып коюңуз.

«Жумасы эмне? – деп ойлодум. – бүгүн кайсы күн? Шаршемби эмеспи... Чыны менен жума күнү алып кетишмекпи?.. Ай ушу салтыңар менен кургула, качанга чейин жаштардын бактысын кыя берет!»

Тиги киши тоону бет алып желе-жорто жүрүп кетти. Ал узап кеткенче Аселдин апасы артынан карап турду. Анан мага бурулуп, жаман көзү менен акшыя карады.

– Сен, бала, эмне эле бу тегерекке үйүр болуп алдың? Буер сага кербен сарай эмес. Буерге токточу болбогун. Жөнө, өз жолуңа түш. Уктуңбу, сага айтып атам.

Демек, байкап калган экен да.

– Машинем сынып калды! – деп бурк эттим капоттун астына белиме чейин сүңүлө батып.

Өзүм ойлоп турам: «Жок, Аселди көрмөйүн мен эми кете койбойм».

Апасы ушинтип сүйлөнүп турду да, кирип кетти.

Мен тепкичке отуруп чылым чектим. Алдагайдан жүгүрүп маңдайыма бир кичинекей кыз келе калды. Машинени тегерене оромпай тээп ойноп жүрөт. Аселге окшоп кетет. Сиңдисиби дейм.

– Асел кетип калган! – деп коёт улам сексеңдеп секирип жүрүп.

– Кайда? – деп кызды кармап алдым. – Кайда кетти эле?

– Мен кайдан билейин. Коё бер! – деп бошонуп алды да, тилин көрсөтүп качып кетти.

Мен капотту жаптым, кабинага отурдум. Каякка барсам, каерден издесем? Кайтар маал да болуп калды. Жолдо жүрдүм кыбырап, талаага чыктым дайынсыз. Кайра жолго түштүм. Бир арыктын кечитинен өтүп токтодум. Эмне кылышты билбей башым катты. Жерге түшүп, сунала жата кеттим... Башым маң. Же Аселден жок, же рейстен жок... Көзүмө эчтеме көрүнбөй, кулагыма эчтеме угулбай ың-жыңдын ичинде көзүмдү жумуп жаттым. Ушинтип канча жатканымы билбейм, бир оокумда көзүмдү ачып, баш көтөрүп кыйшая карасам машиненин нары жагында туфличен бут турат! Асел! Жазбай тааныдым. Сүйүнгөнүмөн жүрөгүм лакылдап чыкты. Тизелей калып, андан өөдө тура албадым. Дал баягы алгач жолуккан жер! Дагы ошерден жолукканыбызды кара!

– Өтө бериңиз, кете бериңиз, чоң эне! – дедим туфлиге.

– Мен чоң эне эмесмин! – деп Асел да тамашаны улады.

– Анда кимсиң?

– Кызмын?

– Сулуусуңбу?

– Өзүң көрүп баала!

Анан экөөбүз тең күлүп жибердик. Мен ыргып тура жүгүрдүм. Асел мага чуркады. Бетме бет келип туруп калдык.

– Нагыз сулуусуң! – дедим элжиреп.

Асел болсо шамал термелткен жаш кайыңдай буралып маңдайымда турат. Тал чыбыктай ийилип, чолок жең көйнөкчөн, колтугунда эки китеби бар.

– Менин буерде экенимди кантип билдиң?

– Китепканадан келаткам. Карасам жолдо сенин машинеңдин изи жатат.

– Койчу?

Мунусу мага «сүйөм» деп айткан сөзүнөн да артык эле. Машинемдин изин кууп издегени мени ойлоп, мени жакшы көргөнү эмеспи!

– Анан жүгүрүп бери жөнөдүм. Билбейм, негедир сен ушерде күтүп жатат го деп ойлодум! Колунан алдым:

– Отурчу, Асел, бир ойноп келели.

Ал көңүлдөнө макул болду. Бу көргөнүм баягы Асел эмес. Өзүмдү да тааный албай калдым. Баардык убайым, сарсанаа уф дегендей жок болду. Бу дүйнөдө ошо тапта экөөбүз гана, экөөбүздүн бактыбыз гана, ага күбө болуп, үстүбүздө көк асман, алдыбызда даңгыр жол болду.

Кабинаны ачып, Аселди өзүм отургуздум да, өзүм рулду алып, жөнөп бердик. Жөн эле алдыбызда чубалып жаткан жол менен, кайда барарыбыз дайынсыз, жөнөп бердик. Кайда баруунун биз үчүн мааниси жок эле. Жанаша отурганыбыз, кээде көз карашыбыз тийишип, кээде колдорубуз тийишип баратканы гана жетиштүү болду. Асел башымдагы шапкеми оңдоп кийгизди. Бу солдат шапкеми эки жылдан бери түшүрбөй келаткам.

– Ушундайы жарашат экен,– деди да, назданып ийниме жөлөндү.

Машине ээн жолдо куштай учуп баратты. Дүйнө чарк имерилип, баары бизди утурлай жүгүрдү. Тал-теректер саналбай, андан чыксак ээн талаа, наркы тоолор кошо жарышты. Беттен арылдап шамал уруп, асманда жаркыраган күн, жерде каткыра күлгөн биз, жаш шыбак менен кызгалдактын жыты аңкып абага толуп, биз көкүрөк кере жутабыз...

Эски күмбөздө отурган кулаалы ордунан чоочуп учуп, жер сыдыра жарыша салпылдады. Ал да калып калды.

Жолдо бараткан эки атчан ойт берип четке чыгышты да, кошо чабышты. Кыйкырып келатышты:

– Ээй, токто! – Аттарын камчыланып кыйкыра чабышты.

Алардын ким экенин мен кайдан тааныйын. Таанываса Асел тааныгандыр. Бир маалда алар да чаңга аралашып кала беришти.

Алдыдан бир араба жол бошотуп четке чыга берди. Кыз-жигит экөө экен, тура калышып, ийин арта кучакташкан калыбында бизге кол булгалап калышты.

– Ырахмат! – деп кыйкырдым мен аларга кабинадан.

Талаадагы кара жол түгөндү, дөңгөлөк астынан шыркыраган асфальтка чыктык.

Бет алдыдан мелтиреп көл көрүндү. Машинени жолдон буруп, дың талаа менен түз эле көлгө салдым. Шыраалжын чөптөрдү аралай чаап жээкке жеткиче шаштым. Жетип жаркабак жээкке токтоттум.

Кыргызымдын кылымдардан берки түгөнгүс ыры болуп келаткан жарыктык Ысык-Көл жаткан экен көлбүп коюп. Ак чалгын көк толкундар жабалактап бирин бири кубалап келип, сары кумдуу жээкке жабылат. Күн тоону ашып бараткан ал жээктеги келбети тамылжып турат. Көлдүн наркы бетиндеги көгүлтүр мунарыктан тоолордун карааны көрүнөт. Төбөсүн боз чалып, булуттуу сыяктанат.

– Асел, ак кууларды карачы!

Ак куулар көлдө кеч күздө келип, кыштап кетет эмеспи. Жазында келген ак кууларды көргөндөр да чанда бирде жолугат. Жазда келген ак куу жакшылыкка дешет…

Кечкурун мелтиреген көл бетинен каалгып учкан ак куулардын тобу кайтып баратты. Канаттарын жазган бойдон анда-санда бир кагып, толкуй учуп баратты. Көлгө жабыла барып конгондо канаттарын каккыласа ак чалгынданган толкундар жыбырап тарап баратты. Анан кайра учушту. Кайкып түнөк булуңуна бурулуп кетишти.

Асел экөөбүз кабинадан чыкпай карап, үнсүз отурдук. Бүтүмүбүз бүтүп калгандан бетер бир маалда мен айттым:

– Тээтиги жээктеги шыптары көрүнгөн тамдарды карагын, ошол биздин автобаза. Бу болсо,– деп кабинаны айландыра көрсөттүм,– бу болсо экөөбүздүн үйүбүз.

Күлүп жибердим. Чынында алпарып киргизээр үйүм жок да. Асел көзүмө көзүн кадай элжиреп тиктеди да, көкүрөгүмө боюн таштап, кучактап алып, ыйлап да, күлүп да жиберди.

– Жаным менин, сүйүктүүм! Үй-жайдын мага кереги жок. Ата-энем гана бир кезде түшүнүшүп, кечиришсе экен. Өмүр бою кечиргис кылып сындырып кеттим аларды. Билем го… Бирок менин айыбым кайсы?..

Каш карайып кетти. Асманды каптаган булут көл бетин ныгырылып басып келди. Көл каралжын тартып, тынып турду. Тоо башына электр ширеткич отуруп алып, тынбай иштеп жаткандай жарк-журк эте баштады. Добул келаткансыйт. Алиги ак куулар да бараткан узак жолунан көлгө кайрылып калганы ушундан белем. Күн бузуларын билген тура.

Асман тарс жарылып, күн күркүрөдү. Дем кысып аба тумчуга түшүп, анан бороондун эпкини келди да, алайдүлөй жамгыр шатырата куюп жиберди. Тынып турган

көл чабалактай түшүп, аздан соң оор толкундар жээкке күр-шар уруна баштады. Быйылкы жазда алгач күн күркүрөгөнү ушул эле. Асел экөөбүздүн да алгачкы түнүбүз ушул эле. Кабинанын үстү дыбырап, айнектеринен чууруп жаан суусу салаа-салаа. Түнөргөн көлгө чагылган келип сайылып өчүп жатты. Асел экөөбүз кыналыша кучакташып, шыбырашып сүйлөшүп отурдук.

Коркконунанбы, үшүгөнбү, Асел калчылдайт. Кемселими жаап, боорума тарта бекемирээк кучактадым, ошого өзүмдү алдаганча алибеттүү болуп кеткендей сездим. Дилимде мынчалык назик мээр бар экенин билбегем, бирөөнү коруп, боорум ушунчалык эзилерин билбегем. «Сени эч качан, эч кимге кор кылбайм, делбирим!..» – деп кулагына шыбырайм.

Капилеттен башталган добул капилеттен токтоду. Бирок жамгыр дале себелеп, толкуп алган көл дале тынчый албай жатты.

Ал кездеги көзгө басар мүлкүм – кичинекей радиоприемнигим бар эле. Аны иштетип кулагын толгодум. Бир толкундан музыка кармадым. Азыр күнү бүгүнкүдөй эсимде, шаардагы театрдан «Чолпон» балетин алып берип жаткан экен. Кабат-кабат тоолордун ары жагындагы музыка келип, биздин кабинага толуп чыкты. Ошол балетте баяндалган күчтүү сүйүү сыяктуу күчтүү да, назик да музыка төгүлдү. Зал дүркүрөп кол чаап, аткаруучулардын атын атап чакырган үндөр угулат. Бийчи кыздардын аяк астына гүл ыргытып жатышты окшойт. Бирок театрдагылардын толкундангандары, жан эргип кубангандары баары бир толкуган көл жээгиндеги кабинанын ичиндеги биздин толкундап, жүрөк өрөпкүп кубанганыбызга жете албады го деп ойлойм. Ошол балет биздин сүйүүнүн баянын айткан өңдөнду. Бактысын, махабатын издеп чыккан Чолпон деген кыздын тагдыры биздин эки жүрөктү термелтип жатты. Менин Чолпонум жанымда кучагымда отурду. Түн ортосу ченде Асел ме-

нин көкүрөгүмү жазданган бойдон уйкуга кетти. Мен көпкө тынчый албадым. Аселимдин жүзүн сылап, күңгүрөнө оор дем алып жаткан көлдүн доошун тыңшап отурдум...

Таң эрте автобазага келдик. Аябай эле тил уктум. Анан болгон окуянын жөн-жайын уккан соң кечиришти. Кийин крандын астынан мен кантип суурулуп качканымы эскеришип, жигиттер көпкө күлүп жүрүштү.

Эми Долондун кан жолуна чыктым. Аселди кошо ала кетмей болдум. Жолдо Алыбек Жантурин деген досум бар эле, ошонукуна киргизип кетермин деп ойлодум. Ал Нарындын кашындагы базада туруучу. Чек арадан алыс эмес, алардыкына мен көп кайрылам. Аялы да жакшы киши.

Ошентип жөнөп калдык. Эң оболу жолдогу бир дүкөндөн Аселге кийим-кечек сатып алдык. Ал жалаң көйнөкчөн келбеди беле. Баарынан да гүлдүү чоң шалы жоолук сатып алдык. Жаңы келген келиндин шааниси эмеспи. Жолдон аксакал шоферубуз Урмат аке жолукту. Алыстан оропара келатканда эле токто деп белги берди. Токтоп, кабинадан чыгып учураштым.

– Ассалоому алейкум, Урмат аке!

– Алейким салам, Илияс. Куш боо бек болсун! – деп мага куттуу болсун айтты. – Көшөгөңөр көгөрсүн, бала-бакыралуу болгула!

– Рахмат! Кайдан билдиңиз, Урмат аке? – деп таң калдым.

– Ээ балам, жакшы кабар жерде калмакпы. Ушу кан жолдун баш-аягы бүт сөз кылганы эле силер...

– Эхе!.. – Мурункудан бетер таң калдым.

Ошентип, жол мизинде сүйлөшүп турабыз. Урмат аке машинеге жакындаган да жок, Асел тарапты караган да жок. Асел эстей койгону жакшы болуптур, шалы жоолугун көзүнө түшүрө салына койду эле, мына ошондо Урмат аке ыраазы боло күлүмсүрөдү.

– А жөн билги келин экен! – деди. – Тилегиңе жет, балам. Сен эми автобазадагы улуулар баарыбыздын келинибиз болосуң. Мына эмесе, Илияс, келиндин көрүндүгүн өзүңө эле берейин, – деп мага акча сунду. Алдым, албасам аксакал киши кейип калбайбы.

Кош айтышып жөнөп кеттик. Асел башынан жоолугун түшүрбөйт. Каадалуу үйдө көшөгөнүн артында отургансып кабинанын ичинде тааныш шоопур жолуккан сайын жоолугун көзүнөн ылдый түшүрүп жүгүнгөн ишааратын жасайт. Анан экөөбүз ээн калганда каткырып күлөбүз. Боюнан ылдый төгүлгөн жоолугун салынса Асел мага ого бетер сулуу көрүнөт.

– Автобазага келин болгон колуктум, ач көзүңдү, мени бир өөп койчу,– деймт. – Кой, аксакалдар көрүп койсо уят, – дейт Асел. Ошентет да, күлүп келип уурданып бетимен өөп калат.

Ушу жолубуз бир укмуш болду. Автобазанын шоферлору жолуккан сайын токтотуша берди, куттуктап, жакшы тилектерин айтып жатышты. Бирдаары жолдон кучак-кучак кылып терип келаткан гүлдөрүн беришти, бирдаары белек-бечкек камдай келатыптыр. Дагы кимдеринин оюна келгенин билбейм, кыязы орус жолдошторудун ойлоп тапканы го, алардын айыл-кыштактарында үйлөнүү үлпөтү болгондо кыз-күйөө түшкөн унааны кооздоп алат эмеспи. Бир маалда биздин машине түркүн-түс кызылтазыл ленталар, гүлдөр менен кооздолду да калды. Машине көркүнө чыгып, алыстан эле көз жоосун ала көрүнүп баратты окшойт. Асел экөөбүз бактыбызга жыргап жүрүп отурдук. Мен досторума сыймыктанып бараттым. Достун достугу башка жамандык түшкөндө билинет дешет, менимче жакшылыкта да билинет.

Алыбек Жантурин жан досум жолдон өзү жолукту. Ал менден эки жаш улуу эле. Быжыгырынан келген чоң баш жигит. Өзү токтоо, салмактуу, анан мыкты шофер.

Базада кадыр-баркы чоң. Профкомго шайлашкан. Эмне дээр экен деп турам.

Алыбек унчукпастан машинени карап, пай-пай дегенчелик башын чайкап, анан Аселге келди, кол алышып учурашты да, куттуктоосун айтты.

– Кана, жол кагазыңды апкел,– деди.

Мен таңыркай түшүп, кагазды сундум. Алыбек авторучкасын алды да жол кагаздын бетине бадырайта: «Үлпөт рейси, № 167!» деп жазып салса болобу. Жүз алтымыш жети дегени – жол кагаздын номуру.

– Ой, кантесиң, бу деген документ эмеспи,– дептирмин.

– Тарыхта сакталып калсын! – деп ал күлүп койду.– Бухгалтерияда отургандар киши эмес дейсиңби? Эми келе колуңду! – деп мени бек кучактап өптү. Экөөбүз каткыра күлдүк.

Анан машине-машинебизге баса бердик эле, Алыбек кайра токтотту.

– Каерде турмай болдуңар? Мен эки колуму жайдым.

– Мына биздин үйүбүз! – деп машинени көрсөттүм.

– Кабинадабы? Балдарыңарды да ушерде багасыңарбы?.. Эмесе мындай. Бу бекет базадагы биздин үйгө киргиле. Мен чоңдор менен сүйлөшөм да, биз өз үйүбүзгө көчүп кетебиз.

– Ал тамың бүтө элек да? – Алыбек Балыкчыга там салып жаткан, автобазага жакын эле жерде. Колум бошто мен да барып жардамдашып турчумун.

– Эчтеке эмес. Бүтөр жери аз калды. Мындан көбүнө үмтөтпө, өзүң билесиң, азыр үй маселеси кыйын.

– Ой, ушунуңа рахмат. Мындан артыгыңдын бизге кереги да жок. Аселди сеникине убактылуу эле коё турайын десем, үйүңү бүт бошотуп бергениң оңой бекен...

– Эмесе ушул үйгө тургула. Кайра кайтып келатканыңда мени ушерден күтүп тур. Ошондо катындарыбыз

менен бирге кеңешип чечебиз! – деп Асел жакка баш ийкей көз кысып койду.

– Ырас, эми катындарыбыз менен акылдашпасак болбойт.

– Үлпөт сапарыңар куттуу болсун, – деп Алыбек артыбыздан кыйкырып калды.

Укмуш ээ! Бу сапарыбыз акыйкатта да үлпөт сапар болду. Болгондо кандай!

Бир карын майды бир кумалак чиритет деген ырас. Ушинтип биринин артынан бири жакшылык менен бүтүп, көңүлүбүз куунак келатканда бир гана жолугушуу кичине иренжитип кетти.

Бир бурулушта алдыбыздан Жантайдын машинеси чыкты. Ал жалгыз эмес, жанында Кадийча бар экен. Жантай кол булгап калды. Мен тык токтоттум. Эки машине капталдаш токтоду. Жантай терезеден башын чыгарды.

– Үлпөттөп жүргөнсүп мынча эмне кооздоп алгансың?

– Үлпөттүн дал өзү!

– Койчу? – Ишенбегендей Кадийчага кылчайып койду. – А биз сени издеп жүрбөйлүбү,– деп оозунан бу сөз чыгып кетти.

Кадийча отурган калыбында бозоруп, дел болуп кыймылдабады.

– Саламатсыңбы, Кадийча, – деп мен учураштым. Ал араң башын ийкеди.

– Жаныңдагы колуктуң тура анда? – деди Жантай эми эсине келгенсип.

– Жок, аялым,– деп мен Аселди ийинден кучактадым.

– Баракелде! – Же кубанарын, же не кыларын билбей Жантайдын көздөрү бакырайды. – Андай болсо куттуктайм, чын жүрөктөн куттуктайм...

– Рахмат!

Жантай арамза жылмайды.

– Эпчилсиң ээ! Калыңсыз ала качтыңбы?

– Акмаксың да! – деп жибердим машинени козгой берип. – Айда машинеңди!

Ушундай оңбогон немелер болот. Өзүнүн ит терисин өз башына каптаса болор эле. Баратып кабинадан баш чыгарып кылчайсам Жантай машиненин жанында жаагын укалап Кадийчага бирдеме деп урушуп, муштумун кезеп жатыптыр. Кадийча болсо жолдон чыгып талаалап чуркап бараткат. Дагы чуркай түштү да, жүзтөмөнүнөн кулап, эки колу менен башын мыкчып жатып калды. Экөөнүн ортосунда эмне болгонун билбейм, бирок негедир Кадийчаны аяп кеттим, өзүмдө бир күнөө бардай сездим. Аселге эчтеме дебедим. Куунак көңүлүн бузгум келбеди.

Бир жумадан кийин Асел экөөбүз бекет базадагы Алыбектин үйүнө келип кирдик. Чакан үй, оозгу бөлмөсү, анан дагы эки бөлмө. Мындай үйлөр аерде бир топ бар. Үй-бүлөлүү шоферлор, май куяр пункттун жумушчулары турат. Бирок жакшы конуш, жол жээги, Нарын да алыс эмес. Канткен менен областтын борбору да, киного, дүкөнгө барып турганга оңтой. Ооруканасы бар. Дагы бир жакшы жери, бу бекет база кан жолдун ортосу, рейстин көпчүлүгү Балыкчы менен Атбашынын ортосу. Жолдо чарчасаң үйгө түнөп өтсө да болот, кадыресе эс алып каласың. Аселди күн сайын көрүп өтөм. Жолдо бир жерде кармалып калсам да, түн жарымы болсун, үйгө жетем. Мен келмейинче Асел да уктабайт, чыдамы тайып күтүп отура берет. Үйүбүзгө көр-жер ала баштадык. Иши кылып жашоо турмушубуз өз жолуна түшүп баратты. Кеңешип отуруп, Асел да иштемей болду. Өзү иштейм деп болбойт. Айылда өскөн кыз, иштеп көнгөн, үйдө отура берип бук болбойбу. Бирок аңгыча кубанычыбызга боюна бүтүп, отуруп калды.

...Асел төрөгөн күнү мен Атбашыдан рейстен кайтып келаткам. Токтоно албай шашып келаткам. Асел Нарын-

дагы төрөт үйдө болчу. Келсем – уул төрөптүр! Албетте, үстүнө киргизбей коюшту. Машинеге миндим да тоо аралата бир куудум дейсиң. Кыштын күнү эле. Айланам кар, аска-зоо. Көзүм алачакмактап, өзүмө өзүм ээ боло албайм. Долондун белине чыктым. Бийик эмеспи, булут бут астында калат.

Машинеден ыргып түштүм да, абадан кере жутуп, бүт дүйнөгө айгай салдым:

– Э-эй, тоолор! Мен уулдуу болдум!

Тоолор бир силкинип алгандай болду назарымда. Алар менин сөзүмдү кайталап, жаңырык капчыгайдан капчыгайга тарады.

Уулубуздун атын Самат койдук. Мен койдум. Эки сөзүбүздүн бири Самат: Самат түрпүлөндү, Самат күлүп калды, Самат тиш жарды. Туңгучун көргөн жаш жубайлардын баары эле ушундай го дейм?..

Ынтымакта катуу турдук, бири-бирибизди эт-жүрөгүбүздөн эзилишип жакшы көрөбүз.

Менин шорум кийин кайнады...

Бу балээ кайдан жабышканын азыр да ажырата биле албай башым маң. Баары астын-үстүн болду да калды... Ырас, азыр көп эле нерсесин түшүндүм го, бирок түштөн кийин түшүнгөндөн не пайда.

Бу киши менен кокусунан жолдон жолуктук да, кайра дагы нечен ирет жолугушарыбызды ал да, мен да билбестен ажырашып кете бердик. Бирок анын кыпындай да күнөөсү жок...

Кеч күз эле. Мен жолго чыккам. Күн түнөрүп турган. Биресе кар жааса, биресе жамгыр жаап, анан кайра шыбыргактап турган. Боор-боорго жабышып жылган сасык туман. Машиненин айнеги терден, жолду катар шыпыргычын шыпыртып жүрүп отурдум. Тоо аралап, Долондун түбүнө жеткидей болуп калгам...

Э, Долондун кай жоругун айтасың. Теңир-Тоонун ашуу бербес алпы го! Дамаамат жүргөн биздин жолдун эң кы-

йыны ушул. Кыялаган жол жыландай ийрелеңдеп туу жонго чыгат да, ийрелеңдеп кайра түнөргөн түпкүргө түшөт. Долонго тагдырым танапташ. Кыя жол менен булут тепсетип, жер тиштеп, моторду улуп-уңшуп ыйлатып жүрүп отурасың. Бирде чалкалап асман тиктеп айдасаң, бирде рулду баса жыгылып ылдый кулайсың. Ашуунун белиндеги күндүн кыялы куду кирген бууранын кыялындай: жайбы кышпы, Долонго баары бир, көз ачып-жумгуча же мөндүр сабап кетет, же кыяндап өткүн өтөт, же борошолоп ак бороон буюктурат. Биздин Долон ушундай!.. Бирок биз, теңир тоолуктар көнүп калганбыз, керек болсо түндөп деле ашып кете беребиз. Кыйынчылыгы менен опурталдарын мен азыр эстеп отурбайымбы, иштеп жүргөн ал кезде ойлонууга чоло жок.

Долонго жакын бир капчыгайдан жүк машинени кууп жеттим. Азыр да эсимде, ГАЗ-51 болчу. Мен кууп жетпедим, өзү токтоп туруптур. Эки киши моторду чукулап турат. Бири шашпай жолдун ортосуна чыкты да, кол көтөрдү. Мен токтодум. Төбөсү чүмкөмө суу болгон плащчан алиги киши кашыма келди. Жашы кыркты чамалап калган. Кыскарта алган буурул мурутчан, жүзү тунжураңкы, көз карашы токтоо.

– Жол участогуна жеткирип койчу, жигит,– деди мага. – Трактор апкелбесе мотор от албай койду.

– Түшкүлө, ала барайын. А балким бир айласы табылбасын? – деп мен кабинадан түштүм.

– Айласы болсо эмгиче табат элек го, – деди шофер капотту жаап.

Байкуш неме көк тумшук болуп үшүптүр, калч-калч этет бүрүшүп. Айлана-тегерегиндеги тоолорду сүрдөнө карайт, кыязы жергиликтүү эмес, ичкери борбордон келген шофер окшойт. Жол участогуна Фрунзеден бирдеме жүк апкелатышкан көрүнөт. Эмне кылса болот? Бир тентек ой келди. Оболу ашуунун белин бир карап алдым. Асман түнөрүп, булуттар төмөн салаңдай каалгып ка-

лыптыр. Ага карабай тобокел дедим ичимен. Укмуш амал ойлоп тапкан мен жок, бирок чабуулга кирчү жоокердей болуп өрөпкүп кеттим.

– Тормозуң жайындабы? – сурадым шофердон.

– Кызык... Тормозу жок да жол жүрчү беле. Мотор иттенип жатат дебедимби...

– Тросуң барбы?

– Бар, эмне экен?

– Апкел бери. Мага чиркел.

Экөө тең мени алая карап, орундарынан жылбайт.

– Дени-кардың сообу сенин? – деди шофер. Ушундай мүнөзүм бар. Жакшы-жаман экенин билбейм, бирок башыма бир ой кирсе өлсөм да аткарам.

– Айткандан кийин чиркелсеңчи, дос! Мына шоопурлук сөзүм, сүйрөп жеткирем.

Бирок шофер колун силкип салды.

– Койсоңчу болбогон сөздү. Ушул жолдо да чиркелишип жүрчү беле. Ошону билбейсиңби. Жолуң болсун.

Жалдырап сураганымы бербей умсунтуп койгондон бетер ызама буулуп кеттим.

– Эй, көлөкөсүнөн корккон макоо эшек.

Жол мастерин чакырдым. Анын жол мастери экенин кийин билдим. Ал мени карап турду да, тиги шоферго айтты:

– Апкел тросуңду. Тигинин эси чыгып кетти:

– Байтемир аке, өзүңүз жооп бересиз.

– Баарыбыз тең жооп беребиз! – деп ал кесе айтты.

Мунусу мага жагып калды. Мындай кишини бат эле сыйлап каласың.

Ошентип чиркелишип жөнөп калдык. Ободу жакшы бараттык. Бирок, тик боорду кыялай бергенде мотор ыйлай баштады. Мен ого бетер өчөштүм, ыйла-ыйлаба сага сүйрөтүп чыгам дедим. Кыя жол канчалык кыйын болбосун баары бир машинеде артык күч каларын мурда жалгыз өтүп жүргөндө көп байкачумун. Жүктү бизге

чактап артчу. Азыр аны ойлоп отурганым жок. Эрегишке түшкөнсүп, бүткөн боюмду долу күч бийлеп алды. Эмне болсо да айтканымы аткаруу, тигилерге жардам көрсөтүп, машинесин жетер жерине жеткирип таштайын дегенден башка ой жок. Бирок аным оңойго турбады.

Машинем ычкынып, калч-калч этип араң барат. Айнекке жабышкак кир суу жабышып, шыпыргыч тазалап үлгүрө албайт. Кайдан-жайдан келген калың булут дөңгөлөккө оролуп, будаат[1] болуп алдыман сойлоп өтүп жатат. Бурулуштар чукул тартып, тикелене берди. Бу түйшүктү өз башыма кайдан тилеп алдым эле деп, ичимен кайра өзүмө ачууланам, бу кишилерди майып кылып албасам экен дейм. Машинеден мурун өзүм кыйналдым. Шапке, купайке, кемсел, свитер дебей үстүмдөгү кийимимди сыйрып салдым. Жалаң көйнөкчөн айдап баратам, мончодо отургандан бетер жонуман буу чыгат. Машиненин өз салмагы оор, тик жолдо сүйрөгөнү бу болсо оңой бекен. Байтемир жанымда бут тепкичте туруп келатканы караан болду. Улам жол көрсөтүп, кеңеш берип, мага үн салат, артымдагы шоферго кол жаңсагылайт. Тик кыялап жөнөгөнүбүздө бир жерден коркуп секирип түшүп кетер бекен дедим эле, былк этпеди. Кабинага жармашып, учар бүркүтчө окторулуп келет. Жүзүн карасам таштан чегип койгонсуп токтоо, жаак ылдый, муруту ылдый суу шорголойт. Аны көрүп мен кубат алып келатам.

Алдыбызда дагы бир көтөрүлөр өр калды эле, аны ашсак жеткенибиз. Аңгыча Байтемир айнекке эңкейе калды:

– Абайла, алдыда машина келатат! Оңго сал!

Жолдун оң тарабын кылаалай салдым. Жогортон Жантайдын машинеси түшүп келаткан экен. Жол жүрүү коопсуздугу боюнча инженерибиз бар, болду-бол-

---

[1] б у д а а т – тоскоол.

боду Жантай ага жеткирип барат деп, денем дүркүрөй түштү.

Ал жакын кирип келди. Эки колдоп рулду өбөктөп, көзүнүн төбөсү менен жолду акшыя тиктеп келаткан экен. Жөөлөшчүдөй болуп жакын өттүк. Түлкү тумак Жантай жалт бир карап алып, жактырбай башын чайкап кетти. «Мейли, – дедим ичимен,– тилиң кычышса айта бер».

Белге чыктык. Эми тик ылдый куюлуп түшүп, анан, тегиздей бир аз жүргөн соң жол участогуна бурулабыз. Акыры жеткирдим. Моторду өчүрүп салсам да эчтеме укпайм. Менин кулагым тунбай эле табият өзү дүлөй болуп калгансыды. Зың деген үн угулбайт. Кабинадан сүйрөлүп түшүп, тепкичке отурдум. Тоо башында аба суук, демим кыстыгып баратат. Байтемир жүгүрүп келип купайкеми жапты, шапкеми кийгизди. Өң алеттен кеткен тиги шофер да сүйрөлө басып жаныма келди. Унчукпайт. Маңдайыма жүйүр отуруп, мага сигарет сунду. Алсам, колум калтырайт. Баарыбыз чылым чегип, кичине эсибизди жыйдык. Жанагы долу жиним дагы ойгонду белем, бир маалда:

– Ха! Көрдүңбү! – деп тиги шоферду ийинге бир салсам ал байкуш очорулуп отуруп калса болобу. Анан, үчөөбүз тең тура калып бири бирибизди муштагылап, түрткүлөп, кутуруп кеттик. Кубангандан бирдемелерди айкырып жаттык...

Кичине дем алып, дагы чылым чектик. Мен кийинип, саатымы карасам, кеч болуп калыптыр.

– Кой, мен кеттим! – дедим. Байтемир кабагын чытыды.

– Жарабайт. Үйгө кирип, мейман бол.

Мен болсо, убактымын баарын коротуп алыпмын.

– Ыракмат! Айла жок. Үйгө бир кайрылып өтпөсөм, чырымтал баласы менен аялым күтүп отурат.

– Калсаңчы. Шайтан мойнун сындыралы,– деп тиги жаңы тааныш шоферум да кыйылат.

– Кой,– деди Байтемир аны тыйып. – Аялы күтүп отурса, болбойт. Атың ким?

– Илияс.

– Бара кой, Илияс! Бир ажат ачтың, ыракмат.

Байтемир машинемин тепкичине туруп алып, чоң жолго чейин узатып келди да, унчукпастан колуму кысып, секирип түшүп калды.

Коого кирип баратып, кабинадан баш бага бир кылчайсам, Байтемир тумагын колуна мыкчый кармаган калыбында башын шылкыйтып жанагы калган ордунда дагы эле туруптур.

Бар болгону ушу болду.

Бирок мага бул тегин өтпөдү. Суукка катуу урунган экем. Үйгө жетип да элес албадым. Болгон ишти ийнежибине чейин саймедиретип Аселге айта берчү эмесмин. Жолдо бирөөлөргө жардам берем деп кармалып калдым дедим да койдум. Бирок Аселден сыр катпайм. Бүгүнкү окуяны толук айтпаганым, ансыз да мени зарыгып күтүп, санааркап отурган неменин тынчын албайын дегеним. Өзүм да экинчи мындай айбанчылыкка барбас болуп отургам. Бир жолу Долон менен эрегишип көрдүм, жетишет. Эгер ооруп жатып калбаганымда, балким, ал кылганымды эртеси эле унутуп калмакмын. Тамакты ичип-ичпей куладым. Жөөлүп жаттым окшойт, билбейм, айтор машине сүйрөп Долондун боорунда жан талашып келатканым уйку-соонун арасында көзүмө көрүнө берди. Башым айланып, жер көчөт. Ысык борошо бетими алоо чапкандай күйгүзөт. Дем алар аба жок тумчугуп барам. Колумдагы руль камырдан жасалгансып бурайын десем, былжырап колума жабышат. Бет алдыдагы ашуунун жетер чеги көрүнбөйт, асманга барып такалып турат. Машинемин тумшугу тик асманды карап, мотор ыйлайт, бир маалда төмөн карай учуп кетем... Бу, көрсө, оорунун ашуусу белем. Үч күндөн кийин араң эсиме келдим,

акырындап оңоло баштадым. Дагы эки күн жаткан соң көңүлүм сергип, турмакчы болдум. Бирок, Асел тургузбай койду, кайра жаткызды. Баам салып карасам, байкушум, мен оорубай эле ал ооругандай. Баягы Асел жок, азып кетиптир, көзүнүн асты көк шишимик тартып, араң эле кыбырап жүрөт. Кой, дедим, минтип жата бергеним болбойт. Асел эс алсын. Төшөктөн туруп, кийине баштадым.

– Асел! – дедим акырын, уулубуз уктап жаткан,– Саматты коңшуларга таштай тур, экөөбүз киного барып келели.

Ал керебеттин жанына жүгүрүп келип, мени жаздыкка жыкты да, алгач көрүп тургансып алая карады. Ыйлабайын десе да кирпиги нымдалышып, эриндери кемшеңдеп кетти. Анан көкүрөгүмө бетин баскан бойдон солуктап ыйлап жиберди.

– Ой, эмне болду, Асел? Сен эмне?.. – деп мен шашып калдым. – Кичине тумоолоп калыпмын, анын эмнеси бар. Кайра сенин кашында болуп, Самат менен кумардан чыга ойноп албадымбы. – Уулубуз эмгектеп жүргөн, кичине таканчыктайын деген аракети бер. Деги кылыгы кызык кези. – Билесиңби, мен дагы ушинтип ооруп жата турсамбы дейм.

– Койчу суук сөзүңдү! Ооруба! – деп Асел жаш аралаш жемелемиш болду.

Байкушум, мен ооруп жатканда аябай эси чыккан тура.

Ал ортодо уулум ойгонуп калды. Асел аны жылуу бойдон койнума апкелип салды. Үчөөбүз керебетте жатып алып, оюнга кирдик. Самат жөрмөлөп бир мени, бир апасын тепсеп аймалайт. Куду мамалактын өзү... Э, ал бир майрам болду да!

– Мына, көрдүңбү, мындан артык ырахат барбы! – дейм. – А сен жатпа дейсиң. Жакында ата-энеңе барабыз, кечирбей кантип коюшат. Саматыбызды көргөндө эле элжиреп кетишпейби.

Ырас, аз айып, көп күнөөбүздү моюнга алып, бир баруу ойдо жүргөн. Кайын журтум кызына топурак түйүп бергидей таарынычта. Атүгүл, Нарынга каттаган бир кишиден айттырып жиберишиптир, көзүбүзгө көрүнбөсүн, өлсөк да келбесин, деп. Ошентип, бизди көрөйүн деген көздөрү жок. Бирок, барып алдыларына жыгылсак, күнөөбүздү кечирер деген үмүт бар. Ал үчүн отпуск алып, жол камын көрүш керек. Куру кол бармак белек, кемпир-чалга кийим-кече алыш керек.

Ошентип, жүргөнчөктү кыш түшүп калды. Теңир-Тоонун кышы катуу, кар боройлоп, ак бороону көз ачырбай жүдөтөт. Шоферлордун түйшүгү арбыйт, жолчулардыкы андан бетер. Алардын күндө алышканы көчкү. Көчкү жүрөр шектүү жерлерден озунуп көчкү жүргүзүп, жолду тазалап турушат. Ырас, ал жылкы кыш анчалык катаал болбоду. Же шоферлуктун машакаты менен жүрүп мен анча баа бербей калгандырмын. Иши кылып, автобазага кошумча тапшырма жүктөлдү. Чынын айтканда аны чыгарган шоферлор өздөрү, озунуп чыккан мен. Аныма азыр да өкүнбөймүн. Туура эле болчу. Бирок балээнин баары ошондон башталды. Ал мындай болду.

Бир күнү кечкурун автобазага кайтып келаткам. Алыбек Жантуриндин аялына алпарып бер деп, Асел мага бир түйүнчөк берген. Жолдон кайрылдым. Алыбектин аялы чыкты. Түйүнчөктү берип жатып:

– Алыбек кайда? – деп сурадым.

– Кайда болмок эле. Жүк түшүрчү станцияда. Элдин баары ошерде имиш. Эшелондор келип калыптыр дейт.

Мен да ошоякка чу койдум. Эмне болуп жатканын билгим келди. Станция капчыгайдан көлгө чыга бериште. Темир жолдун түгөнгөн жери. Түн кирип калган. Капчыгайдан чыккан шамал улам күч алып, карагай башындагы фонарлардын жанын койбой, жер бетинде кар тозоңун ызылдата кубалап жатты. Вагон сорттогон паровоздор аркы-терки жүрүп турат. Четки жолдо жебесин

соймоңдоткон кран платформадан жүк түшүрүп жатат. Тунуке каптап, зым менен чырмалган ящиктер – мунун баары Атбашы ГЭСинин курулушуна. Чоң курулуштун жүгү да көп болот.

Чогулган машине көп, бирок, жүк жүктөгөн бирөө жок. Баары бирдеме күткөндөй. Шоферлор бири кабинасында, бири тепкичинде, бири ящиктерге жөлөнүп, ар кимиси ар жерде. Менин саламымы жарытып эч ким деле алик алган жок. Тунжурап чылым буркуратышат. Четте Алыбек туруптур. Ага бардым.

– Буерде эмне болуп жатыры? Телеграмма келди дейби?

– Ооба. Станцияны мөөнөтүнөн мурда коё беребиз дешет.

– Коё берсе коё беришет да.

– Кептин баары бизде болуп турат... Карачы, темир жолду бойлото канча жүк түшүрүп салышты. Дагы келет. Мунун баарын качан ташып бүтөбүз? Тыяктагылар болсо, бизге ишенип, күтүп отурушат. Алар үчүн ар бир күн кымбат!..

– Аны мага эмне айтасың? Менин тиешем кайсы?

– Тиешем кайсы дегениң кандай? Сен эмне, башка мамлекеттин кишисисиңби? Же мойнубузга түшкөн милдеттин маанисин билбей турасыңбы?

– Сен соо эмессиң го! – дедим да четке басып кеттим.

Ушул учурда автобазанын начальниги Аманжолов келип калды. Чылымын бир шофердон тамызып алды да, элди тегерете карады.

– Ахыбал ушундай, жолдоштор,– деди ал. – Министерство менен сүйлөшүп көрөм, балким, жардам берер. Бирок, ишенип отура бергенде болбойт. Эмне кылышты билбей менин да башым катып турат...

– Мындай учурда бирдеме ойлоп таба коюш да кыйын, жолдош Аманжолов, – деген үн чыкты. – Жүктөр

көлөмдүү экен, кузовго эки-үчү гана батат. Күндүр-түндүр ташысак да жазга чейин бүтпөйт.

– Кептин баары ошондо болуп жатат, – деди Аманжолов, – бирок, ташып бүтүрүш зарыл. Бүгүнчө үй-үйүңөргө тарагыла да кабырганаар менен кеңешип келгиле.

Ошентти да ал «газигине» түшүп, жөнөп кетти. Бирок, шоферлордун бири да ордунан козголбоду. Караңгы бурч жактан бирөө күркүрөгөн үнү менен кыжынып калды өзүнчө:

– Болбогон сөз! Ала койдун териси алты адамга тон чыкпайт. Башынан ойлонуш керек болчу! – деди да чылымын өчүрүп, машинесине басып кетти.

Аны башка бирөө колдоду:

– Качан болсо ушу,– деди ал,– жан алкымга келгенде биз керекпиз, айланайын шоопурлар, куткарбасаңар болбой калды деп жалынып-жалбарып турушат.

Башкалар аны төө бастыга алды:

– Айтсаң ойлоп айт, Ысмайыл, болбосо, кыпчылба!

Мен талашка кошулбадым. Бир маалда баягы ашуудан машине сүйрөп чыкканым эске кылт этти. Адатымча чыдай албай кеттим.

– Баш катыргандай эмнеси бар! – деп ортого кыйкырып чыктым. – Прицеп чиркеш керек!

Эч ким былк этпеди. Кээ бирөөлөр көз кыйыгын салып да койбоду. Акмактын оюна эмне кирбейт дегендей кылышты.

– Баракелде! – деп Жантай ышкырып койду. Аны үнүнөн тааныдым.

Эки жагымды элеңдеп карап турам, болгон окуяны айтып берейин деп турам. Эңгезердей бирөө ящиктен түштү да колкабын кашындагы жигитке кармата коюп, мага келди. Жакаман ууччай кармап, тумшук тийиштире тартты:

– Ах дечи!

– Ах-х! – дедим бетине үйлөп.

– Сопсоо! – деп таң калды ал жакамды коё берип.

– Анда, акмак! – деди жолдошу. Анан, экөө машиналарына барып минди да, айдап кетишти. Өмүрүмдө мындай шылдың болгон эмесмин. Өлбөгөн төрт шыйрагым турду ошерде.

– Коё турсаңар! Кетпегиле! – деп шоферлордун арасында чебелектедим. – Чын айтам. Прицеп алса болот...

Шоферлордун арасында бир улгайганыбыз бар эле, ошол киши жаныма капалана басып келди:

– Мен ушу жолдордо машине айдап жүргөн кезде сен нанды «нана», этти «быпый» деп жүрчүсүң балам. Тянь-Шань сага бий бийлөөчү аянт эмес. Элге мазак болбосоңчу...

Эл күлүп, өз машиналарына тарай баштады. Ошондо мен чыдай албай станцияны башыма көтөрө кыйкырдым:

– Шофер эмей эле силер катын экенсиңер!

Өз башыма дагы балээ тилеп алдым. Тарап баратқандар токтой калды да кайра баары жапырт мага атырылды.

– Сен акмак! Башкалардын өмүрү сага оюнчукпу, ыя?!

– Новатор имиш! Өзгөчөлөнүп сыйлык алгың барбы?! – деп Жантай ого бетер көкүтүп жүрөт.

Баары чуру-чуу түшүп, мени ящиктерге матап келишти. Тытып кетеби деп, жерден тактай ала койдум.

– Эй, тургула мындай! – деп бирөө катуу ышкырды да элди жиреп кирип келди. Алыбек экен.

– Тынч! – деп барк этти. – Айт, Илияс, жөндөп айт! Тез айт!

– Айта турган эмнеси бар! – деп мен энтигип турдум. Топчумун баарын үзүп салышыптыр. – Ашууга өзүм машине чиркеп алып чыккам, жол участогуна. Жүгүм менен жүктүү машинени сүйрөп чыккам. Айтса, ушул.

Шоферлор ишене албай турду.

– Анан, сүйрөп чыктыңбы?

– Ооба. Долондон ашырып, жолчуларга жеткиргем.

– Ой ит оой! – бирөө таңданды.

– Жанын жейт! – деди башка бирөө.

– Жанын жебесе, мына, Жантай айтсын. Өзү көргөн. Эй, Жантай, кайдасың? Айтчы! Эсиңдеби, кыя жолдо жолукпадык беле?..

Бирок, Жантайдан дайын жок. Жер жутуп кеткендей. Аны кудай алсын. Көпчүлүк дуулдай баштады. Мени жактагандар да чыкты. Бирок, ортодон бирөө баарын айнытты да койду.

– Курулай былжырап эмне, – деп жактырбай түнөрө сүйлөдү ал. – Бирөө бир жолу өткөн экен, болсо болор. Эмнелер болбойт. Биз бала эмеспиз. Биздин жолдо прицеп тартып жүрүүгө тыюу салынган. Эч ким уруксат бере албайт. Коопсуздук инженерине айтып көрчү ушу сөзүңдү, эмнесин көрсөтөр экен. Силердин айыңардан ал суракка түшө албайт... сөз бүттүбү? Анда ошол!

– Сен законуңу коё турчу! – деп башка бирөө чыкты. – Уруксат бере албайт дегениң кандай? Мына, Иван Степановичтин көзү турат, отузунчу жылдары полуторка менен ошол ашууну биринчи ашкан. Анда буга да эч ким уруксат берген эмес. Өзү кеткен. Мына өзү эле айтсын...

– Андай болгон, – деди Иван Степанович. – Бирок, шегим бар бул ишиңерге. Долондон жайында прицеп сүйрөп ашуу опурталдуу, азыр болсо кыштын кыраан кези...

Баятан бери унчукпай турган Алыбек сүйлөдү:

– Талашты койгула. Мурда болбогон иш, бирок ойлонуп көрүү керек. Илияс, сен да алабармансың. Сага окшоп эле келе прицеп, жөнөдүм деген жарабайт. Баарын таразалап, ойлонуп, кеңешип, сынап көрүш керек. Куру сөзүң далил эмес.

– Өзүм далилдейм! – дедим мен жанданып. – Силер ойлонуп, таразалап отургуча мен далилдеп берем. Ошондо ишенесиңер!

Ар кимдин бир мүнөзү бар. Сабырлуу болгон жакшы го, бирок дайым эле кармана албайсың да. Эки колум рулда. Бирок машине айдап баратамбы, бараткан жолум жолбу, сезбейм. Ачуу ыза менен көшөргөн көктүгүм боюмду бийлеп алган. Жок, мен силерге баары бир далилдейм. Адам сөзүнө ишенбейт деген, адамды шылдыңдаган кандай экенин көрсөтөм силерге. Жалтайлап, сактана бергениңди да көрсөтөм. Алыбекти да жигит деп... Ойлонуш керек, даярданыш, сынаш керек деп... Акылдуусунуп, токтоосунуп! Урдум токтоолугуңду! Айттымбы, болду, ошондо өзүңөр ит болорсунар! Карап тургула!

Машинени гаражга коёрун коюп, бирок, айланчыктап бир топ жүрдүм. Сыртым тынч көрүнсө да ачуум ичке толуп, жазыла албайм. Ойлогонум эле ошол, прицепти чиркеп алып, ашууга бет алуу. Эмне болсо да антпесем болбой калды. Бирок, прицепти мага ким берет?

Ушул ойдун кыжаалаты менен короодо жүрө бердим. Түн бир убак. Диспетчердин гана терезеси жарык болуп турду. Токтой калдым: диспетчер бар эмеспи! Анын колунан баары келбейби! Бүгүн Кадича дежур болуш керек. Эң сонун! Ал менин айтканыман чыкпайт. Деги мен кылмыш кылып жаткан жерим жок го. Пайдалуу иштин өтөсүнө чыгайын деген эле ой!

Диспетчердин бөлмөсүнө жакын келип бирдеме эсиме түштү: көптөн бери ичкери киргенди койгон экем, эл катары терезеден гана жол кагазымды алып кетип жүрөм. Тайсалдап токтоп калдым. Аңгыча эшик ачылды. Босогодо Кадийча өзү туруптур.

– Мен сага келдим, Кадийча. Ордуңан тапканым жакшы болбодубу.

– Кеткени жаттым эле.

– Жүр анда, үйүңө узатып коёюн. Кадийча таңыркай кашын керди да, күмөндөнө карап туруп, анан, күлүп жиберди.

– Жүр.

Сыртка чыктык. Түн караңгы. Көл шарпылдап, суук шамал уруп турду. Кадийча колтуктап басып, шамалдан ыктай мага жабышты.

– Үшүдүңбү?

– Сенин жаныңда үшүбөйм,– деп тамашалап койду.

– Эртең кайсы учурда иштейсиң, Кадийча?

– Экинчи сменада. Эмне экен?

– Бир иш болуп калды. Өтө маанилүү иш. Сенин гана колуңан келет...

Айтсам, оболу ал уккусу да келбеди, мен болбой көшөрө бердим. Экөөбүз бурчта фонардын түбүндө турабыз.

– Ай, Илияс ай! – деп жиберди Кадийча көзүмө күлө тиктеп. – Куру бекер убара болбосоңчу бул ишке.

Баары бир менин айтканымы аткарарын билип калдым. Колдон алдым:

– Мага ишене бер! Кадырың жан болсун. Эмесе сүйлөштүкпү?

Ал күрсүнүп алды:

– Болуптур, сага амал барбы! – деп башын ийкеди. Мен баамсыз ийининен капшыра кучактадым.

– Жигит болуп туулсаң болмок, Кадийча! Болуптур, эртең көрүшкөнчө! – деп колун бек кыстым. – Кечке чейин керектүү кагаздарды даярдап кой, ээ?

– Ашыкпа! – деди Кадийча колуму коё бербей. Анан толгоно берди. – Бар эмесе... бүгүн жатаканага түнөйсүңбү?

– Ооба.

– Ыйманда жат.

Эртеси техосмотр жүрдү. Инспекторлор ар качантан бир качан кысталышта келет. Быякта иш кычап жатса, алар маалкатып баарын текшерип, актыдан акты жазышып, элдин мазесин кетирди.

Өз машинем тың экенин жакшы билем. Ошондо да Кадийчанын ишке келишин күтүп, тигилерден чет бол-

дум, ремонттогонсуп күймөнүп жүрө бердим. Мени менен эч ким сүйлөшпөдү, кечээ күнкүнү эскеришпеди. Анын себеби, баары техосмотрдан эртерээк өтүп, жоготкон убактысын кууп жетүү. Антсе да мен ич күптүмүн.

Мен техосмотрдан түштөн кийин өттүм. Инспекторлор кетишти. Тегерек жымжырт боло түштү, гараж ээн калды. Короонун төрүндө ачык асман астында прицептер турат. Аларды кээде тегиз жолдо пайдаланышчу. Ичинен мен өзүмө бирин тандап койдум. Кадимки эле төрт дөңгөлөк прицеп. Ага эмне элдин баары ызы-чуу түшөт?.. Алдыда дагы эмнелер күтүп турганын мен анда кайдан билдим. Жакшылап тамактанып, бир саатча уктап алайын деп, жатаканага жөнөдүм. Жол кыйын. Бирок баары бир уктай албадым. Ооналактап жатып-жатып, күүгүм талаш кайра автобазага келдим.

Кадийча ордунда экен. Баарын даярдап коюптур. Жол кагазды алдым да, гаражга жүгүрдүм. «Эми силердиби». Машинени буруп, прицепке апкелдим. Моторду өчүрбөй сыртка чыгып, тегерегимди карадым. Ремонт мастерскаясындагы станоктордун шакылдагы менен жээкте көлдүн шарпылдаганы гана угулат. Жанымдагы машиненин мотору дүрсүл какса менин да жүрөгүм кошо түрсүлдөйт. Чылым чегейин деп, кайра папиросту ыргытып салдым. Анан чегермин.

Дарбазадан чыгып бараткanda кароолчу токтотту.

– Токто, кайда?

– Жүктөнүшкө, аксакал, – дедим камаарабагансып. – Мына пропускуңуз.

Абышка кагазга үңүлүп, фонардын жарыгында эчтемени ажыратып окуй албай жатты.

– Кармабаңыз, аксакал! – деп чыдамсызданган болдум. – Иш токтоп калды.

Жүктү жолтоосу жок жүктөттүм. Кузовума эки орун, прицепке эки орун. Эч ким – эчтеке дебегенине өзүм таң калдым. Анан чоң жолго чыккан соң гана чылым тарт-

тым. Оңдонуп отуруп, фарды жагып, газды басып-басып алдым. Жол үстүндөгү караңгылык чайналып алдыман буйтай качып баратты. Машиненин жүрүшү жеңил, арттагы прицептин оордугу сезилбейт. Ырас, бурулуш жерлерде гана куйругум четке бултаңдай түшүп баратты. Кайра жолго түздөш кыйыныраак өңдөндү. Бирок анын баары көнбөгөндүктөн. Көнүп алыш оной. «Кайдасың, Долон! Кайдасың, Атбашы!» деп өзүмчө кыйкырып алдым да, байгеден суурулуп чыккан чабандестен бетер рулга эңкейип, алдыга шукшурулдум. Жол тегизде убакыт утуп алайын дегеним. Түн ортосу ченде Долон менен алышуу бар.

Бир топко эсебимден озуп бараттым. Бирок тоо аралай бергенден баштап абайлашка туура келди. Мотор жакшы эле тартып баратты, анда кеп жок. Жүрүшүмдү кашаңдаткан тоо ичиндеги бирде өр, бирде эңиш жерлер болду. Айрыкча, ылдый түшкөн жерлерде прицеп бултаңдап жолдон четтеп, машинени да жолдон тайдырып, убара кыла берди. Улам ылдамдыгын өзгөртөм, тормоз берем, нары бурам, бери бурам. Ололу мунун баарын көңүлгө албадым, алгым келбеди. Бирок барган сайын кыжырымы келтирип, тынчымы кетире берди. Тоо арасында канча өр, канча эңиш бар ким эсептептир. Антсе да дымагым азая элек. Келе коёр коркунуч деле жок, болгону барган сайын чарчагансый бердим. «Эчтеме эмес,– деп өзүмдү өзүм кубаттадым. – Ашуунун түбүнө кичине эс алып алам. Анан чыгып кетебиз!» Баягы күздө машине сүйрөп чыккандагыга караганда азыр эмне кыйыныраак болуп бараткнын мен түшүнө бербедим...

Долон жакын калды. Фардын шооласы капчыгайдын түнөргөн кара аскаларына соймоңдоп барып – жабыша калып жатат. Жар таштар кардан жака жамынган. Зампарлап кар жаап келди. «А балким, жогортон жел үйлөп жаткандыр», дедим ичимен. Жылымчы зампарлар айнекке жабышып, ылдый эрип кетип жатат. Демек, көктөн

эле жаап жатканы. «Башкасы жетишип, ушул эле калды эле!..» деп ызырындым. Шыпыргычты иштетип койдум.

Ашуунун түнкү кыялары башталды. Мотор кулакка тааныш ыйын баштады. Уңулдаган доошу караңгы жолдо жаңыра албай, боорго сиңип кетип жатты. Ылдый түшө бергенде мотордун доошу өзгөрүп, машиненин көчүгү бултаңдай түшөт. Прицеп арттан түртүп келатканын далым сезет. Чиркелиштин ашташындагы темирлер чыйкылдап, кулак-мээни көзөйт. Дөңгөлөктөр тормозго бой бербей, эрип жааган сыйгалак карда аркы-терки жылбышат. Машине сүрдүгүп барып жолго тууралана токтоп калды. Эптеп тумшугун оңдоп бурдум да, токтоттум. Алсырап отуруп калдым. Жарыкты да, моторду да өчүрдүм. Колдорум талып сенейип калыптыр. Чалкалай отурганымда кышылдай дем алып жатканымды туйдум. Бир аз дем алып отурдум, анан чылым чектим. Айлана-тегерек көзгө сайса көрүнгүс, долу түн. Кабинанын жылчыктарынан гана шамалдын ышкырган үнү угулат. Эми дагы жүргөндө алдыда эмне болорун элестетүүдөн корком. Мына ушерден баштап кыя жол тикеленип кетет. Мотор менен эле колдун шору. Бирок кар лапылдап жатат, ойлонуп отурар чак эмес.

Моторду от алдырдым. Машине ынтыга козголуп, жер тырмалай өргө жылды. Жаагым карышканча тиштенип, кыядан кыяга, бурулуштан бурулушка жармашып баратам. Мына, кыя да бүттү. Эми тик ылдый куюлган түз жол. Анан, апайтөштөн кеткен өр талаш да, ага жеткенден кийин эле жол участогу. Андан ары ашуунун акыркы айласы гана калат. Ылдыйга араң түштүм. Төрт километрче келген түз эңкейиш жолдо машинени күүлөнтө айдадым да ошол күүсү менен наркы апайтөшкө жабыштым. Бирок күүм көпкө жетпеди. Машине кашаңдап баратат. Экинчи, анан, биринчи ылдамдыкка салдым. Рулду бек кармап, чалкалай отурдум. Булуттардын арасынан жылдыздар жарк-журк көрүнө түштү. Андан ары жыла

албай калдым. Дөңгөлөктөр бир ордунда чимирилип, жолдон четке жылбышып барат. Акселераторду түбүнө жеткире бастым.

– Дагы! Дагы кичине! Чыда! – деп чыдай албай кыйкырып жибердим,

Уңулдап ыйлап бараткан мотор бир маалда онтоп ийип, калчылдап барып үзүлдү. Машине артка жылбышып жөнөдү. Тормозду басып атам, токтоор эмес. Прицептин салмагы менен тартылып кете берди. Аскага карс урунду да, токтоп калды. Айлана жымжырт боло түштү. Мен эшикти түртүп ачып, кылчая карасам, ойлогондой эле болуптур. Прицеп кюветке түшүп калыптыр. Кудай урган экен! Эсим чыгып кетсе керек, машинени от алдырып алдыга жулкунттум. Дөңгөлөктөр чимирилип, машине жакшы эле чымырканды, бирок ордунан жылган жок. Ыргып түшүп, прицепке жүгүрүп бардым. Дөңгөлөктөрү кюветке батып калыптыр. Эмне кылам? Оюма эчтеме келбей, бар күчүм менен прицепти итердим. Ага болорбу. Астына кирип, жонго салып башым зыңылдап ооруганча көтөрдүм. Буга болорбу. Анан, алдан тайып жол жээгине жүзтөмөнүмөн күп эттим да ызама чыдабай ылай аралаш карды эки колдоп шилеп боорума тартып, ыйлап жибердим. Бир топтон соң туруп, теңселе басып барып, машиненин тепкичине отурдум.

Алыстан мотордун үнү угулду. Балбылдаган эки көз апайтөш жолдо ылдыйлап келатат. Ал шофер ким экенин, жети түндө аны кайсы шайтан кайда айдап баратканын ким билсин, бирок, мен колго түшчү ууру сыяктанып коркуп кеттим. Алактап прицепке жеттим да чиркелишкен жериндеги сырганы чыгарып таштап, прицепти таштап, машинемин өзүн жогору айдап жөнөдүм.

Алдагандай бөөдө коркунуч боюмду бийлеп алды. Прицеп артыман кууп келаткансып, азыр кууп жетип

желкеме чап жабыша тургансып, далым муздак дирилдейт. Машинени жин ургандай айдадым. Бу жолду жатка билип калганыман гана аласалып кетпедим окшойт.

Таңга маал бекет базага жеттим. Ошо жин ургандай калыбымда үйүмдүн эшигин эки муштумум менен тарсылдата урдум. Эшик ачылды, Аселди бир карап койбостон шатала баткак кейпим менен үйгө жулунуп кирдим. Энтигип барып, жумшак бирдемеге отура кеттим. Ал жуулган кир экен. Папирос издеп чөнтөгүмө кол салдым эле машинени от алдырар ачкычы урунду. Аны ыргыта урдум да, башымды салаңдатып, ал-күчтөн ажыраган, үстү-башыман бери баткак болгон кейпимде уңкуюп отуруп калыпмын. Жалаңаяк Аселдин буттары стол түбүндө тыбырайт. Бирок мен эмне демекмин? Асел жерде жаткан ачкычты алып, столго койду.

– Жуунасыңбы? Суу жылытып отурам,– деди ал акырын.

Мен башымды араң көтөрдүм. Назик колдорун көкүрөгүнө басып жалаң көйнөкчөн Асел титиреп маңдайымда турат. Көздөрү алайып, мага боору ооруп, чочулай тиктейт.

– Ашууга прицепти кулатып келдим,– дедим өз үнүмү өзүм тааныбай.

– Кайсы прицеп?

– Темир, көк, 02-38! Кайсы экенинин сага айырмасы канча? – деп бакырып алдым. – Уурдап келаткам аны! Уурдап!

Асел оозун ачкан бойдон керебетке отуруп калды.

– Эмне үчүн?

– Эмне үчүнүң эмне? – Түшүнбөгөнүнө ого бетер жиним келди. – Ашуудан прицеп сүйрөп өткүм келген. Түшүндүңбү? Айтканымды далилдейин деген... Мына эми күйүп отурам!..

Мен кайрадан башымы мыкчып калдым. Бир топко экөөбүз тең унчугушпадык. Бир убакта Асел шарт турду да, кийине баштады.

– Эмне отурасың? – деп заарлана айтты.

– Анан эмне кылам? – деп булдурадым.

– Автобазага кайтып бар!

– Эмне дейт? Прицепти таштаппы?

– Барып айткын.

– Сага эмне? – деп бакырып алып, үй ичинде аркы-терки баса кеттим. – Прицепти кайра сүйрөтүп кайсы бетим менен барам? Ит болдум, куш болдум, ушул ишке туш болдум, кечирип койгула деп барамбы? Бутуна жыгылып жалынамбы? Жо-жок! Эмне кылса ошо кылышсын. Урганым жок!

Менин бакылдаганыман улам керебетте уктап жаткан Самат ойгонуп кетти. Ыйлап калды. Асел колуна алса, ого бетер күчөп ыйлады.

– Бок жүрөк экенсиң! – деди Асел. Акырын айтса да катуу айтты.

– Эмне-е? – Токтоно албай муштум кезеп жетип барып, бирок, ура албадым. Аселдин таң кала алая караганы токтотту. Анын карегинен өзүмдүн суук үрөйүмдү көрдүм. Четке булкуп салдым да эшикти шарт жаап чыгып кеттим.

Таң агарып калыптыр. Жарыкка чыкканда түндөгү окуя ого бетер маскаралык, орду толбос өкүнүч болуп желкемен басты. Бу машинедеги жүктү жетер жерине жеткирейин, андан нары эмне болсо ошо болор... Оюма ушу келди.

Кайра кайтып келатканда үйгө бурулган жокмун. Асел менен урушуп алганыман эмес, жан адамга көрүнгүм келбеди. Башкалар кантерин билбейм, бирок, мен өзүм мындай учурларда кишилерден качып, өз кайгымды өзүм тартканды туура көрөм. Башка бирөөнүн башын оору-

туп эмне. Колуңан келсе, ачууң таркап, өкүнүчүн басылганча өзүңчө кыйнал...

Жолдо келатып, жүргүнчүлөрдүн түнөк үйүнө түнөп өттүм. Ашууда прицепти издеп жүрүпмүн түшүмдө. Түш эмей эле кыйноо. Изи жатат, прицеп жок. Ары-бери далбастап, сурамжылап жан алакетке түшөм...

Кайра кайтып келатканымда прицеп чын эле ордунда жок экен. Кийин билдим: Алыбек автобазага сүйрөтүп кетиптир.

Прицептин артынан эртеси автобазага мен да келдим сандалып. Кабинадагы күзгүдөн көрсөм, өңүм азып, карайып кетипмин. Өзүмү таанибай калдым.

Автобазада кадимки шоферлордун тиричилиги жүрүп жатыптыр. Тек мен гана башка жактан келген жат бирөөдөймүн. Дарбазага кооптонуп келип, акырын кирдим да, гараждын оолагыраак түпкүрүнө айдап барып, бир бурчуна токтоттум. Кабинадан да дароо чыга албадым, эки тарабыма байкоо салып, жүрөксүп отурдум. Тургандардын баары мени карап калышты. Атаң көрү, азыр баш ооп, көз көргөн жакка айдап кетип калар болсом! Бирок, кайда кетем? Кабинадан чыктым акыры. Бар күчүмү жыйнап, короону как жара диспетчер жакка бастым. Калбаат эле болоюн дейм, бирок кылмышкер аскер сап алдынан өткөндөй калтылдайм. Баары артыман тиктеп турушканын сезип, желкем дирилдейт. Эч ким чакырбады, эч ким учурашпады. Алардын ордунда болсом, балким, мен деле ошентмекмин го.

Тамандырыктан чалынып кеттим. Кадийчаны уятка калтырдым ээ деген ойго жүрөгүм да солк этип чалынып алды.

Далистин төрүнө «Чагылганды»[1] илип коюшуптур. «Маскаралык» деп чоң-чоң тамгалар менен бадырайта

[1] «Ч а г ы л г а н» – дубал гезиттин аталышы.

жазыптыр да этегине тоого таштап кеткен прицепти тартып коюшуптур...

Бетим чымырап, бурулуп кеттим. Жаакка чапкандай эле болдум. Диспетчердин үстүнө кирдим. Кадийча телефон менен сүйлөшүп отуруптур. Мени көрүп трубканы илип койду.

– Ме! – деп каргашалуу жол кагазды столго таштадым.

Кадийча жалооруй карап калды. Чаңырып, ыйлап жаңжал салбаса эле болгону деп турам. «Башка жерде сал жанжалың болсо, буерде антпе!» – деп суранып турам оюмда. Кадийча оюмду түшүндү, эчтеме айтпады.

– Ызы-чуу болдубу? – деп сурадым акырын. Кадийча башын ийкеди.

– Мейли! – дедим тиштенип, ага кайрат бергенсип.

– Сени трассадан алып салышты, – деди.

– Таптакырбы?

– Таптакыр алып, ремонтко отургузуп коёлу деди эле... жигиттер арачыга түшө калышты... Азырынча жергиликтүү рейстерге гана чектеп коюшту. Начальникке кир, издеткен болчу.

– Кирбейм! Менсиз, өздөрү чечсин! Өкүнөр жерим жок...

Сыртка чыктым. Далис менен шылкыя бастым. Бирөө каршы келаткан. Жантайлап өтүп кетейин десем, Алыбек экен, жолумду тороп туруп алды.

– Жок, токтой тур! – деп ал мени бурчка камады. Теше тиктеп, ызырына күбүрөдү. – Ии, баатыр, далилдегениң ушубу? Далилдегениң ушубу дейм, иттин баласы!

– Болбоду, кантейин! – деп күңк эттим.

– Былжырапсың! Өзүңчө көзгө көрүнөйүн дегенсиң. Керт башыңдын даңкын ойлогонсуң да! Мына эми жакшынакай ишти бүлдүрдүң. Прицеп сүйрөтсө болот деп эми элди көндүрүп көрчү! Заары башына чыккан айбан!

Бу сөздөрдү угуп, башка бирөө ойлонуп калат беле, бирок, мага азыр баары бир болуп калган. Өз ызалыгыман башка эчтеме сезбедим, түшүнбөдүм. Керт башымын даңкын ойлопмун, бу натура да. Калп экенин өзүм билем.

– Тур биякка! – Алыбекти четке түртүп салдым. – Сенсиз да жети өмүрүм жерге кирип туру!

Оозго чыктым. Ызгаар шамал короодогу кар тозоңун удургута айдап турган экен. Өткөн-кеткендер мени акырая карап өтүшөт. Өлмөк белем, эки муштумуму шымымын эки чөнтөгүнө тумпуйта салып, сыртка жөнөдүм.

Чалчык-чалчык суу бетине тоңгон муз бут астымда качырап сынат. Бутума бир бош банке урунду. Аны дарбазадан ашыра тептим да, өзүм артынан чыга жөнөдүм.

Кечке чейин көчөдөн көчөгө, пристанда сандалып басып жүрдүм. Жээктеги баржаларды чайпап, көл толкуп турган экен.

Бир маалда чайханада отурдум. Маңдайыма саал бөксөргөн бир шише арак, анан дагы тарелкада кайсы бир ачуу басма. Биринчи стаканды тартып жиберип, кеңгирей түшүп отурган чагым.

– Жылдызың жерге түшүп калыптыр да, жигит? – деген мээримдүү, саал ойноктогон үн угулду жанымаи. Башымды араң көтөрүп карасам Кадийча экен.

– Эмне, жалгыз иче албай отурасыңбы? – деп жылмая жаныма отурду. – Кел анда, экөөлөп ичели.

Өзү арактан эки стаканга куйду да, бирин мага жылдырды.

– Ал! – Экөөбүз атайы көңүл ачып кетүүгө убадалашып келгенсип ойсоңдой каш кагып, көз кысып койду.

– Табаң канып атабы? – дедим мен наааразыланып.

– Кайгыргандай эмне? Сен жанымда турганда, Илияс, мага эчтеме сөз эмес. Мен сени бек жигит го дечи элем. Э, кайда калбаган кайран жан! – Акырын шыңк

күлүп, жакындай отурду да, назданган кара көздөрүн көзүмөн албай стакан кагышты.

Ичип жибердик. Мен чылым чектим. Кичине жеңилдей түшкөнсүдүм, бүгүн биринчи жолу ууртум тартылып жылмаюу кирди жүзүмө.

– Жарайсың, Кадийча! – деп колун кыстым.

Анан экөөбүз эшикке чыктык. Түн кирип калган экен. Көлдөн урган тентек шамал бак-дарактарды жулмалап жатты. Мен теңселип калган экем. Кадийча колтуктап, мээрим төгө жакамды көтөрүп, жөлөп баратты.

– Сенин алдыңда күнөөлүү болуп калдым, Кадийча! – дедим мен чын ыкласымдан ыраазылыгымды билдирип, күнөөмдү ачык айтып. – Бирок, эсиңде болсун, сени чекеге черттирбейм... Өзүм жооп берем.

– Койчу ошону, жаным, унутчу! Тынчың жок немесиң да... Алдас уруп жулунуп эле жүргөнүң, карап туруп боорум ооруйт. Мен да сендей болчумун. Өмүр чиркин бир ордунда турабы... Кызыгы болсо алып кал. Тагдыр менен ойноп болобу...

– Муну ар кандай түшүнсө болот. – Каршы чыктым да, кайра ойлонуп калдым. – А балким, сенин айтканың да туура чыгар...

Кадийчанын үйүнө жеттик. Ал көптөн бери жалгыз турчу. Эри менен ажырашып кеткен.

– Мына, мен жеттим,– деди ал.

Мен кыйылып туруп калдым. Кийинки окуялар Кадийча экөөбүздү кандайчадыр байланыштырып койгонсуду. Анын үстүнө, жатаканага баргым да келбей турду. Чындык деген жакшы го, бирок, кээде бетке чаап турганда четтеп жүргүң келет.

– Эмне ойлонуп калдың, жаным? Чарчадыңбы? Алыссынып турасыңбы барар жериңди?

– Эчтеме эмес, эптеп жетип алармын. Ал колуман алды.

– И-и, тоңуп калыпсың го! Коё тур, жылытып берейин! – деп Кадийча пальтосун ачып, колуму колтугуна катып, бооруна кыса кучактап алды.

Колуму тартып ала албадым. Оттой ысык назына түтүп бергидей эмесмин. Алаканымын астынан жүрөгү түкүлдөйт. Мас болсом да эс-акылым ордунда. Акырын колуму тартып алдым.

– Кеттиңби? – деди Кадийча.

– Ооба.

– Кош бол анда! – Кадийча күрсүнүп алып, жалт бурула каалгасын көздөй басып кетти. Караңгыда каалга шырк жабылды. Мен да бурулуп кичине баса түшүп, кайра токтодум. Кайра каалганын түбүнө кантип жеткеними өзүм байкабай калыпмын. Кадийча күтүп турган экен. Мойнума асыла кучактап, эриндеримен өпкүлөп жиберди.

– Келдиңби? – деп ысык шыбырады да, колуман алып, үйүнө жетелеп киргизип кетти.

Түндө ойгонуп алып, каерде экеними биле албай көпкө жаттым. Башым сынып ооруйт. Экөөбүз бир төшөктө жатыппыз. Жылаңач денеси жыпжылуу болуп, Кадийча жабышып боорумда. Тыноосу бир калыпта. Акырын туруп кетмек болдум. Кичине козголгонумча көзү жумулуу Кадийча чырмала кучактап алды.

– Кетпечи! – деди акырын. Анан, башын көтөрө караңгыда көзүмө үңүлө карап, көкүрөгүмө артыла жатып, энтиге сүйлөдү: – Эми сенсиз күнүм жок. Мендиксиң сен! Баштатан эле мендик болчусуң. Каалаганым сен. Сүйүүң гана керек, башка эчтеменин кереги жок, Илияс!.. Бирок, мен да эми сенден калбаймын, түшүндүңбү, калбаймын!.. Кадийча ыйлап жиберди, көз жашы менин бетиме таамп жатты.

Мен кете албадым. Таңга жуук араң көзүбүз илинди. Ойгонсом таң атып калыптыр. Мен шашып кийиндим. Кандайдыр жат, муздак сезим жүрөгүмдү мыкчып турду.

Чолок тонумду кие сыртка жөнөдүм, каалганы шырп билдирбей ачып, булт этип көчөгө чыктым. Алактап жанжагымды карасам, башында кызыл түлкү тумагы бар бирөө дубалдын бурчунан бери чыга келди. Жумушка бараткан Жантай экен. Атарга огум болбоду. Ал ушу тегеректе эле турчу. Экөөбүз тең селейип туруп калдык. Анан, мен таанымаксан болуп шарт бурулдум да, автобазага жөнөдүм. Жантай кара күчкө жөтөлүмүш болуп койду. Кар кырчылдата басканы артыман угулуп келатты, же жете келбейт, же калып калбайт. Ошентип, ээрчишип отуруп автобазага жеттик.

Гаражга барбай, түз эле кеңсеге бет алдым. Башкы инженердин кабинетинде адатынча эртең мененки беш мүнөттүк чогулуш жүрүп жатыптыр, гүүлдөп үндөр угулат. Азыр түз эле кирип барып, бир терезенин кырына отуруп, бутту бутка арта салып коюп, чылым чекким келди, шоферлордун адаттагы ачуусу жок кыжылдашканын уккум келди. Жолдоштордун арасындагы көнүмүш учурумду мен ушунча каалайм деп эч качан ойлогон эмесмин. Бирок, кире албадым. Коркконуман эмес. Дагы эле кечээгимдей итче жиним кайнап, натууралык кылсам да болбой кекирейип жүргөм. Кадийчанын койнунда түнөп чыкканым жүрөгүмдү дүрбөлөңгө салды, ошондон коомайландым... Анын үстүнө, эл менин жоругумду али унута элек окшойт, ичкериде мен тууралуу сөз болуп жатканын туйдум. Бирөө бакылдады:

– Бул кандай ээн баштык! Сотко бериш керек, силер болсо маңдайынан сылап отурасыңар! Анын ою туура деп дагы бирөө ушерде уялбай жактап коёт. Прицепти ээн тоого таштап кеткенин кантесиңер?..

Анын сөзүн башка бирөө жула качты:

– Туура айтат! Андай эрдемсингендердин далайын көргөнбүз. Башкалардан акылдуусунуп. Эл кол чаап, ага өнтөлөп сыйлык берсе ээ!.. Мына, эрдемсиген немеңер мыш болду да калды!

Көпчүлүк талаша кетти. Мен чыгып жөнөдүм. Алардын сөзүн тыңшамак белем.

Эл да тараган белем, артыман кажы-кужу үндөрдү угуп, ылдамдай бастым. Жигиттер дале дуулдап келатышты. Алыбек бирөөгө жан-алы калбай далилдеп келатат.

– Өз базабызда эле прицептерге тормоз жасап алабыз. Анын эмнеси кыйын, компрессордон шланг созуп барып, дөңгөлөктөргө колодка кийгизип коёбуз, болду!.. – Анан, мени көрө койду окшойт. – Тетиги Илияспы? Эй, Илияс, токточу!

Мен токтобой гаражга кете бердим. Алыбек артыман кууп жетип, ийинимен булка тартты.

– Ох, билесиңби, көпчүлүктү араң көндүрдүм окшойт. Даярдан, Илияс! Мага өнөк болосуң. Прицеп сүйрөтүп чыгып, сынап көрөбүз.

Ачуум келип кетти. Жолу болбогон жолдошуңду өзүңө чиркеп алып, эл сөзүнөн куткарайын деген экенсиң го! Өнөк кылып алат имиш! Ийинимдеги колун кагып жибердим.

– Прицеп экөөңдү тең урдум!

– Сен эмне жиндейсиң эй? Өзүң бүлдүрүп алып, эми... Баса, унутуп калган турбайымбы. Володька Ширяев жолуктубу?

– Жок, эмне экен?

– Эмне экен. Кайда жоголуп жүрөсүң. Асел жол боюнда күтүп жүрөт дейт, өткөн-кеткен биздин шоферлордон сурамжылап, тынчы кетип жатса керек. А сен... кыз боозуп, энесин коркутат болуп!

Көзүм тунара түштү. Жаным кашайып, жердин катуулугунан гана калдым. Алыбек болсо улам жеңимен тарткылап, прицепке бирдемелерди жасай турганын какшап жатат, эчтемесин түшүнгөн жокмун... Тигиндейрээкте мылжыңдап карап Жантай турду.

– Кетчи ары! – деп колумду жулкуп алдым. – Эми эмне кыл дейсиң. Жетишет. Бере бер, берер сотуңа. Прицеп-мрицебиңдин кереги жок. Эч кимге өнөк да боло албайт экем... Болдубу?

Алыбек жаак эттери диртилдеп, түксүйө түштү.

– Өзүң баштап, өзүң баарын бүлдүрүп салып, эми чыга качтыңбы? Ушундайбы?

– Кандай десең, ошондой де! Машинеме бардым. Колдорум калтырап, эмне кыларымды билбейм. Эч себепсиз машиненин астындагы чуңкурга түштүм. Чуңкурдун капталына калаган кирпичке маңдайымды бастым.

– Илияс, бери карачы! – деп үстүмөн бирөө күңк этти.

Дагы кимиси болуп кетти деп, башымы көтөрсөм, чычкан аңдыган кулаалыдай далбайып, кытмыр көздөрүн кымыңдатып коюп, чуңкурдун кырында Жантай отурат.

– Ырас гана кылдың да!

– Кимди?

– Алыбекти. Активист имиш. Тишине таш тийгендей болду. Анан калса жаңычылдыгын кантесиң!

– Сенин ишиң эмне?

– Ишим ошол. Өзүң деле түшүнгүдөй болбодуңбу, бизге прицептин кереги жок. Билебиз го: бирөө эле норманы көбөйтүп, жүрүштү азайтса, баарыңар ошого теңелгиле деп кыйноого алышмак. Аралык менен жүккө төлөй турган акчаны да кесип коюшат. Өз ырыскыбызды өзүбүз кыйып, эмне, бизге жин тийиптирби? Бир күн макталып, миң күн азабын тартасың. Биз сага ачууланбайбыз, ушу калыбыңан жазба.

– Биз дегениң ким? – деп, кара күчкө токтоо сурадым. – Биз дегениң сен өзүңсүңбү?

– Жалгыз эле мен бекем,– деп Жантай бирдеме сезген чычкандай көздөрүн кыбыңдатып калды.

– Былжырапсың, көркоо ит! Дал сен үчүн прицеп менен жүрөм... Жаным чыгып кетсе да көрсөтөм сага.

Жогол азыр көзүмө көрүнбөй. Сага эле калгандабы, карап тур!

– Эй, эй, оозуңа карап сүйлө! – деп Жантай кайра арр этти. – Сенин да периште экениңди билебиз... Көрсөң! Бирок аны мен кеп кылган жерим жок, ойноор кезде ойноп ал, короп атты беле!

– У энеңди!.. – деп кармана албай кулак түпкө коюп калдым.

Ал отурган ордунда чалкасынан кетти. Тумагы башынан учуп, андан ары тоголонду. Мен чуңкурдан ыргып чыгып, дагы атырылдым. Бирок Жантай четке кача берип, гаражды башына көтөрө бакырды.

– Хулиган! Бандит! Мушташасыңбы? Кутурган экенсиң. Сенин мойнуңду толгоп алар күч жок дейсиңби? Ачууңду менден чыгарайын деген экенсиң го?..

Тегеректегилер жүгүрүп келишти. Алыбек да жетип келди.

– Эмне болуп кетти? Эмнеге урдуң?

– Чындыкты көзүнө айтсам... – деп Жантай тажаалдана кетти. – Прицепти уурдап кеткен өзү, ашуунун белине жыгып кеткен өзү, баарын булгап-бүлдүргөн да өзү, анан, башкалар итчилигин бетине айтып, оңго айдайын десе, кол көтөрөт! Ашыккан даңкка жетпей калганына ичи күйүп жатпайбы!..

Алыбек тике маңдай келди. Кумсарып, ачуусунан үнү буулат:

– Ит экенсиң! – деди көкүрөктөн түртүп. – Кутурган экенсиң! Ашуудагы кылыгыңдын өчүн алмаксың го? Болуптур, сенсиз да бүтүрөбүз!..

Мен лам дебедим. Тим гана калчылдап туруп бердим. Жантайдын каратып туруп калп айтканына тилим байланып калды. Жолдошторум олурая карап турушту.

«Кетиш керек... кетиш...» – башка ой келбеди. Машинеме ыргып миндим да, дуулдаткан боюнча автобазадан атып чыгып кеттим.

Жолдо келатып ичип алдым. Бир дүкөнгө кирип жутуп чыксам, күчү жетпеди, дагы бир жерден токтоп, бир стаканды тартып алдым. Анан, дүйнө чааралакей болду да кетти. Жол четиндеги белгилер, көпүрөлөр, каршы келаткан машинелер... баары көзгө илешпей зуу-зуу этет. Көңүлүм ачылды. «Эй! – Бузулбаса талкаланып кетсин баары! Сага эмне жетпейт, машинеңди кубалап жүрө бер! Кадийча эмне... башкалардан эмнеси кем? Жаш десең, жаш, сулуу десең, сулуу. Мен дегенде жанын аябайт... Ошону да билбей... акмак экемин го...»

Үйгө кечинде жеттим. Эшик алдында теңселип турам. Бир жеңи гана кийилген чолок тонум салбырап кеткен. Кээде рулду кармоого оңтойлуу болсун деп, оң жеңими чечип салчумун. Ошентсем керек. Бала күнүмдө чикилик чаап жүргөн кезден бери калбайт ушул адатым.

Асел умтула жүгүрүп келди:

– Ай, эмне болгонсуң, Илияс? – Анан байкай койду окшойт. – Эмне турасың? Чарчап, тоңуп бүтүпсүң го? Чечин!

Жардамдашайын деди эле, мен унчукпай итерип салдым. Уятымды оройлук менен жаппаска айлам жок. Мүдүрүлүп-чалынып, үйгө кирдим, жолдо бирдемени калдырата тээп алдым да барып стулга күп отурдум.

– Бирдеме болдубу, Илияс? – деп Асел мени мас көзүмө үңүлө карап, түшүнө албай жатты.

– Сен эмне, билбейсиңби? – Тик багып карай албай башым шылк этти. Асел качан көр жемеге алып, тагдырына наалат айтып ыйлактай баштаар экен деп күтүп отурдум. Бирок ал үн катпады, жанымда бары-жогу билинбеди. Акырын баш көтөрдүм, Асел мага далысын салып, терезеде туруптур. Көзүн көрө албасам да ыйлап турганын туюндум. Жүрөгүм мыкчылып, аяп кеттим.

– Асел, билесиңби, сага айтайын деп... – Тайсалдап сөз баштап келатып, токтоп калдым. Айтууга даай албадым. Айтканым өлтүрө чапкан менен барабар болмок.

Аядым, бирок айтсам да болмок экен… – Быйыл биз сенин ата-энеңе бара албайбыз го, – деп сөздү башкага буруп жибердим. – Кийинчерээк барабыз. Азыр чама болбой калды…

– Шаштырып жаткан мен жок го… – деп Асел көзүнүн жашын сүртүнүп, кашыма келди. – Азыр ага капаланбай эле койчу, Илияс. Сааты чыкканда болор. А көрө өз жайыңды ойлочу. Кийинки күндөрү башкача болуп кеттиң. Эмнеге өзгөрүп кеттиң, Илияс?

– Болуптур! – Өзүмүн жалтактыгыма келген ачууму андан чыгарып, сөзүн бөлүп салдым. – Чарчадым, уктайм.

Бир күндөн кийин кайтып келатып, ашуунун аркы бетинен Алыбекке жолуктум. Прицеп тартып келатыптыр. Долон жеңилген экен.

Мени көрө сала кабинасын ачып, кол булгады. Мен жайлата айдадым. Алыбек жолго түштү, көңүлү көтөрүңкү, жүзү жарык.

– Салам, Илияс! Кел, чылым чегели! – деп кыйкырды.

Мен тормоз бердим. Кабинасында дагы бир боз бала отурат, жардамчы шоферу. Машиненин дөңгөлөгүнө чынжыр орошуптур. Прицепке пневматикалык тормоз орнотуптур. Аны дароо эле байкадым. Мен кайра жүрүп кеттим. Ичим күйдү белем. Таапсың, жакшы болуптур. Бирок мага тийбе!

– Токто, эй! – деп Алыбек артыман чуркады. – Ой, Илияс, токто, сөз бар! Ай иттин баласы, дале баягы бойдонсуңбу?.. Мейлиң, өзүң бил…

Машинени катуу айдадым. Кыйкырсаң кыйкыра бер, экөөбүздүн ортобузда сөз жок. Менин чарбам күйүп кеткен…

Алыбек жан досум эле. Бекер айрылдым. Чынында акыйкат аныкы болчу. Эми түшүнүп отурбайымбы. Бирок, анда ичим күйгөнү ырас. Мен жан талашып, өлүп-

талып жетпей калган максатка ал опоңой гана жетип алганына ичим күйгөн.

Алыбек байсалдуу, акылдуу жигит эле. Мага окшоп ал ашууга ээнбаштанып, жалгыз жулунмак эмес. Жанына өнөк алып, туура кылган. Тегиз жерде берки бала айдаса, эс алып алган Алыбек ашууну оңой ашпайбы. Ашуу ашарда мотордун күчү, колдун каруусу, акылдын токтоолугу керек. Анын үстүнө жанында өнөгүң баратса, улам алмашып айдап, жол да эки эсе кыскарат. Алыбек анын баарын ойлоп чыккан. Прицепке тормоз орноткон. Кадимки эле чынжырды дөңгөлөккө орогонучу. Дегинкиси, ал алактабай ашууну акыл менен жеңди. Өзгөчөлөнгүсү келбеди.

Алыбектен кийин прицеп сүйрөткөн машинелер көбөйдү. Ар кандай иште баштап берүү маанилүү да. Ал учурда башка автобазадан да машинелер келип, унаа көбөйдү да калды. Тянь-Шандын кан жолу бир жарым жума машинелердин дөңгөлөктөрү астында дүңгүрөп турду. ГЭСтин суроосун аткаруу канчалык кыйын болсо да аткарышты. Мен да иштеп жүрдүм...

Анын баарын мен азыр жайбаракат айтып отурам. Көп жыл өттү, көтөрүлгөн чаң басылды дегендей. Ал күндөрү болсо жин ургандай жүрүпмүн. Бир мүдүрүлүп алган соң кыйын экен...

Анын баарын бир башынан айтайын.

Алыбекке жолуккандан кийин автобазага кеч келдим. Жатаканага баратып, дагы бир жолу чайханага бурулдум. Ушу күндөрү кызык болуп кеткем. Эс-учуман тангача ичип, болгон иштерди бүт унуткум келген. Көп эле ичтим, бирок, арактын таасири жетпеди. Чайханадан эс алып чыкпай эле, кайра кыжырланып, капаланып чыктым. Караңгы түндө көчө аралап бир аз бастым да ойлонбостон эле Кадийчага жөнөдүм. Ал да мени күтүп отуруптур.

Ошол ошо болду, анан кете берди. Ошентип, эки бирдей оттун ортосуна түштүм. Күндүз жумуштамын. Автобазага кеч кайткан күнү ар дайым Кадийчаныкындамын. Мени бирдеме ошоякка тартат да турат. Кадийчанын жанында болуу мага тынчыраак, жайлуураак. Журт көзүнөн, ачуу чындыктан, өзүмдөн качканда Кадийчанын коюунуна барып пааналайм. Кадийча мени сүйөт, түшүнөт деп ойлойм. Өз үйүмө кайрылганда кеткиче шашып турам. Аселим, алда байкуш Аселим! Ишенчээктиги, дилинин аруулугу менен мени үйдөн кубалап жатканын билсе го. Ага тең боло албай жатканымды, анын мага кылган камкордугун актай албай жатканымды мен өзүм моюнга алгым келбеди, алдагым келбеди. Нечен жолу үйгө мас болуп келдим. Асел жадегенде урушуп койсо боло. Ал эмнеси, чабалдыгыбы, жумшактыгыбы, же боору ооругандanбы, же акыры оңолот деп мага ишенгениненби, ушул убакка чейин түшүнө албайм. Ырас, акыры бир күнү өзү эсине келет, бу запкысын силкип таштап, баштагысындай болот деп ал ишенип жүрдү мага. Бирок, андан көрө урушуп, мени зордоп токтотуп калса го, атаганат. Ичимдегини бүт айттырса го!.. А балким, мен тартып жүргөн азап жалаң гана иштеги чыр эмес экенин Асел билсе, жооп талап кылып көгөрөт беле?.. Ичимде бороон жүрүп жатканын ал а кезде туйбады. Мен болсом аны аяп, сырымды айтууну күндө эртеңге калтырып жүрө бердим. Күндө эртеси кайра эле аны аяп, ортобуздагы сүйүүбүздү, үй-бүлөмдү аяп, айтпай кетем...

Акыркы жолу жолукканда Асел мени кубанычтуу тосуп алды. Жүзү жадырап, көзү жайнап, көңүлү чак. Чолок тончон, өтүкчөнүмө карабай төркү бөлмөгө сүйрөп кирди.

– Карачы, Илияс! Биздин Саматтай туруп калды!

– Ыя! Кайда жүрөт?

– Тигине, столдун астын кара.

– Баспай эле сойлоп жүрбөйбү.

– Азыр көрөсүң! Кана, уулум, атаңа көрсөтчү тай-тайыңды! Бери кел, келе гой, Самат!

Түшүндүбү, жокпу, иши кылып Самат столдун астынан эмгектеп чыкты. Анан, керебеттин бутун кармап, кадыресе турду. Калтаңдап эптеп турду, ырсалаңдап күлүп турду, отура калбаска аракет кылып чымырканып турду. Анан, ошо чымыркана күлгөн боюнча полго дүп отура калды. Жетип барып эки алаканым менен жерден сузуп алдым да боорума кыстым, ууз-туңгак жыттанган назик жытынан шоркурата жыттап өптүм. О, ал жыт азыр да каңылжаарымдан кетпейт. Баланын жыты, Аселдин жыты.

– Тумчуктурасың эми, Илияс, абайласаң! – Асел уулун колуна алды. – Ии, чын бекен? Чечин. Жакында уулум чоң жигит болуп калат, ошондо апасы да иштей баштайт. Жакшылык тилесек, баары жакшылык менен бүтөт, ушундайбы, уулум? А сен болсоң, – Асел мени муңайым күлүмсүрөй карады. Мен орундукка отуруп калдым. Көптөн бери көкүрөгүнө толгон бугун Асел ушул сөз менен айтканын түшүндүм. Бул сөзүндө жеме да, өтүнүч да, үмүт да бар эле. Мен айтар сөзүмдү айтсам, азыр айтышым керек эле же токтолбостон кетишим керек эле. Кантип айтам? Андан көрө кеткен жакшы. Аселдин оюнда азыр эчтеме жок, көңүлү чак, эчтемеден шеги жок. Мен ордуман турдум.

– Мен жөнөдүм.

– Кайда барасың? – деп Асел чочуп кетти. – Бүгүн да үйгө түнөбөйсүңбү? Жок дегенде чай ичсең боло?

– Чоло жок. Жөнөбөсөм болбойт,– деп булдурадым. Өзүң билесиң, азыр иш кычап турган кези.

Жок, мени үйдөн кубалаган иш эмес эле. Рейске эртең эрте менен гана чыкмакмын.

Кабинага кирип, шылк отурдум да, ич күйүтүмө чыдабай онтоп жибердим. Ачкычты көнүмүш тешигине сала албай убара болгонумчу. Анан, жолго буруп чыктым да

артымдагы үйлөрдүн терезелериндеги жарык көрүнбөй калгыча токтобой жүрүп отурдум. Капчыгайга кирген жердеги көпүрөдөн өткөндө машинени жолдон чыгарып, бадалдын ичине айдап кирдим да токтотуп, жарыгын өчүрдүм. Ушерге түнөмөкчү болдум. Папирос алып чыгып, тамызайын десем, ширеңкемде бир гана чий калыптыр. Чырк этти да өчүп калды. Папиросун да, ширеңкесин да терезеден ыргыттым, чолок тонумун жакасына башымы катып, орундукка бүрүшүп жата кеттим.

Айдын күңүрт шооласы карайган тоолордун жонун муздак жалайт. Капчыгайдын кара шамалы ышкырып, кыңая ачык турган кабинанын каалгасын кыйчылдатат. Ишимдеги жолдошторуман, үйүмөн, элден айрылып, жалгыз калганымдын кусалыгын эт-жүрөгүм мынчалык оор сезген эмес. Мындан ары минтип жашоо болбосуна көзүм жетти. Автобазага барар замат Кадийчага баарын түшүндүрүп, ортобузда болгон ишти унутууга шерт кылып, кечирим суроону бүтүм кылдым. Ушинткеним адилетчилик, акыйкатчылык болчудай.

Бирок, турмуштун бүтүмү башка экен. Андай болот деп ойлосом оюма, күтсөм күдөрүмө кирген эмес эле.

Бир күндөн кийин кайрылып бекет базадагы үйүмө келдим. Эшик ачык турат, үйдө эч ким жок. Асел отун-сууга чыгып кеткен го деп ойлодум оболу. Тегерете карасам, үй ичи астын-үстүн түшкөн. От жагылбаган кара мештен келген муздак илеп үй ичин көрдүн ичиндей суук көрсөттү. Саматтын керебетин барып карасам, бош.

– Асел! – деп чыга шыбырадым, «Асел» деп шыбырады муздак дубалдар.

Атырылып эшикке чуркадым.

– Асел!

Эч жооп болбоду. Коңшуларга жүгүрүп кирдим, бензоколонкага жүгүрүп бардым, эч ким жөндөп билбейт. Билгендери: кечээ күнү Асел уулун коңшуларга таштап коюп, бир жакка барып келген, кеч келген, дешти.

«Кеткен экен да, билип алган экен да!» – деген ой бүткөн боюмду шыргалаң куйгандай муздак титиретип жиберди.

Шорго малынган ошол күнүмдөгүдөй болуп Теңир-Тоону аралата машинени мен эч качан анчалык кубалаган эместирмин. Тиги бурулуштан, же наркы капчыгайдан, же нараак жолдон кууп жетермин деп, дайынсыз үмүт кубалады мени. Алдымда бараткан машине болсо, шукшурулган бүркүттөн бетер баса калам, анан, жайлатып катар айдап, кабинасынын ичин, кузовун аңтара карайм да жок экенин көргөн соң, суурулуп андан озом. Ошентип, токтолбостон үч саат куудум. Акыры радиаторумдагы суу кайнап чыкты. Токтотуп, кабинадан ыргып түштүм да радиаторго кочуштап кар чачтым, суу апкелип чачтым. Радиатордон калың буу көтөрүлүп, машине зоруккан аттан бетер өпкө кагып турду. Жаңы эле рулга отуруп жатсам, бет алдыман прицеп сүйрөткөн Алыбектин машинеси көрүндү. Кубанып кеттим. Экөөбүз араздашып жүрсөк да, эгер Асел алардын үйүнө барган болсо, айтар дедим. Жолго жүгүрүп чыгып, кол көтөрдүм.

– Токто, токто, Алыбек!

Айдап бараткан өнөк баласы Алыбекке бурулуп суроолуу карады. Алыбек кабагын чытып, толгонуп кетти. Машине зуу деп жанымын өтө берди. Жол боюнда бүткөн боюм бүт кар, колумду серейте көтөргөн бойдон туруп калдым. Анан, бетими арчыдым. Кантейин, келме кезек деген ушул. Бирок, мен азыр Алыбекке таарынар чагым эмес эле. Демек, Асел алардыкына барган эмес экен. Иш кыйындай баштады. Башка барар жери жок эле, демек, айылга, төркүнүнө кетип калган экен да.

Үйүнө кантип кирип, эмне жооп айтты экен? Ата-энеси маскара болуп кайтып келген кызын кантип тосуп алышты экен? Жалгыз өзү, көтөргөн баласы, каруусуна илген түйүнчөгү бар. О, шордуу!..

Токтоосуз айылга барыш калды.

Тезинен жүктү түшүрдүм да машинени көчөгө коё коюп, диспетчерге жүгүрдүм. Документтерди таштап кетиш керек эле. Өтө берип бөлмөдөн Жантайга оро-пара келдим. Ошондогу анын мыскылдуу мылжыңдаганын!

Көзөнөк терезеден баш багып, жол кагазды столго таштаганымда Кадийча элейе карап калыптыр. Менин кебетем укмуш болсо керек. Кадийча биресе чоочулап, биресе күнөөлүү тиктей берди.

– Тезирээк кабыл ал! – дедим.

– Бирдеме болдубу?

– Үйдө жок. Асел кетип калыптыр.

– Койчу, ай! – Кадийча ордунан кумсара туруп, эрдин тиштеди. – Кечир, кечир, мени, Илияс! Ушунун баарын мен... мен...

– Эмне «мен»?.. Жөндөп айт, баарын айт! – деп мен эшикти ачып кирип бардым.

– Кандайча болуп кеткенин өзүм да билбей калдым. Кечээ вахтер терезени кагат. Бир кыз келиптир, сага жолугайын деп атат дейт. Аселди дароо эле тааныдым. Телмире тиктеп турду да: «Ошол ырааспы»? – деди. Эмне болгонумду билбейм, өчөшкөнсүп: «Ырас, ошондой. Баары чын. Ал мендик. Ал азыр мени менен!» – депмин. Ал терезеден шарт бурулуп кете берди. Мен стол кучактап жыгылып, жиндиден бетер: «Ал мендик! Мендик!» – деп ыйлай бердим. Башка көрө албадым... Кечир мени!

– Коё турчу, Асел кайдан билип алыптыр?

– Баарын кылган Жантай. Мени да келип коркутуп кеткен. Жантайдын ким экендигин билбейсиңби? Сен бар, Илияс, Аселди тап. Мен эми силерге жолтоо болбойм, бир жакка куруйм...

Кар баскан талаада бараттым. Жер тоңголок. Шамал кыраң жердин карын арыкка киргизе сууп, таптап салган, кумсарган жердин бети менен камгакты далбактата кууп жүрөт. Алыстан шамалга тууралган айыл-

дын тамдары, кара жалбырагынан ажыраган бак-дарак көрүндү.

Кечке жуук айылга кирип бардым. Тааныш короонун тушуна токтоп, энтиккеними басып алууга папирос чектим. Аны бат эле кайра өчүрүп, сигнал бердим. Бирок, Аселдин ордуна ичигин жамынып, апасы чыкты. Мен тепкичке түшүп, сыпайы саламдаштым:

– Арбаңыз, апа!

– Ии, бу шүмшүйүп келген сен белең? – деди апасы түксүйө тиктеп. – Кыларын кылып, кыл жип менен бууп коюп, эми мени апа деп турганын кара! Жогол көзүмө көрүнбөй. Сандалган өлүгүңдү көрөйүн, алмончоктой баламды азгырып, эми уялбай келип турганын көр! Дагы тиктеп коёт, о тикчийген көзүң менен жерге кир! Жадыраган турмушубузду бүкөн-байран кылдың го, жакшылык көрбөгүр!..

Кемпир мага ооз ачтырбады. Оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып жатты. Анын үнүнө коңшу-колоң, бала-бакыра чогула баштады.

– Жогол дейм көзүмөн, болбосо, азыр элди чакыртып, териңди тескери сыйрытам! Каргышым соо койбосун сени, ылайым! Көзүм көрбөгөнүм сен болсун! – деп жаалданган кемпир ичигин ийининен силкип таштап, мага атырылды.

Кабинага отуруп, айдабастан башка чара калбады. Асел чыгып көргүсү келбеген соң, кетиш гана калды. Машинени таяк менен сабап, балдар ташка ала баштады. Ошентип, айылдан узатып чыгышты...

Ал түнү көлдү жээктей басып көпкө жүрдүм. Көл буркан-шаркан түшүп, айдын жарыгына ала көлөкө болуп жатты. О, Ысык-Көл, сен ал түнү сурданып, суук болдуң. Мен жээкте, көмкөрүп салган кайыкта отурдум. Толкундар албууттана жайык жээкти жаба берип, өтүгүмдүн кончун орой калат да оор үшкүрүнүп кайра тартат...

...Бирөө жаныма келип, колун айарлай менин ийиниме койду. Кадийча экен.

Көп өтпөй Кадийча экөөбүз Фрунзеге кетип калдык. Анархай талаасынын жайытын изилдей турган экспедицияга орноштук. Мен шофер болдум, Кадийча жумушчу болду. Ошентип, жаңы турмуш башталды.

Экспедиция менен биз Анархайдын түпкүрүнө, Балхаштын жээгине кеттик. Өткөн турмуштан кол үзгөн соң биротоло үзүлсүн дедим.

Алгачкы мезгилде ич куйкалаган кусалыгымды иш менен басып, иш менен алаксытып жүрдүм. Иш көп болчу. Үч жарым жылдын ичинде Анархайдын тиги четине да, бу четине да чыктык. Канча кудук казбадык, канча жол салбадык, канча кашар курбадык. Азыр Анархай мурдагысындай чак түштө адаштырган дөбө-дөңдүү, шыбактуу уч-кыйырсыз ээн талаа эмес. Малчылар жай алды. Маданий борборлору, короо-жайлары бар. Эгин эгип, чөп чабышат. Ырас, Анархайда али да болсо жумуш көп. Асыресе, биздин шофер журтубузга жумуш табылбай калчу беле. Бирок, мен кайра кеттим. Үйрөнбөгөн жерде жатыркагандан эмес. Көнүп кетиш оңой эле. Кадийча экөөбүз кыйынчылыктан коркчу эмеспиз, жакшы турдук, сый-урматта жашадык. Бирок, сый-урматтын жөнү бир бөлөк, сүйүүнүн жөнү башкача экен. Эки жубайдын бири сүйүп, экинчиси сүйбөсө, анын эмнеси жашоо. Башкалар да мендейби, же мен эле ошондой жаралгамбы, айтор, бирдеме кемчил сыяктанып жүрө берди. Ал кемчилигимди ишим да, жакшы мамиле, мээрим да, сүйгөн аялымдын көңүлү да толтура албады. Аселди дагы бир жолу издеп чыкпай, аны кайрып апкелишке дагы бир жолу аракет кылбай кете бергениме жаным кейичү болдум. Анархайда өткөн соңку жылда Аселди да, Саматты да катуу сагындым. Түнкүсүн уйкумдан айрылдым. Калтаңдап жаңыдан тай турган Саматымдын элеси көз алдыма келе берет. Анын буруксуган назик жыты өмүр

бою көөдөнүмө сиңип калгандай. Чыдай алар эмесмин, Теңир-Тоонун адыр-жондоруна, чалкыган Ысык-Көлүмө, алгачкы жана акыркы сүйүүмү тапкан адыр этегиндеги талаага тартылып туруп алдым. Кадийча сезип жүрдү мунун баарын, бирок, мага күнөө жаап, ыйлактаган жок. Бирге жашай албасыбызга акыры экөөбүздүн тең көзүбүз жетти.

Ошол жылы Анархайга жаз эрте келди. Кар бат жукарып, дөбөлөрдүн чокулары карайып, күңгөй беттер жашыл ыраң жамынды. Жылуулук менен нымды соруп, талаага жан кирип келатты. Бирок, түнкүсүн аба чыкыроон, асманда жылдыздар чыйрыгат.

Бургулоо мунарынын түбүндөгү чатырда жатчубуз. Уйку качкан. Алда кайдан талаанын тынчтыгын бузуп, паровоздун доошу угулду. Бу тегеректе темир жол жок, бизге кантип жеткенин билбейм. Темир жолго чейин жарым күндүк жол. Же мага ошондой угулдубу, билбейм. Эмнеси болсо да солуктап жаткан жүрөгүмдү жулкунтуп, туйлатып кетти. Өрөпкүп, жолду эңсеп туруп алдым.

– Мен кетпесем болбойт, Кадийча,– дедим.

– Мейлиң, Илияс. Ар кимибиз өз жөнүбүз менен бололу,– деди ал.

Ошентип, экөөбүз ажыраштык. Кадийча түндүк Казакстандагы дың жерге кетти.

Жолуң болсун, багың ачылсын деп чын ыкластан тиледим. Өздөрү билбей издешкен кишиси бардыр, тагдыр экөөн туш кылса ажап эмес. Кыз тийген күйөөсүнөн багы ачылбады, мени менен турмушу болбоду. Эми таап калгысы бардыр. Чыныгы сүйүү деген эмне экенин, бирөөгө сүйүктүү болуу, бирөөнү жанындан артык сүйүү деген эмне экенин билбесем, мен деле Кадийча менен ысык жашай бермекмин го. Бул өзү адам айтып түшүндүрө алгыс нерсе экен.

Кадийчаны полустанокко алпарып, поездге түшүрдүм. Вагон менен жарышып, бир далайга жүгүрдүм. «Жолуң

ачылсын, Кадийча, жаман ойдо кетпегин!..» – деп өзүмчө күбүрөдүм акырында.

Каркыралар желе тартып, түштүккө учуп баратышты, мен болсом Теңир-Тоому бет алып, түндүккө жөнөдүм.

* * *

Келерим менен эч аялдабастан түз эле айылга жөнөдүм. Жол улаш машиненин кузовунда баратам. Анда эмне болот деп ойлогум келбейт. Сүрдөп да, кубанып да баратам. Асел экөөбүз алгач жолуккан жолдо баратам. Жол азыр баштагыдай кара жол эмес, таш жол болуптур. Көпүрөлөрү бетондолуп, жол жээгине белгилер коюлуптур. Мурдагы кара жол өзгөрүп кеткенине ичим ачышкансып баратам. Менин машинем тыгылган арыкты тааныбай калыпмын. Асел отурган жол жээгиндеги корум таш ордунда жок.

Айылга жуук кирип барган жерде кабинанын төбөсүн кагып токтоттум.

– Эмне болду? – деди шофер башын чыгарып.

– Токтот, түшөм.

– Талаагабы? Коё тур, азыр жетебиз.

– Рахмат! Аз эле калды,– деп секирип түштүм. – Жөө эле жетип алам, – деп акча сундум.

– Жөн кой. Өз кишибизден албайбыз.

– Алсаңчы, менин чекеме жазып коюптурбу.

– Баскан-турганыңан билип турам.

– Андай болсо болуптур. Жолуң болсун.

Машине кетти. Мен эс-акылымы жыя албай жол үстүндө тура бердим. Сигаретаны оозума алпарсам, колум калтырайт. Эки-үч сордум да, жолго таштап, тебелеп салдым. «Мына, келерин келдим», – деп өзүмчө күбүрөдүм. Жүрөгүм тарсылдап, кулагым зыңылдайт, бирөө балкалап башка салып жаткансыйт.

Айыл кадыресе өзгөрүп кетиптир. Шифер жабылган жаңы тамдар көбөйүп, этеги жайылыптыр. Көчө бойлой зым карагайлар орноп, колхоз башкармасынын түбүндөгү карагай башында радио сүйлөп турат. Мектебине жүгүрүп балдар баратат. Эс тарткан өспүрүмдөр каада күтүп, мугалими менен сүйлөшүп каадалуу басат. Баягы мени ташка алып кубалашкан мадыра баштар ушулардын ичинде бараткандыр... Убакыттын өткөнүн карачы.

Мен ашыга бастым. Мына, талы бийик өскөн, дубал курчаган тааныш короо. Демимди басып, токтоп калдым. Анан, оюм дүрбөлөңдөп, бүткөн боюм муздап, каалганы барып кактым. Колуна портфель алган кичинекей кыз жүгүрүп чыкты. Баягыда тилин көрсөткөн кыз. Мектебине шашып бараткан экен. Мени таңыркай карап калды.

– Үйдө эч ким жок,– деди анан.

– Эч ким жокпу?

– Жок. Апам лесхозго мейманга кеткен. Атам тракторго суу ташыйт.

– Аселчи? Ал кайда? – дедим апкаарып, тамагым кургап.

– Асел эжеми айтасызбы?– деп таң калды кыз. – Эжем алдагачан кетип калган...

– Ошо бойдон такыр келген жокпу?

– Келип турат, жыл сайын жездем экөө келип турат. Апам айтат, жездем жакшы киши дейт.

Башка эчтеме сурабадым. Кыз мектебине чуркап кетти, мен кайра тарттым.

Бу кабар жаныма катуу батты. Кимге чыкса да, качан чыкса да эми мага баары бир болуп калды. Билгенде эмне? Асел башка бирөөгө тийип кетет деп мен такыр ойлобопмун. Ал боло турган иш эмес беле. Мени качан келет деп ушунча жыл тирүүлөй жесир болуп отура бермек беле.

Машине күтпөй жол менен кете бердим.

Ырас, жол жаңырган экен, шагыл төшөлүп, бекем тапталыптыр. Талаа гана баштагысындай, айдоо жери карарып, аңыздары кубарып жатат. Бир чети тоого асылып, бир чети коого барып чорт үзүлөт. Кары жаңы кетип, жылаңачтанып, тердеп жатат. Кайдандыр жаздык айдап жүргөн тракторлордун дабышы чыгат.

Райборборго түндө жеттим. Эртеси автобазага эле барбасам болбойт дедим. Болору болду, баары бүттү. Жашоо керек, иштөө керек, андан нары кудайдын айтканы болор...

Тянь-Шандын кан жолу машинелердин астында кадимкисиндей гүүлдөп жаткан экен. Убап-чубаган машинелер, менин издегеним автобазаныкы. Акыры бирөөнө кол көтөрдүм. Машине күүсү менен өтө чыкты да, сүрдүгө токтоду. Чемоданымды ала шаштым, шофер кабинасынан чыга келди. Карасам, аскерде бир жүргөн Эрмек. Аякта шоферлукту менден үйрөнгөн. Боз баш бала эле. Бүшүркөп тааный албай, күлүмсүрөп турду.

– Тааныбай турасыңбы?

– Сержант Илияс!.. Илияс Алабаев эмессизби?– деди эстей коюп.

– Ошол өзү! – деп күлдүм, бирок, көңүлүм сыздады: эл тааныбай калыптыр, аябай эле өзгөргөн экем да!

Жөнөп кеттик. Ардеменин башын бир сүйлөштүк, аскерди эскердик. Менин турмушуму сурабаса экен деп заарканып баратам. Эрмек билбейт окшойт, сурабады. Көңүлүм тынчыды.

– Аскерден качан келдиң эле?

– Иштегениме эки жыл болуп калды.

– Алыбек Жантурин кайда?

– Билбейм. Мен ишке келгенде ал жок экен. Памирдеги бир автобазада башкы механик болуп иштейт деп сөз кылып жатышканын уккам...

«Жарайсың, Алыбек! Азаматсың, досум! Башынан эле мыкты жигит болчусуң?» – деп ичимен кубанып кал-

дым. Акыры көздөгөнүнө жеткен экен. Ал аскерде жүргөнде эле автожол техникумунда сырттан окучу, институтту да сырттан бүтөм деп жүргөн.

– Начальнигиңер Аманжоловбу?

– Жок, жаңы. Аманжолов министерствого көтөрүлүп кеткен.

– Мени ишке алар бекен, кандай дейсиң?

– Сени албаганда кимди алат! Мыкты шоферсуң. Аскерде эле макталып жатчу эмес белең.

– Бир кезде болчумун,– дедим өзүмчө кейип. – Жантай дегенди билесиңби?

– Бизде андай неме жок. Уккан эмесмин. «Автобазада өзгөрүш көп экен го...» – деп ойлодум, анан дагы сурадым:

– Ашуудан прицеп менен өтүп жүрөсүңөрбү?

– Өтпөгөндө эмнеси бар экен,– деди Эрмек. – Жүккө жараша. Керек болгондо чиркеп алып кете беребиз. Азыркы машинелер күчтүү чыга баштабадыбы.

Ошо прицеп чиркештин азабын мен канча тартканымды бу кайдан билсин.

Ошентип, автобазама кайра келдим. Алгачкы күнү Эрмек үйүнө чакырды. Жакшы күттү. Аман-эсен жолугушканга деп, ичкилик сунду. Оозума албаганыма көп болгон, ичпедим.

Автобазада жакшы тосуп алышты. Жумушка кирип, жатаканадан орун алдым. Жай-күйүмдү мурунтан билген жолдоштор ардемени сурагылап маземди албаганына миң мертебе ыраазымын. Четте жүрүп келип, кайра көнгөн жумушумду ак пейил, адал ниет менен иштеп жүргөнүмдү көрүп турушат. Өткөндү козгоп эмне кылат? Өзүм да баарын биротоло унутууга тырыштым. Баягыда үй-бүлөм менен бир турган жайдан буйтап өтөм. Жанжагыма кылчайбайм. Бензоколонкага да кайрылбайм. Бирок, кайда качып кутулмакмын. Акыры барып тутулдум.

Иштегениме бир топ болгон. Жаңы машинеге жатыгып, моторунун сырын билип калгам. Иши кылып жумушумду беш колдой билип алгам...

Ошол күнү рейстен кайтып келаткам. Оюмда эчтеме жок. Чылымымы чегип, бир калыпта келаткам. Айлана-тегерегиме көз салам. Жер-дүйнө жаздын күнүнө магдырап жатат. Малчылар жаздоого чыгып, кээ коктуларда боз үй көрүнөт. Чамгарактап түтүн созолонуп, береги жол боюнда кой жайылып жатат. Айгыр азынап, үйүр кайрып жүрөт. Бала кезим эске түшүп, ичим ачышкансыйт... Анан, көлгө чыга берип селт эте түштүм: көлдө ак куулар жүрүптүр!

Ысык-Көлгө жазда келген ак кууларды өмүрүмдө экинчи жолу көрүшүм. Көпкөк, мелтиреген көл бетинде аппак болгон жарыктыктар көңүлүмдү удургутуп жиберишти, жолдон чыгып, дың талаа менен түптүз көлгө айдаганымды өзүм билбей калыпмын.

О, кайран Ысык-Көл! Ысык-Көлүм – өмүр бою ырдалып бүтпөс ырым!.. Дал ушул жар кабактын боюнда Аселди кучактап турган күндү кайра эстедим! Баары дал ошол күнкүдөй: ак чалгындуу көк толкундар кубалашып келип, сары жээкке жаба берип жатат. Тоо артына күн батып, наркы жээктин тоолору тамылжып мунарланат. Ак куулар кыйкуу салып көл үстүндө айлана кайып, кайрадан көлгө конгондо ак көбүк чачыратып, алкак-алкак толкундарды таратат. Баары дал ошол күнкүдөй. Бир гана Аселим жок жанымда. Кайдасың сен, кызыл жоолук делбирим?

Жээкте көпкө турдум. Анан, автобазага келдим да, токтоно албадым... жанымды кыйнаган эски кайгыны басайын деп, чайханага кирдим. Аерден кеч чыктым. Асманды кара булут биротоло каптап алыптыр. Боомдон чыккан шамал тал-теректи жерге жеткире ийип, зым карагайлардын башында зуңулдап ыйлап, кум-таш ара-

лаштыра бетке чабат. Көл күрүлдөй толкуп, оор онтоп жатат. Жатаканага араң жетип, чечинбестен куладым.

Эртеси эртең менен башымды көтөрө албай калыпмын, сынып ооруйт. Сыртта кар аралаш жүдөткөн жамгыр жаап турат. Ишке чыккым келбей үч сааттай жаттым. Иш да көңүл иренжитет. Бирок, акыры уялдым, ишке кеттим.

Машинем илбип келет. Машине эмес, өзүм илбип калыпмын. Анын үстүнө, күн да минтип көз ачырбай турат. Каршы жолуккан машинелердин үстүндө жуккан кар бар, демек, ашууга кар жааган экен. Мейли, кар жаамактан бороону соксун, коркор жерим жок, акыры башта бир өлүм...

Көңүлүм жаман түнөрүп бараткан элем. Маңдайымдагы күзгүдөн карансам, сакалым өскөн, оорудан жаңы тургансып шишип-көөп алгам, өз өңүмөн жипкирдим. Жолдо бир жерден шам-шум этип алсам болор эле, эртеден бери наар ала элекмин, бирок, көңүлүм чаппайт, ичким келип баратат. Бир жолу тайсаң, кайра оңолуш кыйын экени белгилүү эмеспи. Закусочныйга токтодум. Биринчи стакандан кийин кичине оңолгонсуп калдым. Машинем да көңүлдүүрөөк жүргөнсүйт. Анан, дагы бир жерге токтоп, жүз граммды согуп алдым. Анан, дагы ичтим. Анан, көрүп ал. Жол зымырап, айнек шыпыргычым шакылдап эле калды. Жүткүнө отуруп, сигаретаны чайнап барам. Айнегиме балчык чачыратып, машинелер жаныман зуу өткөнүн гана билип калам. Күн кечтеп баратты эле, мен да ылдамдадым. Түнөргөн капкараңгы түн мени ашуудан кууп жетти. Мына ошондо арактын күчү бастады. Шалдырап, талыкшый баштадым. Көз алдым караң-кураң этет. Кабинанын ичи тумчуктуруп, жүрөгүм айныды. Мынчалык эч качан катуу мас болбосом керек. Көз ачыштырып, маңдай ылдый тер төгүлөт. Машинеде баратпай эле, алдымдагы соймоңдогон эки устун жарык шооланы минип, кайдадыр бир жакка учуп

бараткансыйм. Эки шоола менен кошо бирде эңишке түшөм, кайра аска-зоону жалмалап өр талашам, бирде бурулуш издеп аркы-терки кайсалайм. Күчтөн тайып баратканымды сездим, бирок, токтободум, анткени, рулдан колуму алсам эле машинени кайра айдай алчудай эмесмин. Каерде баратканымы да билбейм, ашуунун бир жеринде болушум керек эле.

Ох, Долон, Долон, Теңир-Тоонун алпысың! Оңой-олтоң жол бербейсиң! Айрыкча, түн ичинде, төтөн, мас шоферго бүтпөс азапсың!

Машине кайсы бир өрдүн кырына ыйлап отуруп араң чыкты да тик ылдый зуулдаган бойдон кетти. Башым айланып, түн аңтар-теңтер боло түштү. Колдоруму башкара албай калдым. Машине улам күүлөнгөндөн күүлөнүп ылдый кетип барат. Анан, бир маалда күрс эткен дабыш уктум, жарык жалт-жулт этти, көзүмө эчтеме көрүнбөй калды. Көкүрөгүмдүн түпкүрүндө гана «Авария!» деген ой акырын зырп эткендей болду.

Канча жатканымды билбейм. Кулагыма кебез тыгып алгансып, алыстан акырын үндөр чыгат: «Кана, жарык кылчы!» Кайсы бир колдор башымды, ийиними, көкүрөгүмдү сыйпалап жатты. «Жаны бар, мас тура»,– деди үн. Башка үн унчукту: «Жолду бошотуш керек».

– Кана, достум, кичине жылып отур, машинени жолдон чыгарып коёлу, – деп, бир кол ийинимен акырын сүрө итерди.

Мен онтоп алып баш көтөрдүм. Башым ылдый бетими жууп кан агып туруптур. Түзөнө албайм, көкүрөгүмөн бирдеме мыкчып турат. Тиги киши ширеңке чагып, жүзүмө карады. Ишенбей калгансып, дагы ширеңке чагып, дагы карады...

– Сага эмне болгон, дос? Бу кылганың эмне? – деди ал караңгыда кейиштүү үн менен.

– Машине... катуу сыныптырбы?– деп араң сурадым кан түкүрүп.

– Анча эмес. Аскага тийип, жолго тууралланып калыптыр.

– Анда, коё бергиле, азыр жөнөйм! – Калтыраган колум менен ачкыч издеп, стартер бастым.

– Токтот! – деп алиги киши мени капшыра кучактады. – Жетишет бейбаштыгың! Түш! Түнөп ал, эртең көрө жатабыз...

Мени кабинадан сүйрөп чыгышты.

– Кемел, машинени четке чыгарып кой, анан териштирербиз!

Колуму ийинине арта салып алып, караңгыда мени кайдадыр сүйрөп жөнөдү. Узак жүрдүк. Анан, бир үйгө киргизди. Оозгу бөлмөдө чырак күйүп туруптур. Алиги киши мени орундукка отургузду да, тонуму чече баштады. Ошондо гана баш көтөрүп, жүзүнө карадым. Тааный койдум. Бул баягыда ашуудан машине сүйрөтүп чыкканда жолуккан жол мастери Байтемир экен. Бетим чымырай түштү, бирок кубанып да калдым. Кечирим сурап, ыраазылыгымды айтайын дегенче жерге дабырап кулаган отундун дабышы оюмду бөлүп кетти. Кылчайып карап алып, акырын ордуман өөдө боло бердим. Ооздо чачылган отундун үстүндө Асел туруптур. Нес болуп калгандай селейе катып, алая тиктеп турат.

– Бул эмне? – деди акырын.

«Асел!» деп бакырып ийе жаздадым. Бакырат элем, бирок, Аселдин жылуулук сезилбеген жат көз карашы оозуму ачтырбады. Жети өмүрүм жерге кирип, башым шылк этти. Бөлмө ичи тунжурай түштү. Байтемир болбосо, билбейм эмне болмогун. Капарында эчтеме жок, мени ордума кайра отургузду.

– Коркпо, Асел,– деди ал токтоо. – Бул шофер жигит саал жараланып калыптыр. Жатып тыныксын... А көрө бизге иод берчи...

– Иодбу? – Аселдин үнү жумшарыңкы, калтаарый чыкты. – Иодду кошуналар алды эле... Азыр... – Шашкан бойдон чыгып кетти.

Тиштенип, мизбакпай[1] отурам. Мастыгым тарап, көзүм умачтай ачылды. Чыкыйымда гана кан тамырым жарылып кетчүдөй зырп-зырп согуп турду.

– Алды менен канды жууп салыш керек,– деп Байтемир чекемин айрылган жерлерин көрдү да, чака алып, сыртка чыгып кетти. Төркү бөлмөдөн жалаң көйнөкчөн, беш жашар бала баш бакты. Көзүн ачып-жумуп, мени таңыркай тиктейт. Көргөндө эле тааныдым, мен эмес, жүрөгүм тааныды.

– Самат! – деп үнүм кардыгып чыгып, кол суна жүткүнө бердим. Ошол учурда Байтемир кирип келди. Мен негедир коркуп кеттим. Баланы атынан атап жатканымды кулагы чалды болуш керек. Уурулугум кармалгансып, жаман оңтойсузданып калдым. Уятымы жашырышка маңдайымдагы жаратымды сыйпалап, дайынсыз суроо берипмин:

– Сиздин уулуңузбу?

Минтип сурап эмне кереги бар эле, ушу бүгүн да бармагымды тиштенем.

– Менин уулум! – деп Байтемир ишенимдүү, жайдары жооп берди. Чаканы жерге койду да Саматты колуна алды. – Менин уулум болбогондо кимдики болмок, ээ, Самат? – деп муруту менен кытыгылап баланы алкымынан өпкүлөдү. Байтемирдин үнүндө да, кыймылында да кыпындай калпы сезилбеди. – Эмне уктабай жүрөсүң? Ынтызарлыгың ай, кулунум. Бар, төшөгүңө жата кой.

– Апам кана?– деди Самат.

– Апаң азыр келет. Мына, келип калды. Бар, жата кой.

Асел шашып кирди, жалт бир карап алды да Байтемирге иодду бере коюп, уулун төркү үйгө алып кирип кетти.

Байтемир сүлгүнү суулап, чекемдеги канды арчыды.

---

[1] м и з б а к п а й – мистейип, өтө олуттуу болуп кабак бүркөп.

– Чыда! – деп тамашалады иод сүйкөп жатып, анан, катаал айтты: – Ушу жоругуң үчүн иод эмес, уу менен өрттөп ийсе болор эле, мейли эми, конок турбайсыңбы... Мына, болду, эки күндө айыгып кетет. Асел, бизге чай бербейсиңби.

– Азыр.

Байтемир кийиздин үстүнө төшөк салды, жаздык койду.

– Кел, быякка отуруп, эс ал.

– Эчтеме эмес, рахмат.

– Отур, төшөккө отур, кысынбай өз үйүңдөй көр, – деп Байтемир болбоду.

Баары түшүмдөгүдөй. Жүрөгүмү бирөө коё бербей мыкчып тургансыйт. Тиштене чымырканганыман тарамыштарым үзүлө жаздайт. Алда апам ай, мени неге төрөдүң экен?!

Асел чыгып, бизден көзүн ала кача самоорду алды да сыртка кетти.

– Азыр сага жардамдашам, Асел,– деп калды Байтемир. Артынан жөнөмөкчү болду эле, Самат дагы жүгүрүп келди. Анын уктай турган түрү жок.

– Сен эмне, Самат? – деп Байтемир мээрин төгө баш чайкады.

– Байке, сен кинодон түшүп келдиңби? – деп жакын келип, чындап эле сурады менден.

Бу сөздүн кимден чыкканын дароо түшүндүм. Байтемир каткырып калды.

– Ай, тентегим ай! – деп күлдү Байтемир баланын маңдайына жылып отуруп, – Ой, боорум ай... Кенге барып кино көрүп турабыз,– деди мага кайрылып. – Бу жалгыз калмак беле, кошо барат да...

– Ийи, кинодон түшүп келдим! – дедим көңүлүн калтырбай.

Самат кабагын түйдү.

– Калп!

– Эмне үчүн калп?

– Чабышкан кылычың кана?

– Үйгө таштап келдим...

– Мага көрсөтөсүңбү? Эртең көрсөтөсүңбү?

– Көрсөтөм. Кана, бери келчи. Атың ким? Самат беле?

– Самат. Сенин атың ким, байке?

– Менинби... – Сүйлөй албай калдым. – Менин атым Илияс,– деп араң айттым.

– Болду эми, Самат, барып жат, түн бир убак болуп калды! – деп Байтемир сөзгө аралашты.

– Ата, дагы кичине эле тура турайынчы, макулбу? – деп жалынды Самат.

– Мейлиң эмесе. – Байтемир аргасыз макул болду. – Азыр чай апкелебиз.

Самат мага жакын келди. Колунан кармап, сылап отурдум. Мени тартыптыр, куду эле мен. Колу да меникиндей, күлгөнү да мендей.

– Чоңойгондо ким болосуң? – дедим иши кылып уулум менен сүйлөшүп отурууга.

– Шофер болом.

– Машинеге түшкөндү жакшы көрөсүңбү?

– Аябай-аябай жакшы көрөм. Бирок, кол көтөрсөм деле эч ким түшүрбөйт...

– Мен эртең түшүрүп, ойнотоюнбу? Түшөсүңбү?

– Түшөм. Мен сага чүкөлөрүмөн берем! – Бөлмөсүнө жүгүрүп кирип кетти.

Терезенин сыртында самоордун кернейинен жалындын тили соймондоп жатты. Асел менен Байтемир бирдеме тууралуу сүйлөшүп турат.

Самат аркардын терисинен тиккен тулуптагы чүкөлөрүн алып келди.

– Байке, жакшы көргөнүңү ала бер! – деп түр түс боёкко салынган байлыгын алдыма чачып салды.

Бир чүкөсүн эстеликке ала кетейин деп ойлоп, колум барбады. Эшик ачылып, Байтемир кайнап турган само-

орду көтөрүп кирди. Артынан Асел кирди. Ал чай демдеп, Байтемир алдыбызга тегерек стол койду, дасторкон жапты. Самат экөөбүз чүкөлөрдү чогултуп, кайра тулупка салдык.

– Байлыгыңа мактанып жатасыңбы? Ай, мактанчаагым! – деп Байтемир эркелетип Саматтын кулагын кашып койду.

Самоорду алдыга коюп, чай ичип отурабыз. Асел экөөбүз бири бирибизди эч качан билбегендейбиз. Басмыртыраак болууга тырышып, экөөбүз тең унчукпайбыз. Самат Байтемирдин алдында ойдолоп эркелеп жатат.

– У-у мурутуң, сая берет, ата! – дейт да, өзү болбой мурутка жаагын төшөйт. Уулумдун жанында отуруп аны «уулум» деп айта албай, ал башка бирөөнү «аталап» отурганын угуп, заманам куурулду. Жандай сүйгөн Аселим жанымда отурат, бирок, тик багып карай албаганыма заманам куурулду. Кантип мында келип калды экен? Сүйүп тийди бекен? Тигинтип мисирейип, мени таптакыр чоочун кишиден бетер сыр бербей отурса, жөн-жайын кантип билмек элем. Мени ушунчалык жек көрүп калганбы? Байтемирчи? Мен назилимде ким экенимди кантип туйбай койсун? Самат экөөбүздүн окшоштугубузду кантип байкабай койсун? Баягыда ашуудан машине сүйрөтүп чыкканыбызды такыр эскербей койду го? Чындап эле унутуп калды дейсиңби?

Баарынан да жат-жатка келгенде кыйын болду. Мага төшөктү ушерге салышты. Мен дубал жакка тескери бурулуп жаттым. Чырактын билигин кичирейтип коюшту. Асел идиш-аягын жыйнап жүрөт.

– Асел! – деди Байтемир акырын төркү бөлмөнүн ачык эшигинен.

Асел жанына барды.

– Жууп койсоңчу.

Асел менин кан жайылган чатыраш көйнөгүмдү алып, жууй баштады. Анан, токтото коюп, Байтемирге барганын туйдум.

– Радиаторунан сууну төгүп салдыңарбы?– деп сурады. – Аязга тоңуп калып жүрбөсүн.

– Кемел төгүп атат болчу. – Байтемир да күбүрөп жооп кайтарды. – Машинеси соо эле экен. Саал эле жери... эртең менен оңдошуп коёбуз...

Аны мен унутуп да калыпмын. Радиаторду, моторду ойлой турган чак эмес эле.

Асел көйнөгүмдү жууп бүттү да мештин үстүнө тартылган жипке жайып жатып, оор үшкүрүнүп алды. Чыракты өчүрүп, кирип кетти.

Там ичине караңгылык уюп алды. Баарыбыз тең уктабай жатканыбызды билип жаттым. Ар кимибиз өз оюбуз менен алпуруштук. Байтемир менин уулум менен бир керебетте. Маал-маалы менен эркелете кобурап, оопалактаган баланын үстүн жаап жатты окшойт. Асел андасанда муунa үшкүрүнөт. Жаш кылгырып жылтылдаган көздөрүн мен караңгыда көрүп жаткансыдым. Ал эмнени ойлоп жатты, кимди ойлоп жатты? Азыркы жаткан үчөөбүз тең Аселге байланган экенбиз... Мен сыяктанып ал дагы экөөбүздүн башыбыздан өткөн жакшы менен жаманды териштирип ойлоп жаткандыр. Ким билет? Азыр Асел мен үчүн кол жетпес жерде, ойлогон оюна да оюм жетпейт. Ушул өткөн жылдардын ичинде Асел өзгөрүп калыптыр, көздөрү да өзгөрүптүр... Баягы нурдай таза жалтылдаган, ишенчээк көз жок. Катаал тартыптыр. Ошентсе деле мага баягы Асел, тал чыбыктай буралган кызыл жоолук делбирим. Ар бир кыймылы, кирпигинин селт эткенине чейин тааныш, жүрөккө жакын. Ошонусуна ичим күйүп-өрттөнүп, азабы жаныма батып жатты. Жаным кашайганда жаздыктын бурчун кырча тиштеп, таң атканча кирпикти көзүм жумбадым.

Терезеден нары көктөн бирде булутка кирип, бирде чыгып тийген ай көрүнөт.

Таң эрте Асел менен Байтемир чарбасын көздөгөнү сыртка чыкканда мен да турдум. Жөнөш керек болчу. Бутумун учу менен басып, Саматка бардым, акырын өптүм да, шашып сыртка чыктым.

Асел таш тулгадагы чоң казанга суу ысытып отуруптур. Байтемир жыгач жарып жатат. Ал экөөбүз унчугушпай, чылым чегип машинеге бардык.

Көрсө машине түндө жол жээгине кашаа кылып орноткон моло таштарга урунуптур. Экөөсү омкорулуп жатат. Машиненин фарасы сыныптыр, тумшугу майышыптыр. Балкалап, ломдоп жатып, эптеп оңдодук. Андан кийинкиси кыйын болду. Мотор тоңуп калыптыр. Кендир чыпка күйгүзүп атып картерин жылыттык, анан эки кишилеп тутканы толгодук. Ийинибиз тийишип, алакандарыбыз бир туткада ысыды, бирибиздин демибиз бирибиздин бетибизге тийип, бир эле иште иштеп жаттык. А балким, бир эле ойду ойлоп жаткандырбыз ошондо.

Мотор эпке келер эмес. Энтигип демибиз буулду. Ушул учурда Асел эки чака ысык суу апкелди. Сууну радиаторго куйдум. Анан Байтемир экөөбүз кош колдоп экиүч жолу бурадык эле мотор от алып кетти. Мен кабинага отурдум. Мотор какап-чакап жаткан. Байтемир шамын текшергенге балкасын алып астына сүңгүдү. Ушул учурда пальтосун топчуланбай далбалактап, Самат келди энтиге чуркап. Машинени тегерене чуркады, түшүп ойноп келгиси бар. Асел уулун кармап алды да, колунан чыгарбай кабинанын жанында турду. Бир маалда жекире, жаны ооруган аёо менен карады эле өлүп кете жаздадым, ушул азыр күнөөм үчүн башымды аябас элем, иши кылып эптеп уулум экөө кечирсе, кайра кайрылып мага келишсе болду эле. Кабинанын ачык каалгасынан эңкейдим:

– Асел! Уулуңду ал да, түш машинеге. Баягыдай кылып алып кетейин. Түбөлүккө! Түшчү! – деп мотордун доошуна үнүмү жашыра жалбарып жибердим.

Асел эчтеке дебеди, жашылданган көздөрүн акырын ала качып, башын чайкады.

– Түшөлүчү, апа! – деп Самат колунан тартты. – Ойноп келеличи!

Асел Саматты жетелеп, шылкыя басып кете берди. Самат тарткынчыктап жулунса да коё бербеди.

– Болду! – деп кыйкырып, Байтемир капотту жапты да, аспаптарымды мага берди.

Мен жөнөп кеттим. Кайрадан руль колумда, кайрадан баягы жол, баягы тоолор. Эмне окуя болгону менен иши эмне, машине мени алып-учуп баратат...

Аселди, уулум экөөн ашуудан ушинтип таптым, ушинтип жолугушуп, ушинтип ажыраштык. Жетер жериме жеткиче, кайра кайтып келгиче мен ойлоп жүрүп отурдум, бирок эчтеме ойлоп таба албадым. Майнабы жок ойлордон чарчадым акыры... Эми көз көргүс, кулак уккус жакка кеткенден башка арга калган жок. Бу жерге мен батпай калдым.

Ушул бүтүмгө бек бекидим. Ушул ой менен кайра автобазага кайтып келаттым. Жол участогунун жанынан өтүп баратып, жолдон четтерээк жерде өзүнөн элебирээк[1] бир кыз, бир уул бала менен ташкоргон ойноп отурган Саматты көрдүм. Бу балдарды, балким, мурда өтүп жүргөндө деле көрүп жүргөндүрмүн. Демек өзүм билбей күн ара уулумун жанынан өтүп жүргөн экем да. Аны башта кайдан билдим.

Машинени токтоттум.

– Самат! – Бир көрүп кетейинчи дедим. Балдар мага жүгүрдү.

– Байке бизди машинеге түшүргөнү келдиңби? – деп Самат чуркап келди.

– Кичине ойнотоюнбу?

Балдар талашып кабинага түштү.

---

[1] э л е б и р э э к – улуураак.

– Байкеми мен тааныйм, биздикине келген – деп мактанды Самат.

Бир аз жерге салып бардым. Көңүлүм балкып, жүрөгүм элжиреп, балдардан мен жыргадым. Анан аларды түшүрдүм.

– Эми үйгө чуркагыла!

Балдар чуркап кетти. Саматты токтотуп калдым.

– Самат, токточу, бирдеме айтайын! – Төбөмөн өөдө көтөрүп, өңүнө тигиле карап турдум, анан боорума кысып өптүм да, жерге түшүрдүм.

– Кылычыңды ала келдиңби, байке? – Саматтын эсинде экен.

– Алда уулум ай, унутуп калган турбаймбы. Эмки келгенде ала келем!

– Эми унутпайсыңбы, байке? Биз жанагы жерде эле ойноп турабыз.

– Макул. Бар эми, бара кой.

Автобазада жыгаччылардын устаканасынан үч жыгач кылыч жасатып, ала жүрдүм. Балдар чын эле убадалашкан жерде экен. Мен аларды дагы бир аз ойноттум. Уулум, анын жолдоштору менен ушинтип ынакташтым. Бат эле мага үйүр алып кетишти. Мен келатканда алыстан алдымы тосо чуркашат.

– Машине, биздин машине келатат!

Мага жан кирди, киши боло баштадым. Жол жүрсөм да көңүлүм чак. Машинеме оор жүк эмей эле, кубаныч салып бараткандай болом. Жол боюнда уулум күтүп жүргөнү эсимен чыкпай, жүрөгүмдү жылытып барат. Жадегенде эки мүнөтчө кабинага түшүрүп, жаныма алып отурам. Эми менде башка ой жок, эси-дартым уулума кечикпей жетүү. Убактымы да ашуудан күндүз өтүүгө чектейм. Жаз күнү жылымдап, балдар азыр көбүнесе сыртта ойношот. Бактыма чек жок, максатым, иштеп жүргөн максатым ошо балдар үчүн сыяктанат. Кээде гана жүрөгүм зырп эте түшөт. Балдарды машинеге салып ой-

нотуп жүргөнүмдү жол участогундагылар билип калдыбы дейм. Эгер билсе, Саматты үйдөн чыгарбай, жол боюна жибербей коёт эле го. Ичимен Асел менен Байтемирге жалбарам, жок дегенде ушу кичинекей ырыстуу шыбагаман айрыбагыла, күн алыс бир көрүп турганыман ажыратпасаңар экен деп суранам ичимен. Бирок акыры бир күнү ошондой эле болду...

Биринчи май жакындап калган. Майрамдын урматына деп уулума бир белек бергим келди. Бурамалуу оюнчук жүк машине сатып алдым. Ошол күнү автобазада кармалып калдым эле, кечигип чыгып, аябай шашып келатам. Ошондонбу, эмнегедир кооптонуп, себепсиз алактай бердим. Самат бир кубанып калсын деп, мерчемдүү жерге жакындаганда оюнчукту бекиткен жеримен алып, жаныма койдум. Өзүнүн оюнчуктары деле бир далай экен, бирок бул бөтөнчө болмок, чоңойгондо шофер болом деп жүргөн балага жолдон өткөн тааныш шофер байкеси бериптир болуп калмак. Бирок ушу күнү Саматты жол боюнан таппадым. Балдар утурлай чуркап чыгышты, арасынд а ал жок. Кабинадан чыктым.

– Самат кана?

– Үйүндө, тумоолоп калыптыр,– деди бир бала.

– Тумоолоп?

– Жок, тумоологон жок! – деп туура билгенине мактангандай шакылдады бир кыз. – Апасы жибербей койду!

– Эмне үчүн?

– Билбейм. Барбайт деп койду. Куруган экем деп, түнөрө түштүм.

– Ме, алпарып бер,– деп оюнчук оролгон кагазды балага сундум да, кайра айныдым. – Жок, кереги жок. – Кайра алып, машинеме түштүм.

– Байке эмнеге бизди түшүрбөйт? – деп сурады уул бала эжесинен.

– Байке ооруп турат,– деди кыз.

Кыз таап айтты. Ушундан көрө ооруп жатканым жеңил болмок. Аселдин бу кылганы кандай? Биротоло каарганыбы? Канчалык жаман болсом да мага деген бир тамчы мээрими калбаганбы? Ишене албадым... Уулум чын эле тумоолоп калган го деп, ошого ишенгим келди. Анткени бу кылганы Аселге окшобой турду. Бирок, ким билсин... Алиги балага ишенбегидей аны бирөө атайы үйрөтүп койду беле. Өз оюма ишенип алганым ошончолук, азыр Самат эти от менен жалын болуп чабалактап жаткансыды... Балким дары-дармек керек болуп, көлүк табылбай жатпасын, же ооруканага тезирээк жеткириш керектир? Шаар эмес, турган жери ээн тоонун арасы... Улам бир ойго уруна берип, жаным кыйналып кетти.

Кайра тарткан жолдо шашып келаттым. Эмне айла колуман келерин өзүм билбей, тезирээк жетип, уулумду көргүм келди, – ушул ой шаштырды... Же жол боюнан көрөрмүн,– муну ойлоп алып ого бетер шаштым. Ошентип келатсам, өчөшкөнсүп бензиним түгөнүп калса болобу. Аргасыз бекет базадагы бензоколонкага кайрылдым...

* * *

Сөзүнүн ушул жерине келгенде Илияс унчукпай калды. Ысып-күйгөн бетин алаканы менен укалай сүртүп, оор күрсүндү. Вагондун терезесин көтөрө ачып салды да, баятан бери тынымсыз чегип келаткан неме дагы чылымга кирди.

Түн ортосунан ооп калган. Поездде ойгоо бараткан экөөбүз гана болсок керек. Дөңгөлөктөр тынымсыз дүбүртүнөн жазбай шакылдап барат. Тереземен сырттагы шоолалуу жай түнү бизге жарылып жол берип жатты. Полустаноктордун оттору жылт-жулт дей түшүп, паровоз анда-санда түндү үркүтө кыйкырып алат.

– Мына ошол жерде сиз келе калдыңыз, агай. Мен машинеге салбай койдум. Эмнеге салбаганым эми ту-

шүнүктүү болгон чыгар? – Илияс ойлуу күлүмсүрөп койду. – Сиз бензоколонкада кала бердиңиз, анан бир маалда «Победа» минип, кууп өттүңүз. Аны көрдүм... Мен жүрөгүм алкымыма тыгылып, ашыгып бараткам. Бекер ашыкпапмын. Самат жол боюнда күтүп жүрүптүр. Машинени көрө сала, жолду кесе чуркады.

– Байке! Шофер байке!..

Кудай жалгап, уулум сыркоодон тышкары экен. Ошондогу кубанганымды айтпаңыз, кучагыма батпай чыкты. Машинени токтото сала, түшө чуркадым.

– Эмне, тумоолоп калдыңбы?

– Жок, апам жибербей койгон. Апам мени айтат, сенин машинеңе түшпөгүн дейт. Мен ыйладым,– деп Самат арыздана кетти.

– Анда бүгүн кантип чыктың жолго?

– Атам айтты, балдарды ойнотом деген киши ойното берсин деди.

– Ошондой дечи?

– Мен шофер болом дедим...

– Сен сөзсүз болосуң, Самат, болгондо да мыкты шофер болосуң! Мен сага эмне апкелгенимди билесиңби? – Оюнчук машинени алып чыктым. – Мына, карачы, бурама жүк машине, дал сага окшогон кичинекей шоферго ылайыктуу машине.

Уулум жадырай күлдү.

– Мен дайыма, дайыма сенин машинеңе түшөм ээ, байке? – деди Самат суроолуу жалжылдай тиктеп.

– Сөзсүз, дайыма! – деп көңүлүн колдодум. – Жүр экөөбүз шаардагы Биринчи Май майрамына баралы. Машинеге кызыл желекчелерден тагып коодоп алабыз, шаар аралайбыз. Анан сени кайра жеткирип коём.

Эмнеге антип айттым, кандай акым бар эле? Азыр айтуу кыйын. Баарынан да бу сөзүмө өзүм ынанып алдым. Дагы айттым:

– Эгер жактырсаң меникинде кала бересиң биротоло! – Уулума кадыресе чоңдорго айткандай сунуш кылдым. – Экөөбүздүн үйүбүз кабина болот. Кайда барбайын дайым экөөбүз бир жүрөбүз. Сенден такыр айрылбайм, эч жакка коё бербейм. Макулсуңбу?

– Макул,– деди Самат ойлонбостон. – Машинеде жашайбызбы? Жүр анда, байке, жүр кеттик.

Чоң киши деле баладай болуп кеткен учур болот экен. Самат экөөбүз кабинага түштүк. Мен апкаарып машинени от алдырдым. Саматтын кубанычы койнуна батпайт, эркелеп этек-жеңими тарткылайт, жумшак орундугунда секире кетет. Жөнөй бердик. Самат андан бетер сүйүндү, кыткылыктап күлө мага бирдемелерди божурайт, рулду, прибор тактаны көрсөтөт. Аны көрүп мен шайырландым. Бирок ойлой коюп, аза боюм дүр этти. Бул эмне кылганым? Тормоз бердим, бирок Самат ого бетер шаштырды.

– Тез айда, байке, тез-тез айда!

Баланын көңүлүн кантип калтырайын. Газды саал бастым. Машине күүлөнө берген жерде алдыбыздан жол тегиздеп жүргөн грейдер жолукту. Ал кайрыла бергенде нары этекте Байтемир жүргөнүн көрдүм. Алактап калдым. Токтотоюн десем кеч болуп калды. Баланы эмне үчүн мынча алыс алып кеткениме айтаар шылтоом жок. Эңкейе бердим да, газды катуу бастым. Байтемир чоң күрөк менен шагыл которуп тегиздеп жаткан экен, бизге көңүл бурбады. Өткөн-кеткен машинеден көп неме жок, кайсы бирин карай бермек. Бирок Самат көрүп калыптыр.

– Тигине атам! Байке, атамы да алып алалычы, ыя? Токточу, мен чакырайын!

Мен тиштенип унчукпадым. Эми токтош болбойт, эмне дейм? Самат корко баштады, артына кылчактап, чыңырып ыйлап жиберди.

– Атама барам! Токто, атама барам! Токто, кереги жок! Апа-а!..

Бурулуштагы асканын далдасына кайрылып токтодум. Уулуму сооротуча шаштым:

– Ыйлаба, Самат, ушу да болобу! Азыр кайра жеткирип коём! Ыйлабачы!

Бирок коркуп калган бала уккусу жок.

– Кереги жок! Атама барам! Ач, кетем! – деп каалганы тарсылдата ургулап жиберди. – Ач дейм, атама барам! Ач!

Соорото алсамчы, айлам кетти.

– Сен ыйлабачы, – деп жалдырадым. – Азыр ачам, ыйлабагын эле. Мына азыр, өзүм атаңа жетелеп барам. Кана чык, жүр.

Самат жерге секирип түшүп, артка чуркады. Мен кармап калдым.

– Токто. Жашыңы аарчып ал. Ыйлаба да. Садагаң болоюн уулум, ыйлабачы? Ии, машинеңи ала кетпейсиңби? Карачы! – Оюнчук машинени алып, ачкычын толгосом колум калтырайт. – Карагын эле, азыр сага чуркап жетет. Карма! – Машине жол менен жөрмөлөп барып, чүкөдөй ташка тийди да, кюветке коңторулуп кетти.

– Кереги жок. Албайм! – деп Самат мурункудан бетер бакырды.

Алды-артына карабай качып жөнөдү.

Селейип туруп калыпмын. Ачуу заар томук келип тамагыма тыгылды да, демим кыстыгып кетти. Саматтын артынан чуркадым.

– Токточу, ыйлабачы, Самат! Токто, мен сенин... мен сенин... Билесиңби! – Бирок айтууга тилим күрмөлбөдү.

Самат качып баратты. Артына караар эмес. Бурулуштан көрүнбөй кетти. Жарташка чейин чуркап барып, далдадан баланы карап турдум.

Иштеп жүргөн Байтемирге чуркап жетип, кучактап жыгылды. Баарын көрүп турам. Байтемир отура калып, баланы бооруна кыса кучактады, жашын аарчып, маңдайынан сүйүп, бооруна кысып турду. Бала да анын мойнуна асылып, сыга кучактап алды. Элеңдеп мен жакты карап коёт.

Анан Байтемир күрөгүн ийинге салып, баланы колдон жетелеп, кете берди. Бир чоң, бир кичинекей – эки киши жолдо кол кармашып кетип баратты.

Жарташка сүйөнүп тура берипмин, шылкыйып артка тарттым. Жыгылып жаткан оюнчук машинеге келдим. Дөңгөлөктөрү көктү карап, оодарылып жатат. Көзүмөн жаш чыгып кетти. «Мына, баары бүттү!» – деп чоң машинем менен муңдашып, капотунан сыладым. Мотордун ысык деми бетке урду. Уулум менен эң акыркы жолукканымдын жалгыз күбөсү ушу жансыз машине да мага азыр жакын көрүндү...

* * *

Илияс ордунан туруп, тамбурга жөнөдү.

– Салкын абага дем алып келейинчи, – деди ооздон кылчайып.

Мен купеде калдым. Таң куланөөк тартып, чыгыш жээк шоолаланып калыптыр. Зым карагайлар булаңгыр зып-зып өтөт. Жарыкты өчүрсө да болгудай экен.

Текчеде жаттым. Мен билип, Илияс билбеген тарых бар эле, ошону айтсамбы, айтпасамбы деп ойлоп жаттым. Бирок ал келбей кечиге берди. Ошентип айтпай калдым.

* * *

Жол мастери Байтемир менен таанышканыма көп болду. Асел менен уулу ашууда жашаарын Илияс билген кез болуш керек.

Жарыштын натыйжасын текшерүү үчүн жана тажрыйба алмашууга Кыргызстан жол кызматкерлеринин делегациясы Памирге барат деп жатышкан. Ошого карата Тажикстандын республикалык газетасы мага тоодогу кыргыз жолчулары тууралуу очерк жазууну тапшырган болчу.

Белгиленген делегациянын ичинде мыкты жол мастери катары Кулов Байтемир бар экен. Ошол Байтемир менен таанышууга мен Долонго бардым.

Барган эле жерден жолум болуп, оңой кездештик. Ашуунун белине чыга бериште биздин автобусту колунда кызыл желекчеси бар жумушчу токтотуп калды. Көрсө алдыбызда көчкү жүрүп, жолчулар азыр жол тазалап жаткан экен. Мен автобустан түшүп, көчкү жүргөн жерге карай бастым. Бульдозер карды шилеп, кургуйга түшүрүп жаткан экен. Ал кайрыла албаган чукул жерде жумушчулар карды таптап жатышат. Брезент плащчан, керзи өтүкчөн бир киши бульдозерге катар басып, айдоочусуна жол көрсөтүп жүрөт.

– Солураак! Дагы бир жолу өт! Стоп! Артка!

Жол оңолуп бүтүп калыптыр, өтөр тилкеси таза. Эки тараптан тең күтүп турган машинелерден шоферлор тынбай сигнал берип, тезирээк жол бер деп урушуп жатканы бар. Тиги плащчан киши болсо кабагым-кашым дебейт, байсалын жазбай тракторду башкарып жүрөт. Бульдозерду уламдан улам айдатып, жолду аябай таптатып жатат. «Байтемир деген болсо ушу болор. Өз ишине мыкты экен», – деп ойлодум. Жаңылбапмын, Байтемир Куловдун өзү болуп чыкты. Акыры жол ачылып, машинелер каршы-терши өтүп кетишти.

– Сиз эмне калдыңыз, автобусуңуз кетип калбадыбы? – деди Байтемир мага.

– Мен сизге келаткам.

Байтемир таң калдыбы-жокпу, билгизбеди, салабатын жазбай колуму кысты.

– Коноктун келгени – ырыс келгени.

– Сизде жумушум бар, Баке,– дедим түз эле ишими айтайын деп, – биздин жолчулар Тажикстанга барарын билерсиз?

– Уккам.

– Анда Памирге жөнөөр алдыңызда сиз менен сүйлөшүп калышым керек.

Келген максатымы айткан сайын Байтемир буурул мурутун улам чыйратып, ойго батып, кабагы салаңдай берди.

– Келгениңиз жакшы,– деди акырында,– бирок мен Памирге бара албайм. Мен тууралуу жазып да кереги жок.

– Эмне үчүн? Колуңуз бошобойбу? Же үйдөн чыга албайсызбы?

– Колум бошобосо ушу жолдон бошобойт. Өзүңүз көрүп турасыз. – Унчукпай калды да, папирос алып чыкты. – Үйдө болсо... элдин үйүндөй эле тирилик... Бирок Памирге бара албайм.

Делегациянын ичинде ага окшогон жол мастери болгону кандай маанилүү экенин түшүндүрүүгө, ишендирүүгө канча аракеттенсем да, Байтемир сыйлап угуп отурганы менен, такыр ынанбай койду.

Мен нааразы болдум, өзгөдөн өзүмө нааразы болдум. Журналисттигим кайда калды бу жолу? Бу кишинин ыңгайын таппадым го. Редакциянын тапшырмасын аткарбай куру кол кетет турбайымбы.

– Болуптур анда, Баке, кечиресиз, мен кайтайын. Дагы бир жол улаш машине чыгар...

Байтемир мени байыстуу кадала тиктеп калды да, мыйыгынан жымыйды:

– Шаарлык кыргыздар ата салтын унутуп бараткан бейм. Менин да үй-жайым бар, дасторконум жайылуу, конок төшөгүм салынуу. Атайы мени издеп келген соң жол боюнан кайра тарткан болобу. Түнөп алып, эртең

үйдөн жөнөөрсүз. Жүрүңүз, үйдө аялым менен уулум учурашсын сиз менен. Азыр капа болбой токтой туруңуз, жарыкта жолду бир карап чыгайын. Бат эле келем. Иш ушундай...

– Коё туруңуз, Баке. Мен да сиз менен кошо кыдырайын...

Үстүмдөгү шаардык костюмуму карап, Байтемир дагы жымыйды.

– Мени менен кошо жүргөнүңүз анча жарашпас дейм. Барыш-келиш бир топ жер.

– Мейли.

Экөөбүз бирге бастык. Ар бир көпүрөнүн, ар бир бурулуштун түбүнө, жар башына токтоп жүрүп отурдук. Арийне сүйлөшө жүрдүк. Баары эмнеден кандай башталып кеткенин өзүм байкабапмын, Байтемир кандайча мага чечилип жибергенин али күнчө билбейм. Иши кылып, ал мага башынан өткөн таржымалын, үй-бүлөсүнүн таржымалын төкпөй-чачпай узун сабак сөз кылып айтып берди.

## ЖОЛЧУНУН БАЯНЫ

– Памирге эмне үчүн баргым келбегенин сурадыңыз. Мен өзүм памирлик кыргыздардан болом, бирок минтип Тянь-Шанда туруп калдым. Памир жолунун курулушуна каргадай кезимен баргам. Комсомол ураан таштаганда барганбыз. Жолду жамы журт жапа тырмак курганбыз. Азыркыдай техника жок. Жан аябай иштедик, айрыкча жаштар. Памирге жол салыш деген эмне шумдук! – мына ушу бизди ээликтирген. Мен ударник болуп жүрдүм, нечен жолу сыйлык алдым. Муну мен сөз угуна жараша айтканым.

Ошол курулушта бир кызды кезиктирдим. Ашык болуп арзыдым. Акыл-эстүү, кебетеси келишкен кыз болчу. А кезде кыргыз кызы айылдан чыгып, курулушка

барып иштейт деген адам ишенбес жомок эле. Бирок ал кыз айылдан келиптир. Салтыбыз чидерлеп, кыз тагдыры азыр деле оңой эмес. Аны өзүңүз жакшы билесиз. Ошентип бир жылдай сүйлөшүп жүрдүк. Жол бүтө жаздап калган. Жабыла киришип жол сала коюш иштин бүткөнү эмес, анан жолду да багып туруш керек. Хусаинов деген инженер жигит бар эле, ал азыр деле жол тармагында бир чоң кызматта. Экөөбүз ынак болчубуз. Мени курска барып окууга ошол көндүрдү. Мен кайрылып келгенче Гүлбайра күтпөйт го, көздүү мончок жерде калмак беле деп жүрдүм. Жок, күтүптүр. Экөөбүз баш коштук. Ынтымактуу жакшы турдук. Ошол жол участогунда иштейбиз. Тоо арасында, ашуунун белинде ээн жашаган жолчуга аял, үй-бүлө деген өзүнчө улуу журт, өмүргө шерик деп ошону айтса болот. Аны кийин билдим. Мен ушул ишти өмүр өткүчө деп жакшы көрүп калганыма да аялым себепкер болду. Аялым кыз төрөдү, анан дагы бир кыз төрөдү. Аңгыча согуш чыгып кетти.

Эл чубап, аскерге жөнөп жатты.

Памир жолу өткүн сабап аккан дарыяга окшоп турду ошол күндөрү.

Менин да кезегим келди. Эрте менен үй-ичибиз жабыла жолго чыктык. Кичине кызымды көтөрүп барам, улуусу этегимен кармап, тепеңдеп келет жанымда. Байкуш Гүлбайрам жол кабымды көтөрүп, араң карманып келет. Ээн тоодогу жол участогунда чиедей эки бала менен жалгыз калыш оңой бекен. Айылдагы төркүнүнө жиберсем болбой койгон. Эптеп күн өтөр, сени ушерден күтөлү, анын үстүнө жолго көз болгон киши да керектир деп койгон... Жолдун боюнан аялым, балдарым менен коштоштум. Балдар эмес Гүлбайра экөөбүз деле ал кезде бала бойдон экенбиз. Жаңыдан гана гүлүбүз ачылып келаткан экен...

Согушта мен сапёр батальонуна туш болдум. Согуш өткөн жолдордо биз канча көпүрө курбадык, канча өткөөл

салбадык. Эсеп жетпейт. Дондон өттүк, Висла менен Дунайдан да өттүк.

Шыргалаң сууга тоңуп, түтүн менен от ичинде өрттөнөсүң. Жанындагы эле кишилер окко учуп жатса, тырп этерге ал калбай жан кашайганда ушул ок мага неге тийбейт деп наалыйсың. Бирок тиги алыскы чыгышта, ээн тоодо күтүп жүргөндөрдү эстегенде кайдан кубат киререрин билбейсиң, өжөрлөнүп-өчөшүп кайра турасың. Жок, мен алыскы Памирден ушердеги бир көпүрөнүн астында өлүп калайын деп келген эмесмин. Көпүрө бекиткен жоон зымдарды тишим менен бурап бекитип, ажалга моюн сунгуң келбейт. Ошентип, ажалым жок экен, Берлинге жетип кайттым.

Почта баягы биз салган жолдон өтөт да, аялым тындырбай кат жазып турду. Болгон жаңылыктарды бүт жазат, менин ордума жол мастери болуп калган, ошол ишин, жолду жазат. Жол деген жолуң асман тиреген Памирди артылып жатса, аялымдын көргөн күнү оор эле болуп жатканын сезип-билип жүрдүм, билгенде аргам канча.

Кырк бешинчи жылдын жазынан баштан кат үзүлдү. Фронтто эмнелер болбойт, каттары дагы бир бөлүктө адашып жүргөндүр деп өзүмдү өзүм жубатам. Бир жолу мени полктун штабына чакырышты. Жолдош старшина, мыкты согуштуң, мына сага ыраазылыктын белгиси деп сыйлык беришти. Үйүңө кайт, эми сенин керегиң ошоякта тиет дешти. Мен кубанбагандачы. Атүгүл, телеграмма салып жибердим. Кубанганыман эмне үчүн мени мөөнөтүмү бүтүртпөй бошотуп жатышканын ойлобопмун...

Туулуп өскөн жерге келдим, учетко турушка убакыт болор деп, жолдогу военкоматка да кайрылбадым. Эртерээк үйгө жеткиче шаштым. Жол улаш полуторка жолукту, ага түшүп алып Памир жолун өрдөп жүрүп бердим.

Канатым болсо учуп кетмекмин. Аскерде туш келди чапкылап жүрүп көнгөн жан, буерде ташбакача жылжып бараткандай болом. Кабинаны каккылап, шофёрду шаштырдым:

– Ылдамда, иничек, бу шалдырагыңдын аяр жери калбаптыр, тездет! Үйгө баратам!

Мына жетип да калдык. Бурулуштан кийин эле менин участогум. Чыдай албадым. Жүрүп бараткан машинеден ыргып түштүм да, жол кабымды ийинге арта салып, чуркадым. Чуркап баратам, чуркап баратам, бурулуштан бурулдум... анан эсеңгиреп туруп калдым. Баары эле ордунда турат: тоолор деле ордунда, жол деле баягы. Бирок менин там-ташым ордунда жок. Тегерегимен кыбыр эткен жан көрүнбөйт. Үйүлгөн гана таш жатат. Биздин үй жолдон четте, тоо түбүндө эле. Суукка ык болгону менен, кысык жер эле. Үстүбүздөгү тик бетти карап алып, көзүм тунара түштү. Баягы тик бет жок, көчкү жүрүп, кургуйлаган жар болуптур. Чоң темир чеңгел беттен ылдый тырмап өткөнсүп, көчкү жолуна туш келгендин баарын шыпырып кетиптир. Аялым кийинки катында кар калың жаады, эми жамгырлап турат деп жазыптыр болчу. Озунуп жардырып, көчкүнү жүргүзүп салыш керек эле, бирок ал аялдын колунан келер ишпи...

Таппасаң сыйпалап кал деген дал мен болдум. Ажал менен миң жолу бетме-бет келип, тозоктун өзүнөн тирүү келсем, мына!.. Кыймылдай албай теңселип тура бердим. Тоо жаңырта бакырып-бакырып алгым келет, үнүм чыкпайт, дарамет жок. Жан кетип, таш болуп катып калгансып, ичим түпөйүл тоңду да калды. Ийинимен жол кабым гана жылбышып жерге түшкөнүн сездим. Ал ошо түшкөн жеринде калды. Кыздарыма, аялыма ала келаткан белек-бечкегим бар эле, аскердик көрөбай-шөрөбайды жолдо кытырак таттиге алмашып алдым эле... Дагы бир сыйкырдуу укмуш болуп кетчүдөй эсеңгиреп тура бердим. Анан бурулуп кайра бастым. Мен бассам, тоо-

лор нары-бери теңселип кетет, мени баса жыгылчудай бери жылып келатат. Бир бакырып алдым да, качып жөнөдүм. Кетейин! Бу каргыш тийген жерден тезирээк жоголоюн! Мына ошондо боздоп ыйлап, качып бараттым...

Каякка, кантип жүргөнүмү билбейм, үчүнчү күнү бир станцияга туш болдум. Ээн талаада адашып жүргөнсүп, эл арасында каңгып жүрөм. Бир офицер атым айтып чакырат. Карасам, Хусаинов, аскерден бошонуп келатыптыр. Туш болгон күнүмдү айтып бердим ага.

– Эми кайда барасың? – дейт.

– Кайда барарымды өзүм билбейм.

– Жок,– деди ал,– кайрат кыл. Сени минтип жалгыз сенделтпейм. Кеттик Тянь-Шанга, барып жол салабыз, анан көрө жатарбыз...

Ошентип ушуякка келип калдым. Алгачкы жылдары кан жолдогу көпүрөлөрдү салып жүрдүм. Убакыт өтүп жатты, бир жерден орун-очок алыш керек болду. Хусаинов ал учурда министерствого иштеп кеткен. Биз жакка келип калганда дайыма мага жолугуп өтөт. Жол мастерлигиңе кайра өт деген да ошол болду. Мен даабай жүрдүм. Жүрөгүм өлүп калыптыр. Курулушта көпчүлүк менен билбейсиң. Жол мастери болуп, ээн тоодо жалгыз жүрсөм дайыным эмне болот деп түпөйүлдөндүм. Памирде башыман өткөнү эскире элек, эстен чыкпайт. Ошону менен жашоом бүткөнсүйт, алдымда эчтеме жок сыяктанат. Үйлөнөйүн деген ой түк жок. Гүлбайра менен балдарымды ойлогондо башканы көргүм келбейт. Алардын ордун толтуруп берчү жан жоктой. Эптеп эле күн көрүүгө үйлөнгүм келбейт. Андан көрө жалгыз жүргөнүм жакшы.

Акыры жол мастерлигине бармай болдум. Көрөйүн, болбосо бир жакка кете берермин. Мага ушу ашуунун белиндеги участокту беришти. Акырындап көнүп кеттим. Ашуу эмеспи, иши көп, кол бошобойт, ошого алаксып

кеттимби, билбейм. Жан ооруткан кайгы да бара-бара эски дарттай болуп жымырылып унчукпай калды. Кээ бир түндөрдө гана Памирдеги жок үйүмдүн ордуна сенек болуп турганым, жол кабым ийинимен жылбышып түшүп бараткан түшкө кирет... Андай күндөрү таң эрте ишке кетем да, түн киргиче үйгө келбейм. Ошентип жалгыз жүрдүм. «Тагдырдын мага деген дагы бир жакшылыгы бар чыгар...» – деп кээде көңүлдүн терени козголуп калат.

Бар экен. Кыйнап келди. Андай болорун күтпөгөн элем.

Мындан төрт жыл чамасы мурда кошунамын энеси ооруп калды. Өзү иштен, үй-тиричилигинен чыга албайт. Кемпир болсо күндөн күнгө ылдыйлап баратат. Ошондо доктурга мен алпарып келмей болдум. Жол башкармасынан көр-жер ташыган машине келип калган эле, ошого салып алып шаарга жөнөдүм. Догдурлар ооруканага жаткыралы десе, кемпир болбой койду, үйгө, балдарымын кашына барып өлөйүн деп. Эрдик кылсаң сүрө кыл, мени кайра алып кет, сообума кал. Болбосо убалыма калып жүрбө деди. Кайра алып жөнөдүм. Каш карайып калган. Бекет базанын тушунан өтүп бараткансыз. Аңгыча шофер машинесин токтотту.

– Кайда барасыз? – деп бирөөдөн сурады. Аялдын үнү угулду, шыбырты чыкты.

– Түшүңүз! – деди шофер. – Түшпөйсүзбү?– деп машинени жакын айдады.

Боорунда баласы, карысында түйүнчөгү бар келин борт түбүнө келди. Кузовго тартып алдым да, кабинанын түбүндөгү ыктоо ордумду берип, өзүм бурчка отурдум.

Нары жөнөдүк. Суук күч. Ызгаар шамал сөөктөн өтүп, чучугуңа жетет. Келиндин баласы ыйлай берди. Термеп, сооротсо да болбойт. Бала кыйнала турган, апасын кыйнай турган. Кабинага отургузса болор эле, аерде оору кемпир араң баратат. Мен келинди ийининен түрттүм:

– Кана, баланы мага бериңизчи, басылып калгысы бардыр. Өзүңүз ылдыйырак жымырылып отуруңуз, шамал тийбесин.

Баланы чолок тонума каттым, боорума кыстым. Басылып, мурунну бышылдай баштады. Маалына жете элек наристе экен. Сол колтугума катып отургам. Бир маалда жүрөгүм лакылдап, ок тийген чымчыктай диртилдей кетти. Эмнегедир толкундап сүйүнүп да, каңырыгым түтөп да отурдум: «Мен ушу бойдон эле бала көрбөй өтөмбү?» Бала болсо боорума жабышып, жүрөгүмдү жылытат.

– Уулбу?

Келин баш ийкеди. Пальтосу жука экен, калчылдап үшүп барат. Мен кышкысын да тонумун үстүнөн плащымы түшүрбөйм, ишибиз ошондой. Баланы бир колума кармап, бош жеңими сундум.

– Плащты чечиңиз. Бу кийимиңиз менен суукка урунуп каласыз.

– Жок, жөн эле коюңуз,– деп болбойт.

– Тартыңыз жеңди! – Жадегенде шамалга огожо болор.

Келин плащыма оронду, мен этегин кымтылап койдум.

– Кичине жылындыңызбы?

– Жылындым.

– Ушунтип да жолго кеч чыгасызбы?

– Ушундай болуп калды,– деди акырын муңайым үн менен.

Ал ортодо капчыгайга кирип калганбыз. Ушерде кенчилердин поселогу бар эле. Баары уйкуда, терезелери караңгы. Иттер арсылдап машине менен тең жарышты. Келин каякка баратканы мына ушунда эсиме келиптир. Кенчилерге келаткан го деп ойлогом. Анткени мындан нары ашуу, анан биздин участок, башка барар элдүү жер жок.

– Сиз келип калган жоксузбу? – деп келинден сурап, кабинаны каккыладым. – Ашууга аз калды, андан нары машине барбайт.

– Бул кайсы жер?

– Кен. Келаткан жериңиз буер эмеспи?

– Ийи… Ийи, ушерге, – деп коомайлана айтты.

Анан шашып турду да, плащты берип, баласын алды. Бала кайрадан кыңылдай баштады. Бу келин жөн келаткан келин эмес, бир балээ болгон окшойт деп, мен негедир кадиктене калдым. Ушу ит өлгөн суукка таштап кетебизби?

– Сиздин барар жериңиз жок көрүнөт! – деп түз эле айттым. – Оюңузга жаман албаңыз. Баланы мага бериңиз! – деп баланы колунан сууруп алдым. – Кыйыктанбаңыз. Биздикине түнөп алыңыз, эртең өзүңүз билиңиз. Болду! Кеттик! – деп кыйкырдым шоферго.

Машина жүрдү. Келин бетин басып, шылкыйып отурду. Ыйлап отурдубу, ким билсин.

– Чочулабаңыз! – дедим жоошутуп. – Сизге жаман оюм жок… Мен жол мастери Кулов Байтемир деген болом. Мага ишене берсеңиз болот.

Келинди баласы менен үйүмө орноштуруп койдум. Дагы бир бош бөлмөм бар болчу, мен ошоякка көчүп жаттым. Көпкө уктай албадым. Оюм он талаа. Тынчым кетти. Такып сурай бергенди өзүм да жаман көрөм, бирок дагы бир керети болуп жүрбөсүн деп, анча-мынча суроо каттым. Келин көңүлдөнбөй, чечилбей жооп берип отурду. Адамды кайгы басканда ар бир айткан сөзүнүн артында он сөздүк айтылбаган маани калат. Күйөөсүн таштап, үйүнөн чыгып кетиптир. Өзүн басынттырбаган неме окшойт. Күйүтү күчтүү болуп, муңканып отурса да, басынгысы жок. Арийне, ар кимдин өз ыктыяры. Бир билгени бар чыгар. Ошентсе да, жапжаш келин экен, боорум ооруду. Кыздай болуп тал чыбыктай буралат. Жайчылыкта наздуу, жайдары болуу керек. Ушундай

жандын кадырына жетпей айрылып калган ким болду экен? Түшүнсөм буюрбасын. Бирок өздөрүнүн иши го. Менин тиешем эмне. Эртең бир жол улаш машинеге салып жиберермин. Ошону менен кайыр кош.

Таң ата турдум да, жолду бир кыдырып чыгып, кайра бат эле кайтып келдим. Конокторум эмне болуп жатты экен деп, көңүлүм тынчыбады. Ойготуп албаска бутумун учу менен басып, оозгу бөлмөдөгү мешти жактым, самоор койдум. Көрсө келин бая эле ойгонуп, туруп алыптыр, кетүүгө камынып жатыптыр. Рахмат айтып коёт мага. Чай ичмейин жибербей койдум. Түндөгү чыргоо бала оюну чыгып калган кызык кези экен. Аны кичине ойнотом деп өзүм да ырахатка баттым... Чай ичип отурганда сурадым?

– Каякка бараттыңыз эле? Келин ойлоно калып айтты:

– Балыкчыга.

– Ата-энеңиз ошерде турабы?

– Жок. Алар айылда, Тосордон нары.

– О, анда машине которуп, дагы жүрөт турбайсызбы. Кыйналасыз го.

– Мен аякка барбайм, – деди ойлуу, анан баласын кошо сүйлөдү. – Биз айылга бара албайбыз. Өзүбүз күнөөлүүбүз.

Ата-энесинин тилин албай, өзү тапкан күйөөгө чыккан го деп болжодум. Көрсө, дал ошондой болуптур.

Жолго камынды. Баланы көтөрүп, жол боюнда суукка кайыгып тура бергенден көрө үйдө отура тургула дедим. Машинени мен деле токтотуп берем.

Жолго жеткиче мени санаа басты. Эмнеликтен экенин билбейм, булар эми кетишет, мен болсом кайрадан жалгыз калам деген ойдун кусалыгы жүрөгүмдү мыжыгып барды.

Оболу жол улаш машине чыкпады. Анан бир машинеге өзүм кол көтөрбөй өткөрүп жибердим. Кайра корктум.

Бул эмне кылганым? Мына ошондой эки ойдун ортосунда кыйноо тарттым. Машинелер өтүп жатты, мен өткөрө бердим. Эмкисин токтотоюн дейм, анысы келгенде колум көтөрүлбөйт. Бетим чымырады. Тыякта алиги келин жакшы үмүт менен күтүп отурат. Өзүмө жиним келет, бирок колум көтөрүлбөйт. Жолдо аркы-терки басам. Актанып айтар себеп издейм. Тигинин кабинасы суук экен, айнеги жок, мунун машинеси эски экен, жанагы болсо, шофер аңырандап баратат, маспы, балакет баскыр. Кабинасында киши бар машине өтсө баладан бетер кубанып калам. Азыр эмес, дагы кичине, дагы беш мүнөттөй үйдө отура турушсун. «Кайда барат? – деп ойлойм. – Айылга бара албайбыз деп өзү айтты. Балыкчыга барганда баласы менен каерге баш калкалайт? Бу кыштан чыкпай калат го. Андан көрө меникинде кыштай бербейби. Кичине тура турсун, акыл токтотсун, балким кайра эрине кайтар. Же күйөөсү издеп келип калар...»

Шордуу башым ай! Жана эле ээрчите келип, салып жибербей эмнеге өз жанымды кыйнадым! Үч саатча бир жерде басып жүрө берипмин. Өзүмө жиним келди. Кой, өзүн ээрчитип келип, анан машине кармайын. Болбосо болор эмес. Келин күтүп отуруп жадаса керек, үйдөн чыгып келатыптыр. Уялдым, тентектик кылган баладай жалтайладым.

– Күтүп калдыңызбы? – деген болдум. – Жол улаш машине чыкпайт. Чыгарын чыкты, бирок ылайыгы жок. Кечирип коюңуз... Оюңузга жаман албаңыз... Кудай акы, үйгө кирип чыгыңызчы. Суранам!

Келин таң кала муңайым тиктеди мени. Унчукпай үйгө кайра кирди.

– Мага бооруңуз ачып жатса керек, – деди.

– Жок, андай деле эмес. Билесизби... Сиздин абалыңызды ойлоп корком. Кыйын болор. Кантип күн көрмөксүз?

– Ишке кирем. Иштеп көнгөн жан.

– Каерге?

– Бир жерге орношормун. Эмне болсо да кайра кайтпайм, айылга да барбайм. Иштесем бир күн өтөр.

Унчукпадым. Эмне демекмин? Ызага ууккан неме оюна орноктуу эчтеме түшпөй, өчөшкөнүнөн ошентип жатат. Босогодон бир чыккан соң кайда болсо да тартынбай кете берери бышык. Иштеп күн көрөм дей коюш оңой. Турмуш деген ойдой жеңил эмес. Бирок көздөгөнүнө көгөргөн адамды кантип айнытасың.

– Болуптур, чыгалыбы? – дедим акырын. Турдук. Мен баланы көтөрүп, босогого жеткенде кайра токтодум.

– Иш эле болсо бизден деле табылат,– дедим. – Турар жай табылат, иштей бересиз. Чыны менен, калсаңыз кантет? Ашыкпаңыз. Кетем десеңиз сизди эч ким кармабайт. Ойлоп көрүңүз...

Келин оболу көнбөдү. Бирок акырында муюп калды.

Асел уулу Самат менен ошентип биздин участокто калып калышты.

Короодо жаңы салынган жалгыз бөлмө үй бар эле, бирок анын ичи суук болчу. Ошол үчүн болбой жатып Аселди уулу экөөн өз үйүмө киргиздим да, өзүм алиги, бөлмөгө көчүп алдым. Жалгыз башыма жетет болчу.

Ошондон баштап турмушума өзгөрүү кирди. Көзгө көрүнгүдөй деле өзгөрүү жок, мен баштагыдай эле жалгыз боймун. Бирок жан кирип, адам болгонсудум. Көптөн берки жалгыздыктан жапа чеккен кара башым эми башка киши болуп, көңүлүм жылына баштады. Ырас, мурда деле таптакыр жалгыз эмес болчумун. Кошуна-колоң бар, кишилер менен иштейм, аларга жардам берем, алардан жардам алам. Бирок, баары бир жашоонун башка булуңбурчу болот экен, ошол учурда жалгыздыгыңы билет экенсиң. Андан эч ким алаксыта албайт экен.

Балага абдан үйүр болуп алдым. Жол кароого чыкканда да жылуу ороп, ала кетем. Көтөрөм да жүрөм.

Бош убактымын баарын анын кашында өткөрөм. Мурда кантип жалгыз жүргөнүмү түшүнө албайм. Коңшуларым да эстүү, жакшы кишилер эле. Аселди да, Саматты да жакшы көрүп кетишти. Баланы ким жаман көрсүн, а Асел болсо, ачык, кишиликтүү жан экен, баары менен бат эле ымала таап, сиңишип кетти. Аселдин ушу мүнөзүнөнбү, айтор бала менин боор этим менен тең болуп көрүнөт. Эмнесин жашырайын, канча тымпыйсам да өзүмөн өзүм жашыра албадым. Аселге көңүлүм түшүп калды. Эт-жүрөгүм элжиреп, өмүрлүккө сүйдүм. Жалгыз жүргөн көп жылдарым, тарткан азап, көп кайгым, баардык жоготкон кымбаттарым ушу сүйүүмө эрип, сиңип кетти. Бирок ачык айта албайм, акым жоктой. Асел болсо күйөөсүн күтүп жүрдү. Сыр бербесе да, аябай күтүп жүрдү. Жол боюнда иштеп жүрсө, өткөн-кеткен машинелерди үмүттүү карап калат. Кээде баласын көтөрүп алып, жолго чыгат да, мелтиреп көпкө отурат. Күйөөсү ким экенин, кандай неме экенин билбейм, же сурабайм, өзү да айтпайт.

Күндөр жылып өтө берди. Самат чоңоюп келатты. Тынчы жок бир тентек чыкты дейсиң! Бирөө үйрөттүбү, же өз оюна келдиби, айтор бала мени ата дей турган болду. Көргөн жерде жөрмөлөп келип, аталап моюнума асылат. Асел муңайым жылмайып карап калат. Мен баланы кучактап туруп, көңүлүм эрип да кетет, каңырыгым түтөп да кетет. Атасы эле болсом го атаганат, бирок кантейин...

Ошол жылдын жайында бир күнү жол оңдоп жатканбыз. Машинелер адатынча өтүп атат. Бир маалда Асел бир шоферго кыйкырып калды:

– Ай, Жантай токточу!

Машина күүсү менен өтө берип токтоду. Асел шоферго жүгүрүп барды. Эмне сүйлөшкөнүн билбедим, бирок Аселдин:

– Калп айтасың! Ишенбейм! Кет, жогол! Кет дейм! – деп чаңырганын уктум.

Машине кете берди. Асел болсо жолду кесе чуркап, үйгө кетти. Кыязы ыйлап кетти.

Ошондон кийин иштей алсамчы. Бу ким болуп кетти? Аселге эмне деди? Оюм онго, санаам санга бөлүндү. Чыдай албай мен да үйгө жөнөдүм. Бирок Асел чыкпады. Кечинде үстүнө кирдим.

– Самат кайда? Сагындым го аны!

– Тигине,– деди Асел суз.

– Ата! – деп Самат мага талпынды. Баланы көтөрүп алып, эркелеттим, ойноттум, Асел унчукпайт, кападар отурат.

– Асел, эмне болду сага? – дедим акыры. Асел оор үшкүрдү.

– Баке, мен кетпесем болбойт,– деди ал. – Бу жерди чанып жаткан жерим жок. Сизге миң мертебе ыраазымын. Бирок кетейин… Кайда бараарымды өзүм билбейм, баш ооган жакка кетейин…

Байкасам чын эле кетчүдөй. Мен чынын айтпасам болчудай эмес.

– Кантейин, Асел, кармап калар акым жок. Силерсиз мен деле буерге тура албайм го. Мен да бир жакка жөнөөрмүн. Бир жолу жер баскан үй-жайымын ордунан кеткеним бар эле. Анын эмнесин айтайын. Өзүң билесиң да, Асел. Эгер сен кетип калсаң, мен үчүн бу жер да Памирдегидей эле болот. Ойлон, Асел… Агерим ал издеп келип калса, аны менен кетүүгө жүрөгүң тартылса, мен бөгөт турбайм. Качан болсо жолуң ачык, Асел.

Ушуну айтып, Саматты алдым да, жолго кеттим. Экөөбүз көпкө жүрдүк. Бөбөгүм эчтеме менен иши жок, дүйнөкапар…

Асел кете койбоду. Бирок эмне ойлоп, кандай бүтүмгө келгенин билбейм. Санааркап жүрүп, ошол күндөрү өзүм түнөрө катып кеттим.

Бир күнү короого кирсем, Самат там-туң басайын деп жүрөт. Асел сүйөп-таяп алыптыр, жыгылабы деп корккону да. Мен карап туруп калдым.

– Баке, карачы, уулуң басып калды! – деп Асел сүйүнчүлөдү.

Эмне деди? Уулуң дедиби? Колумдагы күрөктү ыргытып жиберип отура калдым да, баланы чакырдым.

– Тай-тай, тайлагым! Келе койчу, кана өзүң, басып кел, коркпо!

Самат канатын жайып, боюн таштады.

– Ата! – деп тыпың-тыпың бут шилтеди. Мен илип алып көкөлөтө көтөрдүм да, боорума кыстым.

– Ата деген сөзүнөн айланайын, кулунум! Анан Аселге апкаарыбай кайрылдым!

– Асел, эртең Саматтын тушоосун кеселичи! Балдарды жарыштырып, эл-журттун батасын алалы.

– Жарайт, Баке! – деп Асел жадырай күлдү.

– Анда даярданалы. Сен ала жип эшип кой...

Ошентип аттандым да, тамыр-тааныш малчыларга чаптым. Бир жандык, кымыз апкелдим. Эртеси кошуна-колоңдорду чакырып, тойчук бердик.

Саматты жерге коюп, эки бутун тушап, жанына кайчы койдум. Анан балдарды жарыштырдым. Балдар чуруучуу түшүп, чуркап келишти. Чыгып келгени тушоону кести.

– Кана, уулум, чурка эми! Алгыла, балдар жетелеп кеткиле! – дедим.

Балдар чуркап кетишти. Самат алардын артынан төпөң-төпөң жөнөдү.

– О, журт! Менин кулунум жер бетине даң салып жөнөдү! Өмүрүндө мүдүрүлбөй жүрсүн, батаңарды бергиле! – деп кыйкырдым.

Тургандар жабыла бата беришти.

Самат балдардын артынан бара түшүп, бир кылчайып: «Ата!» – деди да жыгылып кетти. Асел экөөбүз тең

жүгүрүп бардык. Баланы жерден көтөрүп алсам, Асел көзү жалжылдап мага:

– Баке, ниетиңе жаным курман! – деп айтты.

... Ошентип экөөбүз баш коштук.

Кышында балабызды алып, айылдагы ата-энесине барып келдик. Таарынычка биротоло карайып алышкан экен. Асел экөөбүз жөн-жайыбызды айтып түшүндүрдүк, кечирим сурадык. Мен аларга болгон ишти болгондой айтып бердим. Жээн небересин көргөн соң, анан дагы биздин келечек ынтымагыбызга деп, акыры кемпир-чалдын таарынычы тарады, Аселдин күнөөсүн кечиришти.

Мезгил билинбей өтө берди. Самат азыр бешке чыгып калды. Асел экөөбүз ынтымактуубуз. Бир гана сөздү козгобойбуз, эскербейбиз. Ал киши биз үчүн жок эсептүү, унчугушпай ушуга макулдашып алгандайбыз...

Бирок турмушта баары эле ойлогондой боло бербейт. Кечээ жакында ошо жигит пайда болду.

Жолдо авария болуптур. Түн ичи эле. Мен жардамчы коңшум экөөбүз эмне болгонун билмекке жүгүрүп бардык. Барсак, жүк машине жол жээгиндеги калканыч мологу урунуптур. Шофер жаралуу, анын үстүнө мас, эс-учун билбейт. Тааныдым, бирок атын эстей албадым. Мурда бир жолу бизге жардам берип, ашуудан сүйрөп чыккан эле. Долондун ашуусу оюнчук эмес. Мурда ашуудан машине сүйрөп чыгыптыр деген болгон эмес. Ал жигит өжөр, көк неме экен, акыры бизди участокко жеткирген. Анда мен аны абдан жакшы көрүп калгам, тобокелчил эр мүнөзүн жактыргам. Кийинчерээк бир шофер прицеп сүйрөтүп келатып, ашуунун белине аз калган жерде кюветке оодарып алып, таштап кетиптир. Ошол кызуу кандуу жигит болду бекен деп биле албай калгам. Аз болсо көздөгөнүнө жетмек экен, бечара деп аяп калгам. Андан соң машинелер прицеп сүйрөп, ашуу аша баштады. Эбин тааптыр, балдар туура кылган.

Ачыгын айтсам, Асел чанып кеткен жигит ушул экенин алгач билбедим. Бирок билсем деле ошону кылмакмын. Үйгө апкелген жерден билдим. Асел кучактап келаткан отуну колдон түшүп, алайып калганда эле билдим. Бирок бирибиз да сыр бербедик. Жаңы тааныш сыяктанып койдук. Баарынан да мен өзүм карманбасам болмок эмес. Экөө тил таап, кайра жарашып алабы, кайдан билейин, эгер андай болсо байкоосуз сөз менен жараларын жаңыртып, жолто болбоюн деп кармандым. Менин тиешем да жок эле, эчтеме бүтүрө алмак эмесмин. Бүтүрсө экөө бүтүрмөк. Экөөнүн башынан бир өткөн мурдагы таржымал турмушу бар, экөөнүн ортосунда бала бар. Баланы эркелетип, боорума кысып, мен керебетте жатам.

Ошол түнү эч кимибиз уктабадык, таң атканча ар кимибиз өз тагдырыбызды ойлоп жаттык. Мен өз тагдырымды...

Асел баласын алып, кетсе кете берет. Жолун тоспойм, башы бош. Эмне кылышты акыл ойлоп, экөө чечсин. Мен болсом... Мен эмне, менин катышым жок, мен жолто болбошум керек...

Ал жигит азыр да өтүп жүрөт ушу жол менен. Ушунча жылдан бери кайда жүргөн, эмне иш кылган, билбейм, билгенде эмне кылмакмын. Өздөрүнүн иши...

Байтемир экөөбүз жол кыдырып бүтүп келаттык. Күн батып бараткан. Теңир-Тоонун көк жалтаң чокулары батып бараткан күндүн нуруна көгүлжүм-кызыл тамылжып, тунук көк асманды челип турду. Жолдон тынбай күркүрөп машинелер өтүүдө.

– Акыры ушундай болуп чыкты,– деди Байтемир ойлуу баса түшүп. – Мен ушул үчүн үйдөн алыс кеткеним болбойт. Эгер Асел кетем десе, көңүлү таза кеткендей болсун, мага ачыгын айтып, баласына ак батамды алып кеткендей болсун. Самат мага өз уулуман да ысык. Бирок ата-энесинен ажыратып кала албайм... Ошол үчүн

аттанып үйдөн алыс чыкпайм. Памирге төтөн бара албайм. Баятан бери бу тарыхты да гезитиңиз үчүн деп айтып жаткан жерим жок. Жөн эле адам менен адам сырдашпайт бекен...

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

*Илияс экөөбүз Оштон кош айтыштык. Ал Памирге кетти, мен өз жолума түштүм.*

*– Барып Алыбекти табам. Жаңы турмуш баштабасам болбойт! – деп кыялдана айтты, Илияс. – Мени куруган адам экен деп ойлобоңуз. Мезгили келсе мен да үйлөнөрмүн. Үйлүү-жайлуу, бала-бакыралуу болормун. Жаңы дос, жолдош күтөрмүн. Бирок түбөлүк жоготкондорум кайрылып келбес, орду толбос... Аселди, аны менен бир өткөргөн өмүрүмдүн сонун кезин өлөр-өлгөнчө унута албасмын.*

*Илияс башын жерге салып, ойлонуп калды. Анан дагы кошумчалады:*

*– Быякка жөнөөр алдында көл жээгине, баягы жаркабакка бардым. Теңир-Тоо менен, Ысык-Көл менен коштоштум. Армандуу өмүрүмдүн күбөсү, Ысык-Көлүм, кош! – дедим. Сары жээк, көк айдың көлүм, ушу көркүң менен кошо ала кетсем болор эле, бирок сүйүктүү кишимин сүйүүсүн алып кете албадым, анын сыңары сени да алып кете албайм. Кош! Асел! Кош, кызыл жоолук делбирим! Кош, сүйгөнүм! Бактылуу бол!..*

## БИРИНЧИ МУГАЛИМ

Бул сүрөттү мен али тартып бүтөлекмин. Анын кандай болуп чыгарын эмитен айтуу да кыйын. Күнүгө таң заардан туруп, мурда долбоорлогон айрым вариант, сүрөтчө – этюддарды кайра баштан эки-үч сыйра карап чыгам да, таңкы тынчтыкта аркы-терки басып ойлоном. Жок, мен али көңүлдөгүнү табалекмин, иштин баары алдыда. Бул сүрөт азырынча ойдогу тилек, жүрөктө толкуган, кан тамырында жүгүргөн элес, үмүт, кыял гана...

Иштеп бүтпөй жатып, болочок чыгарма жөнүндө күн мурун жарыя салганды дегеле башынан жактырбайм, натуура көрөм. Кызганчактык эмес. Бешиктеги баланын бек болорун ким билет. Бирок, бул жолу, өзүңөр көрүп тургандай, мен ал адатымдан танып, бүтөлек чыгармамды ортого салып, ал жөнүндө кеп айтмакмын. Айтпаска менин айлам да жок. Эмне үчүн дегенде, жалгыз менин гана күчүм жетердей эмес, мага түрткү берип, кыялымды ойготкон бул окуя койнума батпай, кучагыма сыйбай турат. Мен аны сүрөт аркылуу төкпөй-чачпай элге жеткирсем деген үмүттөмүн. Ошого көпчүлүк эл акылын айтып, тилегин кошсо экен дейм. Ал чыгарма көптүн деминен жаралган алоо болгудай каныңардан кан кошуп, күчүңөрдөн күч болуп бергиле. Мен бул иш тууралуу силерге айтып берүүгө түздөн-түз милдеттүүмүн.

* * *

Биздин айыл Ак-Жар тоо этегинде, суулар шаркырап аккан чоң тектирде орношкон, андан ылдый, туурасы-

нан суналган Кара-Тоого чейин – түзөң өзөн, темир жол кеткен казактын сары талаасы.

Айылдын үстүндөгү адырда, мен бала чактан бери билген, эки зор терек болор эле. Бул кош терек азыр да ошол жерде. Качан карабагын, айылга кайсы туштан келбегин, элден мурун эле дөбөдө жанаша кыналышкан ушул бийик теректер көзгө учурайт. Эмне үчүн экенин билбеймин, же балалык таасирдин күчүбү, же болбосо сүрөтчүлүк кесибиме байланыштуубу, айтор, станциядан түшүп, капчыгайдан чыгып, айылды көздөй бет алганда, тээ адырда баягы кош теректер турат болду бекен деп, чыдамсыздык менен ошол тарапты акмалап карай-мын. Ушунчалык алыстыктан бактар канчалык бийик болбосун көрүнөрү шектүү, бирок мен үчүн алардын сөлөкөтү ар качан байкалгандай туюлат. Эртерээк айылыма жетип барып, эртерээк дөбөгө чыгып барып, кош терекке ийилип салам берип, кулагымдын моокусу кангыча алардын күүлөнгөн үнүн уксам деп дайым дегдеймин. Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин бир укмуштуу касиети – алар бөтөнчө үндүү, тил бүткөндөй жандуу теректер. Түнү-күнү тынбай, качан болбосун жалбырактар дирилдеп, чайпалган чокулары айкалыша, теректер ар кандай үнгө салып шуулдайт. Бирде – жээкке урунган эрке толкундай угулар-угулбас шапшынып, бирде – тым-тырс ойлоно калып, сагынычтуу санаага толгондой, алда эмнеге муңдана үшкүрүп, жулкунган шамал булут айдап, жаан айдап, бутактарын кайрып ийгенде, теректер бой тиреше чыңалып, «бизди жыгалбайсың» – дегендей, өжөрлөнө күүлөнүшөт.

Кийин эс тартып чоңойгондо, мен бул теректердин сырын түшүндүм. Бийикте, туш-тарабы ачык дөбөдө тургандыктан, булар дайым шамалдын огуна туура келип, абанын ар бир кыймылына жооп кайтарып, жанагыдай тынымсыз шуулдап, бөтөнчө үндүү болгон себеби да ошол. Анткен менен менин бул байкап тапкан чындыгым бала-

лык кыялымдын алгачкы таасирин суута албады. Ошол кездеги сонуркаганым азыр да тарабай, мен үчүн бул теректер ушул күнгө чейин кандайдыр тегин эместей, сырдуу, жандуу сыяктанат. Бул теректердин түбүндө менин өмүрүмдүн эң бир сыйкырдуу чагы калгандай, эстеген сайын кайра баштан эскергим келет.

Окуудан таркаган жайкы маалда биз бир топ балдар болуп, балапан алабыз деп ушул жерге келчүбүз. Биздин чуркурашкан үнүбүзгө ыраазы болгондой, дөбөдө кериле чайпалган алп теректер дайымкысындай жалбырактарын леп-леп желпилдетип, бизди күндөн көлөкөлөп тосуп ала турган. Ошондо биз, чор таман, чор алакан тентектер, теректерге мышыкча асылып чыга баштаганда, чуу көтөргөн таранчылар жаны калбай чырылдашар эле. Анысына болобузбу! Улам бутактан бутакка өйдөлөп, бир убакытта, куштар учкан бийиктиктен дүйнөнүн аймагынын ачыла калган көрүнүшүнө таң калып, баарыбыз тең үн катпай, бутак-бутакка жармашып, алабыз деген чымчыктын балапандарын да унутуп коёр элек. Биз эң чоң имарат деп эсептеген колхоздун ат сарайы теректин башынан тепкедей эле көрүнүп, ал эми айылдан төмөн, алда кайда мунарыктаган мейкиндиктин ушунчалык зор экенине, бизден нары дагы нечен кыйыр жерлер, биздин суулардан башка дагы нечен күмүштөнгөн суулар бар экенине суктана карап, ааламдын чети ошолбу, же андан нары да ушундай асман, ушундай булут, ушундай жер барбы деп ойлоно турганбыз. Ошол учурда көкөлөгөн жел күүсү кулакка угулуп, ага удаа бир дабыштан шапырттаган жалбырактар, көз көрбөгөн көгүлтүр алыстыкта нечен сонундар, нечен кызыктар бар дегендей тымызын күү чалып, беттен эркелете сылар эле. Жүрөгүм жарылып кетчүдөй дикилдеп, кош теректин шуулдаганын кыялга батып тыңшаар элем. Көз алдыма жомоктогудай ар түркүн нерселерди келтирип, ошондо бир гана

нерсени ойлобоптурмун. Бул теректерди ким тикти, кандай тилек, кандай үмүт менен өстүрдү экен деп оюма алып койбоптурмун.

Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар эмне үчүндүр «Дүйшөндүн мектеби» – деп койчу. Кокус бир мал издеп калганда: «Ой, баланча, менин тору кунанымды көрдүңбү?» – десе, анда беркиси токтой калып: «Тээ жогору Дүйшөндүн мектебинде жылкы жүрөт, ошол жактан чалып көр» – деп, бастырып кете берчү. Чоңдорду туурап, биз дагы: «Жүр кеттик Дүйшөндүн мектебине, терекке чыгабыз» – дей турганбыз.

Бир кездерде ошол дөбөнүн үстүндө мектеп болгон имиш. Биз анын ордун да көрбөй калдык, бирок кош теректүү дөбөнүн аталышы эл оозунда мурунку бойдон келе жатат. Бул мектептин ордун, бала чакта адырларды кыдырып, бир нече ирет издеп да көрдүм, кийинчерээк: «Эмне үчүн «Дүйшөндүн мектеби?» Ал кайсы Дүйшөн?» – деп, карыялардан сураштырсам, алар менин бул суроомо эч бир кызык жок, жок иштей, кайдыгер гана жең шилтеп коюшту: «Э, ушул эле жүргөн аксак-кой[1] Дүйшөн. Кечээ уруяттан[2] кийин, тиги дөбөдө бир жаман там болор эле, Дүйшөн комсомол болдум деп ошого мектеп ачып, бала окуткан. Мектеп дегендей да эмес болчу, тимеле бир кеп. О анда, өзүнчө бир кызык заман эмес беле, кудай салбасын, үзөнгүгө буту илингендин баары эле бет алдынча чоң, ар ким билгенин кылчу. Дүйшөн да ошондо оюна келгенин бир иштеп койду да. Андан бери ал жаман тамдын топурагы калган жок, бир пайдасы – аты жок дөбө эле, «Дүйшөндүн мектеби» – болуп калды...»

Дүйшөн деген кишини мен анча жакшы билген эмесмин. Бою каркайган, бүркүт кабак, салабаттуу адам окшоду эле. Анын үйү суунун аркы маңдайында, экинчи

[1] а к с а к к о й – уруунун аталышы.
[2] у р у я т – революция.

бригаддын көчөсүндө. Мен айылда жүргөн кезде Дүйшөн колхоздун мурабы болуп, канжыгасына чоң кетменди байланып алып, шатектен чыгып калган өзүндөй калжайган жээрдени минип, биздин көчөдөн кээде бастырып өтө турган. Кийин, карый түшкөндө, почтолукка өтүп кетти деп уктум. Бирок кеп башкада. Комсомол деген менин андагы түшүнүгүмдө – ишке да, сөзгө да курч, жалкоо-жегичтерди газетке жазып жиберчү айыл жигиттеринин чекке чыккан мыктысы. Ал эми жанагы сакалы буурул-ала карапайым киши кашаң атын чүчүлөгөн кебетеси менен өз заманында кандайча комсомол болуп, анан калса сабатсыз жатып, балдарды кандайча окутуп, кантип мугалим болуп жүргөнүн эч бир көз алдыма келтире албадым. Чынын айтсам, айылдагы көп жомоктун бир жомогу го деп мен бул сөзгө анча деле ишенген жок элем. Көрсө, «Дүйшөндүн мектеби» – дегендин өзүнчө тарыхы бар экен, мен аны эч бир күтпөгөн жерден, жакында гана билдим.

Өткөн күздө колхоздон мага телеграмма келди. Эки жылдан бери биздин колхоз өз күчү менен жаңы мектеп куруп жаткан болчу. Мектептин имараты эми салынып бүтүп, айылдагылар мени мектептин ачылышына чакырган экен. Элимдин мындай кубанычтуу күнүндө бирге болоюн деп, дароо эле жолго чыга турган болдум. Сүрөт тартыш үчүн айылга ал турсун үч-төрт күн мурунурак бардым. Шаардан чакырылгандардан эми академик Сулаймmanaged келет деп күтүшүп жатышкан экен. Ал киши мында бир күн – жарым күн туруп, ушундан нары поездге түшүп Москвага кетет экен дешти. Академик Сулаймановanyн келерин угуп, мен абдан кубанып калдым. Бул көпчүлүккө белгилүү илимпоз аял биздин айылдан экенин, кыз кезинде шаарга кетип, кийин окумуштуу болгонун анча-мынча угуп жүргөм. Ал эми өзү менен шаардан тааныштым. Мен көргөндө Алтынай Сулайманова чачына ак кирип, толмоч тартып элүүлөргө таяп

калган киши экен. Университетте кафедра башчысы болуп, философиядан лекция окуп, академияда иштеп, анан ар кандай коомчулук иштери менен чет өлкөлөргө барып келип турган айылдаш эженин жай отуруп, жай сурашууга чамасы келбей жүрдү, бирок ар бир жолуккан сайын, мейли жыйналышта, мейли кокус көчөдө кездеше калганда, биздин айылдын жалпы аманчылыгын сурап, менин чыгармачылыгым жөнүндө кыскача болсо да пикирин айтпай койчу эмес. Мен бул кишинин жөнөкөйлүгүнө, адамгерчилигине ичим жылып, бир күнү жашырбай эле өзүнө айттым:

– Эже, айыл жакка барып, эл-журт менен жолугушуп келсеңиз кантер эле? Сизди сыртыңыздан баары эле билип сыймыктанышат экен, бирок көпчүлүгү тааныбайт. Атактуу, окумуштуу кызыбыз айылын теңине албай, чанып жүрөбү деген сөздөр да бар.

– Анын туура, иним,– деп Алтынай Сулайманова үшкүрүп койду.– Барууга өзүм да көптөн дилгирмин. Барбаганыма кылым болду. Айылда анча деле жакын туугандарым жок. Бирок эл деген тууган, элден чоң тууган болбойт. Сөзсүз барам, колум бошой калса эле барам... Сагындым жеримди...

Академик Сулайманова ал күнү кечигибирек келди. Мектептин салтанаттуу ачылышына жуп анын машинеси көчөгө келип токтогондо, жыйналышка чогулган эл бүт эле астынан тосуп чыгып, тааныган-тааныбаганы да, кары-жашы дебей тегиз учурашып кол алышты. Алтынай Сулайманова мындайды күтпөгөн болуу керек, сүйүнгөнүнөн эмне кыларын билбей, элге кол куушура ийилип жүрүп отуруп, залдагы президиумдан орун алды. Мындай салтанаттуу жыйылыштардын нечен мамлекетте нечендерин көргөн Алтынай Сулайманова бул жолу көзүнө жаш алып отурду. Жыйналыштын аягында пионерлер анын мойнуна кызыл жагоо тагып, гүл берип, жаңы мектептин ардак китебине анын ысмын бирден бир

биринчи жазышты. Окуучулардын шаан-шөкөттүү оюндарынан кийин, кечке жуук биз – бир топ мугалимдер, айыл активдери болуп мектептин директорунун үйүндө конокто болдук.

Мында да Алтынай Сулаймановanын келгенине сүйүнүп жетине албай, аны килемдер төшөлгөн жасалгалуу төргө отургузуп, колунан келишинче урматтап, сыйлап жатышты. Чоң дасторкондордун тегерегинде жайнап отургандар күү-күү сөз сүйлөшүп, тосттор артынан тосттор айтылып, чай ичилип жаткан кезде, колуна бир тутам газет-журналдарды кармаган жаш жигит эшиктен кирип келди да, үй ээсине он чакты телеграммаларды сунуп, кол коюп бериңиз деп кайрылды. Мурунку окуучулардан келген куттуктоо телеграммалар катардан катарга өтүп, кимдир бирөө сөз арасында:

– Ой, муну Дүйшөн абышка алып келдиби? – деп сурап калды.

– Ооба,– деди жигит. – Жыйналышка жеткире барайын деп жакшы эле чаап келген экен, кечигип калдым деп жатат.

– Ой, түш де аны аттан, үйгө кирсин! – деди үй ээси колун булгап.

Жигит эшикке чыгып кеткенде, жанаша отурган Алтынай Сулаймановanын өңү кубара түшүп, алда эмне эсине келгендей, менден сурап калды:

– Ал, кайсы Дүйшөн, кимди айтып жатышат?

– Колхоздун почточусу, эже,– дедим мен.– Дүйшөн деген аксакалды таанычу белеңиз?

«Ооба» дегендей башын ийкеп, Алтынай Сулайманова бир нерсе айтайын дедиби, ордунан турууга умтула берди эле, аңгыча терезенин тушунан атчандын карааны дүбүрөтүп өтө чыкты да, үйгө кирип келген жигит:

– Түшүңүз десем тиги киши болбой койду, агай,– деди. – Элге кат таркатам деп бастырып кетти.

– Тимгой эмесе, кете берсин,– отургандардын ичинен бирөө жактырбагандай колун шилтеди,– ал абышканын отурар жери башка.

– О, Дүйшөн дегенди билбейсиңер, ал закон менен гана жүргөн киши, кызматын аткармайын эч жакка кайрылбайт,– деди ага кошумчалап экинчиси. «Мейли эмесе, эчтеке эмес»,– дегендей үй ээси да башын ийкеп койду.

Аңгыча болбой, төрдө отурган айыл арасындагы кадырман кишилердин бири вино куюлган чөйчөгүн колуна алып, сөз баштап калды:

– Жолдоштор, бир кездерде биз «а» – деген тамганы таанproblem Дүйшөндүн мектебинен да окудук элек.– Ал бул сөздү таң калгандай күлө сүйлөп, башын чайкады.– Азыр ошол эсиме түшүп жатат.

– Ой тообо десеңчи!

– Ырас, ырас! – дешти башкалар.

– Ой, Дүйшөндүн жоругу курусун. Ушуну да мугалим деп, окутуучу деп жүргөн экенбиз да.

Каткырган күлкүлөр бастай калганда, жанагы киши сөзүн уланта түштү:

– Мына эми алдыбыз өлкөгө даңкы чыккан академик болуп, артыбыз жогорку, орто билимдүү эл болдук. Айлыбызга бүгүн жаңы орто мектеп ачтык. Башкасын айтпайын, замандын кандай өзгөрүлгөнү ушундан эле байкалып отурбайбы. Кана эмесе, агайын-туугандар, биздин айылдын уул-кыздары мындан ары да илимден илимге жетилип, өз заманынын алдыңкы кишилери болушу үчүн!..

Бул сөздөрдү эл жапырт колдоду. Жалгыз гана Алтынай Сулайманова өтө кыжаалат болгондой, эрдин тиштенип кызара түштү. Ал чөйчөктүн четин оозуна тийгизди да, кайра ордуна койду. Анын минтип отурганын сөзгө, күлкүгө берилип алаксыган көпчүлүк байкаган да жок.

– Сиз эмне көңүлсүз отурасыз, эже? – дедим мен.

– Анчейин эле, иним,– Алтынай Сулайманова эки-үч кайтара саатын карап коюп, башка эчтеке айткан жок.

Ушуну менен коноктор тышка дем алганы чыкканда, Алтынай Сулаймановanын элден четке бөлүнүп, тээ жогору, адырда чайпалган кош теректи тиктеп, ойлуу турганын көрүп, жанына басып бардым.

Жашынууга чукулдап, күздөө талаанын сургулт четине чыгып алган күндүн кочкул нурлары бийикте турган теректердин чокуларына бирде тийип, бирде тийбей кубулуп турган экен.

– Кайран теректер, жалбырак төгүп турган кези экен, жазгысын бүрдөгөндө көрсөңөр болор эле! – дедим мен.

– Ооба, мен да ошону ойлоп жатам,– деп Алтынай Сулайманова башын ийкеп, шыпшынып койду.– Ар бир нерсенин жазы да, күзү да болот тура.

Анын ажары өчүп бара жаткан, болпогоюраак төгөрөк жүзүнө санаркалуу көлөкө чалышып, өткүр кара көздөрүнүн тиктеши өксүй түштү. Бул оокумда ушул далайды билген чоң окумуштуу аялдын түрү, о качаңкы «өтүп кеткен он сегиз кайра келер болсочу» деп ичтен сызып, кызыл жоолук, кызыл жүздүү чагын эстеген кадимки эле жөпжөнөкөй кыргыздын аялдарына окшой кетти. Ал дагы бир нерсе айткысы келгендей теректерди тиктеп, унчукпай турду да, бир убакытта папирос алып күйгүздү.

– Москванын поезди биздин станциядан түнкү он бирде өтөт эмеспи? – деди.

– Ооба, эже, он бирде өтөт.

– Эмесе мен азыр жөнөшүм керек.

– Эмне үчүн? Сиз бир-эки күн туруп кетмек убадаңыз бар эмес беле? Эл сизди коё бербейт, эже.

– Жок, менин зарыл жумуштарым бар. Бүгүн кетпесем болбойт, азыр кетишим керек...

Айылдаштары жаалап, кетирбейбиз деп таарынып кыйнагандарына болбой, бышып жаткан тамакка да ка-

рабай, айтканынан кайтпай кечирим суранып жатып, Алтынай Сулайманова акыры кетмек болду.

Күн батып калган кечки убакытта айылдаштар кейип-кепчип жатып аны машинага отургузушту. Алтынай Сулаймановны станцияга узатып, мен да кошо жөнөп калдым.

Бул кишинин эмне үчүн мындай чукул арада, бир топ элдин көңүлүн калтырып, шашылыш жөнөшүн эч кимибиз түшүнбөй да калдык. Эки-үч жолу мунун себебин сурайын деп барып, бирок одоно болуп калбасын деп иймендим. Анын үстүнө ал азыр эч кимге эчтеке айтпасына да көзүм жетти. Жол катары Алтынай Сулайманова бир ооз сүйлөбөй, өтө катуу ойлонуп, капа болуп келе жатты.

Станцияга келип, поездге түшөрүндө акыры сурадым:

– Эже, бир нерсеге кейип, капа болуп келдиңиз, таарынган жериңиз барбы?

– Жок. Антип ойлобогула. Эмнеге таарынайын. Таарынсам да өзүмө таарынам, өзүмдүн билбестигиме... Оюңарга эчтеке албагыла,– деди. –Андан көрө мага наарazы болсоңор жөнү болор...

Ушуну менен Алтынай Сулайманова Москвага жөнөп кетти. Мен шаарга кайтып келгенден кийинки күндөрдүн биринде Алтынай Сулаймановадан ойлобогон, күтпөгөн жерден кат алдым. Өзүнүн илимий иштери боюнча Москвада көп убакыт кармаларын жазып, андан ары катында мындай дептир: «...Кымбаттуу иним, канчалык зарыл жумуштарым болбосун, баардыгын жайлаштырып таштап, мен ушул катты жазууну туура таптым... Эгерде ушунда айтылгандар сизди кызыктырса, анда өз чыгармачылыгыңызга пайдаланууну суранам, анткени бул мен үчүн гана эмес, биздин айылдаштар үчүн гана эмес, биздин жалпы ишке, көпчүлүккө, өзгөчө жаштар үчүн керек го деп эсептеймин. Бул менин көп ойлордон келип чыккан пикирим. Бул менин эл алдында жүрөгүмдү су-

нуп тартуу кылган сырым, андыктан муну канчалык көп адам билсе, мен ошончолук бактылуу болом, ошончолук эл алдында ыйык парзымды аткарып, ошончолук менин да кетирген күнөөм кемийт... Эгерде жаза турган болсоңуз, мени уялат экен деп тартынбаңыз, эчтекесин жашырбай, ачыктан-ачык жазыңыз...»

Мен ушул каттын негизинде мындан ары академик Сулаймpraвнын өзүнүн атынан аңгемени улантkym келет.

* * *

...Бул иш 1924-жылы болгон. Ооба, мен жакшы билем, так ошол жылы...

Анда азыркы биздин айылыбыз турган жерде он-он беш түтүн жатакчылар болор эле. Анда мен он төрттөгү жетим кыз аталаш туугандардын колунда жүргөм. Ошол жылы күздө, малдуу-жандуулар кыштоого көчүп өткөндөн кийин, биздин айылга мен башта көрбөгөн, аскер шинель кийген чоочун жигит келди. Элден, жолдон оолак турган тоо боорундагы кичинекей кыргыз айылы үчүн бул өзүнчө бир чоң окуя болду. Адегенде аны – аскер башчылыкта жүрүп, эми айылга чоң болуп келиптир дешти, кийин туруп – жок, кокуй, бул баягы эле темир жолго тентип кеткен Таштанбектин уулу Дүйшөн деген экен, өкүмөт аны солдаттан бошотуп, мугалим кылып жиберген имиш, мектеп ачып, бала окутат имиш дешти. Мектеп, окуу деген сөздөрдүн өздөрү эле биз үчүн анда анча да тааныш эмес, жаңы сөздөр. Бул айтылгандар чынбы, жалганбы, эмне болот, кандай болот деген арада, айыл ортосундагы дөбөчөгө эл жыйналып келсин деген кабар айтылып калды. «Ой, шумдугуң кур, бул дагы кандай жыйналышы эле!» – деп, сүйлөгөн акем жаман атына минип, бастырып кеткенде, артынан ээрчип, башка балдар менен кошо мен да жүгүрүп бардым. Беш-алтоо аттуусу, калга-

ны жөө турган кичинекей топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген, бажырайган, кубакай жигит сүйлөп жаткан экен, биз жетип барган учурда, ээрде кыйшая тартып кулак салып турган атчандардын бири, анын сөзүн бөлүп жиберди:

– Эй, балам,– деди ал аптыга сүйлөп, балдырап.– Бу сенин ата-тегиңди го билебиз: бизге окшогон кара таман. Анан сен кайдан жүрүп молдо болдуң?

Дүйшөн артына кайрыла салып, жооп берди:

– Мен молдо эмесмин, аксакал. Мен комсомолмун. Азыркы убакытта кат тааныгандарды мугалим дешет. Мен аскерде жүрүп кат таанып келдим. Менин молдолук жайым ошондой.

– А-а, бали де.

– Аның жөн экен,– демиш болушту.

– Эмесе комсомол мени мугалимдикке дайындап, бала окуткун деп жиберди. Мектепти силердин жардамыңар менен тээ төбөдө ээн турган жаман тамды оңдоп ачалы деген такилип[1] бар. Кандай дейсиңер, акылыңарды айткыла?

Баятан мышыкча сестейип, бир көзүн жумуп унчукпай ээрдин кашына өбөктөгөн Сатымкул кераяк, чырт түкүрүнүп сүйлөп койду:

– Аныңды коё тур, окуунун бизге кереги эмне? Дүйшөн кандай дээрин билбей, көзү алаңдай түштү.

– Баса, туура айтат! – деп бер жактагылар да жабыла козголо берди. – Биз, жер кетмендеп, жер менен эле оокат кылган дыйканбыз. А биздин балдар окуу окуп, эл сурап, өкмөт болот беле? Кой, айланайын, башыбызды катырба?..

Үндөр бастай түшкөндө, өңү бозоруп, дабышы калтыраган Дүйшөн элди айландыра карап:

---

[1] такилип – сунуш.

– Силер балдарды окутууга каршысыңарбы? – деп сурады.

– А каршы болгонду сен зордойсуңбу? Азыр элдин өз эрки, боштондукка чыкканбыз! – деди нары жактан бир үн.

Шинелинин илгичтерин жула бере жаздап, Дүйшөн төш чөнтөгүнүн ичинен төрт бүктөлгөн кагазды сууруп чыкты да, аны колуна көрсөтө кармай кыйкырды:

– Силерге жер, суу бөлүп берген кеңеш өкмөтүнүн бала окутсун деп мөөрүн баскан ушул кагазына каршы чыгасыңарбы? Кана, кеңеш өкмөтүнүн мыйзамына ким каршы, ким? – анын «ким» – деп кыйкырган сөзү бейпил жаткан күзгү абаны атылган октой жиреп, чак деп бөксөдөгү аска ташка тийгенсиди. Эч ким унчукпай баары тең тымтырс болушту.– Силер кедейсиңер,– деди Дүйшөн чарчагандай үнүн басаңдата сүйлөп,– биз өмүр бою эзилип, тепсенди болуп келген элбиз. Өкүмөт бизди эми көзү ачылсын, кат таанып, билимге жетилсин деп жатат. Мына, ошондуктан балдарды окутушубуз керек!.. Дүйшөн деми кысталып сүйлөп бүткөндө, жана анын молдолук жайын сураган долдураган киши:

– Мейли эми, кылар ишиң болбосо, окутсаң окутарсың,– деп койду.

– Мен силерди жардам бергиле деп жатам. Тээ тиги байдан калган жаман атканаты оңдойлу, көпүрө салыш керек, отун керек...

– Ой, жигит, коё турчу! – Сатымкул кераяк дагы да чырт түкүрүнүп, жумулган көзүн ымдап-ымдап алды.– Бу мектеп ачам деп кыйкырасың, үстүңдө тонуң жок, астыңда атың жок, айдап койгон жериң жок, көздөп алган малың жок, сен эмне жылкы тийип оокат кыласыңбы?

– Оокатым эптеп өтөр, өкүмөт мага маяна төлөйт.

– А мына ошондой де! – Сатымкул жыргагандай ыржая күлүп, төшүн кайкайта ээрдин кашынан өйдө боло берди.– Сөздүн анығы эми чыкпадыбы. Сен ошол өкү-

мөттүн казынасы менен эле жумуштарыңды бүтөп, балдарды окутуп ал. Бизди болсо кыйнаба, өз ташпишибиз башыбыздан арылбай жүрөт.

Ушуну менен Сатымкул аттын башын бура тартып бастырып кетти. Анын артынан башкалар да тарап-тарап кетишти. Кагазын колуна кармаган бойдон турган жеринде селдейген Дүйшөн көпкө чейин ордунан козголбой турду.

Мен анын кебетесине көз айырбай карап калган экем, жанымдан бастырып бара жаткан акем:

– Ой, сен эмне кылып жүрөсүң бул жерде, тур үйгө саксайбай! – дегенде, балдардын артынан тызылдап жөнөдүм. – Тигини кара, ушулар да жыйындын четине келчү болуп алыптыр...

Эртеси күнү суга барган жерибизден кетмен, күрөк, балта көтөргөн Дүйшөндүн суудан кечип өтүп, жогору дөбөдө турган жаман тамды көздөй кеткенин көрүп калдык. Ушундан баштап күнүгө эртең менен кара шинелчен Дүйшөндүн карааны өйдө бир өтүп, күн батарда ылдый бир түшүп турду. Кээде чоң таңгак саман же куурай көтөрүп ташып жатты. Аны көргөндөр, айылда туруп, бул ким болду экен дегенчелик кылып, үзөңгүгө такандай калып, алакан астынан көз жүгүртүп кеп кылар эле:

– Ой, алдагы жондо отун көтөргөн Дүйшөн – мугалим эмеспи?

– Ооба, так ошол.

– А бечара, мугалим деген кызматың деле жыргаган жумуш эмес экен го...

– Анан эмей. Карачы, байдын токолунча жүк көтөрүп, отун алганын. Анан ушинтип жатып дегеле чоң сүйлөгөнүнө эмне бересиң!

– Колунда мөөр басылган кагазы бар да. Күчтүн баары ошондо...

Мугалимдин ал жерде эмне кылып жүргөнүн билүүгө кызыгып, бир күнү адырдан тезек терип келе жатып,

үч-төрт кыз болуп кайрылып калдык. Бул жаман там башта бир байдын атканасы болгон. Кыш күрөөдө тууп калган бээлер кулундары менен ушунда багылып турган. Кеңеш өкүмөтү чыгып, бай качып кеткен соң, аткана ээн калып, тегерегин коко-тикенек, эрмендер басып, киши каттабай калган болчу. Дүйшөн өгүнтөн бери тикенектердин баарын түбүнөн кетмендеп чаап, тамдын шалдырап жыгылып калган каалгасын кайра эптештирип, ураган жерлерин оңдоп жүргөн экен.

Өзүбүздүн боюбуз менен тең болгон, тезек толо колтурмачтап таңылган чоң ала каптарды көтөрүп, биз ушул жерге дем алмакка отура калганда, үстү-башы ылай болуп, жеңдерин түрүнүп алган Дүйшөн тамдан чыга келди да, бизди көрүп, бетинин терин аарчый жылмая күлдү:

– Ии, кыздар, келгиле. Тезектен келе жатасыңарбы?

Биз уялганыбыздан унчукпай эле, бир бирибизди карап, кап-каптын түбүндө отурган жерибизден ооба дегенчелик баштарыбызды ийкеп койдук. Биздин уяңдык жайыбызды дароо түшүнө койгон Дүйшөн, дагы да жылмая күлүп сүйлөдү.

– Келгениңер жакшы болбодубу, кыздар! Мына, мектебиңер даяр десек да болот. Азыр эле бир бурчуна меш өңдүү бир нерсе куруп бүттүм. Көрдүңөрбү, мору да үстүнө чыгып турат. Эми кыштык отунубузду тамдын бир жагына жыйып салабыз да, жерге самандан калыңыраак төшөп таштап, окууну баштай беребиз. Кандай, мектепке келесиңерби, окугуңар келеби?

Кыздардын ичинен чоңурагы эле мен элем, алар унчукпай жатканынан:

– Жеңем коё берсе келем,– дедим.

– А дурус. Коё бербегенде кармап калат беле. Атың ким сенин?

– Алтынай, – дедим мен, жыртык тиземди этегим менен жаба салып.

– Алтынай... жакшы экен. Сен чоңоюп калган эстүү кыз экенсиң,– деди ал, мени эркелете жалооруп карап.– Эмесе, Алтынай, сен башка балдарды да мектепке окуйлу деп ээрчиткин, макулбу?

– Макул, аке.

– Мени ага деп жүргүлө. Мектептин ичин көргүңөр келеби? Кирип көргүлө, кыздар, коркпогула.

– Жок, биз кетебиз, кетебиз! – дешти кыздар.

– Мейлиңер эмесе, окууга чогуу келгенде көрөрсүңөр, бара койгула. Мен күн баткыча отунга дагы бир сапар барып келе салайын,– деп, Дүйшөн орок, жибин алып, талаага басып кетти.

Ал кеткенде биз дагы каптарды көтөрүп алып жөнөп калдык. Мындайыраак чыкканда, менин башыма бир ой түштү да:

– Токтогула, кыздар, коё тургула,– дедим. – Мектепке отун керек экен, тезегибизди тамдын түбүнө төгүп кетели, ичкери киргизип алсын.

– Үйгө куру кол барабызбы анан, акылдуусун мунун!

– Кайра барып дагы терип келели.

– Койчу нары, күн кечкирип бара жатат, апаларыбыз урушат,– деп, кыздар мага карабай, каптарын бөжөңдөтө көтөрүп чуркап кетишти.

Мен ошондо эмне үчүн анткенимди ушул күнгө чейин жакшы түшүнбөймүн. Кыздар менин сөзүмө көнбөй койгонуна намыстандымбы, же болбосо тырмактайымдан шорум кайнап, кагуу-силкүү жеп көзүм каткандыктан, мени башта көрбөгөн, билбеген адамдын жүрөгүмдү жылыта эркелете карап: «сен эстүү кыз экенсиң»,– деп эки ооз сөз айтканы делебемди козгоп кеттиби, айталбаймын. Бирок азыр ойлоп-ойлоп отуруп, менин чыныгы тагдырым, менин азаптан-тозоктон өткөн таалайым ушул бир кап тезектен башталдыбы деп да кетем. Анткени так ушул күнү бул жоругумдун аягы эмне болот деп тартынбай бел байлап, өмүрүмдө биринчи жолу өзүм туура деп тап-

кан оюмду иштедим. Айтор, жолдошторум мени таштап кеткенден кийин, мен кайра жүгүрүп отуруп Дүйшөндүн мектебине келдим да, каптагы тезекти там түбүнө төгө салып, тызылдаган бойдон адырын, кокту-колотун аралап тезек терүүгө шашылдым.

Алда кандай зор эрдик көрсөткөндөй жүрөгүм алып учуп, адегенде бет алды эле чуркап кете бердим. Адыр үстүндө кылкылдаган күн ирeңи өчкөн күзгү чийлердин сыйда көкүлүнө жалын ойнотуп, боз топурак жерди кызыл-сур түскө боёп, бирөөгө кичинекей бир жакшылык кылганымдан дикилдеген жүрөгүмдө канчалык кубаныч бар экенин билгендей, менин тытык бешмантымдын күмүш топчуларына чагылыша, жүзүмдөн, маңдайымдан эркелетип балкыган нур төгүп жатты. Биринчи жолу өз күчүмдү сезип, менин да колумдан бир нерсе келет экен го деген ой менен, көз көргөн жер, асман, шамалга кайрылып: «Билип койгула! Мен эми сөзсүз мектепте окуйм! Өзүм гана эмес, башка балдарды да окууга ээрчитем!» – деп көңүлүм көтөрүлүп, сыймыктанып келе жаттым. Ушинтип жүгүрүп бара жатып, бир убакытта эсиме келе түштүм да, жерден тезек издей баштадым. Демейде жайнаган тезек азыр эмне үчүндүр табылбай жатты. Элеңдеген көзүмө тезектер анда-санда гана бир көрүнүп, караңгы түшкүчө кабым толбой калат экен го деп, ого бетер шашып, ансайын эсим чыкты. Айткандай эле, менин кабым ортолой электе күн батып, аңгыча болбой айлана да караңгылай баштады. Мындай ээн жерде жалгыз болуп көрбөгөн элем. Үн жок, жан жок чийлүү адырга түн канаты жайылып, мени бул жерде бир нерсе кармап калардай, капты ийниме арта таштап айылды көздөй жүгүрдүм. Коркконумдан бакырып ыйлагым келди, балким, ыйлап да жиберер элем, бирок Дүйшөндүн жанагы айтканы эсимден чыкпай ал мени көрүп тургансып, уялганымдан чымыркаnып, үн чыгарбай келе жаттым.

Ала-шала тер болуп үйгө жетип келгенимде, очок боюнда от жагып отурган жеңем өйдө тура калды. Жеңем урушчаак, начар аял эле.

– Сен кайда жүрөсүң, ыя? – деди ал жулунуп. Мен жооп кайтаргыча болбой, колумдагы капты жулуп алды:

– Караңгы түнгө чейин сандалып жүрүп тергениң ушубу? – Кыздар айтып койсо керек. – О, өлүкканаңды гана көрөйүн, шүмшүк, мектепте сенин эмнең бар экен! Мектептен айланат бекенсиң! – Жеңем менин кулагымды толгой кармап, желкеден нары койгулай баштады. – Ит жетим, көк жетим, томаяк! Бөрү баласы ит болбойт: элдин балдары үйгө ташыса, сен үйдөн ташыйсың! Экинчи ошол жакка басып көр: шыйрагыңды ташка чагып, талпагыңды сыйрып, туз куям! Мектепчилин мунун!..

Мен сөз да, үн да кайтарбадым. Очоктун боюнда бүрүшүп, дабыш чыгарбай ыйлап отурдум. Бул акмак катындын урган-сокконуна ыйлабас элем, андайга бышып бүткөнмүн, менин ыйлаганым – жеңем мени эч убакта мектепке жибербесин түшүндүм.

Ушинтип ыйлап жатып, талпакка бүк жыгылган бойдон уктап калган экем, түшүмдө: караңгы түн каптаган ээн адырда тезек терип жүргөн экенмин, бир убакытта чийдин арасынан жеңем болуп ыржайган кара катын чыга калды да, мени көздөй атырылды. Капты көтөрүп качып жөнөдүм. Жүрөгүм оозума тыгылып, дем бербей, бутум чөпкө оролуп, кадамым арбыбайт. Кара катын артымдан жетип келип, мени жерге көтөрө чапты да, жулмалап тумчуктура баштады. Ал менин колумдан кап талашып жатты. «Бербейм, тезекти мектепке алып барам! Коё бер мени, коё бер!» – деп чыңырып жаттым.

Ушундан эки күндөн кийин, эртең менен айыл арасында иттер үрүп, кишилердин үндөрү угулуп калды. Көрсө Дүйшөн айылды үймө-үй кыдырып, балдарды окууга чогултуп жүргөн экен. Анда айыл көчө эмес, ар-ар жерден орношкон бозоргон котур там. Он чакты баланы тобу

менен ээрчите жүргөн Дүйшөн тигил үйгө бир кирип, берки үйгө бир кирип аралап жүрдү. Биздин үй эң четте болор эле. Алкылдаган жеңем экөөбүз эшикте соку жанчып, акем темир жолдун базарына эгин алып барып сатам деп, короодо ороо ачып жаткан. Зылдай оор сокбилекти энтигип өйдө көтөргөндө, улам көзүмдүн кыюусун салып, Дүйшөндөр жакты карап жаттым. Алар биздин үйгө жетпей кайрылып кетеби деген коркунучта болдум. Жеңем мени мектепке коё бербесине көзүм жетип эле турса да, алда эмнеден үмүттөнүп, эч болбосо, мугалим мында келип, менин бул жерде экенимди көрсө экен деп, чыдамсыздык менен күтүп, «келтирегөр, кудай, келтирегөр!» – деп кудайдан тиледим.

Дүйшөн менин мында экенимди биле койгон эмес чыгар, айтор, катары менен кыдырып, бизге да келип жетти.

– О, жеңе, иш илгери! Мына, бул балдар болуп баарыбыз конокко келдик! – деп Дүйшөн жайдары күлүп салам берди.

– Келгиле,– дегендей жеңем анын келишин жактырбай күңк этти. Акем болсо ороо казган жеринен башын да өйдө көтөргөн жок.

– Кана эмесе, бүгүн окуу башталат. Кызыңар нече жашта? – деп, Дүйшөн эшикте жаткан мала ташка отуруп, балдарды тизмелеген кагазын даярдады. Жеңем жооп кайтарбай, ачуусу менен сокбилекти күрс эткизе, аны ыкшап-ыкшап алды. Эми эмне болот деп ичимден кыпылдап, жаным жок. Дүйшөн мени карап, баягыдай жүрөгүмдү жылыта, күлүп койду:

– Алтынай, жашың канчада?

Мен коркуп унчуккан жокмун.

— Мунун жаш-пашын эмне кыласың? – деди алкына кайрылган жеңем. – Буга окшогон томаяк куу жетим эмес, нанды «нана» деп жүргөн аталуу-энелүү эркелер

да окубай жүрөт. Тетиги ээрчиткен балдарды эле окутуп ал, мында ишиң болбосун.

Дүйшөн ордунан секирип тура келди. Өңү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү:

– Бул эмне дегенициз. Жетим деген кудайга жазыптырбы! Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен?

– Закун-пакунуң менен ишим жок.

– Байкап сүйлөңүз. Бул кыз сизге кереги жок болсо, кеңеш өкүматына керек! Жооп берип калып жүрбөңүз!

– Ой, сен каяктагы чоң элең? Багып жүргөн кызымды мен билемби, же жериңден ооп тентип келген сен билесиңби?

Бул иштин аягы эмне болуп бүтөрүн кудай билсин, тек ушул учурда ородон белчесинен болуп акем чыга калды. Ал аялынын үй башкарып, сөз баштаганын жактырчу эмес. Өзү турганда аны кынына киргизип, сабай турган. Бул жолу да анын ошол чорт мүнөзү кармады окшойт:

– Эй, катын! – деди ал, ородон чыга кыйкырып. – Сен качантан бери элди башкарып, биларман болуп кеткенсиң. Көп сүйлөбөй ишиңди кыл. Айда, Таштанбектин баласы, чатагыңды кой, алып кет кызды мектебиңе, окутасыңбы-чокутасыңбы, айда, чатагың керек эмес, алып кет...

– Муну мектепке талтаңдатып коюп, сокуну ким жанчып, жаргылчакты ким тартат экен! – деп жеңем дагы булкунду эле, акем анын оозун жып басты:

– Жап жаагыңды калжырабай! Дегеним деген, айттым бүттү!..

Мына, ушинтип жатып мен биринчи жолу мектепке бардым.

Ушундан тартып Дүйшөн күнүгө эртең менен айылды үймө-үй кыдырып, бизди мектепке алып барып жүрдү.

Биринчи күнү ал бизди жерде төшөлгөн саманга олтургузуп, колубузга бирден дептер, бирден калем, ар бирибизге атайлап жасалган кичинекей тактайдан берди да:

– Муну тизеңерге коюп, кат жазасыңар,– деди.

Анан дубал бооруна жармаштырып койгон сүрөттү көрсөтүп,– мына бул киши – Ленин! – деди. – Биз ушул кишинин айткан, көрсөткөн жолу менен окуйбуз...

Лениндин ошондогу сүрөтү бүт өмүрүмө эсимде калды. Кийин мен мындай сүрөттү эмне үчүндүр учурата алган жокмун. Иреңи азыңкы Ленин ал сүрөттө жарадар колун мойнуна асып, артын жапыра кийген кепканын астынан муңайым карап, «Эчтеке эмес, балдар, силер да чоңоюп жетилесиңер. О, силердин келечегиңер, кандай сонун келечек!» – дегендей терең ойго берилип турган эле... Дүйшөн бул сүрөттү көптөн бери алып жүргөн болуш керек, кагазы эскирип, чет-чети жыртылып калган болучу. Мындан башка биздин мектепте төрт эле дубал бар болчу.

– Мен силерге, балдар, арип жазууну, сөз, сан жазууну үйрөтөм,– деди эле. – Өзүм эмнени билсем ошону окутам...

Айтканындай эле Дүйшөн билгенин аябай, ар бирибиздин үстүбүзгө үйрүлүп, калем кармоодон тарта үйрөтүп, биз укпаган саясы сөздөргө чейин түшүндүрүп, окутууга аракеттенип жатты. Азыр ойлосом, колунда кармаган алиппеси жок бул чала сабат, эки сөздү эптеп кошуп окуган жаш жигиттин, албетте, анда окутуунун тартиби, жол-жобосу жөнүндө эч кандай кабары да болгон эмес. Окутат деген ушул деп өз билгениндей, өзүнүн оюна туура келгениндей окута берген. Бирок анын ак пейлинен кылган аракети, менимче, талаага кеткен жок. Анткени ошондо биз үчүн, айылынын четине чыгып көрбөгөн тоо койнундагы кыргыз балдары үчүн, бул мектеп деп аталган туш-туш жыртыгынан шамал ышкырып, эшигинин жылчыктарынан тээ алыстагы ак карлуу тоо чокулары көрүнгөн ышталган котур тамда кулак угуп, көз көрбөгөн укмуштуу жаңы дүйнө ачылды. Биз ошондо эле Олуя-Ата, Ташкенттерден да чоң Москва деген Ленин жаша-

ган шаар бар экенин, баш-аягы Таластын өрөөнүндөй деңиздерде тоодой болгон кемелер сүзүп жүргөнүн, чыракка жаккан май жердин астынан чыга турганын билгенбиз. Эл байып, турмуш оңолгондо биздин мектеп столдор коюлган чоң ак там болоруна биз ошондо эле ишенгенбиз.

Анча-мынча арип тааныгандан кийин, «ат», «таканы» жазалбай жатып, кат жүзүндө биздин биринчи оозанган сөзүбүз – Ленин болгон. Биздин саясы алиппебиз: «бай», «кедей», «батрак», «кеңеш» деген сөздөрдөн түзүлгөн. Ушунун баарын бизге Дүйшөн колунан келишинче үйрөтүп, түшүндүрүп, окутуп жатты.

Дүйшөн атасы менен кошо темир жолдо иштеп жүрүп, Михаил Семенович деген карыя мугалимдин колунда эки кыш окуп жүргөнүн, аскерге баргандагысын, актар менен согушкандагысын кызыгып угар элек. Ал эми Ленин тууралуу Дүйшөн өз көзү менен көрүп келгендей сүйлөр эле. Эгерде анча-мынчасы ооздон-оозго өткөн элдик жомок болсо да, биз үчүн анын баары сүттөн ак чындык болчу. Биз эч бир күмөн санабай туруп кээде сурап калар элек: «Агай, Ленинге салам бергенде кол кармаштыңыз беле?» Анда биздин мугалим башын чайкап: «Жок, балдар, жүз көрүшүп жолуга албадым»,– деп ошого өкүнүп, үшкүрө турган.

Ал ар бир айдын аягында «волуска»[1] барам деп жөө кетип, эки-үч күн жол жүрүп келчү. Ушул арада биз аны кадимкидей сагынып калар элек. Жанымдан артык бир тууганым келээрдей, жеңеме байкатпай, улам-улам төмөн жактан жол карап, мугалимдин куржун көтөргөн караасы кайсы жерден көрүнөр экен, жайдары мүнөз күлкүсүнө качан тоюп, жүрөгүмдү жылыта караган көздөрүн качан көрөр экем деп чыйпылдап күтөр элем.

---

[1] в о л у с – волость (уезддин бир бөлүгү болуп эсептелген эскиче административдик-территориялык бөлүнүш, азыркыча район).

Дүйшөн окуткан он чакты балдар-кыздардын ичинен чоңураагы эле мен болчумун. Балким, ошондуктан сабакты дурусураак билгени да мен элем. Бирок ал гана эмес, мугалимдин ар бир айткан сөзүн, көрсөткөн арип, жазууларын мен ыйык түрдө көңүлүмө алып, бүт ыкласым салып үйрөнө турганмын. Мен үчүн андан чоң, андан артык жумуш болгон эмес. Дүйшөндүн берген дептерин аяп, кай жерде жүрбөйүн, ороктун учу менен жерге чийип, дубал боорлоруна, кар үстүнө арип салып, сөз жазып окугам. Өз көңүлүмдө мен үчүн Дүйшөндөн жакшы, андан билимдүү киши болгон эмес.

Бул арада антип-минтип жатып, кыш да кирип келди. Суук түшкүчө дөбөнүн этегинде аккан таштак сууну кол кармашып кечип жүрдүк. Кийин шыйрак какшап, майда балдар чыдагысыз болгондо, Дүйшөн аларды бирин жонуна мингизип, бирин колуна көтөрүп өтүп жүрдү.

Кишилердин ошондо караңгылыгыбы, түшүнбөстүгүбү, Дүйшөндүн мунусун шылдыңдап күлүшө турган. Өзгөчө кыштоодогу малдуулар тегирменге ун салдырганы келгенде, жайма каптарды астыларына салып алып, чоң сары тон, түлкү тебетей кийип, куйругу чорт түйүлгөн семиз аттарды алчаңдата, ичкен бозосун карт кекирип:

– Э, ботом, бул бирин көтөрүп, бирин аркалап, балапан ээрчиткен күрптөй болгон неме ким өзү? – деп, камчысын түртө өтөр эле. Анда экинчиси темине берип:

– Атаңдын көрү, аял болсо токолдукка ала турган экен го! – деп, туяктын астынан даңкан таштап, каткырган бойдон кетишер эле.

Ошондо тигилердин айтканына ыйлап жиберчүдөй ар бирине ичим күйүп, күчүм жетсе аларды тизгинден алып: «Биздин мугалимден айланып кеткиле. Силер уятсыз, акмак кишилерсиңер!» – деп, бетке кыйкырсам го дегендей ызалана турганмын. Бирок Дүйшөндүн буга ардanганын көрө албадым. Ал мындайды укмаксан болуп, сабырын салып, бизди башка сөзгө алаксытып койчу.

Көпүрө салууга жыгач жок, аттамчыктар коёлу деген акыл менен, бир күнү майда балдарды үйгө узатып жиберип, Дүйшөн экөөбүз сууга таш жыйнап, таштын үстүнө чым коюп ишке кириштик.

Азыр ойлоп карасам, ошондо айылдагылар эле эки жыгач таштап бүтүрүп койчу жумуш, бирок анда окуунун мааниси эмне экенин билбеген эл. Дүйшөндү анчейин бир кыларга иши жок апендидей көрүшүп, чыдасаң окут, болбосо тим кой дегендей, ат кечкен жерге көпүрө салып көрбөгөн немелер өздөрүнө кереги жок болгон соң, биздин жайыбызды көңүлүнө да илишпептир. Бирок бир нерсени ойлонушса болмок эле: эмне үчүн ушунча азап жеп, шылдың болуп, бирөөдөн артык болбосо, эч жери кем эмес, ушул жаш жигит колунан келген баардык аракетин кылып, элдин балдарын окутуп жүрдү экен?

Биз аттамчык салып жатканда кар жаап калган болчу. Сайсөөктөн өтүп төбөгө чейин какшаткан муздак сууда казандай таштарды көтөргөн Дүйшөн кандай чыдап жүргөнүн билбейм, бир убакытта тиземдин астында тарамыш түйүлүп, же үн чыгаралбай, же өйдө болалбай, көзүм бозоруп жыгылганы калган экем, Дүйшөн мени көрө салып, колундагы ташын ыргытып жиберип, мени көтөрүп жээкке жүгүрүп чыкты. Жерде жаткан шинелине отургузуп, түйүлгөн тарамышты укалап, көгөргөн буттарымды жылуулап кымтыды.

– Кой, Алтынай садагасы, мен өзүм эле бүтүрөм азыр, отура бер.

Аттамчыктарды эптеп коюп бүткөндөн кийин, өтүгүн кийип жатып, Дүйшөн менин үрпөйгөн түрүмдү көрүп, жалооруп күлүп койду:

– Жылыдыңбы, Алтынай! Анан туруп: – Баягыда тезекти сен төгүп кеттиң белең? – деди.

– Ооба,– дедим мен.

«Мен да ошондой ойлодум эле»,– дегендей, Дүйшөн ууртунан күлмүңдөп койду. Ошол болор-болбос нерсени

унутпай, эсине ала жүргөнүнө, мен ичимден абдан ыраазы болуп, төбөм көккө жеткендей кубандым. Эки бетим ысып дуулдап кетти. Дүйшөн менин сүйүнгөнүмдү сезди окшойт:

– Жайнаган көзүңдөн айланайын,– деди ал мени эркелете. – Окууга дегеле дилгирсиң. Кап, колумдан келсе, сени чоң шаарга окутсам э-э! Кандай киши болор элең! – деди да, өйдө туруп, шыргалаң агыза булдураган көккашка суунун жээгинде, азыр да көз алдымда, эки колун желкесине алып, көкүрөгүн кере, тээ кыялап көчүп бара жаткан ала булут, ак булутка тигилип ойлонуп турду. Эмне ойлонду экен ошондо? Же кыялында мени чындап эле чоң шаарга алып барып окутуп койду бекен? «Ай-ии, кудай, Дүйшөн менин бир тууган агам болуп калсачы. Мойнуна асылып эркелеп, көзүмдү жумуп бекем-бекем кучактап, баардык жакшы сөздөрүмдү кулагына шыбырап айтсам!» – деп тиледим эле ошондо.

Биз анын билиминен да мурун, менимче, ушундай адамгерчилигин, биз үчүн болгон илгери үмүт, жакшы тилегин бала болсок да баалап, урматтай турганбыз. Антпесе, бизди тизеден кар кечип, кычыраган аязда, борошодо жетелешип айылдан алыс турган мектепке барасыңар деп, жаман тамда көк муштумдай көгөрүп отуруп сабак окуйсуң деп зордогон эч ким жок. Бети-башыбыз кыроо болуп кетсе да чыдап, улам кезектешип, бирибиз мешке от жагып, буту-колду жылытып жатканда, калганыбыз баш тартпай Дүйшөндүн айтканын угуп, көрсөткөнүн үйрөнүп окуп отурчубуз.

Мына, ушундай ызгаардуу күндөрдүн биринде, кийин ойлосом январдын аяк чени экен, Дүйшөн бизди адатынча мектепке ээрчитип чыкты. Бул жолу ал эч бир унчукпай, сүйлөбөй, сустайган каштарынын астынан бүркөлө карап, кубакай жүзү карарган темир өңдөнүп келе жатты. Мугалимибиздин мындай болгонун эч бир көргөн эмес элек. Алда кандай жамандык болуп кеттиби дегендей ыйба

менен биз дагы, демейде чурулдап ойной кетчү балдар, сестейип калдык. Калың кар түшкөндө Дүйшөн дайым өзү жол баштап, анын артынан мен, анан башка кичирээк балдар чыйырга түшчү. Бул жолу да дөбөгө жеткенде Дүйшөн алдыга чыгып чыйыр салды. Кээде адамдын аркасынан карап да ичтегисин билүүгө болот. Башына каран күн түшкөндөй эңкейип, бутун сүйрөп, кыйналып келе жатты. Ошондогу бир көрүнүш али да эсимде: кара шинелинин астынан далысы уркуюп, башын салаңдаткан Дүйшөндүн жону, андан өйдө – Дүйшөндүн эңкейген жону сыяктуу дөбөнүн өркөчтөнгөн шамалдуу күрткүлөрү, андан да өйдө – бопбоз асман, салаңдаган жалгыз кара булут.

Мектепке кирип келгенден кийин, Дүйшөн күндөгүдөй от жаккан да жок.

– Өйдө тургула, балдар,– деди. – Тумак, тебетейиңерди башыңардан алгыла. – Өзү да шапкесин башынан жулуп алды. Биз эмне болуп кетти деп түшүнгүчө болбой, Дүйшөн кардыккан, мүдүрүлгөн үн менен:

– Биздин Ленин атабыз дүйнөдөн кайтыптыр, балдар,– деп угузду. – Азыр бүткүл жерде адам баласы аза күтүп турганда, силер да ордуңардан козголбой, үн чыгарбай, тикеңерден тик туруп, мына бул сүрөттү карап тургула. Эсиңерде калсын бул күн.

Там ичи көчкү баскандай жым-жырт боло түштү. Сыртта уюлгуган шамал туш-туш тешиктен кар учуруп, ар бир кардын «шырп-шырп» этип тоголонуп түшүп жатканы угулуп турду. Шаар-шаары менен, аймак-аймагы менен кара чүмкөнүп, жер солкулдата иштеген заводдор токтоп, талаа жаңырта жүгүрүп бара жаткан поезддер токтоп, басып бара жаткан эл токтоп, дүйнө аза күткөн күнү, эч кимге бейкапар, мектеп деп аталган жалгыз жаман кепеде мугалимибиз баш болуп, демибизди ичибизге катып, биз дагы, калың элдин кичинекей учкунунун учкуну, көңүлүбүздө Ленин менен эң жакын күйөрма-

ны болуп коштошуп жаттык. Ал эми биздин Ленин болсо баягысындагыдай эле: сакал-муруту өскүлөң азыңкы кебетесинде, жарадар колун мойнуна асып, артына жапыра кийген кепканын астынан бизди муңайым тиктеп: «Эчтеке эмес, балдар, силер да чоңоюп жетилесиңер. О, силердин келечегиңер, кандай сонун келечек!» – дегендей, алыска ой жүгүртүп, бизди тирүү кишидей карап турду.

Дүйшөндүн эки көзүнөн аккан жаш жүзүнөн мөлтүлдөп сарыгып жатты. Бир оокумдан кийин ал жашын аарчыды да, бизди карап алып:

– Мен бүгүн волуска кетем, балдар. Мен анда барып, партияга өтүүгө арыз берем. Мен үч күн өтүп, төртүнчү күнү кайра келем,– деди.

Ошол үч күн табийгаттын эң ачуу, эң каардуу күнү болдубу бейм. Көзү өткөн улуу кишинин жер үстүндө орду толбой, жаратылыш арман күүсүн бороонго берип, өксүгөнүн ышкырган шамалга берип, ичи ачышканын чоктой тийген аязга берип, жарга урунуп, ташка урунуп эч бир тынчтаналбай чамына берди.

Биздин айылдын котур тамдары тигинден, мындан жүлүндөй түтүн булатып, буюккан улуу тоонун этегинде эл чээнге кирип кеткенсип, сыртка башбаккан кишикара жок. Жан жакада карышкыр күчөп, көздөлбөй калган мал-пулду күндүз эле тартып кетчү болду. Айрыкча түн кирери менен карышкырлар айыл аралата келип, тишине тиер эчтеке табалбай, таң аткыча айланчыктап улуп жүрүштү.

Мугалимибиз качан келет деп, бул суукта үстүндө тону жок кантип келер экен деп коркуп жаттым. Дүйшөн келер күнү жүрөгүм эле өйкөлүп сыздай берди. Ал келем деген болжолунда келбей койчу эмес. Кайта-кайта эшикке чыгып, карааны көрүнөр бекен деп жол карайм: ээн жаткан карлуу талаада эч бир көзгө көрүнгөн жан жок. «Алда-а, кудай-ай, кечке калбай эртерээк эле келсечи!

Карааныңдан айланайын агайым, кайда жүрөт болду экен, бул маалда?» – деп ичимден кейип, жеңеме көрсөтпөй, кээде ыйлап-ыйлап да алдым.

– Ай, селсаяк, сен бүгүн эшикти тындырасыңбы? Отур алдагы ордуңа, жибиңди ийри. Балдарды үшүтмөк болдуң! – деп жеңем мени сыртка чыгарбай отургузуп койду.

Кечке жуук болгондо Дүйшөндүн же келген, же келбегенин билалбай айлам кетти. Ийикти эптеп эле толгоп, жибим кайра-кайра үзүлө берди.

– Сен бүгүн эмне болгонсуң? Өлөрүңө көрүнгөнбү? – Жеңем мени акшыя карап, кыжырланып жатты. – Тур, андан көрө Сайкал кемпирдин ала кабын жеткирип бер,– деди.

Муну укканда мен ордумдан ыргып турдум, анткени Дүйшөн ошол Сайкал кемпирдин үйүндө жүрчү. Абышкасы Картаңбай, кемпири Сайкал дегендердин мага таякелик жайы боло турган. Башта мен алардын үйүнө барып, кезек-кезек жатып да калчумун. Жеңем ушуну эсине алдыбы, же кандай кудай жалгаганын билбейм, капты колума берип жатып:

– Сен бүгүн көкөйүмө аябай тийдиң. Жаткырса, Сайкалдыкына эле түнөп кел. Тур, көзүмө көрүнбө,– деди.

Бирде тына калып, опурула-опурула соккон шамал, дем окуган бакшыдай, ысып чыккан бетиме кар чачып, аптыктырды. Капты колтугума кысып алып, атчан сала кеткен чыйыр менен айылдын аркы башына, «келди беken» деп, кыпылдап жүгүрүп бара жаттым.

Келсем, жок, келбептир. Мен шалдайып туруп калганда Сайкалдыи эси чыгып кетти:

– И, мынча эмне жүгүрдүң? Аманчылыкпы?

– Жөн эле. Кабыңарды алып келдим. Бүгүн силердикине жатып кетейинби, тайеже?

– Жатагой, жаман чүрпөм. Күздөн бери каттабай койдуң го. Отко отур!

– Эт сал, кызыма, кемпир. Дүйшөндүн да келер маалы болуп калды. Жете келер, ат-көлүк аман болсо,– деди нары жактан күүгүм жарыкты шыкаалап, кийиз чокой үйрүп отурган Картаңбай.

Антип-минткенче иңир чалган терезелер караңгылап, түн да кирип келди. Күзөттө турган жүрөгүм айыл арасында ит үрүп, үн чыккан сайын үркүй берип, тамакка да табитим чаппады.

Аны-муну божураган Сайкал күн кечкиртип, эл жатып, түн ортосуна кетти. Күтө берип чарчаган соң:

– Кой эми, кемпир, төшөк сал. Бүгүн келбей калды го. Өкмөттүн амирин билип болобу, дагы бир жумушу чыгып, кармалып калган го,– деп, Картаңбай жатууга камына кетти.

Мага төшөктү мештин артына бурчка салып беришти. Уктай албадым. Чал кайта-кайта күрс-күрс жөтөлүп, келме келтиргендей алда эмнелерди ичинен шыбырап, кудайлап жатты. Бир кезде эсине бир нерсе түштүбү, өзүнчө сүйлөнүп койду: «Жаман тору кантти экен, калаада оңой менен жем-чөп да табыла койчу эмес эле…» Ал ушинтип жатып тынганда, шамал күчөдү. Тамдын сыртынан күдүрөкөй кол сыйпалагандай, шыпты аңтара урунган шамал, шабур-шубур этип терезеден тырманып жатты.

Менин өз оюмда Дүйшөн бүгүн сөзсүз келе тургандай болуп, ээн талаа боз жолдо кантти экен деп, санаам тынбады. Ушинтип жатып көзүм илинип кетсе керек, бир убакытта, адамдын тула бою дүркүрөгөндөй жерден алаcала өйдө созолоно кеткен улуган дабыш чыкты. Карышкыр. Бирөө-жарым да эмес, бир топ көрүнөт. Туш-туштан үн алышып, улуп-уңшуп күчөштү. Бирде алыстап, бирде жакындап, шамал аралаша айыл четине каңкылдап келгендей сезилип жатты.

– Бороон чакырып жатышат го! – деди шыбыраган кемпир. Чал унчуккан жок. Бир аз тыңшай түшүп, чочугандай өйдө тура калды:

– Жок, кемпир, булар соо эмес. Бирөөнү кууп келе жатышат. Адамбы, жылкыбы, айтор, камап айландырып калышты. Булар соо эмес. Кудай сакта, айланайын кудай, биздин Дүйшөн болуп жүрбөсүн, ал эчтекени байкачы эмес эле. – Картаңбай караңгыда калдаңдап тонун кие турду. – Чырак, чырак жак, кокуй. Кудаа-ай.

Эсим чыгып калтырап мен да, кемпир да шашылып өйдө турдук. Кемпир далбастап чырак жаккандын ортосунда, жаалап үрүп-улуп келген карышкырлар бир кезде жым болуп эле тынчтана калды.

– Жайлады иттер, жыкты! – деген бойдон чал таягын ала сыртка атырылды эле, аңгыча болбой иттер безелене үрүп, карды кычырата жүгүрүп келген бирөө эшикти карс-карс койгулап жиберди.

Аяздуу бубакка аралашып, бетинде каны жок, купкуу Дүйшөн энтигип келип, каалгага жөлөнүп туруп калганда, көзүм караңгылап:

– Аксарбашыл, аксарбашыл! Сен белең, катыгүн! Айланайын баабедин! – деген чал-кемпирдин үндөрүн эле угуп калдым.

– Мылтык барбы, Каке! – деп Дүйшөн кайра жулунду.

– Жок, кокуй мылтык жок! Кой, кокуй! кой! – Чалкемпир эки жагынан асылып чуркурап калышты.

– Эмне бар? Бакан барбы?

– Эчтеме жок, чыкпа. Бизди ушул жерге өлтүрүп эле чыкпасаң, чыкпайсың!

Өзүмдөн өзүм муунум бошоп, алсырап, нес болгон өңдүү мен унчукпай кайра төшөккө жаттым.

– Айылга жеткирбей камашпадыбы,– Дүйшөн үшкүрө тартып, камчыны тигиндей ыргытты. – Ат жолдон эле чаалыгып келе жаткан, тигилер кууп калганда берки тумшукка жетпей соругуп жыгылды. Ошол жерден эле басып калышты.

– Кудайдын кудурети, мейли, ат болбосо сени да узатпайт болчу, кокуй! Аксарбашыл, айланайын баабедин.

Кой, эми, чечинип коломтого жылын, отур, өтүгүңдү тартайын,– деп эле бечара Картаңбай сүйүнүп калдаңдап жатты. – Шорпо-шилениңди жылытагой, кемпирим. Кудай сактабадыбы!..

Алар отко жакындап отурганда, Картаңбай жеңилдене үшкүрүп койду:

– Болору го болду. Мынча эмне кеч чыктың?

– Райкомдун жыйналышы кеч бүттү, Каке, партияга өтүп келдим.

– Аның го жакшы. Анан эртең күндүз эле келсең болбойт беле? Же сени мылтыктап желкеге айдаган киши болбосо..

– Мен бүгүн келем деп балдарга убада бердим эле,– деди Дүйшөн. – Эртең сабак башташым керек.

– Ок, балдарың бамыран калсын! – деп, чочуган Картаңбайдын жаны чыгып кетти. – Эй, тобо! Балдарга убада бердим дейт тура! А майып болуп калсаң эмне болор эле, ойлойсуңбу?

– Эчтеке эмес, Каке, менин ишим, кызматым ушул. Андан көрө башканы айтыңыз: демейде жөө барып келчү элем, бул жолу сизди жалгыз атыңыздан ажыратып койдум, Каке...

– О, аты менен жерге кирсин! – Башыңдан айлансын! – деп жиберди Картаңбай. Ушул жашка жетип, аты жок эле жүргөм. Кеп эмес. Кагылайын кеңеш турганда дагы да аттуу болормун.

– Ошону айт, абышка,– деди нары жактан ыйламсыраган Сайкал. – Аты садага кетсин... Тамакты ысыгында ичегой, балам...

Сүйлөөлөр бир аз токтой түштү да, Картаңбай коломтого чок шилеп жатып ойлуу айтты:

– Эстүү, акылдуу эле жигитсиң. Балдарды окутам деп жаныңды сайып жүрөсүң. Мен ушуга түшүнбөйм. Мынча эмне кордук тарттың? Андан көрө бирөөгө жалданып кой кайтарсаң, оокатың тың өтөр эле го...

– Каке, туугандык жайыбыз да бар, мага күйүп айтып жаткандырсыз. Мына ушул жаш балдар кийин сизге окшоп окуунун, билимдин кереги эмне деп түшүнбөй калса, анда сиз кагылайын деген кеңештин иши алга баспай калат. Мен үчүн бул кордук эмес, Каке, колумдан келсе балдарга дагы да көбүрөөк билим берсем, арманым болбос эле, Ленин да айтып кетпедиби бул тууралуу...

– Ленин демекчи,– деп Картаңбай бир паска унчукпай калды. – Ушинтип жүрүп Ленинди тирилтип алсаң кана! Же сенден башка эл күйбөйт дейсиңби? Кабыргабыз сөгүлүп, биздин да жүрөгүбүз түтөп жатат. Дини буруу болсо да, саясатына туура келеби жокпу, күнүгө беш убак келме келтирип жүрөм. Анан туруп ойлойм да, Дүйшөн, биз канчалык күйүп бышпайлы, ушул кишини жоктоп деле алалбайбыз. Мисалы, жер үстүндө от кандай өчпөс болсо, суу кандай соолубас болсо, аба кандай түгөнбөс болсо, эл кандай арылбас болсо, так ошондой кенч киши го дейм, өзүмдүн жаман акылымда.

– Акылыңыздан айланайын, Каке,– деди Дүйшөн. – Сөзүңүздүн калети жок: мына, көзү өттү эле, баскан, турганыбыз баары эле Ленин менен болуп жатпайбы, Каке...

Алар ушинтип сүйлөшүп жатканда, адегенде түштөгүдөй болуп, дале Дүйшөндүн аман кайтканына ишене бербегендей, эсиме келалбай жаттым. Анан бир кезде жан жыргаткан укмуштуу кубаныч ташкындаган селдей каптап, демимди аптыктырды да, сүйүнгөнүмө чыдабай жашымды төгүп, өксүп-өксүп ыйлап жибердим. Адам минтип кубанып көргөн эмес чыгар. Мен үчүн ошол учурда үстүмдө турган кемпир-чалдын жаман тамы да жок, сыртта борошологон түн да жок, айылдын этегинде Картаңбайдын жалгыз атын тытып жаткан карышкырлар да жок, акылым, жүрөгүм, денем сезген – жалаң гана көкөлөгөн асман сыяктуу чексиз, өлчөмсүз кубаныч. Ыйла-

ганым угулуп калбасын деп, чүмкөнүп оозумду бастым – жашыралбадым.

– Ой, бул ким бышактаган? – деди Дүйшөн.

– Алтынай эле, эси чыгып ыйлап жатат,– деди Сайкал.

– Алтынай? – Дүйшөн ордунан ыргып туруп, менин баш жагыма келип, тизелеп отура калды. – Э, Алтынай, сага эмне болду, эмнеге ыйлап жатасың? Айтчы?

Мен эреркеп, ого бетер шолоктоп тескери карап кеттим.

– Айланайын, жайнаган көзүңдөн секет болоюн, садагаң кетейин! – деп Дүйшөн мени көтөрүп алып, өйдө турду. – Эмне болду сага, чоп-чоң эле кызсың, мынча эмне? Бери карачы...

Дүйшөндүн мойнун кучактап, ансайын солкулдап, мойну-башын суу кылып, эч бир ыйымды токтото алсамчы.

– Кокуй, мунун жүрөгү түшүп калган го! Кемпир, апаптап кой, бол! – деп Картаңбай да тура келди.

Болкулдаган Сайкал бетиме суу бүркүп, апаптап, баары тең убараланып жатышты. Ошондо менин жүрөгүм түшпөй эле, мен кандай бактылуу экенимди билишсе го! Айтып берүүгө чамам жок, тил да жетпейт.

Мен тынчтанып уктап кеткиче, Дүйшөн чекемди сылап, жанымда отурду.

* * *

Кыш ооп, жаз да келди. Нымдуу жердин саан сүт жыттанган жылуу эпкинин айдап, казактын даркан талаасынан, көзгө илешпеген зор дайрадай каалгып, көктөм жели жетип келгенде, тоо койнунда ак кар, көк муз ыдырап, таш омкоруп, аң жыртып, жаз шаңын ырдаган кыян суулар жон-жондон кулап түштү.

Менин алгачкы беш көкүл жаштык чагымдын биринчи жазы ушул болду бекен...

Жаздын көркү жылдагыдан башкачарактай туюлгансып, бөтөнчө биздин мектеп турган дөбөнүн үстүнөн теребелдин чар тарабы кең ачыла берди. Жогор жагы кырданган, көгала зоокалуу тоолордон баштап, жер кулачын кере, өйдөтөн төмөн боюн токтото албай жүгүрүп бара жаткан сымал көз чабытың канча жетсе ошончо,– жибиген, тыноо алып ойгонгон көгүлтүр булоолуу талаа, талаа артынан талаа, учу көрүнбөгөн жылтылдаган суулар. Абаны солкулдата кишинеген жылкынын үнү алда кайдан созолоно угулуп, асманда күмүштөнгөн күрпөң булуттарды аралап желе тарткан турналар, жүрөк чымырата опкоолжутуп, жер менен көктөн үн алышып, белгисиз алыс тарапка жол жүрүүгө чакырып жатышты...

Жаз келгенге күлкүбүз көбөйүп, оюнубуз көбөйүп, мектептен чыккандан айылга чейин кубалашып келчү болдук. Муну байкаган жеңем ичи тарыгандай, жактырбай сүйлөнүп жүрдү:

– Ай, шүмшүк, бой жеткениңди билбей сен эмнеңе далактайсың. Элдин мындай кыздары эбак эле эрге чыгып, жек-жаат таап берип жатышат. Сен болсоң мектеп деген кургурду таап алдың... Карап тур, сенин көзүңдү гана тазалабасамбы...

Башынан кыртышы сүйбөгөн жеңемдин бул айткандарын айтыла жүрчү сөзү да дегенчелик кылып, анча деле капарыма ала бербедим. Анан калса бой жетти дегендей: азырак боюм өсө түшкөнү гана болбосо, мен, Дүйшөн айткандай, баягы эле сексегей саргыл кыз эмесминби? О, чындап бой жеткендеби, мен кандай сулуу кыз болор экем! «Маңдайың ачык, Алтынай, жылдыздуусуң»,– деп Дүйшөн айтып жүрбөйбү.

Бир күнү мектептен келсем, биздин үйдө эки чоочун ат байланып туруптур. Ээр токум, жабдыгын караганда – тоодон келгендер болуу керек. Базарлап нары өтүп, бери өткөндө кээде тие кетишчү.

Жеңемдин өзгөчө шыңкылдаган күлкүсү босогодон эле угула берди: «Ай, жээн бала, көп кетти деп ичиң ачышпай эле койсун, таажеңеңдин баркын колго тийгенде билерсиң! Өзүң көрөсүң го! Хи-хи-хи!..» Ушуга карп-күрп үйгө кирип келгенимде сөздөр тыйыла түштү. Төрдө кызара бөртүп отурган булкуйган жоон киши, казандай түлкү тебетейинин астынан мени жалт карап алып, тамагын жасап, мурчуя жөтөлүмүш болуп койду.

– И-и, кызыке, келегой, секет! – деп жеңем жароокерлене кайрылды.

Акем менен дагы бир киши, үргүлөгөндөй баштарын шылкылдатып, «туз, көзүр!» – деп, карта ойноп отурушкан экен. Булар арак ичип, тамак жеп отурушуптур.

– Эшиктеги шорподон куюп ичегой, садагасы,– деди. Жеңемдин минтип калптан-калп жароокерленгени мага жаккан жок. Мунусу кандай деп, ичимден санаркай түштүм. Бир топтон соң тигилерди аттандырып жиберип, мени кайра: «шүмшүк, томаяк» – деп киргенден кийин ии, жана тимеле мас болгон го деп, көңүлүм тынды.

Ушундан көп узабай, биздикине кандайдыр бир жумушу менен Сайкал кемпир келе калды эле, анда да сыртта жүрүп, анын чочуганын угуп калдым: «О, койчу нары, ботом! Убалына каласың!» Жеңем экөө айтыша түшкөндөй болуп, бир убакытта кемпир эшикке чыгып бара жатып, мени ачуулуу, аялуу карап алып, жолго түштү. Бул эмнеси деп Сайкал энеме таарынып да калдым.

Эртеси күнү мектепке Дүйшөндүн сабыры суз тартып, сыр алдырбайын дегени менен, алда эмнеге бушайман болуп жатты. Ал мени тик кароодон жалтангансып, кабагын ачпай, бүркөлө берди.

Сабактан таркаганда, балдар менен ээрчишип бара жаткан жеримден, Дүйшөн мени токтотуп алды.

– Коё тур, Алтынай,– ал менин жаныма басып келди да, чачымдан сылап туруп айтты: – Сен эми үйүңө барбайсың, Алтынай, түшүндүңбү?

Жүрөгүм шуу этип, өгүнтөн берки сөздөрдү мен ошондо гана түшүндүм...

– Жообун мен өзүм берем,– деди Дүйшөн. – Биздикинде жүрөсүң. Жанымдан алыс чыкпа, уктуңбу?

Сүлдөрүм өчүп кетсе керек, Дүйшөн ээгимден өйдө көтөрүп, мени жүзүнө тик каратты:

– Коркпо, Алтынай! – деди ал, адатынча жайдары күлүмсүрөп. – Мен турганда эчтекеден коркпо. Мурдагыдай эле сабагыңды окуп, ойноп-күлүп жүрө бер... Корккок жаның бар эле... баса! – деп, эсине бир нерсе түшкөндөй каткырып күлүп жиберди. – Сага айтам деп унутуп жүрөм. Баягында, эсиңде барбы, Какем таңазандан туруп алып, сага дем окутат элем деп Жайнактын бүбү кемпирин ээрчитип келиптир. «Бүбүгө барсаң, бүк дейт, бакшыга барсаң, бак дейт – бир кара жандык тап дейт!» – деп, кууп жибердим. Сен уктап жаткансың. Кереги эмне бизге бүбү-бакшынын, туурабы? Мени уят кылып койдуң, деп, Какем бир базарча оңдуу сүйлөшпөй, таарынып да жүрдү... Анткени менен кемпири экөө сонун кишилер да. Жүр эми кеттик,– деп Дүйшөн мени ээрчитип алып кетти.

Дүйшөндүн айтканындай эле болоюн дегеним менен, ушул сааттан тартып менин башыма оор күн түштү. Акелерим чындаса мени сабап отуруп алып кетсе да, ким эмне дейт эле анда. Түнү менен көз ирмебей, Картаңбайлардын үйүндө жатып минут сайын коркунучту күтүүдө болдум.

Албетте, Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип жатты. Мүмкүн, менин көңүлүмдү көтөрөйүн деген ой менен, ал ушунун эртесинде мектепке эки жаш терекче алып барды. Окуу бүткөндөн кийин Дүйшөн мени колумдан жетелеп:

– Экөөбүз азыр бир иш кылабыз, Алтынай,– деди, өзүнчө сүйүнгөндөй мени күлө карап. – Мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип

чоңойгончо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп, көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң. Айтты-айтпады дээрсиң, сенин таалайыңа жазылып турат, жайнаган көзүңдөн айланайыным, талчыбыктай солкулдак кезиң, зээниң бар, акылың тунук. Ушул тилекке багыштап алып келдим элем, кел эми өз колубуз менен тигип коёлу. Багың окуудан ачылсын!..

Менин боюм менен тең болгон, жаш наристе кабыктуу, көгүлтүр бай терекчелер жанаша жерден орун алып тикелей калганда, адырдан жете келген жел бутак-бутагындагы жаңыдан гана ачылган кичинекей жалбырактарын жан киргизгендей желп эткизе биринчи жолу козгоп кетти.

– Мына көрдүңбү кандай экенин! – деди Дүйшөн, артка чегине берип карап. – Эми тиги чоң булактан арык чыгарып коёбуз. Мына ошондо көрөсүң: О, кандай келишкен зор теректер болор экен! Булар дөбөнүн үстүндө туруп, келген-кеткендин баарына көрүнөт. Анда заман да башка болот. Аман болсок, жакшылыктын баары алдыда, Алтынай...

Сүйүнгөн-кубанганымдан, ыраазы болгонумдан эмне дээримди билбей, мен унчукпай эле Дүйшөндү карап тура бердим. Анын ошол кубакай жүзүндөгү сүйрүрөөк келген кара көздөрү кандай сулуу, кандай таза пейилдүү экенин башта билбей жүргөндөй, анын жаңы гана тал тигип кара топурак болгон шадылуу, күчтүү колдору адамга кокус тийип кетсе кандай жагымдуу экенин мурун түйбай жүргөндөй, азыр жүрөгүмдү солкулдаткан алда-кандай башкача сезим козголуп: «Дүйшөн агай, сиз ушундай болуп туулганыңыз үчүн мен... мен сизди кучактап өпкүм келип турат!» – деп жибере жаздап, өзүмдүн бул оюмдан өзүм чочуп, уялып кеттим.

Айтор, үстүбүз чайыттай кирсиз асман, турганыбыз жайнаган жазгы адырлар болуп, түркүн кыял, түркүн сонун үмүткө берилип, жел жараткан жаздын ырайына

рахаттанып турду. Ошол учурда башыма чырмалган балакет иш да ойдон чыгып кетип, эртеңким эмне болот, эмне үчүн жеңелерим мурдагы күндөн бери мени издеп да келбейт, же мени унутуп калыштыбы, же өз эркине тим коёлу дештиби, буларды мен балалык кылып, Дүйшөн болбосо, унута бере жаздаптырмын. Айылга жакындап келгенде, ал менин эсиме салды:

– Келечегим эмне болот деп көп кайгыра бербе, Алтынай, анын да жолун табарбыз. Бүрсүгүнү, же андан наркы күнү экөөбүз волуска барып, сенин окууң тууралуу өкүмөттөр менен сүйлөшүп келсек кантет? Балким, сени шаарга жиберип калышар?

– Сиз кандай десеңиз, агай, кандай айтсаңыз, мен ошондой болом,– дедим мен.

Шаар деген кандай болорун көз алдыма элестете албасам да, анда барып окууну, сөзсүз, болор иштей, мен дароо эле ойлоно баштадым. Бирде – ошого кубанып, бирде – коркуп жатып кайра кайраттанып, кыскасы, бул иш эсимден чыкпай, ар кандайча ойлоно бердим.

Мектепте отурганда да ушул ойдо болдум. Шаарга барып калсам кимдикинде турар экем? Отун-суу алып, малай жүрсөм да мейли эле деп, болжолдоп отурганымда, биздин жаман тамды сыртынан бастырып кетчүдөй болуп, утурлата келген үч-төрт атчандын дүбүртү угула калды. Мугалимдин айтып берип жаткан сөзүн укпай, биз баарыбыз бирпаска кулак түрүп калдык элек, сестейе түшкөн Дүйшөн:

– Балдар, көңүлүңөрдү бөлбөй, бери карап отургула,– деди. Аңгыча болбой кыңырылган эшигибиз шарт этип ачылды да, желмогуздай күлмүңдөгөн жеңем башпакты. Дүйшөн анын бет алдына барып тура калды:

– Сиз эмне жумуш менен келдиңиз?

– Тур мындай, мен кыз узатам! Ай, селсаяк сениби! – деди жеңем, муштумун кезеп. Дүйшөн ага жол берген жок:

– Сиздин узатар кызыңыз бул жерде жок!

– Эмне? Аны азыр көрө жатарбыз! Ай, жээн бала, бери келип, сүйрөп чыккыла бул көк бетти,– деп жеңем кол булгап койду. Өгүнкү булкуйган түлкү тебетейдин жанында союл кармаган эки киши кошулуп, аттан түшө келишти.

Дүйшөн эшиктин оозунда турган калыбында ордунап козголбоду.

– Сен эмне тентиген ит, алып койгон катының барчылап, бирөөнүн кызын бийлейсиңби? Тур мындай,– деп түлкү тебетей өмгөктөй берди эле, Дүйшөн каалганын эки жагына колун керип киргизбеди:

– Силердин бул жерге кире турган акыңар жок, бул мектеп! – деди ал.

– Мына, айтпадым белем, булар соо эмес, муну өзү катын кылып алган! – деп жеңем алкына кыйкырды.

– О, мектебиңди урайын сенин! – деп бакырган түлкү тебетей камчысын үйрүп ура берди эле, каалгага керилип турган жеринен Дүйшөн аны ичтен нары тээп тигиндей учурду. Ошол замат беркилер мугалимге союл уруп, эси чыккан балдар мени тегеректеп ыйлап, чыңырып жиберишти. Карса-курстун ортосунда эшиктин бырын-чырыны чыгып кетти.

– Коё бергиле агайды! Урбагыла! Мына мен керек болсом! – деп оозго жулундум элем, кызыл-жаян Дүйшөн эшиктин сынып түшкөн тактайын ала сала, тигилерди качырып сала берди:

– Качкыла балдар! Кач, Алтынай! – деп кыйкырды ал. Ошол учурда союл менен сындыра чапкан колу шалак этип, өзү артка чегине калды. Беркилер аны дубалга кептеп келип, кан жыттап өкүргөн букалардай:

– Ур! Башка чап! Өлтүр! Кан сийдир! – деп жабыла токмокко алганда, тамга жеңем менен түлкү тебетей зөөкүр жулунуп киришип, чачымды мойнума ороп кылкындыра, эшикке сүйрөп чыгышты. Буларга моюн бер-

бей суурулуп кайрылганымда, чыңырып ыйлаган балдар туш-туш жакка качышып бара жаткан эле. Дүйшөндүн түрүн көрүп, жер жаргандай кыйкырып, мугалимиме жүткүндүм:

– Айланайын, ага-ай! Өлтүрөт экен булар! Айланайын, агай!..

Дүйшөндүн кол кайтарууга алы келбей, бети-башынан, кийим-кечесинен тамтык калбай, жошодой кызылала кан болуп, дагы эле жыгылбай сендиректеп темселеп турган экен. Мени жерге жыгышып, эки колумду чылбыр менен артка чырмап жатканда, союлчандар Дүйшөндү улам башка чаап, бир кезде кара кушка мээлеп уруп, жалп дегизе жерге жыгышты.

– Агай! – деп кыйкырган оозумду баса, ээрге туурамдан арта таштап, үстүмдөн зылдай эки колу менен баса отурган түлкү тебетейге кошулуп, беркилер да аттана жөнөштү.

– Мугалим экөөңөрдүн көзүңөрдү тазаладыкпы эми, өлүкканаңды гана көрөйүн, селсаяк! – деп, жеңем мени дале төбөгө койгулап, узатып келе жатканда, артыбыздан бир убакытта: «Алты-на-ай!» – деген кулакты тундурган ачуу кыйкырык чыкты. Салаңдаган башымды эптеп өйдө кылып карасам, адам эси чыккандай канжалаган Дүйшөн, соо колуна таш чеңгелдеп жүгүрүп, келе жаткан экен. Анын артынан – агайлап ыйлаган биздин окуучу балдар.

– Кызды коё бергиле, иттер! Коё бергиле азыр! Алтынай! – деп, жан далбастаган Дүйшөн жакындай келгенде, берки эки союлчан, дагы да кайрылып, аны союлга алышты. Алсыраган Дүйшөндүн ташы жаза тийип, атчандар аны бул жолу эки чапканда жыгышты. Кара туман көзүмдү чалып, акыркы көргөнүм: чуркурап ыйлаган балдар жерде жаткан мугалимине жете келип, коркуп туруп калганы болду...

Мени кандай кылып, кайсы жерге жеткиргендерин билбеймин. Көзүмдү ачсам – боз үйдөмүн. Капчыгай, кеч-кирип калган убакыт экен, тышта эчтекеден бейкапар жылдыздар түндүктөн сагалашып, алысыраак жерде ко-роо кайтаргандардын үндөрү угулууда. Коломто боюнда какчыйган жыгачтай болгон, дудук кебетеленген үңүрөй-гөн кара катын отуруптур. Төрдө... Көзүмдүн огу гана болсо...

– Эй, катын, өйдө көтөр алдагыны,– деди. Аял менин жаныма басып келип, жыгачтай колу менен мени өйдө булкту.

– Токолуңду жөнгө келтир, болбосо сөз кыска – баа-ры бир, карап турбаймын!..

Тигил адам өңдүү неме сыртка чыгып кетти. Кара катын ордунан да козголуп койгон жок, сүйлөгөн да жок. Анын эчтеке айтпаган, коломтодо өчкөн күл өңдүү том-соргон көздөрүнүн муздай көз карашы күчүк чагынан көсөө менен башка койгуланып жүрүп, көк мээ болгон иттин телмирген көздөрүнө окшоп жатты. Адам баласы жашаган жер үстүндө эмес, караңгы көр түбүнө түшүп кеткендей, же өлүү, же тирүү экенимди билбей отурдум. Сайда аккан суу гана күңгүрөнө шаркырап, мага боор ооруп аягансып, таштан-ташка урунуп жатты.

О, жеңе болуп аталган жүзү кара шум катын, ыла-йым убалым сага жетип, төгүлгөн көз жашым, төгүлгөн дене каным тополоң сел болуп, сени тумчуктура каптаса экен! Бул түнү мен аял болдум... Ооба, он бешке чыкпай жатып аял болдум! Мени зордоп аял кылган айбандын балдарынан да жаш экем...

Эки түн өтүп, үчүнчү түнүндө эс-акылымды жыйнап, өлсөм да талаада тентип жүрүп өлөйүн, куугун жетсе мугалимим Дүйшөн кармашкандай – жан чыкканча кар-машып жатып өлөйүн деген ой менен бул жерден кач-мак болдум.

Түндүк, эшиги чылк жабылган капкараңгы үйдө, шырп алдырбай, сыйпалап жылып отуруп эшигин таптым. Кыл аркан менен сыртынан бек чырмалып, каалга оңой менен ачылардай эмес. Керегени көтөрүп, астынан чыгып кетейин деген аракет менен, баардык күчүм жетишинче көзүм тунарганча керегени өйдө тарттым. Кара терге түштүм, бирок жанагыдай эле, үстүнөн аркандар менен бек бастырылган үйдүн бир жери да козголуп койгон жок. Айлам кетип эшиктин жиптерин кыркайын деп, кесүүгө жараган темир-тесек издедим. Колума урунган билектей жыгач казык болду, башка эчтеке таппадым. Мейли, ушул казык менен керегенин түбүн оюп жиберип, кетейин дедим да, жерди чукулай баштадым. Түндүн кайсы убакыт экенин ким билсин, төрдө – даркыраган коңурук, сайда – күңгүрөнө аккан суу, башка эч ким жок, мени менен эми кимдин иши болмок эле... Мен ким? – Токол, тепсенди токол, талпак токол, күң токол, өмүрү көзү ачылбаган шордуу токол...

Конуш таштак жерде экен, менин тапкан казыгым эчтекеге деле жарабады. Ага болбой, жанкечтилик менен, жерди тырмактап, салаалап апчып, каза бердим. Керегенин түбүнөн эки кол сыярдай болгондо, таң ирең-бараң атып, айыл ойгонду окшойт. Тышта иттер күрсүлдөп, кишилердин үндөрү чыгып, айлана козголду. Бир аздан кийин дүбүрөтө айдалган жылкы, кой жөтөлүп өттү да, үйдүн жанына кимдир бирөө келип, аркандарын чечип, кийизин сыйрып баштады. Ал менин «күндөшүм» – унчукпас кара катын экен. Бүгүн күн чыгары менен алар бул жерден көчө чыгып, конуш жаңырта ашууну шыкап, андан нары жайлоого түшүп кетерин кечээ бир кулагым чалганын, эми гана эстедим. Демек, менин качышым андан бетер кыйындап, оор болот экен да... Керегенин түбүндө отурган жеримден жылып койбой, башымды салаңдатып, шалдырап отурдум. Кара катын өзүнүн ишин иштей берди. Керегенин астын казып оюп

жибергенимди көрсө да, ал мени эчтеке деген жок. Деле турмуштун бардыгы ага баары бирдей, төрдө башы менен чүмкөнүп аюудай жаткан немесин, ой сен тур, көчкөнү жатабыз деп да үн чыгарбады. Үйдүн кийиздери тегиз сыйрылып бүткөндө, темир тордой болгон кереге-ууктардын арасынан көзүмдү салсам, жан жакадагылар төөлөрүн жүктөп, өгүздөрүн жүктөп, жаң-жуң болуп көч камында жүрүшкөн экен. Ошол учурда сайдан үч атчан көрүнө калды. Көч көчүргөнү келе жаткан немелер экен го деп, бир убакытта өзүмө ишенбей, көзүмдү чоң ачып карасам,– Дүйшөн, анын жанына эки кызыл жакалуу милиционерлер кошулуп, туура биздин үйдү көздөй келе жатышыптыр.

Мен өйдө туралган жокмун, оозумдан үн да чыккан жок. Сүйүнгөнүм канчалык көп болсо, өкүнүп өксүгөнүм андан көп, өлүк алдында тургандагыдай кулагым тунжурап кетти.

Бети-башы таңылган, жарадар сол колун мойнуна асынган Дүйшөн, аттан секирип түшүп, эшикти жара тээп, жылаңач калган үйдүн ичине жүгүрүп кирди да, тигинин үстүндөгү жууркинды буту менен шилей түртүп, тигиндей ыргытты.

– Өйдө тур! – деди ал.

Көзүн ушалаган зөөкүр, адегенде чамына берди эле, тапанчаларын сундуруп турган милиционерлерди көрүп, титиреп тура келди. Дүйшөн соо колу менен аны жакасынан булкуй кармап, өзүнө жакындата, көзүнөн көзүн айрыбай, каны ичине тартылып, үнү калчылдап чыкты:

– Адам кейпиндеги ит! Бас азыр барчу жериңе барасың!

Тигил астына түшө бергенде, Дүйшөн аны дагы да булкуй тартып токтотту.

– Сен бул жаш кызды чөптөй тебелеп бүлдүрдүм, күнүн бүтүрдүм деп турасың го ичиңден... Билип койгун, ал заманыңар өткөн, заман азыр биздики, бул кыз

өлбөйт, бул кыз кайра тирилип адам болот, а сен, сенин заманың ушуну менен бүттү...

Өтүгүн коңултак кийгизип гана, эки колун артына бура байлап, милиционерлер тигини атына кондуруп, бири жетелеп, бири айдап алып жөнөгөндө, бери жактан капчыгай жаңырта чыңырган кара катындын үнү чыкты. Ал жулунуп келип, эринин түлкү тебетейин таш менен учура коюп, бетине күл чачып ыргытып бакырды:

– Жетер элең жеттиң, кылар элең кылдың, өмүрүмдү мойсогон желмогуз, жутар элең жуттуң, өл эми! – Балким, кырк жыл катары ооз ачпай, өйдө карабай жүрүп жүрөгүнө көл болуп чогулган арман-күйүтү, тосмону жырып кеткен агын сыяктуу, азыр сыртына тээп чыккан учуру болду бекен. Анын бакырган кыйкырыгы аска-асканын башына жанчыла урулуп, атчандардын тыягына бир чыгып, быягына бир чыгып, жеңдеринен суурула берген тарамыштуу арык колдорун булгалап, жүгүргөн кара катын сокудай башын соксоңдото кайда катарын билбеген эринин үстүнө топурак, кум чачып, кесек ыргытып, адамдын үрөйүн учурган заардуу үн менен каргап жатты: «Баскан жериңе чөп чыкпасын! Ылайым, өлүгүң көмүлбөй талаада калсын, сөөгүң кайра келбесин! Карга-кузгунга жем бол, атың жер жүзүнөн өчсүн, түрүңдү экинчи көрбөйүн... Ой, өл, өл, арам өл!» – деп келе жатып бир убакытта жинди болгон немедей, чачтарын дуулдатып, кыйкырган-өкүргөн бойдон бет алды качып жөнөдү. Баятан чогулуп келген көчүп кетелек элдин бир тобу анын артынан кармамак болуп чаап кетишти.

Ушунун баары мага өзүнүн оор таасирин тийгизди. Көзүм тунарыктап, эсимди жыялбай, унчукпай келе жаттым. Дүйшөн мени атына мингизип, өзү жөө басып жетелеп алган. Ал дагы сүйлөбөй, бинт менен таңылган башын ылдый салмактанта ойлуу келе жатты. Бир канча убакыттан кийин, артта калган кесепеттүү капчыгай

көрүнбөй калып, алдыдагылар узап кеткенде, Дүйшөн токтой калды да тегереги көк шишик болгон, кыйноо чеккен көздөрү менен мени биринчи жолу тик карады.

– Алтынай, мени кечирип кой, сени бул каргашалуу кырсыктан сактай албадым, кечиргин мени,– деди. Анан бир аз туруп, менин колумду кармалап, катуу үшкүрүндү. – Сен кечиргениң менен да, Алтынай, мен өзүмдү өзүм бул үчүн өмүрүм өткүчө кечирбейм...

Шолоктоп ыйлап, ат жалына жыгылдым. Мен ыйлап бүткөнчө Дүйшөн мени башымдан, мойнумдан сылап унчукпай турду.

– Кой эми, Алтынай, жол тарталы,– деди бир убакытта Дүйшөн. – Турмуш ушуну менен эле токтоп туруп албайт да. Же сен таптакыр эле жакшылыктан түңүлдүңбү? Кой, айланайын, жоодураган көзүңдөн кагылайыным, кой, антпе, антпегин! Бери карачы, Алтынай, мурдагы күнү, мен волуста болгонумда, сенин окууң жөнүндө сүйлөшүп келдим. Шаарга жиберип окутабыз дешти, уктуңбу... Жүр эми, бастырагой...

Кээ бир убакытта адам баскан жерлерде издери өмүрү өчпөс болсочу. Эгерде азыр, Дүйшөн экөөбүздүн тоо менен айылдын ортосунда ошол кезде басып өткөн жолубуз табылар болсо, жерге жата калып издерин өпкүлөр элем. Мен үчүн ал тарыхый жол, мен кайра жанданып, турмушка кайра бет алып, келечегиме ишенип бел байлаган жол.

Адырларды аралап, шылдырап аккан сууга жеткенибизде Дүйшөн менин жүзүмө эркелей карап:

– Аттан түшүп бети-колуңду жууп алчы,– деди. Анан чөнтөгүнөн самын алып мага сунду. – Ме, Алтынай, жуунгун да, баардыгын эстен чыгарып унуткун. Мен тигиндей барып, атты откозуп турайын, чечинип алып, ушул агын сууга кирингин: көңүл ооруткан ыпылас, жаман немени баардыгы суу менен кетсин. Экинчи эстебе. Суудан жаңы киши, таза киши болуп чыга кел, макулбу?

Мен макул деп, айласыздан күлүп башымды ийкегенде, ал дагы күлүмсүрөп тигиндей басып кетти...

Ушундан эки күндөн кийин Дүйшөн мени жолго узатып станцияга алып келди.

Айылга калууну мен өзүм да туура таппадым. Бул окуядан кийин ал жерде жашоо мен үчүн мүмкүн эмес эле. Эл дагы менин мунумду туура деди окшойт. Муунчак-түйүнчөгүн көтөрө жүгүрүп ыйлашкан Сайкал энем менен Картаңбай атам гана түгүл, күйдүргү сүйлөгөн Сатымкул кераяк да айылдын четине узата чыгарышты:

– Барагой эми, балам, ак жолуң ачылсын! – деди ал. – Коркпо, бу Дүйшөн мугалимдин айтканы менен болсоң, асти кор болбойсуң, эмнесин айтасың, ага биздин да көзүбүз жетип калды...

Мени менен Дүйшөндүн мектебинде бирге окуган балдар көпкө чейин арабанын артынан чуркашып коштошушту.

Волуста, дагы бир он чакты жетим балдар менен кошо, мени Ташкентке балдар үйүнө жиберүүнү чечишти.

Станцияга биз кечке жакын келдик.

О, айланайын капчыгайлуу, бай теректүү станциям! Жүрөгүмдүн теңи түбөлүккө ошол жерде калды окшойт. Жакын арада поезд келип, биздин айрыларыбызды билгендей, тобу менен шыкаалашып турган карагай бойлуу теректер күүгүм аралата соккон шамалга ыргалышып, бирине бири сүйкөнүп, алда эмнелерди шыбырашып, үшкүрүк тартып күүлөнүп турушту.

Демейде ар нерсеге кайраты бек Дүйшөн бул жолу канчалык чымырканса да, ичтен сызып кайгырганын жашыра албады. Ал мени кайта-кайта тигиле карап, жакамдын топчуларына чейин эркелете сылап, кыя албай турду.

– Мен сени өмүрү жанымдан алыс чыгарбас элем, Алтынай,– деди. – Бирок менин билимим жетпейт. Кантейин, окуунун чыныгы жолунан сени калтыралбаймын.

Мен болсом ушул жерде кармашып балдарды окута берем. Күчүм канча жетсе, ошончо окутам. Балким, кийин сен дагы мугалим болуп балдарды окутуп калсаң, биздин жаман мектепти эстеп күлөрсүң...

Бул арада талааны жаңыртып, оттору балбылдаган поезд көрүндү. Станциядагы элдер жүктөрүн көтөрүп, темир жолго шыкап келишти.

– Мына эми, азыр жөнөйсүң! – деди Дүйшөн, колумду кармап. – Бактылуу бол. Канатыңды жазып талпынгын, Алтынай. Эчтемеден тайманба, чабыттап учкун, окуй бер...

Сүйлөөгө дарманым келбей, мен ыйлап эле тура бердим.

– Ыйлаба, Алтынай,– Дүйшөн менин жашымды аарчып, ошондо эсине кандай түшкөнүн билбейм: – Баягы биз тиккен терекчелерди, Алтынай, мен өзүм багып өстүрөм. Аман болсок, кайрылып бир келсең, кандай болгонун көрөрсүң али! – деди.

Аңгыча жарк-журк этип шарактаган поезд да келип жетти.

– Кана эми, беш көкүл чачыңдан айланайыным, бери болчу, маңдайыңдан өбөйүн! – Дүйшөн мени бекем кучактап, чачымдан жыттап, маңдайымдан өптү. – Ал эми, сапарың ачылсын, жоодураган көзүңдөн айланайыным...

Вагондун тепкичтерине чыгып, тигиндей барып кайрылсам, сындыра чабылган колу мойнуна асылган Дүйшөн, берки соо колун сунуп жүткүнө берди эле, поезд ордунан козголуп, жылып жөнөдү.

– Кош, Алтынай! Кош, чырагым! – деп кыйкырды ал.

– Кош агай, кагылайын, айланайын агай! – дедим мен.

Вагонду жандап жүгүрүп келе жаткан Дүйшөн, бир убакытта артта кала берип, станциянын капчыгайы солк эте түшкөндөй:

– Алтынай! – деп, баягыдай, бирок андай да эмес, оюнда турган алда эмнени айтпай калып, өкүнгөндөй кыйкырды. Жүрөктүн түпкүрүнөн атырылып чыккан бул кыйкырык ушул күнгө чейин кулагымда угулуп тургансыйт.

Капчыгайды аралап, тешкен тоодон чыгып, улам күч алып ылдамдаган поезд, казактын даркан талаасы менен эркинделе күпүлдөп, мени жаңы турмушка, жаңы күрөш, жаңы эмгекке алып кетип бара жатты.

Кош, биринчи мугалимим, кош, биринчи мектебим, кош, балалык чагым, кош, жер кыртышынын астында көзү ачылбай калган тунук булак өңдүү, эч ким билбеген менин биринчи, менин наристе сүйүүм!

Дүйшөн айткан чоң шаарда, чоң мектептерде окуп, рабфакты[1] бүтүргөндөн кийин, мени Москвага – марксизм-ленинизм институтуна жиберишти. Мына ушул узак жылдарга созулган мезгилдин ичинде, нечен жолу окуунун кыйынчылыгынан мөгдүрөп жыгылардай болгонумда, Дүйшөндүн айткандары ар качан мага күч-кубат берип, мени кайраттандырып, шыктандырып алга сүрөдү. Анткени, элдин бир окуганын мен эки эсе, үч эсе, беш эсе көп окуп, он эсе көп кайталап, адамдын бала чакта окуй тургандарын мен кайра баштан үйрөнүүгө мажбур болдум.

Биринчи диссертациямды Москвадан коргодум. Мен үчүн бул чоң эмгек, чоң жеңиш болду. Бул мезгилдин ичинде айылга кайрылып барууга чолом келбеди. Аңгыча согуш чыгып кетти. Кеч күздө Москвадан эвакуацияланып Фрунзеге кетип бара жатканымда, Дүйшөн узаткан станциядан түшүп калып, биз тараптагы совхоздун арабасына отуруп, айылга бардым.

О, айланайын туулган жерим ай, кан төгүлгөн кыйын учурда кайрылууга туура келди. Айыл-кыштак көбөйүп,

[1] р а б ф а к – жумушчулар факультети (рабочий факультет).

жолдор, көпүрөлөр салынып таанылгыстай өзгөрүлгөнүнө канчалык кубансам да, согуштун кесепетинен томсоруп келе жаттым.

Айылга жакындай бергенде, колхоздун жаңы салынган бак-дарактуу көчөлөрүнө карап, биздин мектеп турчу дөбөгө көз жүгүрткөнүмдө, демим оозума тыгылып токтоду – шынарлаган эки терек, жанаша кыналышып, дөбөдө чайпалып турушкан экен. Дайым ичимден «агай» – деп жүрчү кишини, биринчи жолу өз аты менен: «Дүйшөн» – деп шыбырадым. «Рахмат, сага Дүйшөн, сенин баардык кылган жакшылыгыңа, мени унутпай жүргөнүңө рахмат! Жаным курман сага, мугалимим!».

Менин бетимден аккан жашты көрүп, арабакеч бала чочуп кетти:

– Сизге эмне болду, жеке?

– Анчейин, иним, тек өзүмчө. Сен бул колхоздун элин тааныйсыңбы?

– Таанычу элем.

– Дүйшөн деген башта мугалим болуп жүрчү кишини билесиңби?

– Дүйшөн? Ал киши аскерге кетти жакында. Ушул арабам менен бир топ элди кошо районго өзүм жеткирип келдим.

– Аял, балдары барбы?

– Ооба, бар. Үйү суунун тиги маңдайында.

Көчөнүн четине келгенде, мен арабадан түшүп калдым.

Кантеримди билбей ойлонуп туруп калдым. Мен баланча элем, мени тааныйсыңарбы,– деп мындай topoлоңдуу күндө үймө үй кыдырып таанышууну туура таппадым. Дүйшөн болсо аскерге кеткен экен. Анан калса жеңем менен акем турган жерге өмүрү басып келбеймин деп өзүмө ант бердим эле. Адамга көп нерсени кечирүүгө болот, бирок мындай ишти, менимче, ким да болсо, кечире койбос. Ушулар менин мында келип кеткенимди

билбесин да, укпасын деген ой менен, көчөнү аралап айылдын сыртына чыктым да, теректер турган дөбөгө бардым.

Кайран теректер! Арадан канча заман өткөнүн ушундан эле билүүгө болбойбу. Саламатсыңарбы, асыл зат теректер! Силерди элдин келечегин тилеп тиккен, багып-өстүргөн кишинин айткандарынын баары келди. Мына эми ал эл-журтун душмандан коргош үчүн кан майданга аттанып жөнөп кетиптир... Мынча эмне үрөйүңөр учуп – муңдана шуулдайсыңар? Кыш келе жатат, саргарган жалбырактарыңарды шамал отоп, жылаңач калганыңарга кейип турасыңарбы? Ооба, бороон-чапкындуу кыш да болот, бирок жаз да келет... Кейибегиле, теректер, муңданбагыла... Биз силерди жакшылыкка багыштап тиккенбиз. Силер толукшуп бүрдөгөн жаздын биринде жеңиш да келер, тынчтык да келер...

Зор теректердин чайпалган чокуларынын күүсүн тыңшап мен көпкө дейре ушул жерде турдум. Булактан келген арыкты жакында гана кимдир бирөө чаап тазалап койгон экен, суу сызыла агып, нымдалган жалбырактарды бетине көлкүтө айдап бара жатыптыр. О, колуңдан айланайын, мугалимим!.. Жеңиш менен эсен-соо согуштан кайтып кел...

Дөбөнүн үстүнөн айылда турган жаңы мектепти көрдүм да, биздин мектепти карасам орду да жок.

Ушуну менен мен жолго чыгып, дагы бир арабага түшүп, станцияга кеттим.

Согуш болду, согуштан кийин да жылдар өтүп жатты, бирок айылга, ар кандай иштерге байланыштуу экинчи кайрылып баралбай жүрдүм. Анын себеби көп, актанайын деген жерим да жок, анткен менен элден кол үзүп, каттабаганымды чоң күнөө деп эсептеймин. Заманым, тагдырым ошондой болдубу, турмушка кеч чыктым. Бирок багым бар экен, жолдошум экөөбүз балалуу-чакалуу болуп, ынтымакта жакшы турабыз. Мен азыр философия

илиминин докторумун, ар кандай коомчулук милдеттерим бар… Буларды айтып жатканым, көп кырдуу күндөлүк турмуштун кызыктуу убаракерчилигинде жылдар өтүп, күн өтүп, мен эч убакта унутпас ыйык нерсени эсимден чыгарбасам да, анын таасири солгун тартып, мезгилдин куму баскан эски булак өңдүү көзү бүтөлө берген. Аны мен кечээ жакында айылга барып, ошондо гана сездим…

* * *

Жолдош окуучулар, аңгеменин аягында мен дагы бир ирет Алтынай Сулаймannovanын катына кайрылгым келет. Анда мындай деген жерлери бар: «Эмне үчүн баягында айылдан тез аранын ичинде кеткендигимдин себеби сизге эми белгилүү болгон чыгар. Мунун баарын ошондо эле отуруп, элге айтып, түшүндүрүп берсем да болмок эле, бирок өзүмдүн кетирген билбестигиме өтө капа болуп, өтө наразыланып, бул бойдон Дүйшөн карыянын астына барып жүз көрүшүп, салам бералбастыгымды сезип, жана да бул иш жалаң гана бизге эле тийиштүү эмес, көпчүлүккө керек экенин түшүнүп, эртерээк жолго чыгып, эртерээк ойлорумдун баш-аягын жыйнап, өткөн-кеткенди тактап, тийиштүү сөзүмдү кат жүзүндө кабарлоону туура таптым. Анткени ошондо жаңы мектептин кадырлуу төрүндө мен эмес, сиз да эмес, башкалар да эмес – биринчи мугалимибиз Дүйшөн аксакал отуруш керек эле. Мектептин ачылышын ушул киши жарыялап, жана башка урмат сыйын ушул киши көрүш керек эле. Тескерисинче, биз үлпөттүн үстүндө отурган кезибизде, дале болсо, ушул алтын киши куттуктоо телеграммаларды ала чаап келди. Түшүнсөк, уят эле иш болду. Дүйшөндүн кандай мугалим болгонун азыркы жаштар билбейт, мурункулар болсо, ажалы жетип өлгөнү бар, согушта курман болгондору бар. Ал эми мунун баарын кабарлап

айта жүрүү түздөн-түз менин милдетим эле. Бирок, айылга каттабай жүрүп, мурункунун баардыгы унутулуп, эстен чыгып кетпесе да, алыска катылган буюмдай болуп, көмүскөдө кала берген.

Аман турсак, мен али Дүйшөн мугалимиме барып, кечирим суранып өтүнөм. Менимче, ал киши экөөбүз бир бирибизди түшүнө турган жалпы тил табарбыз. Кеп азыр башкада болуп жатат. Биз кээде унутпас нерселерди унутуп, эскирбес жоо жарагын эскирди деп, аны пайдаланбай жүрөбүз. Ушуну менен өзүбүздүн тарыхты жардылантып, жаштарды тарбиялоо ишинде көп кемчилик келтирип келе жатабыз. Болбосо, мага окшогон менин замандаштарым, Дүйшөн сыяктуу биздин жаңы доорду орнотууда өмүрүн кыйып, жаштыгын берип, жүрөгүн жүрөк кабы менен кошо элге сууруп берген эбегейсиз эмгек, эрдик көрсөткөн, «мен мындай элем!»– деп төшүн какпаган карапайым, асыл жүрөктүү бир канча адамдар жөнүндө биз мурунтан элге жеткирип айтып жүргөн болсок, анда алар унутулуп, көз жаздымында калып, анан калса, тамашага айланып кетпес эле го! Биз буларды сыйлабасак, өзүбүздү сыйлабаганыбыз, революциянын деми менен кылымдар аттап басып өткөн жолубузду сыйлабаганыбыз. Азыркы кезде кээ бир жаштар коммунизм ушул бойдон көктөн түшүп келгендей чалчакташып, Совет өкмөтүнүн алгачкы тарыхы жөнүндө кеп болсо, ой коюңузчу качаңкы немелерди, анын баары айтылып бүтпөдүбү эми деп, манчыркашат. Жок, качаңкы эмес, азыр атом менен космостун доору болсо да, революция жараткан Дүйшөндөр дале биздин катарыбызда. Коммунизм куруп жаткан азыркы жаштар үчүн Дүйшөн сыяктуу адам мисал болуп, үлгү боло албайбы? Эгерде биз баарыбыз ошол Дүйшөндөй эле болсок, аң-сезимибиздеги коммунизм алда качаңкы болор иш.

Дүйшөн мугалим болуп жүрүп, билимим аз деп өкүнөр эле. Анысы ырас. Бирок кээ бир азыркы жогорку

билимдүү, маданияттуу мугалимдер Дүйшөн сыяктуу өз кесибин сүйүп, жүрөк жалыны менен ошого берилсе болор эле. Анткени, мугалим деген талмудист[1] эмес, ал кайсы доордо болбосун, дайым – революциялык тарбиячы, антпесе анын коомго берген пайдасы кем болот...

Кымбаттуу иним, сизге кат жазышымдын дагы бир максаты: айылга барып, жаңы ачылган мектептин атын «Дүйшөндүн мектеби» – деп атоону элге сунуш эткени жүрөм. Ооба, так ушул катардагы колхозчу, азыркы убакытта почточу болуп жүргөн кишинин атынан. Сиз дагы менин ушул сунушумду колдосоңуз экен деп суранам.

Москвада азыр саат түнкү эки болду. Мейманкананын балконуна чыгып, бийиктен от жайнаган шаарга карап, эртерээк айылыма барып, ушул кишиге ийилип салам берип, сакалынан өпсөм экен деп тилейм»...

* * *

Бул сүрөттү мен али тартып бүтөлекмин. Анын кандай болуп чыгарын эмитен айтуу да кыйын. Күнүгө таң заардан туруп, мурда долбоорлогон айрым вариант, сүрөтчө этюддарды кайра баштан карап чыгам да, үн катпаган таңкы тынчтыкта аркы-терки басып ойлоном. Жок, мен али көңүлдөгүнү табалекмин, иштин баары алдыда. Бул сүрөт азырынча ойдогу тилек гана, жүрөктө толкуган, кан тамырында жүгүргөн элес, үмүт, кыял...

Ошондой болсо да, бүтөлек чыгармамды ортого салып, силер менен кеңешип турган кезим. Албетте, менин бул эмгегим биздин айылдын биринчи мугалими, биринчи коммунисти, азыркы убакытта почточу болуп жүргөн Дүйшөн аксакалга арналат. Канткенде бул таш-

---

[1] талмудист – *өтм.* китептин айтканынан чыкпаган, китептеги айрым сөздөрдүн маанисине толук түшүнбөй эле, аларды жаттап алуучу киши (талмуд – еврейлердин негизги диний китеби).

кындаган чындыкты сүрөткө, боёкко сыйгарып, канткенде анын жалындуу элесин жоготпой, канткенде ошол кездин күрөшкө толгон кармашуусун, адамдын тагдырларын азыркы күндөргө чагылыштыра көз алдыга келтирип, аны көркөм чыгарма катары канткенде элге тартуу кыла алам? Мен бул сүрөттү тартпай коё албаймын, бирок эмне үчүн сүрөтчү болуп туулдум экен? Бирде – колумдан эчтеке келбестей апкаарып, заманам куурулат, бирде – тоо омкоро тургандай бел байлап: «Кана! Эмнени тартсам? Кандай кылсам?» – дейм. Бала кезде эчтекесин билбей жүрүп, өзүмчө эле сыйкырлана берген айыл үстүндөгү Дүйшөн менен Алтынайдын теректерин тартсамбы? Дөбөдө чайпалышкан кош теректер азыр да көз алдымда. Анын бийик бутагына чыгып отурган жылаңайлак, жылаң баш, тууруk беттүү тентек бала тээ алда кайда мунарыктаган мейкиндиктин көркүнө суктанып, шамал аралаган терек күүсүн тыңшоодо. Буларды тиккен кишилер кийинки жаш муундар ушунтип терек үстүнөн аймакты кеңири көргөндөй, илимдин чокусуна чыгып, турмуштун тереңине көз чаптырсын деп тилебеди беле... Же болбосо, «Айылдын биринчи мугалими» – деп Дүйшөн балдарды мектепке ээрчитип бара жатканда, бирин жонуна мингизип, экинчисин колуна көтөрүп, суу кечип бара жаткандагысын тартсамбы? Же Алтынайды поездге салып, алыс сапар узатканын тартсамбы? Койчу, ушундай эле толгон ойлор, долбоорлор, түгөнбөгөн изденүүлөр. Булардын кайсынысына келип токтоймун, тарткан сүрөтүм кандай болот, мен али билбеймин. Менин көзүм жетип турган бир гана нерсе бар: мен талыкпай изденем...

# САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ

Ата, мен сага эстелик тургузалбаймын. Сенин кай жерге көмүлгөнүңдү да билбейм. Мына ушул эмгегимди атам Төрөкул Айтматов, сага арнаймын.

Апа, сен бизди өстүрүп, адам кылдың. Сенин узак өмүр сүрүүңдү тилеп, апам Нагийма Айтматова, сага арнаймын.

## I

– Амансыңбы, куттуу талаам?

– Аманчылык. Келдиңби, Толгонай? Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк.

– Өмүр өтүп бара жатпайбы, жер-энем, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынуу күнүм.

– Билем. Келериңди күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу сен баланы да ээрчите келмек эмес белең?

– Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.

– Демек, сен ага эчтеке айткан эмес экенсиң да, Толгонай.

– Жок, айталбадым.

– Айтор, эртеби-кечпи, акыры бир күнү ал угат да, Толгонай. Элдин арасында оозу бош бирөө-жарым жок дейсиңби?

– Аның чын. Эртеби-кечпи, акыры бир күнү билет. Аркы-беркини түшүнө тургандай чоңоюп да калды өзү. Бирок мен үчүн ал дагы эле чалагайым бала сыяктанат. Корком, балалык кылып, өткөн-кеткенди туура түшүналбай, ичи сууп калабы деп аярлайм. Анткен менен адам

чындыкты бир күнү билиш керек да. Мен билген чындыкты, сырдашым, касиеттүү жер, сен билген чындыкты, элдин баары билген чындыкты азырынча жалгыз ал гана билбейт. Аны укканда эмне дээр экен, кандай ойлорго кабылып, кептин анығына жеталар бекен? Канткенде баланын жүрөгүн үшүтпөй, жаштайынан турмуштан көңүлүн калтырбай, сырымды айтып бералар экенмин? Эки ооз сөз менен түшүндүрүп берчү иш болсо кана. Кийинки күндөрдө ойлогонум эле ушул, күнү-түнү ойлоном. Кышында сыркоолоп, төшөктө жатканымда, өлүмдөн анча корккон жокмун, ажал жетсе, каяша кылбай, шыр эле жүрүп кетмекмин. Бирок, көзүм жумулуп кетсе айтар керээзимди айтып жетишалбай, өзүм менен кошо көр астына ала кетемби деп, аябай жүрөгүм түштү. Ал эси жок, аны кайдан билсин, демейде тентек чалыш неме мектепке да барбай калып, жанымдан чыкпай жүрдү. Апасын тарткан күйөрман: «Эне, кай жериң ооруйт? Суу ичесиңби, же дарыңдан берейинби, эне? Үстүңдү жылуулап коёюнбу?» – деп эле турат. Ушинткенде – оозум барбады, кудуретим жетпеди. Байкушум, эч кандай арамзасы жок, жеткен бир ишенчээк, дагыле наристе бойдон. Эчтекеден күмөн санап койбойт. Анан мен кантип айтмак элем. Ушуну менен эле сөздүн учугун табалбай алекмин. Минтип да, тигинтип да таразага тартып көрөм: жөн эле айтып берчү жомок эмес экен да. Айланып келип бир пикирге такалам: болгон чындыкты бала туура түшүнүш үчүн мен ага жалгыз гана анын тагдырын эмес, бүт заманымдын тарыхын, өткөн кеткендер жөнүндө, өзүм жөнүндө, баарына күбө болгон, касиеттүү талаам, сен жөнүндө, ал түгүл ушул кезде эчтекеден бейкапар минип ойноп жүргөн велосипеди жөнүндө айтып беришим керек. Балким мына ошондо гана туура болор. Турмуш баарыбызды бир түйүнгө байланыштырып, камырдай жууруп салган турбайбы: эчтекесин жашырып, эчтекесин кошумчалай албаймын. Ал эми бала эмес, кексе

киши дагы бул ишти ар кандай түшүнөр. Көзүм тирүү турганда, ушул ыйык парзымдан кутулсам, өлсөм да арманым болбос эле...

– Бул айткандарың туура, Толгонай. Сен отурчу бери, ташка, бутуң оорулуу эмеспи. Олтур, бир акылын табарбыз. Алгачкы жолу ушунда келгениң эсиңдеби, Толгонай?

– Андан бери нечен замандар өтпөдүбү, эстей албасмын.

– Жок сен ошону эстеп көрчү, Толгонай. Башынан түшүп эстечи.

– Эсимде жакшы калбаптыр. Кичинемде, орок маалында ата-энем мени жетелеп келишип, чөмөлөнүн түбүнө отургузуп коюшчу эле.

– Ооба, ыйлабасын деп колуңа бир сындырым нан берип коюшчу.

– Кийин, чоңоё түшкөнүмдө, эл жайлоого көчкөндө, ушул арада эгин коруп чуркап жүрчү элем. Анда мен тызылдап жүгүргөн, саксайган сары кыз эмес белем. О, балалыгай, ал дагы өзүнчө кызык дооран экен! Малдуулар тээ төмөнтөн, Сары-Жайыктын түзүнөн түп көтөрө көчүп жөнөшчү эле. Биринин артынан бири утурлап, жайлоого, салкын төрлөргө ашыга жол жүрүшчү. Ошондогу менин эселек чагым ай! Үйүр-үйүрү менен сабалап, кишенешкен жылкы тебелеп кетчүдөй келе жатса, буудайдын ичинен секирип чыгып, аларды үркүтчү элем.

«Эй, жерден чыккан албарсты, сениби!» – деп, жылкычылар укуругун үйүрө кууп беришчү.

Нечен миң кой туяктары мөндүр ургандай дыбырап, ушул жол менен өтө турган. Алардын соңунан бай айылдардын көчтөрү жүрүп, жорго минип, кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндерди көргөндө таң калып, суктана карай турганмын. Көпкө чейин алардын артынан ээрчип жүгүрчүмүн. Чиркин, ушундай жоолук салынып, ушундай көйнөк кийсем ээ – деп ойлочу элем.

– Ырас, Толгонай. Сен анда жылаңайлак, жылаңбаш жатакчынын кызы элең. Бирок андай шайыларды кийбесең да, бой жеткенде кандай сонун кыз болдуң. Ак саргылынан келген, маңкайган, толукшуган кезиң. Сен анда көлөкөңдү каранып басчусуң. Өзгөчө эртең мененки көлөкөң так өзүңдөй сымбаттуу, жеңил боло турган.

– Анда мен он жетидеги курагым. Ошол жылы орок тартып жүрүп, Субанкулга жолукпадымбы. Субанкул Таластын жогору жагынан жалданып келбеди беле. Азыр көзүмдү жумсам, Субанкулдун ошондогусу элестелет. Жапжаш, он тогуз жыйырмалардагы жигит, өзү ичке көрүнгөнү менен, колдору тарамыштуу, сом темирдей салмактуу эле. Жылаңач этине кийген таар күрмөнү дайыма желбегей жамынып жүрчү. Жанаша жерден шартшарт орок тартып жүрсө, адамдын жүрөгү кубанат – ар кандай ишти сулуу иштеген азаматтар болот эмеспи. Субанкул ошондой болчу. Ал бат эле узап кетчү, мен деле орокко белдүү элем, ошентсем да артта калып калам. Субанкул кайрылып келип, менин тешеме түшкөндө, ызалана турганмын: «Сени бирөө жардам берсин деп чакырдыбы? Кетчи деги ийреңдебей, өзүм эле бүтүрөм!» – десем күлүп коюп, унчукпай иштей берчү. Эмнеге ардандат болдум экен ошондо? Көрсө, эркелеп жүргөн экемин...

– Силер ошондо дайым элдин алды болуп келчү элеңер жумушка, Толгонай.

– Чын. Эл тура электе, таң ирең-бараңда Субанкул экөөбүз ээрчишип кетчүбүз. Ал мени бери жактан тосуп күтүп турчу. Ошол күндөр, ошол тамылжыган таң атуулар биздин сүйүү күндөрүбүз экен. Биз ээрчишип келе жатканда, дүйнө башкача көрүнүп, башкача сезиле турган. Эл-журтка нан берген айланайын, дыйкан талаам, бозоруп саргарып жатсаң да, албырган таң эртелерин деңиздей төгүлүп, кучагын жая сенчелик эргип, сенчелик жоомарттанып ким тосуп алалат! Ошол таң эртелерин сага тең орток болуп биз тосчубуз, ошол таң эртелерин сага тең орток болуп торгой тосчу. Көркү жупуну

боз чымчык көкөлөгөн бийиктикте тыным албай канат кагып, дырпырап, томуктай болсо да, адамдын асманга учуп чыккан жүрөгү сымалы, не бир назик, не бир толукшуган күүлөрдү төктүрүп, безеленип сайрай турган. «Ана, биздин торгой сайрады!» – деп коёр эле Субанкул. Кызык, торгойду да биздики деп алган экенбиз. Көмөкөйүңдөн айланайын, торгоюм...

– Ырас, Толгонай, ошол торгой силердин торгоюңар болучу.

– Эсиңдеби, жер, баягы айлуу түн? Балким, жаратылышта экинчи андай түн болбос. Ай жарыгында орок тартабыз деп, Субанкул экөөбүз калып калбадык белек. Тээ карайган борчуктан манаттай болуп ай чыкканда, жылдыздар дагы асман бербей жабыла көз жарышты. Ошондо биз уваттын[1] четинде, Субанкулдун таар күрмөсүн төшөнүп, арыктын кашатын жазданып жатканбыз. Ошол түнү биз өмүрлүккө шериктеш жар болуп кошулдук. Субанкулдун чоюндай колу көкүлүмдү сылап, маңдайымды, бетимди эркелете сылаганда, кан жүгүрткөн, туйлаган жүрөгү алаканынан сезилип жатты. Мен ага эркелеп: «Субан, кандай дейсиң, биз бактылуу болобуз, ээ» – десем, эсиңдеби, баягы айткан сөздөрү. «Жер, суу элге тең болсо, биздин да айдоо жерибиз болсо, биз дагы эл катары жер жыртып, эгин сээп, кырман бастырсак – бак-таалай ошол. Андан артыктын бизге кереги эмне, Токон. Дыйкандын энчиси – сепкен эгининде» – дебеди беле. Анын айткан сөздөрүнө эмне үчүндүр ушунчалык кубанып кетип, мойнунан бекем кучактап, туурулган эриндерин жан ынтаам менен өпкүлөдүм. Анан биз арыктагы сууга киринип чыктык да, ордубузга келип, тек гана кол кармашып, унчукпай асманга тигилип, рахаттанып жаттык.

[1] у в а т – айдоо аянттарын бөлүп турган чек же айдоо чегин бойлой кеткен арык.

Үлпүлдөгөн түнкү шоокумда салкын тартып, жер, сен дагы ошондо биз менен кошулуп жыргап жаттың. Желп-желп этип мээлүүн керимсел жүргөндө, шимүүрдүн асел жыты, шыраалжын менен эрмендин кермек жытына аралашып, аңызга жайылып, буудай арасы шуудурап, кылканына илинген ай жарыгы алтын көлдөй кубулуп, чайкалып жатты. Ошол түндү бизге жаратылыш атайлап арнады бекен? Түн ортосунда тээ жылдыздуу төбөнү карасам, саманчынын жолу ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан кези экен. Субанкулдун айткандары эсиме түшүп, кыялымда асмандын ошол күмүш жолу менен кандайдыр бир зор дыйкан кере кучак саман көтөрүп өткөн экен го, анын мол кучагынан себеленип түшкөн дан, топон береке төгүлгөн из чубатып кеткен турбайбы. Тилегибизге жетсек, менин да Субанкулум ушундай саман көтөргөн дыйкан болсо, кырмандын бетинен биринчи иргеп алган саманды кучактап басканда, так ушундай береке төгүлгөн жол чубап калса деп, ойлонуп жаттым. Жер-энем, биринчи жолу сага ошондо кайрылдым. Эсиңдеби менин айткандарым?

– Эсимде, Толгонай. Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсиң: «Жер, жан жараткан жер, бизди көтөрүп жаткан жер, сен бизге таалай бербесең эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!» – деп айткансың, Толгонай.

– Ооба, ошентип айткам. Күн чыгарда көзүмдү ачсам, Субанкулум жанымда жок. Ал эчак эле орок оруп жүрүптүр. Качан турганын билбейм, тимеле кыйратып салыптыр: ачылган аңызда боо-боо түшүп жаткан эле буудай.

– «Ай, Субанкул, бул эмнең?» – десем, алаканы менен терин арчый берип: «Сени уктасын дедим элем» – деп, күлүп койду. Мен кара күчкө эле таарына түштүм:

«Кечээги айткандарың кайда, ушунуң да теңчиликпи?» Ушинтсем, орогун таштай салып, жүгүрүп келди да, мени кучактап алып, колуна көтөрүп: «Көзүңдөн айланайын, Токон, көзүңдөн болоюнум, теңбиз, мындан ары жаман-жакшынын баарына теңбиз!» Ал ошентип мени колунан түшүрбөй, эркелетип бир нерселерди айтып жатты, мен болсом кыткылыктап эле күлө бердим. Бир убакытта карасам, мени көтөргөн бойдон Субанкул дөңсөөгө жүгүрүп чыкты да, кылтыйып баш баккан күнгө кайрылып: «Эй, күн, көрдүңбү? Көрдүңбү, менин жубайымды! Мына, мынакей, көрүп ал, көрүндүгүңдү бер, бергин сүйүнчүңдү аябай!» – деп кыйкырды. Тамашасыбы, чыныбы билбейм, мен ошондо ыйлап жибердим, тек анчейин, жүрөгүмдө оргуган кубанычка аптыгып ыйладым.

– Кой, Толгонай, азыр ыйлаганың болбос. Ал ый башка болчу, адамдын өмүрүндө ал бир гана жолу боло турган ый. Эми эмнеге ыйлайсың? Антпе, же тилегиңерге жетпей калдыңар беле? Айтчы чыныңды, силерчелик ким бактылуу болду эле?

– Аның чын. Жаңы заманда Субанкул экөөбүз эмгегибиз менен жетилдик. Билесиң го, жаз-күз дебей кетмен колдон түшчү эмес. Мээнетибиз кайтты – үйлүү-жайлуу болдук, мал да күттүк. Тилегибизге жетип, үч уулдуу болдук. Ооба, удаалаш үч уулдуу болдук. Азыр кээде санаа чегип отуруп, ушундай бир адам ойлобос жаман ойго кетем: эмне үчүн жыл маалы өтүп эле койчо төрөй бердим экен? Элдикиндей болуп араларынан үч-төрт жылдан өткөндө, балким, андай кырсыктан сырткары болушар беле деп да кетем. Же туулбай коюшса деле эмне болмок эле! О, бооруңарды жегирлер, айланып-кагылып кетейиндерим, сөзүмдү күнөө көрбөгүлө, кечиргиле, кечиргиле энеңерди! Ичим өрттөнүп, өлүп бара жаткандагы кебим да!.. Кантейин, кантейин...

– Толгонай, эсиңе кел. Сөзүңдү кайра алгын. Ал балдарга шек келтирбе. Аларды мен тырмактайынан көрүп-билип жүрдүм го. Алардын басып кеткен издери көзгө көрүнбөгөнү менен, менин көкүрөгүмө кат болуп сакталып калган, Толгонай. Ал үч бир тууган силердин балдарыңар экенин баягыда, Субанкул ушул жерге биринчи жолу трактор айдап келгенде билдим.

– Ооба, ооба, так ошондо Субанкул ошол жылы кышы менен суунун аркы өйүзүндөгү чоң кыштакка тракторчунун курсуна барып-келип үйрөнүп жүрдү. Анда тракторду ким билсин. Субанкул үйгө кечигип келгенде, кайдагы бир болбогон баланын жумушуна убараланып жүрөсүң, мурунку эле бригадирлигиң жакшы эмес беле, эл катары эле оокатыңды кылсаңчы деп, урушуп да кетер элем. Антсем кайра күлүп койчу: «Тракторду сен оюнчук көрүп жүрөсүң го. Шашпа али, Токон, жазында айдап келгенде билерсиң» – дээр эле. Сырттан тоңуп келген түрүн көрүп, койчу эми деп, кайра аяп кетчүмүн. Көрсө, Субанкул билип жүргөн экен. Тракторчулардын окуусуна айылдан сабаттуу эч ким чыкпай калганда, Субанкул өзү мен барам, сабатсыздыгымды да жоём деп, бригадирликтен бошонуп алган. Ал кезде Касым менен Майсалбек мектепке окуп калган болчу, мугалим ошолор. Кечинде үй-ичибиз менен алекпиз. Субанкул жерге боортоктоп жатып алып, жазуусун үйрөнгөндө, үч уулу үч жагынан ыкташып, ата минтип жаз, калемди минтип карма, колуңду калтыратпа, түз жаз,– деп кужулдашып жатар эле. Кетмен чапкандан бетер Субанкул кара терге түшүп кете турган. Чыдай албай күлкүм келчү: «Койсоңорчу, балдар, атаңарды жүдөтпөй, молдо кылмак белеңер аны. Субанкул, жаныңды мынча кыйнабай, же молдолукту, же тракторду үйрөнсөңчү!» – десем, үшкүрүп жиберчү: «Сеники өттү го. Тракторду үйрөнүш үчүн анчамынча молдолук керек турбайбы. Тамаша кылбачы!» Айтор, ушинтип жүрүп, акыры көздөгөнүнө жетти.

Эрте жазда топурак тоборсуп көпчүй[1] келгенде, айылдын сыртында күркүрөгөн дабыш чыгып, алда-кайдан үрккөн жылкы көчөнү как жара, таноолорунан бышкырышып, тобу менен дүрбүп өттү. Бул эмне болуп кетти деп, эшикке чуркап чыксам, чарбактарды этектеп трактор келе жаткан экен. Капкара чоюн машина түтүнүн бурулдатып, арбайган дөңгөлөктөрү менен жер чапчып, улам көчөгө жакындап, дүрүлдөп келе берди. Анын жанында жүргөн элди көрсөң, кары-жашы дебей бүт айыл чуулдап, чапкылашып жүрүшөт. Эл менен кошо мен дагы жүгүрүп жеттим. Карасам үч уулум үчөө тең бирин-бири карманышып, трактор айдаган атасынын жанында келе жатышат. Түрлөрүн көрсөң жоо сайып келгендей, көздөрү чырактай жайнап, жүздөрүнөн нур төгүлөт. Деги бир ыраазы болуп, дегдеңдеп мактанып келе жатышкан экен. Алар ошол күнү эртең менен эле көпүрөгө чуркап кетишкен болчу, көрсө ал чунактар трактор тоскону кетишиптир, мага да айтышпайт, жибербей коёбу дешсе керек. Балдар үчүн эсим чыгып, алда эмне болуп кетеби деп:

– Касым, Майсалбек, Жайнак, силердиби! Түшкүлө! – деп, кыйкырсам, трактордун дүрүлдөгөнүнөн өз үнүмдү өзүм укпай калдым. Субанкул менин эмне дегенимди түшүндү окшойт, коркпо дегенчелик күлмүңдөп, колун булгап койду. Ал дагы кубанычы маңдайына батпай, сыймыктанып келе жатыптыр. Субанкул ошондо жапжаш эле экен, кара мурут жигит чагы. Ботом, балдардын атасына ушунчалык окшош экендигин ошондо көрсөм болобу. Тимеле төртөө тең бир тууган дээрлик. Өзгөчө Касым менен Майсалбек куду эле Субанкулдун өзү, куюп койгондой, айныбайт. Кичүүм, Жайнагым болсо, мага окшошураак сары тултук эмес беле.

---

[1] к ө п ч ү й – жердин үстүнкү катмарынын жазында ачыган камыр сыяктуу көтөрүлгөн абалы.

Трактор ошо бойдон айылга токтобой, түз эле сыртка чыгып кетти. Баарыбыз тең аттуу, жөө болуп, калбай ээрчип келе жатабыз, кызыкканыбыз – жерди кантип айдаар экен? Соконун үч катар тиштери кыртышка сүңгүп кирип, жердин тереңинен толкун айдагандай, айгыржал чымдарды жапыра оодарып жүрүп кеткенде элдин баары чуулдап, «бали-бали!» – дешип, кетенчиктеп кошкурган аттарды камчыга ала дагы да трактордун артынан дүрбүп жөнөп калышты. Эмне болуп көпчүлүктөн бөлүнүп калганымды билбейм, бир убакытта карасам, жалгыз өзүм эле калыптырмын. Трактор узагандан узап бара жатты, а мен болсом тек гана артынан карап жалдырап туруптурмун. Бирок, ошондо жер үстүндө менден бактылуу эч ким болгон эмес чыгар! Сүйүнчүм экиге бөлүнүп: же Субанкулдун айылга биринчи жолу трактор айдап келгенине сүйүнөрүмдү билбей, же уландарымдын ушинтип көзгө көрүнүп, жетилип калгандарына сүйүнөрүмдү билбей, жалына бердим: «Жанаша турган карааныңардан айланайындарым! Ылайым атаңардай эле киши болсоңор ыраазымын, ыраазымын ошондо тагдырыма!» – деп турдум.

– Ооба, Толгонай, эне болуп, энелик үзүрдүн эң сонун мезгили сен үчүн ошондо башталган. Сен анда баралыңа жетип, толуп турган күчтүү аялсың. Жумушту да жаштардан калышпай, кыйын иштечү элең.

– Ден соолук болсо, иштегенге эмне жетсин. Андан калса, чын эле телегейим тегиз болгон экен. Бирге өскөн теректердей болушуп уулдарым эр жетип, ар кимиси өз жолдорун жолдоп калышкан. Касым атасынан үлгү алдыбы, трактор айдайм деп жүрүп, трактор айдап, анан комбайнчылыкты үйрөнүп чыкты. Бир жай комбайнда штурвальный болуп, тээ аркы өйүздөгү «Кайыңды» колхозунда иштеп жүрдү. Кийинки жылы кайра өзүбүздүн айылга комбайнчы болуп дайындалып келген. Эне курсурга балдарынын баары бирдей ысык эмеспи. Ошентсе

да, ортончум, Майсалбегим, менен көбүрөөк сыймыктанар элем. Мүмкүн, сагынып жүргөндүктөн болуш керек: уясынан эрте учкан балапандай, Майсалбегим үйдөн эрте кетпедиби. Ал башынан эле мектепте жакшы окучу эмес беле. Ии, китепке өчүн ай, китеп дегенде жантыгынан жата калар эле. Ушинтип жүрүп, мектепти бүтүрөр замат, мугалимдик окууга, шаарга кетпедиби. Берки кичүүм, Жайнак болсо, өтө бир шайыр, ачык-айрым жигит болуп өстү. Үйгө токтоо деген жок эле го анда. Комсомолдун секретарымын деп, жаштар кайда болсо ошондо: жыйналыш, оюн, ыр, кереге газет – ошолор менен эле алек. Кээде жиним келип: «Эй, безарман, кыягыңды, төшөнчүңдү алып, биротоло колхоздун мекемесине көчүп кирип алсаңчы. Үй-жайдын сага кереги деле жок турбайбы!» – десем, Субанкул уулуна болуша кетер эле. «Ачуу этпе, апасы, көпчүлүктүн жумушу. Анчейин жүргөн болсо мен деле тизгинин тартып коёр элем» – дей турган. Субанкул ал кезде бригадирлик жумушуна кайра келген болучу. Тракторду анда жаштар айдап калышпады беле.

Баса, көп кечикпей келиндүү да болдук! Касым Кайыңдыда жүргөндө бир-бирине көңүлдөрү туура келип калса керек, Алиманды ошол жактан алып келбедиби. Өңдүү-түстүү, бели буралган жаш кыз экен, адегенде эле ичим жылып, өз баламдай көрүп калдым. Келин эстүү болсо, өз бала эмей эмне, айырмасы кайсы. Чынын айтыш керек, келиним жаман чыккан жок. Ошонун өзү да үй-бүлөдө чоң ырыскы эмеспи. Азыр ойлоп карасам, адамдын башына чын дөөлөт келгенде, шатырата төккөн жайкы жаандай эмес, адамдын өз аракетинен, турмушка, элге кылган мамилесинен, бирине-бири жалганып, өнүп-өөрчүп, таалай болуп аталып келет экен го. Ошентип тапкан таалай кымбат турбайбы. Өз каныңдай – төгүлсө, жан берген менен барабар экен.

Алиман келген жылы – унутулгус жыл, эстен кеткис жай болду. Ошол жылы эгиндер эң эле эрте бышпадыбы. Сайдагы чоң суу дагы жылдагыдан эрте кирди. Тоого эки-үч күн катары менен жамгыр нөшөрлөп, мөңгүлөр тез эрип кетти окшойт: дайранын ирeңи бузулуп, адегенде эле топон суудай ташкындап, каптап келди. Эчактан турган эски аралдарды бир эле түндө жалмап, жууп кетсе болобу.

Анткен менен аба ырайы оңуна алып, бир тегиз ысып турду. Тактадан[1] өткөн эгиндер улам саргара бөртүп, жер бетин бербей, алыскы кыйырда асман менен чектелип, бышып жатты. Кол орок тарткан биз ошондо эле ишке киришип калганбыз. Комбайн жүрчү жолду ачып, аңыздардын тегерегин оруп жүрдүк. «Эми келиниң менен кошо жарышпай эле, үйгө жыргап отурсаң болбойбу!» – дегендер да жок эмес эле. Андай сөздөргө мен терикчү эмесмин, колдон келсе, көпчүлүктөн калышпай иштегенге эмне жетсин. Келиним экөөбүз бирдей эле орок оруп жүрдүк. Ошондо байкаганым алиге көңүлдөн чыкпайт. Аңыздын четинде апапакай, кызгылтым бүр ачып өскөн гүлкайырларды Алиман жыйнап алып, бир убакытта, менден уялгансып, буудай арасы менен унчукпай кетип бара жатат. Бул эмнеси, колундагысын эмне кылар экен деп турсам, жол боюнда турган комбайндын жанына жетип барды да, гүлдестесин тепкичине коё салып, кайра жүгүрүп келди. Комбайнда киши-кара да жок болчу. Касым бир жакка кеткен. Эртең-бүрсүгүнү чабыкка киришебиз деп, комбайнын оңдоп даярдап койгон эле. Алимандын мунусуна ичим элжиреп, куда каалаcа бул экөө жакшы жубай болушат экен деп, келиниме ыраазы болуп калдым. Алимандын ошондогу түрү али да көз алдымда: кызыл жоолук, ак көйнөк, кичинекей кара чыпта-

[1] т а к т а – буудай такта болду – буудай тегиз баш алды; тактадан өтүү – бышканга бет алуу.

масы менен, колунда кармаганы гүлкайыр, өзү кара-торусунан келген, көздөрү моймолжуп бакырайган сулуу келинчек эмес беле. А-а, кайран келиним! Гүл сүйгөн келиним... Өзү деги гүл дегенге жакын эле, эрте жазда байчечекти кар астынан да таап келе турган... Баса, эмнени айтып келе жатат элем. Ии, ошонун эртесинде орок башталып калбадыбы.

Жыйын-теримдин биринчи күнү өзүнчө эле майрам эмеспи. Ушунча болуп, ал күнү кабагы суз адамды көрө албадым. Майрам деп ал күнү эч ким айтпаса да, кандайдыр ар кимдин үнү да шаңдуу, өзү да шаңдуу, айдаган арабасы, минген аты, кылган жумушу – баары тең шаңдуу. Чынын айтканда, орок түшкөн биринчи күнү эч ким деле иштеп кыйратпайт. Ал күнү күлкү, оюн, куудул сөздөн кол бошобойт окшойт. Өзгөчө, орокчулардын арасы кызык болор эле, анда көбүнчө жаштар, кыз-келиндер эмеспи. Тамаша ошолордо. МТС[1]тен сыйлыкка алган велосипедин минип, эртең менен Касым комбайнын көздөй кетип бара жатат эле, бир топ өктөм келиндер аны жолдон кармап алышты. «Сен эмне үчүн велосипедиңен түшө калып бизге салам бербейсиң? Сен көпкөн экенсиң! Орокчуларды көзгө илбей калган экенсиң» – дешип, Касымды туш-тушунан жаалашып, аны Алиманга жүгүнтүшсө болобу. Касым аны менен гана кутулган жок. «Кулдугум бар! Кулдугум бар!» – дегенине болбой, сен эми бизди велосипедиңе өңөрүп, тигил орустун кыздарындай алып жүргүн дешип, бирин-бири велосипедге көтөрө мингизишип, артынан кыйкырык, сүрөөн менен кошо жүгүрүшүп, Касымды аябай убара кылышты. Анда да велосипедде жөн отурушпай ойдолошуп: «Кокуй, апамдын баласы, өлдүм эле өлдүм, жыгылдым, кокуй!» – дешсе, беркилери кыраан катып: «Өлсөң өл, өлсөң да мойнунан кучактай жыгыл!» – дешип, талааны жа-

---

[1] МТС – машина-трактор станциясы.

ңырта күлүшөт. Ошентип отуруп Касымдын шайын кетиришти. Ал өзү да күлкүгө мас болуп, эми болду го,– деп улам бирин өңөрүп келсе, анда дагы бирөө жагалдана асылып: «И, менин элден эмнем кем экен? Мурдум бучук, көзүм кыйшык бекен?» – дешип кыйнашат. Койчу, акыры Касымдын да жини келди: «Ой, силер кутуруп кеткенсиңерби? Ач кенедей жабышасыңар да! Болду эми. Тамаша кылганы келдиңерби, же жумуш иштейсиңерби?» Шойкон келиндер анда да сөз беришпейт го: «Тигини! Жумушту сен иштейсиң, өкүмөт комбайнды эмнеге чыгарган экен!» – дешет.

Жаштар гана эмес, нары жакта туруп, бул тамашага биз да аябай кандык, күлүп боорубуз жок. Ошондогу асмандын ыраңы ай! Ошондогу күндүн жаркырашы ай, ошондогу эгиндин дандуусу ай, ошондогу элдин күлкүсү ай!

– Ооба, ооба, Толгонай. Ал күнү так ушундай болгон. Сен ал күнү таалай дегенди дагы да тереңирээк түшүнүп, мага сырыңды айткансың, Толгонай.

– Мен азыр да ошону айтмакмын. Мен азыр да ал түшүнүгүмдөн кайтпаймын. Мен азыр да ал күнкүнү түгөнгүс жомоктой айтам.

Аздан кийин орокчулар жумушуна киришип, аңызда иш кызып, саратан чырылдап, күн кайнады. Бирок эртең мененкиден калган кубаныч улам жүрөктө талпынып, көңүлүмдү өстүрүп, салкын желдей сергитип турду. Ошол күнү болгондун баарысы мен үчүн болгондой, атайлап таалайыма жасалгандай сезилип жатты. Көзүм көргөн, кулагым уккандын баардыгы дүйнөнүн, жашоонун көркүн ачып рахаттандырды. Шыңгыраган ороктор, шуудурап жыгылган буудайлар, жагымдуу үн алышып жатса, нары жакта Касымдын комбайны, кирген суудай күркүрөп, «Оп майданын» жаңычасын ырдагандай, эгинди жапырып чаап жатты. Комбайнда турган Касым, шаркыратмадай куюлган буудайга алакандарын тосуп, толо

кочуш данды бетине алып келип жыттаганда, өзүм да семире түштүм: жарыктык дандын жытындай асыл жыт эмнеде болсун! – «Э-эй, арабакеч, бол эрте! – деп, Касым тоонун башынан үн салгандай кыйкырды эле, тактай араба жетип келип, комбайн токтой калганда, Алиман: «Суусун жеткире коёюнчу!» – деп карапаны алып, Касымга жүгүрдү. Аңызды аралап, кызыл жоолук, ак көйнөк Алиман чуркап бара жатканда, колунда кармаганы карапа эмес, жүрөгүн тартуу кылып көтөрүп бара жаткандай, сүйгөн жарына берилгендик анын бүт кыймылынан көрүнүп турду. «Баса, Субанкул да суусаган чыгар» – деген ой менен, жан-жакамы карасам, көрүнбөйт. Кайдан көрүнсүн, орок башталары менен бригадирде тыным болчу беле. Эртеден кечке аттан түшпөй, талаада чапкылап жүргөнү жүргөн да.

Кечке жуук орокчуларга деген жаңы буудайдын наны да даяр болду. Жаңы нандан эң биринчи иретте орокчулар ооз тийиш илгертен салт эмеспи. Ал нанды өгүнү биз аңыздардын четинен оргон боолорду токмоктоп даярдашкан болчу. Жаңы буудайдын нанынан ооз тийгенде, ар качан касиеттүү даам татыгандай болом, өңү кара болгону менен, камыры суюк жуурулгандай, жаңы нан анча-мынча жашыгыраак болгону менен анын дүмбүл даамына, күн, жер, түтүн жыттанган жытына эмне тең келсин!

Карды ачкан орокчулар арыктын боюна жыйналып келишкенде, күн эгиндин үстүнө кочкул от ойнотуп, ылдый түшүп келген болчу. Ал күнкү жарык кеч көпкө чейин иңирге жол бербечүдөй болуп турду. Биз үй-бүлөбүз менен алачыктын сыртынан орун алдык. Субанкул ана-мына жетип келмек эле, Жайнак болсо адатынча дагы жок, агасынын велосипедин минип, кызыл үйгө[1] ба-

---

[1] кызыл үй – өкмөттүк, саясий, маданий жаңылыктар менен таанышып туруу үчүн уюштурулган бурч же бөлмө.

ракча илмекчимин деп, шашып кеткен. Алиман жоолугун жерге жая салып, үйдөн алып келген алмаларды чачып таштады да, кеселерге ачыма куйду. Арыктагы сууга колун жууп, комбайнын токтоткон Касым да келип отурду. Чарчаңкы кыймыл менен нан туурап жатып ал:

«Ысык эле бойдон экен. Ал, апа, жаңы буудайдын нанынан биринчи ооз тийгин»,– деди.

– Быссымылда,– деп, нандан алдым да, чайнап жатып, кандайдыр бир жаңы даам, жаңы жыт сездим. Ал жыт – комбайнчынын колунун жыты эле – саман, кара май, темир жыттанган колдордун жыты. Нандын ар бир туурамы ушундай керосин жыттанып жатты, бирок андай таттуу нан жеп көрбөгөн элем, анткени, ал нанды уулумдун эмгекчил колдору туурап берген, анткени, ал нан көпчүлүктүн, ушул жанаша отурган элдин тапкан наны эле. Ошол учурда мен эне деген эмне экенин, анын таалайы, мисалы, буудайдын өнүп чыккан сабагы болсо – түп тамыры жер менен байланышкандай, элдин, көпчүлүктүн бак-таалайынан ажырагыс экенин ойлондум. Ооба, мен азыр да ушул ойдо бекмин. Мейли, керт башыма эмнелер түшпөдү... Эл-журт бар экен – турмуш да бар...

Айтор, Субанкулду күтүп отургуча кеч кирип кетти. Жаштар тигиндей суу боюна барышып, жар үстүнө алоолонгон от жагышып, ырдап жатышты. Алардын ичинде кыяк тартып, үн созгон Жайнактын добушу кулакка тааныш да: «Үнүңдөн болоюнум, жаш чагыңда ырдай бер, теңтуштар менен салган обон пейилди тазартып, адамды адамга жакындатат эмеспи» – деп угуп отурдум. Энемин да, ошол саатта да ойлогонум – балдар, алардын келечеги. Касым го – өзүнчө болуп калды,– деп ичимден түгөлдөп жаттым, жаз чыгары менен келинчеги экөө бөлүнүп, үй-жай күтүп кетишет. Иштермандыгы – дал эле атасынын өзү, караңгы түшсө да, комбайн, трактордун чырактарын балбылдатып, дале талаада эгин чаап жүрөт.

Алиман да жанында, иш арада бир минут бирге болушса да, кымбат эмеспи. Майсалбегимди ойлогондо, сагынганымдан жашый түштүм. Өткөн жумада кат жазып жибериптир, быйылкы жайда үйгө келалбасмын, пионер лагерине жетекчи болуп Ысык-Көлгө жөнөп жатам деген болчу. Мейли, сүйгөн иши ошол экен, кайда жүрсө да, аман болсун деп, тилеп жаттым.

Субанкул келип тамактанды да, түндөп айылга кеттик. Эртең менен мал-пулду көздөш керек эле, кечкисин го кошунам Айшага дайындап кеткем. Ал бечара оорукчан эмес беле, бир күнү оору, бир күн соо – жумушка чыгалбай кала турган.

Биз атка учкашып, бастырып келе жатканда, түн мемиреп, талаа бейкут жаткан кези эле. Желе-жорто жүргөн сыдырым, караңгыда шабыр-шубур этип, куурай баштарын жалмалап, ай шооласын кулпунта, чайпалган эгин үстүнө кыймыл жаратып, көлөкө ойнотуп жатты. Чарчаган жер уйкуга кетип, анын бешигин терметкендей, сайда ташкындаган суу алыстан шаркырап, буудайдын арасында чегирткелер үн алышып турушту. Табигаттын бул тынчтанган чагы кандайдыр бир өткөн-кеткенди эске салчудай, алда эмнелерди эңсетип, жүрөктү зарыктырды. Субанкулдун курун карманып, учкашып келе жатат элем. Ал мени алдыга отур десе болбой, дайыма ушинтип учкашып жүргөндү жакшы көрөр элем. Кээде үргүлөп кетип, кээде темине бастырып келе жаткан Субанкул унчукпаганы менен, анын ошентип сүйлөбөгөнү да, ээрде чарчап отурганы да – жаныма кымбат. «А-а, байкушум, акырындап карып келе жатабыз го. Мейли эми өмүрдү текке өткөргөн жокпуз окшойт. Мезгил деген – экөөбүз кечээ эле кошулгандай болдук эле, карачы канча заман өттү. Ошентсе да, турмуш дале кызык, дале толуп жаткан үмүт түгөнбөйт» – деп ойлонуп келе жатып, башымды өйдө көтөрүп, асманга караганымда, жүрөгүм селт эте түштү: Саманчынын жолу куду баягыдай болуп,

ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан экен. Чын эле, бүгүнкү жылдыздуу төбөдө кандайдыр бир алп дыйкан кырмандан толо кучак саман көтөрүп өткөнсүп, себеленип чууруп калгандай, топон көзгө даана көрүндү. Ал түгүл, чачылып калган саманга жел тийгенсип, жылдызданган майда учкундар жылт-жулт этип копшолуп, оодарылып жатты. «Ой, тооба!» – деп жакамды кармандым. Баягы түн, баягы жаштык кез кылт этип, эске түштү. Көрсө, ошондо тилеген, самагандын баары келген турбайбы! Ооба, жер-суу элдин энчисине тийип, эл катары биз дагы кош айдап, эгин сээп, кырман бастырып тилегибизге жетип турбайбызбы. Заман минтип өзгөрүлүп, жаңы турмуш минтип келерин анда ким билсин, айтор, ак тилек кандайдыр болбосун көптүн тилегине үзөнгүлөшүп, жерде калбайт экен го дедим мен ичимден. Ушундай ойлорго берилип, эргип унчукпай келе жатканымда, Субанкул артын жалт карай: «Сен эмне уктап калдыңбы, Толгонай? Унчукпай эле келе жатасың,– деди. – Мен да бүгүн аябай чарчадым. Азыр үйгө жетебиз. Же жаңы көчөгө кайрыла кетелиби?», «Кайрыла кетели»,– дедим мен.

Жаңы көчө дегенибиз айылга кире бериш жол боюнда эле го. Көчө деле жок болчу анда, там салуучу жаштарга деп, ошол жылы көктөмдө жаңыдан эле жер берилген. Касым менен Алиман да жаңы көчөнүн баш жагынан чарбак алышпады беле. Кирпичтерин жаздап-жайлап үчөөлөп куюп камдап, аларды кургатып жаткан болучу, жер пайы орнотор жайын да казып коюшкан, өткөн аптада эки күн сайдан таш терип, тамдын ордуна ташып келишкен эле. Биз ошону көрмөккө кайрылып калдык, анткени – мындан нары орок маалында оңой менен күндүзү кол бошобойт эмеспи. Үйүлүп жаткан чоң дөбө таштарды көрүп, Субанкул балдардын иштегендерине ыраазы болду: «Кош де, апасы, таш мол жетет экен, сарайлык таш артып да калар,– деди ал.– Жыйын-теримди бүтүргөндөн кийин,

жабыла дубалын тургузуп, үстүн жаап коёбуз да, калганын келерки жазда бүтүрөрбүз. Туура эмеспи, Токон?», «Туура, үстүн жапсак, калганы бүтөр, аманчылык болсо. Биздин Жайнак эле шашып, өпкөсү көөп алыптыр. Бул көчө Комсомол көчөсү деп аталсын деген токтом чыгардык деп жүрөт. Анда Алиман жеңеси аны шылдыңдап күлөт: «Ой, кичине бала, туула элек балага ат койгонсубай, жайдак эле жерге көчөнүн атын издеп убара болгончо, элден мурун аял алсаңчы да, там-жай салып, көчө тургузсаңчы, көчөнүн аты эптеп табылар эле го. Антсе берки да болбойт, жок, сен туура түшүнбөй жатасың деп талаша кетет».

Субанкул менин бул сөзүмө күлүп койду: «Алургандын ошондой шашмасы бар, деген менен көчөнүн атын туура таап айткан экен. Мынабу башталган тамдардын баары эле жаштардыкы да, баары тең кийинки муун. Элдин канат-бутагынын өскөндүгү ушул: айлыбызга батпай жаңы кыштак куруп жатабыз. Ал эми көчө салынып бүтсүнчү, көрөрсүңөр менин уулумдуку эле туура чыгат...».

Биз ушинтип сүйлөшүп турган түн, көрсө, дүйнөнүн эң каргашалуу түнү экен...

## II

– Башыңды өйдө көтөр, Толгонай, кайрат кыл.

– Жарайт. Андан башка чарам барбы. Эсиңдеби, айланайын туулган жер, ошол күнкү?

– Мен эчтекени унутпаймын, Толгонай. Жарык дүйнө орногондон бери, кылымдар тагы баары менде. Китепке сыйбаган, адамдын эсинен чыгып жоголгон тарыхтын баары менде. Сенин да баштан өткөргөн тагдырың – жүрөгүмдө. Сүйлөй бер, сүйлө, Толгонай, сүйлө пендем, бүгүн кулак сенде!

– Ох, эмнени айтайын. Ошонун эртесинде, күн чыгалекте орок оруп, жумушка кириштик. Ал күнү биз чоң сайдын үстүндөгү жар бойлогон аңызга түштүк. Жаңы эле орок шилтеп, кызып келе жатат элек, суунун аркы маңдайында чаап келе жаткан атчан көрүндү. Тимеле артынан куугун түшкөндөй, камышты, бадалды аралай, ат жалына жата калган неме, суунун жээгиндеги таштакка жете келди да, аттын оозун тартпай түз урду. Бул ким болуп кетти, төмөндөгү көпүрөгө салбай, мынча эмне шашылды деп карап калдык. Атчан – орус жигит экен. Жээрде айгырды камчылап, ал сууга сала бергенде, баарыбыз тең дал болуп туруп калдык: дайра киргенде бул жерден эч ким даап өтчү эмес, ат түгүл төөнү агызып кете турган ташкын жүрүп жатса, өлалбай жүргөн неме го? «Ай, жолдош, токто, кайт артыңа!!» – дегиче болбой, кетенчиктеген айгырды тик тургуза камчы шыбап, жанагы атчан сууга урду. Ал бир нерселерди кыйкырып, бизге кол булгалады, бирок дайранын шарынан эчтеке угулган жок. Күлдүрөп, көбүктөнө өркөчтөнгөн суу көз ачып жумганча, атчанды алып жөнөдү. Кулагын жапырган айгырдын башы толкундар арасынан бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй, ат жалын эки колдоп карманган кишинин шапкесин башынан жулуп кетип, өжөрлөнгөн дайра адамды агызып бара жатканы менен, агымдын өз күчүн пайдаланып, атчан кыйгачтай жүрүп отуруп, акырындап жээкке жакындай берди. Ал тээ төмөн тегирмендин тушунан өтө берип, суудан чыкканда, баарыбыз тең жеңилдене дем алдык. Кээ бирлер – азамат, жигит экен дешсе, кай бирлери – бул соо эмес, мас болуп кутуруп жүргөн неме дешти.

Тегирмендин жанында эгин чаап жүргөн Касымдын комбайны жым болуп токтоп калганда, мен ага анча деле назар салган жокмун: дагы бир жери бузулган чыгар, иш үстүндө ар кандай боло берет эмеспи. Өйдө карабай орок тарта бердим, аңгыча жанымда жүргөн Алиман:

«Эне!» – деп, ачуу чаңырды. Мындай карасам, орогун колунан түшүрүп, келиним кан-сөлү жок купкуу болуп турган экен. Жылан чаккан экен деп, «кокуй, апамдын баласы, эмне болду?» – деп жанына жетип бардым. Алиман унчуккан жок. Анын алайган көздөрү тиктеген тарапты карай бергенимде, тула боюм дүр эте түштү. Комбайндын жанында алда кандай кыйкырыктар, туш-туш жактан буудайды аралап жүгүрүп келе жаткан эл, атчан, кээ бирлери арабада тик туруп, камчыны үйүрө салып-уруп келе жатышат. «Кокуй, энеке! – деп кыйкырган Алиман, комбайнды көздөй жулунуп жүгүрдү. «Ой, булар соо эмеско! Комбайндын бычагына илинип, майып болгон го!» — деген сөздөр, кулагыма шак дей түштү. «Бол, кеттик!» – дегенде, орокчулар жабыла чуркашты. «Кудай сакта! Кудай сакта!» – деп, алардын артынан жүгүрүп келе жатып, арыктан секире бергенимде, бет алдымдан кетип, кайра тура калып, кайра жүгүрдүм. Ой, ошондогу жан далбасым ай! Буудайдын арасына өрт кеткенсип, үстүмдөгү көйнөгүм, бүткөн боюм, чачымдын түбүнө чейин жалбырттап, өрттөнүп келе жатам. Асмандагы сокур күн чел баскандай апапак, бирде беш, бирде он күн болуп көзгө чагылышып, башым айланкөчөк. Жетпей жыгылат экемин, токтогула деп кыйкырайын десем, дабышым чыкпайт.

Ушинтип комбайнга жүгүрүп жеткенимде, додолонгон кишилер чуулдашып, кийим-кечеси туташ суу, энтиккен жээрде айгырды жылоодон кармап турган бирөөнү курчашып турушкан экеп. «Мындай болгула, коё бергиле мени!» – деп, топту бузуп киргенимде, комбайндын жанында турган Касым менен Алиманды көрүп, калтыраган колдорумду сундура, балама жүткүндүм. Касым мени көздөй утурлап, боюмду тосуп калды да: «Апа, согуш чыкты!» – деди. «Согуш? Согуш дейсиңби?» – бул сөздү мен эч убакытта укпагандай, анын маанисине түшүнбөгөндөй, дагы да кайталап сурадым. «Ооба, апа,

согуш башталды» – деди Касым. Эмне үчүн согуш? Кантип согуш?» – бул суук кабардын артында эмнелер жатканды дале аң-сезимиме жете бербегендей, «согуш, согуш дейсиңби?» – деп шыбырап жатып, жанатан берки жүрөгүмө камалган коркунучка демим кыстыгып, ыйлап жибердим. Мени көрүп башка аялдар да чуулдап коё беришти.

«Эй, катындар, токтоткула азыр! Баскыла үнүңөрдү!» – деп кимдир бирөө кыйкырып калды. Ошенткенде, андан акыл күткөнсүп, баарыбыз унчукпай калдык. Талаа ичи тымтырс боло түштү. Ошол үп этпеген, тынчтыкта алда ким үшкүрүп койду: «Согушка кетет экенбиз да!» Анын сөзүнө эч ким жооп кайтарбады. Жымжырттык ого бетер демин катып, сайда күркүрөгөн дайранын шары кулакка дайын угулду. Чогулуп турган элди айландыра карап, Касым өзүнчө ой бөлүшкөндөй кобурап койду: «Эми эртерээк эгин-тегинди жыйнап алыш керек, болбосо кар астында калат». Анан бир аз унчукпай туруп, бир убакытта жардамчысына катуу буюрду: Эмне карап турасың, жүргүз моторду! Силерчи, силер эмне карап турасыңар, орокчулар! Жетишпей калсак, азабын өзүңөр эле тартасыңар. Тургула, урушта туруш жок!».

Эл козголо түштү. Баятан бери башын салаңдатып турган чабарман ошондо гана өйдө карады. Жапжаш орус жигит экен, сууланган чачы маңдайына чакчелекей жармашып, көгүлтүр көздөрү, кудай билет, өмүрүндө биринчи жолу ошончолук санаа чеккен чыгар. Адамдын из түшө элек тун жүзүндө чукул келген эсейгендик дароо эле билинет экен. Ал катуу күрсүнүп алды да, жанында жайдак атын минип турган жигитке кыргызча сүйлөп кайрылды. «Жолдош, сен азыр айылга чаап барып, башкарма, сельсовет, бригаддарды таап, токтолбостон райкомго жөнөшсүн дегин, жарайбы? Мен дагы эки колхозго барышым керек». Чабарман жээрде айгырга минип, мындай бастыраpда, жанагы биздин айылдык жигит: «Ой, дос, токтой

тур! – деп бери чакырды. – Шапкең агып кетиптир. Ме, менин калпагымды кийип ал: күн өтүп кетпесин»,– деди.

Жана дайраны жалдап өткөн жаныбар жээрде айгыр эликтей суналып, жолго түшкөндө, артынан коюу чаң бурулдап, чабармандын карааны бат эле көрүнбөй калды. Аны узата карап турган эл, тегиз ар кандай ойго кеткенби, комбайн менен трактордун моторлору бирдей от алып бирдей дүрүлдөй түшкөндө, кишилер чочуп кетип, бирин-бири жалт караштьы.

Ушул минуттан тартып, жаңы турмуш, согуш турмушу башталбадыбы...

– Ооба, Толгонай, ошол чабармандын дүбүртү али да сууй электей кулагыма угулуп, аттын туяктары тийген издер берч болуп денемде сакталып калды.

– Э-э, жарыктык жер, айта берсе экөөбүздүкү түгөнөбү. Билесиң го, күн кандай үп тартып, ысып келди ошондо: жандуу-жансыздын баарын куйкалап жибербедиби. Эгин да ошол жылы тирелип калган экен, деги бир уч-кыйыры жок, төрт-беш күндүн арасында тегиз бышып чыкпадыбы. Эмне деген байлык эле. Шашкан иш, курусун, орулган буудайды боолап алууга чамабыз келбей, ошол бойдон арабаларга самсаалата жүктөп, канчасы ысырап болду. Ал го мейли, ичим ачыганда элге ачыды. Күнүгө четинен аскерге чакырылганы кетип жатты, калгандары кара жанды карч уруп, түшкү ысык дебей, демиккен түнкү үп дебей, талаада, кырманда, суй жыгылганча иштешип жатышты. Ошондо Касым, алда байкуш балам ай, бүтпөгөндүн баарысын бүтүрө тургансып, күнү-түнү комбайндын үстүнөн түшпөй, эгин чапканы чапкан. Ал өзү гана эмес, анын комбайны да жандуу немедей каардана күркүрөп, кайнаган чаңдын ичинде бир аңыздан экинчи аңызга жапыра кирип, буудайды шалап оруп жатты. Касымым болсо, комбайндын үстүндө учууга чамынган бүркүттөй, бет алдына көз айырбай тигилип, дагы канчасы калды, канчасын оруп жетишем де-

гендей, турганы-турган. Ошол күндөрү ал капкара болуп күйүп кетти. Көрсөң эсиң чыгат: эриндери как жарылып, жаактары шимирилип, сакал-мурут жыш басып кеткен. «Ушинтип жүрүп эмне болор экенсиң балам, ысык өтүп, комбайндан кулап түшөр бекенсиң? – деп ичимден сызам, бирок айтууга оозум барбайт. Дүйнө эмне болуп бара жатканын көрүп турбаймынбы.

Арадан көп өтпөй Касымга да кезек келди. Ал күнү түшкө жакын комбайнга жүгүрүп кеткен Алиман, бир убакытта ылдый карап, томсоруп келди. «Повестка келиптир» – деди ал араң сүйлөп. «Качан?» «Жана сельсоветтен жеткирип беришиптир». Уулумдун акыры бир күнү көп катары аскерге кетерин билип эле жүргөм, ошентсе да, бул кабарды укканда муундарым бошой түштү, эмне үчүндүр орок тарткан эки колум сыздап кетти. Орокту колумдан түшүрүп, жерге отурдум. «Андай экен, ал анда эмне кылып жүрөт, камданбайбы?» – дедим мен дирилдеген эриндериме ээ болалбай. «Кечке барам деди го. Мени үйгө барып даярдангын деди. Мен кете берейин, эне. Атама айтып коюңуз. Берки кичине бала кайда жүрдү экен...», «Айтылар. Сен барагой, Алиман. Камыр көптүрүп тур. Мен да азыр барам». Алиман кеткенден кийин да, көпкө чейин ордумдан туралбай, шалдырап отурдум. Башымдан шыпырылып түшкөн жоолугумду көтөрүп алууга алым келбеди. Жерди тиктеп отурсам, кумурскалар жол салып, нары-бери жүгүрүшүп, дан ташып, саман сүйрөп, аракеттенип жүрүшкөн экен. Эмне үчүн антип ойлогонумду билбейм, кумурскалардын ушинтип эчтекеден бейкапар эмгектенип жүргөндөрүнө да, адам болуп туруп, көз арттым. Капырай, ушундай да ой келет экен го.

Аңгыча арабасын айдап Жайнак жетип келди. Ал ошондо станцияга эгин ташып каттап жүргөн. Агасынын аскерге кетерин билип келген окшойт, арабадан секирип түшүп: «Жүрөгой апа, үйгө баралы» – деп, мени

колтуктап арабага түшүрдү. Ушул аз эле убакыттын ичинде кичүү балам таанылгыс өзгөрүлгөндөй болду. Баягы шайырсынган бала кыялы жок, кадимки көптү көргөн немедей токтоо болуп калыптыр. Жайнактын түрүн көрүп, аны кандайдыр өгүнкү чабарман орус жигитке окшотуп кеттим. Ооба, мунун да көзүндө ошондой ой тарткан эсейгендик сезилип жатты. Көптүн башына күн түшсө, адамдын баары эле бирдей турбайбы дедим мен ичимден. Аны ойлонуп келе жатып, берки Майсалбегимден кабар келбей калганын эстеп, дагы  да жүрөгүм сызыла түштү: «Ал эмне болду анда? Аскерге алып кеттиби, же кандай?  Куш тилиндей кагазга дарегин билдирип койсо болбойбу, чунак бала. Уруксат  берсе, үйгө эле келбейби, эми эмненин окуусу. Ата-энени эстебейт окшойт го, сыртта жүрүп таш боор болуп калганбы?» – деп ар кайсынысынын санаасын бир тартып, арабада келе жаттым. «Э, Жайнак, дедим мен,– сен станцияга каттап жүрөсүң го, деги кандай,  уруштун  токтолор түрү барбы?».  «Жок, апа,– деди ал ошондо.– Азырынча иш начар. Немистер майыштырып келе жатат. Биздикилер эми ошолорду токтотуп, мизин бир кайырып алса, кубаттана түшөр элек. Сен, апа, аркы-теркини ойлой бербечи, көп менен көрөрбүз...». А-а, садагаң болоюнум, ал мени жооткондогусу. Көзүмдү жумуп, кулагымды бассам да, кантип эле ойлобой коймокмун.

Үйгө келсем, Алиманым бир жактан шолоктоп, камырын чала жуурган бойдон отуруптур. «Сен эмне элден башкача бекенсиң, элдин баары эле аскерге жөнөп жатпайбы. Мынча эмне бошодуң, шоруң кайнагыр!» – деп катуу айтайын дедим да, кайра, койчу, жаш немени иренжитпейинчи, ичи сууп калбасын деп тим койдум. Же, ошондо эле катуу айтсам болмок беле? Касым кеч бешимден өтүп, күн батканда үйгө келди. Ал короого кирип келери менен, Алиман жагып жаткан отун таштап, жүгүрүп барып мойнуна асылды да: «Сенден ажырабай-

мын! Сенден ажырабай өлөм! – деп буркурап ыйлады. Касым комбайндан түшкөн бойдон, чаң, кир болуп жетип келген экен. «Кирмин, Алиман. Коё турчу азыраак, самыныңды алып кел, чоң суугa барып жуунайын» – деди эле, Алиман мени жалт-жалт караганынан ийменгенин сезе коюп, суу алып кел деп, колуна чака кармата койдум. Алар ошондо ай чыккандан кийин, кеч кайтышты. Үйдөгү жумуштарды Жайнак экөөбүз бүтүрдүк. Түн ортосуна жакын Субанкул да келип жетти. Кайда жүрөт десем, көрсө, күндүз эле тоого чаап кетип, өзүбүздүн сары жоргону жылкыдан кармап келиптир. Окшогон[1] жорго эле. Айылдагы кыз-келиндердин: «Астыңдагы сар жорго, салдырасың жолжолго» – дегендери ошол эмеспи. Уулу аскерге жөнөп жатканда, бир күн болсо да, жоргосун минип калсын десе керек атасы.

Эртеси багымдатта айылдан аттанып, военкоматка жөнөп калдык. Ошондо ири алды менен калың аскер алынбадыбы. Туш-туш жактан кошулуп, кара жолдо чубаган араба, элди көрсөң, сан жетпейт. Алды Чоң-Капчыгайга кире берип, аягы алда кайда. Ал эми райондо жыйналган эл көчөгө батпайт. Атчан, арабачан, катын, бала-бакыра. Ар кимиси өз жакынын тегеректеп, жанынан карыш кетишпейт. Бирок, көп деген оңой эмес да, «Көп чогулса көл болот» – деген ырас экен. Ошол тополоңдуу жыйында да, майданга жөнөп жатып, кайраты мыкты эр азаматтар бек сүйлөп, бек басып, ал түгүл, ырдап, бийлеп, кыяк тартып, көпчүлүктүн көңүлүн улап жатышты. Орусча, кыргызча ыр аралашып, бир ооздон чыккан «Катюша» – дегендери баарыбызга таанымал болду. «Катюша» – кыздын аты экен да, ошол кездеги жаштардын сүйгөнү экен да...

Военкоматтын короосуна батпай, аскерге чакыртылгандарды чоң көчөнүн ортосуна катар-катар тизип, ар

---

[1] о к ш о г о н – келишкен, абдан мыкты.

бирин аттарынан чакыра баштаганда, чогулган калк тегиз тынчтанып, сестейе түштү.

Мындай карасам, согушка кетип бара жаткандар тандалгандай не бир солкулдаган, чырактай жигиттер экен. Улам аты чыкканы менмин деп, биз жакты жалт-жалт карашат. «Субанкулов Касым» – дегенде ичим ысый түшүп, тамагым буулду. «Менмин» – деди Касым. Алиман ошол учурда колумду сыга кармап: «Энеке» – деп шыбырап жиберди. Аныкын деле билип турам, билген менен чарам кайсы: көптүн кереги кыстаганда элден сырткары ким турат. Алда, Алиманым ай, ошого көзү жетип эле турса да, сүйгөнүнө мындай жакын, мындай ысык ынакты көрө албадым. Алимандын коштошконун азыр эстесем, азыр жанымды садага чапкым келет. Ал күнү биз айылга кайтып келдик, анткени, аскерлерди бир күнү өтүп жөнөтөт экен дешти. Колхозубуз чоң жолго жакын эмеспи – мында зарыкпай үйгө бара тургула, кетип бара жатып тие кетем деп, Касым болбой койду. Алимандын мине жүргөнүнө Субанкулдун атын таштап, биз арабага түшүп кеттик. Жайнак да райондо калган болчу – ал арабасы менен аскерлерди ташып кетиш үчүн дайындалган.

Түндөп аңгыраган үйгө келип, жатпай ыйлап отурсам, Субанкул чай куюп жатып, мени теске салды. Ошондогу айтканын түк унутпаймын: «Экөөбүз ким элек, Толгонай. Мына ушул эл, ушул журт менен киши болдук. Жакшылыгын көрдүк, эми жамандыгына туш келгенде, ар кимибиз өз башыбыздын убайын тартып, бөксөрө берсек, биздин эмнебиз адам? Эртең бек болгун. Алиман экөөбүз көргөндүн бирин да көргөн жок, ал ыйласа – жөнү башка. Сени – эне дейт. Билип койгун, согуш ушинтип күчөй берсе, мен да кетем. Майсалбектин жашы да келип турат, керек экен – бирибиз калбайбыз. Ушуга, Толгонай, эмитен көнө бергин...».

Кийинки күнү түш оой аскерлерди станцияга жөнөтүп калган экен. Касым менен Алиман жол арбытып, озунуп келишти. Үйүңө тийе кетип, коштошуп чыккын деп Касымга уруксат берилиптир. Алимандын эки көзү көнөктөй, жол катары эле ыйлап келсе керек. Касым сыр алдырбаганы менен, ал деле кейиштүү үшкүрөт. Алимандын көз жашы, анын жалдырап эле турган түрү Касымга катуу тийип ошенттиби, же чын эле ошондой кеп айтылдыбы, айтор, аттан түшөр замат Касым: «Силер станцияга узатабыз деп убара болбогула, ата, балким, мен кайтып да калармын – тракторчу, комбайнчыларды бошото турган болуп жатат. Приказ келип жетсе, станциядан үйүңөргө кайтарабыз дешти» – деди. Эми ойлосом, Алиманды аяп, бизди аяп, жөн эле айткан сөзү экен. Станциябыз да күнчүлүк алыс эмеспи, кайра келерде биз үчүн ал – бүтпөгөн жол болорун да эске алды окшойт. Адегенде мен ушул сөзгө ишенип да калдым, үмүт кургур адам менен тең жашайт турбайбы. Бирок, мындай чыкканда, Касым муну атайлап айтканын билдим. Баарыбыз тең эле билдик окшойт.

Артта келе жаткан жүргүнчүлөрдүн алдын ала айылдан чыгып, чоң жолду көздөй Касымды узатып бара жатканыбызда, талаада иштегендер бүт эле коштошкону жүгүрүп келишти. Араба айдаган, орок оргон, кырман бастыргандар калган жок. Касымдын комбайны да ушу арада эгин чаап жүргөн экен. Комбайнды токтотуп, аны менен бирге иштегендер да келип жетишти.

– Туура айтасың, Толгонай. Адамдын комбайн менен коштошконун, мен, көрбөгөндүн баарын көргөн жер, ошондо биринчи жолу көрдүм.

– Ооба, кутмандуу талаам, уста майданга кетерде балкасы менен коштошот дейт. Касым да өз кесибинин устасы эмес беле. Айылдаштары менен коштошуп жатып, комбайн жанаша жерге келип токтогондо, Касым чоң жолду көздөй бир карап алды. Кызыл желекти көтөрүп,

арабачан, аттуу келе жаткандардын алды бурулуштан жаңы эле көрүнө берген. «Ата, кармай турчу» – деп, Субанкулга аттын тизгинин бере салып, Касым комбайнга басып барды да, аны айландыра карап туруп, бир убакытта үстүнө жүгүрүп чыкты. «Айда, Эшенкул! Айдагын баягыдай!» – деп, трактористке кыйкырды. Угулар-угулбас иштеп турган моторлор, баардык кубатынча күркүрөй берип, шакылдап кыймыл алган комбайн, артынан саман, топон бурганактатып, буудайды жапыра аймап, эгин үстүнө толкун айдады. Ошол учурда менин көзүмө ошондой көрүндүбү, ал анчейин гана комбайн эмес, канатын жайып, жер бети менен сызган алп куш өңдүү туюлду. Штурвалды бекем кармаган Касым бетине соккон ысык шамалга жыргап, көкүрөгүн керип, күлүп жатты. Тракторист экөө алда эмнелерди кыйкырып, үн алышып, улам ылдамдата, аңыздын башынан кайра ала салдырып келе жатканда, карап турган эл моокусу кангандай, баш ийкеп карап турушту. Алиман да ошондо азыр ажырашарын унуткандай, көздөрү жайнап, өзүнчө эле сыймыктанып, кубанып турган экен. Баарынан да алиги Айша кошунабыздын баласы, анда он үч – он төрттөгү Бекташ, ошол жылы комбайнда саман тартчу, кагылып кетейиним, комбайндын үстүндө туруп Касым менен кучакташып коштошсо болобу. Касым аны колуна көтөрүп, бети-башын өпкүлөп, эми сен үйрөнгүн дегенчелик, штурвалды баланын колуна карматып, ордуна калган жардамчысы менен коштошту да, комбайндан түшө келди. Сай-сөөгүм сыздап, Субанкулдун түндөгү айтканынан гана араң эле тиштенип турдум. Жолду карасам, аскерге жөнөөчүлөр айылдын тушунан өтө берип, кылкылдап жетип келген экен.

Ушинтип, Касымды жөнөтүп турган эл, баарыбыз коштоштук. Ай, Алиманым ай, аян көрдүң белең, улуу-кичүүдөн да тартынбай, эмне үчүн ушунча боздоп асылдың? «Кош эми, Алиман, мен кайра келем, көрөсүң го,

эртең эле бошонуп келем, ыйлабачы мынча, мен келем, күткүн мени!» – деп, Касым аттанайын деп улам үзөңгүнү кармаганда, Алиман кайра эле барып, мойнуна асылып, кетирбей жаш балача колунан сүйрөп, коё турчу деп ыйлай берди. «Эмесе балам, тигиндей жол боюна жеткирип кел,– деди Субанкул келинине.– Биз ушунда калалы. Жолдоштору узап кетпесин. Касым, бери карачы!» Алар бир аз бирин-бири унчукпай тигилип карап турушту да, «Түшүндүңбү?» – деди Субанкул. «Түшүндүм, ата!» – деди Касым. «Эмесе жөнө!». Субанкул атына минип, кырманды көздөй чаап кетти. Мени менен коштошкондо, Касым: «Майсалбектен кат келсе, адресин салып жибергиле», – деп айтты. Атын жетелей, Касым менен Алиман кол кармашып чоң жолго жете барганча карап турдум. Адегенде Алиман үзөңгүнү кармана жүгүрүп, анан ат үстүнөн аялынын маңдайын акыркы жолу өөп, Касым сары жоргонун башын коё бергенде, төгүлгөн жаандай болгон жаныбардын чаңы ыраактап кеткенче, Алиман кол булгалап эле жүгүрө берди.

Эртеси кечте жайдакталган сары жоргону арабасынын артына коштоп, Жайнак станциядан алып келди.

## III

– Эмне унчукпай калдың, Толгонай?

– Ошол жылы дагы эмне болгондорду эстеп жатам. Айтор, кимди ким билсин, заман дароо эле кыйындап, элдин үрөйү уча түшпөдүбү. Алда кайда кыргын жүрүп, кан төгүлүп жатканда, биздин кармашканыбыз – иш болду. Касымдын айтканы туура келди: канчалык жапатырмак киришсек да, согуштун кесепетинен эгин-тегиндин аягы, картөшкө кардын астында калды. Айылда күч берип иштеген эркектер оп тарткандай улам суюлуп, аскерге кетип жатпадыбы. Калганыбыз эртеден-кечке колхоздо, согуш кантти экен деп кулак түрөбүз, анда кабар-

лар чеке жылытарлык эмес эле, жол караганыбыз – почточу болуп калды.

Касым жөнөп кеткенден кийин, көп кечикпей, Майсалбектен кат келген. Биринчи катында ал – окуудагы өз катар курбуларым менен аскерге чакыртылдым, азырынча шаардын өзүндө элебиз, силер менен жүз көрүшүп коштошо албай калганыма кейибегиле, мындай болорун ким билиптир, жеңиштүү келсек – тилек ошондо дептир. Экинчи катында – Новосибирь деген шаардамын, командирлик окууга жиберилдим деп, сүрөтүн да салып жибериптир. Сүрөтүңдөн айланайыным, аскер форма кийип түшкөн экен, тимеле жарашыктуу, чачын артына кайрып, маңдайы кере карыш, кабагы саал бүркөөрөк тартып тиктеп турат. Түшүмө да эми ушундай кирет, сүрөтүндөгүдөй. Алиман Майсалбекти бир эле жолу көргөн эле да, жазында, Касым үйлөнгөндө, эки күнгө суранып келип кеткен болчу. Кайнисинин сүрөтүн карап, Алиман: «Биздин мугалим бала окшогон сулуу жигит турбайбы, эне. Карачы, баягыда көшөгөнүн артынан анча жакшы байкабай калыптырмын, тиктей бергенден уялгам. Эми аман-эсен кайтып келип, өзүндөй билимдүү, өзүндөй сулуу кыз алса, жарашып калар эле ээ, эне!» дээр эле.

Кыш киргенче ушинтип балдардан кат үзүлбөй санаам анча-мынча тынчып турган. Анткиче болбой, фронт тарапты бет алып, жөнөп калдык деп, Касымдан кабар келди. Эми кандай болор экен, бассам-турсам да көңүлдө ушул. Бул арада Субанкулду да кайта-кайта военкоматка чакырып, комиссиялап калды. Бригадирлик милдети бир жагында, тыным көрбөйт. Бул кандай болуп кетти, демек, Субанкулду да алып кетет турбайбы, анда канттик деп жүрсөм, бир күнү чын эле аскерге алынууга повестка келиптир. Аны укканда, санаам сай таппай, кырманда эгиндин калганын тазалап жатканбыз, айрынын сабын карманып ойлонуп турат элем, Субанкул чаап ке-

лип, аттан түштү да жүр үйгө, камданалы деди.

Учкаша жүрөйүн десем, жок, атты сен мингин, мен жанында басып сүйлөшөйүн деди. Андай учурда адам сөз да таппай калат окшойт, айтылчу сөздүн баары ичте болуп, унчукпай келе жаттык. Булангыр булуттар асманды түнөртүп, Сары-Жайыктын түзүнөн соккон муздак шамал кар учуруп, боорондотчудай, тына калып, демигип турду. Айланамды карасам, жан боордош дыйкан талаам, сен дагы жайдак калып, караан да жок, үн да жок, томсоруп жаткан экенсиң.

– Ооба, Толгонай. Кыш камап, денемди тоң алып келе жаткан. Суукка карайып, менин да жалгызсыраган капалуу күнүм эле.

– Субанкул кайта-кайта чакмак чагып, тамеки түтөтүп келе жатты. Бир убакытта шамалдан калкалана берип, атка ыктады да, тамеки күйгүзүп жатып, менин колумду кармалап: «Үшүдүңбү?» – деди. Ал ошондо бир нерсе айткысы келди, балким, балдарыбыз тигинтип согушта, мына эми мен да кетип жатам, кандай болот, кандай коёт, көрүшөбүзбү, жокпу, ушунча жыл ысык-суугубузга күйүшүп бирге жашадык – ыраазы бол, тагдыр ушул экен, кантебиз, аманчылыкты тилейли дегиси келдиби, ким билет. Айтор, башын көтөрүп, мени аяп да, сүйүп да, эрдин тиштене карап алды. Мурутуна жаңыдан ак кирип келе жаткан экен, ошондо байкадым. О, касиеттүү талаам, менин башыма түшкөн жакшылык, жамандыгымдын баарын көрдүң го...

– Ооба, Толгонай, сенин бүт өмүрүң ушунда өттү.

– Субанкул экөөбүздүн ушул талаада кошулуп, жыйырма эки жыл ушул жерде таман акы, маңдай терибиз менен агарып-көгөрүп, бирге өмүр сүргөнүбүз ошондо заматта көз алдыма келе калды. Түбөлүк шериктешимден минтип айрыларымды ойлодум беле. Кечээ эле орок түшкөн биринчи түнү так ушул жол менен учкашып бара жатканыбызды эстеп, айылдын кире беришинде жаштар-

дын жаңы көчөсү башталган бойдон ташталып калганын көрүп, Касым менен Алимандын чарбагында үйүлүп жаткан кирпич менен ташты көрүп, ат жалына жыгылып, өксүп-өксүп ыйлап жибердим. Субанкулдун кайраты бек эле го. Менин эмне ойлоп келе жатканымды билип эле жатты. «Ыйласаң азыр ыйлап ал, Токон, бирок, мындан ары элдин көзүнчө бошой турган болбогун», – деди ал. – Сен, Токон, Алиман менен Жайнакка гана баш болбой, менин ордума бригадир болуп каласың, бул ишке сенден башка ылайыктуу эч ким калган жок айылда. «Ушундай саатта болбогон сөзүңдү койчу, Субанкул, кереги жок, бригадирлигиңди эмне кылам, мен кайсынын бригадири!» – деп ыйлай бердим. Антсем, кечинде чындап эле колхоздун мекемесине чакырып калышты. Фронттон колу жарадар болуп келген жаңы башкармабыз Үсөнбай, Субанкул дагы эки-үч аксакал кишилерибиз олтурушуптур. «Толгонай жеңе, кантсеңиз да белиңизди бек бууп, көпчүлүктүн милдетин мойнуңузга аласыз. Аял болсоңуз да, жер-суунун шартын, элдин шартын сизден жакшы билген эч ким жок. Мына, минтип мыкты бригадирибизди, ачуу чайнап, согушка жөнөтүп турганыбызда, анын ишенген кишисине, сизге, биз да ишенебиз. Замандын түрүн го өзүңүз көрүп турасыз. Эртеңден тартып ишке киришиңиз, Толгонай жеңе» – деп, Үсөнбай түз эле айтты. Берки аксакалдар да аркы-берки сүйлөшүп, койчу, кептин кыскасы – бригадир болууга көндүм. Көнбөгөндө кайда барат элем. Ошенткеним да бир чети дурус болуптур – Субанкулумдун эң акыркы өтүнүчү ошол эмеспи: кетер-кеткенче көптүн камын тарткан бечарам ай, түнү менен кош айдоого эмитен камдана бер, ат көлүктү тандап, жем-чөпкө байла, соко-шайманыңды түгөлдөп ремонттоткун, баланчанын үй-бүлөсү жашаялмет, беркилер кары-картаң, көз сала жүр, тигини андай кыл, муну мындай кыл деп, сүйлөп отурду. Таң атканча тынбай сыртта шамал уюлгуп, кар жаады.

Субанкулду да чоң жолдон узаттык. Өзү курдуу бир катар кишилер менен арабага түшүп, борошого аралаша кетти да калды. Ошондогу сууктун курчун ай, беттен алып, каарып турбадыбы.

– Ал күнү сен узатып кайра келе жатканда, кайта-кайта артыңа кылчактап катуу ыйладың, Толгонай.

– Ооба, Жер-Энем. Ошол күндөн тартып, башкармабыз Үсөнбай айткандай, белди бек бууп, атка миндим, бригадирлик жумушума кириштим. Эмки бригадирлердин да кызматы оңой эмес, ал кезде болсо тимеле бир тирүүлөй азап экен. Ишке жарамдуу эркектерден эч ким жок, тегиз кеткен, калгандары келин-кезек, жаш балдар, карыган кишилер. Тапкан-тергенибизди фронтко берип, арабалардын дөңгөлөгү жок, каамыт-шлиялар[1] жарамдан чыккан, устаканага деген көмүрдү сайдагы чычырканактарды өрттөп, көөрүктү эптеп жалмалатып турдук. Элдин турмушу да начарлагандан начарлап бара жатты. Ошентсе да колхоздун ишин токтотпой, кыймылдатып туруунун аракети болуп жатты. Азыр ойлосом, бирөөгө жакшы айтып, бирөөгө жаман айтып, колхоз деп жүрүп ар кандайлар баштан өткөн экен, бирок, эл үчүн, анын азып тозсо да ар качан эл болуп тура бергендиги үчүн садага кетиш керек. Ошондогу аялдар – бул кезде кемпир, жаш балдар – беш-алтынын атасы, баягы күндөрдү алар унутуп да калышкан чыгар, бирок, мен аларды көргөн сайын, көз алдыма өлбөс-өчпөстөй алардын ошондогусу элестелет, ач-жылаңач жүрүп колхоздо иштегендери, күткөн-самаганы – бардыгы ташка-тамга баскандай көкүрөгүмдө. Мен өзүм деле кандай абалда элем, антсе да, жыгылып-тыгылып бригадир болуп жүргөнүмө эч убакытта өкүнбөймүн. Таң азандан кол-

[1] к а а м ы т - ш л и я – араба жабдыктары; (каамыт (ор. хомут) – арабанын ок жыгачын бекитүү үчүн аттын моюнуна кийгизилчү жабдык; шлия (ор. шлея) – куюшканга окшогон жабдык.

хоздун сарайына жетип барып, ар кайсынысын жумушка чегип, ушуну менен кечке чейин аттан түшпөй, эл жаткыча контордо күндөлүк жыйналышта отуруп, көпчүлүктүн иши менен алаксып жүргөн экенмин. Мейли, кээ бирде жан карайганынан айрымдар тил албай, мени сөккөн күндөрү да болду, андайда Алиман менен Жайнак өз балдарым эмеспи, аларга тыным бербей жумушка күнү-түнү айдай берчүмүн. Анткениме да кейибейм, болбосо бизди не деген коркунучтуу ойлор басынта бермек. Бир үйдөн үч киши катары менен согушка кетип отурса, адам ойлонбой коёбу.

– Ырас, Толгонай. Сен ошондо мени менен сүйлөшкөндөн качкансып, дайым өтө чаап, алда кайда шашылып, алдастап жүрөр элең.

– Антпеске айлам бар беле, сырдашым Жер-Эне, фронтко бет алдым деген бойдон, бир жарым ай чамасы Касымдан эч кандай кабар болбой турбады беле. Арабасы менен станцияга каттап, Жайнак тентимишим үйдө жок эсе, ал эми Алиман экөөбүздүкү эмне болсо да ичте. Касым жөнүндө сүйлөшүүдөн корккондой, көзүбүз чагыла түшкөндө, башка бир болор-болбос тиричиликти кеп кылып, жаш балача сооронууга шашабыз.

Кыш ортолоп, аяздуу күндөрдүн биринде, устаканада аттарды такалатып жүрөт элем, сизге шашылыш телеграмма келиптир деп, башкарма алакандай кагазды ала чаап келди. «Кой, кокуй, ал эмнең?» – деп жибериптирмин. «Ой, Токон жеңай, коркпоңуз, жамандыктын түрү курсун, бул телеграмма Майсалбектен экен, Новосибирден жибериптир, бери басыңыз! – деди Үсөнбай. – Азыр токтобой станцияга жөнөңүз, уулуңуз эки күндө биздин станциядан өтөт экен, жолугуп калайын дептир. Чөп-жем салдыртып, арабаны дайындатып койдум, Толгонай жеңе, кечикпей жөнөңүз!» – деп эле айтып калганы. Сүйүнгөнүмдөн эмне кыларымды билбей алдастап, устаканада нары жүгүрүп, бери жүгүрүп, анан түз эле

үйдү көздөй жолго түштүм. Иштин жай-жуюн дагы да сураштырбай, бир билгеним: «Майсалбегим тоссун дептир! Майсалтайым келсин дептир! Сени тоспогондо кимди тосом, кагылып кетейин уулум. Тимеле учкан куштай жөө жүгүрүп отуруп барармын!» – деп эле өзүм менен өзүм сүйлөшүп, чыкыроон аязда алашала тердеп келе жаттым. А-а, кургур эне десе, ошондо ой токтотуп, Майсалбегим кай тарапты карай өтөт экен деп койбоптурмун. Нары-бери камына берип, Майсалбегим жолдоштору менен үйдүн оокатынан даам татып кетсин деп, боорсок, жупка, эт бышырып, ошол эле күнү Алиман экөөбүз арабага түшүп жөнөп калдык. Адегенде Жайнак менен барсамбы деп ойлонуп турдум. Ошентсем, Жайнак өзү эле: «Кой, апа. Алиман барсын, мен үйдө калайын. Мага караганда Алимандын барышы зарыл» – деп койду. Абдан туура кылган экен кичүү балам. Жаш болсо да, Жайнактын ошондой билгич жайы бар эле. Жеңесинин кандай думугуп, капа чеккенин сезип жүргөн турбайбы. Алиманды чөпканада иштеп жүргөн жеринен өзү чуркап барып чакырып келбедиби. Көптөн бери келинимдин минтип кабагы ачылганын көргөн жок элем. Тимеле жаш баладай сүйүнүп, менден бешбетер жетине албай: «Бол, эне, кечигип калбайлы!» –деп, өпкөсү көөп алыптыр. Жолго чыкканда да ушул: арабаны тездете айдатып, кээде тизгин, камчыны арабакеч баладан тартып алып, өзү шамдагайланып, айдап келе жатты. Жол катары бир тегиз суук тартып, жабалактаган жумшак кар жаап турду. Ошол кар апапак болуп Алимандын жоолугуна, маңдай чачына, жакасына күрпөңдөлө жыйналып, анын жалтылдаган капкара көздөрүн, нурлана тамылжыган кызылдуу жүзүн ого бетер сулуу көрсөтүп, көрктөп келе жатты. Анан калса, барар-барганча оозу бир тынсачы келинимдин. Биринчи жолу тойго бара жаткан баладай, аны-мунуну эркелеп сүйлөп: Мугалим бала поюздан түшкөндө, сен унчукпай тур, эне. Мени таанып бекен? –

деп, анан туруп,– «жок, эне, мен артынан барып, мугалим баланын көзүн басып калайын, кантер экен, ой бул ким өзү деп, чочуп кетер бекен!» – деп күлүп жатты. Ай, Алиманым ай, ай келиним ай, сенчелик күйөөсүн сүйгөн аял болду бекен? Мени билбейт деп келе жаттыбы, өзү деле акыры сырын алдыртып койбодубу. Жанагыдай тамашалап келе жатып, бир убакытта муңдана түшүп, өзүнчө кобурап койду: «Мугалим бала Касымга аябай окшош, ээ?» – деп унчукпай калды. Анан туруп кайра көңүлү ачылды: «Айда аттарды, айда эртерээк!» – деп шашып жатты. Ушинтип отуруп, станцияга күн батарда жетип бардык. Станция турган капчыгайдын ичи, шамалдын уюткусу ошол жерде эмеспи, кар учуруп, ыркырап турган экен. Майсалбек азыр эле келип кала тургансып, арабадан түшөр замат, Алиман экөөбүз түз эле темир жолдун боюна жетип бардык да, наржак-бержакты карап, эмне кыларыбызды билбей, жетимсиреп калдык. Эртеден берки желпинип дегдегенибиз сууй түштү. Тарам-тарам темир жолдун арасына жөө бурганак ойноп, кээде паровоз тоңуп калгансыган вагондорду калдырата козгоп коюп, зым карагайлар шамалга үндөшүп, ышкырып жатты. Бирде-экиде поезд тосуп көрбөгөн адам курусун. Качан келет, кай тараптан келет – сурамжалдап албай, тура бериптирбиз. Анткиче болбой, алыстан поезддин үнү чыгып, шакылдаганы угула берди эле: «Апа, келе жатат!» – деди Алиман. Буту-колум титиреп, жүрөгүм колкомо тыгыла түштү. Поезд улам жакындап келе берди, шашканымдан: «Ме, куржунду сен кармачы!» – дедим. Бурганак сапырып паровоз өтө чыкты да, поезд токтоду. Вагондордун ичи жык толгон жүргүнчүлөр экен, катын-балдары да бар, көбү солдат. Кимдер экенин, кайда бара жатканын кудай билсин, Майсалбек көрүнбөйт. Поездди жандай жүгүрүп, эшиктерден башпаккан кишилерден: «Субанкулов Майсалбек барбы? Айткылачы айланайындар, Субанкулов Майсалбек барбы? – десек, кай

бирлери билбейбиз дешсе, кай бирлери унчукпай, кай бирлери күлүп да коюшту. Ушинткиче болбой поезд ордунан козголуп, жүрүп кетти. Бар болгону биздин станцияга үч эле минут токтойт экен. Колубуздан алдырган немедей, турдук да калдык. Поезд илгерилей түшкөндө, аны узатып жүргөн чолок кара тончон, орто жашап калган темир жолчу орус киши, бизди көрүп, силер кимди тосуп жүрөсүңөр деп сурады. Жайыбызды түшүндүрүп, ага Майсалбектин жиберген кагазын көрсөттүк. Ошентсек, көз айнегин кийип, окуп чыкты да, сиздин уулуңуз аскер эшелону менен келе жатыптыр. Ал эми кайсы эшелон экени, кайсы убакытта өтөрү белгисиз. Кечикпесе, бүгүн-эртеңден келип жетиш керек. А, балким, өтүп да кеткен чыгар, күнүнө нечен эшелондор өтөт, кээде токтобой да кетет, кайсынысы экенин ким билсин дегендей арсар айтты. Биздин бозоргон түрүбүздү көрүп, темир жолчу аяп кетти окшойт: «Эх, война, война! Баардыгын бүлдүрдү го»,– деп башын чайкады да,– «силер эми суукта турбай, тигиндей кирип отургула, улам поезд келерде алдын ала чыгып тоскула» – деди.

Станциянын жалгыз тамында тактай нарларга кулап жаткан он чакты киши бар экен. Согуштун айынан ар кайсы жактан жеринен ооп, жол азабын тарткан жүргүнчүлөр бул жерде өз үйүндөгүдөй жайланышып, уктаганы уктап, сүйлөшкөндөрү сүйлөшүп, кай бирлери темир кружкалардан шорулдата чай ичип, гитар кыңгыратып, ичинен кыңылдап ырдагандары да бар. Алиман экөөбүз да нарынын четинен орун алып отурдук. Шишеси сынык жалгыз чырак араң эле бүлбүлдөп, станция ичи күүгүм-чалыш тартып турду. Бир кезде поезддин жакындап келе жатканы дагы угула калды эле, биз эшикке атырылып чыктык. Түн жамынып жин ойногондой шамал этек-жеңден булкуп, паровоздун ысык деми бетке уруп, өтө чыкты да, жүк ташыган поезд жай келип токтоду. Мында келе жаткан солдаттар көрүнбөсө да, Алиман

экөөбүз: «Майсалбек! Майсалбек, барбы?» — деп вагондорду кыдыра жүгүрдүк. Эч ким жок. Станцияга кайра келип отурганыбызда, элдин баары уктап калыптыр. «Эне, чарчадың го, жатып эс ала турчу, мен эле күзөтүп турайын» – деди Алиман. Келинимдин ийинине башымды жөлөп кыйшайдым. Бирок, эмненин уйкусу, кайдагы уйку. Уктабай кашайып калайын! Кулагым, жүрөгүм, акылым менен тигил поезддин ыраактан келе жатканын таманым менен тамдын асты билинер-билинбес солкулдаганынан сезип жаттым. Поезд кай тараптан келбесин, күүсүн кулагыбыз чалар замат, кокус келип жетпесин деп, улам куржунду көтөрө жүгүрүп, тосуп жүрдүк. Нечен эшелондор өттү, бирок, биринде да Майсалбекти жолуктура албадык. Түн ортосуна жакын жер күүлдөп солкулдаганынан эшикке чуркап чыкты элек, капчыгайдын нары жагынан да, бери жагынан да паровоздордун бакырыгы угулуп, эки поезд эки жактан шакылдап келе жаткан экен. Ушинтип жол карап, күткөнүбүздөй болсочу, кокуй!.. Шашканыбыздан кай жагына умтуларыбызды билбей алдастап, эки жолдун ортосунда камалып калган экенбиз, каршы-терши зуулдап келген поезддер, кулак тундуруп, урган-соккон бойдон токтобой, жандаша күүлөнүшүп өткөндө, уюлгуган кар, шамал вагондордун астына учуруп жыкчудай алка-жакадан булкуп силкти. «Эне!» – деп бакырган Алиман мени кучактай, фонардын мамысына капшыра кысып кармады. Ошол куюнчымын шака-шактын ичинде да, чагылгандай жарк-журк эткен вагондордун терезе эшиктерин сагалап, алда кокуй, Майсалбегим ушунда өтүп кетип калбагай эле деген ой, бүткөн боюмду титиретип, эсимди оодарды. Дөңгөлөктөр чуркаган кош темир жол ошондо менин жүрөгүм зыңылдагандай, зың-зың этип онтоп жатты. Айтчы деги, дүйнө тиреги жер, кай заманда, кайсы эне ушинтип өз баласын бир көрүүгө зар болуп, көзүнөн кан чачырап, кыйкырыгы таш жарып, жол тосту эле?

– Айталбаймын, Толгонай. Сенин заманыңдагыдай ааламда согуш болгон эмес.

– Эмесе, ошентип жол караган эненин эң акыркысы мен болоюн! Ылайым, ылайым, мен сыяктуу темир жолду кучактап какшаган пенде болбосун!

– Толгонай, уулуң менен жолугалбай келгениңди, сен бери чоң жолдон кайрыла бергениңде эле билген элем. Түрүң ушундай бир керсары, көзүң ичине тартып, оорудан тургандай болуп калыпсың.

– Ушундан көрө бир ай эс-учу жок төшөктө жатсам, ыраазы элем. Таң аткыча келиним экөөбүз бир тыным албай, темир жолдун боюнда ары-бери жүгүрүп жүрдүк. Бороон таңга маал чукул тыйылды. Ошондо батыш жактан вагондору кыйрап өрттөнгөн бир эшелон келди. Капырай, талкаланган эшелон жай сүйрөлүп келгенде, капчыгай ичи тып-тынч болуп турду. Анча-мынча гана кар кыпындаганы болбосо, станцияда жан жок, үн жок. Ошол эле сыяктуу эшелондун өзүндө да бир да адам жок экен. Тегиз эле кыйраган вагондор чиркелишип, эски күмбөздөр арасындагыдай, үп этпеген көрүстөн тынчтыгы тунжурап, түтүн, күйгөн темир, өрттөнгөн карагай жыттанып турду. Кечээ күнү таанышкан чолок кара тончон орус киши фонарын көтөрүп, жаныбызга келди эле. Алиман андан: «Бул эмне болгон эшелон?» – деп шыбырап сурады. «Бомбалар талкалап кеткен» – деди ал да шыбырап. «Эми бул вагондорду кайда алып бара жатышат?» «Ремонтко» – деди темир жолчу. Алардын сөзүн тыңшап, бул эшелондо кимдер жол тартып, кайсы жерден бомбалар үстүнө кулап, өрт-жалын, кыйкырык, бакырыктын ичинде кимдер буту-колунан ажырап, кимдер жан берип, өмүр менен коштошту экен, согуштун элеси эле ушул болсо, өзүчү, өзү эмне деген шумдук иш деп, ойлонуп турдум. Согуштан келген эшелон, көпкө чейин станцияда туруп, анан жай сүйрөлүп, алда кайда жүрүп кетти. Жүрөгүм копшолуп, заманам куурулду: эми

Майсалбегим да талкаланган эшелондун келген жагын көздөй, кан майданга жол тартат ээ. Касым эмне болду экен? Субанкул да Рязань шаарына жакын жерде машыгып жатабыз деп жазыптыр... Анысы фронттон анча алыс жерде эмес көрүнөт...

Күн чыкты, түш да болду, түңүлүп да калдык. Майсалбек биз келгиче өтүп кеткен экен го, болбосо станцияга келген бир да эшелон койбой тосуп жаттык. Эми эмне кылабыз? Майсалбек менен жүз көрүшпөй калганыбыз ушулбу? Аттарга деген арабадагы жем-чөп да түгөндү – деп, ар кайсыны бир ойлоп, айылга кайтып кетүүгө да дитибиз чыдабай, Алиман экөөбүз темир жолчуларга жардамдашып, поезд жолдордун арасына ныкталган карды күрөктөп тазалап жүрдүк. Антпесе, убакыт өтө турган эмес. Суук кечээгидей эле коё бербей, жөө-бурганактап жел козголуп турду. Бир убакытта асман ачылып, чамгылттаган булуттарды жиреп, күн тийди. «А-а, кудай ай, ушул күндөй болуп уулум жарк этип көзгө көрүнө калсачы! Келтирегөр, кудай, жолуктурагөр!» – деп жалындым. Ушул арада чыгыш тараптан паровоздун айбаттуу кыйкырыгы угулуп, станцияга келе жаткан эшелон көрүнө берди. «Эне, ушул болуп жүрбөсүн! Кудай билет, ушул!» – деди Алиман, куржунду ийнине арта салып. Ал ошондо билип тургандай, эмне үчүндүр купкуу болуп, бетинен каны качты. Менин да демим кыстыгып, жүрөгүм алып учту. Куйрук улаш эки паровоз чиркелип, түтүн, буу, кара чоюн, кызыл темир дөңгөлөк күркүрөп, шакылдап өтө берип, адегенде жайдак вагондордо чүмкөлгөн замбирек, танкилер жанындагы мылтыкчан кишилери менен көзгө урунуп, анан вагондордун эшигинде топтолгон солдаттар, кыяк, ыр, сөз – кулакка, көзгө илинбей алмашылып зуулдады. Колуна желекче кармаган кандайдыр бир темир жолчу, жүгүрүп келип: «Токтобойт! Токтобойт!» – деп, колун шилтеп, бизди көкү-

рөккө түрткүлөп темир жолдон четтете берди эле, ошол учурда «Апа-а! Алима-ан!» деген кыйкырык, жаныбыздан угула түштү. Майсалбек! Алда, айланып, согулуп кетейин балам ай, бир колу менен вагондун туткасын карманып боюн сыртка таштап, тумагын булгалап коштошуп өтүп бара жаткан экен. «Майсалбек!» – деп кыйкырганымды бир билем. Ошол чагылгандай оокумда Майсалбектин өңү-түсү эң бир даана көрүндү: шинелинин этектери шамалга чамынып, чачы желпилдеп, жүзүндө, көзүндө – өкүнүч да, сүйүнүч да, учурашуу да, коштошуу да! Арылдаган шамал анын кыйкырыгын жула качып Майсалбектин ушул түрүн көз айырбай, ал алыстаган сайын поезд менен кошо жарышып, эшелондун эң арткы вагону жанымдан өтө чыкканда, артынан дагы жүгүрө түшүп, жүзтөмөнүмдөн жыгылдым. Ай, ошондо боздогонум ай, какшаганым ай! Ок жааган майданга кетип бара жаткан уулумдун ордуна темир жолду кучактап, коштошуп жаттым. Дөңгөлөктөрдүн рельсиге чыкылдап урунганы улам алыстап кете берди.

Азыр да кээде ошол эшелон кулагымды тундуруп, куйрук улаш эки паровоз алып-учкан вагондор мээмди как жарып өткөнсүйт.

Артымдан ошондо шолоктоп ыйлап Алиман жетип келип, анын соңунан дагы бир темир жолчу орус аял өз алдынан бышактап, жаткан жеримден өйдө тургузушуп, темир жолдон четке чыгарышты. Алиман мени колтуктап келе жатып ошондо колума аскер тумак карматты: «Ме, эне, мугалим бала таштап кетти» – деди ал. Көрсө, Майсалбегим аны мага таштап кеткен турбайбы.

– Туура айтасың, Толгонай. Арабада түшүп келе жатып, тумакты көкүрөгүңө кысып келбедиң белең.

– Ооба, ошол тумак азыр да үйдө илинүү. Чекесинде кызыл жылдызы бар, боз товардан тигилген солдат тумак. Кээде колума кармалап жыттайм, уулумдун жыты али да келип тургансыйт...

## IV

– Толгонай, байкуш Толгонайым, алдагы калтаңдаган башыңды ошондо боз кыроо чалбадыбы. Кайран олоң чач! Сен бул жерге келген сайын, ар качан башкача болуп келчүсүң. Улам жүгүң оордогондой, ээрдиңди кесе тиштеп, ичиңден өксөп, унчукпай келип, унчукпай кетип жатсаң да, башыңа кандай кыйын күн түшкөнүн баарын билип эле жаткам.

– Ооба, Жер-Энем, унчукканда кантер элем. Мен эле жалгыз болсом экен – согуштун кесири тийбеген бир да үй-бүлө, бир да адам калган жок эле го. Башкасын айтпай эле коёюн, дүйнөнүн өйдө-төмөнү менен эч кандай иши жок кезинде, тили жаңыдан чыккан кичинекей балдар да, ошол балыр сүт бөбөктөр да, ырдап койчу десең, каңырык түтөтүп:

> «Ак көйнөгүм этеги
> Элбир-желбир этеди.
> Аскерге кеткен атамдын
> Бир кабары келеби?» —

деп какшап турса, кимдин жаны карайбайт да, бүлүк салган душманга: «Сени канабы!» – деп ким кекенбейт. Ал эми шум кара кагаз келгенде, аскерге кеткендеринен ажырап, бир күндө айылдын эки-үч жеринен өкүрүк, ый чыгып жатса, адамдын каны ошондо кайнап, согушта жалбырттаган өрттүн табы жүрөгүмдү тирүүлөй куйкалаганын ошондо билет экенсиң! Так ошол күндөрү бригадирликте жүрүп, элдин жамандык-жакшылыгын тең бөлүшүп, көпчүлүккө эптеп баш-көз болуп жүргөнүмө азыр да сыймыктанам, азыр да ыраазымын. Ал болбосо, балким, мен алда качан майышып, алда качан мөгдүрөп, алда качан согуштун тепсендисинде калмак элем. Кылычын сууруп келген жоого бир гана даба бар турбайбы: даба – күрөштө, эмгекте турбайбы. Мына ошондуктан, отон талаам, иш арада чаап келип, унчукпастан

тиштенип, аттын башын кайра бура тартып, унчукпастан чаап кетип жүргөнүмдүн себеби ошол эле. Эсиңдеби, Жер, Касымдан кат келгендеги күн?

– Эсимде эмей, Толгонай. Сен тээ көчөдөн чыга бергенде эле, күрткүнү, арыкты карабай, аттын башын коё берип, чаап келе жатканыңда эле билгем. Сен ошондо аңызда кык төгүп жүргөн келиниң менен кичүү балаңа сүйүнчүлөп келгенсиң, Толгонай!

– Сүйүнчүлөбөй анан! Эки ай катары менен өлүү-тирүү дареги жок Касымымдан аманмын деген бир ооз кабар келип турса, мен сүйүнчүлөбөй, ким сүйүнчүлөйт эле! Москванын алдындагы чоң салгылашка эки жолу кирип чыгып, экөөндө тең аман-соо согушуп чыктым, немистердин мизи кайтып, туруп калды, биздин полк азыр дем алууда дептир. Алимандын ошондогу кубанганы ай! Арабадан ыргып түшүп, Жайнактан мурда озунуп: «Энеке, оозуңа май, кагылайын энеке!» – деп жетип келди да, катты кармаган колдору калтырап, эчтекесин окуй албай: «Аман! Аман-эсен!» – дей берди. Жанаша жерде кык чачып жүргөн келиндер жүгүрүп келишип, «кана, окучу Алиман, күйөөң эмне дептир!» – дешсе, «азыр, айланайындар, азыр!» – дегени менен окуй албай койду. «Мага бере турчу, жеңе. Элге окуп берейин»,– деп Жайнак катты алды да, угуза окуду. Алиман ошондо эмне үчүндүр отура калып, ысып чыккан чекесине чеңгелдеп кар басты. Кат окулуп бүткөндө ал өйдө турду да, бетиндеги кардын эриндилерин сүртүп да албайт, албырган бети суу бойдон, же ыйлар, же күлөрүн билбей, түш көргөн жаш балача жылмайып: «Жүргүлө, эми иштейли!» – деп койду. Ошентип алып, өзү шашылган жок, айлана-тегерегин жай каранып, кар кечип жай басты. Эмне ойлонгонун кайдан билейин, менимче, жайында ушул талаада Касымга суусун ала жүгүргөндөрүн эстедиби, балким, аны аскерге кетерде комбайн менен коштошкону көз алдына келип тургандыр. Капырай, кели-

нимдин сыры ичине жатпай, эмне болсо да бүт эле жүзүнө чыгар эле. Ушундай адамдар болот эмеспи. Алимандын көздөрү ошол учурда сүйүнүп да, муңканып да, алда кайсы сонун көрүнүштөрдү эстегендей, күлмүңдөп, эркелеп, чоң жолдо жаандай төгүлгөн сары жоргонун алыстаган чаңын узата карагандай, мөлтүрөгөн жаш алып, койчу, келинимди түркүн ой, түркүн сезим сел сыяктуу каптады окшойт. Жайнак тамашакөйүм аны жөн койбой жеңинен тартып: «Э, жеңе, эсиң ооп калган го! Алың ушул экен, катты окуй албай, элге күлкү болду деп, Касымга жазып жиберейин. Аялыңды кайра мектепке бергени жатабыз дейин!» – деди. Алиман аны жонго муштагылап, алар кубалашып кеткенде, мен дагы күлдүм. «Мейли! – дедим ошондо ичимден, кайраттанып... – Жоону жоо гана басат! Касымдын согушка кирип, көп катары немис менен салгылашып чыкканы ырас болуптур. Менин балдарымдай жигиттер эл коргобогондо, ким коргойт эле. Айтор, аман эле болуп, душманды талкалап, жеңиштүү кайтып келсе болгону. Андан башкасынын баарына чыдайбыз, мейли, ит азабын тартсак да, эртерээк жеңсек экен! Кудай-ай, эртерээк жеңсек экен!» – деп тиледим. Бул менин гана каалоом эмес, көптүн тилеги, улуу тилек болгон соң, аны үчүн баарына макул болот экенсиң. Үйдө калган жалгыз кенжем, Жайнагым, он сегизге жетер-жетпей аскерге кеткенде: «Жа, эми башка салганды көрөбүз!» – деп гана ичимден тынып тим болдум.

Кыш аягына жакын Жайнакты өзү теңдүү балдары менен кошо военкоматка чакыра баштаганынан, аларды анчейии аскерче машыктырып жүргөн экен дегем. Аны аскерге алат деген ойдо жок. Эки жолу районго барып, он чакты күндөн ойноп келип, үчүнчү жолкусунда бир күн өтүп, эртеси эле кайра Жайнак үйгө келип калды. «Сени эмне бошотуп коюштубу, тез эле келип калдың?» – десем,– «Жок, апа, эртең районго кайра кетем. Военкомат бир күнгө уруксат берди» – деп койду. Ошондо эле

байкасам болмок экен. Алда кайда, узакка кетүүгө камынгандай. Жайнак ал күнү көп иштерди бүтүрүп жатты. Жумуштан бир кайрылып келсем, короонун ичин шыпырып, оголе көп отун жарып, уйкананы тазалап, тамдын төбөсүндөгү чөптү кайра жыйып, атасы ат байлачу акырдын ураган жерлерин оңдоп жаткан экен. «Ой, аны эмне кыласың, балам, жайында эле оңдобойсуңбу?» – десем,– «Кол бошто бүтүрүп коюш керек, апа. Кийин кол тийбейт» – деди. Көрсө, анысы жөн эмес экен да. Жайнагым өз ыктыяры менен, комсомолдун чакырыгы боюнча согушка кетпедиби. Аны биз Жайнак жөнөп кеткенден кийин билип жүрбөйбүзбү, станциядан араба айдаган айылдашынан кат берип жибериптир. Алда курган ай, алда байкуш балам ай, чынын айтып эле, коштошуп эле кетсе да ыйлап-сыктасам да, эптеп түшүнөр элем го. Алиман экөөбүзгө жазган катында: Коштошпой кеткенимди кечиргиле, силерди биротоло бир билсин дедим, аскерге өз ыктыярым боюнча кетүүнү туура таптым» дептир. Мен анын кылганын жактырбай тыйып коёт дедиби, тукумуң өскүр, же айтууга оозу барбадыбы, кайдан. Бир билгеним Жайнак согушту сүйүп, кызыгып кеткен жок, ал аны жек көргөн үчүн, согуштун элге тийген запкысы жанына баткан үчүн курал алып кармашканы кетпедиби. Атасы, эки бир тууганы эл деп кан-майданда жүрсө, анын жаны алардан артык бекен, ал деле намысына туулган жигит эмес беле. Ооба, Жайнак так ошол үчүн, согушту жек көргөн үчүн кеткенине көзүм жетип эле турган. Жалгыз Жайнак фронтко барганда кыйратып деле жибербейт болчу, бирок, минтип айтыш да туура эмес: Жайнакка окшогондор ону кошулар, жүзү кошулар, миңи кошулар, ошентип барып күч болот, ошентип барып кол болот, ошентип барып тоо болот! Жайнагым, кенжем, тамашакөйүм, шайырым, ырчым, солкулдаган боз балам! Сен эмне үчүн айтпай кеткениңди билбей койду дейсиңби? Сени балалык кылып, согуш эмне экенин, өлүм эмне экенин түшүнбөй

кете берди деп ойлойт дейсиңби? Шайырсынган түрүңдү көрүп, сен адамга кандай боорукер экениңди ар ким түшүнө бербес эле. Ошол боорукерлигиңден жашаялмет катын-калачтын көргөн азабына тим карап туралбадың. Адамдын бул дүйнөдө арттырары эле жакшылык турбайбы. Мынакей эми, согушта жүрүп алда качан кабарсыз дайынсыз кетип, курман болдуң. Кырк төртүнчү жылдын кайсы бир караңгы түнүндө партизандарга жардамдашыш үчүн самолёттон парашют байланып секирип түштүң да, парашют десантындамын, немистин ичкерисине үч жолу түшүп барып согушуп келдик деп кат жазчу элең, ошол бойдон сени эч ким көрбөй калды. Душман менен кармашып жатып ээн жерде окко учтуңбу, же токойдо адашып кеттиңби, же колго түшүп кармалдыңбы, айтор тирүү болсоң, эмдигиче бир шек-шыбаң чыгар эле го, балам. Сен ошентип жаздым болдуң, Жайнагым, кенжетайым, жаш кетип элдин эсинде да анча калган жоксуң. Ал эми мен сени эстегенде, бизди аяп, айтпай кеткениңди ар качан эстейм, баягыда, станцияга араба айдап жүргөнүңдө, бейтааныш бир кичинекей балага үстүңдөгү тонуңду чечип бергениңди ар качан эстейм. Кыш түшүп калган аяздуу түндөрдүн биринде, арабасын жолдошторуна берип, Жайнак жалаң күрмөчөн үйгө кирип келди. Суукка көгөргөн түрүн көрсөң, эсиң чыгат, тимеле калч-калч этип тоңуп бүтүптүр. Анткен менен өзү күлмүңдөп, көңүлдүүдөй, «ой, бул эмнең, киймиң кайда, жолдон бирөө чечинтип кеткенби?» – десем, бир балага берип келдим деп койду. Кийин жолдоштору айтып жүрүштү: согуштан сүрүлүп келген бир орус аял чиедей төрт баласы менен биздин станцияга түшүп калган экен, баары тең ач-жылаңач, титирешип, мусапыр кейиптенип калышыптыр. Берки кичинелерин энеси эптеп жоолук-поолукка ороп койсо керек ал эми сегиз-тогуздардагы тестиер уулуна эчтеке жетпей, тытык кемселчен гана бүрүшүп отуруптур. Жайнак ошол балага

үстүндөгү чолок тонун чечип берген турбайбы. Жолдоштору айтат: тонду кийгизип койсо, этеги согончогуна жете сүйрөлүп, жеңдери тизеден ылдый жүрсө да, жылый түшкөн бала, кайра жандангандай, кайра тирилгендей кудуңдап, күлүңдөп жыргап калыптыр. Жайнак ошого эле курсант болуп, жол катары суукка чыдабай арабалардын артынан жөө жүгүрүп, жолдошторунун кийимин алмак-салмак кие коюп бара жатса да, алиги баланы улам эстеп: «Ырас болбодубу, байкуш бала жылып, оңуп калды, э-э!» – деп, келе бериптир. Чын сырымды айтсам, бир кишиге тон чечип берүү менен элдин кемтиги толуп, бүтөлүп деле кетпейт. Бирок жанагыдай эле – бирге он кошулуп, онго – жүз, миң кошулуп элчилик, адамгерчилик, боордоштук деген ошондон келип чыгат го деп ишенем. Адам жакшылыкты жерден таап албайт, адамдан үйрөнөт. Жайнактын берип кеткен тону жыртылар, жок болор, жерге кирсин, сөзгө арзыбас эле нерсе, бирок кеп анда эмес, ошол кичинекей баланын жүрөгүндө бирөөнүн кылган жакшылыгы жүлүндөй сакталып калса, адам болгон соң башкага жакшылык кылуу милдет экенин жаштайынан сезип калса, Жайнагымдын сооп кылгандыгы ошол.

Эх, эми эмнесин айтайын, кесепеттүү согуш нечендердин кендирин кыйды. Атаганат, Жайнагым аман турганда не деген адам болор эле! Мүнөзүңдөн, кылык-жоругуңдан айланайын, балам, кайдасың, кайдасың? Он экиден бир гүлүң ачылбай, кай жерге барып жалп эте түштүң экен? О, дүйнө, о, жан жараткан жер, бир оокумга гана, көз ачып жумганча гана баламды тирилтип, бир гана жолу көлөкөсүн көрсөтүп койсоңор!..

– Толгонай, сабыр кыл, жүрөгүңдү токтотуп алчы. Антпе, өзүңдү аясаң боло... Жүрөгүңдүн ар бир соккосун сактасаң боло. Мойнуңдагы милдетти унуттуңбу?

– Жок, сырдаш талаам, унутпай калайын. Унутпаган үчүн ушинтип келип отурбаймынбы. Ошол милдет бол-

босо эмдигиче эмнеге тирүү басып жүрөйүн, чыкпаган жаным бүлбүлдөп, жүрөгүм алда качан калбыр болгон. Эсиңдеби, Жер, баягы каран күн?

– Эсимде, Толгонай. Сени кош айдатып жүргөн жериңден чакырып кетишкенде эле билгем. Кишилердин көз карашынан, кирпигинен, тымызын үшкүрүк чалганынан сезгем.

– Ооба, байчечекей жайнаган көктөмдө, жаңыдан гана кош чыгарган мезгил эмес беле. Күн тийбеген кемерлерде күрткүлөр али да бөрү жондонуп, бугуп жатышкан, анткен менен төмөнтөн сары жел жүрүп, топурак тоборсуп, күн чубактап чөп кылтыйып, жаз иши улам илгерилей берген. О, сенин жаз эңсеп, себилчү данга талгак болгонуңдан, дыйкан талаам! Нымшыган бетиң көгүлтүр булоолонуп, дүйнөнүн чар-тарабы алда кайда суналып, алда кайда күмүштөнө мунарыктап, төшөктө жаткан аялдай балкып жатканыңдан, даркан талаам!

Соко жаңыдан гана кыртыш бузуп, кам топурактын жылуу деми жүрөктү элжирете, трактордун артынан бастырып бара жатып, дандуу, түшүмдүү эгинжай бол, согушта жүргөндөргө кубат бол деп, Субанкул менен Касымдан көптөн бери кат-кабар үзүлгөнүн эстеп, ойлонуп турганымда, айылдагы карыя кишилердин бири жетип келди. «Келип калыпсыз, аксакал, иш илгериге батаңызды бериңиз!» – дедим. «Дыйкан бабам кыдыр чалып, кырман агыл-төгүл болсун, убайын эл көрсүн!» – деп, тиги киши ат үстүнөн бата кылды да,– «Толгонай, райондон келген полномоч бригадир келсин деп чакырып жатат, жүргүн» – деди. Кошчуларга ишти дайындап, айылга тарттым. Оюмда эчтеке деле жок, райондон күнүгө эле чоңдор келет, өзгөчө кош айдоо башталганда көп келишет эмеспи. Карыя менен аркы-теркини кеп кылып, бастырып келе жатканыбызда, тиги киши сөз арасынан учкай сүйлөп: «Рахмат сага, Толгонай, ушундай катаал күндөрдө эл-журтка баш болуп жүрөсүң, тизгиниңди бо-

шотпой иштей бер. Сага деле оңой эмес, адамдын башына эмнелер келбейт, эмнелер кетпейт, деген менен кимде кимибиз болбосун, мындай жаманчылыкта бири-бирибизге өйдөдө жөлөк, төмөндө медербиз, элбиз да. Эл менен көтөргөн жүк жерде калбас» – деп койду.

Айылга кире берип, көчөнү аралап келе жатканыбызда, биздин үйдүн жанында далдалангансып жоон топ элдин турганын көрүп, анда да шектенбептирмин. Карыя мени жалт карап алып, чочугандай: «Аттан түш, Толгонай»,– деди. Мен таң калып карап калсам керек, тиги киши атынан түшө калып, мени колтуктап жөлөдү: «Түш, Толгонай, түшүшүң керек!» – деп кайталады. Сөзгө да келалбай, бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп, аттан түштүм. Ошентсем нары жактан Алиманды ээрчитип, үч-төрт аял келе жаткан экен. Алиман ошол күнү алышта арык чаап жүргөн. Анын көтөрүп келе жаткан кетменин бир аял ийнинен ала салды. Ошондо эле билдим. «Бул эмнеңер, кокуй күн!» – деп көчөнү жаңырта бакырдым. Аңгыча болбой, Айша кошунамдын короосунан аялдар чыга калып, мени колдон бекем кармашты: «Кайрат кыл, Толгонай, Субанкул менен Касымдан айрылдык!» – дегенде, «Эне, энекебай!» – деп, Алимандын чыңырган дабышы чыгып, турган элдин баары: «Боорумой! Боорумой!» – деп өкүрүп коё беришти. О, шум согуш, ушуну кылмак белең? О, каран күн, ушуну көрмөк белек? Мен эмес, көчө, тамдар, тал-дарактар чайпала теңселип, жерсууну бузган чыңырык-өкүрүктөн кулагым тунуп, кереңнемедей, эч-эчтекени укпай, кандайдыр бир шумдуктуу жымжырттыктын ичинде, асмандагы булут, курчаган кишилердин жүздөрү түштөгүдөй элес-булас кубулуп, же өлүү, же тирүү экенимди сезбей, артыма кайрылган колдорумду бошотуп алууга аракеттенип жаттым. Жанымда кимдер экенин, эшиктин алдында додологон эл кайсылар экени менен ишим жок, менин бир гана даана, ачык көргөнүм – Алиман. Бетин, көйнөгүн тытып, чач-

тары дуулдаган келиним, алда эмнелерди зар какшай чыңырып, эки жактан асылгандарга моюн бербей, улам мени көздөй жулкунуп жатты. Алиманга эртерээк эле жете барсам деген ой менен, мен дагы ага умтула бердим, бирок, тээ кырк күнчүлүк алыстан келе жаткансып, бирибизге-бирибиз жете албай, кошулгуча арадан кылым убакыт өтүп, ортого кылым жол түшкөнсүдү. Бир кезде Алиман жете келди да, тунган кулагым ошондо гана ачылды. Эки колун жая: «Каран күн, эне, айрылдык, жесирбиз, жесирбиз! Күнүбүз өчтү, айыбыз өчтү, окшошкон жесирбиз!» – деп Алиман мени кучактай боюн таштады. Ооба, ошол учурда эки жесир кошулуп, бир-бирибизди күйүттүү көкүрөк басып, буркурап, какшап ыйладык...

Кайран азаматтар, тоо ураса болбойбу да, көл төгүлсө болбойбу! Субанкул менен Касымым, ата, бала экөө да не деген дыйкан эле! Дүйнөнүн туткасы ошолор сыяктуу мээнеткечтер эмеспи: элди тойгузган да ошолор, жоо келгенде колуна курал кармап, мекен коргоп, кан төккөн да ошолор. Ал эми, мисалы, согуш чыкпаганда, Субанкул менен Касымым канча бир кишилердин энчисине эмгегин арнап, канча эгин өстүрүп, канча кырман бастырып, канча жумуш жасап берер эле! Өздөрү да элдин эмгегинен үзүр көрүп, дүйнөнүн канча рахатына ээ болушар эле! Ойлоп отурсаң, кызык, айланайын тууган жер, согуш башталат экен да, ал согушта адам баласынын эң асыл, колунан өнөр төгүлгөн азаматтары иштеп жаткан ишин таштап, биринин канын бири төгүп, бирин-бири өлтүрүүгө аргасыз болушат экен. Ал эми мен буга түк макул эмесмин, турмушумда макул эмесмин! Табигаттын жандуудан эң бийик жаратканы – адам баласыбы, дүйнөнү чарк имерген ким – адам баласыбы, андай экен, бирине-бири мынчалык залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чыныңды, сырдаш талаам, айткын, айт мага жообуңду!

– Кыйын суроо бердиң го, Толгонай. Мен билгенден, адам адам болуп жаралганынан тартып, согушканы согушкан. Кээ бирде согуштан тегиз кырылып, көзү өтүп кеткен элдер да болгон, күлү асманга сапырылып, тирүү жан калбай, кыйраган шаарлар да болгон. Нечен кылымдар адамдын баскан изине зар болуп, ээн жаткан заманым да болгон. Согуш чыккан сайын, ар качан кулагы уккандарына: «Кармашпагыла, кан төккүчө акыл токтоткула» деп айтам. Азыр да айтар сөзүм ушул: «Эй, Адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек – жерби? Мына мен – Жермин, мен баардык адам баласына теңмин, мага талашыңардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар жүз дан кылып берем, чырпык сайсаңар чынар кылып берем, бак тиксеңер мөмө төгүп берем, мал жайсаңар чөп болуп берем, там тургузсаңар дубал болуп берем, урук-тукумуңар көбөйсө баарыңарга жай болуп берем! Мен түгөнбөйм, мен карыбаймын, мен кенчмин, мен баарыңарга тегиз жетем!» Ал эми, Толгонай, адам баласы тынчтыкта жашай алабы, жокпу, дейсиң. Өзүң ойлоп көрчү, ал менден эмес, ал силерден, адам баласынын өзүнөн, силердин ынтымагыңардан, ыктыярыңардан, акылыңардан... Согуштун залалын мен тартпайт дейсиңби. Майданда курман болгон мээнеткечтеримдин, сенин Субанкулуңа, Касымга, Жайнагыңа окшогон дыйкандарымдын эмгегин сагынам, аларды жоктойм. Айдоо убагында айдалбай, эгин убагында сугарылбай, кырман убагында бастырылбай жатканда, мен аларды: «Келгиле, балбан билек дыйкандарым, келгиле, балдарым, өйдө туруп келгиле, куурап бара жатам!» – деп чакырам. Аттиң ай, кетменин көтөрүп Субанкул келсе кана, аттиң ай, комбайнын айдап Касым эгин чаап кирсе кана, аттиң ай, кырманга кызыл тартып, Жайнак арабасын кубалап келсе кана!..

– Сен да мендей турбайсыңбы, отон талаам, сен да мендей сагынат турбайсыңбы, сен да мендей жоктойт турбайсыңбы. Ракмат сага, боордош жер!

Билесиң го, жаман-жакшыда бирге болдук. Субанкул Касымдардын ордун жоктотпойлу деп, Алиман экөөбүз кара чүмкөнүп, көңүлдөгүдөй кошок кошуп, ыйыбызды да түгөтө албадык. Угузганынан жети күн өтүп, жетилигин берген соң, эл уруксат этти: жыл маалы аза тутсак да аз болор, арга канча, арты кайрылуу болсун. Майсалбегиң менен Жайнагың, анда Жайнак тирүү – кат үзүлбөй келип турган кези болчу, аман-эсен кайтып келишсин, жаз жарыш дегендей, тиричилик кылгыла, кош айдоо маалында жабыла киришели, өлгөндөр үчүн душмандан өч алганыбыз ушул болсун дешти. Келиним экөөбүз үйдө отурганда канттик элек, өлгөндүн артынан өлүп кетпейт экенсиң, көпчүлүктүн айтканына көндүк, ишке чыктык. Жумушка чыгар күнү эртең менен башкармабыз Үсөнбай алакандай эки кагаз алып келди, кара кагаздар экен, сактап койгула,– деди. Көрсө, Касымдын кара кагазы жарым ай мурун колхозго келген экен, Москвадан нары чабуулда, Ореховка деген кыштакта каза тааптыр. Аны угузабыз деп тургуча, Субанкулдун да кара кагазы келип жетиптир. Ал да, чоң чабуулда, Елец шаарында майып болуптур. Ушинтип, айылдаштарыбыз эки кишибизди бирдей угузган себеп ошол. Андан наркысын эмнесин айтайын. Бригадир экем, белимди бек бууп, кайра аттанып чыктым.

– Сен келгенде, Толгонай, экөөбүз көптү көргөн энелерче ичтен каңырык түтөтүп, унчукпай көрүштүк, туурабы?

– Ооба, антпесек болобу. Мен ыйлап бошой берсем, келиним ого бетер турмуштан жерибейби. Билип жүрдүң го, күйөөсүнө антип күйгөн аялды турмушумда көргөн эмесмин. Мен эримден да, уулумдан да ажырап, күйүтүм андан аз эмес эле, ошентсе да менин жөнүм башка эле.

Азбы, көппү Субанкул экөөбүз далай жыл бирге өмүр сүрүп, турмуштун ачуу-таттуусун татып калдык, балалуу-чакалуу болдук, тилегибизге жеттик. Согуштун каргашасы болбогондо бирге карып, буюрганын дагы көрөр элек. Ал эми Алиман менен Касым жаңыдан гана кошулуп, жаштыктын эң кызык чагында, сүйүүнүн эң ысык кезинде, балта менен кыя чабылгандай, экөө эки жакта кулап жыгылбадыбы. Өлгөндүн иши го өлгөн, бирок, Алимандын тирүү басып жүргөнү болбосо, түшүнгөн кишиге, аныкы деле өлгөнгө барабар эмес беле. Албетте, Алиман жаш болчу, кийин жүрө-бара, балким, дагы өз теңдүү кишисин табар беле. Алиман сыяктуу жесир калган көпчүлүк келиндер, айтор, согуштан кийин турмуш көрүп кетишти. Бир далайы багы ачылып, ушул кезде балалуу-чакалуу энелер. Ошолордуку туура иш. Бирок адамдын баары бирдей эмес экен да. Кээ бирөө мурункуну тез унутуп, жан-жараты бүтөлгөн соң, тез эле жаңы жолго түшөт. Ал эми Алиман, шоруна көрүнүп, андай болалбады. Башына түшкөн кырсыкка түк-түк көналбай, мурункусун эч бир унуталбай койду. Мында менин да кечирилгис күнөөм бар. Ооба, ушуга калганда боштук кылдым. Боштук деп да айтууга болбойт, келинимди аяп жүрүп, анын ички сырына кийлигише албай койгонумду эмне десем, боштукпу, же андан да жаман күнөөбү? Эсиңдеби, Жер, ошол эле жазда ушунда болгон иш?

– Баягыда келиниң мени бетке чапкандагыны айтасыңбы?

– Ооба, ошону айтам. Ошол жазда ажарыңды ачып, деги бир жайнаган кызгалдак, ушундан ары кызыр калган аңызда тээ чоң жолго чейин кулпунуп жатпадыбы. Гүлдүн көрктүүсү кызгалдак эмеспи, чиркин!

Ал күнү биздин бригаттын эли баш арыкты чаап жүрүшкөн. Мен да ушул арада кошчуларга бир барып, кайра кетмен чапкандарга кайрылып, ат үстүндө жүргөм. Арыкты күн батпай эле, эрте чаап бүтүрүшүп, кишилер

айылга таркап кетишти. Алиманга сен келиндер менен үйгө кете бергин, артыңан жете барам дедим да, бери жакта кошчулардын алачыгына кайрылып калдым. Бир аздан кийин аттанайын деп, бутумду үзөңгүгө сала бергенимде, Алиманды көрүп калдым. Ал үйгө кетпей эле, ушунда жалгыз калыптыр. Гүл терип жүргөн экен. Гүлдү өзү жакшы көрчү эмес беле. А-а, кайран Алиман, гүл сүйгөн, гүлдөй болгон келиним! Колунда кармаганы он чакты кызгалдак экен, ошону эркелете сылап, бетине тийгизип, кандайдыр бир терең ойго чөгүп турган болуш керек. Анын ошентип турганын көргөнүмдө, чекеме ысык тер жыбырай түштү. Баягыда орок тартып жүрүп, гүлкайыр жыйнап алгандагысы эсиме келе калды. Анда ал кызыл жоолук салынып, колунда кармаганы апапакай бүрдүү гүлкайыр эмес беле, азыр болсо башына салынганы кара жоолук, колундагысы кызыл гүл, айырмасы ошол. Алиман ошондо башын өйдө кылды да, көпкө чейин айлана-тегерегине көз жүгүртө карап, анан асманга тигилип, бир убакытта, мунун эми кимге канчалык кереги бар эле дегендей, кечиргин, жер, сени бетке ургандай, ачуу менен колундагы гүлдү чапты да, өзү жүз төмөнүнөн кулап башын басып, жатып калды. Мейли эми, ыйлап алсын деп, мен алачыктын далдасында жашынып турдум. Аңгыча Алиман ордунан кайра ыргып турду да, бет алган жагына, чоң жолду көздөй атырылып жөнөдү. Эсим чыгып, атка мине чаап, артынан түштүм. Деги бир жеткирсечи. Алдымда кара жоолук салынып, кызыл төшөлгөн гүл менен келиним качып бара жатса, эмне кыларымды билбей: «Алиман! Алиман! Бул эмнең, кокуй! Токто! Токтогун!» – дей эле бериптирмин. Баягыда сары жоргонун артынан жүгүргөндөй, Алиман чоң жолго жете барып, кайра салып, мени көздөй бет алды. «Эне! Энеке! Айтпагын мага эчтекеңди! Унчукпа! Айтпа!» – деп, колун жаңсап, жүгүрүп келди да, аттын жалын чеңгелдеп, башын менин тиземе жөлөп, шолоктоп

ыйлады. Мен унчуккан жокмун, эмне дээр элем, ыйлап басылгыча күтүп турдум. Бир убакытта башын чулгуп алып, Алиман мени карады. Ой, ошондогу түрүн ай, бетинен ысык жаш төгүлүп, көздөрү көнөк. «Карачы, эне! – деди ал шолоктоп. – Күн минтип жаркырап турса, талаа минтип гүлдөп турса, ап-ачык асман минтип күлүп турса, Касым келбейт ээ? Эми эч качан келбейт ээ?» «Жок. Келбейт» – дедим мен. Алиман катуу үшкүрүп алды да: «Кечиргин, эне,– деди. – Касымдын артынан жүгүрүп барып кошо өлөйүн дедим эле». Ушинткенде мен да ыйладым. Ал эми мен киши болсом, көрөгөч эне болсом, ошондо эле көзүнө карабай туруп: «Сенин бул эмне кылганың, жаш бала болуп кеттиңби, мындан ары сага жашоонун кереги жок бекен! Сага окшогон канча келиндер жесир калып жатат. Сабыр кыл, Касымды акырындап унуткун, сендей келин жерде калабы. Өз теңиңди дагы табарсың. Багың ачылар. Кой, минтпегин, жаман болосуң. Турмуштан безсең өзүңдүн эле шоруң. Кайрат кыл!» – дебейминби, ушинтип аны акылга салбаймынбы. Ал эми мен антип айталган жокмун, чындык болсо да – суук кеп экен. Кийин дагы нечен жолу ушул сөздүн кезеги келгенде, тилимдин учунда турса да, кетенчиктеп айталбадым. Буга ар кандай себептер болду, менден гана эмес, Алимандын өзүнөн да кетип калды. Кыскасы, сөздүн кызуу темирдей ийилчек убагы болот экен, андан өткөн соң, жаагы улам катуулап, улам оор тартып, улам айтууга кыйындап, эски оору өңдөнүп созулуп кетет экен. Бул кепти, мен мына азыр, заман тынчтанып, арадан канча мезгил өтүп, айтып отурам. Ал эми анда, ошол тополоңдуу жылдарда, колхоздун бүтпөгөн жумушу менен алпурушуп, бул ишти жай отуруп териштире терең ойлоого убакыт да, чолоо да болгон жок. Биздин баардык кылган аракетибиз, үмүтүбүз, тилегибиз, күткөнүбүз – эртерээк жеңиш келсе экен да, эртерээк согуш басылса экен. Андан кийинкинин баардыгы өзү менен өзү чечилип кал-

чудай оңой көрүнүп жатты. Ал эми согуштун тузу ачуу саркындысы бүттү деп, азыр да айталбайбыз... Ооба, Жер, бүтпөгөн үчүн ушинтип баарын кайрадан эстеп, баарын кайрадан кансыраган жүрөктөн өткөрүп, сүйлөшүп отурбайбызбы.

– Сүйлөй бер, Толгонай, сүйлө. Бүгүн сөз сеники, аңгемеңди улант.

– Улантпаска арга канча: турмуш өзү эле улантып таштабадыбы. Согуштун үчүнчү-төртүнчү жылдары сүйүнтүп да, күйүнтүп да, душман сүрүлгөндөн сүрүлүп бара жатса да, эч бир түгөнгүстөй кубатынан, алдан тайган элдин ого бетер кабыргасын кайыштырып, эсин оодарды. Күзүндө, жыйым-теримде машак терип, эптеп тоюнган эл кыш ортосунан нары ачкадан-ачка калып жатты. Өзгөчө көктөмдө – тоодон алгы[1] казып, мандалак казып жеп, жалаң ошону менен гана оокат кылгандар болду. Алиман экөөбүз ач-ток болсок да тиштенип, колхоздун жумушунда жүрүп, күн өткөрүп жаттык, ал эми балалуу-чакалуулар, жашаялметтер аябай кыйналды. Ак шишик баскан балдарды көргөнүмдө жаным кейип, алар үчүн мен жооптуудай, алардын «нан» – деп телмирген көздөрүнө тик багалбай жүрдүм. Колумдан келсе, эчтекемди аябай, ал түгүл, Субанкул, Касымдардын артынан барып жанымды курман чапсам, ошондо ушул балдардын курсагы тоёт десе, эч кандай ойлонбой туруп макул болор элем. Мен бир күнү ушул кепти Алиманга айттым. Ошентсем катуу ойлонуп калды. «Ырас айтасың, эне,– деди ал – чоң кишилер го эмне үчүн ач калганын түшүнөт, ал эми балдар кайдан билсин, дүйнөнүн эч кандай куулук-шумдугу менен иши жок. Алардыкы биздикинен да кыйын. Ушуларга эми эптеп, согуш басылып, ата-агалары кайтып келгиче, нан таап берип туру-

[1] алгы – тамыры пияз сымал тоголок жапайы өсүмдүк; ачкачылык учурларда элдер ушул өсүмдүктүн тамырын сууга кайнатып жешкен.

шубуз керек. Экөөбүздүкү эми, эне, ушул эле калды да, башка эчтекебиз жок. Колдон келишинче, элге пайдабызды тийгизип туралы. Ушул да, болбосо жашап кереги эмне?» Бирок турмуш биздин ушинтип айтканыбыздай да болгон жок. Эгин сээп, нан тапкан дыйкандардын нансыз калышы теңирден тескери нерсе. Көрсө, согуш чыкканда – бул согуштуку, бул меники деген болбойт турбайбы. Баардыгы согуштуку, жан да, эрк да, эмгек да, жаш балдардын буламыгына чейин, баардыгы, бүт кыймыл-аракетиң, баардыгы кан соргон согуштуку! Андан эч ким, эч кайда качып да кутулалбайт. Качып көргөндөр да болду, жашырып эмне, бирок ошол качкандар айланып келип, акыры ошол эле азаптуу элге кол салат экен да, анын душманы, каракчысы болушат экен. Башка жол жок, ушул гана экен. Буга да көзүбүз жетти. Эсиңдеби, Жер, баягы кыштын күнкү түн?

– Ооба, баягы сен адашып кеткендегиңи айтасыңбы?

– Ошону айтам. Кырк үчүнчү жылдын кыш ортосу бекен ай, же жазга маалбы. Айтор, кар кетелек суук болчу. Түндүн кайсы убакты экенин кайдан, эл тегиз жаткан терең түндө, алда ким терезени сындырып жиберчүдөй ургулап: «Толгонай! Бригадир! Тур эртерээк! Ойгон!» – деп кыйкырды. Эсибиз чыгып, Алиман экөөбүз секирип турдук. «Эне! Эне!» – деди Алиман, кандайдыр бир укмуштуу нерсени күткөндөй дабыш менен. Алда курган үмүт ай, дайым эстен чыкпаган нерсе, ошол учурда менин да жүрөгүмдү колкомо тыга салбадыбы: аскердегилердин бири келип калдыбы деген ой кетсе болобу. «Сен кимсиң? Сен кимсиң?» – деп, терезеге жүткүндүм. «Чык эшикке, Толгонай! Бол эрте! Сарайдан ат уурдалды!» – деди келген киши. Алиман чырак жаккыча өтүгүмдү кийе салып, көчөгө жүгүрүп чыктым. Ат сарайга башкармалар да жетип келген экен. Сары жорго баш болуп, аны биз колхозго өткөрүп бергенбиз, арабага чегилип жүрчү үч ат жок. Биздин бригаттын жазгы кош айдоого байла-

ган мыкты аттары эле. Аттардын түнкү чөбүн салам деп, атканачы чөпканага чыгып кеткенде алып кетишиптир, келсе сарай караңгы, чырак өчкөн, шамал өчүргөн экен деп, шашпай күйгүзүп караса, бери четте үч аттын орду бош. Ал кезде үч жумушчу ат жоготуу, колхоз үчүн азыркы кезде он трактор жоготкондой кеп эле да. Ал эми нары жагын ойлосоң, фронттогу солдаттардын ар биринин бир сындырым нанын тартып алгандай кеп эмеспи. Жабыла аттанып, кээ бирлерибиз октолгон мылтык ала чаап, куугунга түшкөнүбүздө, уурулар жолукса оңдурбайт элек. Кудай бар, оңдурбайт элек! Бирок жеткен жокпуз, узап кетишсе керек, кайда кеткенин ким билсин.

Айылдын сыртында эки-үч топко бөлүнүп, туш-туш жакка чыктык. Ошондо адашып жүрбөймүнбү. Мингеним колхоздун зоот айгыры эле, жаныбар камчы тийгизбей алып учуп, чоң жолдон өтүп, тоо тарапты бет алганымды билем. Артымдан келе жаткандар да бар эле, башка жакка уруп кетишкенби, алардан узап кеткенимди көптөн кийин билдим. Каракчылардын караандары кайдан көрүнөр экен деп, тизгин тартпай, ээн талаалар менеп чаап келе жатып, бир кезде ат токтой калганда гана, башын жыйып карасам, алдымда – терең аң. Тоо этектеп келип калыптырмын. Карайган кыр үстүндө аркан бою ай чалкалап, жылдыздар котолошуп, асман ачык экен. Муздак шамал тоңголок кар үстү менен сыйгалап, жансыз куурайларды бирине бирин сүйкөнтүп, тымызын ышкырып, ураган эски коргон арасында үкү-жапалактар үн салып турду. Бул түнү дүйнөнүн ар кайсы жеринде ар кандай жакшы да, жаман да иштер болгон чыгар, тарыхтын ар кандай улуу да, арзыбас да окуялары өтүп жаткан чыгар, ал эми биздин айылыбызда мына ушундай шойкон түн болду. Аттарды ким алды экен, кандай немелер? Мындай учурда элдин убал-сообунан коркпогон кимдер болду экен? Аңдагы камышта бекинип жүрүшпөсүн деп, сайга түшүп карадым. Эчтеке жок,

болгону, бир түлкү булаң этип, камыштын ичинен чыга качты да, ай жарыгында көгүлтүр кубулуп, жар үстү менен күмүш куйругун сүйрөп сызып жөнөдү.

Айылга кайра тарттым. Аң бойлоп келе жатып, эсиме түштү: Жекшенкул деген бирөө аскерден качып келген имиш, жанында эки жолдошу бар, Сары-Жайыктагы казактардан имиш деген каңырт сөздөргө анча ишенген эмес элем. Кантип эле көпчүлүк фронтто өрт кечип, кармашып жатса, булар мында кара жанын ала качып, бекинип жүрсүн? Ал эмне деген жүзүкаралык: «Сен өлүп тур, мен жашайын дегениби? Ошол да кишиликпи?» – деп ойлоп жүргөм. Айылда ар кимдин сыры белгилүү эмеспи, мындай ишке бара турган эч ким жок болчу, андан калса үч жылкыны бирдей кайда батырат эле. Ууру тыштан тийди. Жанагыдай сырттап, тоо-ташты аралап жүргөндөр гана жашырын сиңирип кете алат деген пикирге такалдым. Жекшенкулдардын аскерден качып жүргөнү чын болсо, ошолордун колунан келди го деген шек туулду. Андай дейин десең, ууруну көзүң менен көрүп, колуң менен кармап алган жериң жок. Бирок Жекшенкулдар менен кийин өтө түшүп, беттешип калууга да туура келди. Ал иш жазында болду.

Чынын айтсам, колхоздун күндөлүк убаракерчилигинде жүрүп, бул окуя эстен да чыгып кеткен эле. Үч ат бир соконун күчү, эптеп кунан-пунандарды үйрөтүп, бригаттын соколорун түгөлдөдүк, айла канча. Ушуну менен кош айдоо кирип келди да, ууру эмес кудайды да унутарлык түйшүк башталды. Менин турмушумда эң оор жаз ошондо болду го. Эл кантсин, эл иштейин эле дейт, бирок ачарчылыктан кетмен шилтөөгө жарабай калгандар болду. Баштагыдай кубат жок, иштер кечиктирилип жатты. Анысы ал болсо, колхоздо үрөн аз, кампанын ичин шыпырып жатып, ар бир данды терип жатып, зор-зор менен бригадабызга берилген айдоо планын орундаттык. Ошол күндөрү элдин түрүн көрүп, катуу ойлондум. Эм-

гек күнгө эчтеке албаса, ичерине оокат болбосо, элди кырып алабызбы? Эмдиги жазда мындан беш бетер ачарчылыкка дуушар болобуз го. Жок, биздин минтишибиз жарабайт, кантсе да бир акылын табыш керек деп жүрүп, тээ жогору тоо этегинде, кысыр жаткан эски аңыз болор эле го, ошону буздуруп, эгин септирмек болдум. Башкармага кеңеш салдым, райкомго чейин бардым, түшүндүрдүм: муну биз пландан сырткары өз күчүбүз, өз аракетибиз менен элдин эмгек акысына деп атайын арнап айдайбыз. Стол кучактаган кимдир бирөө колхоздун сталиндик уставын бузасың дейт. «Уставың кара жерге кирсин!» – дедим. – Бар, Сталинге айткын! Биз ачка жүргөндө, силерге ким оокат таап берет? «Оозуңа карап сүйлө, өлгөнү жүрөсүңбү!» – дейт. «Карабайм этпейм! Биз ишке жарабай калсак, фронттогу солдаттарга ким нан таап берет? Ушуну ойлобойсуңарбы?» Койчу, акыры макул болушту, бирок кеп башкада эле да – себе турган урук жок, колхоздун кампасында дан дегенден тимеле ырымга калбады го, кайдан алам. Айлам кеткенде, элди жыйналышка чакырып, өзүмчө кеңеш курдум. Чыгып сүйлөдүм, чын сырымды айттым: «Кана, көпчүлүк, кеңешип кескен бармак оорубайт. Эмне кылабыз. Эмки жазда да ушинтип кезерип отурабызбы, же бир аракетибизди көрөбүзбү? Берки эгиндерден үмүт этпейли, жашырып кереги эмне, анын баары, үрөндөн башкасы, туташ фронттуку, согушта жүргөн аскердин азыгы. Ал эми урук тапсак, пландан сырткары эгин айдай турган чамабыз бар. Анын түшүмүн эмгек акыга, кары-картаң, жетим-жесирлерге бөлүштүрүп беребиз. Мага ишенсеңер, милдетин мойнума алам. Сөздүн ток этери бул – үйүңөрдө ичип отурган, баштыктардын түбүндө сактап отурган бидырыңарды бергиле, жерге себебиз. Мейли, азыр ичпесек жок, чыдайлы, эптеп ак ичип, бышыкчылыкка жетербиз. Өзүңөр үчүн, бала-бакыраңар үчүн эрдик көрсөткүлө, айланайындар, аябагыла, оозуңардан кайра

чыгарсаңар да бергиле, убактысын өткөрбөй эгинди сээп калалы!» – дедим. Жыйналышта кишилер макул дешкени менен, иш жүзүнө келгенде, кыйын болду. Өзгөчө балалуу аялдар тимеле колуңа өлүп берчү немедей тытынып, согушуңду, турмушуңду, колхозуңду каргап, сактап отурган буудай барбы, арпасы барбы балдарынан бөлүштүрүп берип жатышты. Арабаны көчөгө жүргүзүп коюп, үймө-үй кыдырып, бирөөгө жакшы, бирөөгө жаман айтып, тилдешип да кетип, алды жарым пуд буудай, арты бир пияладан сулуу берсе да, бергенин койбой жыйнап жүрдүм. Мейли, бир кочуш дан – ал да пайда, күзүндө ошол бир кочуштан бир пуд эгин алсак азыркынын эсесин кайтарып алганыбыз ошол болбойбу деген гана ойдомун. Антпесе мындайга барбайт элем го. Ошентсе да, эмне үчүн мынчалык катуулук кылдым экен ошондо? Оң карап күлүп, сол карап ыйлап, деги, эч кимди аяган жокмун го. Бир тобунун колунан эле тартып алгандай болдум. Бечара, Айша кошунамдын ошондогусун түк унутпаймын. Күйөөсүнөн эрте ажырап, Жаманбай согуштан мурун эле каза таппады беле, убайым тартып жүрүп, Айша кеселман болуп калбадыбы. Оңоло калганда колхозго иштеп, огородунда иштеп, жалгыз уулу Бекташты эптеп чоңойтуп жүрдү. Анысы да кадимкидей ишке жарап, бир үйдү бага тургандай жетилип калган. Бекташка ошол күнү урук жыйнаган арабаны айдатып койгом. Алардын үйүнүн тушуна келгенде: «Бекташ, үйүңөрдө бир нерсе барбы?» – дедим. «Бар, бир аз» деди бала.– «Баштыкта, мештин артында». «Эмесе алып кел» – десем, «Жок, Токон-апа, өзүңүз барып алыңыз» – деди.

Эки-үч күндөн бери оорусу кармап, Айша үйүндө отурган экен. Ирени бозоруп, кыйналып турса керек. «Эл катары берчү немеңди бергин, Айша» – дедим эле, «Бар болгон эгинибиз тиги» – деп, баштыкты көрсөттү. «Ушул болсо да бергин. Урук үчүн, айдоо даяр, жерге себебиз» – десем Айша кабагы томсоруп, унчукпай калды. Алда,

жокчулук ай, адамды кандай кор кылат! «Айша, ушуну менен көп болсо он күн оокат кыларсың, кийин кыштык азыгың болор, эртеңкини да ойлойлу, балаңдын убайын көр, көчөдө арабасы менен күтүп турат» – дедим. Айша ээрдин тиштегилеп, жалооруду: «Бар болсо аяйт дейсиңби, Толгонай. Өзүң деле көрүп жүрбөйсүңбү, мен минтип чала жан болсом, кудай кошкон кошунам эмессиңби...» Каңырыгым түтөп бошоп кеттим, бирок ошол замат боштукту четке кактым: «Мен азыр кошунаң эмесмин! – деп катуу сүйлөдүм.– Мен бригадирмин, көпчүлүктүн атынан ушул эгиниңди алып кетем!» — дедим да, ордумдан туруп, баштыкты колго алдым. Айша унчукпай тескери карады... Алты-жети кило буудай экен. Баштыгы менен алып кете берейин дедим да, кайра чыдабай, теңин чоң табакка төктүм. «Бери кара, Айша. Теңин эле алдым, капа болбочу»– дедим. Айша башын буруп мени караганда, көзүнөн аккан жаш бопбоз сала болуп бетинен төгүлүп турган экен. Ошондо эле таштап кетсем кана, мындай болорун билиптирминби, баштыкты кармаган бойдон үйдөн чыга качтым. Адамды минтип кейиткенден көрө, э, курусунчу дүйнөсү! Эмне үчүн, эмне үчүн ушинттим экен! Азыр эстесем да кечиргим келбейт кылганымды.

– Жок, Толгонай, сенин анда эч кандай күнөөң жок. Сен элге жакшылык кылайын дедиң эле, ордунан чыкпай калбадыбы.

– Ооба, айланайын дыйкан талаам, сен баарына күбөсүң: ниетим жакшы болчу. Ал эми ошондо айылдагылар жабыла сабашып өлтүрүшсө да, макул элем. Билесиң го, эки чоң кап уруктук эгин чогулду. Аны бир калбырга салып, тазалап айдоонун башына өзүм жеткирип таштагам. Ал күнү коё турсам да болот беле. Соколой турган бир аз аянт калган болчу. Эртеси азандан туруп үрөндү айдоого өзүм чачмак элем. Үрөн даяр, баардыгы эле ойдогудай чыгып келе жаткан. Кеч киреrде үйгө келип,

алда эмнеге куйпөлөңдөп, тынчтык таба албадым. Күндүзү Бекташ менен дагы бир балага тырмоочторду арабага салып, аңызга жеткирип таштагыла деп дайындаган элем.

«Бала, баланын иши чала» дегендей, тигилер айтканымды орундатты бекен, жокпу деп ишеналбай, Алиманга айттым: «Мен тиги кошчуларга барып келе коёюн – бат эле келем», – деп аттанып чыктым.

Айылдан өтө берип, желдире бастырдым элем: каш карайып, кеч караңгысы улам коюлуп келе жаткан. Коштун башына жете бербей, айдоодо сокого кошулган өгүздөр ээн туруптур, жанында эч ким жок. Ушул убакытка чейин унааны сокодон чыгарбаганы эмнеси деп, сокочу балага ачуум келди. Кайда жүрөт болду экен ал жубарымбек дегенимче болбой, жол боюнда малалары менен оодарылып жаткан арабаны көрүп, эсим чыгып кетти. Арабанын жанында эч ким жок. «Ай, балдар! Кайда, жүрөсүңөр, кайдасыңар? Ким бар мында?» – деп кыйкырдым. Жан адам жоктой, эч кандай жооп болбоду. Бул эмнеси, булар соо эмеско деп, алачыкка чаап бардым. Аттан секирип түшүп, ширеңке чагып кирип келсем, Бекташ жолдошу менен, сокочу бала – үчөө тең колдору артына байланып жерде жатышат. Кийимдери тытылып, бети-башы кан, ооздору толо тыгылган курумшу. Бекташтын оозунан курмушуну жулуп алып: «Үрөн? Үрөн кайда?» – дедим. «Алып кетишти! Сабап алып кетишти!»– деп, ууруулардын кеткен жагын башы менен көрсөтө берди. Ошол жерден кандай болгонун билбейм, атка ыргып минип, куугунга түштүм. Өмүрү антип ат чаап көргөн эмес чыгармын. Жаныңа бычак тийгенде, эчтекеге карабайт турбайбы адам. Караңгы түн эмес, мейли көр караңгысы болсун! Өз үйүмдү өрттөп, өз мүлкүмдү тоноп алып кетсе ыраазымын, кырманга кол салып, тогуз кап эгин алып кетсе чыдар элем – кырмандын кешиги дээр элем, бирок бул үрөн үчүн тимеле өлүп берүүгө даяр элем!

– Ооба, Толгонай, элдин оозунан жулуп алган ар бир дан үчүн, адамдын канынан кымбат ошол үрөн үчүн жаныңды курман чалсаң да аз болор эле. Түн караңгысын силкинтип, ошондогу айкырганың: «Токто! Токто! Жүзү каралар!» – деп, ушундай бир заардуу кыйкырдың элең, уйкуга кетип бара жаткан жеримден селт этип, ойгондум. Аттын төрт аягы дүбүрттөп, тигилерге жакындап келе жаткан экенсиң.

– Ооба, ай-ааламды бузуп айкырганым чын. Ушинтип кыйкырып келе жатканымда, ишим ак экен, каракчылардын артынан билгендей түз салыптырмын. Көп өтпөй алдыда уурулардын караандары көрүнө берип, аттарынын такалары ташка чагыла түштү. Үчөө экен, атчан немелер каптарды бөктөрүнүп тоо тарапка уруп кетип бара жатыптыр. «Токто! Таштагыла үрөндү! Ташта үрөндү! Ташта дейм!» – деп, камчы шыбап калбай келе жаттым. Арабыз улам кыскара берди, анткени тигилер кап салынып, катуу чаап кете албады. Бирок эгинди да таштапшады. Кимдир бирөө ортодо жорго минип бара жатыптыр. Эски малдын көзү эмеспи, артынан тааныдым, жүрүшүнөн, арткы ак байпак аягынан тааныдым – биздин сары жорго экен. Кышында аттарды уурдап кеткен да ушул турбайбы. «Токто! Мен билем силерди, мен билем сени, Жекшенкул! Сен Жекшенкулсуң! Узатпаймын эми сени, токто!» – деп кыйкырып келе жатканымда, чын эле Жекшенкул экен, жоргонун башын бура тартып, караңгыда булаң эте түштү да, мылтыктын оозунан жарк эткен от көзүмдү катарынан эки жолу чагылыштырып, тарс эткен үн менен кошо, атым мүдүрүлүп, тигинден нары тебетейдей учуп түштүм. Жыгылып бара жатканымда бир оокумга мылтык атылганын, ок тийгенин түшүндүм, андан наркысы – капкараңгы, бейкабарсыздык болду.

Бир убакытта эсиме келип, көзүмдү ачсам – айлана тегерегим тыптынч, чалкадан түшүп жаткан экем, бүткөн

боюм өзүмдүкү эместей, коргошундай салмактанып, кыймылдоого дарманым жок. Жанаша жерде – кээде коркурап, кээде теминип, аяк силкип, ок тийген ат жаны чыгып жатыптыр. Ал дагы бир аз коркурап кыйнала түштү да, кыймылсыз жатып калды. Аны менен кошо турмуштун баары токтоп калгандай сезилди. Жымжырт түн жана мен... Өйдө туруп эптеп бир аракет кылгым да келген жок. Кандай иш болуп кеткенин ошондо гана толук түшүндүм. Ушул бойдон көзүм жумулуп кетсе, өлсөм дедим. Элге эми эмне дейм, кайсы көзүм менен тик багып карайм? Көзүмө жаш толуп, асманды тиктесем, тунарган саманчынын жолу төбөдө чолок тартып, куду Айшанын бетинен төгүлгөн боз жаштай, бопбоз болуп сарыгып турган экен. Дирилдеген эриндеримди тиштегилеп, эл үчүн, журт үчүн келечек үчүн сурап, тилеп, Айшаларды ыйлатып тартып алган үрөнүмдү жутунган көр тамагы үчүн алып кеткен качкындарды каргадым: «Ылайым, кан төккөн элдин кусуру урсун силерди! Согуштун кусуру урсун сени, Жекшенкул! – Ушинтип жүрүп жаныңды баккандан көрө адам болуп дүйнөгө жаралбай эле койбойсуңбу! Субанкулум, Касымым ичкен сууну сен да булгап ичип жүргөн экенсиң да... Тү, сенин бетиңе!..»

Мен ушунтип көпкө чейин жаттым. Бир убакытта кимдир бирөөнүн басып келе жатканы угулуп: «Токон апа! Токон апа-а-а-а!»– деген баланын ыйламсыраган үнү чыкты. Дабышынан тааныдым – Бекташ экен. Издеп жүрсө керек. Башымды өйдө көтөрүп: «Бекташ, бери бас» – деп чакырдым. Адам да, атанын баласы да, жаныма жетип келип: «Токон апа, аман-соосуңбу, Токон апа?» – деп, башымды жөлөп, аман-соо элемин, белимди өйдө көтөртпөй жатат, кокустап калса керек десем, ал эчтеке эмес, жакшы болуп кетесиз, Токон апа, деп, аптыга сүйүнүп, нары жакта издеп жүргөн жолдошторуна: «Балдар, бери келгиле, Токон апам мында экен, аман-эсен, аман-эсен экен!» — деп чакырды. «Эми апаңа эмне

деген жооп беребиз?» — десем, Бекташ бир аз унчукпай туруп: «Жообун мен өзүм берем, Токон апа. Элдин баарына жоопту өзүбүз беребиз, Токон-апа. Эчтеке эмес!» – деп, бала да, ошондо он төрт – он бештеги кези, ызасына чыдабай ыйлап жиберди. Муштумдарын түйүп, өйдө тура калып, тоо тарапты карай колун кесеп, сүйлөдү: «Биз баары бир өлбөйбүз, көрөсүңөр го, мен да чоңоюп жетилермин. Бул кылганыңарды эч убакытта унутпаймын!» – деди. Анын ушул кайрат сөзү үчүн, делебем козголуп, ыйладым. Ошентсем: «Ыйлабаңыз, Токон-апа, мен да сиздин балаңызмын, мен да чоңоём, Касым-акемдин ордун жоктотпоймун» деп, колтугумдан жөлөп, өйдө тургузду.

Балдар мени арабага салып, үйгө жеткиришип, эки-үч күн ооруп, төшөктө жаттым. Айылдагылар баары калбай, көңүл сурап, келип-кетип турушту. Элге рахмат, ыраазымын, ошондо эч ким эчтеке деп кекеткен жок мени. Ошентсе да көздөгөн ишим ордунан чыкпай, катуу кейидим. Айдалган аңыз куру калып, үрөн себилбей, каракчыларга жем болуп кеткенин эстеген сайын жүрөгүм кансырап жатты.

– Анын, чын. Толгонай. Сен гана эмес, мен да аны сездим. Ошол жайдак калган аңыз менин денемде бүтөлбөгөн жараттай болуп, орду көпкө чейин сыздап жүрдү. Айдоого үрөн себилбесе, менин эң чоң жаратым ошол эмеспи, Толгонай. Согуштун айынан канча эгин себилбей, канча адамдын өмүрү түпкүрүнөн кыскарды. Менин барып турган душманым – согуш баштагандар, анткени алар эгин сеппейт.

– Туура айтасың,– согуш менен эгинчилик бири бирине карама-каршы нерселер эмеспи. Согушкан эгин айдабайт, демек ал баардык адамдардын насибине кол салат, демек ал баардык адамдардын душманы. Майсалбек, айланып кетейин кеменгер уулум, ал ушул жөнүндө катында жазбады беле. Эсиңдеби, Жер, Майсалбектин жазган каты?

– Мен аны жат билем, Толгонай.

– Ооба, сен экөөбүз аны жат билебиз. Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн биз баарын кайрадан эскеребиз, Жер-Энем.

– Сүйлөй бер, Толгонай. Сенин бул айткандарың эскерүү гана эмес, ар дайым көкүрөктө турган нерсе. Майсалбегиңдин жазган катын дагы бир кайталап айтып берчи. Майсалбек сенин гана уулуң эмес, ал менин да уулум, Жер уулу – Майсалбек!

– Мен ошондо үйдө ооруп жатканымда, айылдаштарым ал-жай сурап, ар кимиси жылуу сөздөрүн айтып, көңүл улап жүргөндөрүнүн дагы бир себеби бар турбайбы. Мен аны сезип да калгандай болдум элем бир чети.

Айша кошунам, бечара, өзү араң онтолоп жүрүп, кичинекей чөйчөккө каймак сызгырып келиптир. Ал үйгө кирип келгенде, өгүнкү кылганыма катуу уялдым. Сөз табалбай, унчукпадым. «Толгонай, сен оюңа эчтеке албагын,– деди Айша. – Менин боштугумду кечирип кой. Сендей аял үчүн, керек болсо, жанымды аябаймын. Керек болсо, жалгыз уулум Бекташты да берем. Ал ансыз деле эки үйдүн ортосундагы бала болуп калды, сени менден артык көрбөсө, кем көрбөйт. Сен биз менен кишисиң, биз сени менен кишибиз. Ушуну түшүнүп койгун» – деди. «Рахмат, бул айтканыңа» – дедим мен да, анчейин оюндагысын айткан экен десем, анын да сөзүнүн астары[1] бар турбайбы.

Ошонун эртесинде белимдин ооруганы жеңилдеп, үйдө нары-бери кыймылдап, эшикке чыктым. Терезенин астына кийиз салып, күнгө жылынып отурдум. Алиманды жумушка чыга бер десем, башкарма бүгүн дагы бир күн энеңе каралашкын, үйдө бол деп уруксат берди деди. Короодо от жагып, Алиман кир жууп жаткан.

---

[1] а с т а р – ичтик кездеме (подкладочный материал); *өтм.* жашырын, ички, көрүнбөгөн себеп, маани (подоплека, подтекст).

Эшик алдындагы жоон түп кары алма ошол жылы калың гүлдөп, кайра күч алып жашаргандай сеңселип, шамал тийгенде, бутактарынан аппак күкүм себелеп жатты. Алма гүлдөгөн кезде аба да көк кашка булактай тунукталып, эң бир таза болот эмеспи. Алыста жалтылдаган тоо мөңгүлөрү даана көрүнүп турду. Үшүнтүп отурганымда, көчөдөн почточу Темирчал кирип келди. «Арыба, Толгонай», – деп анча сөзгө да келе бербей, шашылып, өзүнчө эле алда эмнеге сумсая, күрсүлдөп жөтөлүп, «суук тийип калыптыр, кургурдуку» деп сүйлөнүп жатып, сага кат бар беле дегендей, сумкасын аңтарып, кат берди. Анын бул камырабастыгына таарынып: «Жана эле айтпайсыңбы, зарыктырбай! Кимден экен?» – десем, Майсалбектен көрүнөт деди. Сүйүнүп жүрөгүм аптыкканынан, демейде Майсалбектин каттары үч бурчтук болчу эле, бул жолу басма менен басылган төрт бурч, сырты калың атлес кагаз экенин да капарыма ала бербептирмин. Ушул учурда жарадар бутун сүйрөп балдакчан Бектурсун келип калды. Коңшубуз эле, эриккенде биздикине келип, кобурашып кете турган. Кат келген турбайбы, Майсалбектен го деп, өтө сабыр күтүп, кол алышты. «Колуң эмне калтырайт? Бери отуруп, окуп бере салчы» – дедим. Ошентсем кийиздин четине отуруп жатып, «кокуй, бутум» деп онтоп, ирени кубарып, тердеп кетти өзү. Катты колу калтырап араң ачты да, окуй баштады, А, кайран балам, кайран кат...

«Апаке, ак сүтүңдөн айланайын апакем, – деп баштаптыр. – Мен сени кандай киши экениңди билбесем, бул катты жазбайт болчум. Сенин акылмандыгыңа, кайратыңа, сенин күчүңө ишенип жазып отурам. Ошентсе да эмне деп түшүндүрүп, эмне деп айтууга сөз табалбай, алакандай ак баракты тиктеп отурган кезим.

Акыр түбү менин кылган ишимди туура деп табарсың, мен ага өзүмө ишенгендей ишенем. Ооба, апа, сөзсүз мени туура дээрсиң... Антсе да, түшүнсөң да, жүрөгүңдүн

түпкүрүндө мага деген айтылбаган сурооң калар: «Балам, кантип өз өмүрүңдү өзүң кыйдың? Адамга бир гана жолу берилчү бул жарык дүйнө менен кантип өзүң эле коштошуп кете бердиң? Мен сени эмнеге төрөп, эмнеге өстүрүп чоңойттум?» Ооба, апа, энесиң, сенин бул сурооңо тарых кийин жооп берер. Ал эми менин айтарым, согушту биз тилеп алган жокпуз, бул көптүн башына келген кыйын иш, бүткүл адам баласына балта урган зулум күч. Биз аны менен күрөшпөй коё албайбыз, аны үчүн кан төгүп, аны үчүн жан берип, аны кыйратып жок кылууга милдеттүүбүз. Антпесек биздин адам деген атыбыз өчөт. Мен согушта жүрүп эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес элем, мен өзүмдү эң бир жөнөкөй, эң бир асыл ишке – мугалимдикке даярдап жүргөм. Заманым ушул экен, балдарды тамга таанытып окутуунун ордуна, курал кармап жоокер болдум. Ал менин айбым эмес.

Мына азыр мектепте окуучу жаштарга менин биринчи жана эң акыркы берип кетер сабагым ушул, аларга окутуп кеткен билимим да ушул. Буга мен турмуштан алып чыккан баардык билимимди, баардык дилимди жумшайм.

Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барып, кайра кайтпаймын. Душмандын талылуу жерине барып, аны кыйратып өзүм да жок болом. Мекен үчүн, эл үчүн, жеңиш үчүн, дүйнөнүн баардык жакшылыгы үчүн…

Бул менин акыркы катым, акыркы калем шилтешим, акыркы сөзүм. Апа, миң бир эки апа десем да, кадырыңа жетер белем, түшүнгүн: бул жөн эле өлүп берүү эмес, бул жөн эле жанкечтилик эмес, бул өмүр сүрүүнүн эң бир эбегейсиз түрү. Кулакка балким, жат угулса да, бул жашоо үчүн болгон өлүм. Мен өз ыктыярым менен ушуну туура таптым. Мен эч кандай кылчактаган жерим жок. Мекеним бул ишти мага ишенип тапшырганы үчүн сыймыктанам!

Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баарын мен, мен деп билип жүргүн, апа!

Ыйлаба, апа, эч ким ыйлабасын. Мындай өлүм үчүн эч ким ыйлабасын. Кош, түбөлүккө кайыр кош!.. Кош, караанындан айланайын, Ала-Тоо!

Сенин мугалим уулуң – лейтенант Майсалбек Субанкулов.

*Фронт. 9-март 1943-ж.*
*түнкү саат – 12.»*

Мөгдөгөн башымды өйдө көтөрүп карасам, короодо жарданган эл туруптур. Баары тең унчукпай, баштарын салаңдатып, аза тутуп турушкан экен. Эч ким үн чыгарып ыйлаган жок, Майсалбек эч ким ыйлабасын деген турбайбы. Аялдар мени колтуктап сүйөп, өйдө тургузушту. Гүлдөгөн алмага жел тийип, бутактарынан себеленген апапакай бүрлөрү бети-башыма себеленип, жеңил гана кол тийгизгендей, сылап өтүп жатышты. Ошол гүлдөгөн алманын ары жагы, айылдын үстү, алыскы тоонун үстү чеги жок, түбү жок мелтилдеген, таптаза көгүлтүр асман экен. Дүйнөнүн мынчалык кең экенин көргөнүмдө, дүйнөнүн мынчалык тар экенин сезгенимде, ай-ааламды бузуп, озондоп, бакырып ыйлагым келди. Ага болбой тиштенип тура бердим. Алиман баятан бери кантип турганын билбейм, мен өйдө турганымда, эки колун сунуп, сокур кишиче, мени көздөй темселеп келе берди да, бир убакытта бетин алакандары менен мыкчый басып, тескери бурулуп кетти...

Мына үшүнтүп, ортончу уулум Майсалбегимден да ажырадым. Таштап кеткен тумагы калды...

– Менде болсо Майсалбектин жергеси деген атагы калды, Толгонай. Элге – кылган иши, даңкы калды.

– Ооба, Майсалбектин аты өчкөн жок. Баатыр деген наамы менен ардакталып кыштагыбыз «Майсалбек» атындагы колхоз болду. Фронттогулар Майсалбектин жазып кеткен катын өздөрүнүн катына кошуп сельсоветке жиберишкен экен. Ал катта Майсалбектин көрсөткөн эрдигин жазган жоокер жолдоштору, баарыбызга көңүл айтып, силердин уулуңар, жердешиңерди эч качан унутпайбыз, анын ысмы менен Мекенибиз дайым сыймыктанат дешиптир. Көрсө Майсалбегим чалгынчы турбайбы. Биздин аскерлер чабуул жүрөрдө, немистердин жашыруун жерде топтогон курал-жарак, ок-дарылары бир түндө от алып, айлана тегеректеги токойлор жапырт кыйрап, фронттогу чабуулдун чоң жолу ачылыптыр.

Ошону кылган менин уулум Майсалбек болуптур. Мен да анын бул эрдигине сыймыктанам. Антсе да, менин оюма койсо, согуш чыкпаганда, мен анын башка иштери менен сыймыктансам, бактылуу болор элем, өзү айткандай, балдарды окутуп, окуткан жаштар өзүнөн мыкты, өзүнөн билимдүү чыгып, ар түркүн иш, ар түркүн илимде даңкталышса, Майсалбегимдин даңкы да ошол болор эле. Адам баласына эң оболу так ошондой даңк керек. Ал эми согушта көрсөткөн баатырдык – зор эрдик экенинде талаш жок, аны үчүн башымды ийип, уулума жүгүнөм, бирок ошончолук өкүнүп, тирүү жүргөнүнө эчтеке ыраа көрбөйм...

Согуштан эзелде эч ким жакшылык көргөн эмес...

## V

– Ырас, Толгонай, согушту жеңген күндө да, анын күйүтү кубанычынан аз болбойт турбайбы. Ошол жылы, жеңиш келген жазда, силердин аскер тоскonуңарды али да унутпаймын, Толгонай. Ошондогунун кайсынысы сүйүнүч, кайсынысы арман экенин али да айталбаймын...

– Мен да айталбаймын – кубанычыбыз көп беле, же күйүтүбүз көп беле... Душман жеңилип, согуш аяктаганда, алдастаган дүйнө тымтырс боло түштү да, мурда согуштун кызуусу менен анча байкалбаган нерселер ошондо элдин жүрөгүн дагы бир сыйра кансыратып алды. Анткени, жеңиш олжо алып, майрам болуп келген жок, ал бизге согуштан аман калган жоокердин сүрдүү кейпинде, нечен жолдор басып таманы жешилген солдат өтүгүн кийип келди.

Ошол күнү бизге коштун кезеги тийип, өгүз соко менен огородду айдап, жүгөрү сепкени жатканбыз. Көчөдө кандайдыр бир дабыштар чыгып, жүгүрүшкөн кишилерди көргөндө, Алиман билип келе коёюн деп, чуркап кетти да, кайра шашылып жетип келди: «Эне, элдин баары аскерлерди тоскону кетип бара жатышат, айылда эч ким калбай жөнөштү. Жүр, эне, эртерээк, бол!» –деди. Сокону, өгүздөрдү бороздого таштаган бойдон жөнөдүк. Чын эле – көчө кым-куут. Кыз-келиндер, бала-бакыра, ал түгүл, кедеңдеген кемпир-чал калбай, аттуу, жөө кишилер баары тең жол тоскону кетип бара жатышыптыр. Бул кабар кайдан чыкканын ким билсин, фронттон бошонуп келе жаткан бир солдат, Күмүштак деген жогорку айылдын баласы дешти, «аскердин баары үй-үйлөрүнө кайтып келе жатат» деп, жолуккан бирөөгө айтып кеткен имиш. Станцияга эки эшелон аскер келип токтогон имиш, бүгүн түштө барып калабыз деп, кабар айттырышкан имиш. Айтор, мына ушундай сүйүнүчтүү имиш сөздөр! Эл жарыктык ушул эле кабарды эңсеп турган

экен, анығын эч ким билбесе да, күмөн санаган жан жок, бир да киши калбай тегиз тосуп чыктык. Согуш чыгар жылы жаштар сала баштаган жаңы көчөнүн ордуна, айылды этектеп чогулуп күтүп турбадыкпы. Ал кезде ошол ташталган чала көчө, чала тамдарга үйрөнүп бүтсөк керек, майдандан жеңиштүү келе жаткан эр-азамат жоокерлерибизди кандай касиеттүү, кандай армандуу жерде күтүп турганыбызды ойлобоптурбуз. Тилегибиз – аскерлерди айылга кире бериштен жалпыбыз менен тосуп алмакта эле. Улгайгандар арыктын кашатына бийигирээк жарданып, аттуулар ат үстүнөн, балдар ураган тамдардын дубалдарына чыгып, шамдагайлары ал түгүл, бутактарга чыгып кетишиптир. Ана келет, мына келеттин арасында түш көргөн, аян көргөндөрүбүздү сүйлөп, жолдон таштарды жыйнай салып, төлгө тартып, түш, аян, төлгөнүн баарын жакшылыкка жоруп, чоң жолдон көзүбүздү айрыбай, тигилип карап турдук. Азыр ойлоп турсам, дүйнөдөгү адам баласынын баары ушундай бир тилекте, бир ниетте, бирине бири жакшылык жоруп, өз уул-балдарын ушунчалык сүйүшсө, ушунчалык күтүшсө, балким, согуш болбос беле дейм.

Чогулган көпчүлүк кээде демин ичине катып, унчукпай, сөз сүйлөбөй да турду. Ар ким өзүнчө ой жүгүртүп турган болуш керек. Анткени, беш жыл кандуу согушту башынан өткөрүп, эми жеңишке жеткенде, согуштун эң аяккы көрүнүшүнөн эл сүрдөп да турган болчу. Кимиси келип, кимиси келбейт деген суроо ар кимдин оюнда бар эле, ушундан тартып ар кимдин тагдыры, ар кимдин үмүтү ар кандайча чечилмек. Ушундан тартып ар кимде жаңы турмуш башталмак.

Бактын башына чыгып отурган балдардын бири бир кезде: «Келе жатат!» — деп кыйкырганда, комуздун чыйралган кылына кол тийгендей, баарыбыз тең селт этип, бир ооздон «келе жатат» деп кайталап, селейип туруп калдык. Бир оокумга топ ичинде, чымын учса угулчу-

дай, жымжырт боло түштү да, ошол замат: «Кана? Кайда келе жатат? Кана?» – деген үндөр чыгып, ошол замат кайра басыла калышты. Алдыда, чоң жолдун үстүндө жалгыз арабадан башка эчтеке көрүнбөдү. Айылга айрылышкан жолдун тушуна араба токтоду да, арабадан секирип түшкөн жалгыз солдат баштыгын, шинелин ийнине арта салып, арабакеч менен коштошуп, бери басып жөнөдү. Биздин арабызда эч ким эчтеке деген жок, турган элдин баары унчукпай, таң калып карап турушту. Солдат улам жакындап келе берди, бирок бир да киши ордунан козголгон жок. Кишилердин апкаарыган жүздөрүндө дале бир нерсе күткөндөй үмүт сезилип турду. Анткени биздин күткөнүбүз жалгыз солдат эмес, жолго батпай кылкылдап согушка жөнөгөнү сыяктуу калың аскердин тобу менен кайтып келиши эле.

– Пендесиңер да, Толгонай! Согушка жөнөгөндөр качан түгөл бойдон кайтып келчү эле? Адам деген кээде ошону эсинен чыгарып коёт окшойт.

– Аның туура, улуу талаам. Бирок биз пендебиз да: жакшылыктан дайым үмүтүбүз чоң. Ал эми ошондо жалгыз солдаттын келе жатканы элдин үрөйүн учуруп, эсин оодарды. Солдат бери дөңсөөгө келип жетип, айылдын четинде козголбой калдайган элди көрүп, жүрөгү түштү окшойт, ал да чочуп туруп калды. Бул эмнеси, бул эмне деген немелер, булар эмне үчүн унчукпай карап турушат дегендей кыял менен солдат кылчайып артын каранды. Өзүнөн башка жолдо эч ким жок экенин көрүп, ал бизди көздөй басты да, кайра токтоп, кайра кылчактап артын карады... Ал улам ушинтип келе бергенде, алдыда турган бир кичинекей кыз: «Ашыралы байкем! Ашыралы байкем келе жатат!» – деп кыйкырып жиберди. Кайдан тааныганын ким билсин, башында жоолугун жулуп алып, алиги жылаңайлак саксайган кыз: «Байке! Байке!» – деп кыйкырган бойдон, солдатты көздөй жүгүрдү. Анын соңунан балдар чуркап, анан аялдар, анан турган элдин

баары: «Ашыралы! Кокуй, чын эле Ашыралы турбайбы!» – деп чуулдашып жөнөштү. Ошол учурда бизди кандай күч бийлеп, жүрөгүбүздө кандай асыл сезимдер ачылганын айталбайм – укмуштуу бир сүйүнүч, жан эриткен мээрим, эреркеген ый баарыбызды тең эргитип алып учту. Кучак жайып солдатка жүгүрүп бара жатканыбызда, биз өзүбүз менен кошо бүт турмушубузду, баштан өткөн-кеткен күндөрүбүздү, азап-тозогубузду, уктабаган түндөрүбүздү, агарган чачтарыбызды, карыган кыздарыбызды, жетим-жесир калганыбызды, дайрадай аккан көз жашыбызды, кайратыбызды, муңубузду туу кармагандай, жеңиштүү келген жоокерибизге алып бара жаттык. Астынан тосуп жүгүрүп келе жаткан элди көргөндө, солдат утурлай басып, бери жүгүрдү.

Элдин күүсү менен чуркап бара жатканымда, бир убакытта баягы күр-шар келип, станцияга токтобой өтүп кеткен эшелон жанымда жарышып бара жаткансып, кулагым тунуп, чымын-куюн дөңгөлөктөр астында зыңылдаган темир жол жүрөгүмдө зыңылдап, «Апа-а! Алиман!» деген, шамал жула качкан Майсалбектин үнүн кууп бара жаткансыдым.

Аттуулар адегенде жете барып, ат үстүнөн жапырылып, солдаттын көтөрүп келе жаткан баштыгын, шинелин ала коюшуп, өзүн байгеден чыгарып келе жаткан күлүктөй сүрөп келишти. Жер, Жер-Эне, сен ошол солдатты унутпайсың го? Баатырдын түрү эсиңдеби?

– Эсимде, Толгонай. Мен ал солдаттын түрүн эч убакытта унутпаймын, ал бүгүн дагы жол арыштап, кучак жайып «Айланайын, эл-журт! Айланайын, эл-журт! Жаным курман! Башым курман!» – деп кыйкырып, жүгүрүп келе жаткансыйт. Анын көкүрөгүндөгү медалдары дале күмүш дилдедей шыңгырап, бетинен төгүлгөн жаш дале, андан-мындан тийген мөндүрдөй, тамчылап келе жаткансыйт. Ошонун баары эсимде, Толгонай. Кең далылуу, каркайган бойлуу чоң солдат нечен ирет ажал менен бет-

тешкен, нечен ирет ок тоготпой сурданган жоокер жаш балача буркурап, бүгүн да тетиги жолдо жүгүрүп келе жаткансыйт.

– Ооба, ооба, так ошондой. Биз да жабыла ыйлап, эл менен солдат кошулганда, сагынышкан эки толкун кошулгандай, эзилишип, кучакташып көрүштүк. Ошол додолонгон ызы-чууда ар кимибиз туш-туштан Ашыралынын мойнуна, ийиндерине асылып өпкүлөдүк.

О, Жеңиш ай, тилеген-самаган, күрөшүп тапкан Жеңишибиз ай! Ассалоумалейким, Жеңиш! Кечиргин боздоп ыйлаганыбызды, кечиргин Алиман өңдүү келинимди. Аман кайткан Ашыралынын көкүрөгүнө башын койгулап: «Кайда менин Касымым? Кайда?» – деп чыңырганын кечиргин. Баарыбызды кечиргин. Жеңиш! Сен деп канча чолпондорубуздан ажырадык!

«Башкалар кайда? Баланча кайда? Түкүнчө кайда? Качан келет калгандар?» – деп жабыла сураганыбызды кечиргин. Суроолордун камагында калып, көз жашын токтото албай: «Кеткендердин баары келет! Эртең келишет. Жакында келишет. Калбай келишет!» – деп Ашыралынын айткандарын кечиргин. Кечиргин бизди, Жеңиш, кечиргин. Сени менен жүз көрүшүп жатып, биз көңүлүбүздө ар кимибиз майдандан кайрылып келбегендер менен акыркы жолу дагы бир сыйра коштоштук, аларды дагы бир сыйра жоктоп, дагы бир сыйра күйүт тартып, көксөө сууттук. Кечиргин мени, Жеңиш, кечиргин! Ашыралыны бек кучактап, бек жыттап, Жайнагымды, Майсалбегимди, Касымымды, Субанкулумду эстеп, ичте туткан арманымды кечиргин!

– Жок, Толгонай, андай эмес, дүйнө сенден кечирим сурансын, заман сенден кечирим сурасын! Сен кечирет белең, Толгонай?

– Кечирбес элем. Душманымды эзелде кечирбейм. Бирок заманыма кек сактаган жерим жок. Арты кайырлуу болсун. Антсе да согушта доом көп. Атылган ок, төгүлгөн

кан – тарыхтын эсебинде, ал эми адамдардын бүлүнгөн өмүрүчү? Аны кайсы эсепке ыйгарып, тарыхтын кайсы бетине жазабыз? Аны үчүн ким жооп берет? Жалп этип окко учпаса да, Алимандын тагдырын эстегенде, ичим күйүп чок болот. Анын убал-сообу кимде? Анын дартын кимге айтам? Кайран келиним, гүл сүйгөн келиним!

Ашыралыны туугандары үйүнө эрчитип кетип, элдин баары таркап кеткенде, Алиман экөөбүз үйгө кайттык. Ушуну менен согуштан аласа-бересебиз бүтүп, мындан нары тынчтык заман башталмак.

Биз унчукпай келе жаттык. Жана ыйлаганынан улам Алиман дале ичтен солкулдап, аптыгып, үшкүрүп келе жатты. Кабагын чытып, эч жакты карабай түнөргөн түрүн көрүп келинимдин алда кандай ойлорго кабылганын түшүндүм. Күн күркүрөрдө аба думуккан сыяктуу, киши да ичи-араны ачуучу чоң сөз сүйлөрдө кыйналат эмеспи. Ооба, Алиман кыйналып турган эле. Анысын мен жалооруп тиктеген көздөрүнөн, тиштенген эриндеринен сезип жаттым. «Ай, эми айрылышабыз го. Касымдан түңүлүп бүттү го,– деп ойлоп келе жаттым. – Айрылышпаганда кантет элек. Өлгөндүн болжолу бар беле, же артынан өлөт беле, кетет да эми, кетпегенде арга канча. Аттиң-ай, кантейин, кантейин. Кетсе кетет да. Качанка эле жесир отурмак. Көңүлү бузулуп кетип жатыптырбы. Бешенедеги ушул экен, ыраазылыгымды берем. Айтор, багы ачылса болду. Жаш эмеспи, дагы бир теңин табар. Касымдай болгон ынагына жолугар бекен? Ким билет? Бактылуу бол, чырагым, бактылуу бол. Кайсынысын айтайын. Кээде мени эстеп коюп жүрсөң балам. Сенден башка кимим бар. Сен кетсең, өлбөгөндүн күнүн көрүп, бир үйдө жападан жалгыз калам, коколой башым. Карыганда медер кылар уулумдан туяк да калган жок. Бирок мага карабагын. Убалыңа калбайын, качан кетсең да, башың бош. Мен үчүн кылчактаба, балам, күнүңдү көр. Ыраазымын сага, батамды берем» –

деп, айтар жообумду камдап, сүйлөшүүгө даяр болдум. Сыр алышкан, бирине бири күйүшкөн кишилер адамдын оюндагысын айттырбай билишет окшойт. Мен ошондо кандай санаа чегип келе жатканымды Алиман билген экен. Бирок анын сөзү мен күткөндөй чыкпады. Ордолуу отон талаам, сенден жашырган сыр барбы, Алимандын ошондогусуна, анын айткан сөздөрүнө, анын тоодой адамгерчилигине, кыйышпас боорукерлигине ыраазымын, өлөр өлгөнчө ыраазымын, бирок өзүмө наара-зымын, өзүмө наалат айтам...

Эмне үчүн ошондо боштук кылдым, эмне үчүн Алимандын сөзүнө жаш балача соорондум?

Касымдардын чарбагынын жанынан өтүп бара жатканыбызда, там салабыз деп камдаган дөбө таш, нечен жылдап жаан-чачынга калып, эзилип бүткөн кирпичтер үймө топурак болуп жатканы көзгө түштү. Жаштар согушка кеткенден бери бул жаңы көчө ошол бойдон ээн калган, айлана тегерегин коолаган ала-бата, уйгак басып, алардын арасында аркандалган музоолор жүрчү. Уранды дубалдардын баш-башында үпүп-куштар көкүлдөрүн тарап, жаздын ырайына берилип, беймарал гана сайрап отурушкан экен. «Капырай, там-жай салып, өзүбүзчө түтүн булатабыз дегендер кайда калды? Карачы. Байкуш Касымыма да буйрубаптыр да»,– деп санааркап келе жатканымда, Алиман мени жалт карады, да катуу үшкүрдү. «Эне,– деди ал мага,– мынча эмне бөксөрдүң? Же жакшылыктан таптакыр эле түңүлүп калдыңбы? Антпечи, энеке, бошобочу мынча, кайратың бир элчелик бар эле го. Бери отуралычы, мындай, дөңсөөгө, сүйлөшөлүүчү». «Азыр айтат, кетем дейт эми!» – деген ой каңырыгымды түтөтүп жиберди. «Отуралы, сүйлөшөлү» – дедим мен да. Жол боюндагы дөңсөөгө кайнене-келин болуп, акыл чечмекке отурдук. Алда, Алиманым ай, мынча неге мээримдүү болуп жаралдың эле! Ошол ак көңүлчөөктүгүң өз башыңа жеттиби, ким билет? – «Эне

– деди ошондо Алиман. – Кууураган согуш бүттү эми. Акысы калган жок. Мындан ары кантебиз деген оюңда бар чыгар. Кейибе, энекебай. Дүйнө ушунчалык эле адилетсиз болуп кетти дейсиңби? Маңдайыбызга жазылган жакшылыктын жугу да калбады дейсиңби? Бир үйдөн кеткен төрт кишиден кантип эле бири аман кайтпасын. Жо-жо, эне, коё тур, менин сөзүмдү ук. Ак дилимди айтам, эне, көңүл уласам кудай урсун: анда өзүмдү өзүм алдаганым. Ишенгин мага: жакшылык колдосо, кичине бала аман кайтып келет. Кабарсыз кетти дегени – аман дегени, эне. Ким билет, колго түшүп кеттиби, тентип адашып кеттиби же жарадар болуп, токойдо жашынып жүрөбү, айтор, эртеби-кечпи Жайнагың жарк этип кайтып келгенде билерсиң. Дарексиз дегенинен түңүлбөйлү, эне. Дарексиз эмес, өлдү деп кара кагаз келген кээ бирөөлөр кийин тирүү кабары чыгып, ал түгүл, жогорку айылдык бир киши, те төмөнкү казакта да ошондой окуя болду, өзүң угуп жүрбөйсүңбү, аш-суун берип койгондон кийин аман-эсен кайтып келишти. Ал эми биздин кичине бала – аман эле, көкүрөгүм айтып турат. Кантип эле төрт кишиден бири кайтып келбесин. Сабыр кылалы, эне, күтөлү. Бери карачы, эне, мен деле сенин балаңмын да, башта келиниң болсом, эми уулуңдун ордуна уулдай көргүн. Андай эмес десең, макул бет алдыбыздан басып кетели, анда эмне болот. Касымдын арбагын сыйласам да жалгыз таштап кетпейм сени, эне. Андан башкасын өзүң бил...»

Алиман сүйлөп бүткөндө, көпкө унчукпай отурдук. Майдын орто чени беле ошондо. Тээ алда кайда, мелтилдеген ыраакkы кыйырда ак-ала булут түрмөктөлүп, андасанда күн күлдүрөп, шамал желдеп турду. Ошол жаркыраган багытта жазгы нөшөр төгүп турса керек. Күн шооласына чагылышкан жаандын салалары сымаптай кубулуп, бирде тоого, бирде ойго көчүп, дүйнө жүзүн жууп келе жатты. Ошол алыстыктан жаандын салкын шапа-

тасын шамал айдап, леп-леп этип жанымды сергитти. Алиманга мен эчтеке деп айткан жокмун. Бирок менин айтарым тетиги жаркыраган жаандай таза сөздөр эле. Караңгылаган, кансыраган жаныма жарык нур тийгендей, бүт жан дилим менен сага айттым, улуу Жер. Ушундай адамдарды жаратканыңа рахмат, сага, Жер,– дедим. Дүйнөнүн тазалыгына, адамдын тазалыгына рахмат дедим. Тээ тиги ак-ала булутуңа, жаркыраган жааныңа рахмат дедим. Жаан жаайт, эгин өсөт, эл күн көрөт, мен да алар менен кошо жашайм дедим. Буларды айтканым – Алиман мени аяп, урматтаганы үчүн гана эмес, мени жалгыз таштабайм дегени үчүн эмес, жок, бир кишинин көр оокаты кайда өтпөйт дейсиң, мен сүйүнгөндө, мен сыймыктанганда, башкага, адамда болгон улуу нерсеге сыйындым. Согуш адамды түнт кылат, таш боор, өзүмчүл кылат, айбан кылат деп ким айтат? Жок, согуш, кырк жыл кыргын түшүрсөң да, нечендердин ажалына жетип, өрттөп, кыйратып, жексен кылсаң да, адамды сен багынтып басынта албайсың. Баардык күткөн жакшылыгынан өзү ажыраса да, адам кандай болбосун, башка бирөөгө жакшылык көрсөтсөм дейт, аны сүйөп, таясам дейт, аны аз болсо да бактылуу кылсам дейт.

Менин Алиманым адам да! Караңгы түндө парашют байланып, душмандардын ордосуна самолёттон секирип түшкөн Жайнак кабарсыз, дарексиз жок болду дегенине карабай, аны өлбөйт, аны аман деп, аны сөзсүз кайтып келет деп ишенгени, тилегени ким үчүн? Дүйнө анча адилетсиз эмес деп, бел байлаганы ким үчүн? Алимандын чын жүрөгүнөн айткандарына мен да ишенип, ырас эле Жайнак тирүү болуп жүрбөсүн, андай экен кайтып келсе да ажеп эмес деп, жаш балача үмүттөнгөнсүп калдым. Мен ушинтип ойлонуп отурганымда, Алиман огородго таштап кеткен соко-унааларыбызды эстеп: «Баса, огородду айдап бүтпөй калбадыкпы, жүр, эне, эртерээк, жер кургап кетпесин,– деп, шаштырып калды.

Чарбакка келсек, өгүздөр сокону сүйрөгөн бойдон, алда качан арыкты жээктеп оттоп жүрүшүптүр. Алиман аларды кайрып келди да, сокону кайра борозго салдык. Кишинин көңүлү деген кызык нерсе го. Бирпастын ортосунда канат байлап, алып учат эмеспи. Айткан сөздөрү, кылган аракети өз көңүлүнө туура келсе керек, Алиман баягы согуштан мурунку калыбына кайрылып келгендей, жаркылдап күлгөнү, сүйлөгөнү жылдызын ачып, жарашып турду. Бешмантын нары жакка чечип ыргытып жиберип, ак көйнөгүнүн этек жеңин түрүнүп, башындагы жоолукчасын чекеге түшүрө тартынып, – кара-тору жүзү нурланып, үнүн бек чыгарып: «Ала-баш өгүз, цоп! Цоп, цобе! Кайры, кайры, чолок куйрук. Цоп, цобе!» – деп, узун шапалак камчыны шартылдата чимирип, өзүнчө эле чебеленип жүрдү. Алда, Алиманым ай, көрсө, мени бошобосун, турмушка, ишке алаксып, тиричилик кылсын дегени турбайбы. Соконун туткасын карманып келе жатканымда, артына кайрыла калып: «Эне, сокону жеңилирээк бас, таштак үстүнө чыгып кетпесин!» – деп баштап жүрдү. Дагы эки-үч имерим айдоо калганда, жаан да желдирип жетип келди. Шаңдуу төгүлгөн өткүн экен. Алаканын шак коюп, камчыланып келгендей, күү менен тийген тентек өткүн айыл арасына оюн салып, бүлүк түшүрдү. Канаттарын далбактатып какылыктаган тооктор туш-тушка корголоп, аялдар жайылган кирлерин ала качып, күчүктөр, балдар көчөдө кубалашып:

«Өткүн, өткүн өтүп кет,
Кара суудан кечип кет» —

дешип, жарышып жүрүштү. Суу болобуз, кокуй, үйгө кире туралы десем, Алиман: «Эчтеке эмес, эне, бүтүрүп коёлу!» — деп, секелек кыздай, жаандын кытыгылаганына каткыра күлүп, өгүздөрдү токтотпой айдай берди. Келинимдин бул жыргалына мен да баттым. «Мүнөзүңдөн ай-

ланайыным, өткүр жаандай жаркылдаган түрүндөн айланайыным, кылык-жоругуңдан болоюнум! Кандай ырыстуу жубай болмок элең! Алда, дүйнө ай, алда, дүйнө ай!» – деп, жүрөгүм элжиреп, Алимандын сүйкүмдүүлүгүнө тойбодум. Кийин ойлосом, анын бул жоругу да мага арналган турбайбы, менин көңүлүм ачылсын деген турбайбы. Алиман улам алакандарын, бетин жаанга тосуп: «Эне, бери карачы! Кандай сонун жаан! Кандай таза жаан! Быйыл эгин мол болот! Цоп, цобе, жаан, төгө бер берекеңди, төгө бер! – деп жамгырды, өгүздөрдү камчы менен чапкылап, тамашалап жатты. Ошондо өзү кандай сулуу экенин, сууланган көйнөгү этине жармашып, мүчөсү кандай сындуу экенин, көздөрү кандай жайнаганын сезген да эмес чыгар. Алда убалыңа жеткен, согуш ай!

Өткүн тып басылып, алыстап кеткенде, бул дагы тез эле өтүп кетет турбайбы дегендей кыял менен, узап жаткан жаандын артынан муңканычтуу карап, алыска көз жүгүртүп, жаандын бастап бара жаткан күүсүнө кулак салып, Алиман катуу үшкүрдү. Байкушум ай, Касымды эстеди окшойт ошондо. Алиман мени көрө салып, күлүп жиберди да: «Жаандын нымы менен жүгөрүнү себе салалы!» – деп, үйгө чуркап кетти.

Жибитилген, бадырайган жүгөрүлөрдөн Алиман чоң чеңгелдеп алып: «Эне, ушул жүгөрү дүмбүл болгуча кичине бала аман-эсен кайтып келсин!» – деп, саамалык үрөндү огородго чачып жиберди. Алимандын ошондогу түрү эч бир көз алдымдан кетпейт. Булут койнунан булт этип, жаңыдан төрөлгөндөй, кызыл эт күн тийгенде, жаандан кийинки нымдуу кара топурак менен жылаңайлак басып, кадам сайын, алтын чачыла чачкандай айдоого дан шилтеп, бул касиеттүү эмгекти жакшы тилек, жакшы үмүткө багыштап, Алиманым жүгөрү эмес, жакшылык сээп жүрдү. «Көрөсүң го, эне, менин айтканым келет. Буюрса, кичине балага дүмбүлдү өзүм отко кактап, бышырып берем. Баягыда дүмбүлдү менден тала-

шып жечү эле го. Эсиңдеби, бир жолу ысык сотону ала качам деп, койнуна салып жибергенде, ичи күйүп калбады беле. Калак, калак деп ичин басып, секирип жүрсө, мен жинди немедей: «Чала сага! Чала! – деп күлө бериптирмин. – Эсиңдеби?» – деп, Алиман мени да күлдүрүп жатты.

## VI

– Мейли эми, ошонусуна да рахмат! Жүгөрү бир эмес, эки жолу, үч жолу дүмбүл болду, бирок Жайнагыбыз кайтып келген жок, эч кандай дареги да чыккан жок. Алиман кийин айыпкер немедей унчукпай да калды өзү...

Ал орто жаз айланып, кыш өтүп, турмуш өз агымы менен кете берди. Эл оокаттанып, колхоз ирденип, өткөн кеткендин кээри аз-аздан унутулуп, согуштун изи жукарды. Алиман экөөбүз баштагыдай эле колхоздо иштеп жүрдүк. Бригадирликти мен балдар фронттон кайтып келер замат өткөрүп бергем: «Силер жокто үч жыл эптеп иштеп турдум, эми карыдым-арыдым, балдар, ишти өзүңөр колго алгыла» – дедим. Ошондогу жаштар кээ бирде, азыр да мени «бригадир-апа» – дешет. Сыйлашат окшойт...

Заман тынчтанганы менен Алиман экөөбүздүн санаабыз тынган жок. Сыртыбыздан жашырып, сыр билдирбеген болобуз, бирок чынында ар качан көңүлдөн кетпеген иш менин да, анын да жүрөгүн өйүп жүрдү. Мындай карасаң, маңдай-тескей отуруп алып эле, кана эми ар кимибиз өз жолубузду жолдойлу, өз турмушубузду көрөлү дей тургандай эле ачык сөз. Ооба, жөнү ошол. Бирок биз ошенталбай койдук. Менден кеттиби, Алимандан кеттиби, анын толуп жаткан себеби бар, эми айтканда эмне. А балким, биздин эч кандай күнөөбүз да жок чыгар. Нечен-нечен жолу арман-муңумду айтып, сага келчү элем го, Мекен-Талаам...

– Келчүсүң, Толгонай, ооба. Санаа басып, кантем келинимди, кантем? Убал сообун кантем деп, ыйлачусуң. Нечен жолу келсең да, ошондо мен сага акыл бералган жокмун, Толгонай. Арадан далай жыл өттү, сен минтип картайып отурасың, бирок азыр да сени актап же болбосо каралап эчтеке айталбаймын, Толгонай.

– Ким билет. Ушуга келгенде мен өзүмдү кечиралбасмын. Келиним Алиман эмес, башка аял болсо, мүнөзү башка, мамилеси башка, адамгерчилиги башка, жүргөнтурганы башка неме болсо, көп кечиктирбей эле, кой эми, балам, качаңга эле жесир болуп отурат элең. Жаш башыңды кор кылбай, бирөөгө тийип кеткин дээр элем. Бирок Алиманга айталган жокмун. Эгерде айтсам, адам затынын кандайдыр бир асыл дүйнөсүн бүлдүрүп, кандайдыр бир ак нерсени булгап коё тургансып батыналбай жүрдүм. Чын эле: Касым өлдү – сен эми кеткин, керегиң жок, башка бирөөгө тийип кеткин деп оозум барат беле? Сөздү кандай гана жумшактабагын, түпкү мааниси ушул да. Эс-акылы бар келин эмеспи, өзү айтар деп да бир чети шашылган жокмун. Ал эми Алиман болсо, алда байкушум ай, мынча боорукер болуп жаралганын карачы. Мени аяп, кыялбай жүрдү окшойт. Ошонусуна карабай, менден кетпесин деп, бир күнү Кайыңдыдагы агалары жол жүрүп келип калган экен, ыраазылыгымды берем деп, аларга оюмду түшүндүрдүм. Ошентсем, тигилерди кагып: мени менен ишиңер болбосун, кетемби, кетпейимби, өзүм билем, кийлигишпегиле деп коюптур. Жөн эле турбай деп өкүнүп да калдым өзүм. Менин уялганымды билип, Алиман ошондо ортобузда кандайдыр бир сөз аралап өткөнүн сездирген да жок. Ичимден абдан ыраазы болдум. Мына үшүнтүп бир бирибизди аяп, бир бирибизди кыялбай жүрүп, Жайнак келип калабы деп үмүткө алданып жүрүп, эң акыры андан да түңүлүп, кийин анын убактысы өткөн соң, кеч болуп калды. Ооба,

Жер-Энем, ыймандай сырымды айтам, өзүң билесиң го ал окуяны.

– Билем, Толгонай, билем. Келиниңе мурдатан айтпай жүрүп, кийин айтканыңда бетиңди карабайт болчумун, Толгонай.

– Ырас анның. Кандай болуп кеткенин азыр да билбей калдым. Айлыбыз жол боюнда эмеспи, жайлоого мал айдагандар, кыштоого түшкөндөр дайым биздин аңыздарды аралап өтүп жүрбөйбү. Жер ортосу деп малын жайып, эки-үч күндөй туруп да калышат.

Кырк алтынчы жылдын күзүндө төмөнкү айылдык бир чабан чоң сайда коюн айдап жүрдү. Аскерден келген жигит көрүндү, боз шинелчен, тонун бөктөрүп, мылтыгын асынып, нары бери бастырганына анча назар да салган эмесмин. Айылда кимдир бирөө той берип калды да, көкбөрү чабылып, алиги чабан улакчы жигит экен, улакты биздин дарбазанын астына алып келип таштады. Короодон жүгүрүп чыгып, ошондо көрдүм аны. Ойсоңдогон сур күлүктү туйлатып, шымаланган шамдагай неме экен. Эмне үчүндүр башка сөз оозума келбей: «Ой, бул эмнең, балам?» – дептирмин. Ошентсем: «Үйдө ким бар?» – деди. «Ким керек эле?» – дедим. «Колумдан түшүп калды» – деди да, улакты эңген бойдон, такымга басып чаап кетти. Аңгыча көкбөрүчүлөр жетип келип, артынан жабыла кууп жөнөштү. Ушуну менен мен ал чабанды экинчи көргөн жокмун. Бирок анын кылганына абдан бушайман болдум. Бул эмне дегени: алып келгенден кийин таштап кетпейби, улак түшкөн үйдүкү – салт эмеспи, же чын эле колунан түшүп калдыбы? Андай экен эмне үчүн көчөгө түшпөй, дарбазанын жанына түшөт? – деген арсар ойдо болдум. Мен ушинтип турганда, үйдөн Алиман чыгып келди. Гүлдүү жоолугун салынып, жибек көйнөгүн кийип, жасанып алган. Тойго барганы жатканбыз. Мени көргөндө, Алиман ылдый карап, кызара түштү. «Жүрбөйсүңбү, эне», – деп акырын сүйлөдү. Жанагы чабан-

дын эмне үчүн келгенин мен ошондо гана сездим. Эки-үч күндөн бери Алиман суу алып келем деп, арыкта суу турса, чоң сайга барып, кеч кайтып жүрдү. Ичим сыздай түштү. Акыры бир күнү ушундай болмок, сөзсүз боло турган иш, антсе да ичим сыздай түштү. Кызгангандыктан эмес, а балким, кызганган да чыгармын, кеп башкада. Алиманды көп кечикпей ордун таап алса экен деп тилеп жүрүп, иш жүзүнө келгенде, апкаарый түштүм, корктум. Чыгып жаткан келиним эмес, күйөөгө берер өз кызымдай коруп, Алиманды жаңылбаса экен, барган жери түзүк болсо экен деп жаттым. Тойдо отурганымда да, үйгө келгенимде да ушул ой башымдан кетпеди.

«Жанагы жигит кандай неме экен? Жакшылап таанышып, билип алгын. Шашып кетпе, Алиман балам, алданып калба!» – деп, ичимден айтып жаттым. Эмнеси болсо да эми жолтоо болуп калбасам экен жаштарга. Алиман менден ийменип тартынбаса экен, канткенде өз ыктыяры өзүндө экенин, менин ага эч кандай каршылыгым жок экенин этияттап билдирсем деп кыйналдым. Эчтекени шекшибеген немедей күндөгүдөй эле орду менен сүйлөп, орду менен күлүп отурсам да, Алиманым мендеги купуя ой-санааны сезген экен. Кечинде суугa барам деп, чакаларды алып чыгып кеткенде, үстүмдөн оор жүк түшкөндөй жеңилдедим. Барса барып, жолугуп келсин дедим оюмда. Бирок көп өтпөй эле Алиман суу көтөрүп үйгө кирип келди. Сайга барбай арыктан эле кайра тарткан экен. «Эне, суу жылытып берейин, башыңды жууп ал» – деди Алиман, чакаларды ордуна коюп жатып. «Эртең күндүз эле жуурмун, жумушуң болсо...» – деп айтып келе жатканымда, Алиман сөздүн алдын ала: «Эртең колхоздон кол бошобойт, эне, жууп алгын, чачыңды тарап берейин» – деди. Көңүлүнө кетпесин деген ой менен айласыздан макул болдум. Сууну чоң казанга толо жылытып, мени бир баш жууп көрбөгөн жаш бала өңдөнтүп, адегенде айран менен жуудуруп, анан самындатып жууду-

руп, сууну улам чабыштырып, алмаштырып, жанымдан кетпей убараланды. Башка убакытта болсо, балам, жөн койчу, өзүм эле жууп алам дээр элем, бирок бул жолу унчукпадым. «Алда кокуй, бул эмнеси, эки ортодо мен үчүн жолугар жерине барбай калды го» – деген ойго кысталдым. Андай дейин десем Алиман аны-мунуну жайдары сүйлөп, көңүлдүү эле жүрдү. Болгондо чачымды тарап жатып, саал күңгүрөнө түштү. «Эне, жаш чагыңда чачың келишкен чач болсо керек!» – деп, маңдайымда чачымды эркелете сылап, бети башыма, мойнума алаканын тийгизип сылады. «Мени менен коштошуп жатат го» – деп көзүмө кылгырган жашты жашырып, араң чыдап отурдум. Анан ал чачымды өрүп берди да, сандыктагы атырын алып чыкты. «Кой, балам мага анын кереги эмне, кой кокуй, нары, картайганда уят эмеспи», – дегениме болбой, каткырып күлүп жатып, башыма атыр септи да, мойнумдан кучактап жыттады. «Мына, кандай сонун, жапжаш болуп калдың, – деп аябай сүйүндү. Мен да күлдүм. «Эми чай ичкин, эне, чайдан кийин төшөгүңдү салып берейин, жаталы» – деди.

Ал түнү экөөбүз тең уктаган жокпуз. Алиман өзүнчө ой жүгүрттүбү, кээде-кээде катуу үшкүрүп коюп жатты. Мен болсом көзүмдү жумсам да, Алимандын бүгүнкү кылган жакшылыгына көңүлүм көлдөп, өткөн күндөр көз алдыма тартылып турду. Бир туруп Алимандын баягыда гүлкайырларды комбайндын тепкичтерине алып барып коё салганын эстеп жаттым. Бир туруп, Касым аскерге жөнөрдө, аны атка мингизбей улам мойнуна асылып, жаш балача колунан тарткылаганын эстедим. Бир туруп станцияга ашыга жол жүрүп бара жатканда, жабалактаган аппак кар Алимандын жоолугуна, маңдай чачына, жакасына күрпөңдөлө жыйналып, анын тамылжыган жүзүнө көрк берип, сулуулаганы эске түшөт. Бир туруп, мени көздөй кучагын жая жүткүнүп: «Энекебай, жесирбиз, окшошкон жесирбиз!» деп, бакырганы угул-

гансыйт. Бир туруп, кызгалдак жайнаган кысыр аңыз менен кара жоолукчан Алимандын чоң жолду көздөй качканы эске түшүп жатты. Койчу, ушинтип отуруп, эң акырында жанагы көкбөрүчү чабан менен кой айдашып, ээрчип кетип бара жатканы заматта көз алдыма келе калды. «Кош, энеке! Жаман көрбө, кеткеним ушул. Кайыр кош, энекебай!» – десе, артынан кол булгалап, жар бойлоп жүгүрүп: «Кош, чырагым! Кош, гүл сүйгөн келиним, кош маңдайыма сыйбаган чолпонум! Аман бол, багың ачылсын, этегиң көгөрсүн, аман бол, кайыр кош! Ай, жигит, баламды кор кылба! Каргайм, каргышым тиет!» – деп жаттым. Көзүмө толуп, ашкан жаш ысык салаа болуп, жаактарымда сыдырылып, жаздыкка тамчылап жатты. Ыйлаганымды Алиман угуп койбосо экен деп, оозумду басып чүмкөнө бердим.

Эртеси да Алиман эч жакка чыккан жок. Ошондон кийин алиги чабан көрүнбөй калды. Коюн айдап кетсе керек. Алимандын сузураак түрүн көрүп, ошондо катуу кейидим. Көңүлү болсо, кете эле бербейби, байкуш бала, мага күйгөндө эмне чыкты? Бир топко чейин арсар жүрүп, кийин бул иш эсинен чыгып кеткенсиди.

Ушуну менен эрте жазда жанагы чабан кайра пайда болду. Коюн айдап, чоң сайда жүргөнүн сырттан байкап калдым. Ошол күндөрү Алиман кеч кирери менен эле кетип, эл тегиз жатканча сыртта жүрчү. Мен эмне дейт элем, өзү билет да. Чын эле мен эмне демекмин, кантмекмин, айтчы, жан боордош талаам? Эсиңдеби баягы шойкон түн, эртеси сага келип ыйлаганым...

– Коё тур, Толгонай. Сен ал түндү шойкон деп айтпа. Ал түндүн терс жагы да, оң жагы да болгон чыгар. Жан жаралган түнгө тил тийгизбечи, Толгонай.

– Сөзүмдү кайра алайын, Жер-Энем. Күйгөндөгү кебим да. Күйбөгөндө эмне болду элем. Ал түнү Алиманды көпкө чейин күтүп отурдум. Айыл тегиз жатса да, мен эмне үчүндүр чырак өчүрбөй, купуя санаа тартып, алда

эмнеден коркуп, терезеге тигилип, шырп эткен дабыштарга кулак түрүп, чыйрыгып отурдум. Тышта ай тийип, анда-санда булут көчүп, жазгы аба тынып турду. Бир тамда жалгыз өзүм отурганымдан үшүгөнсүп, ичикке орондум. Түн ортосуна жакын көзүм илинип кеткен экен, капилеттен чочуп кетип, башымды өйдө кылсам, эшикти ачып, Алиман кирип келе жаткан экен. Мас экен. Кызылдай мас. Айрылган көйнөгүнүн жакасы жалжайып, эти көрүнүп, чачы бет алдынча чачылып, көзүнүн каректери балбылдайт. Алимандын мас болгонун өмүрү биринчи көрүшүм. Эмне дээримди билбей, ордумдан турууга алым да келбеди. Алиман босогодон араң аттап кирди да, жыгылып кете жаздап, мешти барып кармап туруп калды. Анан мешти карманган бойдон теңселе берип: «Ха!» – деп, жаман күлүмсүрөдү. «Эмне карайсың! – деди ал, башын чайкап. – Эмне карайсың мени? Ооба, мен масмын. Ооба, мен арак ичтим. Ичпегенде эмне кылам? Мен ичпегенде ким ичет яа? Эмне унчукпайсың? Менин түрүмдөн коркуп турасыңбы?» Унчугалбадым. Келинимдин ушундай абалга жеткенине жүрөгүм сыздап, өлүп кете жаздадым. Алиман дагы бир аз теңселип, башын салаңдатып турду да, бир убакта, акырын шыбырады: «Эне. Сен эчтекени билбейсиң. А мен болсом... Мен... Мен бүгүн... Касым аскерге жөнөр күнү кечинде сууга барбадык беле, чоң сайга... Эмесе так ошол жерде» – деп келе жатып, чачын кош колдоп чеңгелдеп: «Мен ит болдум! Эне, энекебай!» – деген кыйкырык жүрөгүнөн атырылып, өзү кийизге бет алдынан кулады да, тыбырчылап, башын жерге ургулап, бакырып ыйлады. Ордумдан ыргып туруп, учкан куштай жанына жетип бардым. Башын өйдө кылып, көкүрөгүмө кыстым: «Ыйлабачы, Алиман, ыйлабачы. Эмне болду сага, айтчы деги? Капа болдуңбу? Же бирөө бир нерсе дедиби сени? Айтчы мага. Же мага таарындыңбы? Таарынсаң, айт, ичте тутканыңдын баарын айт, угайын...» «Жо, жо эне, энекебай, бай-

кушумай, жалгызым ай, эчтекени билбейсиң да, билгенде да колуңдан эмне келет эле, алда, кокуяй, алда кокуяй!» – деп, кандайдыр бир өзүнө гана белгилүү арман күүсүн чегип, эч бир токтоналбай, мени кучактап алып, солкулдап ыйлап жатты. Көпкө чейин боздоду. Анан акырын бастап барып тынчыды да, уктап кетти. Уйку арасынан да кээде жаш балача бышактап, онтоп жатты. Уктаганым жок. «Эмне болду келиним? Кантем эми?» – деп таң атырдым.

Эртеси ордунан турганда, уялып мени карай албады,– сүйлөгөн да жок. Жумушка чыгып бара жатканыбызда гана: «Кечирип кой мени, эне» – деп койду.

Ушуну менен арадан эки-үч ай өтүп, жайында, баягы качкын Жекшенкулдун сурагы болду. Ал согуштан кийин элге баталбай, үйүнө уурданып келип-кетип жүргөн экен. Бирок казакта турган жеринде дагы эле тынч оокатын кылбай, алып-сатарлык жүргүзүп, кой уурдап, колго түшүп калыптыр. Тергөөдө анын мурунку кылмыштары билинип калып, биздин айылга суракка алып келишкен экен. Сельсоветтин чабарманы мени да күбө болосуң деп чакырып келиптир. Көчөдө келе жатсам, Алиман кетменин көтөрүп жумуштан келе жаткан экен. Илкий басып, элден бөлүнгөндөй, жалгыз өзү келе жатыптыр. Түрү да кандайдыр капалуу, көзү алайып, арыктап калыптыр. Ошол жайда бети да темгилденип кеткен эле. Боорум ооруп кетти. Эми үйгө барып дагы жалгыз отурбасын деген ой менен: «Жүрчү, балам, мекемеге кошо кайрыла кетели. Үйгө бирге баралы»,– дедим. Ошентсем: «Жо, эне, мага эмне бар анда. Башым ооруп турат, үйгө эле кетейин» – деди. «Мейлиң,– дедим. – Жата тур кыйналбай. Уйду өзүм тосуп алам».

Мекеменин жанында туюк жабылган машина туруптур. Күбөгө чакырылган, жумуштан келе жатып кайрыла кеткен бир топ кишилер ачык терезенин жанында сөз угуп, кулак салып турушуптур. Мен да ошолорго кошу-

луп калдым. Жекшенкулду көрбөгөнүмө далай жыл болгон, тултуюп, тимеле семиз. Күржүйгөн ийиндери этке толуп, көзүн кабактын астына катып, үлүрөйүп отурган экен. Саап отурган жалгыз уйларыбызды сокого кошуп, ачкадан өлүп бара жатканыбызда тапкан-тергенибизди колдон талашкан ушул ит эмес беле. Менин кудай кошкон жарым, уул-балдарым фронтто кан кечип, алышып жүргөндө, бул неме элден артыксынып, кара башын ала качып жүргөн. Эми карасаң, биздин айылдык бир аксакал кишинин сөзүн бөлүп, каяша айткысы бар. «Ошол да кеп бекен, фронтто өлгөндүн өз ажалы өзүндө. Мага анын кандай тиешеси бар? – дейт. – Ууру дейсиң, көзүңөр менен көрүп, колуңар менен кармаган жериңер жок. Үстүмдөн жүз айткыла – куру сөз. Факты керек». Муну укканда каным кайнап кетти. «Жаныңды жебе, имансыз! Факты эле керекпи сага, мен факты!» – деп терезеден кыйкырып калдым.

«Апа, бери кириңиз. Бери кирип сүйлөңүз» – деди ордунан тура калган тергөөчү.

Кирип бардым да, түз эле сүйлөдүм. «Ооба, биз сени колубуз менен тутуп алган жокпуз, сенин артыңдан түшүп кармоого чолобуз да тийген эмес. Биз анда жер тырмактап фронтко нан бергенбиз. Биз анда машак терип балдарды бакканбыз. А сен анда кошко байланган аттарды айдай качып, элдин кочуштап жыйнаган үрөнүн жула качып, бала-бакыранын насибин түп тамырынан курутуп, кол салгансың. Демек, сен ошону менен фронттогу солдаттардын колунан нанын тартып алгансың. Артыңдан жете барып: «Токто! Мен билем сени, Жекшенкул. Токто!» – дегенимде, кайрыла калып мени аткансың!» – деп, жүрөктө кайнаган сөздүн баарын айта бердим. Ошондо айт, тартынбай айткын дегендей, Айша кошунамдын томсоргон түрү, анын бетинен аккан бопбоз жаш, ошол боп-боз салаа жаштай болуп төгүлгөн асмандагы саманчынын жолу, көз алдыма келип турду.

«Факты деп заң-закүнгө таянып, кутулсаң кутулуп кетерсиң. Бирок билип койгун, эл-журттун азап-тозогунан безип, анын өлүм-житимин ийин тирешип көтөрбөгөнүң үчүн, адам санынан чыгып, өмүрү жек көрүмчү болуп өтөсүң. Сага факты да, жаза да ушул» – дедим.

Мен сүйлөп бүткөндө, тергөөчү: «Рахмат, сизге апа. Эми бошсуз. Үйүңүзгө бара бериңиз» – деди.

Мекемеден чыгып келе жатсам, Жекшенкулдун аялы эшикти тосуп калды. Жиниккен немедей эле келип бир тийип, кыйкырды: «Өлүгүңдү көрөйүн, как баш. Ак жүрөк болом деп, кайсы жакшылык көрдүң. Андай ак жүрөк экенсиң келиндин ичин кантесиң! Ии, ал кайдан экен? Үйүңдө боозуган шерменденди көрбөй, эмне карап жүрөсүң? Окшошкон шерменделер!»

Жүрөгүм шуу этип, токтоло түштү. Ооба, ооба, бул катындын айтканы ырас эле. Мурда бүдөмүк шекшип, жаныма жакын жуутпай алыс айдаган күмөн нерселер заматта айкын-ачык боло калды. Аңгыча, эшикте турган кишилер: «Бас жаагыңды, өлөсүң!» – дешип, Жекшенкулдун аялын жакалап калышты. «Тийбегиле!» – дедим. «Кол тийгизбегиле!» – деп, унчукпай басып кеттим.

Көчөдө келе жатканымда оюм миң санга бөлүндү. Мындай болорун ойлогон эмесмин. Кийинки кезде Алиман кандайдыр бир элден четтегенсип, мүнөзү да башкача, башка жактан келген чоочун немедей паанайы пас, күлбөс болуп жүргөнүн мен жөн эле капа тартып жүрсө керек дегем. Алиги чабан жигит көңүлүнө туура келбей, келишалбай коюшса керек деп жоромолдогом. Ал ошондо эле изи сууп, тоого кеткен. Экинчи аны көргөн киши жок. Көрсө, иш башкача турбайбы. Аттиң ай, аттиң ай...

Андай болорун ким билиптир. Эми кантем деп, дал болдум.

– Ооба, Толгонай, сен ошондо мага келип кантем деп сырыңды айткансың.

– Сага айтпаганда кимге айтат элем, жан-боордош дыйкан талаам. Тырмактай кезимден тартып мына ушул карыган күнүмө чейин сенин демиң менен, сенин күчүң менен турмуштун нечен-нечен белин ашып, өмүр сүрүп келе жатам. Кантем десем, сен ошондо: «Ойлон, Толгонай, тереңирээк ойлон. Ичиңди кең сал, дүйнөнү кең көргүн, куру намыс, тайыз акыл болбо» дегенсиң.

Мен гана эмес, башкалар да ойлогонуна ыраазымын. Ичкен суубуз бир, көргөн күнүбүз бир тагдырлаш, замандаш айылдаштарымдын кең пейилине кулдугум бар. Ошол окуянын эртесинде Айша кошунам чай ичкин деп үйүнө чакырып, аны-мунуну кобурап, сөз арасынан: «Жанагы Жекшенкулдун аялы түндөп көчүп кетиптир» – деди. Унчукпадым, көчсө ар кимдин өз эрки. Кийин, көптөн кийин гана билип калдым, ал өзү эмес, ошол түнү эл чогулуп келип: «Кеткин биздин айылдан!» – деп, арабага салып, көчүрүп жиберишиптир. Ошондон кийин улуу-кичүүнүн биринин да оозунан тигиндей-мындай эле деп сөз уккан жокмун. Балким ичинен ойлошсо ойлошкондур, балким теңтуштары Алимандын өзүнө айтса айткан чыгар, бирок мага эч ким эчтеке деген жок. Андан бери мына канча жылдар өттү, али да сыйлашып келе жатышат. Рахмат, көзүм жумулганча ыраазымын. Мен өзүмчө ойлономун да: илгерки заман болсо не деген айың-ушактар, не деген күйдүргү сөздөр бетиме жабылбайт беле. Ал эми согуштун азап-тозогунан өтүп, тирүү басып жүргөн ар бир адамдын баасы канчалык кун жеткис экенин, анын көңүлү канчалык ыйык экенин замандын улуу сабагын алган эл өзү эле түшүндү. Алимандын күнөөсүн кечирди. Эгерде алар Алиман экөөбүзгө күлүшсө, өздөрүнө күлүшкөндөй болбойт беле. Ооба, ошентмек. Мейли, адам деген ар кандай дешет, сыртынан күн, ичинен кара үңкүр да дешет, бирөөнүн таманы тайып кетсе, табалайт дешет. Андайлар да бар чыгар, андайлар азыр да арабызда жүрүшкөн чыгар, бирок чын-

чынына келгенде, тагдыр чечилчү жаман-жакшыга келгенде, адам деген ичи кенен, таза нерсе. Ишенем ошого, сыйынам. Өзүмдүн башымдан өтпөдүбү. Билесиң го, Жер-Энем, ошол жылы мен үчүн кандай оор жыл болду...

– Ооба, Толгонай, сен ошол жылы кемпир болдуң.

– Кемпири да мейли эле, Алиманымды азыр ойлосом, азыр сайсөөгүм сыздайт. Алда, кокуяй, алда кокуяй... Кай жерден кетирдим, кай жерден жулдурдум... Алимандын боюна бүткөнүн билген күндөн тартып, баардык жан аракетим менен сактабадым белем. Көз көрүнөө немени көрүп эле турсак да, эмне үчүндүр билмексенге салып, кеп кылган жокпуз. Оокат-тиричиликке тиешелүү эмне гана болбосун, баардыгын эле мурункудай кеңешип, сүйлөшүп жүрдүк, бирок ушуга калганда батыналбадык. Мен анын көңүлүн оорутпайын дедим. Ал болсо түздөн-түз ачыкка чыккандан уялдыбы же оюнда кеткени жүрүп, кеткенче мени кызартып-бозортпой биротоло чыгарда айтайын дедиби, билбейм. Мен үчүн ал кезде аны билиш да кыйын эле. Өзү унчукпагандан кийин, мен эмне дейт элем, кантип сурайт элем. Кокус сурасам, үйдөн кеткин дегенчелик түшүнүп, кетип калбаса экен деп этияттадым. Соо жүргөнүндө жакшы да, кош кабат калганда жолуңа түш дейт белем. Жо, жо, Алиманымды андай жамандыкка эч убакытта кыйбайт болчумун. Көңүлүмдө мен аны күнөөлөгөн да жокмун. Баардыгын өз көзүм менен көрүп, билип жүрбөдүмбү. Алимандыкы күнөө болсо, ал менин да күнөөм, бала төрөсө, ал менин да балам, уят-сыйытын, жаман-жакшы кордугун бардыгын тең тартам деп, өзүмчө биротоло чечип алгам. Алиман кетип калса, менсиз оокаты өтпөй калат беле, таштап кетүүгө кыялбай жүрүп, ушундай ишке дуушар болгонун билбей коюптурмунбу. Баардыгын өз эркине, өз көңүлүнө койгом. Эртеби-кечпи, кыстап келгенде, акыры бир күнү иштин жайын аргасыз сүйлөшөт да болчубуз. Көңүлүбүздө аны да билип жүрдүк. Ошентсе да, бүгүн эмес эртең

деп, улам эртеңкиге калтырып келе бербедикпи. Ал түгүл Алиман кетип да көрбөдү беле. Бул да менден болду, байкабастыгымдан...

Жай аягында, Алимандын ошондо беш-алты айлык боюнда бар кези, эртең менен уйду бадага кошоюн деп көчөгө айдап чыктым. Уйчуман бала үнү коңгуроодой болгон он эки-он үчтөгү жетим бала эле. Ошол күнү ал көчөнүн башынан эле алда-эмнелерди шаңдуу кыйкырып, жаңыдан ойгонуп келе жаткан айылды күн тийгендей козгоду. Биздин үйлөрдүн тушуна жеткенде, уйларын «Өш-өштөп» келе жатып: «Токон-апа!» – деп мага да жарк этип кайрылды. – Токон-апа, сүйүнчү! Жоробек акемдин келини төрөдү, сүйүнчү!» – деди.

«Ии, айланайын, болсун, болсун. Качан төрөдү».

«Таңга маал».

«Кызбы, эркекпи?» «Кыз. Атын Торгой коёбуз дешти. Токон-апа. Таңга маал төрөлгөн торгой дешти».

«Эң жакшы болуптур, балам, өмүрлүү адам болсун» – дедим.

Бирөөнүн жарык дүйнөгө келгенине өзүнчө эле кубанып, ошол чоң кубанычын ар кимге бөлүштүрүп, кабар салып жүргөн уйчуман баланын сөзү делебемди козгоп кетти. Кандайдыр бир таза, ысык сезим жүрөгүмө жыйналып келип, дарбазадан кирип келе жатканымда, бассам-турсам да дайым көңүлдүн мизинде турган нерсени кантип эсимден чыгарып жибергенимди билбейм: «Алиман, сүйүнчү! Жоробектин келини төрөптүр. Уктуңбу? Айы-күнү жетип жүрдү эле, бечара аман-эсен»... – деп айтып келе жатып Алиманды көргөндө, оозума таш капкандай болдум. Тамдын дубалына сүйөнүп, шалдайып турган экен. Акырын гана башын чайкап, ээрдин кесе тиштеп, бозоруп туруптур. «Мен төрөгөндө эч ким минтип сүйүнчүлөп кабар салбайтко» – деген ой кеткенби, же дагы башка жаман нерселерди ойлодубу, ким билсин. Өзүмдүн олдоксонума ушунчалык кыжалат болуп, бетим

кызара өрттөнүп, эмне кыларымды билбей, унчугалбай эле кемегенин жанына отура калып, тезек калай баштадым. Бетимдин кызарганы саал сууй түшкөндө, кайрылып карасам, дале ошол бойдон бозоруп туруптур. Каңырыгым түтөп кетти. «Бир жериң ооруп турабы?» – дедим, жанына басып барып. «Жо, эне, тек анчейин» – деп койду. «Оорусаң үйгө жата турсаңчы, кыйналбай». «Кыйналган деле жерим жок, эне. Тамеки тизүүнүн эмне оордугу бар эле, барайын» – деп, ийнелерин колтугуна кысып, чыгып кетти. Мынча болгондон кийин ачыгын эле айтайын эми. «Корунба балам, уялба. Мунун эч кандай уяты жок. Бул да турмуштун бир сонун нерсеси. Кимдин кандай төрөгөнү кеп бекен. Төрөгөн эненин баары бирдей, айырмасы жок. Туулган баланын баары бирдей, айырмасы жок. Дүйнөгө келген ар бир наристе баардык адамзаттын баласы, демек, ал менин да балам. Сен төрөсөң, ал мага бөлөк-бөтөн болбойт, өз баламдай алпечтеп багам. Түшүнгүн ушуну. Капаңды жазып, көңүлдүү жүргүн» – деп, мурунтан камдаган сөздөрүмдү чымыркануп айтайын деген ой менен, артынан жүгүрүп, көчөгө чыктым. «Ай Алиман, коё тур. Бери токто» – десем, укмаксанга салып басып кетти.

«Таарынып калды шекилдүү» – деген ой күнү бою көңүлүмдү иренжитти. Аялдар менен тамеки жулукта жүрүп, ар кайсынын башын бир ойлоп: «Мейли эми, бүгүн кечинде айтайын. Минтип жүргөнүбүз жарабас» – деп, өзүмдү бышыктап алдым. Бирок ал ой-пикиримди айтууга туура келбеди. Кечинде жумуштан кийин үйгө келсем, Алиман жок. Ана келет, мына келет деп күтүп отуруп чочудум. Эмне балакет болду. Көчөгө чыгып издейинчи деген кыял менен үйдөн чыгып бара жатсам, огород тараптан чөп көтөрүп Бекташ келди. Бекташ анда колхоздун арабасын шатырата айдап, эр-жигит болуп калган. Ал унчукпай келип, чөптү уйдун акырына таштады да, мени жалооруй карап койду. «Токон-апа, энем мени

издебесин деп Алиман айтып кетти. Кайыңдыдагы төркүнүмө кетем деди». Муун-жүүнүм шалдырап, босогого отурдум. «Качан кетти?» «Жана. Түштөн кийин. Көчөдөн бир машина өтүп бара жаткан экен ошого түшүп кетти». Заманам куурулуп унчукпай отурсам, Бекташ садагасы: «Кабинага түшүп кетти, апа. Коркпой эле коюңуз. Шопуру дурус неме экен» – деп койду. Бекташты өзүм да жакшы көрчү элем, ого бетер ичим жылый түштү. «Ии, бечарам, киши болот экенсиң» – дедим ичимден. Бала билинбей эле чоңоёт экен да. Кадыресе эр жетип, солдоюп, мүнөзү токтоо, маңдайы жарык жигит болуптур. Көзүмө ошондо көрүндү. Арыктан суу көтөрүп келип, Бекташ эшик алдына суу септи. «Далисти салкындатып шыпырып коёюн. Апам сиздин чайыңызды сагынып калдым дейт. Азыр келет» – деп, өзүнчө убараланып самоор коюп жатты.

Айшалар көпкө отуруп чай ичип кетишти. Үйгө жаталбадым. Капталда төгүлгөн жылдыздар таңаткыча балбылдап, анан бирин-серин тартып, эң акырында жаркыраган жалгыз чолпон калып, ал улам алыстап, алда-кайда кетип жоголду.

Алиман кеткенден кийинки күндөрүм курусун. Жалгызмын деп ооз учу менен айтып жүргөн экенмин да. Үч-төрт күн эптеп карманып чыдап жүрдүм. Анан чыдагысыз болду. Кээде туруп бир жакка тентип басып кетким да келди. Алимандын көрөр күнүн ойлосом, андан бетер жаман болом. Төркүнүнө барып батса жакшы, ал эми мурда ишиңер болбосун, менин турмушума кийлигишпегиле деп мыктысынып койдуң элең, эми минтип шерменде болуп келип калган экенсиң го дешсе, балам кандай гана кордук тартар экен. Оюна эмнелер гана кетип, ушинтип көргөн күнүм жерге кирсин деп, турмуштан түңүлүп жүрбөсүн. Жанымда турса эч кимге жектетпейт элем го. Кантип гана жатты болду экен, алда шордуум-ай. Кантсе да, барайын, өз көзүм менен көрөйүн. Барып калсам, балким кайтып да келер. Ошентсе

экен, кудаяй, ошентсе экен. Келбейм, калам десе аны угайын. Кантет элем, ыраазылыгымды айтып, батамды берем. Кийим-кечесин да албай кетиптир, аларын жеткирип берейин. Келсе-келбесе да айтар сөзүмдү айтышым керек. Милдетим эмеспи. Кой, көп кечикпей жөнөйүн деп, эртеси үй-жайды Айшага дайындап, жолго чыктым. Кайыңды жакка барчу машинаны Бекташ токтотуп берди. Ушуну менен машинага түшүп, айылдан жаңы узай бергенде, нары аңызды аралап, төтө жол менен бир аял келе жатканын, машинада отуруп капыстан көрө калдым. Дароо эле тааныдым – Алиман экен! Алда, караанындан болоюнум ай, кайра келе жаткан турбайбы! Ошол замат ордуман ыргып туруп, машинанын үстүн дүңкүлдөтүп калдым. «Токто! Токто азыр, мен түшөм!» – деп, машина бир канча жүрүп барып токтогондо, куржунумду алып, шашып түштүм. Аңгыча уюлгуган коюу чаң жетип келип, көзүмө эчтеке көрүнбөй жанагы көргөнүм өңүмбү, түшүмбү деп чочуп туруп калдым. Чаң машинанын артынан ээрчип кетип, айлана ачыла түшкөндө, жүрөгүм оозумдан ыргып кетчүдөй: «Алиман!» – деп катуу кыйкырдым. О, айланайын даркан талаам, өзүң көрбөдүң белең, ал окуя да ушунда болбоду беле!

– Ооба, Толгонай, ушунда, азыр да жаткан тетиги жанаша жолдо. Сен: «Алиман!» деп кыйкырганда, Алиман жалт карай салып, сени көрүп туруп калды да, анан: «Эне! энекебай!» – деп сени көздөй жүгүрдү. Сен ошондо эсиң чыгып кетип: «Жүгүрбө, балам, жүгүрбө, кокуй жыгыласың!» – деп жалынып келе жатып, өзүң жыгылып, кайра тура калып, кайра жүгүрдүң.

– Ооба, ооба, так ошондой. Кантип жетип барганымды билбейм. Алиман экөөбүз кучакташып, көрүшүп туруп калганда, аябай сагынышып калган экенбиз, эмне дээрибизди билбей: «Келдиңби, келдиңби, балам, энеңе кайрылып келдиңби?» – десем, «Келдим, энеке, келдим. Өзүңө кайрылып келдим!» – деп жатты. Так ошол учур-

да Алимандыи ичтеги баласы козголо берип, «болк-болк» эттирип эки-үч жолу тээп койду. Аны экөөбүз тең сезип калдык. Алиман ичин кармап, акырын сыйпалап мени карады. Анын ошондогу көз карашы бүт заманымды астын-үстүн оодарды. Мен да кээде бир нерсе деп ойлоп, ичимден корунуп жүргөн экенмин да! Кет, жогол, арамдык, жолобо! Кандайдыр бир учкундай гана мезгил аралыгында жашоонун эң бир таза, бактылуу учурун башынан өткөрүп тургандай, Алимандын жүзү үлбүрөгөн, жумшак мээрим тартып, кирпиктерине илинген туп-тунук жаш бетине тамып кетип, жаак ылдый жүгүрдү. Э, чиркин энелик ай! Ушундай гана тамчы таалайың баардык азап-тозокту жууп кетет го! «Көзүңдөн айланайын, караанындан айланайыным. Айланайын сенден, айланайын!» – деп, бети-башын сыйпалап, жалынып-жалбарып, балкылдап ыйлап жибердим. Ошентсем: «Ыйлабачы, эне, ыйлабачы,– деп жатты. – Кечирип кой мени, кечиргин. Сени таштап деле кете албайт экем. Чыдабадым, ичим түтпөдү».

Көптөн берки айтылчу сөзүмдү эми айтайын, оңуту эми келди го деп: «Эмне үчүн кеттиң, таарындыңбы?» – дедим. Алиман унчукпай туруп калды да, ортодо азыр кандай сөз болорун билгендей оор үшкүрдү: «Сурабачы, эне. Аны эмне кыласың. Айтпа мага эчтекеңди, мен да сага эчтеме дебейин. Кыйнабачы мени, энекебай, кыйнабачы».

Ушинтип бул жолу да айталбадым. Деги эмне үчүндүр ар качан эле, айтар кебимди сезип тургандай, сүйлөшүүдөн качып, ушинтип кетенчиктеп эле туруп албадыбы, байкуш балам. Бетин ачса өзүнө да, мага да жеңилирээк болбос беле.

Эсиңдедир, Жер-Энем, ошол жылкы күз көпкө созулуп, аягы абдан жаанчыл болбодубу. Бир ачылып, кайра бүркөлүп, нымтыраган суук күндөрдө көпчүлүгү үйгө отуруп калдык. Күздүн түнөргөн түрү сыяктуу, күн өткөн

сайын Алимандын кабагы ачылбай, сүйлөбөс, күлбөс болуп калды. Өзүнчө убайым тартып, отурганы-отурган. Байкоомдо, ай-күнү да жакындап келе жаткан эле. Капалыкка чөгүп кетпесе экен деп, колумдан келишинче эркелетип, тамаша сүйлөп тигинткен-минткен болом, бирок жаш бала болбогондон кийин кыйын экен да. Мен гана эмес башкалар да аракеттенип көрүшүптүр. Бекташ апам тумоолоп жатып калды дегени, Айшаны көрөйүнчү деп барсам, эти ысып, жөтөлүп жатыптыр. «Өзүң да чала-жан неме элең, жөн отурбай айылчы болуп чыга кеттиң» – десем, муңайыңкы жылмайып күлүп койду. Ошондон эки-үч күн мурун Бекташтын арабасына үч-төрт аял болуп түшүп алып, төмөнкү айылга тойго барып келишкен. Көрсө, барган иштери башка турбайбы. «Жылуу жатып, жакшы болуп кеткин эми»,– деп, кеткени жатсам, Айша: «Коё турчу, Толгонай, капа болбосоң, айта турган бир сөз бар эле» – деди. «Айткын» – дедим.

«Төмөнкү айылга биз тойго барган жокпуз, анда менин жек-жаат уругум деле жок. Аны өзүң деле билесиң. Сыртыңдан бийленип бир иш кылдым элем, Толгонай, кечирип кой,– деди. – Алиги чабан жигитти таап алып, ортого алдык. Алимандын ай-күнү жетип отурат, бул эмне кылганың, анын убал-сообун ким көтөрөт десек, аныбыздан эчтеке чыккан жок. Ал өзү аялдуу неме экен, экинчиден жанын жеп, көргөн эмесмин, билген эмесмин деп, танып кетти. Аялы да долу неме экен, сезип калып, беттен алып, иттей шермендебизди чыгарды. Кайра келе жатканда, жол катары, жаан төгүп, суук тийип калыптыр. Анысы да мейли эле, Алиман эми кантет» – деп, бышактап ыйлап жиберди. «Ыйлаба,– дедим,– мен турганда Алиман кор болбойт» – деп чыгып кеттим. Башка эмнени айтмак элем...

Алимандын эти-башы ооруп калдыбы деп кадиктенип, кийинки күндөрү көзүмдүн кырын түшүрбөй, жанынан

карыш чыкпай жүрдүм. Кокус эшикке чыгып кетсе да артынан ээрчип: «Э-э, Алиман, кайда жүрөсүң?» – деп эле шашып калам. Толгоосу келип калбасын деймин да, мен түшкүрдүн башка эмне жумушу бар эле.

Бир күнү жылуу кийинип алып, эшикке чыгып бара жатат. «Кайда барасың, балам?» – дедим. «Чоң суугa барам» – деди. «Э, ботом, күн тигинтип турса, энтигип кантип барасың. Үйдө эле отурсаңчы. Сууда эмне бар дейсиң. Же жайдын күнү болбосо». «Жок, барам» – деди. «Анда мен да кошо барайын, жалгыз жибербейм» – десем, кыжыры кайнап кетти. Көп күндөн берки бугун, ачуусун менден чыгарды: «Эмне эле мени ээрчип, аңдып калгансың. Эмнең бар менде. Мени жайыма койсоңчу. Өлөт дейсиңби, өлбөйм!» – деп, эшикти тарс коюп, чыгып кетти. Томсоруп отуруп калдым. Сөзү катуу тийди, катуу таарындым. Ошентсе да ичим чыдабады. Эки-үч жолу эшикке чыгып карадым. Сууга кеткен бойдон көрүнбөдү.

Көзгө илинбеген майда жаан себелеп, шамал ак-чач булуттарды оодарыштырып айдап турган экен. Тал-дарактын башы жылаңач калып, сууктан жүдөгөндөй, бутактары карарып кетиптир. Элдин баары үй-үйүндө, эч ким жок, кыштак арасы ээнсиреп капалуу. Чүмбөт чүмкөлгөндөй тоолордун караандары бозомукта араң эле билинип турду.

Жаман көрсө көрсүн, артынан барайын, толгоосу кармап, сыз жерге жатып калбасын деп, огороддун этегине жете бергенимде, Алиман көрүндү. Башын ылдый салып, акырын басып келе жаткан экен. Бакка далдаланып кайра келдим да, чай кайнатып жумуртка эзип куймак жасадым. Сакталган алмадан тандап, кызылдууларын дасторконго койдум. Алиман кирип келди да, дасторконду көрүп, унчукпай күлүмсүрөдү. «Үшүп кеттиң го, балам. Бери отуруп чай иччи» – дедим. «Көңүлүм эчтекени тарт-

пай турат, эне. Алмадан бирди берчи, ошону жейин» – деди. «Эмне болду, сага, Алиман, бир жериң ооруп турабы?» – десем, ээрдин тиштегилеп: «Сурабачы, эне. Терим эчтемени сүйбөй турат. Жана да тил тийгизип койдум сага. Мени жөн кой» – деп, кол шилтеп койду.

Бат эле кеч кирип, бат эле түн кирип келди да, төшөккө жатканымда, менин эми сөзүм да жакпай калган экен го деп ичимден сызып, уктап кеттим. Башка убакытта саксынып түнү менен кайра-кайра ойгонуп, Алиман жакты карап койчу элем. Бул түнү эмне болуп уктап калганымды билбейм. Уктабай көзүм кашайсачы...

Түндүн кайсы бир ченинде селт этип ойгонуп кеттим да, Алиманды карасам, ордунда жок. Адегенде эшикке чыгып кеткен экен деп, бир аз күтүп, дагы күттүм. Жок. Тура калып Алимандын төшөнчүлөрүн кармалап көрдүм: муп-муздак, алда качан туруп кетиптир. Ошол жерден эле антип-минтип кийине коюп, эшикке чуркап чыгып, кайра огород тарапка урундум. «Алиман! Алиман!» – деп кыйкырсам да, эч ким жок. Иттер гана дарбып үрүп калышты. Муундарым калтырап кетти. Кеткен экен го, эми канттим? Үйгө кайра жетип келип, оозгу тамдагы фонарды күйгүзүп, бурч-бурчту карап, эми эшиктен издейин деп, фонарды көтөрүп короого чыкканымда, нары сарайдагы саманкананын ичинен адамдын онтогон, кыйкырган үнү чыкты. Саманкананын эшигин жула берип кирип да бардым, селейип туруп да калдым. Самандын үстүндө чалкасынан түшүп, Алиман төрөй албай кыйналып жаткан экен, көргөндө эле эсим чыкты. «Бул эмнең, кокуй катыгүн! Эмне үчүн айтпадың?» – деп, колтуктап көтөрүп, аягына колумду суна бергенимде, белчеден ылдый сыгып алардай кан болгон чапан, көйнөктөрү ыпысык болуп билегиме оролду. Бети-башы кабарып, кара-көк, көзү алайып, дем алалбай тумчугуп: «Өлдүм! Өлдүм!» – деп онтолоп жатты. Ичин кармалай берип, иш начар экенин дароо эле түшүндүм. Кудай сакта, кан көп

кетип калыптыр. Өзү да көптөн бери толготуп жаткан экен. Мындайда доктурдан башка даба жок. Жанды алып калса ошол алып калат. Далбасалап көчөгө чуркап чыгып, Айшалардын терезесин койгулап жибердим: «Тургула, кокуй, тургула! Бекташ, айланайын, арабаңды тез камда – Алиманды доктурга жеткирбесек болбой калды» – деп, аларды ойготуп, кайра жетип келип, Алиманга суу ичирдим. Калч-калч этип, тиши тишине тийбей араң ичти. Аңгыча ооруп төшөктө жатканына карабай, Айша чуркап келди. Алимандын түрүн көрүп, боп-боз болуп, титиреп: «Айланайын Алиман... Чыдай тур. Чыдай тур, кудай, кудай!» – деп күйпөлөңдөдү. Ошол түнү Бекташ жолдон кеч кайтып, кудай жалгап, аттарды бастырманын астына байлап, арабасын үйгө койгон экен, көп кечикпей, арабаны короого айдап кирди. Арабага төшөк-жууркан салып, жаздык коюп, караңгыда темселеп, үчөөлөп жатып Алиманды араң көтөрүп келип, арабага жаткырдык. Ушуну менен ал-булга келбей, тез эле жөнөй бердик.

Ай ошондогу тоңголок жол ай, ай ошондогу караңгы түн ай... Доктуркана анда суунун аркы өйүзүндө, чоң кыштакта эмес беле. Көпүрө болсо – тээ ылдый, алда канча ыраакта.

Мындай чыга бергенде, Алимандын толгоосу кайра күчөп беш бүгүлүп, беш жазылып, үстүндөгү жамынчыларын ыргытып, адам чыдагысыз үн менен чаңырды.

– Ооба, Толгонай. Ошол караңгы, бүркөө түнү кыш келерин күтүп, тунжурап, сууктан чүмкөнүп жаткан мен, жер, адамдын ачуу чыңырган жалгыз үнүнөн,– селт этип, козголдум. Ошол силер экенсиңер го.

– Ооба, Жер-Энем. Кантер айлабызды билбей, Бекташ арабаны тезирээк айдаса, Алиман кыйкырып чыдабайт, жай айдатсам жан чыдабайт: кан токтобой кете берди, майып болуп кетет экен го деп эсим жок. Ушуну менен кылдырап жүрө бердик. Же бир жол арбысачы,

кокуй. Алимандын башын тиземе коюп, мойнунан кучактап отурдум. Улам жамынчыларын оңдойм, улам фонарь менен бетин жарык кылып карайм. Бекташ айланайын кайта-кайта кайрылып: «Чыдай тур, жеңе мына азыр, аз калды. Көпүрөгө жакындап калдык, бат эле жетебиз», – деп алаксытымыш болот. Шыбыргактап муздак жаан да себелеп келди. Бир кезде онтолоп, кыйкырып жатып, чиренип, кайра бүктөлүп, Алиман солгун тартып, кыркырай баштады. «Алиман! Алиман!» – деп оттой ысыган бети-башын сыйпалап, жарык кылсам, жан талашкан, кыйналган көздөрү менен мени аянычтуу карап: «Токтогула. Өлүп бара жатам. Токтогула» – деди. Арабаны токтото салдык. «Башымды өйдөрөөк карма, эне» – деп, аңканы катып, энтигип, ыйлап сүйлөдү. «Эне, энекебай! Ичим өрттөнүп, өлүп бара жатам. Тирүү калбайм. Касиетиңден айланайын, энекебай. Ал дүйнө, бул дүйнөдө ыраазымын. Уулуңдун алдында мен акмын, акмын, күнөөм жок. Касымдын көзү тирүү турганда, мен үшүнтмөк белем… А-а-а Касымай… Мен дагы тирүү жан эмесминби, аялмын да, аялмын… Бул дүйнөнүн кызыгын көрбөй кеттим, кантейин, кантейин. Кечир, кечир күнөөмдү энеке. Кудай ушинтип койду, жаман көрбө». Өпкө-жүрөгүм үзүлүп жалындым: «Чыдай тур, балам, чыдагын. Сен аксың, сенде эч кандай күнөө жок, сен эң таза аялсың. Сен өлбөйсүң. Чыдагын, мына көпүрөгө жетип келдик. Эми тез эле жеткиребиз, сен өлбөйсүң!» – ошол учурда Алиман кайра чалкадан кетип чиренип, ичи дагы сыгыла баштады. Баланын колу чыгып келе жаткан экен. Кан дагы эле куюп туруптур. Бир аз өтсө, өлүп кетерине көзүм жетип: «Бекташ, колтугунан өйдө көтөрүп, ичин сык,– дедим. – Уялба, көтөр тезирээк!» Баятан ыйлап отурган Бекташ өйдө тура калып, Алиманды көтөрүп, ичин басканда, баланын колунан кармап тарттым. Бала чыкпай жатты. Алиман бир жактан кыркырап, жан талашып жатса, о, шумдугай, кулагым-

ды тундуруп дагы да баягы эшелон – кыйкырык улаш эки паровоз алып учкан вагондор мээмди как жарып өтүп бара жаткансып, «Апа-а! Алима-ан!» – деп аркыраган шамал жула качкан үнгө, баланын «ба-а-а!» деп бакырган үнү кошулду. О, турмуш ай, мынча неге катаал болдуң, мынча неге сокур болдуң? Бала да түштү, Алимандын жаны да кете баштады. Кызыл эт немени этегиме антип-минтип орой салып карасам, Бекташ колтугунан алып көтөргөн калыбында, Алимандын мойну бир жагына кыйшайып, колдору салаңдап калыптыр. «Кокуй, Алиман?» – деп, тамырын кармай салсам – жан жок, кетип бара жатыптыр. Аркыраган шамалды жиреп, эшелондун шакылдаганы эч бир кулагымдан кетпей, дүйнөгө келер замат, «Ба-а!» – деп кыйкырган биринчи туңгуч үнү менен өлүп бара жаткан энесине кош айткансып, бала ыйлап, Алимандын көзү муз тартып агына айланып жатты. Кантеримди билбедим. Бир заматтын ортосунда бирин узатып, бирин тосуп алдым. Бир заматтын ортосунда бири өлүп, бири туулуп, көз алдымда ажал менен турмуштун кагылышканы эсимди оодарды. Анан эмне болгонумду өзүм да жакшы билбейм.

– Силердин үнүңөрдү мен уктум, Толгонай, «Алиман! Айланайын каралдым! Көзүңдү ач, көзүңдү ач!» – деп сен зар какшап жаттың. Жаңы төрөлгөн бала, көлдүн кылаасында жалгыз калган аңырдай, ыңаалап боздоп, эмчек сурап жатты окшойт. Бул иш таңга жуук болду, жамгыр карга айланып, себелей баштаганда.

– Ооба, көпүрөгө жете бербей кайра тартып келе жатканыбызда, таң сөгүлдү. Бозоргон асмандын бети сурдана ачылып, куланөөк жарыкта жуп-жумшак аппак кар каалгый учуп, себелеп жатты. Айланада бир да үн, бир да жан жок. Дүйнө тегиз тым-тырс, тегиз тынчтыкта жаткан экен. Табигаттын ошол чарчаңкы бейкутунда жай кылдырап биздин араба келе жатты. Бекташ арабада отурган калыбында башын өйдө көтөрбөй, жол катары

шолоктоп келди. Аттар араң басып, жал-куйругуна кар жыйналып, арабаны тарталбай болдурап келе жатышты. Баланы чапаныма ороп, мен жанаша жерде жөө басып келе жаткам.

Ушинтип согуш эң акыркы өчүн да алып тынды. Ошол күнкү баскан жол турмушумда эң оор жол болду го. «Тү, сенин бетиңе, дүйнө! – дедим. – Кечтим сенден, кечтим. Жашагым келбейт! Минтип өмүр сүргөн чакты, бүгүндөн калбай өлөм!» – деп, ниетим бузулуп, турмуштан безип келе жаттым. Мен ушинтип келе жатканда, чапанымдагы бала, тирүү жандай, улам кыбырап коюп, улам үн чыгарып, ыңаалап ыйлап жатты. Анын денеси жүрөгүмдүн астында улам жылуу тартып, боорума жакындай берди. Же кыз, же эркек экенин да билген жокмун. Алда байкушум ай, адегенден эле энеңди жоктоп калдың го деп, ого бетер буркурап ыйладым. Ошол күйүт, арман, ыйдын арасынан кандайдыр бир бүдөмүк ой туулду: «Өмүр таптакыр эле түгөнүп калбаптыр го. Аягында кичинекей тирүү жан калыптыр го. Турмуш менен дагы кармашып көрсөк кантет». Анан туруп кайра ойлоном: «Эненин уузунан бир оозанбаган неме мал болот дейсиңби. Канчага созуп баралат дейсиң» – деп, күмөн санайм. Ага да көнбөй: «Кудай, эми ушул наристенин аманчылыгын бер!» – деп тилейм. Койчу, ушинтип түркүн ой, түркүн санаа менен алпурушуп, таң аппак атканда айылга жете бардык. Кар дале үкүнүн жүнүндөй жуп-жумшак болуп, бирине бири ээрчишип, каалгый айланчыктап, жаап турду. Айылга кире бериштеги баягы жаңы көчө дегенибиз көзүмө алда канча үрөйү суук, аянычтуу көрүндү. Ушунда там жай салып, бак тигип, очор-бачар чарба күтүп, күн көрөбүз дегендердин мындан жети жыл мурун баштаган иштери илгери жылбай, артка кетип, алгачкы аракеттеринин изи гана калган. Үңкүйгөн урандылар арасында – куурай, тикенек, адырайган ээндик. Кар гана жабалактап себелеп, жыртык-кемтигин жашы-

рып жаап жатты. Касымдардын чарбагын карасам, Алиман экөөнүн үмүт-тилегине орнотулган эстеликтей – үйүлгөн дөбө таш, алда качан топурак болуп бүткөн кирпичтердин унутулуп жатканы сай-сөөгүмдү какшатып жиберди. «А-а, каралдым, тилегиңерге жетпей калдыңар го» – деп, арабада жаткан Алимандын түрүн карасам, өңү ак-куба тартып, дүйнөнүн баардык жаман-жакшысына ыраазы болгондой тынчып, көзү жумулган. Бетине түшкөн кар эрибей башы козголгондо жан-жанына шыпырылып түшүп жатты.

Көчөгө кирип келген экенбиз, айланайын Бекташ, кадыресе эркек сыяктанып, арабадан секирип түштү да, өмүрүндө биринчи жолу ый баштап: «Боорумай! Боорумай!» деп, айыл тынчтыгын бузуп жиберди.

Туш-туштан эл жүгүрүп, ыйлап-боздоп жетип келген Айша: «Баланы мага бер эми» деп алды да, чапанына ороп, үйүнө көтөрүп кетти.

Бир күн өтүп, Алиманды бейитке койдук. Аял болсом да, мүрзөнүн башына салттан сырткары өзүм бардым, келинимди өз колум менен койдум, түбөлүккө коштоштум. Ал күнү да жылдызданган кар жаап турду. Үйүлгөн кара топурак тез эле аппак дөбө болуп жатып калды. Жазында, ошол жылы, мүрзөсүнө гүл эгип салдым. Ошондон бери жылда гүл сээп өстүрөм, эстелигим, эрмегим ошол. Алиманым гүл сүйгөн келин эмес беле...

Ушуну менен не болду, не койду, Жанболотту эчкинин сүтү менен багып чоңойтподумбу. Ал экөөбүз көрбөгөн азаптын бири да калган жок. Айтор, ичер суу бар экен, аман калды, мына эми он эки жаштагы кези. Айланып келип, карманар туткам, көрөр күнүм ушул болуп калды. Анысына да чоң канией этем, жакамды кармана м. Баса, баягы доктур жигит, эми атактуу киши болуп калбадыбы, жолуккан сайын азыр да сурап калат: « – Кандай, апа, уулуң чоңоюп жатабы?» – дейт. «Кудайга шүгүр, жигит болуп калды» – дейм. Анда ал жылмайып тиктеп

калат: «Ошент, апа, жакшы адам кылып өстүргүн» – дейт. Жанболот маалына жетеринде катуу тумоолоп, бир күнү карасам, эриндери көгөрүп, көзү агына айланып, шайы кетип бара жатат. Эсим чыгып, ошол жерден эле ала жүгүрдүм. Анда да түндө. Доктурга тезирээк жетейин деп, кыштын күнү чоң сууну кечип өтпөдүмбү. Кийим-кечем туташ суу, калчылдап жетип барсам, доктур жаңыдан келген жаш бала экен. Коркуп кетти: «Эмне кылып суу кечип жүрөсүз, жарыктык? Мунун ата-энеси кайда?». «Атасы да мен, энеси да мен. Балам, ушунумду аман сактап кал. Бул өлсө, мени тирүүлөй көмө бергиле. Жашабайм» – дедим.

Түнү менен жанынан чыкпай дарылап жатты. Мага да кургак кийим, дары берип алдын алды, бирок эртең менен этим ысып, кан жөтөлүп жыгылдым. Алоолонгон туман ичинде күйүп бара жаткансып, эс-учумду билбей жатканда, доктур улам келип, салкын алаканы менен чекемди сыйпалап: «Апа, уулуң жакшы болуп калды. Бошобо, моюн бербе!» — деп, кайраттандырып жатты. «Андай болсо өлбөйм» – деп шыбырап коём, өлбөй тирүү калганым да ушул болду дейм...

– Уулуң өспүрүм жетип калыптыр, Толгонай. Быйыл орок маалында ушул арада чуркап жүргөн экен, Алиманга окшоштуруп тааныдым.

– Ооба, кутмандуу талаам, апасына окшош экени чын. Бирок эчтекени билбейт да. Атам – фронтто өлгөн дейт, апамдын – мүрзөсү болсо айыл четинде деп коёт. Быйыл жайында бир кызык окуя болду. Окуудан бошоп таркаган күндөрү, Касымдын баягы-баягы велосипеди бар эмес беле, жыйырма жылдан бери сарайда казыкка илинүү турган. Жанболот ошону эшикке алып чыгып оңдоп жатыптыр. Бала да: эчаккы неме дат басып жарамдан чыгып калган болчу. Антсем, Бекташ да ошого кийлигишип алыптыр. Кошо оңдошуп жүрөт. Абдан убара болушту. Жанболотту Бекташ башынан эле өз баласындай

көрөт эмеспи. Кокус болсо, мектепке да барып мугалимдер менен сүйлөшөт. Азыр үчтүн атасы, оор-салмактуу, мыкты киши болбодубу. Көптөн бери комбайн айдап жүрбөйбү. Айша болсо өлгөн. Моюндашымдан ажырап, ошондо бир өксүдүм.

Айтор, бир күнү карасам, карала-торала болуп Жанболотум велосипед жетелеп калыптыр. «Эне, карачы, атамдын велосипеди кандай сонун болуп калды» – дейт. Каңырыгым түтөп, селее түштүм. Антсем, мактана карап: «О-о, мен кыйын тээп калдым эне. Карап тур азыр!» – деп, велосипеддин ээрине бою жетпей, бир жак капталына кыйшая жармашып, ийрелең-ийрелең этип, быягына ооп, тыягына ооп тепкенде жыгылат экен деп коркуп кетип: «Түш, кокуй, жыгыласың!» – десем, кайра күчөп кетип, ылдамдатам деп велосипеди менен кошо тоголонду. Катуу жыгылды. «Кокуй, каяктагы жорукту баштадың. Өлөт экенсиң!» – деп алдастап жетип бардым. Жерден өйдө көтөрүп, бети-башын аарчыдым. Ошентсем, нары жакта Бекташ карап туруптур. Тек анчейин гана карап тургандай. Унчукпады. Мен да унчукпадым. Ичибизден түшүндүк.

Ошондон көп өтпөй эгиндер быша баштады да, бир күнү кечинде Бекташ келип: «Жанболотуңду комбайнга жардамчы кылып алайын дедим элем» – дейт. «Жараса ала гой», – дедим.

Айтарын айтып алып, эки күндөн кийин ичим түтпөй, баламды көрөйүн деп бардым.

Каптап келе жаткан малдай демигип, керимсел жүрүп турса да, бышыкчылык маалына эмне жетсин, чиркин! Дыйкандын жыл бою маңдай-терин шыпырып, кылган мээнетинин жыйынтыгы так ошол учурда төгүлүп келет эмеспи. Байлыгы колуна сыйбай, марттыгы ичине батпай, жерден тапкан гүлазыгы канча бир адамзатка артылып, дыйкан дүйнөнү жан сактатат.

Дан жыттанган, шыраалжын жыттанган, айланайын дыйкан талаам, жайкалган эгиндериңди көрүп, кумардан чыкпадым беле! Тээ саргарган ыраакта бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй атчан чаап келе жатса, дүйнөнүн кеңдигин ошондо билет экенсиң.

Жанболот комбайнда саман тартып жүргөн экен, мени көрө коюп: «Эне, эне!» — деп, мен мындамын дегенчелик мактанып кыйкырды. Калдайып штурвалдын жанында турган Бекташ колун көтөрүп башын ийкеп койду.

Арыктын боюна, талдын көлөкөсүнө отуруп кечке чейин карап отурдум. Жол чаңдаткан машинелер улам келип-кетип, кызылды кырманга ташып жатышты.

Күүгүм киреерде комбайнчылар дем алганы келишти. Бекташтын жанында корчоюп басып келген Жанболот, анда да сөзгө келе бербей, тигилерди туурап, мойну-башын арыктагы суугa жууду да, ала келген түйүнчөгүмдү көрө коюп: «Эне, алма алып келдиңби?» – деп сүйүнүп кетти.

«Алып келдим» – десем, жүгүрүп мойнумдан кучактап өпкүлөдү. Бекташ бырс күлүп жиберди: «Баятан бери ошентпейсиңби анан. Мейлиң эми, бүгүн эркелеп ал энеңе» – деп жатты.

Сүйрөтмө тактай үйдүн түбүнө отуруп чай ичтик. Жаңы эле жабылган ысык нан экен. Жанболот кадыресе кишиче нан туурап: «Ал, эне» деди. Бир сындырым нан алып тиштегенимде, Касымдын колунун жытындай, комбайнчынын кара май колу жыттанган нан оозума тыгыла түштү. Ооба, ооба, так ошондой – керосин, күн, саман жыттанган дүмбүл нан экен. Көз жашым менен кошо күрмөп жибердим. «Нан өлбөйт экен го! – дедим ичимден. – Турмуш өлбөйт экен го, эмгек өлбөйт экен го!».

«Конокко келип калыпсың, апа. Жатып кет бүгүн биздикине» – деп, Бекташ үйгө кетирбей койду. Саманга төшөк салып беришти. Ошол түнү асманды карап жатсам, саманчынын жолу жаңыдан чубуруп түшкөндөй,

алда ким азыр гана зор кучак саман көтөрүп өткөнсүп, жылдызданган күкүм топондору себеленип, аларга жел тийгенсип жылт-жулт этип копшолуп жатты. Ошол бийиктикте, саманчынын жолун аралап, улам алыстап кетип бара жаткансыган эшелондун шуулдаган үнү жүрөк элжиретип, көпкө угулгансып турду. Темир жолго урунган дөңгөлөктөрү менен терметкенсип, көзүм илинип, бүгүн түнү дүйнөгө дагы бир жаңы дыйкан келген го, өмүрлүү болсун, сепкен аштыгы жылдыздай түгөнгүс болсун деп, саманчынын жолун тиктеп жатып уктап кеттим.

Таң ирең-баранда ордумдан туруп, иштегендерге жолто болбоюн деп, айылга кеттим.

Көптөн бери мындай тамылжыган таң эртесин көрө элек элем. Көптөн бери торгойдун минтип сайраганын уккан жок элем. Түпкүрү жок, чеги жок апачык көгүлтүр асманда көркү жупуну боз чымчык, адамдын асманга учуп чыккан жүрөгү сымалы, тыным албай, канат кагып дырпырап, томуктай гана болсо да, не бир назик, не бир толукшуган күүлөрдү төктүрүп, безеленип жатты. Көмөкөйүңдөн айланайын, торгоюм. «Ана, биздин торгой, сайрады» деп койчу эле Субанкул. Сен да өлбөйт экенсиң, торгоюм!

## VII

– О, кутмандуу талаам, сенин азыр дем алып жаткан кезиң. Кечээ орокто алпурушкан элдердин үндөрү да угулбайт, эгин ташып жол чаңдаткан машиналар да жок, жан жакада комбайндар да көрүнбөйт, мал дагы тоодон түшүп келе элек. Адамга буюрган гүлазыгын өзүнө берип, бир милдеттен кутулгандай, тоңдурмага кош чыккыча, тып-тынч жаткан кезиң. Эч ким жок, экөөбүз гана – сен жана мен. Төрөгөн аялдай көшүлүп жатканыңдан,

Жер-Энем. Мен сага бүгүн бүт өмүрүмдү айтып бердим.

Бүгүн менин сыйынуу күнүм, бүгүн менин Субанкулду, Касымды, Майсалбекти, Жайнакты, Алиманды эстеген күнүм. Мен аларды өлөр-өлгөнчө унутпаймын. Кезеги келгенде, Жанболотко түшүндүрүп айтып берем. Эси болсо, түшүнөөр, эси болсо, кечирээр бизди... Ал эми башкаларчы, күн астында жашаган баардык адамзатка айтар сөзүм, айтар кебим бар. Аны кантип айтам, кантип ар бир кишисине жеткирем?

Э-э, асманда жаркыраган күн, жер кыдырып сен айткын!

Ээ, сапар баскан булут, нөшөрлөнө төгүлүп, ар бир тамчың менен сен айткын!

Жер, дүнүйөнүн баардык булуң-бурчунда адам баласын баккан жер, сен, сен, айткын, жан-боордош Жер!

– Жок, Толгонай, сен айткын. Сен – Адамсың. Сен баарыбыздан бийик, баарыбыздан улуу жаралган жансың, сен айткын, сен – Адамсың!..

## VIII

– Кеттиңби, Толгонай.

– Кеттим. Кош, аман бол. Өлбөсөм, дагы келермин.

# АК КЕМЕ

## I

Бу баланын эки жомогу боло турган. Бири – жан билбеген өз жомогу, экинчисин таятасынан уккан. Акырында эки жомогунун бири да калбады. Кеп оролу ушунда.

Ошол жылы бала жетиге толуп, сегизге аяк баскан.

Оболу кара дермантин портфель колго тийди. Боорунда калем-салем салар жамак чөнтөктүү, жылтыраган темир килити бар, кулпунун тилин тээкке салса, чырк этип бекип калат. Кыскасы окуучунун кадимки портфели. Бирок балага кадимки эмес, укмуш көрүндү. Кеп ушул портфелден башталды.

Китеп капты кыдырма дүкөндөн таятасы сатып берген. Буердегилер «Апталап» деп коюшат. Тоодогу малчыларды тейлеген автолавка кээде Сан-Таштын токойчуларына кайрылып калар эле.

Кордон деп коёт токойчулардын турган жерин, ушерден кокту-колотту өрдөп, кыр кырдын тескей боорун таянып, ыңкып өскөн корук токой бар. Кордондо тургандар болгону үч түтүн журт. Ошого карабай кээде соодасы кемчил болгондо «Апталап» – машине-дүкөн токойчуларга кайрылып калат.

Үч үйдүн ортосундагы жалгыз бала «Апталапты» баарынан мурда көрөт.

– Келатат! – деп ал эшик-терезелердин түбүнөн кыйкырып өтөт. – Машине-дүкөн келатат. Апталап! Апталап!

Ысык-Көлдүн жакасынан башталган араба жол капчыгай өрдөп, суу бойлоп отуруп, ушерге келет. Өңгүлдөңгүл сызма жолдо машиненин жүрүшү да оңой эмес. Капчыгайдын таманынан кароол дөбөнүн белине чыккычакты жантай боордо өлүп-талат, анан токойчулардын короо-жайына жеткиче эңкейиш апай бетте декилдеп жүрүп олтурат. Кароол дөбө жакын, жайкысын бала кудайдын куттуу күнү жүгүрүп чыгып көзгө дүрбү салат. Кароол дөбө дегенчелик бар, аерден таман алдындагы кара жолдон аттуусубу-жөөсүбү, кыбыр эткендин баары алакан отундагыдай көрүнүп турат. А машинени айтпай эле кой, төтөн даана.

Мурда бир жолу бала апай бетте чаң уюлгутуп келаткан машинени тосмо көлчүгүндө киринип жатып көргөн. Анда жайдын ысык кези. Тосмону агын суунун тайыз жээгине таятасы тосуп берген. Ким билет, ушул тосмо болбосо бала бу күндө тирүү ойноп жүрөт беле, жок беле. Таенеси айткандай, кашка суу алдагачан баланын этин мүлжүп, сөөгүн Ысык-Көлгө бүркүп салмак. Сөөктөрүн балык-балырлар жыттагылап, дыр коё үркүп турмак. Издеп алар күйөөрү жок, сууга түшпө деп канча какшаса да болбогон тилазар баланы ким жоктомок, ким кейимек. Багы бар экен, азырынча сууга кете элек. Агерим кокус болсо таенеси жанын таштап, сууга бой урарын кудай билет. Өз болсо да бир жөн, өгөйсүң деп жүрбөйбү таенеси. Кара жаныңы карч уруп канча күйбөгүн, өгөйдөн убай буюрбайт. Өгөйсүңбү... деген ошондон. А эгер бала өгөй болбойм деп чыркырасачы? Эмне үчүн бала гана өгөй болушу керек? А балким, бала эмес, таене өзү өгөйдүр?

Бирок бу сөз кийин болсун, таятасы калап берген тосмону да кийин айталы.

Ошентип, бала тиги жантай боордо чаң уюлгутуп келаткан машинени көрө койду. Анан калса ошол күнү китеп кап колуна тиерин билгендей аптыга сүйүндү. Суудан ыргып чыгып, ыштанын ана-мына кийди да, кур-

ганбастан, көгөргөн эриндерин кымтый албай жалгыз таман жол менен үйгө чуркады, машине-дүкөндүн кабарын элден мурун жар салууга шашты. Шыралжын түптөн секирип, корум таштарды буйтап, эч жерге буйдалбастан чымылдай чуркады бала. Жайынча баратса ардемеге бир токтоп, чөп болсо сыдырып, таш болсо сылап, сүйлөшүп өтмөк. Азыр ал достору таарынат бекен деп ойлободу. «Машине-дүкөн келатат. Сага анан келем – деп өттү чөгүп жаткан «Төө-Ташка». Жонун эңилчек басып, белчесинен жерге батып, чөккөн төөгө окшош ташты Төө-Таш деп атап алган бала. Башка учурда анын өркөчүнөн таптап койбой кыя өтпөйт. Таптаганда да таятасы чолок куйрук чобурун «азыр келем, күтө тур» дегенсип таптаганын көргөн, ошентип таптайт.

Баланын ат койбогон ташы жок. Дагы бир корум «Ээр-Таш» аталат. Жерден чыккан көөдөнү буурул, жону кара, кайкы бел корумду «Ээр-Таш» дейт. Дагы бир «Кашабаң» деген ташы бар, куду көк жал бөрү кейиптенип көксур, жалы түктүү, жар кабак. «Кашабаңга» бала ар качан өңүп келип, мылтыгын мээлейт да, «тарс» атып жиберип, анан учурашат. Баарынан ынак ташы «Таңке-Таш». Керстендей[1] болуп күрсүйүп, кемерлүү жээкте жатат. Күркүрөп-шаркырап азыр эле сууну жиреп кирчүдөй, ак көбүк чачыратып, буркан-шаркан түшүрчүдөй. Кинодогу танкалар ошентип жүрөт эмеспи, ойду-тоону кенебей, суу беткелсе шыйрагына теңебей, опуруп-жапырып кете берет эмеспи. Тиги белдин нары түбүндө айыл бар, кино болуп турат, таятасы баланы эки-үч жолу алпарып келген. Мобу суугa тумшугун малып токтоп калган «Таңке-Таш» да ошондон улам аталып калган. Дагы башка тааныш таштар көп: бири «жаман», бири «жакшы», атүгүл «митаам», «куукаптал», «макоолору» да бар.

---

[1] к е р с т е н – (*ир.*) 1. чоң тараза. 2. үкөк.

Бала чөптөрдү да кыял-мүнөзүнө жараша бөлүштүрүп алган, «жакшы көргөнү» бар, «жаман көргөнү» бар, атүгүл «ачуулусу» да жок эмес. Мисалы, көк коко тикен айыгышкан душманы, күндө нечен ирет чабышып өтпөсө чыдап тура албайт. Бирок, кимиси жеңээри белгисиз, коко күн санап көбөйүп өсүп баратат. А тиги жол жээктей жер боортоктоп өскөн чырмоок болсо, отоо деп эл жаман көргөнүнө карабай, балага сүйгүнчүк, эстүү чөбүм, жымыгый чөбүм деп келет аны. Башка чөптөр түшпү, кечпи, капарына албай өз бетинче өсүп атса, чырмоок күнгө алгач гүл ачып салам айтат. Күндүн нуру маңдайын жылыткан кезде күлмүңдөп көзүн ача келет. Оболу бир көзүн акырын ачып, анан экинчи көзүн, анан көздөрү жумулуп жаткан гүлдөрү биринен сала бири жыбырап ачылат. Ак гүлү, ак-көгүш гүлү, дагы башка-башка түстөгү тенге гүлдөрү бар чырмооктун... Эгер жанында тынч отурсаң, көз ачкан гүлдөр өз ара бир кызык сырдашып жаткандай туюлат. Адам эмес кумурска билет гүлдөрдүн бул өнөрүн. Эртең менен чырмоокту бойлой жүгүрүп баратышып, кумурскалар күн нуруна көздөрү уялып токтоп калышат да, гүлдөрдүн аңгемесин угушат. Гүлдөр эмнени сүйлөшүп жатты экен ал учурда? А балким түш жорушуп жатышкандыр?

Күн төбөгө чыгып, аптабы кокту ичине уюган маалда бала бийик шыралжындын түбүнө кирип кетет. Гүлү жок болсо да, жыты буруксуган шыралжын түп-түп болуп бийик өсүп, арасына башка чөптү жолотпойт. Балага калганда шыралжындын дагы бир артыкча досчулугу бар: бирөөдөн кагуу жеп таарынганда, же кусалык көкүрөгүнө толгондо эч кимге көрүнбөй ыйлагысы келип, шыралжындын арасына житип кетет. Жел жүрбөй үп болуп турса да, өпкө өпкөсүнө батпай солуктаган бала шыралжындын буруксуган чайыр жытын кере жутуп, салкын түбүндө жатат. Чалкалап жатып алып, асманды тиктесең, шыралжындын тарам-тарам учтары көктү

жаппайт. Үп турган ысык аба акырек-алкымыңды нымшытат, бирок чайыр жыты түтөгөн каңырыгыңды жазат. Көздү тумандаткан ысык жаштан оболу асмандан эчтеме көрүнбөйт. Бирок аздан соң каалгып булуттар келип, көк асманга каалаган оюнуңду куруп, эңсеген элесиңди тартып берет. Булуттардын эси бардай, азыр бала ыза болуп жатканын, көз көргөн, башы ооган жакка басып кеткиси, учуп кеткиси келип, ошондо ыза кылгандар далбастап баланы эми канттик, кап,–деп өкүнүп, бармактарын тиштесе деп каалап жатканын билгендей, булуттар түпсүз көккө каалгып оюн курушат. Кетпесин бала, жоголбосун бала дешкендей, булуттар бирде арстан болуп жал үксөйтүп, бирде аккуу болуп моюн койкойтуп, түркүн элес тартышат. Ошентип көңүл алаксытат, сооротушат баланы. Бир эле булуттан миң түркүн сүрөт көрүнгөнүн тиктеп, жыты буруксуган, көктү жаппаган шыралжындын түбүндө бала улутунуп коюп жата берет...

Бу тегеректеги чөптөрдүн дагы көп түрлөрүн, алардын ар түркүн өнөрлөрүн, мүнөздөрүн биле турган бу бала. Мисалы тиги боор каптап күмүш жылтыр көлбүгөн туланга баланын боору ооруйт. Кызык деги ушул тулаң чөп! Өз башына өзү ээ эмес, жел жүргөн жакка жыгылат. Анан калса үлпүлдөгөн жибек чач баштары желсиз тура албагандай. Үлп эткен жел жүрсө апай беттеги калың тулаң толкуп кетет. Арасынан качкан түлкү жондонуп, жылбырска толкун көлбүп турат. Ошол көркүнө маашыр белем, тулаң күткөнү желаргыдан бетер көйкөлөт да көйкөлөт. А кокус жамгыр жаап, же өткүн аралаш мөндүр түшсө, кудай бетин көрсөтпө, баш катар жер таппай далбас урат. Уйгу-туйгу жапырылып, жан-далбастап жерге жабышат. Жерге байланган да, качар буту болсо удургуп качып бермек... Бирок тим эле кокуйлаган анткорлугу. Жаан-чачын басылып, сыдырым жел урганда

калың тулаң кайрадан баштагысындай толкуп, желге эркелеп, желге жүгүнө берет...

Ошентип, кошулуп ойноор курбусу жок жалгыз баланын дос-душманы деп тапканы, дүйнө деп көргөн-бакканы ушулар. Баланы бу дүйнөдөн бир алаксытса машине-дүкөн гана алаксытат. Андай учурда баарын унутуп, чымын-куюн чуркап жөнөйт. Ананчы, машине-дүкөн тиги жаткан таш, же бу бутка чалынган чөп эмес да. Машине-дүкөндө түшкө кирбеген дүр-дүнүйө бар дейсиң!

Бала үйгө жүгүрүп жеткенде машине-дүкөн тамдардын аркасынан жакындап келаткан. Кордондогу тамдар сууга беттеп салынган, өйүз бет үзүлүп түшкөн жар, жогорку калың токой тиги жар башынан өөдө кетет. Ошол үчүн Кордонго келчү жалгыз жол арттагы белестен бери эңкейиштеп келип, там аркага такалат. Бала жетип келип кабар бербесе, арка жолдон машине-дүкөн келдибижокбу, үйдөгүлөр туйбай калышы да этимал.

Эркектер таң эртелеп жумуштарына кетип, азыр үйдө жок эле. Ургаачылар үй тиричилигинде жүргөн.

– Келди! Машине-дүкөн келди! Апталап! Апталап! – деп бала ачык турган эшиктердин алдынан бир кыйкырып өткөндө аялдар алдастап калышты. Акча каткан жерлерин аңтарып, түйүнчөктөрүн ала коё чуркап чыгышты.

– Баланын көрөгөчтүгүн ай! – деп таенеси да мактап өттү.

Машине-дүкөндү өзү ээрчитип келгенсип, бала корстон болуп калды. Элге жакшы кабар апкелгенине, эл менен кошо там аркага жүгүргөнүнө, эл менен тең машине-дүкөндүн ачык оозунда топурашып турганына кубанды, көтөрүлдү. Эл дегени алиги үч аял, дүкөндөгү малдан көзү өтүп, баланы капардан чыгарып коюшту. Таенеси жүрөт жутуна кол сунуп, бу кордондун баштыгы, абжашик[1] Орозкулдун зайыбы Бекей таежеси турат

[1] а б ж а ш и к – корукчу (объездчик).

көзү менен малды териштирип, токой жумушчу атыккан Сейдакматтын келинчеги Гүлжамал жүрөт маалына жете элек кызын көтөрүп, тиги жылтырагандын ар бирине көзү түшүп. Болгону үч катын, бирок ызы-чуу түшүп, апталапты башына көтөрүп жиберишкенде дүкөнчү тартип сактагыла деп араң бас-бас кылды.

Ага болмокпу катындар. Ободу колу жетип, көзү көргөндүн баарын бери бер, мен алам деп сукулдап, анан кайра тандап, анан эчтеме албай кайра кайтарып жатышты. Бирден бирди тандашып ишене албай бири-биринен сурашып, талашып-тартышып, тигини-муну кармалай беришип, бир буюмду үч кайталап сурашып, бири жакса, бири кымбат көрүнүп, башкасынын түсү, же гүлү жакпай, дүкөнчүнүн башын айлантышты... Бала четте турду. Апталапты алгач көргөндөгү кубанычы сууп, эңсеген кызыгы көрүнбөй баланын көңүлү иренжиди. Жанараак табышмактуу сандык болуп көрүнгөн машинедүкөн эми жөн эле көр-жер салган жүк машине болуп калды.

Дүкөнчүнүн да кабагы бүркөлдү. Бу катындар курулай сук арткандан башка бирдеме алаары көрүнбөйт, жол азабын тартып ушунча алыстан убара болуп келгенине кейип тургансыды.

Акыры айтканындай болду. Сугалактыгы бастап, катындар кетенчиктей берди. Шылтоо издеп, дүкөнчүгөбү, бири-биринеби, актана кетишти. Акчам жок эле деп, таене баштады. Акчасы жок куру алаканга мал келеби. Бекей таеже болсо, эри жокто баалуу буюм алышка батына албады. Бу дүйнөдөгү аялдардын эң шордуусу, ушул Бекей таежеси, анткени баласы жок, ошол үчүн аракка тоюп алган сайын Орозкул урганы урган, баланын таятасы Бекейдин атасы, ал байкуш арачалап алалбай четте туруп, азабын тартат. Ушу көйдө жүргөн Бекей таежеси азыр дүкөндөн чай-чамек алган болду да, анан эки

шише арак алды. Өз шорун өзү кайнатып, бул эмне кылганы. Таене чыдай албады:

– Эмне балээни башыңа үйүп жатасың, бейбак? – деп, дүкөнчүгө угузбай күбүрөдү.

– Ишиң болбосун,– деди Бекей таеже да өчөшкөнсүп.

– Өзүң билбей куруп кал,– деди таене жыланча ышылдай заарлуу шыбырап. Дүкөнчү арада турбаганда таене Бекей таеженин өлүгүнүн башына нечен жолу отуруптурмак. Бул экөөнүн жаак өчтүүлүгүн коё кал, атырылып айтышкыдай болушса, жанына киши чыдап тура албайт...

Сөз алаксыткан Гүлжамал келин болду. Жакында Сейдакмат шаарга барганы жатат, аерде акча керек болот эмеспи, ошол үчүн тарткынчыктап жатканын ал дүкөнчүгө түшүндүргөн болуп, берки экөөнүн алдыртан акшыя калышканын байкатпай кетти.

Ошентип катындар машине-дүкөндүн оозун сагалап бир топ турушту да, дүкөнчүнүн сөзү менен айтканда, сокур тыйынга арзыбас соода кылып, үйлөрүнө тарады. Силерди эл деп келген мен да акмак деп түкүрүнүп, дүкөнчү чачылган малын жыйнай баштады. Мына ошондо бала көзүнө чалынды.

– Ой шалпаң кулак, кимдин баласысың? Баланын кебетесин келиштире айтты дүкөнчү: калкан кулак, кабак баш, чий моюн дегендей бар эле.

– Бирдеме аласыңбы? – деди дүкөнчү. – Айт аларыңды, болбосо жабам. Акчаң барбы?

Дүкөнчү баланы жөн эле шакаба чегип сурап жаткан, бирок бала каадалуу кишиче жооп кайрыды:

– Акчам жок эле, аба, – деп башын чайкады.

– Жок дебе, болуш керек,– деди дүкөнчү ишенбегенсип. – Кудай берген ушунча байлыктын ээси боло туруп, баарыңар оозуңарды куу чөп менен аарчыйсыңар. Алдагы чөнтөгүңдөгү акча эмей эмне?

– Жок, аба, – деп бала чынын айтып, болгон сырым ушу дегендей жалгыз чөнтөгүн аңтарып сууруп чыкты. Анысынын да түбү тешик экен, экинчи чөнтөгүнүн көзү шырылуу болчу.

– Акчаны түшүрүп алган турбайсыңбы. Ойноп жүргөн жериңен изде. Таап аларсың.

Бала үндөбөдү. Аздан соң дүкөнчү дагы сурады:

– Кимдин баласы болом дедиң? Алиги Момун чалдын баласы болуп жүрбө?

Бала жооп ордуна баш ийкеди.

– Чамасы небереси болосуң го? Уул баласы жок эле, жээн небереси турбайсыңбы.

– Ийи, – деп бала башын ийкеди.

– Апаң кайда?

Бала жооптон дудуктанды. Апасынын жайын айтуудан кыйналчу.

– Дайынын билгизбей кетти го апаң. Сен кайдан билмексиң.

– Билбейм.

– Атаңчы? Атаңы да билбейсиңби? Бала унчукпады.

– Эчтеме билбегениңе жол болсун, жигит? – Дүкөнчү саал жекире тамашалады. – Болуптур, эмесе... билбесең билбессиң. Келе чөнтөгүңду тос, – деп конфет ууччтап сунду. – Чоң жигит бол.

Бала тартынды.

– Ал, ала гой. Мени жолдон кармаба.

Бала чөнтөгүн конфетке чулчуйтуп, Балтек деген итин издеп калды. Итин коштоп, машиненин артынан бир топ жерге жүгүрүп бармак. Бала Балтегин чакырды. Орозкул атып салайынбы деп калат кээде, мындай күңк этип үрбөс аяк бошотор иттин кереги эмне дейт. Таятасы гана жакшы ит табылганча деп суранып, маалкатып жүрөт. Балтек Орозкул айткандай бар, өзбү, жатпы, иши кылып бирдеме таштаса болду, шыйпандай берет. Бала жүгүрүп барар жерге ит да барарына көз жетпеди, жол-

до кала берет, ошентсе да ит жанаша жүгүрсө көңүлдүү болор эле…

Дүкөнчүдөн жашырып бала Балтекке конфет таштады. «Билип кой, алыска чуркайбыз», – деди бала итине акырын. Балтек кыңшылап, шыйпаңдап, дагы таттуу сурагандай болду. Дүкөнчү абасы итке бер деп берген жок эле го, аны ойлоп бала кысынды.

Мына ушинтип турганчакты таятасы чыга келди. Абышка бал челектерди көргөнү кеткен, эми маалында келгенин кара. Эгер саал эле кечиксе бала кайдан китеп каптуу болмок. Көктөн кут түшкөндөй эле болду а күнү балага.

Момун чал момун дегенчелик адам. Бу аймакта аны билбеген, же ал билбеген жан жок. Эл аны элпек Момун деп атап алган. Улуу дебей, кичүү дебей, өз дебей, жат дебей көрүнгөнгө жапырылып салам берип, жумшаган иштен моюн толгобой көздү карап турат, өмүрүндө оозунан «жок» деген сөз чыкпай, качан болсун, кимге болсун «куп» деп, жүгүрүп кызмат кылып келатат. Эгер алтын деген күзүндө сапырылган сары жалбырак болсо баасы кетер беле, анын сыңары Момундун ак көңүлдүгүн баалаган эч ким жок. Өзү курду карылар жеткен сый-урматка жетпеди. Аны санга кошуп, көзгө илип, ооздун жели менен болсо да барктап коюш эч кимдин оюна келбейт. Бирок аш-той боло калса, Момунсуз өтпөйт. Айрыкча Бугу уруусунан кадырлуу кары а дүйнө кетсе, анын кара ашы, чоң ашынын кызматы Момундун мойнунда. Момун өзү Бугудан болот, ошого сыймыктанат, ошол үчүн уруулаш тукумунун аш-тоюна катышпай койбойт. Мал сойгон да Момун, кадырлуу конокторду тосуп, атын алган да Момун, отун жарып, от жагып, суу ташып, чай сунган да ошол эле Момун. Анан калса маарекенин түйшүгү түгөнгүс, ылаңкасы[1] арылгыс болот эмеспи.

[1] ы л а ң к а с ы – кем-карчы.

Мына ошондой көпчүлүктүн кызматына Момунду сала беришет. Момун эл көзүнө жүгүргөн болуп, көмүскөдө насыбай атып отуруп калбайт, тапшырылган иштин жөнүн айттырбай билип, күттүрбөй бүтүрөт. Ошол үчүн келин-кезек кээде:

– Өх, жаным, өлүп кетебизби, Элпек аке бар эмеспи, ошо бүтүрөр, байыс алалычы. Деги Элпек аке болбосо биз эмне кылмакпыз, – деп буйтка жерге отура калып, ушак-айың сөзгө кирет.

Ошон үчүн алыстан жээн небересин учкаштырып, соорунчу конок болуп келген Момун сөөлөт күткөн өзү теңдүү аксакалдардын катарында төрдө отурбастан, самоорчу жигиттен бетер качан болсо кемеге-очоктун тегерегинде. Башка бирөө анын ордунда арданып бычакка түшмөк. Момун капарына алып да койбойт.

Ардан үч күн кийин туулган деп коюшат аны. Көрүп көзү каныккан, угуп кулагы бышкан кары-жаш, алыс-жакыны намыстанбайт. Момун элпектин бешенесине жазылганы ушул деп басып кете беришет. Кокус алыстан келген чоочун бирөө таң калып: «Э, кокуй, аксакал, келиндердин кол баласы сизби, бул айылдын жаштарынан жаман чыкмасы жок беле?» деп калса, Момун терикпейт:

– Өлгөн өз агам болсо, кызматына мен турбаганда ким турат, – дейт.

Бугулуктардын баарын бир тууганым деп билет. Алиги өлгөн жан төрдөгү каадалуу конокторго да бир тууган, ал жагын териштирбейт.

– Мүйүздүү Эненин балдары болобуз. Умай Энебиз тукумун бу дүйнө, а дүйнөдө ынтымагынан жазбасын деп осуят таштап кеткен...

Момун элпек деген ушундай киши!

Улуу-кичүүнүн баары ага теңтуш, «сен» деп сүйлөшөт, шакабалап кетишсе таарынбайт, санга кошпой өтүшсө ызаланбайт. Өзүн сыйлабаганды өзгө аябайт деп бекери-

нен айтпаган го. Момун өз башын сыйлоо дегенди билбейт.

Бу турмушта Момундун колунан келбеген иш жок. Жаш кезинде жүгөн, камчы өрчү, кийин кардар азайган соң таштап койду. Анан жыгач жонуп, көп кишилердин каалга, кашегин аштады. Колхоздо маялап чөп жыйганга келгенде Момун элпек кайда деп издеп калышар эле. Момун ит жондонтуп жыйган маянын бир тал чөбү чирибей, жаан жааса каздан куюлган суудай ылдый шорголоп, кышкысын кар астында күнү бүгүнкүдөй турар эле. Өткөн согушта эмгек аскерине алынып, Магнитогордо заводдордун керегесин калап, стахановчу атанды да, ошондо бир кадыр-баркка илинди. Кийин кайтып келип, Кордонго там салды да, ошерге орноп калды. Ошондон бери өйдөлөй албай токойчу бойдон жүрөт. Акыйкатта карагай башы Орозкул эмей эле, Момун. Күйөө баласы Орозкул күндө бир карагай саткан үйгө конок болуп кыдырып кетет. Токойду караган баягы эле Момун. Кокус чоңдордон бирөө-жарым келип калгыдай болсо, анда эки тизгин, бир чылбырды Орозкул өзү алат да, чоңдорго токой көрсөткөн да өзү, бир чырпыгын коротпой карап турган ээси да өзү болуп, меймандардын көңүлүн ачып аң уулатат. Кордондун малын баккан да Момун, бал челекти караган да өзү. Ушинтип өмүр бою таң аткандан каш карайганча иш менен алпурушуп келатса да сый-урматка жетпеди, барк күткөндү үйрөнө албады.

Жадагалса сырт турпатында аксакалдык сөөлөт болсочу. Же салабаттуулук каадасы жок, же кыжырлуу катаалдыгы жок. Ак көңүл байкуш экени бир көргөн адамга көрүнүп турган бечара. Мындайларды: «ак көңүлдүн аты арыбайт, аты арыса да өзү жарыбайт» деп коёт эмеспи. Дал ошонун өзү. Желелеп калың бырыш баскан жүзү качан болсо чүрүшө күлүмсүрөп, жүлжүйгөн көздөрү: «Ыя, бир жумушуңу бүтүрүп берейинби? Айт, айта кой, мен азыр...» – деп тургансыйт. Мурду салаңдап, кемир-

чек эмей жалаң эт өңдүү. Кудай же бойдон, же сакалдан айтпаптыр, кедейген бою бакене, чүрүшкөн ээгинде экиүч куйкул сары кыл сербейип, маке[1] чал десең да келишпейт. Иши кылып, же топ элди, же кемеге-самоорду тегерене төбөсү бир көрүнсө бир көрүнбөй бөжөңдөп жүргөнү жүргөн.

Момун куракту башка карыяларды көрчү: күмүш чапкан ак каңкы ээр токунуп, жараган ат минип, кең жака ичикчен, суусар тебетейчен, кереге сакалы көкүрөгүнө жайкалып, салабаттуу бастырып баратса, ким да болсо ийилип салам айтат. Жакшы атыккан аксакал деп ошону айтат. А Момунчу, жеткен атагы Момун элпек. Бирок, Момундун башкаларда жок бир артыкчылыгы бар, ал – эл көзүнө кадырым сынат деп коркпогону. Сөөлөт курганды билбейт экен, сөзгө чоркок экен, карылык каадасын тутпайбы деген өңдүү кепке каламбы-жокпу деп ойлоп койбойт. Өзү серп салбаганы менен Момундун ырысы ушунда. Көп кишилер назили наркы бар-жогун ченебей, мартабалуу көрүнөм деген далалат менен жүрүп көзү өтүп кетип жатпайбы. Атаң көрү, эр деп ушуну айт, акылдуу десең кеменгер, каардуу десең жаангер, өзүм деген кишиге, үйрүлүп түшөт үстүнө деген атка ким конгусу келбесин?..

Момун антип ойлоочудан эмес. Кудайдын бир момуну, апенди чалыш киши, эл да ошонусуна жараша басмырлап алган.

Момун ага таарынбайт. Ал таарынса бир гана нерсеге таарынчу: эгер бирөөнүн ашынын кеңешине чакырылбай калса, бул эл кантип бaратат деп шагы сынат, катуу кейиш тартат. Кейишинин жөнү да сандан чыгып калганында эмес,– кеңешке барганда деле катышып отурганы болбосо, акыл кошо албайт,– илгертен келаткан ата салты, уруу салты бузулганына кейичү.

---

[1] м а к е – бул жерде сакалы жок көсөө деген мааниде.

Анан дагы Момундун күндө тарткан күйүтү бар: түн-күсүн кудайга зар какшап ыйлап, көңүлү кир, көкүрөгү зил. Бу күйүтүн башкалар билбейт, танапташ турган үч түтүн көрүп-билип жүрөт...

Небереси машине-дүкөндүн жанында турганын көрүп, бирдемеден улам томсоруп калганын биле койду Момун. Бирок, сырттан келген сый киши эмеспи деп, аттан түшө оболу дүкөнчүгө кол суна учурашты:

– Ассалоом-алейкум, чоң көпөс! – деди тамашага чалдырып. – Кербен жүгүң байсалдуубу, соодаң жолдуубу? – Чүрүшкөн жүзү күлүмсүрөй тиктеп, дүкөнчүнүн колун коё бербей турду. – Көптөн бери көрүнбөй көзгө сүртүүгө дары болдуң го. Келиңиз, жол болсун!

Бутунда кончу шалпактаган кирзи өтүк, көчүгүндө кемпири тигип берген куудураган кендир ыштан, далысында көөнөргөн купайке, башында эски журттан таап алгансып боз коңур шырыма кийиз калпак – Момундун ушу кебетесин күлө карап, дүкөнчү жооп берип турган жери:

– Кербен аман, жүк байсалдуу. Бирок көпөс келатканда алтын-күмүш шагыратып тосуп албай, тоо-токой аралай качканыңарга жол болсун? Катыныңарга да сокур тыйын чыккыча жаның чыксын деп бек табыштап кетет турбайсыңарбы. Мына азыр үрүмдөн табылбас малды алдыга жайып коюп отурсам, ооздорун куу чөп менен аарчышат.

– Капа болбо, кагылайын, – деп Момун кайра кетенчиктеди. – Келериңди билгенде тарап кетпейт элек. А жанагы акча балакетиң курусун, жоктун жону катуу деген ошол. Куда кааласа күзүндө картөшкө сатып, капчыкка акча толтуралы, ошондо кел...

– О койсоңчу! – деп дүкөнчү сөзүн бөлдү. – Билем го силердей сасык байларды. Ээн тоо, элет жайда отурасыңар, тигине жер да, чөп да колуңарда, мал десең малың бар, бал десең балың бар. Токойдун болсо уч-кыйырына

көз жетпейт. Дагы эмне керек силерге? Пейилди кенен койсоңор болбойбу. Мына, ал мобу шайы жуурканды, же мобуреки бут машинени, бирөө эле калды.

– Кудай акы, андай акча жок эле,– деп Момун жүдөдү.

– Ики, ишене койчуң мен экем го, абышка. Ал куу тыйынды суурча чогултуп ката берип эмне кыласың, көрүңө ала жатасыңбы?

– Ымандай сырым, айланайын, Мүйүздүү Эненин арбагы урсун!

– Жок дегенде мобу чий баркыттан үч метр алсаң боло, жаңы шым тиктирип киерсиң.

– Алат элем, Мүйүздүү Эненин арбагы урсун дебедимби...

– Э-э, сага короткон кайран сөз! – дүкөнчү колун силкип салды. – Бекер келген экем да. Орозкул кайда?

– Эрте менен эле Аксай тарапка кеткен. Чабандарда жумушу болсо керек.

– Конок болуп жүрөт дебейсиңби...

Момун коомайланып унчукпады.

– Бизге капа болбочу, иним,– деди Момун аздан соң. – Күзүндө, кудай буюрса, картөшкө сатып...

– Күздүн камын жегиче...

– Анда бизге таарынба. Деги үйгө кирип, чай ичип кетчи, бай болгур.

– Чайга күнүм түшүптүрбү, – деп дүкөнчү дүкөнүн жаба баштады.

Бала итин мойнунан кармап, машине жүрөр менен артынан жүгүрүүгө беленденип, таятасынын жанында турган. Дүкөнчүнүн оюна бирдеме кылт эткендей болду.

– Ме, мобу китеп капты сатып бер балаңа. Муну окутасыңбы, канчага чыкты?

Доосу бардан бетер желкелеген дүкөнчүнүн сөзү жанына батып, корунуп турду эле, Момун жандана түштү: айтса-айтпаса төгүнбү, бала быйыл күздө окууга барат эмеспи.

– Баса, ырас айтпадыңбы, айланайын, – деп жанын кайсалады. – Окууга барат балам, жетиден сегизге кетти. Ыя, чын эмеспи!

Издеп атып, колтук чөнтөгүнүн түбүнөн төрт бүктөлгөн терге чапташып калган беш сомдук таап чыкты.

– Карма, шалпаң кулак. – Дүкөнчү портфелди берип атып, көзүн кысты. – Жакшы окугун. Болбосо таятаңы тартып, өмүр бою тоодон түшпөй жапайы каласың.

– Жакшы окуйт, балам зээндүү, – деди Момун кайрып берген тыйындарды эсептеп жатып.

Анан портфелди бооруна кыса кучактап, бирде дүкөнчүнү, бирде таятасын жадырай карап турган баланы башынан сылап, жанына тартты.

– Мына эми жакшы болбодубу. Күзүндө окууга барасың, – деди өзү да ыраазы болуп.

Бала таятасын жадырай тиктеди. Анын жадыраганы ыйламсыраганга окшош эле.

Башын сылаган туурук колду сезип туруп, баланын каңырыгы түтөп кетти. Таятасынан жаңы оргон чөптүн, күн ысыгына ачыган тердин жыты келип, ушул тыртайган арык чал дүйнөдөгү эң жакшы көргөн, жан ачыр кишиси экени, анан ушу киши канатына калкалап, бооруна кысып, бирөөдөн кагуу жеп келгенде туурук алаканы менен жашын аарчып, көзүнөн өөп, уйкусурап жатканда акырын келип, төбөсүнөн шоркурата жыттап жүргөнү, эми минтип дүкөнчүдөн жеме укса да, китеп кап сатып берип турганы баланы эркетип жиберди, ысык жаш каңылжарын ачыштырып кысып келип араң карманды. Ошо киши ушул, бооруна кысып турат. Тиги дүкөнчүгө окшогон шылуундар мазактап, Момун элпек деп ат коюп алышканы ушу арка туткан чүкөдөй таятасы... Мейли, айта беришсин! Кандай болсо да өзүнүн таятасы. Таята бар экени жакшы тура!

Мынчалык чоң кубанычка батарын бала ойлогон эмес. Ушу күнгө чейин окуу оюна кирип чыкпаган. Көлдүн

жээгиндеги бугулук абышкалардын бири көз жумуп, таятасы батага жөнөгөндө учкашып кошо барып жүрүп, бөтөнчө кийим кийген, колдорунда китеп каптары бар балдар удургуган топ болуп, шатыра-шатман мектепке кетип бараткандарын көрчү, бирок мектеп деген ошо балдарга гана буюругандай көрүнүп, өз шыбагасына тарткан эмес.

Мына эми портфель колуна тийгенден баштап бала өзүн башка балдарга тең эсептеп, китеп кабын колунан түшүрбөс болду. Так секирип туйлаган бойдон үч үйдүн баарын кыдырып, бир сыйра мактанып чыкты. Эң оболу таенесине сүйүнчүлөдү:

– Карачы, карачы, таятам сатып берди!

Анан Бекей таежесине мактанды эле, ал да баланы куттуктап, өзү да кубанып калды.

Бекей таежесинин көңүлү чак болгону сейрек, көбүнеси жылдызы жерге түшүп, томсоруп жүргөнүн көрөсүң. Андай кезде жээнин да байкабайт. Жээни эмес, өз кайгысынан баш көтөрө албай калат. Куу этек да шордуу, балдары болсо этегине ырыс толуп, бешенесине күн конуп турбайт беле дейт таенеси. Анда Орозкул доңуз кыялын таштап, Бекейдин көзүнүн агы менен тең айланбайт беле. Анда бу Момун чал да керилип төрдө отурмак деп дагы айтат. Эки кызы бар экен, улуусу ушу Бекей, кичүүсү баланын апасы, экөөнөн тең маңдайы жылыбады дей берет таенеси. Баарынан жаманы балдарынын балдары жоктугу деп дагы айтат. Ушинтип айта берет таенеси. Эмне ой менен айтарын өзү билсин...

Бекей таежесинен кийин бала портфелин Гүлжамал кызы экөөнө көрсөттү. Андан чыгып чөп чабыкты көздөй чү койду, Сейдакмат чөп чаап жүрөт деген Гүлжамал, Жолдо баратып, Төө-Таштын жанынан өттү, бирок адатынча сылай кетүүгө чолосу болбоду, анан Ээр-Таштын, Бөрү-Таштын, Таңке-Таштын жанынан буйдалбастан чымылдап өтүп, суу жээктей өскөн калың чычырканак-

ты кыйгачтай чымылдап, тектирдеги чөп чабыкта Сейдакматка жетип барды.

Бүгүн чөп чабыкта Сейдакмат жалгыз болчу. Таятасы өзү менен Орозкулдун үлүшүн чаап, ташып барып, бастырманын үстүнө эки үймөк кылып чекчейтип жыйып койгон. Жыл сайын ушул. Орозкул чоң эмеспи, жумушунун баарын Момун чал бүтүрөт. Эгер мас болуп келгенде бир жумушу бүтпөй калганын көрсө, «Кууп ийем иштен!» – деп бакырып турганы турган. Кууп ийчүлөрү ушу Сейдакмат менен Момун чал. Абышканы куба албасы бышык, кууса ким иштейт. Токой дегениңин да иши көп, айрыкча күзүндө баш көтөртпөйт. «Токой мал эмес жайылып кеткидей, бирок түйшүгү малдыкынан кем эмес. Кокус өрт чыгабы, же тоодон кыян жүрүп кетеби, карагай жолдон чыга качмак беле. Көзүң жаздым болсо көп жерине доо кетет. Токойчу ошонусу менен токойчу да», – дейт таятасы... Сейдакматты деле Орозкул оңой менен куба койбос. Айтканынан чыкпаган, карагайды кыйып атасыңбы, сатып атасыңбы, кийлигишпеген мындай жоош жумушчуну кайдан табат. Бирок, Сейдакматтын жаман жери – жалкоолугу. Ошол үчүн жаш жигит боло туруп, алыс чыккысы жок. «Мындай жигиттер колхоздо трактор минип, жер айдап жүрөт. Бу болсо короолу[1] чымчыктан бетер көлөкө жерден жем издейт» – деп калат таятасы. Жалкоолугун карачы, үй ордундай жерге картөшкө айдаса, анысын алабата басып жатат. Кызы колунан түшпөгөн Гүлжамал байкуш алигиче отоп бүтө албай жүрөт.

Ошо Сейдакмат минтип чөп чабыгын да кечиктирип алды. Мурдагы күнү таятасы: «Өткөн кышта мен чөп берсем, сага эмес, малга боорум ачыгандан бергем. Быйыл да чалдын чөбүнө көз артар болсоң азыртан айт, мен эле

---

[1] к о р о л у – капаска конгон бакма чымчык.

чаап берейин»,– деп катуу кейип айткан. Жеме жеткен окшойт, бүгүн эртеден бери Сейдакмат чөп чабыкта.

Артынан тыпылдап келаткан балага кылчайып, Сейдакмат жеңи менен чеке терин сүртүндү.

– Эмне, мени чакырып атышабы?

– Жок. Менин китеп кабым бар! Карачы! Таятам сатып берди. Мен окуурга барам.

– Эй, энтеңдеп жүгүрүп келгениң ушубу? – Сейдакмат күлүп жиберди. – Сен да таятаңды тартып айный баштадыңбы, ыя? Кана, кандай китеп кап экен? – Килитин чаркылдатып, портфелди айландыра карап, башын чайкады. – Эй, коё турчу, – деди дагы эстей койгонсуп,– кайсы мектепке барасың, мектебиң каерде?

– Кайсы? Бермедеги[1] мектепке.

– Кайсы, тиги Желесайдагы мектепкеби? – деп таң калды Сейдакмат. – Бел ашып, аякка беш километр, кайра беш километр...

– Ат менен жеткирип турам деди таятам.

– Күн сайынбы?.. Күндө барып келип турат бекен? Алжыган чал экен... Өзүң да кошо оку де. Экөөңөр бир партага отурасыңар да, сабак бүткөндө атка учкашып жүрө бересиңер. – Сейдакмат каткырып күлүп калды.

Момун чал небереси менен партада катар отурарын элестетип алып, боору каткыча күлдү.

Бала туталанып унчукпай турду.

– Тамаша кылам,– деди Сейдакмат.

Анан баланы мурунга акырын чертип койду да, чоң шапкесин көзүн жаптыра тартып салды. Момун чал токойчунун форма шапкесин кийчү эмес, балага кийгизип койгон. «Мен эмне, начендик белем? Өзүмдүн кыргыз калпагыман артыгы жок»,– деп, журтта калып, күн жегендей эскилиги жеткен кийиз калпагын, бир кездеги кара

[1] б е р м е – ферма.

кыюуланган ак калпагын кийип алчу. Кышкысын да кар алдынан тапкандай эски тебетейи башынан түшпөйт.

Кубанып келип, атайы сүйүнчүлөгөн кабарын Сейдакмат шылдың кылганына баланын көңүлү ичиркенди, кабагы салаңдады. Шапкесин көтөрүп кийгенде Сейдакмат мурунга дагы чертмекчи болду эле.

– Барчы ары! – деп моюн толгоду.

– Ики, жинин! – деп Сейдакмат ырсаң этти да, кайра жөнгө салды. – Таарынба, портфелиң эң сонун тура! – Анан далыга таптады. – Эми бар, бара гой. Менин али чөбүмдүн чети оюлбай жатат.

Эки алаканына түкүрүнүп, Сейдакмат бел орогун колго алды.

Бала болсо жанагы барган жолу менен, жанагы таштарынын бирине аялдай албай, портфелин кучактап жортуп жөнөдү. Ар жерге токтоп, таштары менен ойногудай али китеп кабынан кызыгы таркай элек.

Кечке ойноор теңтушу жок болгон соң бала жалгыз ойноп жүрүп, өзүнчө сүйлөй бергенге көнүп алган. Азыр болсо, өзүнө эмес китеп кабына айтып келатты: «Сен ага ишенбе, менин таятам андай эмес. Таятам булардай куу эмес, ошол үчүн баары күлө берет. Ал экөөбүздү мектепке жеткирип турат. Мектеп каерде экенин сен али билбейсиң ээ? Алыс эмес, бир күнү көрсөтөм. Экөөбүз Кароол дөбөгө чыгып алып, мектепке дүрбү салып көрөбүз. Анан дагы дүрбү салып, мен сага Ак кемеми көрсөтөм. Ага чейин бастырмага жүгүрүп кирип чыгалы, дүрбү ошерде катылуу. Торпокту откозуш мойнумда, бирок мен болбой эле Ак кемени көргөнү кетип калам. Чоң торпогубуз бар, алым жетпейт, сүйрөп кетет, анан барып күндө эле энесин ээмп коёт. Энеси торпогунан сүт аямак беле, ийип берет. Эне деген баласына дайыма ийип турат окшобойбу. Гүлжамал ушинтип айтат, кызымы тим эле жакшы көрөм, эзилип турам дейт. Азыр уйду саап алсын, анан экөөбүз торпокту откозгону кубалап кетебиз.

Ошерден Кароол Дөбөгө чыгабыз да, дүрбү салып, Ак кемени көрөбүз. Сен али билбейсиң го, дүрбү экөөбүз да ушинтип сүйлөшө беребиз. Эми бүгүндөн баштап мен, сен, дүрбү үчөөбүз болобуз...»

Бала ошентип өзүнчө кожурап, үйгө жортуп келатты. Китеп кабы менен сүйлөшкөнгө көңүлү кеңирсип калды. Дагы сүйлөшүп, китеп кабы биле элек өз жомогун айтып бергиси келди эле, бирок жан жактан ат дүбүртү угулуп, алаксытып жиберди. Бадалдан буурул ат минген бирөө чыга келди. Орозкул деген ушул эле. Астындагы ат Алабаш, өзүнөн башка жан адамга мингизбейт. Орозкул оолжуп келатыптыр, мас көрүнөт. Атына сый токумун токунган экен: жез үзөңгү, кашында күмүш шылдырканы бар ээр, көмөлдүрүгүн кошо тагыптыр.

Калпагы желкесине кетиптир, кууш маңдайы канталай кызарып, майланыша нымшып келет. Ысыкка талыкшыган эткээл денеси оолжуп, көзү үргүлөп, кирпиги көтөрүлбөйт. Район чоңдорунун кийгенин туурап бычтырган чий баркыт кителинин топчулары башынан аягына чечилүү. Чоң курсагы керген ак көйнөгү кашатынан чыгып, түктүү киндигинен өйдө түрүлүп кетиптир. Улам кулгуп коюп, мас келаткан экен Орозкул. Бирөөнүкүндө аябай мейман болуп, кымыз менен аракты кана ичип, этти тоё жеп, жаңы эле аттанып чыккан түрү бар.

Жай келип, мал жайлоого чыккандан тартып Орозкулга «күндө майрам, күндө той». А кезде чабандар менен жылкычыларга Орозкул көзгө сүртүүгө дары болот. Күндө бири чакырып, талашып турушат. Анткени Орозкул керектүү киши. Малчылар мал артынан тоодо жүргөнү менен айыл-айылында там салып жаткандары көп. Алар мал багабы же, тактай издеп, устун издеп, шаар-кыштак кыдырабы? Орозкулду колго алса, көңүлүн ыраазы кылса, ал корук токойдон эки-үч карагай жылдырып коёру ажап эмес. Орозкулга жетпесең анда та-

мың бир жылдан үч жыл курулуп, үч жылдан жети жылга бүтпөй жата берет...

Береги Орозкул азыр крым өтүгүн[1] жылтыратып, үзөңгүнү чирене учкай тээп, ээрде үргүлөп, шыйрагына киши теңебей келберсип келатканы да ошо кадыр-барктын сыймыгы.

Китеп кабын булгалай кыйкырып, алдынан бала жүгүрүп чыкканда күтүүсүздөн Орозкул аттан ооп түшүп кала жаздады:

– Орозкул аба, Орозкул аба, менин китеп кабым бар! Мен окууга барам! Карачы китеп кабымы!

– О, азыткыдай болгон атаңды!.. – деп Орозкул сөгүнүп жиберди тизгинди тартып.

Канталай кызарып, шишиген көздөрү баланы боолголой карады:

– Сен кайдан чыга калдың?

– Үйгө баратам. Китеп кабымы Сейдакмат акеме көрсөттүм, – деди сөгүү жеген бала томсоруп. – Китеп кабымды Сейдакмат акеге көрсөтүп келатам...

– Бар, ойноп бер, – деп корс этти да, Орозкул ээринде теңселип ары бастырып кете берди.

Бирөөгө кор бала, бирөөгө зар бала, деп сыздады Орозкулдун мас көңүлү. Башкаларга санабай бала берген кудай ага бербеди. Өз канынан жаралган уулу жок болуп тагдырына наараазы жүргөн Орозкулдун башка бирөөнүн таштанды баласы менен иши эмне. Көп болсо катынына жээндир... бирок, портфелге жеткенине төбөсү көккө жеткенсип, ар кимге сүйүнчүлөп жүргөнүн карачы? Баланын жүргөн жери базар. Башкаларга чуурутуп бала берген кудай ага калганда неге колу жумулуу?..

Орозкул жашып кетти. Кейиш менен ачуу муунтуп жиберди. Артында туяк калбасына жаны кейиди да, куу

---

[1] крым өтүк – хром өтүк.

этек катынына жини келе баштады. Согончогу канабаган куу канчык, ошол багын байлап келатпайбы!..

«Сени элеби!» – деп кекене эттүү муштумун түйүп, өңгүрөп ыйлап ийиштен карманып, онтоп жиберди. Барары менен катынын көгала койдой соёрун билип баратты ал. Бу көнүмүш жорук мас келген сайын кайталанчу. Бука мүнөз Орозкул кайгы менен ачуусу аралаш келгенде жиндеп кетет.

Бала жалгыз аяк жол менен ээрчип бараткан, бир убакта алдынан Орозкул көрүнбөй калганына таң калды. Көрсө, ал жолдон бура тартып аттан түшүптүр да, азыр белден чыккан чөптү жирей башын мыкчып, эки ийини гана көрүнүп, теңселе басып бараткан экен. Жээкке жетип тизелей отурду да, кочуштап суу сузуп, бетин жуба кетти.

«Ысыктан башы ооруган го»,– деп ойлоду бала. Орозкул ыйын токтото албай ошентип жатканын бала билген жок. Орозкул болсо алигинтип алдынан өз уулу чуркап чыкпаганына, китеп кабына сүйүнүп жүргөн бу балага кишиче эки ооз жылуу сөз таап айта албаганына ыйлап отурган.

## II

Кароол дөбөнүн чокусунан төгөрөктүн төрт бурчу көрүнөт. Бала жашаң чөпкө жүстөмөндөп суналып, дүрбүнү көзүнө тууралап жатты. Бу дүрбү кадимки күчтүү дүрбү. Токойчулукта көп жыл талбай иштегениң үчүн деп бир кезде таятасына сыйлыкка келген. Абышка муну жанына будаат[1] көрүп: «Кудай өз көзүмө кубат берсин»,– деп урунбай койгон. Ошондон бери дүрбүнү бала ээлеп жүрөт.

Бүгүн бала Кароол дөбөгө дүрбүсү менен кошо китеп кабын ала келди.

[1] б у д а а т – артыкбаш жүк, тоскоол.

Бала дүрбүнү көзүнө тууралап жатканды жакшы көрөт. Алыстагы бир чокуга туштаса обол мунарыктап, анан бара-бара дааналанат. Даана элести бузуп алыштан коркуп, бала дем албай карап жатат да, анан башка бир чокуга көчүп, кайра башынан баштайт.

Баарынан да балага жакканы – ушу дөбөдөн кеңирсиген Ысык-Көлдүн күңгөй-тескей тарабы бүт көрүнгөнү. Кээде көкүрөгүнө кусалык толгондо дөбөгө жүгүрүп чыгып келип, керилген өрөөнгө көз чаптырып бир аз жатса кусалыгы тарап, өзү да кеңирсип калат. Бирок ушу кең дүйнөдөн четте экенине баланын жүрөгү өйүйбү, айтор аягында улутунуп алат. Тескейине дүрбү салса те алыскы мунарык төрдөн сүткө жуугандай аппак болуп, күнгө чагылышып жылтылдап, Теңир-Тоонун көк мелжиген улуу чокусу Хан-Теңир заңкаят. Аны көргөндө бала таятасынын кээде кыңылдап калчу ырын эстейт: «Ала-Тоо менен Теңир-Тоом, элиме сепил, сеңир тоом!..» «Ала-Тоо» деген сөздү бала ар кимден уккан, «Теңир-Тоонун» кабарын таятасынан гана уккан: – Илгери-илгери,– деп айтып берчү таятасы,– кыргыздар күнгө, Көккө сыйынып, көк асманды Теңир туткан. Көккө чокусу жетип турган улуу тоону Теңир-Тоо деп атап, анын күмүштөнгөн чокусун Хан-Теңир деп улук көргөн. Ошол заманда кытайдан бир окумал саякатчы келип, кыргыздардан сурайт: – «Бул не деген тоо?» – Теңир-Тоо, – дейт кыргыздар. Алиги окумал «Теңир-Тоону» – «Тянь-Шань» деп кытайча которуп «Тянь-Шань» деп жазып кетет... Биз, кыргыздар да кызыкпыз, кээде эне тилибиздеги сөздү айтпай, анын бөтөн тилден бузулуп келгенин сүйлөйбүз... Ээ, балам, илгеркинин ыры бекер чыккан эмес: «Ала-Тоо менен Теңир-Тоом, элиме сепил, сеңир тоом!» – деп... Бекер чыккан ыр эмес-ов!..

Бала ушинтип таятасынын улама кебин бир эстеп алат да, дүрбүнү берээк тартат.

Теңир-Тоону калкалап, ак мөңгү сакал Ала-Тоо керме тартып чалкалап, бу да укмуш бараандуу. Аксакалдын кара көрпө жакасы сымал береги көлгө түшкөн көкүрөгүн чер токой баскан... күңгөйгө дүрбү салса, бул тараптын тоолору жапысыраак, токою жок жылаңач кызыл төш. Сеңирленип куюлуп келип, тумшугу көлгө малынып турат... Көл бүткөн таман астын караса, ээн талаа, кең жайык. Көк жамаачы өңдөнүп ар-ар жерде айыл-кыштак, кыштакка улаш күдүрөйгөн бак, эгин талаалар. Кыярын саргыч көрүнөт, эгин бышары жакын окшойт. Ийрелендеп чубалжыган кашка жолдо куйругун сүйрөй качкан чычкандарга окшоп, машинелер чаң уюлгутуп аркы-терки жүгүрөт. Алыска созулуп, эриген коргошундай көлкүлдөп Ысык-Көл жатат. Көлдүн төрүнө көз жетпейт, көгүлтүр суу менен көк асман биригип кеткендей. Көл кыймылсыз күн нуруна жылтылдап, жайкын бети ээн. Береги жээкте гана ак көбүктөнгөн майда толкундар көлбүйт.

Бала көл бетин көпкө карап жатты. «Ак кеме али жок,– деди китеп кабына. – Кел эми экөөбүздүн мектебибизди карайлы».

Кароол дөбөнүн түбүнөн жогору өрдөгөн коктунун ичи алакандагыдай көрүнөт. Атүгүл дүрбүдөн тамынын түбүндө жүн тытып отурган кемпирге чейин көрүнөт.

Желесай кокту токойсуз. Тескей капталынан гана тигинде-мында серейген жетим карагай көзгө урунат. Бир кезде буерде да калың токой болгон. Эми анын ордунда шифер жабылган мал сарай. Жанында саман-кык жатат үйүлүп. Асыл тукум торпок багат сарайда. Андан улай жалгыз көчө малчылардын айылы. Боор ылдый келген көчөнүн этегинде бир там бар. Кейпи киши жашаган эмес. Ошол там баштапкы мектеп. Төртүнчү классты бүткөн соң балдар совхоздогу мектеп-интернатка кетет. Бу мектепте төрт эле класс, кенже балдар окуйт.

Бир жолу тамагы ооруп, таятасы ушул айылдагы доктурга алпарып келген. Мектепти ошондо көргөн. Эми бала ушул мектебин кадала карап жатты. Кара-күрөң калдыркан черепица жабылган, жалгыз мору кыйшайып, мектеп там ээн турат, Маңдайындагы тактада чоң тамгалуу жазуусу бар. Бала али кат таанproblemыбаса да, бу жазуу «Мектеп» деген сөз экенин баамдады. Дүрбүдөн дубалдагы жаракаларга чейин көрдү. Бир жерине балдар көө менен дагы бирдеме жазыптыр, терезенин бир көзү сынып, ордуна гезит чаптап коюшуптур, верандасынын тактары да кажып калыптыр, эшигинде чоң кара кулпу салынуу турат. Бала күзүндө китеп кабын кармап, ушул эшиктен киреrin элестетти. Эшиктен ичкери эмне бар, эмнелер болор экен?

Мектепти айландыра карап чыккан соң бала дүрбүсүн кайра көлгө бурду. Көл бети жанагысындай эле ээн турган. Ак кеме али көрүнбөйт. Бала көлгө далысын сала бурулуп отурду да, дүрбүнү жанына алып коюп, дөбөнүн этегине көз салды. Таман алдында тар колот, те кар жаткан тоодон бери өңкүлдөп, ак көбүк чачкан кашка суу кулак тундурат. Суу бойлоп келген жол суу менен кошо бу тумшуктун бурулушунан көрүнбөй кетет. Өйүз бет жардуу, токойлуу. Сан-Таштын корук токою мына ушерден башталып, өөдөдө мөңгү тиреп жатат. Жогорку кара зоо ак карга ээк артып, карагай-токойлуу жон жалданып күдүрөйөт.

Бала кордондогу тамдарды, бастырма-сарайларды күлө карап отурду. Алар бу дөбөдөн карасаң чабалекейдин уясындай эле көрүнөт. Кордондон ары баягы «Төө», «Бөрү», «Ээр», «Таңке» таштары жатат. Таңке-Ташын бала ушерден дүрбү салып отуруп окшоштуруп, ошондон улам ат коюп койгон.

Бала өз алдынча бырс күлүп койду да, тура калып кордонго таш ыргытты. Кол жеткидей эле көрүнөт, би-

рок ташы бери эле боорго түшүп калды. Бала кайра отурду да, дүрбүсүн көзүнө кармады. Элден мурун дүрбүнүн чоң көзүнөн карады эле, үйлөр алдагайда качып барып toктой калгансып, алыстан ширеңкенин кутусундай кичине көрүндү. Корум таштары корголдой боло түштү. Таятасы тосуп берген тосмосу чымчыктын шыйрагынан чыккыс болуп, жамгырдан калган көлчүктөй эле болуп калды. Бала күлүп алып, дүрбүнү оңдоп кармады. Эми тааныш таштары опол тоодой чоңоюп, дүрбүнүн көзүн каптап келишти. Боорундагы эңилчектери, жаракалары, коңулунда жаткан куштун канаттарына чейин көрүндү. Баарынан да тааныш таштары койгон аттарына абдан окшоп турганы баланы өрөпкүттү: «Ой ит-оой! Тим эле Дөңбөрү! А Таңке-Ташчы! Өзү-өзү!»

Тосмосу корумдардын нары жагында, дүрбүдөн даана көрүнөт. Жогортон атырылган суу бу чыканактай бурулушка бир чайналып алат да, кайра төмөн аңкиштеп жөнөйт. Бурулуштагы суу тизеден келет, бирок агымы катуу, бу баланы такат алдырбай көмөлөтө коюп кете бергидей. Тосмо курула электе бала жээктеги замби[1] талдын суу чапкылап турган бутагын карманып түшчү сууга. Бирок, казыкка байланган торпоктой болуп, ошо да сууга түшкөнбү. Анан дагы тил укканычы. «Агызып кетсе экен ушуну, суу бир күнү агызып кетет, көрөсүң го, ошондо мен отурган ордуман козголуп койбойм. Өз убалы өзүнө, андан артса сага! Ата-энеси таштап кеткен немении мага кереги канчалык экен! Башка түйшүгүм да аз эмес», – деп таенеси таятасынын кулак-мээсин алат.

Мындайда каяша айтаар сөз барбы? Кемпир да күйгөнүнөн какшап жатпайбы. Анан калса суу эшиктин түбүнөн агат, ойноо бала жөн турмак беле, күндө сууга жүгүрөт. Каргаша каш менен кабактын ортосунда дейт, кокус... Момун ошондо алиги имерилиш жерге тосмо кур-

[1] з а м б и – топ-топ болуп өсүүчү жапан тал (тальник).

ду. Ошондон кийин гана көңүл тынчып, бала эркинче кирине берчү болду.

Тосмо курам деп байкуш Момун канча таш ташыбады. Агым оодарып кетпегидей чоң-чоң таштарды бооруна кыса көтөрүп келип, суу эркин кирип, эркин чыккыдай коңул калтырып, имере тизди. Тартардай[1] тартайып, ээгиндеги эки-үч кылы сербеңдеп, кол башындай бөжөйгөн чал суу болуп, балтырына чапташкан дамбалынын багалегин түрүп алууга чолосу келбей эртеден кечке суудан чыкпай жүргөн түрүн көргөн адам күлгүдөй. Анан кечинде тырп этерге алы калбай бели сыздап жатып калат. Жөтөлү күчөйт. Мына ошондо кемпирдин тили чакмак чагат: «Бала дейт, баланын иши чала дейт. А муногу картаң текенин жоругун эмне дейт экен? Өз башыңа өзүң балээ үйүп, алжыганың эмей эминең? Карды ток, кийими бүтүн, дагы эмне керек экен балага? Баласынын алдында бөйпөктөгүдөй же атасынан, же энесинен чекең жылып чай ичкен көрдөй болсоңчу! Өл ээ, өл! Бу баладан бир балээни көрөбүз го!..»

Эмнеси болсо да, тосмо ойдогудай тосмо болду. Эми бала коркпой киринет. Тал кармап суугa түшөт да, ак көбүк агымга бой урат. Суу астында көзүн жумбайт. Анткени балыктар сууда көзүн ачып жүрөт эмеспи. А бала болсо бир күнү балык болуп кубулуп, алыс сүзүп кетсем дейт.

Азыр дөбөдөн дүрбү менен тосмосун карап отуруп, бала сууга кантип түшүп жүргөнүн элестетти: жүгүрүп жеткенче көйнөгүн чечип ыргытып, шымын шыпырып жиберип, ичиркене сууга кирет. Тоо суусу муздак да, оболу энтиктирип ийет, анан көнүп аласың. Бала талды кармайт да, агымга карай башы ылдый сууга жатат. Толкундар жонун каптап, дене-боюн муздак сайгылайт. Кулагына эчтеме угулбай, суу түбүнүн гүүлдөгү гана толуп

[1] т а р т а р – куштун түрү (коростель, дергач).

чыгат. Көзүн ачып алып, бала суунун түбүн аңтара карайт. Муздак сууга көзү ачышат, бирок бала ошого корстон, ошого эрдемсийт. «Көрдүңбү мени, кантесиң, кантесиң» – деп келекелеп суу түбүнөн таенесине тилин көрсөткүсү келет. Эч качан чөгүп кетпесин, эчтемеден коркпосун билсе дейт. Анан кармаган талды коё берет да, калкып жөнөйт. Тосмонун таштарына барып буту такалганча тумчукпай чыдай алат. Аерден ыргып туруп, жээкке чыгат да, замби талына кайра чуркайт. Ошентип, бир жолу эмес, нечен ирет түшөт. Кайрадан кайра түшө бергиси келет, жадабайт. Балык болуп кубулгуча түшө бергиси бар. А балык болуп сүзүп кетиш – көктөн эңсегени, суудан тилегени...

Жээктете кыдырата карап келип, бала дүрбүнү короо-жайга бурду. Тооктор жүрөт жер чокуп, күрпүлөр жүрөт жөжөлөрүн ээрчитип курк-курк этип. Дөңгөчкө жөлөп койгон балта жатат. Самоор турат түтүн сызылтып. Ушунун баары барааданып жакын көрүнгөнгө бала кармап алчудай колун созду. Ошентип атып, пилдей чоң көрүнгөн күрөң торпогу жайылып турган кирди аймап жатканын көрө койду. Эси чыгып кетти. Торпок кенебейт да тоготпойт, ырахаттана көзүн жуумп, ууртунан көбүктөнгөн шилекейин чууртуп, таенесинин көйнөгүн ооз толтура чайнап турат.

– У, энеңди урайын! – деп бала тизелей тура калды, дүрбүнү көзүнөн албай бош колун жаңсагылады. – Өш! Өш, өш дейм, өлөт алгыр! Айдак, Балтек! Айдак! – деп дөбөдөн чаңкылдады. Бирок Балтеги камаарабай тамдын түбүндө солуп жатат.

Аңгыча үйдөн таенеси чыкты. Торпокту көрө сала эки санын шак чаап алды да, чоң шыпыргыны көтөрүп, кууп жөнөдү. Торпок качып берди, кемпир артынан түштү. Бала дүрбүнү көзүнөн албай боюн жашырып, жерге жата калды. Торпокко жетпей, таенеси каргап-шилеп кайра тартты, заарына буулугуп, кичине чуркаганга энтигип

келатты. Бала таенесин жанында тургандай көрүп жатты. Кээде кинодо адамдын жүзүн, же жалаң көздөрүн гана бөлүп, чоңойтуп, жакындатып көрсөткөндөй бала таенесинин бетин дүрбүнүн көзүнөн чыгарбай кармады. Кемпирдин агы саргайып, ачуудан жүлжүйгөн көздөрүн тиктеди. Калың бырыш баскан бети кумсарып чыкканын көрдү. Үнү өчүп калган кинодой кемпирдин эриндери кыбырап, бирде чүрүшүп, бирде тылтыйып, бирде арсайган сейрек сары тиштери көрүнө калат. Эмне деп чаңкылдап жатканы угулбаса да, нечен угуп кулагына жат болгон бала анын эриндеринин кыбыраганынан эмне деп каргап жатканын жанында тургандан бетер даана угуп жатты. «Өлүгүңдү гана көрөйүн жубарымбек, колума бир түшөрсүң!.. Сени элеби, сага элеби... калкалап алар көкшүн таятаң экөөңдү тең карап тур!.. Азыткыдай азгырган турнабайды жогот деп канча айттым эле. Дагы ошо балакетин кармап, дөбөгө качып кеткендир да! Тетигинде эле көзү тешилип, көлдү тиктеп жаткандыр да, жашабай жайрагыр! Кемең менен жерге кир, ошо кемең өрттөнүп кетсе кана, чөгүп кетсе кана!..»

Бала дөбөдө олтуруп, оор үшкүрүндү. Китеп каптуу болуп, окууга кантип бaverарын кыялданып жүргөн ушу бүгүн торпокту көздөн жаздым калтырганын кара!..

Кемпир жаагын баспады. Көйнөгүнүн чайналган этегин ары карап, бери карап, каргай берди. Баланы оттон алып сууга, суудан алып отко салды. Үйүнөн кызын көтөрүп Гүлжамал чыкты. Ага айтып, кайра башынан түштү кемпир. Муштумун түйүп, дөбө жакка кезеди. Чүрүшкөн сөөктүү муштум дүрбүнүн көзүндө ойноктоду. «Тапкан эрмегин, журтта калгыр. Ылайым кыйрап калса экен Ак кемең! Өрттөнүп кетсе экен, чөгүп кетсе экен!..»

Самоор да кайнап чыкты. Капкагынын астынан буу ышкырып жатканы дүрбүдөн көрүнүп турду. Самооруна Бекей таежеси чыкты. Чайналган көйнөгүн анын тум-

шугуна такай кармап, мына сенин жээниңдин шойкону деп, кемпир кайра башынан түштү.

Бекей аны кой деп, жоошутуп жатты. Ал эмне деп айтып турганын да бала дөбөдөн билип жатты: «Коюңузчу, энеке. Эс тарта элек бала эмнени билсин. Ойноор теңтушу жок, жападан жалгыз. Ушинтип чаңыра берсеңиз баланын эси чыкпайбы».

Анда таенесинин берер жообу да балага маалым:

– «Мага акыл үйрөтчү көсөм сенсиңби? Атакөй-ээй! Элден мурун бала тууп, багып өстүрбөйсүңбү, баланын кыялын анан териштирбейсиңби! Ал жубарымбекти тиги дөбөгө байлап койду дейсиңби? Быякта торпокту аркандап койгонду билбейт да, дөбөгө чыгып, карабай таштап кеткен ата-энесин күтөт имиш, тумоо алгыр! Күлү додо болбой араздашып, өз бетинче кеткен ата-эне сөрөй ушу тирүүлөй жетимди ойлойт дейсиңби? Балакеттин ойлогонубу!.. Аны сендей куу этек кайдан билсин!..»

Бет отунун сөөгү уркуюп, жаагы шылынган, өңү кумсарып, калчылдаган Бекей өгөй энесине айтаар сөзү, сөөгүн какшата табалаары да балага белгилүү:

– «Арбагы качкан жезкемпир, сен өзүңчү? Өзүң канча кызды күйөөгө узатып, канча уулду эр жеткирип, убайын көрүп отурасың? Өзүң кимсиң, ыя? Билесиңби ошону!..»

Ана, андан аркысын көрүп ал!.. Кемпир от басып алгандай чаңырды. Атырылган эки тажаалды арачалай албай ортодо Гүлжамал жүрөт чырылдап. Кучактап, жалынып-жалбарып кемпирди тартат үйүнө. Кемпир ага болмокпу, чачын жулуп, жер кайсалап, оозунан ак көбүк чачырайт. Эсине келе калган Бекей самоорду чайпалта көтөрүп үйүнө кире качты. Кемпир жели чыгып кеткенсип, дөңгөчкө шалдайып отуруп калды. Көзүнүн жашы бетинин бырыштары менен тарап, тагдырына наалый баштады. Эми бала быякта калды, кемпирдин каргышы, наалаты бу дүйнөдөн ашып, кудайдын өзүнө тийип

жатты. «Мени кимсиң дейт ээ, кудай? Ушу мага сынтагар көзөл, өлүк, сенсиңби, ыя? – деп өгөй кызынын артынан төөчө жинин бир бүркүп салды. – Кудай минтип кууратпаганда мен ким элем! Балканактай беш баламды биринен сала бирин жерге бербесем, он сегизге жеткенде кырчындай болгон жалгыз уулум согушта окко учпаса, байкуш байым Тайгара кой артынан жүрүп, бороонго буюкпаса, ошолордун баары азыр маңдайымда турса, мен силердей токойдун жаман дөдөйлөрүнө кор болот белем? Мен сага окшоп согончогу канабаган куу жатын белем, ыя? Кудай минтип шорлотпогондо карыганда жанагы кеңкелес атаңы багып отурмакмынбы? Кайсы күнөөмө минтип кууратып койдуң, оңбогон көзү жок кудай!» Бала көзүнөн дүрбүнү алып, башы жерге салаңдады. «Эми үйгө кантип барабыз? – деди капаланып китеп кабына. – Ушунун баары мени менен тиги акмак торпоктун айынан. Анан дагы сенде да бар, дүрбү. Качан болсо Ак кемени кара деп азгырып турасың. Сен да күнөөлүүсүң».

Бала эки жагын элее карап, айласы түгөнүп отурду. Тегереги бүт тоо, таш, токой. Те мөңгүдөн бери чууруган салаа-салаа суулар үнү угулбай күнгө жылтылдайт, бири бирине куюлушуп бери келгенде гана шаркыраган доошу кулакка толуп, бүт дүйнөнү түбөлүк жаңыртып турат. Ошол тоолор этегинде болуп аткан окуялардын баарын көрүп, баарын билип, бирок козголуп койбой заңкаят. Бала жалгызсырады, кароосуздугу, коргоп алары жок кичинекейлиги жанына батып, жетимсиреп отурду. Тегереги бүтүн тоо, залкар тоолор, кайрымсыз тоолор, сүрдүү тоолор.

Күн ылдыйлап, көлдүн төр жагына батканы калды. Табы кайтты. Бел-белестин чыгыш капталдарына көлөкө түштү. Эми күн ылдыйлагандан ылдыйлай берет, күүгүм көлөкө шыбыртсыз жылып, муздак каптай берет. Ушу маалда Ак кеме көлдүн тиги кызгылт-сары нур эриген төрүнөн каалгып сүзүп чыкчу эле.

Бала дүрбүнү көлдүн төрүнө жиберди да, дем албай кадала тиктеди.

Тигине!

Бала баарын унутту, кайгысын да, коопсунганын да ошол замат унутту. Көлдүн тиги нур куюлган көкмөк жээгинен бери карай Ак кеме кылайып чыгып келатат. Каалгып сүзүп келатат. Тигине! Ана! Катар созолонгон морлору бар, суналган узун, көл бетин кескен кубаттуу, көздөн учкан кооз кеме келберсип келе жатыры! Бурулбастан, чайпалбастан, көл толкунун үркүтпөй сүзүп келе жатыры! Бала аптыгып, дүрбүнүн көздөрүн көйнөгүнүн этеги менен сүртүп алды да, оңдоп кайра кармады, кеменин элеси даанараак тартылды. Артында оргуштап калып жаткан көбүктүү изи эми көрүндү. Бала көз ирмебей, көңүлү толкуп карап жатты Ак кемени. Баланын эркинде болсо, кемени жакын сүзүп кел деп чакырып алып, үстүндө түшүп бараткан кишилерди көргүсү бар. Бирок кеме баланын бул оюн кайдан билсин. Кайдан келатканы белгисиз, кайда баратканы билинбей Ак кеме келберсий сүзүп баратат. Кеме көз учунан өткүчө көп убакыт. Ал ортодо бала кыялы менен кантип балык болуп, кемеге кантип сүзүп барарына дейре элестетип чыгат...

Атасы Көлдө матрос деп уккан. Ушу Кароол дөбөдөн Ак кемени алгач көргөндө суктандырган көркүнө жүрөгү опколжуп, атам ушул кемеде иштейт деп ойлоду. Ушул оюна ишенгиси келип турган, эми биротоло ишенип алды.

Бала атасын да, апасын да билбейт. Эс тартканы аларды эч көргөн эмес. Ата-энесинин бирөө да кайрылып келген эмес. Бирок атасы Ысык-Көлдө матрос болуп иштээрин, аны менен ажырашкандан кийин апасы баланы төркүнүнө таштап, өзү шаарга кетип калганын билет. Ошо кеткен бойдон дайынсыз жоголду. Кеткен шаары тиги көлдөн ары тоо бар дейт, тоодон нары өрөөн дейт, ошо жакта имиш.

Таятасы бир жолу ошо шаарга картөшкө алпарып сатып, бир аптадай жүрүп келген. Келгенде ошо шаардан бу баланын апасы болгон өз кызын көргөнүн, ал бир чоң фабрикада токуучу болуп иштеп жүргөнүн Бекей менен кемпирине айтып келген. Жаңы турмуш күтүп эки кыздуу болуптур, кыздарын бала бакчага өткөрүп коюп, бир жумада бир алат экен деп айткан таятасы. Бир чоң тамда, бирок көчүк айлангыс кичинекей бир бөлмөдө турат экен. Бир тамда көп түтүн эл турат экен да, эшикке чыкса, бирин бири тааныбайт, тим эле базарда жүргөндөй. Саламдашуу жок, кол баштыгын көтөрүп үй-үйүнө кирери менен эшигин бекитишет. Камакка салып койгонсуп, ошо бойдон жашай беришет. Күйөө балабыз шопур экен, деди таятасы, автобусу менен көчөмө көчө кыдырып, эл ташыйт экен. Таңзаардан кетип, каш карайганда келет. Иши абдан оор окшойт бечаранын. Кызым көзүнүн жашын тыя албай ыйлады дейт, тагдыр ушул экен, кечирип кой дептир. Жаңы үйгө кезек алышыптыр. Качан тиери белгисиз. Жаңы үй тийгенде, эри каршы болбосо, баламы колума алам дептир. Азырынча силердин колуңарда тура турсун, дептир. Бушайман тартпа, дейт анда таятасы, эриң экөөңөр ынтымакта болсоңор, калганын кудай өзү кем койбос. Балаңан убайым тартпа. Көзүм барда эч кимге бербейм. Кудай колдосо, тирүү жан өз жолун таап кетет... – дептир таятасы. Чалдын аңгемесин угуп отуруп, Бекей менен таенесинин оздорунан көк түтүн үшкүрүк тыйылбады, бир-эки жолу көз жашын сыгып, ыйлап алышты.

Мына ошондо чай ичип отурушуп, бала таятасынын оозунан өз атасынын кабарын укту. Атасы кайсы бир кемеде матрос экен, алдагачан үйлөнгөн имиш, эки-үч баласы бар экен. Пристанга жакын турат имиш. Ичкенин таштаптыр. Ал сүзүүдөн кайтарда аялы балдарын жетелеп, пристанга тосуп келет имиш. «Андай болсо, атам жанагы Ак кемеде матрос тура», –деп ойлоп койгон бала.

Ак кеме каалгып сүзүп, алыстап кетип баратты. Көптөн бери күтүп жүргөн бир бала кыялында балык болуп кубулуп артынан сүзүп баратканын билбей келберсий суналган аппак кеме морлорунан көк түтүн булатып, көлдүн бетин тилип кетип баратты.

Балык болгондо бала бүт денеси куду балыктын өзү болсо дейт, куйругу да, канаты да, кабырчыгы да балыктыкындай болуп, чөпкө алдырган мурунy, калдаң кулагы, ничке моюнундагы башы гана азыркы бойдон калса деп кыялданат. Көзү да азыркы эле өзүнүн көзү болсо. Бирок, албетте, балыкча карап, балыкча көрсө. Баланын кирпиктери музоо кирпик, салаңдап узун да, улам-улам ирмеле берет. Менин кызымын кирпиги сеникиндей болсочу, сулуу кыз болмок экен дейт Гүлжамал. Сулуу болгондун эмнеси кызык? Сулуу кыз, сулуу жигит дешет экен, анын кажаты канчалык? Балага көздүн сулуулугу эмес, суу астында ирмелбей, ачышпай көрө билгени керек.

Өзүнүн тосмосунда эле балык болуп заматта кубулуп кетсе. Бир караса эле балык! Анан балык-бала тосмо таштардан булт секирип, агымга түшмөк да, зыпылдап жөнөмөк. Таптакыр эле суу асты менен жүрө бермек эмес, маал-маалы менен суудан башын чыгарып, эки жагын каранып, кызыл жардын түбүнөн өтмөк, шаркыратма жерлерден чулп ыргып суу түбүнө сүңгүп, кайра ак көбүктүү шарга калкып чыгып, тоо-токойду сызып өтмөк. «Кайыр кош, Төө-Ташым!», «Кайыр кош, Бөрү-Ташым!», «Кайыр кош, Ээр-Ташым!», «Кайыр кош, Таңке-Ташым!» деп, корумдары менен коштошуп өтмөк. Короо-жайдын тушуна оропара келгенде суудан ыргып чыгып, куйругун чапкылап кыйкырмак: «Кош, таята, жакында кайра келем!» Таятасы көргөн көзүнө ишенбей эси чыгып, алапайын таппай далбастамак анда. Таенеси да, Бекей таежеси да, кызын көтөргөн Гүлжамал да ооздорун ачып, жээкте турмак. Башы бала, денеси балык мындай шум-

дукту ким көрүптүр? Анда балык-бала куйругун сууга шарп уруп: «Кошкула, мен Ысык-Көлгө сүзүп кеттим, Ак кемеге барам. Анда матрос атам бар!» – деп кыйкырмак. Балтек балким, суу бойлой жүгүрмөк. Ит мындайды кайдан көрүптүр. А кокус сууга бой урчудай жүткүнсө: «Кой, Балтек, кет! Чөгүп өлөсүң!» – демек да, балыкбала андан ары сүзүп отурмак. Асма көпүрөгө жеткенде суу түбүнө сүңгүмөк, анан чычырканактуу кемер жээкти түптөп, күркүрөгөн капчыгайдан өтмөк. Андан чыкканда эле Ысык-Көл!

Ысык-Көл деген чалкып жаткан көк деңиз. Көлгө киргенде толкундан толкун минип, толкундан толкунга секирип, ойноп сүзмөк. Аңгыча алдынан Ак кеме жолугат. «Арыба, Ак кеме, мен келдим! – деп учурашмак. – Дайыма дүрбү салып карап жүргөн мен болчумун». Көлдөн чыккан укмушка таң калып, кемедеги элдин баары жабалактап карап турмак. Ошондо бала матрос атасына: «Салам, ата, мен сенин уулуң эмесминби. Сага сүзүп келдим, – демек. – «Кайсы уулум»? Сен адам-балыксың го?» – «Обол мени кемеңе чыгарып алсаң, анан мен кадимки уулуң болуп калам». – «Ошондойбу? Кана, көрөлүчү». Атасы тор ыргытып, баланы сузуп алмак да, палубага алып чыкмак. Мына ошерде бала кадимки кейпине кайра келмек. Анан, анан...

Анан Ак кеме андан ары сүзүп жөнөйт. Бала болсо атасына көргөн-билгенин, жашоо-турмушун бүт төкпөйчачпай айтып берет. Мобу тегеректеги тоолорду, тиги корум досторун, корук токойду, кашка суу менен тосмосун, аерде суу түбүндө балыкча көзүн ачып сүзгөндү кантип үйрөнгөнүн бүт айтып берет...

Момун таятасынын колунда кандай жүрүп, кандай турганын да айтып бермек. Момун элпек десе эле таятасы жаман киши экен деп ойлобосун атасы. Андай таята дүйнөдө жок, төгөрөктүн төрт бурчун кыдырса да табылбайт. Таятасы эң сонун, бирок болгондо эле эч куу-

лук-шумдугу жок, ошол үчүн элдин баары шакабалай берет. Орозкул аба болсо, өзү күйөө бала экенине карабай, картаң кайнатасын жекирип, тил тийгизет. Кээде элдин көзүнчө да жекирип калат. Таятасы болсо, кагыпсөгүп коюунун ордуна, бат эле кечирип коёт, атүгүл токойдогу, үйдөгү Орозкулдун жумуштарын бүт өзү иштейт. Иштейт эле дейсиңби! Орозкул аба мас болуп бир жактан келгенде канталаган уятсыз көзүнө жаба түкүрбөйт да, кайра жүгүрүп барып, атын алып, жөлөп-таяп түшүрүп, үйүнө киргизет, керебетке жаткызып, үшүп калбасын деп аяк-башын кымтылап тонун жабат, анан атын жайдактап, кашып-тазалап, жемге коёт. Ушунун баары Бекей таеженин төрөбөгөндүгүнөн. Эмне үчүн антет, ата? Кааласаң төрө, каалабасаң жөн кой деген болбойбу? Орозкул аба Бекей таежени сабаганда таятаны карап туруп, бооруң ооруйт. Бекейден көрө мени урсачы деп сыздайт. Бекей таеже чыңырса, быякта туруп кошо онтоп, кошо кыйноо тартат. Башка айласы жок. Барып арачалайын десе, кемпири жибербейт: «Аралашпа, өздөрү тынышат,– дейт. – Сага эмне жок калжаңдап? Сенин катының болбогон соң шүк отур». – «Кызым, ал байкуш боор этим да!» – десе таятасы, – «Минтип ирегелеш турбай алыс болсоң эмне кылмаксың? Урушкан сайын чаап барып турмаксыңбы? Анда сенин кызыңды ким катын кылып алып жүрмөк?» – дейт кемпири.

Мен айтып жаткан таенени сен билбейсиң, ата, сен көргөн таене эмес, бул башка. Өз таенем мен кичинемде эле өлүп калыптыр. Анан азыркы таене келиптир. Биз турган жерде күн ырайын түшүнүп болбойт, ачык туруп, мөндүр уруп кетет, анан жамгырга өтүп бүркөлүп турат да, кайра көпкө бозоруп ачылбай коёт. Азыркы таене да ошондой, түшүнбөйсүң. Кээде айланып-кагылып, андан жакшы киши жок, кээде буркан-шаркан түшкүдөй болсо, кудай бетин көрсөтпө. Кээде көпкө тултуюп унчукпай жүрө берет. Бирок ачуусу бир келгенде токтотуп

көр. Анда таятам экөөбүз үн катпай отуруп беребиз. «Бөрү баласы ит болбойт, бөтөн бала өз болбойт, алдагы жетимиңи канча бөпөлөбөгүн кийин сага жакшылык арттырбайт», – деп келет. Ошерде бөтөн мен бекем, ата, ыя? Мен кичинемен бери таятамын колунда чоңоюп келатпайымбы. Бөтөн болсо өзү бөтөн да, кийин эле келбедиби. Кийин келип алып, дагы мени бөтөн деп урушат.

Кышкысын биз жакка түшкөн кардын калыңын айтпа, менин кулагыман келет. Шамал жүрүп, там боюндай күрткү уруп салат. Токойго чыксаң, Алабашты минип гана кар жиретпесең, бара албайсың. Баарынан да бороону укмуш, таканчыктатпай көмөлөтө коюп турат. Көл толкуп, сенин кемең катуу чайпалса, анда эле биздин Сан-Таштын шамалы толкутуп атат деп бил. Таятам айткан: илгери бир заманда калың жоо каптап келип биздин жерди басып алмак болот. Ошондо биздин Сан-Таштын бороону жоокерлердин көзүн ачырбай, беттеринен кан тилет. Жоокерлер аттарынан түшүп жөө жөнөйт, бирок ага да болбойт. Ошондо бороондон жүзүн буруп, артын караганда бороон желкелеп отуруп, Ысык-Көлдөн кууп чыккан экен. Мына, көрдүңбү. Биз ошол бороон чыккан жерде турабыз! Кышы менен өйүз боордогу карагай токой качырап, гүүлдөп, онтоп чыгат. Тим эле үрөйүң учат.

Кышкысын токойдун жумушу аз. Тегеректе эл да жок, үч түтүн үй гана карга тыгылып, чээнге кирген суурдай жата беребиз. Бирок кыш аяктап, жай келгенде биздин аймак шаңга толот. Койчулар короо-короо коюн айдап, жылкычылар жылкысын күтүрөтө кубалап, жайлоого жөнөшөт. Биздин тушубузга келгенде бир түн өрүүлөп калышат, эртеси андан ары көчөт. Бала-бакырасы жүк салынган машинеге түшүп келишет, боз үйлөрүн да машинеге жүктөй келет. Ошондо таятам экөөбүз дайыма өрүлүктөп барабыз. Баары менен кол алышып учурашабыз. Мен да учурашам. Кичүү биринчи кол берет дейт таятам. Озунуп кол бербегенди киши сыйлабаган сенек

дейт. Анан дагы, жетөөнүн бири кыдыр деп коёт таятам. Кыдырдын баш бармагынын сөөгү жок болот дейт. Таятам өзү дайыма кол кармашып учурашканда, кишинин башбармагын кармап учурашат. Кокус кыдырга туш келип калсаң, бар тилегиңди кабыл кылат имиш. Андай болсо, ошо кыдыр киши мен кыдырмын деп эле койбойбу, анан биз жабыла колун коё бербей, тайынып калалы десем, таятам күлөт: а киши кыдыр экенин өзү билбейт да, ошондой карапайым болгону үчүн кыдыр да, дейт. Каракчы, бузукулар гана билет өздөрүнүн ким экенин, дейт. Жакшы түшүнө бербейм, бирок кишилер менен дайыма кол берип учурашам, кээде уялып да кетем.

Бирок чабандардын өрүү конушуна барып, балдарына аралашканда кысынбай калам.

«Ата-бабанын ээлеп келген конушу силерге кут болсун, өрүшүңөр кенен болсун! Мал жаныңар аман-эсенби, бала-бакыраңар чоңоюп жатабы? – деп учурашат таятам. Мен жөн эле кол бере берем. Таятамы баары тааныйт, а да баарын тааныйт. Мен болсом, обол балдар менен эмне сүйлөшөрүмдү билбей турам. Бирок бат эле үйрөнүшүп кетебиз да, бекинчек ойнойбуз, аскер оюн ойнойбуз. Ушунчалык кызык дейсиң, кетким келбей турат. Дайым эле жай болуп турса, дайым эле балдар менен көк майсанда ойноп жүрсөм, кандай сонун болор эле ээ!

Биздин оюнубуз бүткүчө каш карайып, малчылар улуу от жагат. Караңгыда от жакса, жарык болот дейсиңби, ата. Жок! Оттун тегереги эле жарык болот, андан нары көзгө сайса көрүнгүс болуп, түн сүрдүү көрүнөт. Биз ошо караңгыда аскер оюн ойноп, бир жаатыбыз бекинип, бир жаатыбыз кыйкырып ураан чакырып, чабуул коёбуз. Таятам айткан: «Жаша, кыргыз! Кыргыз! Кыргыз!», «Урээ, Манас! Манас! Манас!» – деп ураан чакырчу дейт илгерки ата-бабалар. Мен да ошентип чакырам. Кээ бир балдар билбейт, жөн эле: «Ура-а Ура-а!» дей беришет.

Анан өзүң командир болсоң жакшы дейсиң. Командирдин командир болгону жакшы болсо керек ээ!..

Анан тоо артынан ай чыгат. Ай жарыгында ойногон андан сонун, бирок кеч болду деп, таятам мени алып кетет. Экөөбүз тулаң малтап, бадал аралап келебиз. Койлор жатат тынч кепшеп. Жылкы жүрөт жайылып, күрт-күрт оттоп, кээде бышкырып, кээде бээлер окуранып коюп. Анан түн ичинде каердендир бирөө ырдай баштайт. Жаш чабан жигитпи, же карыбы, билбейм, коңур түндө сонун угулат. Таятам мени токтотот да: «Угуп ал,– дейт. – Мындай ырды дамаамат уга бербейсиң». Токтоп, угуп турабыз. Таятам ырга кошо ыргалып башын ийкеп, кез-кез үшкүрүнүп коюп угуп турат.

Анан жолду катар таятам мага улама сөз деп коюп, кызыктарды айтып берет: илгери бир хан дагы бир хандын колуна туткун болуп түшүп калыптыр. Ошондо алиги хан туткун ханга айтат: «Өлтүрбө десең, өлтүрбөйүн, бирок өмүр бою менин кулум болуп жашайсың. Жок, аны каалабайт экенсиң, анда көксөгөн тилегиңди айт, ошону аткарам да, анан өлтүрөм». Анда колго түшкөн хан айтат: «Кул болууну каалабайм. Андан көрө өлтүрүп сал, бирок өлтүрөр алдында сураарым, менин Ата мекенимен биринчи жолуккан койчуманды чакыртып бер». – «Аны эмне кыласың?» – «Өлөр алдымда ырын угуп калайын», – дейт туткун хан. Элинин өзөгүнөн чыккан ырына ушинтип эрлер жанын берген дейт таятам. Алар кандай кишилер болду экен, ыя, ата? Кыязы, чоң шаарларда турат го?

– Кулактын кычуусун кандырып, карачы! – дейт таятам ырды угуп туруп. – Кудай-ай, кандай гана ырларды ырдап өтпөгөн ата-бабам!..

Эмнеликтен экенин билбейм, ушундай учурда таятама боорум ачып, тим эле жакшы көрүп кетем дейсиң, ыйлагым келет...

Эртең менен туруп карасаң, түндөгү өрүштө эч ким жок. Малын айдап, жүгүн артынып, таң атпай көчүп

кеткен болот. Ошо бойдон жайды жайлата жакага түшпөйт. Бирок төмөнтөн кыйкырышып ышкырышып мал айдап, дагы бир көч келет. Күн эрте болсо өтүп кете беришет, кеч кирип келатса алар да өрүүлөп конуп калышат. Таятам экөөбүз элге учурашканы дагы барабыз. Таятам кишилер менен учурашканды абдан жакшы көрөт. Мен да андан үйрөнүп алдым. Балким дагы бир жолу өрүштөн Кыдыралейсаламдын өзү менен учурашып калармын...

Кышкысын Орозкул аба менен Бекей таеже догдурга көрүнмөккө шаарга кетип калышат. Догдур жакшы карап, дарыласа Бекей таеже төрөйт эле дешет. Бирок таенем ага ынанбайт, а көрө мазарга сыйынгыла, олуялар жүргөн жерге тайынгыла дейт. Ал жер алыс имиш, кайдадыр пахта айдаган жерде экен. Ошоякта адыры жок боз талаанын ортосунда Сулайман-Тоо деген ыйык тоо бар экен. Этегине куйруктуу кара кой курман чалып, кудай таалага, пайгамбарга, чариярга[1] жалынып, төрт аяктап тоо таянып, ар бир кадам сайын жалынып жүрүп отурса, төбөсүнө чыкканча тилеги кабыл болот эле дейт таене. Бекей таеже ошоякка баргысы бар. Бирок Орозкул аба көңүлдөнбөйт. «Алыс, акча көп кетет,– дейт. – Аякка самолёт менен учуш керек. Самолётко дейре итапкан жол, акчанын эле шору...»

Ал экөө шаарга кеткен соң кордондо биз эле, анан Сейдакмат аке аялы, кызы менен эле калабыз. Болду... Кечкисин, жумуш бүтүп, жат-жат али эрте кездерде таятам мага жомок айтып берет. Сырт капкараңгы, муз жарылган аяз, сууктун күчүнөн караңгылык калдыркан болуп тоңуп, кырс-кырс сынып тургансыйт, аны мен үйдө билип отурам. Ташты какшатып, талды сыздатып соккон шамал. Андай түндөрдө улуу тоолор да коoптонуп,

---

[1] ч а р и я р – (*ир.*) Мухаммед пайгамбардын төрт жолдошу (төрт чарияр) Абубакыр, Омор, Осмон, Аалы.

шам күйгөн биздин үйдү тегеректеп келип, байырлап турат. Анда мен да коркконсуйм, бирок кубанып да отурам. Эгер алп болсом, алп тонуму кийинип, үйдөн чыгар элем, түн жаңыртып, караңгыны үркүтүп, тоолорго: «Коркпогула, тоолорум! Мен бар! Мейли шамалы ышкырып, караңгысы каптасын, мейли бороону улусун, мен коркпойм, силер да коркпогула! Чогурашпай орду-ордуңарда тургула!» – дээр элем. Анан там бою күрткүнү кызыл ашыгыман чыгарбай малтап, үйөрлөнгөн дарыяны аттап, токойго бармакмын. Токойдо кышкы түнү карагай байкуштар да коркот эмеспи. Жалгыздан сороюшуп, коркунучтан же качып кете албай, же кыйкырып жардам сурай албай, кычырап ыйлап турат эмеспи. Мен токойду чабык чөптөй аралап, бирин чачысынан сылап, бирин моюн сөңгөгүнөн таптап, кайрат берип, сес берип өтөр элем. Жанагы жайында бүрдөбөй калган карагай-дарактар, кыязы, ошо кышында корконунан катып калгандар го. Аларды биз кыркып келип, отунга жарып жатпайбызбы.

Таятам жомок айтып отурганда мен ушунун баарын ойлоп отурам. Жомокту узак айтат таятам. Ар кандайы бар. Жанагы Чыпалак деген баладай күлкүлүү кызыгы да бар. Чыпалак деген бала чыпалактай эле болгон экен. Аны Карышкыр жутуп алыптыр... Жок, элден мурун төө жеп коёт. Чыпалак балдыркандын жалбырагына көлөкөлөп уктап калса, ошерде оттоп жүргөн төө жалбырак менен кошо аймап коюптур. Төө жутканын билбейт, кепшегенде билет деп ошондон улам айтылып калган тура. Чыпалак төөнүн ичинен чыңырып жардам сурайт. Аны уккан абышкалар төөнүн курсагын жара тартып, баланы куткарып алыптыр. Анан карышкыр жутуп алганы андан кызык. Суктугу да бөрүнүн, суктугунун азабын тартып анан ыйлап жүрбөйбү. Бир күнү желип-жортуп келатып, карышкыр Чыпалакка жолугуп калат. «Кедеңдеген сен кимсиң? Жалмап коёюнбу?» – дейт ка-

рышкыр. «Кой, антпе, – дейт Чыпалак, –өзүңө жаман, ит кылып салам». «– Ха-ха!.. – лап каткырат карышкыр. – Карышкыр ит болуптур дегенди сага ким айтып жүрөт? Ушу картымактыгың үчүн жейм сени!» – деп карышкыр баланы жутуп коёт. Жутуп алып, эсинен чыгып кетет. Бирок анан эстен чыгарышты көрүп ал, бөрү бөрүлүктүн күнүн көрбөй азап тартат. Койлорго жакындап келатканда эле ичинен Чыпалак кыйкырат: «Эй, койчуман, уктаба! Мен көк бөрү, коюңа кол салганы баратам!» Карышкырдын айласы кетет, жерге оонолактайт, эки капталын кабат. Чыпалакка эмне, ого бетер кыйкырат: «Эй, койчулар, чуркагыла бери, ургула мени!» Койчулар карышкырды кууп калат, карышкыр куйругун кыпчып качып берет. Кууп келаткан койчулар өздөрү айраң таң. Бул эмнеси бөрүнүн, өзү качып баратат да: «Кууп жеткиле!» – деп кыйкырып барат? Карышкыр болсо эптеп качып кутуларын кутулат, бирок кутулганда эмне, курсагы ач да. Ошентип кайда барса да, мал-жанга жакындаар замат ичинен Чыпалак кыйкырып, карышкырдын айласы түгөнөт, арыктап өлө турган болот, азууларын шакылдатып: «Эми эмне кылам, кайда барсам, балааны өзүм башыма үйүп алдым, – деп солуктап жатат. Анда ичинен Чыпалак шыбырайт: «Ташматка бар, койлору семиз! Байматка бар, иттери дүлөй. Эрматка бар, койчулары уйкучу». Карышкыр уңулдайт: «Айтканыңа көнбөймүн, андан көрө адамга барам да, ит болуп жалданып алам», – деп, ошентип ит болуп калган экен.

Кызык жомок бекен, ата? Таятамын жомогу көп, кайгылуусу да, коркунучтуусу да бар. Баарынан жакшы көргөнүм жанагы Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомок. Көлдүктөрдүн ар кимиси билиш керек дейт таятам. Билбегени күнөөгө батат. Сен ал жомокту билесиңби, ата? Таятам айтат го, жомок эмей эле чын болгон дейт. Илгери-илгери болгон экен да. Биз баарыбыз ошол Мүйүздүү

Бугу-Эненин балдары турбайбызбы. Сен да, мен да, башкалар да...

Кышты биз ушинтип өткөрөбүз. Кыш узак болот. Таятамын жомогу болбосо мен чыдай албак эмесмин го.

Жаз келгенде эң сонун. Жаз аяктаганда тоо таянып, малчылар дагы көчүп келет. А кезде биз ээн тоодо жалгызсырабай бапырап калабыз. Суунун өйүзүнөн нары карай бүт эле токой, эл жашабайт. Токойдун өз тиримиги бар. Ошол токойго киши аралабасын, бир бутагы сынбасын деп, биз атайы коруп отурбайбызбы. Бизге окумуштуу кишилер да келген. Эки аял келген, экөө тең шым кийип алыптыр, анан бир чал менен дагы бир жаш улан. Ал окумалдардын окуусун үйрөнүп жүрүптүр. Чыпчаң бир ай турушту. Чөп, жалбырак, бутак жыйнашты. Биздин Сан-Таштагы токойдой токой жер бетинде аз эле калды дешет. Жок болуп бараткан тура. Ошол үчүн токойдогу ар бир карагай-даракты коруш керек экен.

Таятам жөн эле жакшы көргөнүнөн карагайларды коруп жүрөт го дечүмүн. Бирок Орозкул аба бирөөлөргө карагай бергенде таятам капа болорун ошондо түшүндүм.

## III

Ак кеме алыстап кетти. Эми дүрбүдөн морлору көрүнбөй калды. Бир аздан соң өзү да көздөн кайым болот. Бала эми атасынын Ак кемесинде сүзгөн жомогунун аягын чыгарса болмок эле. Башы да, ортосу да эп келишип калды, бирок аягы төп келбей жатат. Балык болуп кубулуп, суу менен сүзүп жүрүп отурду да, көлгө кирди, Ак кеменин алдын тосуп чыгып, атасына жолукту, кыска өмүрүн узун жомок кылып айтып берди. Андан нары эмне болот? Тигине жээк көрүндү, анан Ак кеме пристанга токтоду дейли. Матростор жээкке түшөт, үйүйлөрүнө тарайт. Атасы да үйүнө барар. Аялы менен эки баласы пристанда тосуп тургандыр. Анда бала кан-

тет? Атасын ээрчип кетеби? Атасы аны ала кетер бекен? Ала барса, тосуп чыккан аялы: «Мунуң ким, кайдан жүргөн неме, ала келгениңе жол болсун?» – деп сыртын салсачы?.. Жок, атасын ээрчибей эле койгону дурус окшойт...

Ак кеме кичинекей нокот болуп, алыстап баратты. Күндүн мурду сууга малынды. Көл ак-кызыл куттун нуруна чайынгансып балкып жатат.

Ак кеме төнүп кетти. Ошону менен баланын Ак кеме деген жомогу да тамам болду. Эми үйгө кайтуудан башка арга жок.

Бала китеп кабын алды да, дүрбүнү бооруна кысып, дөбөдөн ылдый кыялап чуркады. Бирок үйгө жакындаган сайын заарканa баштады. Торпок чайнаган көйнөктүн жообун бериш моюнда эле. Бир тил угуу деги турду. Бирок бала чыйралды, ындыны өчө берсе китеп кабы кандай ойдо калат? «Сен коркпо,– деди китеп кабына,– тилдээрин тилдейт. Мен атайы ошентипминби? Торпок бошонуп кеткенин билбей калсам кантейин. Аша кетсе, көк желкеге бир коёр. Чыдаймын. Кокус сени колуман жулуп алып, жерге чапса, коркпогун. Жарылып калгыдай каканак эмессиң го. Мына, эгер дүрбү колуна тийсе оңбоду дей бер. Ошол үчүн элден мурун дүрбүнү бастырмага бекитип, үйгө анан кирели...»

Ошентти. Бирок босогону аттоо кыйынга турду.

Негедир үйдүн ичи кулак-мурун кескендей жым-жырт. Эл-журт көчүп кеткенсип, сыртта короо ичи да ээн. Көрсө, Бекей таежени эри дагы сабап жаткан тура. Эки ортодо күйгөн Момун. Жиндеп кеткен күйөө баласын арачалап, чоң муштумуна асылып, жалынып-жалбарып, кан жеген иттей, чүйлү тыткан кекиликтей бырпырап жаткан кызынын үстүнө үйрүлүп, канаты менен калкалап, бок-жин аралашкан уятсыздыкка кошо малынган тура таятасы. Орозкулдун оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып, көзүнчө кызын дөбөт жыттабас канчык, күнү

бүткүчө кысыр калган эшек деп, андан аша булганыч сөздөр менен сөгүп жатканын тыгыны жок кулагы аргасыздан уккан тура. «Кудай бербесе жазыгым кайсы? Койчо жүйүр төлдөгөн канча катын жүрөт, бирок мага аны буюрбаптыр, эмне кылайын? О кудай, бул эмнең? Ушу көргөн күнүм да жашообу? Же мени жайлап жаныңы тындырсаңчы! Өлтүр, мыкаачы, өлтүр, мына ур!.» – деп боздогон кызынын абалына жүрөгүнөн кан тамчылаган тура таятасынын...

Азыр Момун чал оор дем алып, салаңдаган кирпигин көтөрүүгө алы калбай бурчта шылкыйып отуруптур. Өңүнөн кан-сөлү качып, эки тизесинен салаңдаган колу калтырайт.

Момун тунарган көзүн араң ачып, баланы бир карады да, кайра жумду. Таенеси үйдө жок. Ал Бекейдин чачылган-сынган үй ичин жыйнаштырганы кеткен окшойт. Дайыма ошентет: Орозкул сабап жатканда жакын басып барбайт, Момунду жибербей тороп турат. Чатак басылган соң койгула, эчтеме эмес демиш болуп, күйпөлөктөп ошерде жүрөт. Ошонусуна ыраазылык сөз угат. Баарынан да баланын жаны ачыганы – таятасы. Ар качан ушундай жаңжалдан кийин байкуш чал өлүп кайра тирилет. Мына эми, үңкүйүп көпкө бурчтан турбайт, киши көзүнө көрүнбөйт. Эмне ойлоп, кандай кайгы тартып отурганын жан адамга айтпайт. А чынында ал азыр ою онго, санаасы санга бөлүнүп, мөгдөп отурган чагы. Жалгыз уулу бар эле, ал дагы согушта өлүм тапты. Азыр ал баласы элдин эсинен да чыгып кетти. Эгер ошол уулу тирүү болгондо тагдыры башкача болбойт беле деп, кейип отурат. Эң оору – тиги эки кызынын багы ачылбаганы. Кичүүсү баласын таштап, шаарга кетип калды да, эми аерде бала-чакасы менен алакандай бөлмөдө түгөнбөгөн түйшүк тартып, эптеп күн көрүп жүрөт. Улуу кызынын көргөн күнү бу. Кызынын азабына атасы дагы чыдаар, бирок байкуш кызы бала көрүп, энелик таалайга жетпей

калды го... Орозкул менен жашаганына көп жыл болду. Жашоо-турмушу деле муздаган аштай көңүлүн жылытпайт, бирок эмне кылмак, кайда качмак?.. Атасын канжыгасына байланып жүргөн адам жок, бир күнү Момун чал да көз жумар, ошондо шордуу кызынын көргөн күнү не болот?..

Бала бир сындырым нан менен кичине айран ичти да, терезенин түбүндө унчукпай турду. Чырак жандырайын деп, таятасынын түнжуроосун бузгусу келбеди, ойлорун ойлоп отура турсун деди.

Бала да ойго кирди. Бекей таежеси эмне үчүн эрине арак берип, көзүнүн агы менен тең айланат? Эри чоң муштуму менен жанчып салса деле, кичине соолуккан соң таежеси үкөгүнөн бир шише арагын алып чыгат...

А, байкуш таеже, шордуу таеже! Канча жолу таяктын уусунан чала өлүк болуп жатпады, болбой эле Орозкулдун көңүлүн алып, алдында жаркылдап турат. Таятасычы? Бу киши да деги Орозкулду бир ооз күнөөлөп койгусу жок. Эмне мынчалык ак көңүл булар? Орозкулдай кишини да аяйбы? Ал жаман киши, жинди. Буерге жолотпой коюшпайбы аны. Ансыз деле жумуш бүтүп, күн өтө бермек.

Анан баланын акыйкат кыялы көз алдына элес тартат: баары жабылып, камандай күржүңдөгөн Орозкулду сууга сүйрөшөт. Колдон буттан алып, суунун шар агымына ыргытышат. Орозкул болсо Бекей таежеси менен Момун таятасынан кечирим сурап, жалынып-жалбарат. Антпегенде кантмек, себеби Орозкул балык болуп кете албайт да...

Бул оюна бала кадыресе жеңилдеп калат. Атүгүл Орозкул шар агымда тура албай аптыгып суу жутуп, улам көмөлөнүп, жанында чий баркыт калпагы кошо агып бараткамын элестетип, өзүнчө жымыйып күлүп коёт.

Бирок андай болсо кана, чоң кишилер анте албайт тура, бала ойлогон акыйкатчылыктын жазасын чоңдор

билбейт тура. Алар кайра тетирисинен кетишет экен. Орозкул үйүнө кызуу келсе эчтеме байкабагандай тосуп алышат. Таятасы атын алса, Бекей таеже самоорун койгуча шашат. Эртеден бери күтүп отургандай күйпөлөктөшөт. Ал ансайын Орозкул кылдан кыйкым таппай, өзүнөн өзү кыжырын кайнатат. Анын оюнча адам санына кошпой турган, ийилип берген саламын алик албай турган кээ бирөөлөрдүн бештен-ондон баласы бар да, Орозкулдун баласы жок? Алардан эмнеси кем? Өксүп калган жери бар беле? Кызмат десе кызматы бийик, кол жоорутуп кетмен чаппайт – карагай башы! Же ал бир жактан тентип келген неме беле? Тентиген болсо, жанагы долулардын балдарын карачы, этегине эрмешип, жакасына жармашып, бир короо бала ээрчип жүрөт. Же Орозкул адам десе наркы жок, сый-урматка баркы жок бир макулук болсочу. Баары бар, баарына өз акылы менен жетишти. Аты астында, камчысы колунда, кайда барса даам сызып кетсеңиз экен деп жылоолоп турушат. Анда эмне үчүн тең-курбулары уулдарын үйлөнтүп, үлпөт куруп сайрандап жатышат да, Орозкул туяксыз коколой баш жүрөт? Туягы жок болгон соң Орозкул ким деген киши?

Анда Бекей таежеси көзүн жашка, көкүрөгүн муңга толтуруп, алапайын таппай эринин көңүлүн алуу менен алек. Катып койгон бир шише арагын алып чыгат. Кайгысына ууккан неме өзү да ичип жиберет. Ошол ошо болот, анан Орозкулдун жини кармайт, ичине толгон заарын бүт катынынан чыгарып салат. Бекей таеже болсо көңүлүнө кир албай кечире берет. Таятасы да кечире берет. Орозкулду байлап-таңып салуу эч кимисинин оюна келбейт. Эртеменен мастыгы тараган Орозкул башын мыкчып, охолоп ордунан туруп атса, көгала болгон катыны самоорун кайнатып, пиалаларын таза сүлгү менен арчып, чай бергиче шашат. Таятасы болсо Алабашты

алдагачан сугарып, жемге койгон, эми токуп атат. Чайга канып, Орозкул атына минет, – болду, өзү кайрадан Сан-Таштын корук токоюнун кожоюну. Орозкулга окшогон немени алдагачан сууга сүйрөп ташташ керек эле деп, бирөө да кылт этип ойлоп койбойт… Каш карайып, түн кирди.

Балага китеп кап сатып берген күн ушинтип өттү.

Жатаарда бала китеп кабын коёрго жер таппады. Акыры жаздыгынын астына коюп алды. Буга окшогон китеп кап мектепке барган балдардын көбүндө болорун азырынча кайдан билсин, кийин билет. Бирок кийин билген күндө да анын китеп кабы эң укмуш, башкалардан өзгөчө көрүнө бермек. Жаңы башталган өмүрүндө али дагы канча окуяны башынан кечирерин, жакын жерде алын сураар жан болбой, бул ээн дүйнөдө китеп кабы экөө гана калар күн да башына түшөрүн бала али билбейт. Андай каранкүндүн болмогу да Мүйүздүү Бугу-Эне туурасындагы өзү жакшы көргөн жомоктун айынан…

Бүгүн кечте да ошол жомокту аябай уккусу келди. Момун чал да өзү кошо жүргөнсүп, өз көзү менен көргөнсүп, ар качан айтканда бир үшкүрүп, бир ыйлап, кээде бир топко ойлонуп отуруп калып айтып берчү эле.

Бирок бүгүн бала таятасынын тынчын алгысы келбеди. Абышка жомок айтар чагы болбой турганын ойлоду. «Башка күнү айтып беришин сурайбыз»,– деди китеп кабына. – Мүйүздүү Бугу-Эненин баянын бүгүн сага өзүм айтып берейин. Жатка билем, таятаман нечен кайталап уккам. Акырын ичимен айтам, эч ким укпасын, сен гана угуп жат. Мен айтканымды кинодогудай кылып көрө жатканды жакшы көрөм. Бу жомок чын болгон дейт таятам. Ошентип…»

## IV

Бул жомок эзелки окуя.

Атам заманда, жер бетинде чөптөн токой көп, кургак жерден суу көп болуп турган кезде улуу уруу кыргыз журту Энесай деген өзөндүн боюн жайлап турат. Ал улуу дайра кең өзөн түндүктө Сибир деген жерден агат. Атчан адам аерге үч жыл үч ай жол жүрүп араң жетет. Ал дайраны азыр Енисей дешет экен.

Илгери кыргыздар Энесай дешчү. Ошондон улам мобул ыр калган:

Энесай, сендей жайкын өзөн барбы,
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы?
Энесай, сендей ыйык азат барбы?

Энесай, сендей жайкын өзөн болбос,
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос,
Энесай, сендей ыйык азат болбос!

Энесай өзөн ушундай өзөн экен.

Ар уруу эл жашап турат анда Энесайдын боюнда. Бирин бири чаап алган, бири бирин талап алган жоокерчилик заман. Кыргыз уруусун да айлана-тегерете курчап, кас уруулар туруптур. Кыргыздар да кези келгенде атганып казат жүрүп, касташкан уруунун үйүн өрттөп, күлүн көккө сапырып, элин кырып, жылкысын тийип, малын айдап кетчү экен. Эр өлтүрүү эрдик саналып, кишини киши аябай, адамды адам тукум курут кылмай заман. Адам каны суудай агып, көк кашка суу жошолонуп, аксары гүл манаттанып, бөрүдөй тытышкан доор экен. Эгин эгип, түшүм жыйнаар, мал багып, мергенчиликтен олжо таап келер эр бүлө калбай, эл тукуму сооло берет. Буту

менен басып, мурду менен тынгандын баары тынч эмгекти таштап салып, жоокерчилик, талоончулук менен күн көрүп калыптыр. Өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар деген, өчөгүшкөн тили буруу кырк уруу бирин бири мойсоп бүтмөйүнчө тынчый албай калган. Кыйын кезең күнгө чыдабай, адамдардын акыл-эси канга ууугуп турган экен. Касташканды жараштырар жан чыкпай, душманын капилеттен чаап алган, бөтөн урууну тукум курут кырып, мал-мүлкүн талап алгандар гана кеменгер атыккан экен.

Ошондой кыйын кезең күндөрдө Тайга деген чер токойго бир сыйкырдуу куш пайда болот. Ал жөн сайрабай адамча сүйлөп, бирде ыйлап, бирде ырдап, таң атканча: «Алаамат болор!», «Алаамат болор!» деп сайрап чыкчу болот. Акыры ошол куштун айтканы келип, кыргыздардын башына карантүн түштү.

Ал күнү кыргыз уруусу аза күтүп, эл атасы, журт эгеси, сан колдун башчысы Күлчө баатырдын сөөгүн жерге бергени жаткан. Кол баштап нечен казатта жүрүп соо калган, нечен айыгышкан чабыштан жеңиш менен чыккан карт баатыр көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп, каза табат. Кыздар кызыл кийинип, катындар кара кийинип, кыргыз эл эки күн аза күтүп, үчүнчү күнү баатырдын сөөгүн ата салты боюнча жабыла көтөрүп, Энесайдын боюн бойлотуп, жарлуу жээктин мизи менен алып өтмөк. Эл анткени – баатырдын чымын жаны көккө учуп кетер алдында Эне болгон өзөн менен, Ата болгон мекен менен коштошуп алсын, тирүүсүндө жоого атtanып баратып, жоону чаап келатып, ушу жээктен ырдап өтчү ырын чымын жаны ырдап кетсин дегени.

Энесай, сендей жайкын өзөн барбы,
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы,
Энесай, сендей ыйык азат барбы?

Энесай, сендей жайкын өзөн болбос,
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос,
Энесай, сендей ыйык азат болбос!

Баатырдын сөөгү жатар жайы, коёр көрү бийик дөбөнүн чокусунда. Коёр алдында эли баатырдын сөөгүн башынан өөдө көтөрүп, төгөрөктүн төрт тарабына көрсөтмөк: «Алдыңда өзөнүң калды жайкын. Үстүндө Теңир ээлеген көгүң турат. Өзөктүү өз тукумуң, калың журтуң сөөгүңдү көтөрүп, башын ийип астыңда турат азалуу. Жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун!» Ошентип, баатырдын сөөгүн жерге берип, көрүнүн башына өткөндөгү баатыр Ата, баатыр Бабалардын жолун жолдоп, чулу корум таштан Таш-Баба орнотмок.

Эл атасы өлгөндө айыл-айыл болуп андаалап[1] отурган урук-урук кыргыздар жабыла көчүп келип, Энесайдын жээгине кыркаар тартып үй тигип, улуу журт курган. Ак саба найзаларга кара түпөк байлашып, түндүктөн чыгара аза белгисин коюшкан. Эл анткени – баатырдын сөөгүн алып өтүп бараткaнда асаба-тууну баатырга баш ийдирип, кыз-келиндер чурулдап кошок кошуп, уландар жер дүңгүрөтө өкүрүп коштошмок, анан сөөктү ээрчиген элге кошулуп, кийинки үйдүн тушуна жетмек, ал оропарадан да алиги жол-жосун болуп, ошентип дөбөнүн чокусуна дейре чууруп жүрүп отурмак.

Күн күнүмдүк жолуна чыкканда элдин кам-чому да бүткөн. Түпөктүү найзалар сөөк чыгар ооздо эки бет катар тизилип, Баатырдын жоо жарактарын алып чыгып, сөөктүн алдынан алып жүрчү чоролор даяр турган. Кара жабуу жабылган баатырдын аргымагы сөөк артынан жетелөөгө белен, суулук кемирип, кандуу көбүк булайтып, көзүн акшыйтып, жер чапчып турат. Кернейчилер кер-

[1] андаалап – чачкын.

нейлерин belendеп, добулбасчылар добулбастарын белендеп, азыр сөөктү алып чыкканда кадимки жоого кирген салтындай кернейлер озондоп, добулбастар дүңкүлдөп, жер жарылар үн чыкмак. Тайга токой чайналып, канаттуунун баарысы күндүн бетин көрсөтпөй үркүп учмак, жолборстору күркүрөп, камандары коркулдап, туңгуюк черге жите качмак, тоо жаңырып, жер көчмөк, өзөн толкуп, алай-дүлөй бороон сокмок. Кошокчулар чачтарын жазып, үн салып, чоролор табытка ийин тосуп, сыңар тизелей укуюп отурду. Токойдун четиндеги карагайларда баатырдын кара ашына чалынар төрт түлүк мал тогуздап байланып турду.

Алаамат мына ушунда башталды. Энесайлык кырк уруу эл канча жоолашпасын, эл атасы каза таап, эл башына аза түшкөн күндөрдө бири бирине кол салчу эмес. Бирок бүгүн салт бузулду. Салтты бузган нарксыз жоо түндөп курчап, тегеректеги токойдо бугуп жаткан. Эми эл мүңкүрөп турган чакты маалдап, капилеттен кол салды. Жарак алып каршы чыгууга, атка минип, айкырып чыгууга эч ким үлгүрбөдү. Түшкө киргис кыргын жүрдү. Эмгектеген карыдан эмгектеген балага чейин кылычтын мизине, найзанын учуна, качып кутулам дегени жебенин тилине кетип жатты. Жоо ушуну көксөгөн. Кыр көрсөтүп, тизгин бербеген кыргыздарды тукум курут кырып, күлүн көккө сапырып кетели деп келген. Жоктоп алары, боздоп ыйлап калары, кун кууп издеп келери калбасын, Кыргыз деген аты өчүп, кылымдын эсинде калбасын, тыптыйпыл кылалы деп келген. Жоо ойлогондой болду...

Адамды туумак кыйын, багып өстүрмөк кыйын, а өлтүрмөк көз ачып-жумганча. Жээк бербей киши өлүгү үстү-үстүнө каршы-терши сулады. Көк мөлтүр толкун Энесай кыргызынын канына кызыл-жаян болуп акты. Жээк бойлой катар тигилген үйлөр чатырап өрткө кетти. Ошентти. Кең өзөндүн жээгинде бырыксыган күл кал-

ды, каңырсыган жыт калды. Кулак учунда боздогон үн калды. Кыбыр эткен жан көрүнбөй, башка эчтеме калбады. Кыргыз деген бар беле, жок беле?.. Жоо ушуну көздөгөн. Жоо көздөгөндөй болду...

«Жер биздики! Токой биздики!» – деп жоо шаттанды. «Биздин жерде кыргыздын сөөгү да калбасын!» – деп, өлүктөрдү жар башынан өзөнгө кулатты. Күтүрөгөн сантүмөн малды айдап, колго илинер дүнүйөнү бүт олжолоп, жолго салды. Мал артынан бурулдаган чаң асманга көтөрүлүп, көк менен жер бирикти да калды. Мына ошондо токойдон ойноо бала, секелек кыз чыкты. Тилазар балдар эртең менен эле токойго чуркап кеткен. «Баласыңбы» деген ошо да, ал экөө токой аралап, жөкө[1] кабыктан себет токумак, себет толтура карагат-бүлдүркөн термек. Каткыра күлүп, так секире ойноп жүрүп, күн убагын унуткан. Бир маалда айыл тараптан ызы-чуу чыкканда элеңдеп артка чуркаган. Эми экөө жетип келип, кыргын тийген өлүү журттан эч кимди таппады. Атаэнеден кабар жок, ага-эжеден дайын жок. Кара жер канга эзилген, «ата», «апа» деп кыйкырса жаңырык жооп кайтарбай үндөрү жерге жутулуп кетти. Улам бир үйдүн ордуна чуркады экөө. Бырыксыган күл жатат, үч буту көктү карап тулга жатат. Эси чыккан эки бала заматта же эртең мененки калың эли жок, же эртеңки күнү белгисиз, же кечеги ата теги жок, өлүү журтта жетим калды. Алыста токой үстүнөн чаң уюлгуп, мал айдаган жоо кетип баратты.

Балдар чаң артынан жүгүрдү. Көздөрүнөн салаа-салаа жаш кетип, эки бала жоону ээрчип баратты. «Баласыңбы» деген ошо да, жоо артынан жүгүрүп. Чоң киши болсо, боюн ала качып, тетири чуркамак. Балдардын оюнда эчтеме жок, тиги кандуу, сүрдүү жерден алыс качуу. Уул

[1] ж ө к ө – кабыктын ички кабаты, жыгачтын буласы (лыко).

бала, кыз бала кол кармашып, «токтогула» деп суранып, «ала кеткиле» деп жалынып, жоо артынан чуркады. Жер дүңгүрөгөн доош ичинде, күтүрөгөн калың дабырт үстүндө ал экөөнүн алсыз үнүн ким укмак.

Эки бала көпкө чуркады, кууп жете албады. Эч ким кайрылбады. Мууну бошогон балдар жер кучактап жыгылды. Кылчаюудан коркушту, кыбыроодон чоочушту. Эси чыккан эки бала кучакташып, калч-калч калтырап, улутуна бышактап жатып, уктап калды.

Жетимдин жары кыдыр, бирок тагдыры жети ача деген ак сөз. Түн бейкут өттү. Сүрдүү токойдун жырткычы тийбеди, желмогузу келбеди. Экөө ойгонсо күн чыгып калыптыр. Токойдон түрлүү баренде сайрап, дүйнө эчтеме болбогондой. Экөө турду да, из кубалап дагы жөнөдү. Мөмө-чөмө менен өзөк жалгап жүрүп отурушту. Үч күн, үч түн дегенде бир бийик дөбөгө жетип токтоду. Төмөн этекти караса, көк жайыкта улуу той болуп жатат. Тигилген үйлөргө сан жеткис, кайнаган казанга сан жеткис, жыйылган элге сан жеткис. Кыздар селкинчек тээп, ыр ырдап, жигиттер күч сынашып алышып, эл шатыра-шатман үн салып, кечээги кыргызды кырган жоо минтип жеңишин майрамдап жаткан экен.

Жуук кирип бара албай, эки бала кооптонуп дөбөдө турду. Бирок тиги казандардан бышкан эттин, ысык нандын, сарымсак-согондун жыты келип, шилекейин илеп жуткурду. Балдар чыдабады, дөбөдөн түшүп барды. Көргөндөр кызыгып, тегеректеп калды.

– Кимдин баласысыңар? Кайдан келатасыңар?

– Курсагыбыз ачты,– деди кыз менен бала,– нан бергилечи.

Жоо эли балдардын сүйлөгөн сөзүнөн кыргыз тилин баамдап, бул экөө кырылган кыргыз тукуму экенин тааныды. Өлбөй калган бул экөөн азыр жайлай салалыбы, же ханга алып баралыбы, деп өз ара талаша кетишти. Алар чуулдап жаткан арада бир боорукер катын эки ба-

лага алдыртан бир кесим эт бере койду. Анан балдарды ханга алпарышты, хан тобу али дасторкондон тура элек экен. Эки баланы чоң кызыл үйгө алпарышты. Кызыл үйдүн оозунда күмүштөгөн айбалтачан сакчылар турат. Ал ортодо калың элдин арасын ушак аралады: аман калган кыргыздын тукуму бар экен, кан кууп келиптир! – деп эл сестенди. Оюн-тамашасын, тамак-ашын таштап, эл топурап хандын ордо үйүн тегеректеди. Ал учурда хан кардай аппак кийизде жан жөкөрлөрүнүн ортосунда бал кошкон кымыздан ууртап коюп, жаагын жанган ырчылардын мактоо ырларын угуп отурган. Эл топурап келген себепти угуп, хандын жаалы чыкты көзүнөн: «Тынчымды алган ким экен? Кыргыз уруусун тукум курут кырганыбыз жалганбы? Силерге түбөлүккө Энесайды тартып бергеним жалганбы? Эми кимден жан таштап качып жүрөсүңөр? Коркконуңар ушул чыпалактай эки балабы? Эй, Майрык-Чаар-Жезкемпир! – деп кыйкырды хан. Анан бир кемпир топтон суурулуп, алдына келгенде ага буюрду: – Бул экөөн Тайга токойго алпаргын да, кыргыздын аты чыккыс, үнү угулгус кыл. Экинчи кыргыз деген сөздү кулагым чалбасын. Кыргыз тукумуна жер үстүндө орун жок, түбөлүк аты өчсүн! Бар, Майрык-Чаар-Жезкемпир, буйрукту аткар!..»

Ошону менен Майрык-Чаар-Жезкемпир эки баланы эки колунан жетелеп, тоо ашып, токой аралап жүрүп отурду. Азыркы Энесайдын жээгине жетип токтоду. Анан балдарды жардан алыс түртөр алдында мындай деди:

– О, улуу дайра, Энесай! Эгер сага тоо омкоруп кулатса, муштумдай таш сыяктанып түбүңө чөгөт. Кылым турган карагай кесип кулатса, чабындыдай толкунуңа кетет. Эмесе эки көздүн эки чечекейиндей болгон мобу адам баласын муздак койнуңа ал. Жер үстүндө бул экөөнө орун жок. Аны сага айтып-айтпай эмине, өзүң көрүп турасың. Жылдыздар адам болсо көккө батмак эмес, балыктар адам болсо сууга батмак эмес. Аны сага айтып-

айтпай эмине! Эмесе, ач койнуңду, ал эки наристени, алып кет. Бу жексур дүйнөдөн экөө чырымталында кетсин, абийири таза, дили ак, арамдыкты биле элек, арам ойго кире элек периште чагында кетсин. Ач койнуңду, ал эки периштени, улуу дайра Энесай!

Уул бала, кыз бала ыйлап турду. Кемпирдин сөзүнөн да, жардан ылдый караса жүрөктөрү алкымына тыгылып, түпкүрдөгү буурул толкун үрөй учуруп, ошого ыйлап турду.

– Кана, коштошуп алгыла, балдарым. Кучакташкан бойдон кеткиле, – деп Майрык-Чаар-Жезкемпир шымаланып жеңин түрүндү. – Мени жаман көрбөгүлө, менде эмне айып. Бешенеңерге жазылганы ушул экен. Менин эрким болсо кантер элем, ким билет, бирок ушу бойдон кеткениңер өзүңөргө жакшы...

Ушинтип сөзүн айтып, оозун жыйып алгыча жан жактан бир үн чыкты:

– Ашыкпа, акылман эне, күнөөсүз балдарды жайлаба!

Майрык-Чаар-Жезкемпир кылчая калды, кылчайып алып айраң таң: жанында Бугу-Эне турат эки көзү балбылдап. Балбылдаган көздөрү муңайым тиктейт, өтүнүчтүү тиктейт. Маралдын умай энеси, асыл бугу маңкаят, омуроо-төшү наристенин маңдайындай, жону ууз ак, боору тайлак жүндөнүп көк буурул. Он сегиз айры мүйүзү аркайып, жонуп-жышып койгондой жымсал сулуу, көркөм. Желини таза, кан тамырлары көрүнүп, ийип турат эки балага мээримин салып.

– Сен кимсиң? Адамча сүйлөп кубулган кандай жансың? – деди Майрык-Чаар-Жезкемпир.

– Мен Бугу-Эне болом. Адамча сүйлөбөсөм сен кайдан түшүнмөксүң да, кайдан собол укмаксың.

– Каалаганың эмне, Бугу-Эне?

– Балдарды коё бер, акылман эне. Сенден сураганым, ушул эки чүрпөнү мага бер.

– Буларды эмне кыласың?

– Адамдар эгиз музоому атып өлтүрүштү. Балдарымдын ордуна бала издеп жүрөм.

– Ушу балдарды эмизип багып алам дейсиңби?

– Ошентем, акылман чоң эне.

– Жакшылап ойлондуңбу, Бугу-Эне? – деп күлдү Майрык-Чаар-Жезкемпир. – Булар деген адам баласы. Чоңоюп алып, өзүңдүн бугучаларыңа ок атат, ошону ойлодуңбу?

– Чоңойгондо булар бугучаларыма кол көтөрбөйт,– деди маралдын умай энеси. – Мен буларга эне болом, булар мага бала болуп калат. Анан кантип өз ага-карындаштарына жамандык санасын?

– О, кең пейил Бугу-Эне, адам деген кандай экенин али билбейт турбайсыңбы! – деп башын чайкады Майрык-Чаар-Жезкемпир. – Адамдар кайберен эмес, бирин бири аябайт. Сөзүмдүн актыгын өз көзүң менен көрөрсүң, өз мойнуң менен тартарсың деп бул эки жетимди сага берип деле коёр элем, бирок башка адамдар көрөр замат бул эки кичинекей адамды өлтүрүп салат. Анда булардын да азабын тартып, сага эмне күч келди?

– Эч ким таппас алыс жактарга алып кетем бу балдарды. Аясаң, акылман чоң эне, коё берсең. Өз балдарыман кем көрбөй асырайын, жетимдерге эне болоюн... Желиним сүткө толуп ооруп турат. Бала деп сыздап турат ак сүтүм. Бала деп ийип турат ак сүтүм...

– Кантейин, болуптур, – деди ойлонуп туруп Майрык-Чаар-Жезкемпир. – Сурап калдың, бирок тез кет буерден. Жетимдерди алыс жерине аман жеткир. Жок, эгер аякка жетпей жолдо өлсө, же каракчылар жайласа, же өздөрү чоңоюп алып, ак сүтүңү унутуп, адамдык арамдыгына кетсе, өзүңөн көр.

Бугу-Эне Майрык-Чаар-Жезкемпирди алкап узатты да, анан уул бала менен кыз балага айтты:

– Балдарым, мына эми мен силердин энеңермин. Мен силерди ак кардуу алкак Ала-Toocy бар, күмүштөй Те-

ңир-Тоосу бар, боордо токой чери бар, ортосунда Ысык-Көлү бар жерге алпарам. Кыргыз тукуму курут болуп кетээрде экөөң элдин атын өчүрбөй кайра тукум уласын, укум-тукумуңа мекен болсун деп мен ал жерди теңирден сурап алдым.

Балдар так секирип кубанды, тепеңдешип Мүйүздүү Бугу-Эненин соңунан чуркап алды. Жүрөр жол алыс, уч-кыйыры жок жердин бир четинен бир четине. Узак жолдо балдар арып-ачты, алдан тайды. Бугу-Эне балдарын ак сүтү менен багып жүрүп отурду, күн ысыгынан көлөкөлөдү, суук түндөрдө бооруна кысып жылытты. Эне сүтүнүн кубаты канчалык, кечкисин тырп этпей жыгылган балдар эртең менен так секирип ойноп турду. Нечен күн, нечен түн өттү, эски мекен Энесай жан кейитип алыс калды, жаңы мекен Ысык-Көл көздөн учуп алыс жатты. Эки жолу кыш өтүп, эки жолу жай келди, дагы бир жолу кыш өтүп, дагы бир жолу жай келди, балдарын ээрчиткен Бугу-Эне ашуу ашты, бел басты, агыны катуу суу кечти, мээ кайнаткан чөл кезди, бирок чарчадым-чаалыктым дебей, балдарын ак сүтү менен кубаттандырып, талбай жүрүп отурду. Кээ күнү үйүр-тобу менен бөрүлөр кууду артынан. Бугу-Эне балдарын жонуна мингизип алып, жырткычтардан алып качты. Кээ күнү жаа тарткан мергенчилер кубалады артынан. «Бугу адамдын балдарын уурдап баратат. Карма! Карма!» деп айкырып, жаа тартты мергендер. «Бул адамдардан жакшылык жок, балдарым, бекем отургула!» – деп Бугу-Эне жебеге жеткирбей качты.

Ошентип жүрүп отуруп, акыры Бугу-Эне балдарын Ысык-Көлгө жеткирди. Туу чокудан карап туруп, көргөн көздөрүнө таң калышты. Тегерете курчаган ак карлуу алкак Ала-Тоо, боор жапкан чер токой, ортодо мөлтүрөгөн ирим көл. Буурул жал толкундары арылдаган шамалга бир четинен түрүлүп, бир четинен үркүп жатат. Көлдүн баш-аягына көз жетпейт. Этегинен күн чыкса,

төрүндө али таң ата элек. Тегерете курчаган алкактанган Ала-Тоо чокусуна сан жеткис, Ала-Тоонун аркасы мунарланган Теңир-Тоо катарына сан жеткис.

– Мына ушул жер силерге мекен болот, – деди Мүйүздүү Бугу-Эне. – Жер тилип, эгин эккиле, мал багып, балык уулагыла, ошентип бейпил кеңчилик, бейкут тынчтыкта миң-миң жыл өмүр сүргүлө. Учуңар узарып, урук-тукумуңар көбөйсүн, алдыңарды бала басып, аркаңарга мал толсун. Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам, алыстан ала келген эне тилиңерди укум-тукумуңар унутпасын, эне тилинде эл-жерин даңазалап ырдап жүрсүн. Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула. Мен эми силерге, силердин укум-тукумуңарга Умай Энемин, силер менен түбөлүккө бирге жүрөм...

Ошентип кырылган кыргыздан калган уул бала, кыз бала Теңирдин батасы тийген Ысык-Көлдү мекендеп туруп калат.

Убакыт куштай учту. Уул бала эр жетти, кыз бала бой жетти. Экөө баш кошуп, эрди-катын болушту. Мүйүздүү Бугу-Эне болсо сырттан калкалап, ушул жердин токоюнда жүрдү.

Күндөрдүн бир күнүндө Ысык-Көл буркан-шаркан толкуп чыкты. Ал анткени – жаш зайыптын толгоосу башталган. Эр адам чочулады. Зоокага чуркап чыгып, тегерекке үн салды:

– Мүйүздүү Бугу-Эне, кайдасың? Ысык-Көлдүн толкуганын карачы. Кызың толготуп жатат. Тезирээк жетип кел, Мүйүздүү Бугу-Эне, жардамыңды бер!..

Ошондо алыстан-алыстан жылаажын үн угулду. Шыңгыраган таттуу үн жакындагандан жакындады. Анан маңкаңдай чуркаган Мүйүздүү Бугу-Эне жетип келди. Куру келбей, он сегиз айры мүйүзүнө бешик илип келди. Ак кайыңдан жасалган ак бешиктин туткасында күмүш жылаажын шыңгырайт. Ошол жылаажын ушу азыр да көлдүктөрдүн бешигинде илинүү, эне баласын бөлөп тер-

метсе, мукам үнү шыңгырап турат. Азыр да жылаажын үн чыкканда Мүйүздүү Бугу-Эне мүйүзүнө кайың бешик илип алып, бала төрөлгөн үйгө шашып келаткандай болот...

Ошентип, Мүйүздүү Бугу-Эне жетип келери менен зайып көз жарат.

– Бу бешик силердин тунуңарга,– дейт Мүйүздүү Бугу-Эне. – Жети уул, жети кыздуу болосуңар, баары ушу бешикке жатып чоңойсун.

Ата-эне кубанды. Мүйүздүү Бугу-Эненин урматына тун уулунун атын Бугубай деп коёт. Бугубай эр жетип, кыпчак элден колукту алат, бала-чакалуу болот. Ошентип Мүйүздүү Бугу-Эненин тукуму, Бугу уруусу улана берет, көбөйө берет. Эл толуп, Ысык-Көлдү кылаалай конот. Баары Мүйүздүү Бугу-Энени Умай энебиз деп, атын-салтын ыйык тутат. Оюу ойгон, сайма сайган өнөрпоздор бугунун мүйүзүн салып көркөмдөшөт. Басып келген жоого каршы чыкканда, же эрегишип байге чапканда «Бугу!» деп ураан чакырат. Мүйүздүү Эне сыртынан колдоп, бугулуктар дамаамат жеңиштүү чыгат. Ысык-Көлдүн токоюна Бугу-Эненин балдары, ак маралдар толот. Аларга эч ким тийбейт, эч ким үркүтпөйт. Маралды көргөндө жол жүрүп бараткан бугулук киши атынан түшүп, жол берет. Бугулук жигиттер сүйгөн кыздарын «ак маралдай маңкайып» деп, сулуулугун Бугу-Эненин балдарынын көркүнө салыштырып, эне тилинде ыр ырдайт.

Ошентип эне салтын эл ыйык тутуп келе берет. Бир күнү жылкысы сан, кою түмөн бугулук бир бай киши каза болот. Балдары ат жеткен жерден эл чакырып, жер дүңгүрөтө аш берет. Көл кылаалай миң бир жүз боз үй тигилет. Ашка келген эл үйлөргө батпай толуп чыгат. Сандаган желе бээ байланып, сандаган саба кымыз көбүрүп-жабырып, союлган малга сан жетпей, кайнаган казанга кызмат кылар эл түтпөй, Кашкардан алдырган мейис тоо болуп, Ташкенден алдырган күрүч зоо болуп,

адам уулу көрбөгөн улуу аш берилет. Атабыздын арбагын көтөргөн даңкыбызды билсин келген эл, атадан калган түмөн малды аябас наркыбызды билсин эл деп, байдын уулдары кербезденет... (*Ээ, балам, «Адам акылынын жаркыны өчүп, дүнүйө тепкен кесири башынан ашса, арты жаман, кесепети калайман журтка тиет»,– деген карыялардын сөзү ошондон калган...*)

Аш берген уулдар мингизген аттарын алчылана минип, кийгизген бейкасам чапан, суусар тебетейлерин жасана кийип, эл ичине жар салып, ырчылар ырдайт мактоо сөз таппай атаандашып:

– Күн астында, жер үстүндө мындай даңктуу улуу аш бергенди көргөн жан бар бекен? – деп ырдайт бир ырчы.

– Жер каймактап, Адам-ата Ава-эне жаралгандан бери мындай аш берген жан чыкпаган! – деп ырдайт экинчи ырчы.

– Ата-энени сыйлаган, ата салтын ыйык тутуп, арбагын асманга чыгара даңктаган биздин элдей эл бар бекен дүйнөдө! – деп ырдаса үчүнчүсү;

– Эй, жаагын жанган ырчылар! Көзү өткөн байдын байлыгын, уулдарынын зоболосун даңктап айтар сөз бар бекен дүйнөдө! – деп ырдайт төртүнчүсү.

Ушинетип ырчылар күн-түн дебей ырдашат.

(*Ээ, балам, «Ырчылар ой-маңызын унутуп, карандай сөз кубалап калганда ыйык ырдын кусуру урат», – деген карылардын кеби ошондон калган...*)

Ошентип жер дүңгүрөткөн аш нечен күн, нечен түн болот. Кулагы уккан, көзү көргөндүн баары таң калып, даңк айтып, балдарынын зоболосун көкөлөтө кеп кылат. Бирок балдары ага да каниет кылбайт. Мүйүздүү Бугу-Эненин тукумунан болчу атабыз, эми ата тукумунун даңкын чыгарабыз деп, атанын күмбөзүнө бугунун мүйүзүн белги кылып коймой болот.

*(Ээ, балам: «Байлык адамды эсиртет, эсирген адамдын кесири көпкө тиет», – деп айтчу эски кишилер).*

Алиги байдын балдары атанын арбагына ушинтип кесирлүү урмат көрсөтмөй болот. Мергендерди шайлап, туш-тарапка чаптырат. Мергендер он сегиз айры мүйүз бугу таап, атып өлтүрөт да, мүйүзүн түбү менен омкоро чаап келет. Кулачы көктө кайыган бүркүттүн канатындай жайылган, он сегиз айры мүйүз экен, демек он сегиз асый бугу экен. Жарайт! – дейт аттыргандар. Усталарды алдырып, атасынын күмбөзүнүн маңдайына орнотушат.

Аны көргөн аксакалдар:

– Жосунуңар жолдо калсын. Мүйүздүү Бугу-Эненин тукумуна кантип кол көтөрдүңөр? – деп наразы болушат.

Байдын көпкөн балдары тескери сүйлөйт:

– Атылган бугу биздин жердин бугусу. Биз ээлеген жердеги кыбыраган жандыктын баары биздики. Өз жерибиздин макулугун эмне кылсак, өз ишибиз, силердин тиешеңер жок! Жоголгула!

Мындай буйрукту уккан жигиттери аксакалдарды камчыга алып, атка кордоп тетири мингизип, айдап жиберет.

Балаанын баардыгы мына ошондон башталат.

Мүйүздүү Бугу-Эненин тукумуна каран түн түшөт. Буту менен басып, мурду менен тынгандын баары мылтык атып, жаа тартып, ак маралдын артынан сая кубат. Бугулук элдин ар кимиси өлгөн ата-бабасынын күмбөзүнө бугунун мүйүзүн орнотууну урмат эсептеп, орнотпосо кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болот. Антүү колунан келбегендерди киши санынан чыгарып коюшат. Ошондон улам бугунун мүйүзү акчага сатылып, соодага жүрөт. Кээ бир карөзгөй камбылдар бугунун мүйүзүн көп камдап, кардар бугулуктарга сатууну кесип кылып алат.

(*«Э-э, балам, акчанын арааны жүргөн жерде адалдык орун таппай чыркырап качат»*).

Ошентип Ысык-Көлдүн бугу-маралы кыргынга калат. Аяган жан болбойт. Жайылган жайытынан куулат,

түнөгөн түнөгүнөн сүрүлөт, арам ойлуу адам уулу жете алгыс деп аска-зоого жашынса да болбой, жандоочулар ит агытып, мергенчилер өңүтүндө отуруп, короо-короо болуп качкан бугу-маралдарды короо-короосу менен кырат. Оболу ким тандап атат деп мелдешкендер, эми ким көп сулатат деп мелдешет. Мүйүздөрү аркайган бугу-марал балбылдаган шамчырактай көздөрүнөн аккан жашы кургабай боо түшөт.

Акыры көл тегерегинен бугу-марал жоголот. Кадимки жайытынан маңкайып карап турчу карааны өчөт, түн ортосу же таң ата бау-бау бакырган үн өчөт, алты айры мүйүзүн жонуна чаап, жар башынан каргыган элеси өчөт. Тоо-токой ээн калат. Өмүрүндө маралды бир көрбөгөн, бирок «маралдай көзүң балбылдап» деп жигит кызга айтса, «келбетиң бугу келберсип» деп кыз жигитке айтып, жомоктоп-жоктоп калган эл туулат. Качанкы кайран бугулардын мүйүзү кагжырап, ураган күмбөздөрдүн маңдайында гана калат.

Ушул эле Умай-эне болгон Мүйүздүү Бугу-Эне кантти дейсиңби?

Бугу-Эне адамдардын арамдыгына нааразы болот. Ит агытып, ок аткан адамдардын колунан тукуму бүт кырылып кетер болуп, саналуу гана маралы калганда Бугу-Эне аларды касиетине калкалай качат, Ала-Тоонун аскасынан Теңир-Тоонун чокусуна бир аттап чыгат да, кылчайып Ысык-Көл менен коштошот. Ошо бойдон калган тукумун сактап, кулак укпаган, көз көрбөгөн бир жерлерге кетип калган экен.

Мына ушундай болуптур, балам. Ушуну менен жомокко тамам. Ишенсең ишен, ишенбесең өзүң бил.

Бугу-Эне алигидей болуп коштошуп турганда көзүнөн жаш төгүп, арамдыкты каргап, адалдыкты зарлап кеткен экен дешет...

## V

Тоо-токойго коңур салкын күз келди. Жайдын ысыгы өттү. Жайлоодон бетеге-чайыр жыттанган мал түшүп, төмөн кыштоосуна кетти. Малдын чаңы басылды, малчылардын жаккан оту өчтү. Караан болгон эл кетти. Тоо-токой аңгырап ээн калды.

Анда-санда шаңшып коюп, асманда канат какпай жалгыз бүркүт каалгыйт. Жайкысын мөңгү үрөн эрип, ташкындап аккан суунун шары бастады, толкун жанчкан корум таштардын кара жылтыр жондору ачылып, суу кемер-кемерге ыктады. Шыралжын куурап куурай болду, тулаң куурап сары бычан болду. Суу жээктей өскөн замби талдын королу куйрук жалбырактары саргайып, жел жүрсө дирилдеп түшүп турду.

Тоо баштарына күндө кабаттанып кар жаайт. Күндө эртең менен тура калып карасаң, кечээги кара кырлар көк буурул тартып, кар жамынып калат.

Капчыгай ылдый эртели-кеч ызгаар шамал согот. Бирок күндүзү капчыгай өрдөп төмөндөн ысык күздүн илеби келип турат.

Өйүздөгү аралаш токойду этектен түрө түтүнсүз өрт алгансып, жогору калың карагайлуу черди түптөп, кайың тал кызыл-сары түскө боёлгон. Айрыкча өр талаша тырмышкан бадал кочкул кызыл, куйкул сары түстөнүп, күн батарда кубулжуп турат. Андан өөдө аска-зоону алкымдаган чер токойдун ичи кадимкисиндей таза, эзелкисиндей сүрдүү, күүгүмдөнө тынч. Күрөң, жоон сөңгөктөрү көктүн тирөөчүндөй, тизесинен жерге батып, эчтемени кенебей калбаат, чер арасы көлөкө салкын, дабыркай чайырдын жыты буруксуйт, кылымдап түшүп жатып ныкталган күрөң тикендери көң болгон. Ал жер тынч, ал жер сүрдүү.

Бирок бүгүн эртеден бери кардуу тоону жаңыртып таандардын тынчы кетти. Токой үстүндө үйүр-тобу менен

удургуй учуп, жаны тынбай чуулдап келет. Токой арасынан балтанын үнү угулуп, андан үркүп учкан таан ошо бойдон төбөдө айлана учуп чуулдап, эми ылдый карай карагай сүйрөтүп бараткан эки адамды бура бастырбай ызы-чуу салып келет.

Кескен карагайды эки адам атка сүйрөтүп келатты. Орозкул атты жылоолоп, алдыда. Плащынын өңүрүн улам бир чегедекке, бадалга илдирип, мала тарткан өгүздөн бетер кышылдап, кара-көк болуп түтөгөн неме чүйлүсү буржуюп, кыйналып барат. Оonалактай сүйрөлгөн карагайдын улам бир жагына секирип, артта Момун чал келет кедеңдеп. Тоо бийигине күйүгүп, ал байкуш да кыйналып өпкөсүн кага дем алат. Колундагы чоң кайың бакан, карагай каягына оонаса ошоягына жер сайып тосо калат. Кээде карагай дүмүргө, же ташка такалып калып жатат. Анда челип чыгарат. Тик ылдый бетте тууралана калып, томолонуп жүрүп берчүдөй болот. Антип томолонду дегиче, ат-паты менен баары куруду дей бер. Андай кырсык болбогой эле деп тилеп барат Момун.

Тоодон ылдый карагай сүйрөткөн опурталдуу иш. Бакан тосуп, аста-асталаганга да, алдыда ат жетелеп бараткаnга да коркунучтуу. Карагай оонап кеткенде Орозкул эки-үч курдай чылбырды таштап, четке чыга качты. Кайра кылчайса, Момун чал тарамыштай тырышып, качан Орозкул кайрылып келип, атты жетелейт деп, баканды жерге матыра карагайды кептеп турат. Бетегелүү боордон буту тайса эле карагай аны убалик жайган камырдай жалпайтып кетчүдөй. Ошондой бир кокуста Орозкулдун бети чымырай түшөт. Бирок, өзүңүн бетиң чымырабаса, өзгөнүн бетине көө шыба деген эмеспи. Антпесе Орозкул Орозкул болмокпу.

– Сен эмне, менин көзүмү тазалай албай жүрөсүңбү? – деп опурулду ал кайнатасына.

Карыя кишиге катуу айтканыңа жол болсун,– дегидей тегеректе жан адам жок. Орозкул ошону билип айтты.

– Кантесиң, балам, кырсык болсо алды менен мен кетип атпайымбы,– деди Момун акырын күңкүлдөп. Анда Орозкул ого бетер ачуусун чыгарды:

– Атакөй-ээ, көрсөң муну! Сен жашаарыңды жашап, ашаарыңды ашап алдың. Сага эмне! А эгер мен кокус болсом, тиги куу этек кызыңы ким алат? Ыя, аны ойлогон жоксуңбу?..

– Таш боорсуң, ээ, балам. Улуу экен деп бир сыйлап койбойсуң го... – деди Момун шагы сынып.

Мындай жооп күтпөгөн Орозкул токтой калып, чалды чамалагандай таманынан так төбөсүнө чейин акшыя карап алды.

– Эй, сендей чалдар боорун отко кактап очоктун башында жатат, билсең. Сен дагы да болсо маяна жеп жүрбөйсүңбү. Ал кимдин аркасы менен дейсиң? Мына, менин мендигимен. Дагы кандай сый керек сага, ыя?

Момундун жылдызы түштү.

– Жөн эле оозума келгенин айтып койдум да, – деди бүжүрөп.

– Анда оозуңа карап сүйлөп жүргүн!

Момун кыңк этпеди. Экөө эңкейишип жүрүп отурду. Анан бир белести ашып, тайпаңга эс алып токтошту. Карагай тарткан ат кара терге түшүп, калчылдап турду.

Таандар деле тынч албай, чуулдап, төбөдө жүрдү. Калың тобу менен бүгүн кечке чуулдачудай болуп, бир жакка учуп да кетпей, кулак-мээни жеп жатты.

– Быйыл кыш эрте келчүдөй, ошого чуулдап жатат го,– деди Момун сөздү башкага буруп, Орозкулдун көңүлүн саал жумшартышка. – Тоо ашып кетүүгө камынып калышкан го. Биз тынчын алып койдук окшойт, ошого чуулдашып жатабы, – деди таандардын ызы-чуусу үчүн күйөө баласынан кечирим сурагансып.

– Тынчын алган ким экен? – деп Орозкул көзүнөн чаары чыга жалт кылчайды. Бетине кан тээп, кара-көк

болуп чыкты. – Көп тантыбагын, абышка, – деди акырын ызырына.

«Көрсөң жыландын башын чыгарып турганын! Сенин таандарыңын тынчы кетет деп, бутак сындырбай, карагай кесе албайт экенбиз го. Тапкан экенсиң майбашты! Азырынча бул жердин ээси менмин», – деп ичинен кыжырланып алды да, төбөдөгү чуулдаган тааңды бир карап койду. – Азыр колумда пулемёт болсобу!.. – Анан оюн бүтпөй терс бурулуп, ашата сөгүндү.

Момун унчукпады. Күйөө баласынын богоозуна ал бышы кулак болуп калган. «Жини дагы кармадыбы,– деди ичинен кейип. – Ичип алса да жинденет. Эртеси башы ооруса да, сиркеси суу көтөрбөй калат. Эмне үчүн адам баласы ушундай болуп кетер экен? – деп Момундун айласы түгөнөт. – Жакшылык кылсаң, жамандык ойлонот. Же уялып койсочу, же ойлонуп калсачы, тообо! Ушундай боло келген, ушундай болуп атат, ушундай боло бермек деп ойлойбу. Айтканым айткан, дегеним деген, меники гана туура дейт да турат. Көзүн карап, көпөлөк болуп чарк имерилбесең, зордоп көндүрөт. Дагы ушинтип башкарганы эки-үч киши болуп, токой арасына калганы жакшы болгон экен. А кокус чоңураак бийлик мындайлардын колуна тийсе эмне болмок? Кудай, бетин көрсөтпө... Анан калса ушундай кишилердин аягы суюлбай чыга бергенин кантесиң. Өзүм гана деп турат: мен, мага, мен үчүн деп, жаныңды сууруп алат. Көрүнбөсөң жоктоп турат, бекинсең таап алат. Бирөөнүн канын соруп турбаса жаны жай албайт. Ошондо деле ушулардыкы туура болуп чыга келет. Мындайлардын уругу үзүлбөйт экен го...»

– Эс алдык, болду,– деген Орозкулдун үнү чалдын оюн бузду. – Кеттик! – деп бурулду Орозкул. Жөнөп беришти.

Орозкул бүгүн таң эртеден бери ачуулуу. Эртең менен балта-чотту алып, суудан өтүп, токойго жөнөрдө Момун

чал баланы мектебине алпарып келе коёюн деп жинине бир тийген. Алжыган чал да! Күндө эртең менен ат токуп, баланы бир жеткирет, түштө дагы чаап барып, мектептен апкелет. Мынча эмне таштандынын убарасын тартат! Кокуй, мектебинен кечигип калбасын деп шашып турганын кантесиң. Кудай берди болуп, бүгүн быякта мындай иш чыгып атса, акыры эмне менен бүтөр экен деп, жан кыйпычыктап турса, чал жинге тийбедиби: балам дейт, мектеби дейт... «Азыр эле жеткире коюп, кайра чаап келе калам. Бала мектебинен кечиксе мугалим эжейине уят болор», – дейт. Уялар кишини тапканын! Алжыган акмак! Уялары жанагы куу жамбаш келинби, беш жылдан бери ийининен бир пальто түшпөйт. Качан көрсөң бир колтук дептерлерди бооруна кысып бараткананы. Качан көрсөң, кол көтөрүп, райондун жолунда турганы. Эмне керек эле? – Мектепке көмүр керек эле, айнек керек эле, бор керек эле... Жөндүү мугалим болсо ушу мектепке келмекпи? Кенже мектеп деп койгон атын. А көрө, жетим мектеп деп койсо туура болмок. Ушундан окуп чыккандар кайсы киши болуп жарытар дейсиң. Чыныгы мугалимдер шаарда. Алардын мектеби да жарашкан, жалаң эле айнектен салгандай. Мугалимдеринин тагынганы галстук. Шаар ошонусу менен шаар да... Аерде чоңдор иштейт, машине менен зуулдап көчөдөн чоңдор өтүп турат. Машинелеричи! Капкара болуп күнгө жалтылдап, үнү угулбай жаныңдан жыбылжып өтүп баратса, алдыңкы орунда керилип чоң отуруп баратса, дене боюң дүр этет, зыңкыя катып тура калгың келет. Шаардын эли аны да байкабайт, өз бет алдынча уйгу-туйгу шашып бараткананы. Жашоо деп мына ошо шаардагы жашоону айт! Ошоякка жылып, ошерге орноп калсаң. Шаарда кызматыңды, чоңдугуңду сыйлоону билишет. Урматтай турган ишпи, ошол иштеги кишини урматтагын. Кызматың канча чоң болсо, сага келген урмат да ошончолук бийик. Маданияттуу эл да. Бирөөнүн арагын ичип, этин

жедим эле, бирөөдөн жашырып пара алдым эле, ошол үчүн карагай кесип кутулайын деп, минтип убара чегүү шаарда жок. Аерде жегендей жеп, айтып койсоң аткарылат. Элүү сом, ашып кетсе жүз сом үчүн карагай кесип берип, анан дагы качан үстүмөн жалаа жазып жиберет деп калтаарап жүрбөйсүң аерде... Э, караңгылык!

Шаарга барсам кана... Эгер шаардан жылуу орун колго тийгидей болсо куйрукту шарт түйүп, тоо-токоюң менен жерге кир, катып саткан карагайың менен, куу жатын катының менен жерге кир, алжыган чал, асыранды балаң менен жерге кир деп басып кете бербес белем! О, анда мен азоо айгырдай азынап турбас белем! «Орозкул Балажанович, кирүүгө можина?» – дегизип жалдыратат элем го далайды, түпкүчтөй түйүлтөт элем го кээ бир ак жүрөктөрдү. Ошерден бир шаардык катын албайт белем. Албаска эмне экен? Алиги микрофонун тумшугуна кармап, соорусун чайпап ырдаган сулуу артис келиндердин бирин алып алсам жарашпайт бекен. Андайларга кызматы чоң эркек болсо болду дешет. Галстук тагынып көчөгө чыксаң, сулуу катының колтуктап жанаша басса. Экөөбүз киного жөнөсөк элди как жарып. Катынынын шиш такасы тыкылдап, атыры каңылжаарды жарып турса. Жандай өткөн кишилер жыт алган иттей тумшугун сундура артыңан карап калса. Ыя, жыргал эмес бекен? Анан бала тууп берсе. Уулумду прокурор окуусуна киргизип, кызымы рояль чалар өнөр үйрөтөт элем. Шаардын балдары зирек келет, бат эле көзгө урунат. Элеттин одоно тилин жактырбай, эки жашабай орусча тили чыгат, суудай сүйлөшөт. Анысы да абзел го, болбосо ушу Момун чалдын жупуну тили кимди кайда жеткирмек. Балдарың: «Папочка, мамочкалап» турушса, сураганын сатып бербес белем. Менменсинген далайга көрсөтөр элем көргүлүктү, Орозкул бакаң мына деп, таанытат элем, атаңдын көрү! Эмне, мен ошолордон кем

бекем? Жогор жакта отургандар эле менден кыйын дейсиңби? Мендей эле буту айры, башы кара кишилер. Болгондо аларга бак айтып коюптур. Мага айтпаптыр. Айтса, да учурунда башкага азгырылып, кармай албай калыпмын. Өзүмөн кетти. Токойчулук курсту бүткөндө кызматка ашыкпай, шаарга бет алып, техникумга же институтка бой урсам го, ушу тапта алды болбосом да, бирден кийин болуп турбас белем. Кызматка кызыктым да. Кенже болсо да кызмат дебедимби. Мына жапайы тоодо уурданып карагай сүйрөп жүрөм. Анан калса мобу таандардыкы өттү, энеңди... Эмне эле төбөдөн кетпей чуулдап калган? Пулемёт болсочу азыр...

Орозкулдун капаланар жөнү бар болчу. Жайды жайлата ойноп күлдү. Эми жай кетип, жай менен кошо күндө бир чабан, же жылкычыныкына кадырлуу мейман болуп дөгүрсүгөн чагы кетти, бөксөрүлткөн күз келди. «Кызыгы жайдын тез өттү, кыштоого кайтар кез жетти...» – деген ырдай болду.

Күз келди, күз менен бирге Орозкул жайында көргөн сый-урматынын акысын, ооз көптүрүп берген убадасын, күзгө чейин деп алган карызын төлөөр учур келди. «Ой, жаман, аракты антип ичпейт, минтип ичет», – деп кырдуу стакан менен толтура куйдуруп, тартып жиберип, ууртунан май агыза жал чайнап, же куйрук-боор сугунуп, дүнүйөсү толуп отурган чактарда сөз кыябы келе калганда: «Эмне? Эки устун карагай элеби? Айткан оозуңдан айлансын! Качан келсең даяр»,– деп айтчу Орозкул.

Ошентип ичкен арак менен алган тартуулардын акысына Орозкул эми минтип кара терге чөмүлүп, дүнүйөнү түгөл сөгүнүп, тоодон карагай сүйрөп баратат. Берген март эмес, алган март деп тартынбаган Орозкул эми минтип азабын тартып баратат. Ойлоп көрсө, бүт өмүрү азапка малынгандай. «Э, баарына кол силкип таштап, басып кетсем эмне!» – деген ой кылт этет жаны кашайганда. Бирок эч жакка кете албасын, эч жерде эч кимге

кереги жоктугун, каалагандай жашоону эч жерден таба албасын ойлойт да, ындыны өчөт.

Карызыңды төлөбөй ушерден кетип көрчү! Өзүнүн эле шилекей алышкан достору көзүн чукууруна акылы жетип турат. Азыр эл бузулбадыбы. Мурдагы эле жылы бугулук бир тууганынан бир устунга козу алып, күз келгенде карагай кескени тоого чыккандан эринип койгон. Айтканга оңой, а тиги жан боорго өлүп-талып чыгып барып, карагай кесип, кайра сүйрөп түшүп келчи. Кылым чамалаш турган карагайды ары-бери оонатып көрчү. Алдыңа алтын төксө да моюн толгоорсуң. Анан калса каргашадай болуп, ошо күнү Момун чал ооруп калган. Жалгыз адамдын колунан келер жумушпу ошол. Жыгарын жыгарсың карагайды, бирок тоодон жалгыз сүйрөп түшмөк кайда... Ал күнү жалгыз каларын билгенде го мурдатан Сейдакматты ээрчитип барып, даярдап коймок. Аны ойлобогон Орозкул тууганына этектеги жаш карагайдан берип кутулмай болду. Антсе тиги чалкасынан кетпедиби: «Козу жегенди билесиң да, сөзгө турганды билбейсиңби?» – деп, белдүү карагай алмайынча кетпеске чыкпадыбы. Жини келген Орозкул, алсаң ушул, албасаң жогол көзүмө көрүнбөй деп, кууп жиберген. Ал жигит да жемин жедирчүдөн эмес экен, «Сан-Таштын корук токоюнун абжашиги Орозкул Балажановдун үстүнөн арыз» деп, калпты-чынды койгулап жазган экен, аны окусаң төбө чачың тик турат, «социалисттик токойдун бүлдүргүчү» катары Орозкулду суракка албай туруп атып салса болгудай. Мына ошондо Орозкулду көрүп ал, балээден башы кутулбай райондун комиссияларынан баштап, токой министрлигине чейинки текшерүүгө түштү. Көп убаракерчилик менен араң кутулду... Мына тууган! Аны билбей: «Баарыбыз тең Мүйүздүү Бугу-Эненин балдарыбыз. Тирүү болсок бир дөбөдө, өлсөк бир чуңкурда бололу!» – деп коюшат экен. Былжыраган оокатыңды урайын, сокур тыйын үчүн биринин канын бири ичип, же

камакка тыга салуудан кайра тартпай турушса, кайдагы кудайым тааныбаган бугуну кеп кылышат! Илгерки эл ишенчү экен бугунун жомогуна. Ошончолук кем акыл, караңгы болгон экен да илгерки эл, арга жок күлөсүң! Азыр болсо баары маданияттуу, баары билимдүү! Баланын жомогуна азыр ким муктаж!

Ошондон кийин Орозкул тууганды карабаска, Мүйүздүү Бугу-Эненин түгүл, теңирдин баласы болсо да адамга жакшылык кылбаска, башкача айтканда, карагай эмес чегедек бербеске өзүнө өзү сөз берип койгон.

Бирок кайра айланып жай келди. Көк туландын арасына тизген жумурткадай болуп боз үйлөр келип конду, шилекей чуурутуп козу маарап, өрүшкө мал толду, башат башына, суу жээгине очок орноп, от күйүп, казан бууланып, жыты каңылжаарды жарды. Күн жаркырап тийип, кымыздын жыты гүлдүн жытына аралашып, баш айлантты. Көк майсанга салынган мамык төшөктө куш жаздык жазданып, дос-тамырдын арасында кадырлуу мейман болуп, кымыз ичсең, багалаң козунун этин жесең, андан ашкан ырахат барбы бу дүйнөдө. Эл дуулдап сүрөп турса, чоң стакан аракты тартып жиберсең, көзүң кылгырып, башың дүңгүрөп, дүнүйөң толуп чыкпайбы да, өзүңө жанды теңебей, карагайды түбү менен жулуп бермек мындай турсун, тигил тоону томкоруп жибербейсиңби... Андай кезде Орозкул өзүнө берген антын унутуп койчу. Жөн Орозкул эмес, корук токойдун кудурети чоң кожоюну деген атка конуп, мартабасы балант[1] көтөрүлөт. Мактоо сөзгө дени жайылып, алдыга келген тартууну тартынбай ала баштайт. Тартуунун жообу артык бериште да... Орозкул антип отурсун, а тыякта эртегинин эстелиги деп эл сактап жүргөн корук токойдун ичиндеги кылымдык бир карагай күзүндө кыйылып жерге кулаарын билбей зыңгырап турат.

[1] балант – жакшы, кыйла.

Ал аңгыча этектеги эгинди бышырып, кырдын чөбүн саргайтып, күз кирип келет. Бирде керимсел болуп нымшытып, бирде сыдырым болуп чыйрыктырып, жердин жашыл ireңи кыярып, бак-дарактын жалбырагы саргайып, дирилдеп уча баштайт.

Ошентип мөмө-жемиш бышкан күз келди. Козу бөлгөн күз келди. Аялдар карын-карын майын, баштык толгон курутун кышка каткан күз келди. Эркектер жайлоодон түшөр көчтү ким баштасын деп кеңешкен күз келди. Орозкул, убадаң кана, мына биз келдик деп, доочулар келер кез келди.

Мына бүгүн кечинде да эки карагайды жүктөп кетишке прицеп сүйрөткөн машине айдатып, дагы бир доочу келмек. Карагайдын бирин кечээ күнү эле сүйрөп түшүп, суудан өткөрүп, машине келчү жерге жеткирип коюшкан. Экинчиси мына, сүйрөп баратышат. Эгер жайында ичкен-жегениңи кайтарсаң азыркы түйшүк, кыйноодон кутуласың десе, Орозкул жан деп макул болор беле... Бирок антиш кайда, ичкен-жегендин баары жумурдан ары алдагачан өтүп кеткен.

Атаганат, бу жапайы тоодогу жапан тагдырыңды өзгөртөр айла жок тура: эки бирдей корук карагайды түн катып алып кетмекке прицеп сүйрөгөн машине кечинде эле жетип келет.

А көрө аман-соо жеткирип алышса де. Жол совхозду аралап, болгондо да совхоздун конторунун түбүнөн өтөт, аерде милиция, мамлекеттик инспекция көп келип калчу эле, же райондон келип калганы болобу... деги көзгө чалдыкпай өтүп кетишсе болду. Кокус бирөө-жарым көрүп калып: «Эй, бу карагайды кайдан алып келатасыңар, кайда алып барасыңар?» – деп токтотуп калса, кудай урду дей бер.

Муну ойлогондо Орозкулдун жүрөгү зырп этет. Анан жини кайнап чыгат, төбөдө чуулдаган таандарга, артта шөлпүлдөп келаткан шордуу Момунга, башка күн түгө-

нүп калгансып, ушу күнү картөшкө сатмакка шаарчылап кеткен Сейдакмат акмакка жинденет. Тоодон карагай түшүрөбүз дегенди билбеди беле ал урган! Билип туруп, жылт койгонун кара... Эми базары бүтмөйүнчө келбеси бышык. Ал болгондо го Момун экөөн жумшап коюп, өзү минтип кыйналбай үйдө жатпайт беле.

Эми ачуусун кимден чыгармак? Сейдакматка опурулайын десе, дайыны жок. Таандарды кырайын десе, колунда куралы жок. Катыны жанында болсо бырпырата сабап калмак эле, ал дагы үйдө, үйгө жеткиче али итапкан жер. Колго тийгени жалгыз Момун. Каракөк болуп түтөгө күйүгүп, үстү-үстүнө сөгүнүп, Орозкул атты да, Момунду да аябай, атайылап ит мурун, караган түптөрүн аралай жетелеп баратты. Ат өлбөсө доңуз копсун, тиги чал ылайым ит өлүмүн тапса экен, же жүрөгү жарылып өзү ушерде калса да мейли! Өзү кыйналганда башкаларга эмне үчүн жеңилдик болуш керек? Баары кыйналсын! Орозкул оюндагыдай даражалуу чоңдукка жетпес болуп курулган ушул дүйнө түбү менен талкаланып кетсе кетсин! Эгер дүйнө түгөл бузулар болсо Орозкул өлүүдөн баш тартпас эле.

Өз оюна ууккан Орозкул тик ылдый салды. Лепилдеген Момун чал устунду токтотуп көрсүн деп өчөштү. Кокус токтотпой көрсүнчү! «Карыган макоонун төбөсүн түшүрө коём!» – деди ичинен ызырынып. Башка учурда устун сүйрөгөн атты минтип тик ылдый жетелебес эле. Азыр аны ачуу жетеледи. «Кокуй, кайда? Токто!» – деп Момун кыйкыргыча устун чынжырын толгой оонап кетти да, караганды жапырып тоголонду. Кургай элек оор карагайды токтотуш кыйын болуп калган. Момун далбасалап баканын сайганда колунан ыргыта кагып кетти. Кармана албай ат кулады, кулап баратып Орозкулду көмөлөтө койду да, карагайга сүйрөлүп, көчүгүнөн сүрдүктү. Орозкул жумалактанып, караган түбүн апчый албай колун тыттырып, далбасалап жатып калды. Мына

ушул учурда кандайдыр айры мүйүз жаныбарлар бадалдан үркту. Чың моюндарын кейкейте бир кылчая карап алып, так-так бийик секирген бойдон калың кайыңды аралап кетти.

– Марал! Марал! – Коркунуч менен кубанычка каны дүргүп, дене-бою дүркүрөп, Момун аптыга кыйкырды. Анан кайра көргөн көзүнө ишене албай тып басылды.

Тоо арасы жымжырт боло түштү. Чуулдаган таандар көздөн кайым болду. Устун карагай эки-үч жаш кайыңды сындырып барып, кептелип калды. Ат тизгин-чылбырына чалынып, өзү турду. Караганга тытылган Орозкул жандалбастап четке сойлоп баратты. Момун ага жардамга чуркады.

– О, касиетиңен айланайын Мүйүздүү Эне! Сенин касиетиң сактады бизди! Көрдүңбү, балам? Мүйүздүү Бугу-Эненин балдарын көрдүңбү? Умай Энебиз кайра келген тура! Азыр көрдүңбү? – деп алактаган Момун Орозкулду сүйөп-жөлөп тургузду.

Аман калганына ишене албай, саал сына түшкөнүнө ого бетер жини келип түнөргөн Орозкул кагынып ордунан турду.

– Былжыраба, абышка. Жетишет! Атты чыгар.

Момун бөжөңдөп атка чуркады.

– О, кайып болгон олуя эне, тукумун жерибеген касиеттүү Умай эне! – деп кубанганынан буту жерге тийбей аптыга сүйлөп баратты Момун. – Токоюбузга асылдар кайра келиптир. Мүйүздүү Эне бизди такыр жерип кетпептир! Аз айып, көп күнөөбүздү кечирген экен...

– Эмне деп бежиреп атасың? – кыжырланды Орозкул. Азыркы бир коркунучту боюнан силкип таштап, ал кайра ызырына баштаган. – Баягы жомогуңду дагы баштадыңбы? Өзүң алжысаң элдин баарын алжыды деп ойлойсуңбу!

– Кудай акы, өз көзүм менен көрдүм. Кадимки асыл маралдар, балам,– деп Момун Орозкулдун кыжырын туй-

бады. – Же сен көрбөй калдыңбы? Көргөндөй эле болбодуңбу.

– Көрдүм, көрсө эмне экен. Үчөө үркүп качкандай болду…

– Ырас, үчөө экен. Мен да үчөөнү көргөндөй болдум.

– Көрсөң болуптур, марал көрдүк деп өлүп кетебизби. Быякта адам өлүмдөн араң аман калып отурса, кубанып алганын. Марал келсе ашуу ашып, Казакстан тараптан келгендир да. Аяктагы токойдо маралдар азыр да бар дешкен. Аерде да корук токой бар. Ошондон келишкендир. Келсе жакшы болуптур. Биздин ишибиз эмне? Казактын токоюн биз корубайбыз.

– Биздин токойду байырлап калгысы бардыр, – деди Момун кыялдана. – Байырлап калса ырас болбос беле…

– Болду, жетишет! – Орозкул сөзүн бөлдү. – Кеттик!

Экөөнүн карагай сүйрөтүп барар мерчемдүү жери али алыс. Коктунун таманына түшүп, суудан сүйрөтүп өтүш керек. Баарынан ошол кыйын. Суудан өткөрүп алышса машине келер боорго жеткириш калат.

О, түйшүктүү жаны кор болду го!

Орозкул жаны кейип баратты. Бу тегерете курчап турган табият, эл сүрүп жаткан турмуш түбү менен тескери, адилетсиз курулгандай… Тиги тоолорду карачы, эч ким менен иши жок, эчтемеге тиешеси жок, эч кимге корунбай, эчтемеге наалыбай, турган турушу өрнөктүү. Же мына токойду карачы, күз жамынып, түптүү карагайлар камаарабай зыңгырайт, жакында кыш келет, анда деле чыйрыгып койбой, түйшүгү жок, кар жамынып дүпүйүп тура берет. Алиги таандарды эле алсаң, атаа иттер десе, кулак-мээни жеп чуулдашканын, же бу макоо чал айткандай мени жактырбай жатыштыбы?.. Маралдар келиптир дейт, алиги көргөн марал болсо, келсе келгендир, кайда жүрсө жайыты кенен, эч кимден эчтеме тиленбей-суранбай жайылып жүрө берет. Мен гана баратам түйшүк тартып. Тыякта шаардагылар жүрсө

керек, эчтемеден кемчилиги жок, эртеңкиден камы жок, көчө бойлоп асфальт тепсеп, же такси минип зуулдап, же ресторанда отурушкандыр дуулдап. Бу турмуштун жыргалын көргөндөр эле ошолор. Ээн тоодо камалып, баарынан четте калган шордуу жалгыз Орозкул... Жадегенде ушул Момун элпек, ушул санда жок келесоо чал өз жомогуна өзү ишенип, Орозкулдан бактылуу көрөт өзүн. Макоо, ит макоо! Макоолор турмушунда аз эле нерсеге ыраазы боло берет.

Орозкул болсо турмушуна ыраазы эмес, нааразы, атүгүл жек көрөт. Бу турмуш ага ылайык курулбаган. Бул турмуш мобу Момун элпектерге жарашат. Момунга эмне шам? Өмүрү өткүчө каруусун казык, билегин токмок кылып жашоо үчүн жаралган, ошентип өтүп кетет. Өмүрүндө бирөөнү башкарып, бирөөнү жумшап көргөн эмес, кайра өзү дайыма бирөөгө көзкор болуп, бирөөнүн карамагында келатат. Өз кемпирине каяша айта албаган немеден эмнени күтсө болот. Мындай бечера бир уккан жомогуна деле дүйнөсү толуп отура берет. Токойдон марал көрдү эле, өмүр бою издеп жүргөн тууганын көргөнсүп, кубанычы коюнуна батпай, көзүнө жаш алды. Акыл-эси ордундагы киши ошентмек беле.

Э, кайсы бирин айтасың!..

Экөө жүрүп отуруп, сууга түшөр тик беттин кырына жетти да, эс алып туруп калышты.

Суудан ары Кордон алакандын отундай көрүнүп турат. Орозкулдун эшигинин алдында самоордон түтүн булайт. «Ээ, – деди Орозкул ичинен аялына,–мени күтүп отурган экенсиң го». Андан көңүлү ачылбады. Күйүккөн неме кургакта калган балыктай оозун чоң ачып, абаны кере жутуп, жаны кашайып турган. Көкүрөгү ачышып, каны башка тээп, жүрөгү жарылып кетчүдөй түрсүлдөйт. Кууш чекесинен куюлган тер көзүн ачыштырып барат. Бирок үйгө жетишке дагы далай бар. Үйдө күткөн тиги куу жатын катыны. Дагы самоор койгонун көр. Күндөгү

эле жагынуунун далбасы да... Эмнегедир Орозкул азыр ушерден аңкилдек атып жүгүргөн бойдон жетип барып, самоорду көмөлөтө тепкиси келди. Кайнаган суу төгүлүп, эшик алдына буу толуп чыкса деди. Анан катынын бырпырата сабап, канжалаган иттей кылгысы келди, өлтүрө жанчып салгысы келди. Катыны тагдырына наалат айтып, кудайга үнү жеткидей чыңыраарын элестетти да, ошого кадыресе кычуусу канып турду. «Чала болот,– деди өзүнчө. – Сооп! Мен быякта кыйналып бараткanda ал эмне үчүн үйдө жайма-жай отурушу керек?» Анын оюн Момун бузду.

– А, кокуй, тарс эсимден чыгып кеткен тура,– деп Орозкулдун жанына келди. – Мектептен баланы алмак эмес белем. Сабагы бүтөр маал болуп калган тура.

– Эмне кылайын бүтсө? – деди Орозкул каракүчкө камаарабаган түр менен.

– Ачууланба, балам. Устун буерде жата турсун, төмөн түшөлү. Сен үйгө барып түштөнө тур. Ал ортодо мен чаап барып келе коём. Баланы апкелип коюп, анан деле устунду суудан өткөрүп алабыз.

– Тапкан акылың ушубу?

– Тыякта бала ыйлап калбайбы.

– Ыйламактан көзү аксын! – деп Орозкул жарылып кеткендей бакырды. Чалдын сазайын берер шылтоо өзү табылды. Эртеден бери Момунга кыжырланып келатты эле, эми минтип өзү колго түшүп берди. – Балаң ыйлайт деп, быяктагы ишти таштайбызбы? Эртең менен мектепке жеткирмек элем деп жинге тийдиң. Макул, жеткирдиң. Эми мектептен апкелмек элем деп... Мындагы киши сага эмне, каакыбы?

– Кой балам, антпе,– деди Момун жалынып. – Мындай күнү оозго заар сөз алба. Мени кудай алсын, бирок ушундай күнү тыякта бала күтүп ыйлап калса жарабас...

– Ал кандай күн экен бүгүн? Кандай эле сага бүгүнкү күн ыйык болуп калды, ыя?

– Маралдар келиптир. Мындай күнү... түлөө...

Таң калганынан Орозкулдун оозунан кеби түштү. Маралдарды ал алдагачан унутуп койгон. Жана эпкиндеп тоголонгон карагайдын астына калбайын деп эси чыгып, караганга колун тыттыра жандалбастап четке сойлоп баратканда көлөкө болуп секирген эки-үч караан элестеп өттү эле, анда чалдын былжыры менен ал караандарды эске тутуп калар чак болбогон. Момун азыр ошолорду айтып жаткан турбайбы.

– Сен мени келесоо деп турасыңбы, ыя? – деп ысык демин абышканын бетине илей ызырынды Орозкул. Элдин баарын өзүңдөй макоо көрбөгүн! Колго илинер сакалың жок да, болбосо устун ордуна азыр сени сүйрөп түшөр элем сууга. Урдум бугу-маралыңды! Марал келди деп, тим эле катыны эркек туугансып. Башымды оорутпай, бар, устунду сүйө! Суудан өткөрүп салмайынча андай-мындай сөзүңдү укпаймын. Балаң ыйлап атабы, мектебиң өрттөнүп атабы, мага бир тыйын. Уктуңбу. Бас!..

Адатынча Момун айтканына көнүп берди. Устунду жетер жерине жеткирмейинче Орозкулдун колунан бошоно албасына көзү жетти. Унчукпай буйругун аткарды. Жаны кейип, жүрөгү мыкчылып баратса да, башка кың деп үн катпады. Жетимчеси мектептин түбүндө жалгыз калгандыр. Балдар үй-үйлөрүнө чуркап кетип, көңүлү кирдүү, көкүрөгү зилдүү байкуш жетим жол карап, көзүнө жаш тегерене таятасын күтүп отургандыр.

Балдардын мектеп дүңгүрөтө жамырап чыгып, туш-тушка чилдей тарап чуркап жөнөөрүн элестетти Момун. Баарынын курсагы ачкан, үйүнө жакындап баратып энелери даярдап отурган тамактын жытын сезишет. Китеп каптарын булгалап, үйлөрүнүн терезе түбүнөн дүбүрт сала чуркап өтүшөт. Энелери эшик ачат, жетине албай жылмайып тосуп алышат. Эненин ошол жылмайганынан көңүл толкуп, жүрөк элжирейт. Эмне деген эне, кыйна-

лып турабы, бирдемеге бушайманбы, баары бир баласына деген жылмаюусу жүрөгүндө сакталуу. «Колуңду карачы! Ким жубат?» – деп кара күчкө жемелеген болсо да, ичи эзилген жылмаюусу көзүнөн учкундап турат.

Момундун жээн небереси окугандан бери колу сыя. Балам окуп жүрөт деп ойлоп, таятасы ошонусуна жетине албайт. Жайдан бери жанындай көрүп катып жүргөн китеп кабын ошол сыялуу колу менен бекем кармап, бала ушу тапта жол карап тургандыр. Жол карагандан да чарчап, эми анда-санда бир кылчайып коюп, бирдемеге алаксып ойногондур. Бирок улам курсагы ачкан сайын тиги белден таятасынын арааны качан көрүнөт деп, тынчы кете баштагандыр. Таятасы дайыма маалында барчу. Бала мектебинен жүгүрүп чыкканда ал аттан түшүп, күтүп турчу. Башка балдар үйлөрүнө чилдей тарап чуркаганда бала таятасына чуркачу. «Тигине атам. Кеттик!» – дечү китеп кабына. Энесин көргөн музоочо жетип келип, кайра саал уяла түшчү да, чөп жыттанган, тер жыттанган бооруна башын катып, эркелеп ийчү. Момун үйүлгөн чөптү кышка калтырбай күз башынан ташып, жыйып алат. Ошол үчүн бу кезде дайыма чөптүн кыйгыл жыты таятасынан аңкып буруксуп турат. Анан таятасы учкаштырып жөнөчү, атты желе-жорто бастырып, жолду катар экөө ардеменин башын чалып сүйлөшүп, ээр белдей кайкыны ашкан соң өздөрүнүн Сан-Таш коктусуна түшүп келип калышчу.

Мектеп дегенде бала ичкен ашын таштай чуркаганы таенесинин кыжырына тие берет. Уйкудан көзүн жырта албай жатып, китеп кабына асылат, китеп-дептерин алмаштырып сала кетет. Баарынан да төшөккө китеп кабын ала жатканы кемпирди ачуулантат. «Бу кудай урган китеп капка мынча эмне жабышып калдың. Же биз калың табабыз деп убара болбой турган катының болсочу...» Кемпирдин сөзү кулагынын учунан кетет, анын үстүнө көп кеби түшүнүксүз. Анын жатса-турса ойлого-

ну эле, сабакка кечигип калбасам дейт. Эртең менен бир сындырым нанды бир пиала айран менен шаша-буша бурдап алат да, сыртка жүгүрүп чыгат, таятасын шаштырат. Ээр белди ашып, мектебине жакындаганда гана жүрөгү ордуна келет.

Анткени менен бир жолу сабагынан кечигип калды. Өткөн жумада болчу. Бала турганча бир каттап алайын деп Момун суудан нары чөпкө кеткен. Атка артынып келатканда арканы чечилип кетип, чөбү чачылып калган. Шашып кайра таңып, артынып жөнөсө, дал суугa кирерде дагы чечилип кетсе болобу.

Бала болсо өйүздө тыбырчылап турат. Борчук ташка чыгып алып, китеп кабын булгалап, бирдеме деп кыйкырып, чакырып жатты. Аркандын чиеленишкен түйүнүн чече албай таятасы ансайын шашкалактады. Баланын чыңырган үнү суунун шарынан үзүл-кесил угулат, ыйлап жаткандай туюлат. Момун арканды да, чөптү да түшкөн жерине таштап, атына минип, балага шашты. Суу кирип турган кез, кечиттен чаап өттү. Жетип барса, ырас эле бала өңгүрөп турган экен. Таятасын карабай; «Кечиктим... Сабактан кечиктим...» деп өпкө-өпкөсүнө батпайт. Момун чал баланы эңип учкаштырды да, текирек-таскак салдыра жөнөдү. Мектеби жакын болсо да, бала өзү чуркап барып турбайт беле. Эми жолду катар ыйлап, таятасы соорото албай айласы түгөндү. Ошо ыйлаган бойдон мектебине жетишти. Сабак чын эле башталып калыптыр. Баланы туура классына алып кирди.

Мугалим эжейинен үстү-үстүнө кечирим сурады. Момун, экинчи кечиктирбейм деп убадасын берди. Бирок баарынан да баланын басылбай муңканып ыйлаганы жүрөгүн өйүдү. «Окууга дайым ушундай дилгир болсоң болду го. Атаа, шашкалак жаным, бүгүн чөптү коё турбай. Бала көп ыйлап калды. Эс тарткан сайын көкүрөгүнө муң толо баштаганы го...» – деп өзүнчө кейип кеткен ошондо...

Мына азыр да устундун улам бир жагына чыга калып, эчтемеге кептелтпей, эчтемеге такалтпай бакан тосо коюп, эпилдеп бараткан Момундун ой-санаасы балада: кантти экен неберем деп, көңүлү сыздап баратат.

Орозкул шашпайт. Орозкул ат жетелеп, жай баратат. Шашканда бу тик беттен аңкилдек атып жөнөмөкпү, кыйгачтап-кыялап абайлап-кудайлап түшпөсө сууга жеткиче оңор жер эмес. Бирок бир жолу сөзгө муюп койсо кемип калмакпы, устунду анан келип деле түшүрүп алышпайт беле? Атаганат өзү алибеттүү жан болсо устунду килеңдетип ийинге салып алып, суудан көтөрүп өтпөс беле да, машинеге жүктөөр жерине жеткирип, «Мына, алгыла да, мени жайыма койгула! – деп ийинден силкип таштап, балага жөнөбөс беле! Андай кубатты кудай ыраа көрбөптүр. Ушуга шүгүр...

Жолдун кыйыны али алдыда. Жээкке түшө берерде шагыл менен кошо көчмөй бар, анан корум таштардан устунду тыгылтпай өтмөй бар. Анан секиртме таштуу кечиттен эптеп сүйрөтүп чыгышса де. Эртеден бери өйдө тартып, ылдый сүйрөп келатып, аттын мууну бошоп калды. Эми кечиттен сүйрөп чыгып берсе экен, кокус орто жерге жеткенде мүдүрүлүп, же устун кептелип калса, анда айла эмне болот?

Кечитке киргенде Момун умай энеге жалынды: «Касиетиңен айланайын, Мүйүздүү Бугу-Эне, колдой көр, устун кептелбесе экен, ат мүдүрүлбөсө экен!» Өтүгүн чечип, кулактарынан байлаштырып ийинине арта салды, шымын тизесинен ашыра түрүндү, баканды белендей кармап, суу толкунуна ооналактап калкыган устунду жандай жүрдү. Орозкул атка минип, суу өрдөтө кечирди. Мөңгүнүн көк кашка суусу, тунуктугун кантесиң да, шыйрак какшаткан муздагын кантесиң.

Бирок Момун чыдады. Шыйрагы какшамактан жилиги чарт жарылып кетсин, устун кептелбесе экен деп, тилегени ушул. Болбоду, тайыз эле жерде устун майда

таштарга тумшугун такап, боорун төшөп жатып алды. Мындайда атты кичине эс алдырып, анан чү десе, жаныбар чымыркана тартып чыгарып кетмек. Орозкул антпеди, атты кара камчыга алып, темине кетти. Алдан тайып турган ат итче очорулуп, жылтыр таштарга таканчыктай албады, мүдүрүлө берди. Момундун шыйрагы какшап чыкты, муздагы мээге жетти. Көзү караңгылап, башы айланды. Жардуу жээк үстүндөгү токой, андан жогорку булуттар кыйшайып келип сууга кулагансыды, шар менен кошо агып кетип жаткансыды да, кайра орду-ордуна туруп калды. Момундун көңүлү айланды. Каргыш тийген карагай-ай! Кургак болсо да, суу үстүндө чабындыдай калкып өтүп кетпейт беле. Муну жаңы эле кесип суу бойдон сүйрөп түшпөдүбү. Ким ушинтсин. Мына эми, бураң иштин арты ылаң деген ушул. Кургатып таштап, анан алып кетишке Орозкул чыдабады. Капилет текшерүү келип калса, корук токойдон баалуу дарак кескен деп акты жазып, айласын кетирет. А көрө суу бойдон сүйрөп түшүп, көзүн тазалаганча шашпадыбы.

Орозкул атты башка-көзгө чапкылап, өпкөсүн үзө теминип, айыптын баарын Момунга жүктөп, ашата сөгүнүп жатты. Устун ордунан козголбоду, астындагы майда таш эшилип агып, улам орнок ала берди. Мына ушунда Момун чыдай албады. Башына жүн чыкканы бакырганы ушул болуу керек, Орозкулга туталана ачууланды:

– Түш аттан! – деп Орозкулду өңүрдөн тарткылады. – Ат тарта албай жатканын көрбөй турасыңбы? Түш дейм аттан!

Аң-таң болгон Орозкул кыңк этпей көндү. Өтүкчөн сууга түштү. Ал азыр негедир дүлөй болуп, акыл-эсин алдырып койгонсуду.

– Кана! Кел, жардамдаш!

Момундун айтканы менен болуп, Орозкул кошо баканды басып, устунду кептештен чыгарышты.

Аттай эстүү жаныбар барбы! Дал устундун башы көтөрүлө берген маалда жүткүнө берди. Жан кайышы суу чертип, чытырата тартылды. Устун ордунан козголуп кичине жылды да, оонап барып, кайра бир ташка кептелди. Тизелери титиреген ат жулкуна тартты эле, болбоду, жылмакай таштардан тайып, тайтарактап барып, сүрдүгө жыгылды, жан кайышына чалынып тыбырап жатып калды.

– Ат! Атты жөлө! – деп Момун Орозкулду итерди.

Экөөлөп күшүлдөп атып, атты тургузушту. Калч-калч этип мүргүп турду ат жаныбар.

– Чыгар! – деди Момун.

– Эмнеге?

– Атты чыгар деп атам! Жан кайышын чыгар, оңдоп кайра кошобуз! Момундун буйругуна Орозкул кыңк этпестен дагы көндү. Атты чыгарганда Момун чылбырдан жетелеп жөнөдү.

– Жүр, кеттик. Анан келебиз. Ат кичине эс алсын.

– Эй, токточу! – Орозкул чалдын колунан чылбырды жулуп алды. Ал азыр гана эсине келип, эски кейпин кийди. – Сен кимдин башын айлантып атасың? Эч жакка баспайсың! Устунду азыр чыгарабыз. Кечинде алып кетчүлөр келет. Былжырабай атты кайра кош, уктуңбу?

Момун унчукпай терс бурулду да, чучугуна суук өткөн буттарын кыйраңдай шилтеп, суудан чыга жөнөдү.

– Эй, абышка, кайда? Кайда барасың, токто деййм!

– Кайда? Кайда? Мектепке! Неберем түштөн бери күтүп калды.

– Кайт артыңа! Кайт, болбосо!..

Абышка кайрылбады. Орозкул атты таштады да, суу жирей далбактап, жээк түбүнөн Момунга жетип, ийининден аткып булка тартты.

Экөө бетме бет энтиге дем алып турушту.

Орозкул кайнатасынын ийиниңдеги өтүктү жулуп алды да, башы-көзүнө карабай эки жолу салып калды.

– Бас! Кана! – деп ыркырады Орозкул өтүктү жээкке ыргытып жиберип.

Момун унчукпастан суунун мизиндеги кумга түшкөн өтүгүн алып, кайра туруп кылчая бир карады. Ууртунан кан сызылып чыккан экен.

– Айбан экенсиң! – деди Момун кумсарып, анан канын түкүрүп, өтүгүн кайра ийинине арта салды.

Эч качан эч жанга каяша сөз айтпаган, элпек Момун аталган, азыр тигинтип эски өтүгүн ийинине салып, ууртунан кан сызылып, көк тумшук болуп үшүп турган көкшүндүн оозунан ушул сөз чыкты.

– Бас!

Орозкул аны сүйрөй тартты. Бирок Момун жулкунуп бошонуп алды да, кылчайбастан суудан чыга жөнөдү.

– Эй, көк мээ чал, сени карап тур! Эми мага таарынба! – деп муштумун кесеп, кыйкырып калды Орозкул.

Момун кылчайбады. «Төө-Таштын» түбүнөн өткөн жалгыз аяк жолго чыгып, өтүгүн кийди да, эпилдей басып үйгө бет алды. Эч жакка бурулбады, буйдалбады, түз гана бастырмага кирип, Орозкулдун Алабашын жетелеп чыкты. Чоочун көзгө көргөзбөй, бөтөн жанды мингизбей, арабага кошпой, Момунга бактырып, өзү гана минип жүргөн буурулду абышка жайдак минди да, өрт чыккандан бетер короодон чаап жөнөдү. Терезелердин түбүнөн, ызылдаган самоордун жанынан Момун чаап өткөндө үй-үйдөн кемпири, кызы Бекей, Гүлжамал келин сыртка жүгүрүп чыгышты. Момун эч качан Алабашка минчү эмес эле, башка ат минсе да короодон чаап чыкчу эмес эле. Катындар эси чыгып, элейип туруп калышты. Бу кылыгы элпек Момундун жан кашайгандагы каяшасы экенин алар билбеди. Карыгандагы бу каяшасынын акыры эмне менен бүтөрүн эч ким билбеди, өзү да билбей кетти…

Кечит жактан алиги чобурду жетелеп, Орозкул келатты. Ат бир колунан аксап келет. Катындар унчукпай

түпөйүлдөнө күтүп турду. Орозкулдун ичинде кандай жин кайнап, бүгүн эмне балээ көрсөтөрүн алар азырынча түйбады...

Суу толгон өтүгү чулкулдап, шөлбүрөгөн шымы ийри такымына жабышып, оонай басып, катындарды көзүнүн төбөсү менен сүзө карап келди. Катыны Бекей чыйпылыктады:

– Жайчылыкпы, Орозкул? Эмне болду? Кирпигиңе чейин суусуң го. Устунду агызып жибердиңерби?

– Жок,– деди Орозкул сиркеси суу көтөрбөй,– Ме! – Аттын чылбырын Гүлжамалга ыргытты. – Бастырмага алпарып байлап кой. – Өзү үйгө бет алды. – Жүр үйгө,– деди катынына.

Кемпир да аларды ээрчий кирмекчи болуп жүткүндү эле Орозкул босогодон өткөрбөдү.

– Сага эмне жок? Бар өз жайыңа. Бирөөнүкүнө баш бакпагын.

– Кантесиң, айланайын? – деп кемпирдин шагы сынды. – Деги эмне болуп кетти? Биздин абышкага эмне болду?

– Өзүнөн сура, – деди Орозкул.

Үйгө кирген соң Бекей шашып-бушуп эринин суу кийимин чечти, кургактап кийгизип, үстүнө ичик жапты, самоор апкелип, чай сунду.

– Ары алпар чайыңды, – деп корс этти Орозкул. – Апкел арак!

Катыны ачыла элек бир шише аракты алып чыгып, стаканга аз бөксө куйду.

– Толтура куй!

Аракты кулк эттире бир гана жутту да, ичикти кымтылана жай алып отуруп, катынына айтты:

– Азыртан баштап сен мага катын эмессиң, мен сага эр эмесмин. Жогол. Үйдөн карааныңы көрбөйүн. Кет дегенде кет, бекер өкүнүп калбагын.

Бекей үшкүрүнүп керебетке отурду да, көзүнөн жаш кылгырып, акырын унчукту:

– Дагы баягыбы?

– Эмне баягы? – деп Орозкул обдула бакырды. – Жогол дейм!

– Шордуу жаным ай, эмне үчүн гана туулдум экен!..

Бул учурда Момун балага чаап бараткан. Алабаш күлүк ат. Бирок Момун баары бир эки саат чамалуу кечигип барат. Баланы ал жолунан жолуктурду. Мугалим эжейи өзү ээрчитип келатыптыр. Баягы Орозкул жактырбаган мугалим, эрди кеберсиген, беш жыл бою бир пальто ийининен түшпөгөн ошол мугалим. Бечаранын кебетеси чарчаңкы, кабагы салыңкы. Бала окутуштун түйшүгү жүдөткөн да. Бала жанында тып-тып басат, көп ыйлаган көрүнөт, көзү шишимик, китеп кабын сүйрөй кармап, корунуп, жетимсиреп келатат. Мугалим келин Момун чалга катуу эле айтты. Кайтарар жообу жок, Момун башын салаңдатып алдында турду.

– Кайра алып кетпес болсоңуз баланы мектепке апкелбеңиз, – деди мугалим. – Мага ишенбеңиз, өзүмүн да төрт баламын убаракерчилиги жетишет.

Момун бул жолу да кечирим сурады, экинчи кайталабайм деп убадасын берди.

Мугалим Желесайга кайтып кетти, Момун баланы өңөрүп үйгө жөнөдү.

– Курсагың аябай ачтыбы? – деди таятасы.

– Жок, эжей нан берди.

– Эмне унчукпайсың?

Бала унчукпады. Момун күнөөлүүдөй күлүмсүрөдү.

– Муңдуусуң, кулунум, – деп баланын шапкесин алып, төбөсүнөн жыттап өптү да, кайра кийгизди.

Бала толгонуп карабады.

Экөө ошентип унчугушпай муңдуу жүрүп отурду. Алабаш жулкунат, бирок жайдак атка баланы уруntпайын

деп, Момун жай бастырды. Антпегенде деле эми кайда шашмак.

Алабаш да түшүнгөндөй көп жулкунбай жол жоргосун салды. Бирок чыдай албай анда-санда башын чулгуп, бышкырып коёт. Мындай атты жалгыз минип, ээн жүрүп, өз башына коюп лапылдата бастырсаң, анан өзүң ырдап жүрүп отурсаң. Анда жалгыз атчан баратканда ыр келет эмеспи көңүлүңө. Кайсыл ыр, кандай ыр болмок эле? Жетпеген максаттын өкүнүчү, өткөн өмүрдүн кейиши, бир кездеги сүйүүлөр эске түшөт эмеспи... Адам баласы өткөндөгү жетпей калгандарына үшкүрүнүп, кейип алганды жакшы көрөт. Анын каери же эмнеси өкүнткөнүн өзү да даана билбейт. Бирок тирүү жүргөнүн сезгиси келеби, кейиштүү ойлорду кээде ойлоп алмайы бар.

Жүрүштүү ат жолоочунун эрмеги...

Момун азыр баланын кыска алынган кежиге чачын, ичке моюнун, делдейген кулагын тиктеп баратып, кубанычы аз, кыйноосу көп армандуу узак өмүрүндөгү кабыл болбогон тилегинен, арылбаган мээнетинен арттырганы ушул коргоп алары жок, жетиле элек бала экенин ойлоду. Эр жеткиче көзү тирүү турса дурус болор эле го. А эгер жалгыз калса, ансыз да тирүүлөй жетим жүргөн перзент куруп калар. Анан калса бетегеден бою чыкпай жатып, бир мүнөз кыялы бар. Мындай балдар кишинин ичи-койнуна кирип, жапакеч болбойбу... Орозкулга окшогон немелердин колуна түшсө, карышкырдын камоосунда калган маралдай болор...

Момун бая көргөн маралдарды эстей койду. Бадал арасынан учуп өткөн элес болуп көрүнгөнү, ошондо маңдайы жарыла кубанганы эсине келди.

– Бүгүн мен бир сыр көрдүм, балам. Маралдар кайтып келиптир.

Бала жалт кылчая карады.

– Чынбы?

– Чын. Өз көзүм менен көрдүм. Үч баш экен.

– Каяктан келиптир?

– Ашуу ашып, тоо басып келген го. Аякта да корук токой бар. Быйыл күз жылуу, ашуу али жабыла элек, жол ээн, келе бериштi да.

– Эми алар биздин жерде туруп калабы?

– Жактырса туруп калар. Бирөө-жарым тийбесе, үркүтпөсө, байыр алып кала берер. Жайытында от көп. Миңдеген марал жайылса да бир кышка шашпай жетет... Илгери Мүйүздүү Бугу-Эненин тушунда бу жерлерде миңсан марал жүрчү экен...

Баланын таарынычы таркап, көңүлү жибип баратканын байкап, Момун илгеркинин жомогун, Мүйүздүү Бугу-Эненин баянын кайра баштады. Айткан жомогуна өзү азгырылып, бактылуу болуп, бактысызга бакыт бериш оңой эле иш тура деп ойлоду. Ар качан ушундай жашоо болсочу. Турмуш деген ушул баратканындай эле болсочу. Бирок турмуш башкача курулган, жакшылыкты жамандык дайыма такымдап жүргөнү жүргөн, жакшылык адамдын жашоосун саал эле жаркытса, жамандык кайра бүркөлтүүгө аңдып турганы турган. Атам замандан бери келаткан шарты ушул. Мына азыр да Момун небересин өңөрүп, анын көңүлү ачылганга, марал келгенге өзү жаркып баратса, тыякта Орозкул эмне шумдук ойлоп жатты экен деген түпөйүл коопчулук жүрөгүнүн түбүн курттай оюп жеп келатат. Бир жолу каяша айтып койгонуна Орозкул чалды эмне кылар экен? Орозкул жөн жатып албасы бышык, сөзсүз бир жамандык ойлонот, антпесе Орозкул Орозкул болмокпу?

Бирок кызы менен өзүнүн башына түшөр жамандыкты ойлоп, көңүл чөгөрбөскө Момун өзүн алаксытып, балага маралдар тууразында кеп салып келатты. Маралдын асылдыгын, сулуулугун, күлүктүгүн көркөмдөп айтып, канча айтса касиети ошончолук жамандыктан калкалаар деген тилеги жанданды.

Баланын көңүлү көтөрүлдү. Үйдө көрөр окуя капарына да келбеди. «Маралдар келиптир» деген кабарды уккандан баштап жүрөгү алеп-желеп болуп, көздөрүнөн учкун чачырады. Демек, келген экен да. Мүйүздүү Бугу-Эне адамдардын кыянатчылыгын, арамдыгын кечирип, балдарын Ысык-Көлдүн токоюна кайра жибериптир дебедиби таятасы. Азырынча чалгын чалып үч баш гана марал келиптир, бул үчөө мактап барса, калгандары бүт мекенине кайтып келер дебедиби таятасы.

– Ата,– деди ал абышканын оюн бузуп,– балким Мүйүздүү Бугу-Эне өзү да келгендир? Элден мурун өзү буердеги кишилер оңолуп калганын көрүп, анан балдарын чакырар?

– Болсо болор, – деди Момун анча көзү жетпегендей.

Ал мукактанды. Өз жомогуна өзү азгырылып, баланы ашкере ишентип койдумбу деп, оңтойсузданды. Бирок айтканын кайра жандырбады, жандырыш да кеч болуп калган.

– Болсо болор, Мүйүздүү Бугу-Эне өзү келгендир, болсо болор, – деп ийин куушурду Момун,– Ким билет...

– Биз билебиз да,– деди бала ого бетер жанданып. – Жүр азыр эле жанагы сен көргөн жерге баралы. Мен да көрөйүнчү...

– Алар бир ордунда туруп алмак беле...

– А биз изин ээрчип бара бербейбизби. Бара беребиз, бара беребиз, анан алыстан эле көрөбүз да, чочутпастан кайра кетип калабыз. Адамдар тийбейт экен деп ойлоп калышсын да.

– Баласың да,– деди Момун күрсүнүп. – Үйгө баралычы, андан аркысын көрө жатабыз.

Экөө кордонго там аркасынан келатышты. Үйлөр артынан адамдардын жону сыяктанып, ичинде эмне болуп жатканы билинбейт. Эшик алды да ээн. Момун кооптоно баштады, жүрөгү мыкчылды. Эмне балээ болуп кетти экен? Байкуш Бекейди Орозкул дагы сабады бекен? Өлөр-

чө ичкендир. Башка эмне өнөр ойлоп тапмак эле. Бирок эшик алды бөтөнчө ээн, бөтөнчө жымжырт. «Тынччылык болсо, жанагы балакеттүү устунду суудан тезирээк чыгарып берейинчи,– деп ойлоду Момун. – Орозкулду кудай алсын, ага эрегишкен киши оңобу. Айтканын аткарып коюп, тынч кулак жүргөн жакшы. Эшектин эшек экенин өзүнө ишендире алмак белең».

Момун бастырманын оозуна токтоду.

– Мына, келдик. Түш,– деди ат арытып алыстан келгенсип, ичиндеги уйгу-туйгуну небересине сездирбеске аракет кылып.

Бала портфелин көтөрүп, үйгө чуркаганда Момун кайра токтотту.

– Тура тур, экөөбүз киребиз.

Ал Алабашты бастырмадагы акырына байлады да, баланы колдон алып, үйгө басты.

– Эсиңде болсун,– деди ал балага,– эгер мени бирөө урушса сен коркпо, ар кимдин сөзүнө кулак сала бербегин. Сага тиешеси жок сөздөр алар. Сен окууңду бил.

Бирок чочулап келгенчелик эчтеме болгон жок. Экөө үйгө киргенде көйнөгүн жамап отурган кемпир жаман көзү менен акшыя бир карап койду да, жактырбагандай кайра ишин уланта берди. Таятасы да ага лам дебеди. Түпөйүл кооптонуп, кирпиги салаңдаган Момун эмне кыларын билбей ортодо бир аз турду да, мештин үстүнөн чоң табак кесмени алып, небересинин алдына койду. Маңдайлаш отуруп алып, экөө муздаган тамакка киришти.

Унчугушпады, кемпир да экинчи бурулуп карабады. Бырыш желелеген жездей өңү заарлуу эле. Бир балээ болгонун бала туюк сезип отурду. Кемпир-чал унчугушпады.

Түпөйүлдөнткөн коркунуч алкымына тыгылып, бала жакшылап тамак иче албады. Эки жагыңардагылар сыр катып дулдуюшуп отурса ичкен аш тамактан өтөбү.

«Экөөбүздүн айыбыбыздан болбосун?» – деди бала оюнда терезеде жаткан китеп кабына. Баланын ою куюлуп жерге түшүп, жөрмөлөп терезеге барды да, тырмышып китеп капка чыгып, аны менен сырдаша кетти.

«Сен эчтеме туйбадыңбы? Атам эмне капалуу? Бүгүн эмне кечикти, эмне үчүн Алабашты жайдак минип барды? Деги Алабашты минчү эмес эле го? Же токойдон маралдарды көрүп, ошого кармалып калдыбы?.. Же марал деле келбегендир? Калп айтып койгондур? Анда эмне болот? Анда эмне үчүн айтты? Калп сөздү туюп калса, Мүйүздүү Бугу-Эне капа болуп калбайбы?..»

Тамагын ичип бүтүп, Момун балага акырын айтты:

– Сен эшикке чыга бер. Мага жардамдаш. Мен азыр. Бала унчукпай чыгып кетти. Эшикти жабары менен ичкериден кемпирдин үнү чаңк этти:

– Сен кайда?

– Барып устунду чыгарайын. Жана сууда калган,– деди Момун.

– Эми эсиңе келдиңби? – деп чаңырды кемпир. – А көрө барып, кызыңы көрүп ал. Гүлжамал үйүнө качырып кетти. Андай куу жатын катындын кереги кимге. Бар, эмне болдуң деп өзүнөн сура. Эри аны ууру иттен бетер сабап, кууп чыкты үйүнөн.

– Эмне кылайын, кууса куугандыр,– деди Момун ичтен сыздап.

– Ики. Мунун эрдигин кара? Сен кимсиң өзүң? Кыздарыңан убай көрбөгөндөн кийин эми өгөй жетимиңди ачендик кылып окутайын деген экенсиң го. Өлбөсөм көрөмүн, ушул сени жыргатар. Өлө албай жүрүп эрегишкениң ушу жетимдин азабыбы? Анан калса Алабашты мине чапканын кантесин. Мунун эрдигин көр. Чамаңды билген соң көчүгүңдү кырт кысып, шүк отурбайсыңбы... Орозкул жулам десе мойнуңду жулуп алып, көтүңө тыгып коёт. Качантан бери кишиге каяша айтып калгансың? Мындай көкжал экенсиң, башта кайда

жүрдүң эле? Бар, бирок кызыңы үйгө апкелем дебегин. Андай кесепеттүү немеге куттуу босогомду аттатпайм... Бала эшик алдында сандала басты. Үйдөн кемпирдин чаңырган үнү дале чыгып атты. Анан каалга шарт жабылды да, таятасы сыртка атып чыкты. Ал Сейдакматтын үйүнө бет алды эле оoздон Гүлжамал оро-пара чыкты.

– Азыр кирбегениңиз жакшы, анан, – деди ал Момунга. Абышка эсеңгиреп туруп калды. Гүлжамал дагы шыбырады: – Ыйлап отурат, өлөрчө тепкилеп салыптыр. Эми кайра кошулуп жашоо болбой калды го дейт. Сизди каргап отурат, баарын кылган атам дейт.

Момун унчукпады. Унчукканда эмне демек? Өз кызы минтип жатса бүткөн экен да.

– Орозкул жалгыз отуруп алып арак ичип атат. Кутуруп кетти, – деп шыбырады Гүлжамал аягында.

Экөө тең бир саамга тунжурап туруп калышты. Анан Гүлжамал үшкүрүндү:

– Сейдакмат эртерээк келип калса да жакшы болот эле. Келер күнү болуп калды. Экөөлөп устунду чыгарып берип, балээден батыраак кутулсаңар болот эле.

– Кеп устунда эмес го,– Момун башын чайкады. Анан ойлонуп туруп, жанынан небересин көрө, ага айтты: – Барып, ойноп кой.

Бала четке басып кетти. Бастырмада бекиткен жеринен дүрбүнү алды да, чаңын сүртүп туруп, аны менен муңдашты: «Ахыбалыбыз жаман го. Айыптын баары китеп кап экөөбүздө. Башка бир жерде мектеп болсо, китеп кап экөөбүз кетип калар элек. Эч кимге билгизбей кетип калат элек. Бирок атам байкуш куруп калат го, анда издей берер, издей берер. Биз кетип калсак, дүрбү, сени менен ким Ак кемени карамак? Мени балык боло албайт деп турасыңбы? Көрөсүң го. Балык болуп кубулам да, Ак кемеге сүзүп кетем...»

Бала үймөк чөптүн түбүнө жатып алып, тегерете дүрбү сала кетти. Башка күндөрү тиги токой жамынган тоо-

лорду, күздүн илеби урган кырларды, жогорку ак кар, көк муз чокуларды, этектеги өрт алгандай кызарган бадалдарды карай берип, көңүлү тойбос эле. Азыр көңүл чөктү чагында бат эле жадады.

Дүрбүнү кайра алпарып ордуна койду да, бастырмадан чыгып келатып, таятасы каамыт, жан кайыш катылган атты жетелеп баратканын көрдү. Момун кечитке жөнөгөн. Бала таятасынын артынан чуркамакчы болду эле, Орозкулдун ачуу дабышы төбөгө бир койгондой токтотту. Орозкул ичигин желбегей жамынып, көйнөк-дамбалчан жулунуп чыккан экен. Эткээл бети сезгенген желиндей канталап туруптур.

– Эй! – деп каардуу кыйкырды Момунга. – Атты кайда алпарасың? Ордуна байла. Сенсиз эле чыгарып алам. Козгочу болбогун. Сен эми бул элдин санында жоксуң. Мен сени кордондон бошоттум. Төрт тарабың кыбыла, жогол, караанынды өчүр.

Момун кейиштүү күрсүндү да, атты кайра бастырмага жетеледи. Карап турган баланын көзүнө таятасы азыр абдан картаң, кол башындай кичинекей болуп көрүндү. Башын жерге салып, эки жагын карагандан корунуп, өтүгүн тарпылдата басып, мөгдөп келатты чал.

Бала ызасына муунуп, көз жашын көрсөтпөскө суу бойлой чуркады. Алдындагы жалгыз таман жол бир көрүнсө, бир туманданып, баланын көзүнөн мөлтүрөгөн жаш көкүрөгүнө мончоктоп таамп баратты. Алдынан «Таңке-Ташы», «Бөрү-Ташы», «Ээр-Ташы», «Төө-Ташы» биринен сала бири жолукту. Бала аларга эчтеме айтпады. Айткан менен таш эмнени түшүнмөк. Бирок кармана албады. «Төө-Ташын» кучактап алып, буркурап ыйлап жиберди. Өпкө-өпкөсүнө батпай көпкө ыйлады, акырындап муңкана бастап, аягында ичи эңшерилип, улутунуп туруп калды.

Бир маалда башын көтөрүп, муштуму менен көзүн сүртүндү да, бет маңдайын карап алып, селейе түштү.

Өйүздө, дал суунун жээгинде үч марал турат. Кадимки, чыныгы, нукура маралдар. Жаңы эле суу ичип, канган түрү бар, суу кечкен буттарын али тартып ала элек. Бирөө бугу экен, чамгарактай зор мүйүзү айры бутактанып заңгырайт. Ал кайра суугa жүткүнө берип, токтой калды да, күзгүгө карангандай жээктеги мелтиреген суудан мүйүзүн маашырлана карап тургансыды. Жону буудай түстөнүп, ууз түс кең омуроо, чымыр денеси алибеттүү. Суудан башын көтөргөндө кара кыйма агыш жээк кылкандуу калбык эрдинен суу тамчылап турду. Зор мүйүздүн түбүндөгү кичинекей кулагын кыбыратып коюп, балага назары түшкөндөй тиктеди.

Башкасынан да берки курсактуу ак марал баланы кадала карап турду. Төбөсүндө тиги бугунукуна караганда ничкерээк, бутактанган чакан мүйүзү бар экен, өзүнчө жарашыктуу. Куду эле Мүйүздүү Бугу-Эненин өзү! Алагар көздөрү түндүктөн түшкөн куттай балбылдайт. Жылына кулун берген сүттүү бээдей болуп, сымбаты да келишкен. Кайдан көргөнүн эстей албай боолголоп жаткансып, калдаң кулак, кабак баш баланы Мүйүздүү Бугу-Эне шашпай, ойлуу тиктеп турду. Көздөрү нымдашып, тереңинен жылтылдайт. Таноолорунан жеңил буу бууланат. Анын жанында көчүгүн салып, талдын жаш бутактарын жалмалап, токол кунаажын марал турат. Соорусу жумурткадай томпоюп, чымыр денеси жок шыбыртка дирт-дирт этет, бирок турган турушу ойноок. Карды ток, көңүлү чак, эчтемени капарына илгиси жок. Бир маалда ал ордунан так секирип, эне маралды омуроолоп өттү да, бир тегерене оюн салып, эркелей баштады. Токол башын Мүйүздүү эненин курсагына кашый кетти. Мүйүздүү эне болсо баланы тиктей берди.

Бала дем албай таштын артынан чыкты да, эки колун сунуп, жээкке келди, суугa бутун малды. Маралдар чоочуп койбоду, жалооруй тиктеп тура беришти.

Эки ортодо ташка жанчылып, ак көбүк чачкан көк кашка суу. Эгер ушул суу болбосо маралдарга барып, омуроосунан сыласа да болгудай. Маралдар сууга куюлган шагылда турат. Шагылдан өөдө кызыл алоо каптаган калың бадал. Бадал арты жар, жардын үстүндөгү калың кайың, жыш терек батып бараткан күндүн кызылын сүртүнгөнсүп кырмызыланат. Андан жогору чоң токой, чоң токойдун төбөсү кар жамынган аска-зоо.

Бала көзүн жумуп, кайра ачты. Кайра ачса, кызыл алоо каптаган бадалдын шаңында, сууга куюлуп түшкөн шагылда жомоктон чыккансыган алиги маралдар чын эле турат.

Бир маалда маралдар моюн толгоп, бурулуп жөнөй берди. Кажырлуу мүйүз чоң бугу жол баштады, токол кунаажын марал ортого түштү. Мүйүздүү Бугу-Эне артынан басты. Ал дагы бир кылчайып, баланы дагы бир карап алды. Анан бадалга кирип кетишти. Кызыл бутактар чайкалып, кызыл жалбырактар маралдардын жумуру сооруларына күбүлүп жатты.

Андан жогору кийик жол менен жардын кырына чыгышты. Ошерге саал токтоду. Алар дагы кылчайып аны карап тургандай туюлду балага. Чоң бугу моюнун кейкейте созуп, чамгарактай мүйүзүн жонуна каңтара салып, «Ба-о, Ба-о!» деп, кернейдей үн салды. Үнү жар башынан, суу үстүнөн толкуп, «А-о, А-о!» деп токойдон жаңырды.

Бала мына ошондо араң эсин жыйды. Шарт артына бурулуп, жалгыз таман жол менен үйдү көздөй чымынкуюн чуркады. Эшиктердин алдынан токтобой өтүп, үйдүн каалгасын шарт ачты да, босогодон энтиге кыйкырды:

– Ата. Маралдар келди. Маралдар. Тиерде турушат.

Корунуп, жүдөп бурчка тыгылып отурган Момун көзүнүн үстү менен бир карады да, эчтеме укпагандай, түшүнбөгөндөй унчукпады.

– Шүк, бакырба, – деди тиштенген кемпир. – Келсе келгендир, марал эмес быякта...

Бала ындыны суу сепкендей өчүп, шылкыя басып кайра чыгып кетти. Эшик алды ээн эле. Жылуусу качкан күзгү күн Кароол Дөбөдөн ашып, наркы түнөргөн тоолорду ийиндеп калган экен. Табы жок кызарган оттой болуп, көк жылтыр мөңгүнүн салкынына чыйрыгып тургансыйт. Ошол табы жок кызгылт нур бу беттеги тоотокойду да каптап, салкын көлбүйт. Токой үстүндө акырындан күүгүм коюуланып баратты.

Тоо ылдый куюлуп, кечки сыдырым жүрдү. Бала ичиркене силкинип алды. Бала чыйрыга берди.

## VI

Бала төшөккө жатканда да чыйрыкканы басылбады. Тиши тишине тийбей калчылдап, көпкө уктай албай жатты. Небак түн кирген, сырт караңгы. Баланын башы ооруп жатат. Бирок ал кыңкыс этип үн катпады. Анын тумоолоп калганын эч ким байкабады. Баланы унутуп калышкан. Унутпаска чара жок эле.

Момун чалдын эси эки. Тынч алып бир орунга отура албайт. Эшикке чыгат, кайра кирет, үшкүрүнүп, каңырыгы түтөй онтойт, кичине көчүк басат да, кайра туруп, сыртка жөнөйт. Кемпир да бирде жыланча ышкыра сүйлөп, бирде күңк-мыңк этип, кирип-чыгып жүрөт. Сырттан жаң-жуң үндөр чыгат, бирөөнүн сөгүнгөнү, бирөөнүн тарпылдата чуркаганы угулат. Кыязы Орозкул сөгүнүп, бирөө шолоктоп ыйлап жаткансыды...

Бала демин басып, сыртты тыңшагандан чарчады, деги бүгүнкү болуп жаткан түшүнүксүз окуядан жадады.

Көзүн чылк жумуп, жалгыздыгынан, унут калганынан алаксып, бүгүнкү көргөнүн кайра көргүсү келди, кайра элестетти. Бала чоң суунун бүйүзүндө турду. Көк кашка суу көбүк бүркүп, шар агып, баш айлантат. Өйүздө бала-

ны тиктеп үч марал турат. Күндүзгү көргөнү бүт кайталанды: бала жээкте, маралдар өйүздө. Чамгарак мүйүз чоң бугу суудан башын жулуп алып, аны тиктегенде кара кыйма, ак жээк эрдинен суу тамчылап турду. Мүйүздүү Бугу-Эне болсо, баарын түшүнүп, жалооруй балбылдаган көздөрүн баладан айрыбайт. Алагар көздөрү кайнар булактай уюлгуп терең, нымданышып нурлуу. Баарынан да Мүйүздүү Бугу-Эне анда-санда адамча оор үшкүрүнүп койгонуна таң калат бала. Куду таятасындай болуп күйүттүү үшкүрүнөт. Анан үчөө бадал аралап нары кетти. Кызыл бутактар чайкалып, кызыл жалбырактар жумуру сооруларына күбүлүп жатты. Маралдар жардын башына барып токтоду, чоң бугу мүйүзүн каңтара мойнун созуп. «Ба-о, Ба-о!» деп кернейдей доош жаңыртты. Чоң бугунун дабышы суу үстүнөн толкуп, көпкө жаңырып калганына бала азыр өзүнчө жылмайды. Анан маралдар токойго кирип кетти. Бирок бала алардан ажырагысы келбеди, каалап көргүсү келген элести андан ары уланта элестетип жатты.

Дагы эле баягы агымы башты айланткан чоң суу. Бүйүздө турган бала бир маалда чымыркана секирди эле, канат бүткөндөй учуп барып, өйүзгө түштү. Түшкөн жок, маралдардын жанына каалгып барып конуп калды. Маралдар козголбой турган. Ошондо Мүйүздүү Бугу-Эне баланы жанына чакырды:

– Кимдин баласысың?

Кимдин баласы экенин айтуудан кысынып, бала унчукпады.

– Таятам экөөбүз сени абдан жакшы көрөбүз. Мүйүздүү Бугу-Эне. Сени көптөн бери күтүп жүргөнбүз,– деди бала.

– Мен да билем сени. Таятаңды да билем. Ал жакшы киши,– деди Мүйүздүү Бугу-Эне.

Бала жетине албай кубанды, бирок кандай алкыш айтаарын билбеди.

– Балык болуп кубулуп, Ысык-Көлгө, Ак кемеге сүзүп кетейинби? – деди бала кокус келген оюн айтып.

Бирок балык болуп кетери бышык эле. Мүйүздүү Бугу-Эне эчтеме жооп кайтарбады. Ошондо бала кийимин чечип ыргытты да, кадим жайкысындай ичиркене бүрүшүп жээктеги талдын бутагын кармай сууга кирди. Бирок, кызык – суу сөөк какшатып муздак эмес, дымыктырып ысык экен. Бала көзүн жумбай суу асты менен сүзүп, ал өткөндө суу түбүнөн удургуп көтөрүлгөн миң сан алтын кумдарды, майда таштарды көрүп баратты. Бирок ысык суу демин кысып, негедир тумчуктурат.

– Мүйүздүү Бугу-Эне, жансоога, мен да сенин уулуңмун. Мүйүздүү Бугу-Эне, – деп катуу кыйкырды бала.

Мүйүздүү Бугу-Эне суу жээктей чуркады. Мүйүзүнөн шамал ышкырып, катуу чуркады. Аны көрүп, бала тумчукпай жеңилденип калды...

Терге чөмүлүп калыптыр. Мындай учурда таятасы ого бетер жылуулап кымтылачу эле, ошону эстеп бала төшөккө дагы тереңирээк сүңгүдү. Үйдө эч ким жок экен. Чырактын билиги көөлөнүп, үй ичи ала көлөкө. Бала туруп барып суу ичкиси келди, бирок сырттан дагы опур-топур дабырт угулду, бирөөнүн кыйкырганы, сөгүнгөнү, бирөөнүн ыйлаганы, бирөөнүн сооротуп жатканы угулду. Опур-топур басылбады... Анан терезенин түбүнөн эки караан жулмалашып, бирин бири сүйрөп келаткандай туюлду, охолоп онтогон үндөрү угулду. Эшик карч ачылды да, энтиге дем алып, ажаанданган кемпир күшүлдөп-бышылдап, Момун чалды үйгө итерип кирди. Таятасынын мынчалык эси чыга коркуп, өң-алеттен кеткенин бала көргөн эмес. Ал азыр эчтемени көрбөй, эчтемени билбей, эси ооп тургансыды. Тунарган нурсуз көздөрү алактайт. Кемпир аны көкүрөктөн ары муштап, жерге күчтөп отургузду.

– Отур былк этпей, өлүгүңдү көрөйүн көк мээ, куюшканга кыпчылбай шүк отур. Бүгүн эле көрүп отурасыңбы алардын чатагын? Жакшылык менен бүтсүн десең, көзүнө урунуп, жинин келтирбе. Менин айтканым менен болсоңчу, уктуңбу какбаш? Болбосо Орозкул экөөбүздүн көзүбүздү оңой эле тазалап коёт. Карыганда кайда бармакпыз темселеп? Кайда? – деп буркан-шаркан түшкөн кемпир эшикти шарт жаап, шашкан бойдон дагы чыгып кетти.

Үй ичи тунжурай түштү. Таятасынын гана күшүлдөп энтиккен деми угулат. Ал калчылдаган башын эки колдоп мыкчып, мештин оозундагы жараңка жыгачта отурду. Бир маалда жерге тизелей калды да, эки колун шыпка созуп, кимгедир бирөөгө зарлай баштады:

– Ушу күндү көрсөтпөй мен шордууну алсаң боло. Балама бир перзент берсең боло. Алсызга бооруң ооруса, бир эле перзент берсең кантет...

Боздоп ыйлап, чал ордунан теңселе турду да, дубалга таяна басып, эшикти кайсалады. Сүйрөлүп босогодон өтүп, эшикти жапты да, караңгы далисте оозун басып алып, уңшуп ыйлады.

Баланын көңүлү айныды. Кайра чыйрыга баштады. Бирде күйүп-жанып алдастайт, кайра калчылдап үшүп, тиштери шакылдайт. Ордунан туруп, таятасына баргысы келди. Таятасы болсо далисте ыйлап отурат. Сыртта мас Орозкул кайра бууракандап, Бекей таеженин какшап ыйлаган үнү караңгы түндү чатырата айрып жатты. Арачалап, жансоогалап эки ортодо Гүлжамал менен кемпир жүрдү.

Бала бул үндөрдү аргасыз тыңшап жатып, кайрадан кыялындагы дүйнөсүнө кетти.

Ал кайрадан жээкте турду. Ортодо агымы катуу шар дайра, өйүздөгү шагылда алиги маралдар. Мына ошондо бала маралга жалынды: «Мүйүздүү Бугу-Эне, мүйүзүңө бешик илип, Бекей таежеме апкелип берчи. Суранам,

бешик апкелип берчи, Бугу-Эне. Алар да балалуу болушсунчу». Ушинетип жалынып сыздаган бойдон бала суу үстү менен Мүйүздүү Бугу-Энеге чуркап баратты. Суу оюлбады, буту малынбады, бирок өйүз жээкке да жетпеди, бир ордунда тыпылдап чуркап тургансыды. Ага карабай Мүйүздүү Бугу-Энеге жалынып-жалбара берди: «Мүйүзүңө илип, бешик апкелип берчи. Атам ыйлабасынчы, Орозкул аба Бекей таежеми урбасынчы, экөө балалуу болушсунчу. Ошондо мен баарын жакшы көрөм, Орозкул абамы да жакшы көрөм, бирок аларга бир баланы берчи, айланайын, Бугу-Эне. Мүйүзүңө илип, бешик апкелип берчи...»

Анан балага бир укмуш үн угулду, бешикке таккан жылаажын үнү кулактын кужурун кандырып алыстан чыкты. Жылаажындын үнү улам жакындап келатты, улам күчөп келатты. Тоо ашып, токой аралап, суу жээктеп Бугу-Эне келатты, мүйүзүнө жылаажындуу кайың бешик илип келатты. Жылаажындын шыңгыры кулакка толуп, көңүлдү кытыгылады. Мүйүздүү Бугу-Эне шашып чуркап келатты. Жылаажындын шыңгыры жакындап, күчөп келатты...

Аңгыча эмне болуп кетти? Жылаажындын шыңгырына алыстан чыккан мотордун дабышы аралашты. Кайдадыр жүк машине өтүп бараткандай. Машиненин дабышы күчөп, жайылып жаңырды, жылаажындын шыңгыры сүрдөгөндөй үзүл-кесил чыгып калды да, анан биротоло мотордун дабышына жутулуп кетти.

Бир маалда темири темирге урунуп каңкылдаган машине күркүрөп келип, сыртка токтоду. Каңшылай үргөн ит там артына качты. Терезеге келип тийген машиненин жарыгы үй ичин бир кайсалап алып өчтү. Мотору да өчтү. Кабинанын эшиктери карс жабылып, өз ара кобураган үч киши бала жаткан терезенин түбүнөн өттү.

– Сейдакмат келди, – деп Гүлжамалдын кубанган үнү чыгып, алдын тосо шашкан шыбырты да угулду. – Аябай күттүрдүң го?

– Арбагыла,– деди бейтааныш адамдар.

– Кандай жатасыңар? – деди Сейдакмат.

– Шүгүр. Аман-эсен жатабыз. Эмне кечиктиң?

– Бүгүн жетип келгениме кубансаң а көрө. Совхозго кеч келип, андан бери машине күтүп туруп калбадымбы. Желесайга эле жетип алсам деп зарыгып турсам, карагай алмак элек деп, кудай жалгап, булар келатыптыр биз жакка. Жол жаман, капчыгай ичи караңгы, араң жеттик, – деп Сейдакмат аптыга сүйлөп, айтып бергиче шашты.

– Орозкул кайда? Үйүндөбү? – деди келгендердин бири.

– Үйүндө,– деди Гүлжамал кыңырылып. – Кичине сыркоолоп калса керек. Кабатыр болбогула, биздикине эле түнөп алгыла, орун кенен. Жүргүлө.

Баары баса түшүп, кайра токтоду.

– Ассалоомалейкум, аксакал. Арыбаңыз, байбиче.

Келген кишилер Момун чал, кемпир менен учурашып туруп калышты. Кемпир-чал уятынан сыр жашырып, келгендер менен астейдил учурашты. Орозкул да уялар бекен? Жадегенде чоочун адамдардын көзүнчө өзүн, башкаларды уят кылбаса боло.

Бала эми анча чабалактабай, жанагысынан жеңилденип калды. Башынын как жарылып ооруганы да кичине басылгансыды. Эми ал туруп барып, машинени көрүшкө ынтызарланды. Төрт дөңгөлөк машине бекен, же алты дөңгөлөкпү? Жаңы болду бекен, же эскиби? Прицеби кандай болду экен? Быйыл жазында кордонго бир аскер машине да келген. Дөңгөлөктөрү бийик, бирок кесе чапкансып, тумшугу жок. Шоферу жаш солдат экен, баланы кабинасына отургузган. Укмуш экен. Алтындаган погон тагынган аскер киши Орозкулду ээрчитип токой кыдырган. Эмне издеди? Башта мындайды көргөн эмес эле бала.

– Шпион издеп жүрөсүңөрбү? – деген ал солдаттан.

– Ооба, шпион издеп жүрмиз,– деп солдат бырс күлдү.

– Бизге али бир да шпион келип көрө элек,– деди бала нааразыланып. Солдат күлүп калган:

– Саган шпионнын кереги не?

– Кууп жүрүп, кармап алат элем,

– О азамат, эрсиң гой. Ондайга али жассың, эң алдимен жигит болсаши.

Тиги алтындаган погондуу аскер Орозкул менен токой кыдырып келгиче бала шофер менен чечилип сүйлөшкөн.

– Мен баардык машинелерди, баардык шофёрлорду жакшы көрөм, – деди бала.

– Онын себеби не? – деп солдат кызыкты.

– Машине жакшы да, күчтүү, ылдам. Бензиндин жытын жакшы көрөм. Шофёрлору бүт чоң жигиттер, баары Мүйүздүү Бугу-Эненин балдары.

– Не дейди, не дейди мынау? – деп солдат түшүнбөдү. – Мийизди Бугы ана дегениң немене?

– Билбейсиңби?

– Жок, шырагым, мундай гажайып эстиген жокмын.

– Сен өзүн кимсиң анда?

– Мен казакмын. Карагандыда туганмын, шахтёрлор мектебинде окыганмын.

– Жок, кимдин баласы болосуң дейм?

– Ака-шешенин баласымын.

– Алар кимдин балдары?

– Олар да өз аке-шешесиниң баласы.

– Алардын аке-шешесичи?

– Ойбай, сен булай сурай берсең дүниениң түбине жетмейбиз гой.

– Мен Мүйүздүү Бугу-Эненин балдарынын баласымын.

– Оны саган ким айтты?

– Атам айткан.

– Шырагым, сезиңе түсинбедим,– деп солдат аң-таң калган.

Жанында руль кармап, жумшак орунда өпөңдөп отурган бу делдең кулак, чоң баш балага назары түшүп, солдат кызыгып калды. Бирок, бала дагы сураштыра келсе, солдат өз уруусунун башталышы түгүл, жети атасын так билбейт экен, ага аябай уялып калды. Айта келсе үч атага араң жетти. Андан арычы?

– Жети атаңын аттарын үйрөткөн жок беле акең? – деди бала.

– Ит билеби. Ага не тансык болдың? Жети атамы билбейм, бирак, көрүп турсың гой, көп катары жасап жүрөм.

– Атам айтат, адамдар ата-тегин унутуп койсо, бузулуп кетет дейт.

– Ким бузылат? Кисилерме?

– Ооба.

– Не ушин?

– Анда дейт, атам айтат, баары бир балдарым, балдарымын балдары билбей калат деп, адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат дейт. Баары бир балдарым, балдарымын балдары билбей калат деп адамдар жакшылык кылбай калат дейт.

– Па, ширкин экен сенин атаң,– деп солдат жигит чын ниетинен таң калды. – Кандай гажайып адам. Бирак, сенин мына казан басыңды түккө аспайтын дуниемен толтырып бүткөн экен... Кулагың да дурыс экен, биздин полигандагы локатырдын өзү. Сен атаңды көп тыңдай берме. Космоско ушып, коммунизмге бара жаткан халыкпыз. Атаң болсо эртегинин аңгимесин айтып гой. Биздеги саясы окыга атаңды тартуу керек экен. Сонда оның көзү ашылады. Жигит боласың, окы окыйсың, окыны бүткөн соң атаңан алыс кеткейсиң. Ол караңгы, мадениетсиз киси гой.

– Жок, мен атамы эч качан таштап кетпейм,– деп башын чайкады бала. – Атам жакшы.

– Азырынча солай деши. Кейин өзиң түсинерсиң.

Азыр сырттагы кобур-собурду угуп жатып, бала ошол аскер машинени эстеди. Бу тегеректеги шофёрлор, баары болбосо да бала билгендери бүт Мүйүздүү Бугу-Эненин балдары экенин, эмне үчүн андай экенин бала алиги казак солдатка айтып түшүндүрө албай койгон.

Баланын айтканы чын болчу, оюнан эчтеме кошкон эмес. Былтыр ушундай күздүн бир күнү, же мындан да кечирээк беле, тоодон чөп ташыганы совхоздун машинелери өтүп калды. Кордонго жете бербей Арчанын коктусун өрдөп, алкымда жайкысын чабылган чөпкө багыт алып бараткан экен. Кароол дөбөдө отуруп, көп машиненин гүүлдөгүн уккан бала, мурда андай укмушту көрбөгөн жаны, чымылдап эки жолдун айрылышына чуркады. Чубаган көп машине өтүп баратты, санаса он беш экен.

Күн да туттугуп араң турган, бүгүн болбосо эртең кар жаап коюшу ыктымал, анда эле «кайыр кош, чөп, эмки жылга чейин» дей бер. Кар түшкөн соң, машинелеп чөп ташымак түгүл, атчан бастырып жүрүш кыйын болуп калат. Совхоз күнүмдүк жумуштарына карамыгып, чөптү улам эртеңке таштап жүрө берген окшойт, эми кыш кысып келгенде дөңгөлөгү чимирилген машиненин баарын айдаптыр. Тоок тубарында какылдайт деген ошол...

Бала андан кабары жок, кабарлуу болуп иши эмне? Алеп-желеп кубанып, ар бир машиненин алдын тосо эдиреңдей чуркады. Жүк машинелердин баары жаңы экен, кабиналары көк, айнектери чоң. Шофёрлору да тандап алгандай бир кылка, эриндерин түк басып, бирок кылкан мурут кыр жаба элек уландар. Кээ бир кабиналарында экиден отуруп барат. Алар чөп жүктөөчү жардамчылар го кыязы.

Уландардын баары алибеттүү, келбеттүү, сулуу көрүндү балага. Куду кинодогудай.

Баланын байкаганы да туура болчу. Алыстагы жумушка эр азаматтар жумшалган. Машинелери оңунда, өздөрүнүн көңүлү чак, даңгыраган кара жолдо өр талаш-

тыра күркүрөтүп айдап баратышкан. Көңүлгө жараша күн да мемиреп жылуу, ачык турду. Эми минтип капилеттен бир делдең кулак, чоң баш бала жол тосо жүгүрүп чыгып, сүйүнгөнүнөн так түйүлүп ойноп жүрсө кантип күлбөйсүң кантип кол булгабайсың. «Кач, тепселесиң»,– деп сөөмөй кезеп, кара күчкө жүз үйрүп койсоң бала ого бетер шоктонуп, машине менен тең жарышат, ага кантип уландар кошо ээленбесин...

Эң артта келаткан машине атүгүл токтоп, кабинадан погону жок, салт шапкечен, бирок аскер купайкечен шофёр улан башбакты.

– Салам. Быякта эмне кылып жүрөсүң? – деп жымыңдай көз кысты.

– Тим эле,– деди бала кысынбай жүзү жаркып.

– Момун абанын небереси эмессиңби?

– Ооба.

– Ошондой дейм да. Мен да бугулук болом. Мобу кеткен жигиттердин баары бугунун балдары. Чөпкө баратабыз. Азыркы бугулуктар бирин бири таанывай, чилдей тарады го... Таятаңа салам айт. Чотбайдын уулу Кулубекти көрдүм де. Аскерден келип, азыр совхоздо шофёр болуп иштеп жатыптыр дегин. Кош эмесе, – деп Кулубек балага бир аскер значок берип кетти. Анысы балага орден болуп көрүндү, көңүлү көтөрүлдү.

Машине илбирсче күркүрөп, тапатаңдан атырылып жөнөдү, алдыңкылар алыстап кеткен, артынан кубалады. Ылым тартып илбериңки сүйлөшкөн бугулук байкеси, алиги аскер купайкечен жигит менен кошо кете бербегенине баланын ичи ачышып калды. Ээн боло түшкөн жолдо улутунуп саал турду да, үйгө жөнөдү. Үйдөгүлөргө эдиреңдеп келди, таятасына бугулук шофер менен жолугушканын айтып берди. Анан значокту төшүнө тагынып алды.

Кечкурун капилеттен күн бузулду. Теңир-Тоодон келген шамал Сан-Таштан күч алып бороон болуп, замат-

та алай-дүлөй түштү. Куюн алгандай калың жалбырак токой үстүнөн көтөрүлүп, ары удургуп, бери удургуп, тоо этектей кетти. Жерде чаң бырыксытып, көктө булут тытмалаган бороон көз ачырбай, тоо арасы гүүлдөп, мемиреген дүйнө албууттанып, анан кар уюлгуткан ак бороон болуп кетти. Кар да капилеттен келди, теребелди көк чаарлантып, суу чайпалып, токой теңселип жатты.

Тирүү жандын баары далбастап калды. Кордондогулар жандыктарын кубалап бастырмага камап, эшик алдында элкин жаткан буюм-кечелерин жыйнаштырып, жарылган отун, кургаган көңдөн далистерине арбыныраак киргизип алууга шашты. Анан эшиктерин бек жаап, гүүлдөгөн морду тыңшап, тырсылдаган терезени алая тиктеп, кеч кире электе үйдөн чыкпай отуруп калышты.

– Бул эмнеси, кудай? – деп күңкүлдөй берди Момун мешке от жагып отуруп. Бороондун бирде ышкырып, бирде улуганы анын карт жүрөгүн опколжутту. Улам терезеге келип, сыртты карайт. Эчтеме көрүнбөйт, түбү жок чаар дүйнө, кыйгач чапкан кар учкундары. Күн батып бараткан окшойт, ире-ширеде боз чаар дүйнө кара чаар болуп сестентти.

– Элеңдебей отурсаңчы ордуңа, – деди кемпир чаңк этип. – Борошо көргөн жок белең? «Бул эмнеси?» деп. Бул кыш түштү дегени.

– Ушинтип эле тапатаңдан түшүп калабы?

– Антпегенде эмне кылмак? Сенден сурамакпы? Маалы келдиби, кыш түштү. Учуру келсе адам деле өлөт турбайбы.

Сырттан бороон, ичтен от күйүп, мор гүүлдөп турду. Таятасына кол кабыш этем деп жүрүп үшүп калган бала оболу калчылдап, коркуп отурду. Бара-бара от дуулдап күйүп, жылуусу үйгө тарап, ага кошо карагай отундун дабыркай жыты кошо тарап, үй үйдөй боло баштаганда баланын жүрөгү ордуна келди.

Анан тамак ичишти. Анан уйкуга баш коюшту. Сыртта кар борошолоп, шамал улуй берди.

«Азыр токой ичи абдан коркунучтуу го?» – деп ойлоду бала сырттагы тынымсыз доошко кулак төшөп жатып. Анан бир оокумда даана угулбаган үзүл-кесил үндөр чыга баштады сырттан. Бирөө кыйкыргандай болду, бирөө издеп чакыргандай болду. Бороондун кыянаты го деди бала обол мурун. Болбосо ушу маалда кордонго ким келсин. Бирок таятасы менен таянеси да караңгыны элейе тыңшап жатышкан белем.

– Киши жүрөт,– деди таенеси.

– Ошондой го, – деди таятасы ишене бербей.

Ошентти да, таятасы кайра карбаластап тура баштады. «Түн катып жүргөн бу кандай кишилер болуп кетти? Бороонго буюккан немеби?» – деп өзүнчө сүйлөнө чырак жандырып, кийимин издеди. Кемпир да күйпөлөктөдү. Алардын шарданы менен бала кошо коркуп, кошо кийинди. Ошол учурда сырттан бир топ киши үй жанына келгендей дабырт чыкты. Кар кырчылдата басып, эшик алдына келип, буттарын каккылап, каалганы такылдатышты.

– Аксакал, ачыңыз. Үшүп кеттик.

– Силер кимсиңер?

– Өз кишилербиз.

Момун эшик ачты. Буркураган көк буу уюлгутуп, сырттан бир топ киши кирди. Үстү-баштары бүт кар, кирпиктерине чейин муз тоңгон, эки көздөрү гана жылтырайт. Бала аларды дароо тааныды, күндүз көргөн шоферлор. Значок берип кеткен аскер купайкечен Кулубек байкесин да тааный койду. Бутун сүйрөп, онтологон бирөөнү жөлөп-таяп киргизишти. Үйдүн ичи заматта опуртопур боло түштү.

– Астапыралла. Деги аман-эсенсиңерби? – деп алактады кемпир-чал бир ооздон.

– Ой, силерди араң таптык. Дагы жети жолдошубуз жолдо калды, адашып кетпесе экен,– деп Кулубек сүйөгөн жолдошун мештин оозундагы текчеге отургузду. – Жай алып отурчу кичине. Жолдо келатып бутун кокустатып албадыбы.

– Кайда калды берки жолдошторуңар? – деп Момун шашты. – Мен барып жол көрсөтүп келейин. – Анан балага айтты: – Сен Сейдакматка чурка, жанагы иликтр панарын алып, тез чыксын дегин.

Бала үйдөн атып чыгып, борошо кар оозуна кептелгенде аптыгып калды. Кара-буурул сүрдүү түндөгү ушул учур өмүр бою баланын жадына батып кала берди. Кандайдыр кара чачтуу, кара жалдуу желмогуз араандай ачылган оозунан кар аралаш ызгаарды ышкыра бүркүп, баланы кекиртектен алды да, ары булкту, бери булкту. Бала кичине апкаарый түшсө да, коркподу, бекем турду. Анан желмогуздун чеңгелинен жулкунуп чыкты да, тумак кийген башын эки колдоп мыкчып алып, Сейдакматтын үйүнө чуркады. Барар жолу жыйырма-отуз кадам жер эле, бирок бала бороон жиреп, ат арытып мол жүрдү, жоо колунда калган чоролорун куткарууга шашып чапкан баатырча жигерденип катуу жүрдү. Бүткөн бойго күч толуп, ар-намыска белсенди. Кабагынан кар жааган, сүрүнөн душман сүрдөгөн көй баатыр болуп баратты. Сейдакматтын үйүнө жеткиче жолду катар нечен тоскоолду томкоруп, бет келген жоону качырды. Ал ансайын даңазасы асмандады. Тулпары бу тоодон тиги тоого каргып, зулпукору шилтеген сайын кырк кулач узарып, касташканын камыштай кыйып, отто калгандарды, сууга кеткендерди куткарды. Анан канатына кызыл желек тагылган реактив самолетун октой учуруп, алиги кара чачтуу, кара жалдуу желмогуздун артынан сая кууду. Пулемёттон ок жаадырып, желмогуз кургуйга түшсө кургуйлата кууду, көккө чыкса көкөлөтө кууду. Жөн куубастан: «Сок фашистти!» – деп айкырык салып кууду.

Самолетун коштой Мүйүздүү Бугу-Эне чаап баратты. Бугу-Эне уулунун эрдигине ыраазы болду, сыймыктанды. Бала Сейдакматтын эшигине жеткенде Мүйүздүү Бугу-Эне: «Эми менин шопур балдарымды куткарып ал» – деди. «Куткарам, Мүйүздүү Бугу-Эне, ак сүтүң урсун деп ант берем!» – деди бала жарыя сүйлөп, анан Сейдакматтын эшигин каккылап жиберди.

– Сейдакмат аке, батыраак чыгыңыз, биздин элди куткаралы.

Баланын бул сөзүн укканда Сейдакмат менен Гүлжамал эсеңгирей коркуп, кетенчиктей беришти.

– Кимди куткарасың? Эмне болуп кетти?

– Атам чакырып атат, электр фонары менен чыксын деди, совхоздун шоферлору адашып кетиптир.

– Ай, акмак! – деп Сейдакмат жеңилдене дем алды. – Ошентип айтпайсыңбы. Мен да эмне балээ болуп кетти деп... Азыр...

Сейдакматтын сөзүнө бала териккен жок. Буерге жеткенче канча жоо чаап, кимге кандай ант бергенин Сейдакмат кайдан билсин. Ага таарынганда эмне. Аздан соң Момун менен Сейдакмат адашкан шофёрлорду кордондун жанынан эле жолуктуруп, үйгө баштап келгенин билгенде да бала анча коомайлана койбоду. Ажеп болуп жолуккандарын айт, кокус табышпай калса эмне болмок? Өтүп кеткен соң ар кандай коркунуч оңой көрүнүп калат... Иши кылып адашкандардын баары келип, Сейдакмат үйүнө киргизди. Айла кеткенде ойготушту эле, Орозкул да бешөөнү түнөккө алды. Калгандары бүт Момундун үйүнө тыгылышты.

Тоодо бороон басылбай жүрүп турду. Бала эшиктен башбагып чыга калса, түн алай-дүлөй, оң-солу, алды-үстү билинбей, дүйнө жумалакташып калгандай. Кар уюлгуп, борошо уйгу-туйгу уруп, ыктоо жерлерге күрткү толуп чыкты.

Шофёрлор чогуу табылып, үй-үйгө жайгашып, ысык чай ичип, жылынышкандан кийин Момун чал ал-жай сураштырды. Жигиттер бүгүн туш болгон окуяны айтып жатты, кемпир-чал жакасын кармап, тобо келтирип отурду.

– Кудай бир сактаптыр... Анан калса ушундай да жеңил кийинесиңерби? – деп жемелемиш болду кемпир чай куюп отуруп. – Тоого жөнөгөндө жылуу кийинип жүрбөйсүңөрбү. Али эле бала бойдон экенсиңер го. Тоо эли сулуусунан жылуусу дейт, силер болсо шаардыктардай болуп жалаң бешмантчан экенсиңер. Көйрөңдүгүңөр жолдо калсын. Кокус жолдон адашып кетсеңер эмне болмок, кудай бетин ары кылсын, ар-ар жерге томпоюп калбайт белеңер.

– Мындай болорун ким билиптир,– деди Кулубек. – Жылуу кийимдин керети эмне дедик да. Машиненин ичи жылуу, керек болсо меши иштейт. Самолётко түшкөндөчү, мобу тоолор адыр болуп көрүнүп, сыртында кырк градус аяз болуп турат, бирок ичиндегилер көйнөкчөн эле жүрө беришет...

Бала шоферлордун арасына кыпчылып, көлдөлөңгө жатты. Эки көзү Кулубектин оозунда, эки кулагы сөзүндө. Чоңдордун сүйлөшкөнү ага кызык. Үй топурап элге толуп турганы да кызык. Бу кишилерди үйгө айдап келген бороонго ичинен ыраазы болуп жатканын башкалар туюнбады. Ушу бороон көпкө чейин, жадегенде үч күнгө басылбаса деп жатты бала оюнда. Бу жигиттер кетпесе, өзү аралашып бир жүрсө, кандай сонун болор эле. Көпчүлүктүн арасы кызык экен да, кайдагы бир укпаган сөздөрдү, билбеген иштерди сүйлөшөт. Анын үстүнө булар чоочун деле эмес экен, таятасы баарын билет тура. Бул отургандардын өздөрүн билбесе да, аталарын билет экен.

– Мына, көрдүңбү, бугулук агаларыңды, таанып ал,– деп таятасы да сыймыктангандай айтты балага: – Кара-

чы, баары бир кылка, эр жеткен азаматтар. Азыркы жигиттер бойлуу өстү, кудай өмүрлөрүнө береке берсин. Эсимде, кырк биринчи жылдын кышында бизди Магнитогордун курулушуна алпарды...

Анан Момун чал согуш маалында жумуш аскерине кантип барып келгенин узун сабак сөз кылып айтат. Бу жомокту бала далай уккан. Чоң өлкөнүн төрт бурчунан эл чогулду дейт. Баарын боюна жараша катар тизсе, кыргыздар бакене бойлуулугунан артта калыптыр. Санак жүргүзүп баарын каттап, анан дем алыш берет. Ошондо алибеттүү куйкул сары чоң киши басып келет.

– Силер кайдан? Манжуусуңарбы? – дейт доошу күркүрөп.

Кыргыздардын арасында эски мугалим бар экен, ошол жооп кайтарат:

– Биз кыргызбыз. Илгери ушу тегеректеги манжуулар менен чабышып жүргөн убакта бу Магнитогордун дайыны жок болчу. Андагы кыргыздар сага окшоп алп көкүрөк боло турганбыз. Эми бу согушту бүтсөк, анан өсүп аларбыз...

Таятасы азыр ушул окуяны айтып берди да, сөзүнө маашырлана күлүп, отургандарды айландыра карады.

– Ошол карт мугалим туура айтыптыр. Кээде шаарга барып-келатып эки жагымды карасам, азыркы жаштар башкача өсүптүр, келбеттүү, шыңга бой... Деги биздин катарыбыздан төөлүк өөдө.

Чалдын сөзүнө күлүп, жигиттер баш ийкеп отурду.

– Боюбуз теректей экени болсо болор,– деди жигиттердин бири. – Бирок жол жээгиндеги арыкка оодарып алган машинебизди жабылып жатып тургуза албай койдук...

– Анын жөнү башка да. Бир мая чөптү бир жүктөп алсаңар, анан дагы тигинтип ак бороон буюктуруп турса,– деди Момун жигиттерди актап. – Кырсыкка айла

жок. Куда кааласа, эртең тургузуп аласыңар. А көрө бороон басылса дегиле.

Сөз кызытып, жигиттер бүгүн баштан кечирген окуясын айтып отурду. Арчанын алкымындагы чоң чабыкка барышат. Аерде үч мая чөп бар. Үч маяны туш-туштан талап, жабыла жүктөп киришет. Там үйдөн бийик кылып, чөптү аябай басышат, бийиктиги ошончо, үстүндөгүсү аркан кармап араң түшөт. Ошентип машинеден машинеге жүк басат. Машине чөп астынан көрүнбөй калат, бет алдындагы айнеги гана жылтырап, тумшугу чыгып, төрт дөңгөлөгү гана калат. Кайра кайрылып жүрбөскө бир келген соң биротоло басып кетмекчи болушат. Бу жолкудан калган чөпкө кайра каттамай жок, келерки жылга калганы ошол. Катуу иштешет. Улам жүгү толгон машинени жолго айдап чыгарып коюп, башкасына жүктөшөт. Акыры эки-үч арабалык гана чөп калат, калганын бүт машинелерге басышат. Анан кичине дем алып, чылым тартып, кимден кийин ким жүрөрүн акылдашып алып, жолго чыгышат. Абай менен акырын жүрүп отурушат. Айрыкча тоодон түшкөн кыяда жыбылжып сактанышат. Чөп деген оор деле жүк эмес, бирок оңтою жок, тар кысыкта, же чукул бурулушта опурталдуу жүк.

Ошентип алдыда күткөн алааматтан шек санабай келе беришет.

Арчанын төрүнөн эптеп түшүп, капчыгай менен чубалжып келатып, дал капчыгайдан чыга берерде, күн кечтеп калган маалда алай-дүлөй бурганакка капталышат.

– Кудай бетин көрсөтпө, коркконубуздан дал ортобуз суу болуп кетти,– деп отурду Кулубек. – Каран түн түшүп калды. Ышкырган бороон жылчык таап, коюнколтукка кирип кетти. Капталдан урса, мына азыр көңтөрүп кетчүдөй. Анан калса жол жаман, күндүз өткөндө жаныбызды оозго тиштеп өтөбүз, мобуреки бороондо куруган жан согончокко түшүп кетти...

Бала дем албай, Кулубектин жалтылдаган көзүнөн көзүн айрыбайт. Ошол сөз болуп жаткан ак бороон сыртта дагы эле гүүлдөп жатты. Шоферлордун бир даары отурган-отурган жерине бүкүлү бойдон көмөлөндү. Алардын бүгүн тарткан азап-тозогун береги делдең кулак, чоң баш бала кыялында, кайра баштан көрүп, азабын кайра баштан тартты.

Бороон жиреп, бир аз жүргөн соң жол көрүнбөй калды. Машинелер жетекте бараткан сокурдан бетер биринин көчүгүн бири сүзүп, адашып жолдон чыгып кетпеске тынбай үн салышып баратты. Бороондоп чаба жааган калың кар маңдайкы айнектерди биротоло каптап, тоңо берди, шилегичтин алы келбей калды. Кабинадан баш чыгарып айдабаса, айнек бүтөлдү. Бирок бетке урган бороон буюктуруп көз ачырбады. Жолдун нугун күрткү басып, дөңгөлөктөр бир ордунда чимирилди. Чубалган узун кербен ашуу белди шыкап токтоду. Моторлор ызылдап ыйласа да машине ордунан жылбай күрткүгө батты... Шофёрлор кабиналарынан ыргып түшүп, үн салыша бирин бири чакырып, алдыңкы машиненин жанына чогулушту. Эмне кылыш керек? От жага албайсың. Кабинада отура бергенде ансыз да совхозго араң жетер май күйүп бүтөт. Моторду иштетип отурбасаң кабина менен кошо бат эле тоңуп каласың... Жигиттердин айласы түгөндү. Эмне кылыш керек? Бирөө айтты, бир машиненин чөбүн түшүрөлү да, чөптүн ичине сойлоп кирип, жатып алалы деп. Бирок таңган арканды чечериң менен чөптүн бир талын калтырбай бороон учуруп кетери көрүнүп турган иш. Алар ушинтип турганча кар уруп, машинени күрткү ала берди. Жигиттердин айласы түгөнүп, бороонго кайыгып да кетишти.

– Ошентип турганда бугунун мобу делдең кулак тукуму эсиме кылт этсе болорбу, аксакал, – деди Кулубек баланы башынан сылап. – Эртеменен өтүп бараткандa жолдон жолуккан. Машине менен тең жарышып, жол

боюнда ойноп жүрүптүр. Мен токтоп, учурашып өткөмүн. Экөөбүз таанышканбыз, сүйлөшкөнбүз. Чын беле? Ыя? Ой, сен эмне алиге чейин уктабай отурасың?

Бала жадырай жылмайып, баш ийкеди. Азыр баланын кичинекей жүрөгү түрсүл кагып, кубаныч менен сыймыкка толуп турганын эч бири байкабады. Аны Кулубек өзү мактап жатса сыймыктанбагандачы. Ушул отурган жигиттердин ичиндеги эң күчтүүсү, эң кыйыны, эң келишимдүүсү Кулубек байкеси. Өзү ушундай болсо ээ.

Аңгыча от ичкертип отурган таятасы да мактап калды:

– Балам зээндүү, сөзгө ынак. Улуулардын улама кебин жантыгынан жатып угат. Көрдүңөрбү, кулагы ошон үчүн делдейип калган.

– Кайдан эстей койгонуму өзүм да билбейм, – деп сөзүн улантып отурду Кулубек. – Ошондо балдарга айттым, жок, улуган бороон угузбайт, кадимкидей эле кыйкырдым: «Жүргүлө, кордонго эптеп жетели. Болбосо буерде буюгуп калабыз» – дедим. – Кантип? – деп кыйкырышат балдар. – Кантип жетебиз аерге? Жөө жетпейбиз. Машинелерди да таштап кете албайбыз». – «Ой, анда бир машинени жабыла түртүп жонго чыгарып алалы,– дедим мен,– андан ылдый коктунун ичине чейин эңкейиштеп жүрүп отурат. Аерден кордонго жөө эле жетип барабыз. Балдар макул болду. «Анда эмесе башта», – дешти. Карап турар чак эмес. Алдыда турган машинени түртмөй болдук, «Осмоналы, от алдыр машинеңи». Баарыбыз ийинге сала итерип калдык. Машине жылып берди. Оболу жонго оңой эле чыкчудай көрүндү. Бирок аздан соң демигип чарчай баштадык. Артка кайтыш жок. Жол улам өр талашкан сайын биз машине эмей эле опол тоону сүрө түртүп бараткансыдык. Анан калса чөптү да заңгырата баскан экенбиз. «Чамдагыла! Чамдагыла!» деп тамагым айрылгыча кыйкырып атам, бирок шамал ооз-

дон жула качып, өз үнүм өзүмө угулбайт. Бороон ышкырат, улуп-уңшуйт. Машиненин мотору жаны бардай ызылдап ыйлайт, жер тиштеп эптеп тырмышып барат. Артынан биз жөлөп-таяп, жүрөктөрүбүз азыр чарт жарылып, бырын-чырын болчудай кагат. Кан тээп баш айланып, көз тумандайт...

– Пай-пай-пай! – деп Момун чал кошо кыйналып, башын чайкап отурат. – Аябай жабыр чеккен турбайсыңарбы. Балдарым деп, Мүйүздүү Бугу-Эне колдогон экен, болбосо ким билет... Кулак салгылачы. Бороондун басылар түрү жок...

Баланын көзү сүзүлүп баратты. Уктабайын деп тырышса деле болбой, кирпиги ылдый тартылып кетет. Уйку-соонун ортосунда таятасы менен Кулубектин сөзүн чолуп угуп, уйкулуу кыялы укканын алып учуп кетти. Ал өзүн жанагы бороондо буюгуп жүргөн балдардын арасынан көрдү. Алдындагы жол тик өрдөп, түз эле кардуу чокуга артылып жатат. Ак бороон бетти чымчылайт, көз ачырбай сайгылайт, ачыштырат. Жапырт баары үйдөй болуп чөп басылган машинени түртүп барат. Кыбырап араң жылышат. Машине жылбай, кайра артка жылбышат. Ызгаар бороон бетти жалап, түн капкараңгы, коркунучтуу. Машине артка тайып кетип, басып калабы деп бала коркот. Аңгыча кайдан-жайдан Мүйүздүү Бугу-Эне жетип келди. Кудурети күчтүү мүйүзү менен машинени челип, жигиттерге жардамдаша кошо түрттү. «Чамдагыла! Чамдагыла!» – деп кыйкырып атты бала. Машинени ой-боюна койбой сүрдүктүрө итерип жүрүп отурушту. Ашуунун белине чыккан соң андан ылдый машине өзү кетти. Бала баштаган жигиттер экинчи машинени, анан үчүнчүсүн, анан кийинкилерин ушинтип итерип, ашуудан ашырып жатышты. Баарына Мүйүздүү Бугу-Эне жардам берип жүрдү. Аны беркилердин бири көргөн жок, жанында кошо түртүшүп бараткансын эч кимиси байкаган жок. Бир гана бала билип-көрүп жүрдү.

Улам бир машинени түртүп баратып, жигиттер алдан тайганда, машине артына кетип, баарын тепсээр болгондо Мүйүздүү Бугу-Эне пайда боло калып, машинени сүзө түртүп, чыгарышып коюп жатты. «Чамдагыла! Чамдагыла!» – деп кыйкырып, бала баарын башкарып жүрдү. Кулубек байкеси дайым жанында болду. Анан: «Машинени айда», – деди. Бала кабинага отурду. Машине титирейт да, күркүрөйт. Кармаган рулу болсо кичинекейинде дөңгөлөк кылып ойноогон бочкенин алкагына окшоп, өзүнөн өзү бош айланат. Кармаган рулу ушундай оюнчук экенине бала уялат. Бир маалда машине кыйшайып, бир капталына оой баштады. Анан күркүрөп-шаркырап кулап, талкаланып калды. Бала арданганынан өңгүрөп ыйлап коё берди. Уялып Кулубек байкесинин жүзүнө тик багып карай албады.

– Ай, ай, эмне? Ай, биз жанындабыз, – деп Кулубек баланы ойготту.

Бала көзүн ачты. Азыр көргөнү түш экенине кубанып кетти. Кулубек эки колдоп жерден алды да, бооруна бекем кысты.

– Түш көрдүңбү? Коркуп кеттиңби? Чоң жигит ошентет бекен, сен деген баатырсың да,– деп бешенесинен өптү. Байкесинин эрди керсип, чымыр экенин сезди бала. – Кана эмесе, экөөбүз бир жаталы. Макулсуңбу? Түн бир убак болуп калды, уктайлы.

Кулубек жигиттердин катарынан орун алып, аскер купайкесин жамынып бала экөө кучакташып жатып алды.

Эртеменен таятасы ойготту.

– Тур,– деди ал акырын. – Жылуу кийин, мага жардам бересиң. Тур, тура кой.

Сыртта күн ырайы сурданып, терезе күңүрт шоолаланат. Үйдөгүлөр али уктап жатыптыр.

– Ме, муну кий, – деп таятасы кийиз чокоюн берди.

Таятасы кермек жыттуу чөп жыттанат. Демек, аттарга чөп салып келген экен го. Бала чокойду кийди да,

таятасын ээрчип, сыртка чыкты. Бороон басылыптыр, тамдын ыктоо түптөрүнө күрткүнү ныктап үйүп салыптыр. Түнкү бороондон калган жел эпкини өтсө күрткү үстүнөн удургуп тозоң учуп жатат.

– Ичикий! – деди бала ичиркенип.

– Эчтеме эмес. Күн ачылат окшойт,– деди таятасы. – Карачы, кудайдын күнүн, адегенде эле мынча үйүп салыптыр. Мейли, кышы катаал болсо да, жазгы жуттан сактасын, жакшылыгын буюрсун...

Жандыктар камалган бастырмага киришти. Таятасы кайсалап кадага[1] илген фонарын таап, жандырды. Бурчта жаткан койлор көздөрүн жылтырата моюн буруп, бирэкөө бышкырып калды.

– Ме, мага жарык кылып тур, – деп таятасы фонарды берди. – Кара токтуну чалалы. Үй толтура мейман. Алар тургуча тамак даяр болуп калсын.

Бала фонарь жарык кылып турду. Дале шыптагы жылчыктардан жел эпкини ышкырат, таң сурданып, сырт суук. Момун чал кургак чөп апкелип, бастырманын оозуна төшөдү. Анан кара токтуну жыгар алдында жүйүр отура калды.

– Панарыңы коюп, отур,– деди балага. Өзү алакан жайып, бата кыла баштады:

– Арбагы бийик, касиети улук умай энебиз, Мүйүздүү Бугу-Эне, аксарбашыл кара токтуну сага деп айтып койдум, арнап чалдым. Тукумуңу калпыс жерден, катаал бороондон сактапсың. Ата-бабабызга эмизген ак сүтүң сактады, энелик мээримиң, кечиримдүү жүрөгүң сактады. Тукумуңду жерибе, ач бел, куу жонго таштаба, агыны катуу суудан сакта, ниети бузук жоодон сакта, жаман көздөн сакта, кесир сөздөн сакта. Укум-тукум урпактарыңды Теңирден сурап берген Мекен-Жериңди түбөлүк калкалай жүр. Оомийин, – деп таятасы бата

[1] к а д а – тирөөч устун.

кылды. Бала да бата кылды. Анан таятасы токтуну жыкты да, бутун бууп, кынынан бычагын суурup чыкты. Бала фонарь кармап, жарык кылып турду.

Күн ырайы бир топто барып оңолду. Тытмаланып куулуп бараткан булуттардын арасында качып баратып кылчак карагансып, күн эки-үч жолу көрүнүп алды. Түндөгү бороондон теребелдин кейпи өзгөргөн: өңгүл-дөңгүл жондордун чөбүн муз тиштеп, жерге жабыштырган, кар жукпай кыраң, чуңкур жердин баарына күрткү толуп, тегиз болгон; жаш дарактардын башы жерге тие ийилип, карт дарактардын чоң бутактары сынып жатат. Өйүздөгү токой кордук көргөндөй башын жерге салып тунжурап турат. Кечээги шаркыраган суу да азайгандай, басынгандай болуп, жээги күбүрлөнө бийик тартыптыр. Күн бир көрүнүп, бир бүркөлүп, ачылбады. Бирок баланын көңүлү ачык болду. Түндөгү бороондун запкысы, коркунучтуу түшү унутулуп, кар баскан теребелдин көрүнүшү көңүлүн көтөрдү. Ары-бери чуркаса кар кычырап, даңкан учат. Үй толтура меймандар, уйкулары канып, эми шатыра-шатман сүйлөшүп, тамак жеп отурушат. Бала ушуга кубанып жүрдү.

Акырындап булут тарап, күн ачылып келатты. Аба жылуу тарткансыды. Эрте жааган кар жердин жылуу демине чыдай албай, кара жолдун бетиндеги кар чөгө баштады.

Бирок шофёрлор жолго камынып, сыртка чыкканда баланын шаштысы кетти. Шофёрлор алкышын айтып, коштошуп жатты, Момун чал менен Сейдакмат аттанып, аларды узатып бармакчы болду. Таятасы бир таңгак кургак отун байланды, Сейдакмат чоң бочке өңөрдү. От жагып, суу ысытпаса, тоңуп калган моторлор иштемекпи.

Баары жөнөй беришти.

– Ата, мени да ала барчы,– деп бала таятасын үзөңгүдөн алды.

– Кантип алпарам, карачы, аттын мойнуна мингиземби. Эмне бар, жөө жүрсөң чарчайсың.

Бала таарынды, көзүнө жаш тегеренип, жетимсирей түштү. Ошондо Кулубек колдон алды.

– Жүр биз менен,– деди ал. – Кайра келатканда таятаңа учкашып аларсың. Азыр эптеп жетербиз.

Жолго чыгышты. Тиги Арчанын колотунан бери белди ашып түшчү жолго бет алышты. Кар дагы эле калың экен. Арыштуу чоң жигиттер менен катар басыш кыйын болду. Бала чарчай баштады.

– Кел, көтөрүп алайын, – деп Кулубек баланы бир колдон алып, жонуна серпип салды да, көтөрүп жөнөдү.

– Бала көтөргөнгө эпчил экенсиң, Кулубек,– деди жанаша бараткан шофёр.

– Мен ини-карындаштарымдын баарын көтөрүп чоңойтком,– деп корстон болуп койду Кулубек. – Биз алтообуз, улуусу мен. Ата-эне иште, балдар менин колумда калат. Эми ал карындаштарым балалуу болуп калышты.

Ушинетип ардемени сүйлөшүп жүрүп отурушту. Кулубектин жонуна минип, бала жыргап баратты.

«Менин ушундай байкем болсо,– деп кыялданды бала. – Анда эч кимден коркпойт элем. Орозкул таятама катуу сүйлөп көрсүнчү, Кулубек байкем акырая бир караса, кирерге ийин таппай калар».

Түндө таштап келген машинелер жолдун айрылышынан ары эки чакырымдай жерде туруптур. Кар уруп салганга алар машине эмей эле, талаага кыркаар жыйган чөп маялардай көрүнөт. Эми буларды эч кандай күч ордунан козгой алчудай эмес.

Барып, от жагышты. Суу ысытышты. Анан моторун от алдырышты эле, чүчкүрүп-бышкырып барып, күркүрөп иштеп кетти. Мотору от алган соң машинеге жан кирди деген ошол. Улам кийинки машинени сүйрөтүп от алдырып жатышты. Улам от алганы кийинкини сүйрөп жатты. Ошентип машинелердин баары жүргөн соң түндө

оонатып алган машинени эки машинелеп тартып тургузушту. Бир тараптан кыйкырык-сүрөөн менен жабыла колдоп жиберишти. Бир четтен бала да колдошту. «Эй, бутка чалынбай бас ары!» – деп кимиси качан кубалаарын күтүп, бала обол жүрөксүндү. Бирок эч ким аны какпады, эч ким аны куубады. Кулубек өзү уруксат берген, ошондондур. Кулубек байкесин бу жигиттердин баары сыйлайт экен.

Шофёрлор дагы бир жолу коштошту. Анан машинелер козголду. Обол каркыралардай каалгып жай баштап, бара-бара күүлөнүп катуу кетти. Ак кар баскан тоолордун шаңында кербен созгон машинелер убай-чубай баратты. Аларды Мүйүздүү Бугу-Эненин балдарынын балдары айдап баратты. Бирок баланын кыял күчү менен кербен алдында жол баштап, Мүйүздүү Бугу-Эне аркырап арыш таштап баратканын алар туйбады. Мүйүздүү Бугу-Эне болсо андан-мында бир таштап, алты айры мүйүзүн чалкалата каңтарып, жайык омуроосу менен аба жарып баратты. Катаал жолдо ал балдарын ар балаа каргашадан колдоп баратты, кокус жүрүп кетер жер көчкүдөн, кар көчкүдөн, капилет баса калар бороон менен тумандан коргоп баратты. Кыргыздар нечен кылым тагдырында не деген алааматтан жапа чекпеди, не деген кыйын кезең доорлорду баштан кечирбеди. Мүйүздүү Бугу-Эне агып-агып жоголгондон калган тукумун эми андайды көрбөсүн деп, калкалап баратты. Таңга маал Момун чал аксарбашыл кара токтуну Мүйүздүү Бугу-Эненин жолуна деп арнап чалганы тегин беле.

Кербен кетти алыстап көз учуна. Алар менен бала да кошо кетти кыялында. Ал Кулубек байкесинин жанында. «Кулубек байке,– дейт бала. – Алдыбызда Мүйүздүү Бугу-Эне жол баштап баратат». – «Койчу?» – «Чын. Ак сөзүм. Тигине».

– Эмне ойлонуп телмирип калдың? Тура бересиңби? – деген таятасынын сөзү баланы эсине келтирди. – Кел,

мин, үйгө кетели. – Таятасы баланы жерден эңип, өңөрүп алды. – Үшүп калгансың го? – Таятасы тонунун өңүрүнө кымтылай ороп алды.

Анда бала мектепке бара элек кези эле.

Азыр болсо, кыйналып жаткан уйкусунан улам ойгонуп: «Эртең мектепке барбай каламбы? Катуу ооруп жатам го, бу эмнеси?» – деп ойлонуп, тынчы кете берди. Анан кайра эси ооп кетет. «Ата. Ат. Така. Ата, атка така как», – деп, эжейи доскага жазган сөздөрдү дептерине көчүрүп жазып жатат. Тынбай көчүрүп, бүт дептерин толтурат: «Ата. Ат. Така. Ата, атка така как». Аягында чарчап кетет, жазганы чаар-ала болуп көзү түнарат. Күйүп-жанып ысып чыгат, чыдабай жуурканды тээп салат. Бирок ачык жатса калчылдап үшүп кетет да, уйку-соонун ортосунда көзүнө ардемелер көрүнөт. Бирде балык болуп кубулуп, чеке какшаткан муздак сууда сүзүп барат, ак кемени багыттап сүзүп барат, бирок такыр жетпейт. Бирде дем алдырбай буюктурган ак бороонду жиреп барат. Чаар-ала борошодо тик бетке чыга албай чөп баскан машине бир ордунда ызылдайт. Дөңгөлөктөрү бир орунда чимирилип, убай-чубай катар турган машинелер биринин далысына бири жүзүн катып ыйлаган адамдардай. Дөңгөлөктөр чимириле берип, кыпкызыл болуп кызып чыгат, ошол кызыган боюнча кызыл от болуп чимирилет. Дөңгөлөктү айланта күйгөн кызыл жалын алкактанып кошо чимирилет. Алты айры мүйүзү менен арттан челип, Мүйүздүү Бугу-Эне машинени ашуунун белине түртүп барат. Алынча бала кошо түртүшүп барат. Көлшал тердеп алган. Ал аңгыча чөп баскан машине бешик боло калат. Ана Мүйүздүү Бугу-Эне: «Жүр, эртерээк Бекей таежең менен Орозкул абаңа жетели», – дейт балага. Экөө чуркап жөнөйт. Бала Бугу-энеге жетпей артта калат. Бирок алдыдагы караңгы жолдон бешикке таккан жылаажындын шыңгыры угулуп барат. Жылаажындын шыңгырын ээрчип бала чуркап барат.

Далистен дабырт угулуп, эшик чыйк ачылганда бала ойгонуп кетти. Таятасы менен таенеси көңүлү тынчыгандай киришти. Жаңы келген чоочун кишилерден айбыгып, Орозкул менен Бекей таежеси жаңжалын басканбы, же мас Орозкул акыры чарчап, уктап калганбы, айтор сырт да тынч, ызы-чуу угулбайт.

Түн жарымы ченде ай тоолордун үстүнө келди салаңдап, жарыгы муздак мунарыктап, мөңгүлүү чокунун кылда учунда турду. Ай нуруна мөңгү муздар түнт жылтырап, аска-зоолор сүр күткөндөй ала көлөкө. Азыр ай тарс жарылып, быркырап кулап түшчүдөй тегеректеги тоо чокулары тунжурап моюн созот, береги токой да кара көлөкө жамынып, күдүрөйөт. Коктунун таманындагы суу гана жаагын баспай шаркырайт.

Айдын жарыгы терезеден кыйгач түшүп, баланы уктатпады. Ал көзүн жумуп-ачып чабалактай берди. Терезенин пардасын тартып койчу деп таенесине айткысы келди. Бирок кемпир таятасына ачууланып жатканын билип, айтпады.

– Макоосуң,– деп сүйлөнүп жаткан ал уктаар алдында. – Киши менен мамилелеш боло албагандан кийин куйругунду кыпчып, шүк жүрсөңчү. Менин айтканыма эле көнсөң мындай иш болбойт эле го. Орозкулдун колун карап күн көрүп жүргөнүңдү билбейсиңби? Аз болсо да ай сайын үзбөй маянаңды Орозкул берип атпайбы. Маянадан айрылган күнү сен кимсиң, ошону ойлодуңбу? Ушу жашка келип, таруудай акыл байлабадың го... Кайсының айтайын...

Абышка тунжурап жооп кайтарбады. Жадагандай кемпир да унчукпай калды. Анан бир маалда:

– Бу күндө маянадан айрылган киши сандан чыгып калат. Ал киши болбой калат, – деп жаны кашайгандай караңгы тамда бир чаңырып алды.

Абышка бу жолу да унчукпады.

Баладан уйку качты. Башы тең жарылып ою чаташат. Мектебин ойлосо, тынчы кетет. Ушу күнгө чейин бир сабактан да кала элек болчу, эгер эртең барбай калса кандай күндө болорун элестете албайт. Анан таятасынын ахыбалын ойлойт. Эгер Орозкул иштен кууп жиберсе кемпири кактабай канын сорот го дейт. Анда таятасы экөөнүн көргөн күнү эмне болот?

Эмне үчүн адамдар итче ыркырашып жашайт? Эмне үчүн бирөө жаман, бирөө жакшы? Эмне үчүн бирөө бактылуу, бирөө шордуу? Эмне үчүн бирөөдөн эч ким коркпойт, бирөөдөн баары коркот? Эмне үчүн бирөөнүн баласы бар, бирөөнүкү жок? Эмне үчүн бирөө бирөөнүн маянасын бербей коё алат. Кыязы, маянаны эң көп алган адамдар эң мыктылар го? Таятасы эң аз алат, ошол үчүн баары аны кордой беришет го? Таятасы маянаны баарынан көп алгыдай кылып кубултуп иер сыйкыр болсо ээ. Анда Орозкул да таятасын урматтай баштаар беле.

Бул ойлорунан баланын башы ого бетер ооруду. Кечке жуук кечиттен көргөн маралдарды кайра эстеди. Алар түндө кантишер экен? Түнөргөн караңгы токой ичинде, аска-таштын ызгаардуу коюнунда алар кароосуз да. Коркушат го байкуштар. Кокус карышкыр тийсе эмне болот? Анда Бекей таежесине ким мүйүзүнө илип бешик апкелет?

Кыйналып жатып, тынчы жок уйкуга көзү илинди баланын. Уктап баратып да Орозкул аба менен Бекей таежесине кайың бешик апкелип берсең деп, Мүйүздүү Бугу-Энеден суранды. «Алар балалуу болушсунчу, алар балалуу болушсунчу» – деп жалынды Мүйүздүү Бугу-Энеге. Анан кулагына алыстан шыңгыр каккан жылаажын үнү угулду. Мүйүздүү Бугу-Эне мүйүзүнө сыйкырдуу бешик илип, учуп-күйүп шашып келатты.

## VII

Эртеменен бала маңдайына муздак бирдеме тийгенден ойгонуп кетти. Сырттан жаңы кирген окшойт, таятасы муздак алаканын бешенесине басып турган экен. Бала ичиркенип жыйрыла калды.

– Жата бер, жата бер,– деп таятасы колун үйлөп жылытымыш болду да, кайра баланын маңдайын, анан төшүн, киндигин басып көрдү. – Тумоолоп калгансыңбы, каралдым? – деп чекеси чүрүшүп кейип алды. – Этиң от менен жалын. Эмне эле ойгонбой талмоорсуп жатат дейм да. Окууңун да маалы болуп калды.

– Азыр турам,– деп бала башын көтөрдү эле көзү караңгылап, кулагы чуулдап кетти.

– Турбайсың. – Момун чал баланы кайра жаздыкка жаткызды. – Тумоолуу баланы мектепке ким жеткирет экен? Кана, тилиңи көрсөтчү.

– Эжей урушат. Сабактан калгандарды эжей жаман көрөт,– деп бала аныйламакчы болду.

– Урушпайт-этпейт. Мен айтып коём. Кана тилиңи көрсөтчү?

Таятасы баланын тилин, тамагын карады, тамырын кармады. Одуракай туурук кол тер нымшыган маес билектен ботогой жүрөктүн түрсүл кагышын сезип турду. Акыры бирдемеге оюн топтоп баланын көңүлүн жайкай айтты:

– Кудай сактасын. Кичине суук жеп калган турбайсыңбы. Бүгүнчө төшөктөн турба, кечинде уктаар алдында көкүрөгүңдү, таманыңды куйрук май менен майлап коём. Ачынбай тердеп жатсаң, эртең кулапдан соо туруп кетесиң.

Кечеги окуяны эстеп, бүгүнкү күнү кандай болорун ойлоп, Момун чал кабагы бүркөлө баланын төшөгүндө отуруп, үшкүрүнө ойго батты. «Кудай алсын»,– деп күбүрөдү өзүнчө акырында.

– Байкабай калыпмын, качан тумоолоп калдың, садагаң болоюн? Айтпайсыңбы унчукпай жата бербей,– деди ал кайра балага үйрүлүп. – Кечинде башың оорудубу?

– Ооба, кечээ кечкурун. Суу жээгинен маралдарды көрбөдүмбү, анан сага жүгүрүп келбедимби. Ошондон кийин эле күчүм кетип калды, башым ооруду...

– Болуптур эми... Жата бер, мен барайын, – деди таятасы айтылбаган күнөөсү бардай. Ал тура берерде бала токтотуп калды:

– Ата, жанагы маралдардын ичиндеги кадимки Мүйүздүү Бугу-Эне өзү да, ээ? Жанагы сүттөй аппак, көзү балбылдап адамча тиктегеничи, ошолбу?..

– Акмагым аа, – деп таятасы эңкейип бешенесинен жыттады. Анан каргылдана сүйлөдү. – Сага ошондой көрүндүбү? Болсо болор... касиеттүү ыйык эне ошол өзү чыгар, ким билет... Мен сага муну айтайын дедим эле...

Эшиктен кемпир алактап шашып кирип, Момун чал сөзүн бүтпөй калды. Бирдеменин сырын билип келгендей кемпир Момун чалды шаштырды:

– Кокуй, абышка, бар тыякка, – деп босогодон эле шаштырды. Момун чал дароо башы салаңдап, жүрөксаада боло түштү. – Тигилер сууда калган устунду машине менен сүйрөтүп чыкканы жатышат. Тез барып, айтканын аткара койсоңчу... Кокуй жаным, сенин азабың менен жүрүп, сүттү да бышыра элек турбаймынбы,– деп кемпир идиш-аягын калдыратып, мешке от жага кетти.

Абышка чүрүшүп башын көтөрбөдү. Ал бирдеме айтып, кемпиринин сөзүнө моюн толгочудай болду. Бирок кемпири аны сүйлөтпөдү.

– Ай, эмне нес болуп калдың? – Андан ары албууттугу кармап, ачуусуна алы жетпей калды. – Эмне эле кежейип калгансың? Экөөбүзгө кежейгенди ким коюптур, шордуу жаным! Эшиктеги кишилердин алдында сен кимсиң? Тигине, Орозкулга келген кишилерди көрүп алчы. Минип келген машинесин карачы, бир эмес, он

устун жүктөсөң да тоону тоо дебей жүрүп кете бергидей. Орозкул болсо, бизди көрөйүн деген көзү жок. Улуу башымды кичик кылып жалынып-жалбарсам да ийигер түрү жок. Кызыңды босогосуна жолотпой койду. Ал куу жатының дале Сейдакматтыкында качып отурат. Ыйлай берип, эки көзү эки муштум. Көк мээ атама жетсин убалым деп каргап отурат...

– Болдучу эми,– деп абышка чыдай албай эшикке тура жөнөдү да, ооздон бир кылчайды. – Бала тумоолоп калыптыр, ысык сүт ичир.

– Ичирем, ичирем, өзүң барчы деги, бай болгур. – Абышканы чыгарып жиберип, дагы бир азга өзүнчө күңкүлдөдү. – Бул өнөрдү кайдан таап алды, тообо?.. Өмүрүндө бирөөгө тик багып карап, сен деп сүйлөбөгөн кургур. Карасаң, Орозкулдун атын мине чапканын! Ушу балээнин баары сенин айыңан, – деп жаман көзү менен баланы бир атып койду. – Кордук көрөрү сенин азабың болсо, тапкан экен...

Анан сары май салып, ысык сүт берди балага. Ылжырап турган оозун сүт күйгүзүп кеткендей болду. Таенеси ого бетер зордоду:

– Ич, ысык ичип ал, коркпо. Тийген суукту ичкен ысык кубалайт.

Бала оозун күйгүзүп, көзүнө жаш тегеренди. Ошондо кемпирдин боору ооруду окшойт.

– Макул, макул, кичине муздатып иччи... Дал ушундай кысталышта сенин тумоолоп калганыңы карачы,– деп үшкүрүнүп алды.

Бала баятан бери заарасы толуп жаткан. Жуурканын аңтарып, ал-кубаты жок калтаңдап ордунан турду. Бирок таенеси бастырбады.

– Коё тур, азыр дагыра берейин.

Коомайлана кымырылып, бала дагырага кыңгырата сийди. Заарасы ысык, сапсары экенине таң калып турду.

Анан кадыресе жеңилдегенсип калды. Башынын оорусу да бастады.

Тынч алып төшөгүндө жатып, таенесине ыраазы болду. Анан эртең сөзсүз айыгып, мектепке барарын ойлоду. Балдарга марал көргөнүн, ичиндеги ак бугу Мүйүздүү Бугу-Эненин өзү экенин айтып бермек болду. Бугу-Энени ээрчип, чымыр дене кунаажыны жүрөт. Ал экөөнүн алды-артынан саксактаган чамгарак мүйүз чоң күрөң бугу бар экен. Анан дагы балдарга: эгер маралдар кайра кетпей көл аймагын жердеп калса, анда Мүйүздүү Бугу-Эне жакын арада Орозкул аба менен Бекей таежесине мүйүзүнө илип, сыйкырдуу бешик апкелип берерин айтмакчы болду.

Маралдар ошо күнү эрте менен суугa түштү. Күн чоң шашке болгондо жогорку чоң токойдон чыгышты да, шашпай ылдыйлай беришти. Күн көтөрүлгөн сайын түнү менен суукка чыйрыгып чыккан токой ичине жылуулук тарап, шүүдүрүм баскан жалбырактардын бетинде нур ойноп, аба нымдашып турду.

Токой аралап, ачык жерге чыкканда күнгө соору тосуп токтой калып, шүүдүрүмдүү жалбырактарды тандап үзүп, маралдар жай келатты. Баштагы катарын бузбай, алдыда чамгарак мүйүз чоң бугу, ортодо кунаажын чыкма, артта курсактуу ак марал. Алар кечээги Орозкул менен Момун алиги балакеттүү устунду сүйрөп түшкөн жол менен келатат. Чымды каңтарып, кара топуракты челип өткөн устундун изи жаңы бойдон. Устун азыр кечитте жатат. Маралдардын суу ичер жери да ошээр болчу.

Машинени кандай айдап келип, устунга трос байлап, кандай чыгарып кетиштин жолун чалмакка Орозкул, Сейдакмат, дагы эки киши болуп, сууну көздөй келаткан. Алардын артында таяк жеген иттей болуп, башын жерге салып, Момун чал келатат. Кечээги чатактан кийин ал азыр кандай басып, кандай турарын билбейт. Орозкул аны ишке жолотор  бекен? Же кечээ күнкү мектептен

келгенден кийин жолотпой кубалагансып, дагы кууп жибереби? А эгер: «Сага эмне жок буерде? Иштен куулдуң дегенди уккан жоксуңбу?» десе кантет? Элдин көзүнчө шермендесин чыгарып, кайра үйүнө айдап жиберсе кантет? Өлбөгөн төрт шыйрагын сүйрөп, кайра кетеби?.. Санаасы санга бөлүнүп, Момун чал дарга айдаган кылмышкерден бетер кыйналып келатты, шарт бурулуп кетип кала албай, аргасыз келатты. Анын артында окчунураак жерде өңүп басып, кемпири келатат. Кыябында ал жөн эле ынтызарлыктан, бекерликтен келаткандай. А чынында, абышканын кайра качар жолун тороп басканы болчу. Ал Момун чалды Орозкул менен жараштырууга, бетке-көзгө түкүрсө деле болбой ишин иштеп берип, ачуусун таркатууга, кечиримине жетишүүгө чалды мажбурлап келаткан болчу.

Ушул аймактын ээси мен өзүм дегендей Орозкулдун басканы салабаттуу, ынтыга дем алып, эки тарабын сүр көрсөтө каранып коёт. Кечээ кечки ичкиликтен жазылбаган башы как жарылып ооруп келатса да, артында шыйпаңдап баскан Момунду көрүп, табасы кана ызырынат: «Шашпа, көргүлүктү дагы көрөсүң. Менин жанымда сен ким экенсиң, көзгө көрүнгүдөй – караан, колго илингидей – буюм сыягың жок! Али алдыма чөгөлөтөрмүн, карап тур!» Өткөн түнү башка-көзгө тепкилеп, үйдөн кууп чыгып жатканда катыны анын тизесин кучактап, үнү кудайына угулгудай чыңырып ыйлаганын, зар какшап атасын каргаганын эстеп, ого бетер табасы канат. «Чала болот! » – деп баратты ал азыр оюнда. Ооз учунан жанындагы карагай алчу киши менен келди-кетти сөз сүйлөшкөн болот да, ичинде катынын ойлойт: «Устунду жүктөп берип буларды жөнөтөйүнчү, анан кызың экөөңдү итче талаштырбасам. Кызың азыр көзүңдү оюп алуудан кайра тартпас болуп отурат. Капканга түшкөн канчык да бир, ал да бир азыр...»

Карагайга кардар болуп келген киши Көкөтай, эңгезердей кара киши, тиги көл жээгиндеги бир колхоздун эсепчиси. Орозкул менен көптөн бери ымалалаш. Он эки жылдан илгери Көкөтай там салган. Карагайын Орозкул камдап берген. Тоголок карагайдан тактай тилдирген. Кийинчерээк Көкөтай улуу уулун үйлөнтүп, уул-келинине да там салып берип, бөлдү. Анда да карагайын камдап берген Орозкул болду. Эми Көкөтай кичүү уулун бөлүп жатыптыр. Дагы там салып, дагы карагай керек болгондо минтип Орозкул дагы ажатын ачып отурат. – Турмуш деген ушул экен, – дейт Көкөтай, бир жумушуңду бүтүрүп, эми убай көрүп, тынч жашайын десең, дагы бир зарылчылык чыгат экен. Мына ушундайда өзүңдөй кыйышпас дос гана көзгө көрүнөт тура...

– Кудай буюрса, тамдын тоюна чакырам. Атаң көрү, кайда калбаган дүнүйө, бир жыргайлы,– деди Көкөтай. Орозкул папиросту соро тартып, түтүндү ыкшый үйлөдү.

– Ыракмат. Чакырган жерден калбагын, өзүң басып барбагын деген. Куда каалаcа, барып калarбыз. Сенин төрүңөн далай эле даам сызып жүрбөйбүзбү. Менин азыр ойлоп баратканым башка: азыр эмес, каш карайтып жөнөгөнүң ырас болор дейм? Совхоздон суук көзгө чалдыкпай өтүп кетсең болду. Кокус бирөө байкаса кутулбас куяга калабыз...

– Анын, ырас дечи... – Көкөтай ыргылжыңданды. – Бирок кечти күтсөк, көпкө зарыгып калабыз го. Акырындан жыла бергенибиз деле туурадыр? Жолдо текшере турган посту деле жок экен... Кокус милийсага, же бирөөгө урунуп калба дебесең...

– Ошону айтам да,– деп күңк этти Орозкул бир жагынан башы ооруп, бир жагынан ачуу зил ашказанын оюп зарына кылып жатканынан бырышып-тырышып кекире албайт. – Салт-сапар миң каттасаң да ташка алар бир ит жолукпайт да, жылына бир жолу карагай алып өтүп калсаң, өчөшкөнсүп дал ошо күнү кабыласың...

Анан ар кимиси өз оюна байланып, унчугушпай басты. Кечээ күнү эле устунду суудан чыгарып койгондо жакшы болмок экен деп, Орозкул ошого өкүндү. Устун даяр болгондо түнү менен машинеге жүктөп берип, таңга калтырбай булардан кутулмак. Көкөтай аны түшүнбөй жатпайбы: түн катып кет десе, коркуп атасыңбы дейт, Орозкул чын эле коркуп атат, бирок андай көрүнгүсү келбейт... Кап, атаң көрү, кечээ күнкү Момун иттин итчилиги болбогондо!.. Атаа, ит-десең, колдон чыгып, өз бетинче болгусу бар. Менин чеңгелимен ким чыгып көргөн экен? Билбесең билгизем али!..

Маралдар суу ичип турганда өйүз жээкке эки буттуу айбандар келди. Качан көрсөң, бирдемеге күйпөлөктөшүп, кызык жандар ушу эки буттуулар. Качан болсо, кыйкырышып, бирдемени талашып жаңкылдашып жүргөнү.

Өз ара сөздөрүнө алаксыган кишилер өйүздөгү маралдарды көрбөдү. Маралдар шагылдын этегинде тушардан суу кечип, кызыл жалбырак бадалдын чыга беришинде турду. Ашыкпай суугa тумшук малат да, кайра баштарын көтөрүп, эриндеринен суу чуурута адамдарды баёо тиктеп турат. Шыйрактары тызылдап суу муздагы жагымдуу. Сооруларын талыкшытып, күн жылуусу жагымдуу. Жолду катар бутактардан тамган түнкү шүүдүрүм эми бууланып, сооруларынан жеңил көк буу көтөрүлөт. Ушундай мемиреген күн жагымдуу бүгүн маралдарга.

Кишилер болсо дале байкабады аларды. Бирөө машинени көздөй кетти да, башкалары жээкте калды. Кулак кагынып коюп, маралдар аяктан угулган үн-шыбырга сак турду. Бир маалда прицеп сүйрөгөн машине күркүрөп келип, жээкке токтогондо маралдар дене-бою диртилдеп, бир селт этип алышты. Бурулуп жөнөй бермей болушту. Бирок машиненин үнү бат эле өчтү. Маралдар кичине байыстай калды. Бирок өйүздөгү кишилер чаңкылдай сүйлөшүп, ары-бери күйпөлөктөй баштаганда маралдар да болбостур дегендей акырын жөнөй беришти.

Калың бадалды аралап, соорулары бир көрүнсө, бир көрүнбөй баратты. Кишилер дале көрбөдү. Анан бадалдан кум ойногон ачыкка чыга беришкенде маралдар кишилерге алакандын отунда бараткандай даана көрүндү. Күн чагылышкан көгүлтүр кумдун үстүндө агыш омуроо, кызгылт соору маралдарды көрүп алып, кишилердин оозу ачылды, турган-турган жеринде селейе катты.

– Ой-ээй! Карасаң, карасаң тигил эмне? – деп Сейдакмат кыйкырды биринчи. – Бугулар! Кайдан келген бугулар?

– Эмне кыйкырдың энең эркек туугандан бетер? Бугу эмес, айбан, буларды марал дейт! Биз кечээ эле көргөнбүз, – деди Орозкул байкас албагандай. – Кайдан келгенин ким билет. Келиптир, болуптур.

– Пай-пай-пай! – деп тамшанып, зоңкойгон Көкөтай бүйрү кызыганына чыдай албай көйнөгүнүн жакасын чечип жиберди. – Сүмбөдөй семирген экен ээ...

– Ургаачысын карачы. Маңкандап басканын! – деп өрөпкүп турду шофёр көздөрүн бакырайтып. – Байтал бээдей бар го. Биринчи көрүшүм.

– Букасын айтпайсыңбы! Мүйүзүнүн чоңдугун, бай түп чынар! Кантип көтөрүп жүрөр болду экен? Деги эле чочулап коюшпайт. Буларың кайдан келген, ыя, Орозкул? – деп Көкөтай каман көздөнүп, сугун артып турду.

– Коруктун маралдары го кыязы, – деп Орозкул билген киши болуп, маралдардын ээси сыяктана бой көтөрүп.– Тоо артынан ашып келген окшойт. Чоочуткан, тийген эч ким болгон эмес, ошон үчүн кишиден качпайт.

– Кап, мылтык болсочу азыр! – деп калды Сейдакмат. – Эки центнер эт шашпай түшөр эле, ээ?

Баятан бери четте бүжүрөп турган Момун чыдай албады:

– Кой, балам, антпе. Марал атууга жол жок, – деди акырын.

Орозкул жаман көзү менен кыйык сала карап койду. «Ии, үнүң чыгып келатабы?» – деди ичинен кыжырланып. Сөз менен жыга чапкандай тилдеп коёюн деп, кайра карманды, чоочун кишилердин көзүнчө тартынды.

– Былжыраган сөз, – деди ал Момунду карабастан заарлуу кыжырланып, – Бугу-марал жүргөн ошол корукта атууга жол жок. Биздин корукта бугу-марал жок. А тентип келип калганына жооп бербейбиз. Билдиңби? – деди тайсалдай түшкөн чалды акырая карап.

– Болсо болор,– деди Момун бүжүрөп, анан кыйпычыктап четке басып кетти.

Аерден кемпир жеңинен булка тартты.

– Тилиңди тиштеп, шүк тур,– деди ышкырына жекирип.

Тургандар коомайлана көздөрүн ала качып, жогору маралдарды карамыш болуп турду. Маралдар тобу менен кыр жондоп баратты. Алдыда чамгарак мүйүз күрөң бугу алчылана басып, андан кийин кунаажыны, артында Бугу-эне. Наркы карлуу боордун шаңында үчөө маңкая басып, көрүнүшү көркөм. Такаттап бут таштаганы, кол-санындагы дирт түйүлгөн булчуң этине чейин даана көрүнүп, келишкен сымбаты көздүн жоосун алат.

Кебетеси жоош көрүнгөн бакыраң көз шофёр улан суктанганын жашыра албады:

– Эх, ак маралдай маңкайып дегендей эле бар экен! Кап, фотоаппаратты ала келбей, сонун болмок экен да!..

– Болду эми, маңкайган жигит,– деп Орозкул жактырбай кер какшык агытты. – Көркөмчүлүн мунун. Көркүн чылап ичмек белең. Айда машинеңди, арты менен жээктин кырына апкел. Сейдакмат, сен чечин,– деди ал кайра бийлигине конгонуна ичинен маашырланып. – Сен дагы! – деп шофёрго ээк жандады. – Устунга трос илгиле. Ыкчам кыймылдагыла. Али кылар ишиңер көп.

Сейдакмат тар өтүгүн бутунан сууруй албай жатты.

– Эмне турасың, өтүгүн тарт, – деп кемпир алдыртан чыканак менен чалды колтукка түрттү. Өзүң да чечинип, сууга кир,– деди баса берген чалдын желкесине ышкырып.

Момун чал шашкалактап Сейдакматтын өтүгүн тартты, анан өзү да чечинди. Ал учурда Орозкул менен Көтөтай машинеге кыйкырышып турган:

– Бери быякка, дагы!

– Сол жакка, солго кичине. Болду!

– Дагы кичине.

Төмөнтөн машиненин чоочун доошун чалып, маралдар арыш тездете элпек секирип коюшту. Жар башына чыгып, бир кылчайып карады да, кайыңдын арасына кирип кетти.

– Кап, кетип калышты! – деп Көкөтай колунан бирдемесин алдыргандай катуу өкүнүп калды.

– Кейибе, кайда качмак эле! – деди Орозкул досунун оюн айттырбай билгенине корстон боло. – Бүгүн меникине конок болуп каласың го. Кудай өзү айдап келген насипти таштап кетиш болбос. – Анан тапкан оюна каткырып, досун далыга таптап койду.

Ушинетип кээде Орозкул шайыр киши да боло алчу.

– Конок койдон жоош, кожоюндун колунда, буюрса эң эле куп болбойбу! – деп саргайган күрөк тиштерин шилекейленте күлдү москоол Көкөтай.

Машине арткы дөңгөлөктөрү белчесинен сууга батып, жээкте турду. Мындан тереңирээк кечирүүдөн шофер коркту. Эми эптеп тросту тартып барып, устунга илиш калды. Трос жетсе, устунду кептелген ташы менен кошо сүйрөп кетиш кеп эмес.

Узун, оор трос экен. Эки кишилеп чоё тартпаса жазылар эмес. Шофер сууну карап, өтүгүн чечкенге ыргылжыңданып турду. «Өтүкчөн кирсемби? – деп бир ойлоду. – Бирок суу тигинтип тизеден аша чаап жатат, кончтон кирсе кечке чылпылдап жүрөмбү». А көрө өтүк

чечкенди туура көрдү. Бирок суунун шыйрак какшатаар муздагын ойлоп, денеси жыйрылды. Ал ушинтип эки анжы болуп турганда Момун чал жанына жетип келди.

– Балам, сен чечинбей эле кой. Мен эле... Сейдакмат экөөбүз эле кирели.

– Жогуңуз, аксакал,– деп оңтойсузданган шофёр шашкан болду.

– Сен меймансың, биз болсо өзбүз. А көрө машиненин тизгинин карма.

Сейдакмат экөө тростун бир илмегин машиненин кайрымагына илип, нары тартканда Сейдакмат сөгүнө какшады:

– Какый!.. Ой, ит-оой, суу эмей эле муз тура! Орозкул менен Көкөтай жээкте каркылдай күлүп, Сейдакматты сүрөп турду.

– Ой, азамат, чыдап кой! Анан ысылыгың болор! Момун чал кың дебей кирди сууга. Ал суунун муздагын да сезбегендей болду. Кармүштөкчө моюнун жыйрып, башын ийинине катып, суу түбүндөгү урчук таштардын таманына өткөнүнө карабай, эс-дарты Орозкулда болуп баратты: кудай колдой көр, эми Орозкул суудан кайра кууп чыкпаса экен, элдин көзүнчө ит көрбөгөн кордукту көрсөтпөсө экен, макоолугунан шору кайнаган, шордуулугунан макоо болгон чалдын аз айып, көп күнөөсүн кечирип койсо экен, деп баратты.

Орозкул да үн катпады. Чалды киши эсебине кошпогон таризде байкамаксан болду. Бирок кутурган чалды чөгөлөткөнүнө ичинен табасы канып турду. «И, кандай экенсиң? – деди оюнда мыскылдай күлүп. – Боортоктоп сойлоп келип, бутумун башын жаладыңбы? Аттиң, чоңураак бийлик колдо жок да, болбосо не бир менменсигендерди түпкүчтөй түйүлтпөс белем! Не бир төбөсү көккө жеткендерди топурак тиштетпес белем! Бир колхоз, же совхоз эле колго тийгенде го, тартип деген кандай болорун көрсөтпөс белем. Элди жаман ээнбаш кылып жибе-

ришти да. Анан кайра: «башкарманы урматтабайт, директорду урматтабайт», – деп өздөрү наалышат. Кайдагы бир сасыган чабанды чоң менен тең ата сүйлөштүрүп койсо ошону көрмөк. Бийликтин баркына жетпеген акмактар! Элди эркелеткенде болобу, сураганга жараша сура. Кечээ эле кың дегендин башы зың деп ыргып турбады беле. Болсоң ошондой бол! Азыр эмне? Киши эмес, иттин көткү шыйрагына теңелбеген неме каяша айткысы бар ээ? И, сойло, сойло, дагы мурдуңа суук жете элек экен»,– деп Орозкул анда-санда чалды карап коюп, табалап турду.

Момун чал болсо чучугунан өткөн муздак төбөсүн какшатып, тырмышып Сейдакмат менен кошо трос тартышып, Орозкул бул убакка чейин кыйкырбаганга кечирген экен деп, ошого ыраазы болду. «Кечирип кой алжыган чалды, бир ачууңу бер, – деп оюнда Орозкулдун алдында турду мүңкүрөп. – Кечээ бир жолу чыдабай, сага моюн толгоп, мектептеги небереме чаап кетпедимби. Ал тирүүлөй жетим, анан кантип бооруң оорубасын. Бүгүн мектебине бара албай да калды. Тумоолоп калыптыр. Кечээгини унут, кечирип кой. Сен деле мага бөлөкбөтөн эмессиң го. Кызым экөөңөргө бак-таалай каалабайт дейсиңби мени. Сенин аялың, менин кызым кудай буюруп көз жарып, баланын ыңаалаган үнүн уксам болду эле, ошол турган жеримен кудай жанымы алса мен макул. Күн оюмдан, түн түшүмдөн чыкпайт бул тилек. Сен да Бекей байкушту көп эле кор тутпасаң? Мени жектей бербесең? Ишпи? Ишти кудай ала койсун, жер тепсеп жүргөн чагымда сенин бар түйшүгүң мойнумда. Жаңсап эле кой, кадырың жан болсун...»

Жээкте элден четтерээк турган кемпири колун жаңсагылап, болбосо кебете-кешпири менен: «Аракет кыл, абышка! Көрдүңбү, күнөөңдү кечирди. Менин айтканыман чыкпасаң эле бузулган иш оңолот, чачылган иш жыйналат», – деп элге угузбай чыңырып жатты.

Бала уктап жаткан. Кайдандыр тоо арасынан жаңырыктап мылтык атылганда ойгонду да, кайра уйкуга кетти. Кечээги уйкусуз түндөн, балапан жанын оттон алып, сууга салган тумоодон кыйналып калган бала көшүлүп уктай берди. Чыйрыгып калчылдабай, күйүп-жанып чабалактабай, төшөгүндө бутун эркин сунуп таштап, кеңирсип жатуу кандай жыргал экенин уйку ичинде сезип жатты. Таенеси менен Бекей таежеси кобурашып кирип келбегенде ал дагы көпкө уктамак. Экөөнүн күбүр-шыбырынан, идиш-аяктын калдыр-шалдырынан ойгонуп кетти.

– Мобу чараны ал. Талинкени да ал, – деп кемпир эпилдеп күбүрөйт. – Мен чака менен электи ала барам. Кокуй, белим! Далбастап жүрүп, тырпым калбаптыр. Анткен менен деги эле жакшы иш болбодубу. Кудая шүгүр, мен ыраазы.

– Ой, энеке, аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы. Менин да көңүлүм эми ачылбадыбы. Кечээ күнү өлүүдөн кайра тартпай тургам. Гүлжамал болбосо муунуп өлүп алат белем.

– Койчу, кайбырабай,– деп каккан болду кемпир. – Калемпир алдыңбы? Жүр анда. Экөөңөрдүн жарашканыңарга кудайдын жиберген сыйын карабайсыңбы. Бас, баса бер.

Тамандырыкты аттап баратып Бекей таежеси кемпирден сурады:

– Бала уктап атабы?

– Уктасын, уктап алсын, – деди кемпир. – Эт бышканда жаш шорподон апкелип ичирип коём.

Ошо бойдон бала кайра уктаган жок. Сырттан үндөр угулат, күйпөлөктөп аркы-терки баскандардын дабырты чыгат. Бекей таеженин күлкүсү шаңк этти. Аны коштоп Гүлжамал менен таенеси да күлүп калышты. Башка бир бейтааныш үндөр чыкты. «Түндө келген кишилер го, – деп ойлоду бала. – Али кете элек тура». Таятасы-

нын гана кабары билинбейт, шырпы угулбайт. Ал кайда болду экен? Эмне кылып жүрөт?

Сырттагы үндөрдү тыңшап, бала таятасын күтүп жатты. Кечээги көргөн маралдар тууразында таятасынан дагы көп нерселерди сурагысы келди. Кыш жакын. Маралдарга токой ичине чөп чачып койсо жакшы болбос беле. Кышында от болот да аларга. Анан ошентип адамга үйүр алдыра берсе, кийин маралдар суу кечип, түз эле короого кирип келгидей болсо. Анан жакшы көргөн жемчөбүн колдон берсең. Алар кандай отту жакшы көрүшөр экен? Жанагы кунажын маралды үйүр кылып алса. Артыңан калбай ээрчип жүргүдөй болсо, кандай сонун ээ. А балким мектепке деле ээрчип кошо бара бермек...

Күткөн таятасы дале дайынсыз. Анын ордуна бир маалда Сейдакмат кирди. Ал негедир көңүлү чак, коюну толо кубаныч. Теңселе басып, ырсая жылмаят. Ал жакын келгенде балага арактын жыты урду. Орозкулдун жиндилигин, таятасы менен Бекей таежесинин ый-муңун эске салчу бу жытты бала жаман көрөт. Бирок, Орозкулга окшобой, ичип алганда Сейдакматтан жакшы киши жок, көңүлү ачылып, пейили кеңелип, соо кезинде акылы кем неме мас болгондо жазыксыз маскарапос болот да калат. Мындай учурда таятасы менен Сейдакматтын сүйлөшкөн сөзү кызык.

– Э Сейдакмат, эмне ырсаңдайсың? Ачкылыңа тоюп алгансың го, кем?

– Аксакал, мен сени иттей жакшы көрөм! Өлүп кетейин, аксакал, өз атаман да жакшы көрөм.

– Э, сага кор болгон кайран жаш! Элдин сендей балдары тигинтип машине айдап аркырап жүрөт, сен өз тилиңе өзүң ээ боло албадың ушуга чейин. Мен азыр сенин курагыңда болсом, куруп калганда трактор минмекмин.

– Аксакал, аскерде жүргөндө командирим айткан, андай ишке сен жарабайсың деген. Туурабы, аксакал? – Би-

рок мен деген пехота, аксакал, пехотасыз эч бир аскердин жумушу бүтпөйт.

– Эй, бокотой! Бокотойдун богун жейсиңби, а көрө жалкоомун дебейсиңби. Аялыңа карачы... Кудайдын да көзү түз эмес... Сендей жигиттин жүзү Гүлжамалдын шыйрагына тең келбейт.

– Ошону билип ээндеп келип жашап жатпайбызбы, аксакал, буерде мендей жигит бирөө гана, андай келин да бирөө гана.

– Сага айткан кайран сөз. Теректей бой бергенче... деген тура,– деп Момун чал аргасы түгөнгөндө колун силкип, басып кетчү.

Сейдакмат ырсаңдап күлүп кала берет. Анан үч үйдүн ортосунда теңселе туруп, жарамазандан бузуп алган ырын зоңкулдап коё берет;

Адыр-адыр тоолордон,
Айгыр минип түшөбүз.
А дүйнөдө не кызык,
Туугандар,
Айкырып арак ичебиз!

Будур-будур тоолордон,
Буура минип түшөбүз.
Бу дүйнөдө не кызык,
Жолдоштор,
Буулугуп арак ичебиз!..

Ушинетип бул ыры түгөнбөй улана берет: төө минип түшөт, короз минип, чычкан минип, ташбака минип түшө берет, түшүп келип, айкырып арак иче берет. Карап турсаң бир кызык. Ошонусу үчүн бала Сейдакматтын соо кезинен да, мас кезиндегисин көбүрөөк жактырат.

Азыр да Сейдакматтын кызуу экенин көрүп, бала күлмүңдөп ийди.

– Ха! – Сейдакмат таң калгандай бир бакырып алды. – Сени ооруп атат дешпедиби мага. Ооруган түрүң жок го. Эмне сыртка чыгып ойнобойсуң? Мунуң жарабайт, дос... – деп келип ал баланын төшөгүнө оонап калды. Оозунан арактын жыты каңырсыйт. Анан дагы колу-дененинен чийки эттин кандуу жылымчы жыты буруксуйт. Ал баланы жулмалап, ээгиндеги кылкан түгү менен сайгылаштырып өпкүлөй кетти.

– Болдучу, Сейдакмат аке,– деп бала башын ала качты. – Атам кайда жүрөт, көргөн жоксуңбу?

– Атаң тыякта... э, кызык... – Сейдакмат колун төбөсүнөн өөдө көтөрүп, түшүнүксүз жаңсап койду. – Биз алиги... Суудан устунду чыгардык. Анан жылынышка кичине ичип койдук. Ыя? Азыр атаң тыякта, жанагы... эт бышырып отурат. Сен тургун. Кана, туруп кийин, эшикке чыгабыз. Ушундай да болчу беле? Туура эмес. Биз баарыбыз тыякта шатыра-шатман, а сен болсоң буерде жалгыз жатасың.

– Атам турба деген.

– Койсоңчу, турба деген имиш. Жүр көрөбүз. Күндө эле мындай укмуш боло бербейт. Бүгүн майрам, бүгүн той. Табак да май, чөмүч да май, ооз да май! Тургун.

Мас неме эби келбей баланы зордоп кийинте баштады.

– Мен өзүм,– деп бала өөдө боло бергенде башы кичине айлана түшкөнсүдү.

Мас Сейдакмат болбой кийинтип жатты. Ушундай табак да май, чөмүч да май, ооз да май болуп турган күнү жалгыз таштап кетишкен балага чоң жакшылык кылып жатам деп ойлоду ал...

Бала калтаңдап басып, Сейдакматтын артынан эшикке чыкты. Күн ала булут, кичине шамалдап турган экен. Булуттар көктө уйгу-туйгу тытылып көчүп барат. Бала верандадан чыкканча күн булуттан бир көрүнүп, ачуу нуру чеке нымшыта тийди да, кайра кирип, сыдырым жел чеке муздата сокту. Башы кайра ооруй баштаганын

сезди бала. Шамал айдаган түтүн урду бетине. Көзүн ачыштырды. «Кир жууп жатышса керек»,– деп ойлоду бала. Тигинчелик улуу отту үч үй биригип кир жубарда жагып, «кырк кулак» дей турган чоң кара казанга толтура суу ысытышчу. Жалгыз-жарым ал казанды көтөрө албайсың. Бекей таежеси менен Гүлжамал экөөлөп колдошуп келип асышат.

Чоң кир жууган күндү бала да жакшы көрөр эле. Ачык жерге улуу от жагылып, бала от менен ойноп алат. Анан жиптер тартылып, кызыл, көк, ак кирлер илинет. Үч үйдүн ортосу желек илген майрамдай кооздолот. Баарынан да бала акырын барып, суу матага жаагын тийгизип турганды жакшы көрөт.

Азыр бала жуулуп жаткан, же илинген кир көрбөдү. Отту болсо чоң жагыптыр. Кара казан толтура эт кайнап, жиликтин учтары сербейет, калың буу чыгып атат. Эт бышып калыптыр, карагай отун менен жаш шорпонун жыты оозго шилекей келтирет. Бекей таежеси тойго барчудай жасаныптыр: үстүндө кызыл көйнөк, бутунда өкчөлүү крым өтүкчө, башындагы гүлдүү шалы желкесине шыпырылган. Көзүнүн астындагы көгала такты да жарашыктуу жасалгасы катары жашырбай-кысынбай, бул эримдин койгон белгиси деп мактангансып, жаркылдай күлө чий көбүк алып турат. Момун чал кемегенин оозунда тизелеп, от ичкериштирип отурат.

– Тигине таятаң, жүр, – деди Сейдакмат балага, анан өзү ырдай басты:

> Адыр-адыр тоолордон,
> Айгыр минип түшөбүз...

деп уланткыча бастырмадан чачын кырдырган, көйнөгүнүн эки жеңин шымалана түрүнүп, колунда балтасы бар Орозкул чыкты.

– Ой, кайда жүрөсүң жоголуп? – деди ал Сейдакматка опурулуп. – Быякта мейманың отун жарып атса, өзүң ырдап басып жүрөсүң да!

– Отун да кеппи, – деп Сейдакмат шофёрдон балтаны алды. – Муну биз азыр сокур ит бок жалаганча...

Тизелеп отурган таятасына бала артынан келди.

– Ата.

Таятасы укпай калды.

– Ата, – деп бала таятасын ийинден акырын тартты.

Таятасы кылчайып караганда бала аны тааныбай калды. Абышка да мас экен. Таятасынын мастыгын бала көргөн эмес. Кээде гана көлдүн бир карыясынын ашында кыйнагандан улам ооз тийип койгону болбосо мынчалык иччү эмес. Аш бергендердин жоругу курусун, кемпир-кезектерине чейин кыйнап отуруп, мас кылгыча ичирет.

Чал азыр баланы маңыроо карады, өлгөн кой көздөнүп, көзүнүн нуру өчүптүр, баланы тааный албай боолголоп турду. Эки бети канталап ысык эле, акыры баланы тааныганда кулагына чейин манаттай кызарды. Анан кайра ошол замат бозоруп, томсоро катты. Калдаңдап өөдө болду да, баланы бооруна кысып, тили күрмөлбөй күңгүрөндү:

– Эмне, ыя? Эмне, ыя? Сен... Мен... – Эсинен ажырагансып, мындан башка сөз айта албады. Чалдын калчылдап турганы балага да өттү.

– Ооруп калдыңбы, ата? – деди бала чочулап.

– Жок-жок. Мен жөн эле,– деп булдуруктады Момун. – Сен бар, кичине басып тур. Мен буерде отун... от жагып...

Бүт дүйнөдөн терс бурулгансып, ал баланы итерип жиберди да, кемегесине үңкүйдү. Тизелеген калыбында эч жакты карабады, от ичкертимиш болуп, термелип отурду. Элейе түшкөн бала жетимсирей томсоро карап

туруп, анан айласы түгөнгөндө нары отун жарып жаткан Сейдакматты көздөй шумүрөйө басты.

Таятасына эмне болгонун, тегерегинде эмне болуп жатканын бала түшүнө албады. Бастырмага жакын келип, жаңы союлган уй терисинде эт додолонуп жатканын көрдү. Шуүшүңдөгөн кан теринин бучкагынан сарыгып турат. Тиги аңыздын четинде Балтек чуңкурдагы уюган канды буртулдата сугунуп жатат. Додо эттин жанында жорудай куржуйган чоң кара киши отурат. Ал Көкөтай, Орозкул экөө эт бузуп, мүчөлөп, териге таштап жатышкан.

– А жарыктык, жытын карачы буруксуп, – дейт кара киши таноолорун эдирейте дем жутуп.

– Муну да өзүңүн чекеңе ташта,– дейт пейили оңолгон Орозкул. – Насип экен, сен келгенде кудай өзүнүн жапан түлүгүнөн согум бербедиби. Күндө ушундай ырыс төгүлүп турмак беле.

Орозкул күшүлдөп-бышылдап, бирде ынтыгып өйдө туруп, ичинен жогору түрүлүп кеткен көйнөгүн кандуу билеги менен эпсиз ылдый сүрүп, кайра отурат, чыдай албай башын чулгуса эттүү эки уурту былкылдайт. Арак ичин кызытып, көңүлү жайдары, уй желини сыяктанган бети тер майланышып жылтылдайт.

Бастырманын түбүнөн Мүйүздүү марал башын көргөндө бала селт этип кетти, аза бою муздак дүркүрөдү. Мууздоосундагы каны карайып катып, маралдын башы жер тиштеп, чаңга аралашып жатыптыр. Мүйүзү арбайып, куду жээкке сел тээп салган дүмүргө окшойт. Баштын жанында ача туяк төрт шыйрак жатат.

Баланын үрөйү учту. Көргөн көзүнө ишенбеди. Бу жаткан Мүйүздүү Бугу-Эненин башы эле. Бала бу жерден чымын-куюн болуп качкысы келди, бирок буттары шилтенбеди. Ак маралдын канга батып, кесилип жаткан башынан көз айрый албай селейип тура берди. Бу баш кечээги Мүйүздүү Бугу-Эненин башы, өйүз жээктен мээ-

рим сала тиктеген Бугу-Эненин башы. Бала ушул ак маралды Мүйүздүү Бугу-Эне деп, аны менен кишиче сүйлөшпөдү беле, мүйүзүнө илип, жылаажыны шыңгыраган сыйкырдуу бешик апкелип бер деп суранбады беле. Эми ошо ыйык энеден тескери жайылган тери, үстүндө үйүлгөн эт, быякка ыргытылган баш-шыйрак калдыбы?..

Бала кетип калса болмок, бирок эмне үчүн, кантип бул алаамат болуп кеткенине акылы жетпей, таштай катып тура берди. Эт бузуп жаткан чоң кара киши алдында үйүлгөн эттен бычактын учуна боор илип сунду.

– Ме, балам, отко бышырып же, даамдуу болот,– деди балага.

Бала кыймылдабады.

– Ал! – деп кыйкырды Орозкул.

Бала колун сунуп, былжыраган жылуу боорду алды, басып кетпей кармап тура берди. Ал Мүйүздүү Бугу-Энесинин боорун кармап турду. Ал ортодо Орозкул ак маралдын канжалаган Мүйүздүү башын калтаңдап көтөрүп келди.

– Ой, ит-оой, зилдей го! Тим эле центнер бар. Анан башты дөңгөчкө каңтара койду да, балта алып, мүйүзүн омура чаба баштады.

– Мүйүз болбосоң коё, кал! – деди балтаны мүйүз түпкө карс уруп. Анан балага көз кысып койду. – Муну сенин таятаңын күмбөзүнө коёбуз. Абышканы биз кандай кадырлайт экенбиз, ошондо билип алышсын. Мындан артык урмат барбы! Мындай мүйүздү көргөндө өлүп берсе да болот, – деп күлүп койду ал балтаны башынан өйдө көтөрүп жатып.

Мүйүз омурулбады, балта өтпөдү. Анын үстүнө мас неме туш келди чапты. Баш дөңгөчтөн тайып түштү. Орозкул башты жерге түшкөн жеринде чапкылады. Чапкан сайын баш секирип кетет, Орозкул артынан жетип, дагы чабат.

Балта ар бир чабылган сайын бала дирт этет, денеси дүрүлдөп, кетенчиктей берет, бирок буерден басып кете албады. Коркунучтуу жаман түштө качса да буту шилтенбеген сыңары байланып тура берди. Мүйүздүү Бугу-Эненин жумулбай тунарган көзү балта чапканда жалтанып ирмелип койбой, телмире тиктеп жатканына таң калып, өзү да телмирип тура берди. Ак боз баш баятан бери чаң, ылай, канга биротоло шакмарланып бүттү, балта жаза тийип, жарылбаган, айрылбаган соо жери калбады, бирок ок жеткенде ачык калган көзү бу дүйнөнү таңыркай тиктеп, жумулбай таза жатты. Мас Орозкул көздү чаап алабы деп, бала турду коркуп.

Мүйүз омкорулбады.Ансайын Орозкулдун жини келди, өлүү башка өчөшүп, балтаны туш келди чапты.

– Минтип мүйүздү сындырасыңар. Келе мага, – деди Сейдакмат жанына келип.

– Нары бол! Өзүм! Сындырсам-койсом өзүм билем! – деди күркүрөгөн Орозкул балтаны кериле шилтеп.

– Өзүң бил, – деп Сейдакмат жерге түкүрүнүп, үйүнө кирип кетти.

Анын артынан шыбагасына бөлүнгөн этти кабына салып көтөрүп, алиги чоң кара киши кетти.

Мастык менен ого бетер көшөргөн Орозкул бастырманын артында Мүйүздүү Бугу-Эненин башын жанчып жатты. Кыябында ал көптөн кеткен кегин кайтарып жаткандай.

– У, энеңди!.. – деп, өлүү баш сөзүн укчудай, Орозкул эки ууртунан көбүк бүркө сөгүнөт. – Менден кутула албайсың! – деп үстү-үстүнө балта урат. Сенин түбүнө жетпесем Орозкул атым өчсүн. Мына! Мына! – деп күрсүлдөтөт.

Баш сөөк качырап жарылып, майда сыныктары туштушка чачырап жатты.

Бир урумда балта туурасынан барып көзгө тийди эле, бала чыңырып ийди. Көз жарылып, каралжын суу агып, көздүн ордунда оңурайган чуңкур калды. Көз өлдү...

– Мындан кыйын баштарды да талкалагам! Мындан бекем мүйүзүңдү да омкоргом! – деп кыйкырды Орозкул сокур башка.

Акырында баш сөөктү маңдайынан да, кара кушунан да оё чапты. Ошондо балтаны таштады да, башты тумшугун жер тиштетип ныгыра тээп туруп, бар күчү менен мүйүздү толгоп жиберди. Чымдан суурулган байтеректин тамыры сынары мүйүз качырап, баштан бөлүндү.

Баланын тилегине ийип, Орозкул менен Бекейге жылаажындуу бешик илип келаткан Мүйүздүү Бугу-Эненин сыйкырдуу мүйүзү ушул эле...

Баланын көңүлү айныды. Колунан боор түштү. Артына калтаңдай бурулуп, теңселе басып кетти. Элдин көзүнчө жыгылып каламбы, же кусуп жиберемби деп коркуп баратты. Өңү кумсарып, маңдайынан муздак тер чыпылдап, бала кемегенин жанынан өттү. Кемегеде алоолонуп от күйүп атат, кара казандан буркурап буу чыгып атат, кемегенин оозунда эки жакты карабай үңкүйүп, шордуу Момун отурат. Бала таятасына тийбеди.

Эртерээк төшөгүнө жетип, чүмкөнө жаткысы келди. Эчтеме көрбөй, эчтеме укпай, баарын унуткусу келди...

Алдынан Бекей таежеси чыкты. Жарашыксыз жасана кийинип, көздөрүнүн алдындагы көгаласы менен мактангандай дайыны жок шаттанган бечара жилбиңдеп меймандын камы, эттин камы менен күйпөлөктөп жүрөт.

– Сага эмне болду, – деп ал баланы токтотту.

– Башым ооруп атат.

– Олда байкуш жетимчем ай,– деп Бекей эт-жүрөгү элжиреп, баланы өпкүлөп жиберди.

Таежеси да мас экен. Оозунан каңырсыган жыт баланын көңүлүн ого бетер айнытты.

– Башың ооруп атабы? – деп жатты жалооруп. – Мээнетиңди алайын, жалгызым. Курсагың ачтыбы, тамак ичесиңби?

– Жок, ичпейм. Жатам.

– Жүр анда, жүрө кой, мен сени жылуу жаткызып коёюн. Барып жалгыз жатасыңбы? Баары биздин үйдө. Өзүбүз да, келген меймандар да, баары биздикинде. Тигине эт да бышып калды, – деп Бекей баланы үйүнө жетеледи.

Экөө кайра кемегенин жанынан өтүп бараткандa бастырманын артынан көл-шал тердеген, сезгенген желиндей канталай кызарган Орозкул чыга келди. Жоодон тийип келген олжо сыяктанып, аркайган мүйүздү Момундун жанына таштады. Момун чал тизе таянып, өөдө боло калды.

Орозкул аны карап койгон жок, чакадагы сууну алып, эки ууртунан курсагына агыза жута баштады.

– Эми өлө берсең болот, – деп Орозкул башын чакадан бир жулуп алды да, кайра салды.

– Кудай алкасын сени, балам. Кадырлап көөмп коёр кишим бар, эми өлүм мени коркутпайт. Кудай жалгасын... – деген сөздөр таятасынын оозунан чыкканын бала ишене албай укту.

– Мен үйгө барам, – деди бала алсырап бараткaнын сезип.

Бекей таежеси болбоду.

– Кой, балакетиңди алайын, сени жалгыз таштабайм, – деп баланы үйүнө жетелеп кирип кетти.

Бурчтагы керебетке жаткырды.

Төргө дасторкон жайылып тамак тартаар кез болуп калган экен. Кемпир менен Гүлжамал идиш-аяк, чыкшорпо менен алек, алапайын таппай кубанычтуу карбаласташат. Сыртка бир чыгып, үйгө бир кирип, кыял күткөндөй соорусун чайкап, чолпусун шарактаткан Бекей жүрөт. Орозкул менен Көкөтөй төрдө тууралаиып, чыканактарында гүлдүү жаздык, дөөлөт күтө чалкалашып, эрине чай ууртaшат. Сейдакмат чай куюп отурат. Бала бурчта жатты. Кыймылдабай чымыркаиып, бек

тиштенсе деле болбой кайрадан чыйрыккан денеси аягынан өйдө дүркүрөп келет да, калч-калч титиреп жиберет. Төшөктөн туруп кетейин дейт, бирок керебеттен түшө электе кусуп ийчүдөй. Ошол алкымына тыгылган муштумдай ачуу зилди кайра жутуп, кыбыроодон коркуп жатат.

Бир маалда Сейдакмат сырттан чоң чара төпөлөмө этти булоолонтуп көтөрүп кирди. Араң жеткирип, Орозкул менен Көкөтөйдүн алдына койду. Артынан катындар кирди шорпо-шилең алып.

Баары оңдоно отурушту. Сейдакмат алдына чогултуп алган стакандарга арак куя баштады.

– Мен бүгүн арактардын командиримин, – деди ал бурчта тизилген көп шишеге баш жаңсап.

Элдин арты болуп Момун кирди. Демейде чүрүшкөн чал бүгүн таптакыр чөгүп, соолуган картөшкөдөй болуп калыптыр. Ал этек жактагы бир орунга кыпчылмакчы болду эле, Көкөтөй айкөлдөнүп, жанына чакырды.

– Быякка өтүңүз, аксакал.

– Отура бер, балам, биз өз кишибиз,– деди Момун.

– Өтүңүз, жарыктык. Арабыздагы аксакалыбыз сиз болсоңуз, улагада каласызбы. Болбойт, – деп Көкөтөй чалды Сейдакмат экөөнүн ортосуна отургузду. – Кана, аксакал, бүгүн жолдуу болдуңуз. Сөз жолу да сизде, тилек айтыңыз, ичип жиберели.

Момун чал тамагын кырына жөтөлүп алды.

– Ушул үйдүн ынтымагына деп ичкиле. Ынтымак бар жерде ырыс бар, балдарым.

– Туура! Жакшы сөз! – деп туш-туштан жаалай стакандарын ооздон нары коңторуп жиберишти.

– Өзүңүзчү! Мунуңуз жарабайт! Күйөө балаңыз менен кызыңызга ынтымак-ырыс каалап, өзүңүз ичпей койгонуңузга жол болсун, – деп, Көкөтөй кысынган чалдын айласын түгөттү.

– Ынтымак-ырыстан кантип тартынайын, – деп Момун шашкалактап калды.

Толтура стакан аракты аптыга жутуп жиберип, кулагы туна баш чайкап отуруп калганда беркилердин баары таң эле болду.

– Баракелде!

– Көрдүңбү биздин абышканы, далай жигит жолдо калат.

– Азаматсың, абышка!

Баары күлүп атышты, баарынын көңүлү жайдары, абышканы мактап жатышты.

Арак менен тердин каңырсыган жыты толуп, үй ичи быкшып турду. Бала жүрөгү айланып, көңүлү караңгылап жатты. Көзүн чылк жуумп, тиги дуулдап отургандар Мүйүздүү Бугу-Эненин этин былчылдата чайнап, күшүлдөй-бышылдай сугунушуп, бири бирине устукан сунушуп, май колдору батташкан стакандарын кагышып, мүлжүнгөн куу сөөктөрдү бош чарага таштап жатышканын аргасыз угуп, бала жийиркенип жатты.

– Тайдын этинен да артык экен ээ! – деди Көкөтөй майланышкан калбык эрдин чопулдата сорунуп.

– Корук толо жапан түлүк мал болсо, эт чүйгүнүн жебей макоо бекенбиз, – деди Орозкул.

– Ороз абам туура айтат, өзүбүз тоо-ташта жашасак, жинди белек, – деп Сейдакмат коштоду.

Мүйүздүү Бугу-Эненин этин баары мактап жатышты: таенеси да, Бекей таежеси да, Гүлжамал да, атүгүл таятасы да мактап жеп жатты. Балага да устукан сунушту, боор-бөйрөгүнөн кесип беришти, «жей кой» деп кыйнашты, бирок бала башын чулгуп болбоду. Анын сыркоолоп жатканынан көп зордошподу, кайра жөн коюшту.

Бала тиштенип кыймылсыз жатты. Ал жүрөгү айлангандан карманып тиштенбеди, Мүйүздүү Бугу-Энени өлтүрүп, этин жеп жаткан мобу кишилерди эчтеме кыла албаган алсыздыгына жаны кашайып, ыйлап жиберүү-

дөн карманып, тиштенип жатты. Кантип жазалап, кантип Эненин кунун кууштун ар түркүн жолун ойлоду, эмне кылганда булар эң жаман кыянатчылык иш кылганын билер эле, канткенде булар өкүнүп бармактарын тиштенер эле, кудайга зар какшап ыйлаар эле, ошонун жолдорун ойлоп жатты. Бирок колунан келээр айла таппады. Акыры кыялында Кулубекти чакырды, арманын ошого айтмак болду. Баланын оюнда бул дүйнөдө коргоп алары, жардам берип, өч алып берери баягы бороондуу түндө буюгуп келген шофёр жигит болду. Орозкулга ошол Кулубек байкесинин гана алы жетет, желиндей салаңдаган бетине жаба түкүрүп, бул өлтүргөнү өзүнө бешик апкелчү Мүйүздүү Бугу-Эне экенин көзүн чукуп көрсөтө алар ошол гана байкеси. Бу дүйнөдө башка таянары калбады баланын.

...Баланын чакырганына жүк машинесин дөңкүлдөтө айдап, Кулубек жетип келди. Кабинадан автоматын кезей кармап ыргып түштү да:

– Кайда алар? – деди жаалданып.

– Алар буякта! – деп бала алдынан чуркап чыкты. Экөө чуркап барып Орозкулдун эшигин шарт ачты.

– Былк этпегиле! Колуңарды көтөргүлө! – деп каардуу кыйкырып, Кулубек босогодон автоматын кезей кармады.

Отургандар селейе катты, көздөрү чанагынан чыкты. Эт жеп жатканы жута албай какады, устукан кармаганы кармаган бойдон, тиштегени тиштеген бойдон, майланышкан ууртун жалаганы тилин тылтыйтып чыгарган бойдон былк этпей отуруп калышты.

– Тургун, ит! – деп Кулубек автоматын Орозкулдун чыкыйына такады.

Орозкул калчылдап, мукактанып, Кулубектин бутун кучактай жыгылды.

– Жансоога, өлтүрбөсөң мени!

Кулубек кайтпады.

– Чык эшикке, айбан! Күнүң бүттү сенин! – деп май көчүккө керилип туруп тепти эле Орозкул төрт аяктап тоңкоңдоп барып, анан теңселе туруп эшикке чыкты.

Тиги эси чыгып, ооздорунан кеби түшүп калгандар да сыртка чыгышты.

– Дубалдын түбүнө тур! – деди Кулубек Орозкулга. Мүйүздүү Бугу-Энени атып өлтүргөн айыбыңа, бешик илип келчү мүйүзүн омура чаап алган айыбыңа, сен өлүм жазасына тартыласың!

Орозкул жүзтөмөндөп чаңга кулады, бери сойлоп, өңгүрөп ыйлап, онтолоп жалынды:

– Жансоога, өлтүрбөсөң экен. Артымда калар туягым жок. Бу дүйнөдө коколой башым. Уулдан да жок, кыздан да жок менде...

Жанагы дөгүрсүгөн зөөкүрлүгү кайда кеткен Орозкулдун? Көзүнүн жашы он талаа, чаңга жуурулуп, бети-башы шакмар, бооруң ооругандан түкүрүп басып кеткиң келет. Мындайды өлтүрүүгө кол барбайт.

– Мейли, өлтүрбөйлү,– деди бала Кулубек байкесине. – Бирок бу киши буерден кетсин, экинчи жолобосун. Биздин жер мындай кишиге жай эмес. Жоголсун!

Орозкул ордунан араң туруп, шыпырылган шымынын кашатын кармаган бойдон курсагын салаңдатып, килтеңкилтең жүгүрө караңгыга кире качты.

– Эй, токто! – деди Кулубек. – Биздин бүтүмдү угуп кой! Сен эч качан бала көрбөйсүң! Сен бузуку, жаман кишисиң. Сени эл жаман көрөт. Сен элге батпайсың, жерге да батпайсың, сени токой да албайт, суу да албайт. Өлсөң көр да албайт! Сен фашистсиң! Жогол, түбөлүккө карааның өчсүн! Жогол!

Орозкул кылчактабастан качты.

– Шнель! Шнель! – деп каткырган Кулубек тигинин жүрөгүн биротоло түшүрүүгө автоматын көктү карата берип-берип калды.

Баланын мооку канып, кубанып турду. Орозкул караңгы түнгө сиңип кетти. Ошондо Кулубек эшик алдында айыптуу шылкыйып тургандарга айтты:

– Ушундай киши менен кантип жанаша жашап жүрөсүңөр? Уялсаңар боло!

Адилеттик орноп, бала жеңилденип калды.

Ушинткен өз кыялында ишенип алган бала кайда, кандай күндө жатканын унутту.

...Жапырт каткырган мас күлкү баланын таттуу кыял дүйнөсүн бороон алгандай бузуп кетти. Көзүн ачып кулак салды. Таятасы отургандардын катарында жок экен, сыртка чыгып кетсе керек. Аялдар чай бергенге камынып, дасторкондун үстүн жыйнап жатат. Сейдакмат бир окуяны каркылдап айтып, калгандары каткыра күлүп угуп отурат.

– Анан эмне болду?

– Айт, ии, анан?

– Жок, Сейдакмат, жанагыны кайра айтчы,– деп күлкүгө ыкшыган Орозкул ичин басып, ойдолойт. – Жанагы түрмөнү айтчы. Кантип коркуттум дейсиң? Ой, боорум-ай!

– Анан ошол, өңүп бардык,– деп Сейдакмат сурагандьы кайталап айта баштады. – Маралдар үчөө тек токойдун четинде турган экен, биз жебе атым жерге жакын барып калдык. Аттарды байлап коюп, ары басалы десем, чал мени кармап калды. «Болбойт, марал атсак оңбойбуз, – дейт калчылдап. – Биз бугулукпуз. Мүйүздүү Бугу-Эненин балдары болобуз» деп, мени умсунган баладай жалдырай тиктейт. Күлкүм келди, каткырып ийсем маралдарды үркүтөмбү деп, чалдан жүзүмү жашырып ары-бери толгондум. Анан күлкүмү бастым да, түс үйрүп: «Сен эмне, абышка, түрмөгө түшкүң келип калганбы? – дедим сестентип. – «Койчу, кудай бетин ары кылсын»,– дейт. – «Анда мага бай-манаптын жомогун айтпагын. Бул сөздөрдү, билесиңби, илгери элди эзген бай-манаптар ка-

раңгы кедейлерди коркутуш үчүн ойлоп тапкан!» Ошентип койсом, абышкам үрпөйүп, оозун ачып калыптыр. «Койчу? – дейт элейип». – «Койбой эле ошондой,– дедим. – Мындай эски сөзүңдү мага экинчи угузбагын. Болбосо сакалыңа карабайм, жазчу жерге жазып жиберсем, сөөгүң түрмөдө чирийт».

– Ха-ха-ха! – лап жапырт каткырып калды отургандар.

Баарынан да Орозкул жыргап күлүп жатты. Сейдакмат болсо апыртып-жапыртып аңгемесин ары улады:

– Анан өңүп илгери жылдык. Кийик болсо алдагачан шыбыртыбызды туюп, изин суутмак да. Маралдар маңыроо келет экен, бизди тоготпогондой оттоп тура беришти. Тоготпогонуңарды азыр көрөбүз деп мен баратам. Мылтыкчан мен алдыда, жөрмөлөй ээрчип абышка артымда. Анан ойлодум, кокус жаза атып алсам, кантем, өмүрүмдө чымчык атып көргөн эмесмин. Анан калса маралыңдын сүрү да катуу болот экен, муундарым калтырай баштады. Тийбей калса кетти да, токойдун арасында куштай учкан немелерге жетүү кайда. Кой, ишенимдүү колго берейин дедим мылтыкты. Абышканы болсо, билем, кезинде аюу атып жүргөн мергенчи. «Ме, мылтыкты карма, – дедим, – сен ат, абышка». Болбойт, тим эле калч-калч этет, ээгиндеги эки тал сакалы дирилдейт. «Өзүң ат», – дейт. «Ой, мен деген мас»,– дедим, анан кара күчкө темтеңдеп койдум. Суудан устунду алып чыкканда жылынганга деп силер менен бир шишени бөлүп ичпедик беле, аны чал көргөн да. Мен булдурап сүйлөп, темтеңдеп калдым.

– Ха-ха-ха!..

– «Мен тийгизе албайм, – дедим. – Маралдар үркүп кетчү болсо, кайра көзгө түшпөйт. Куру кол кайтсак шерменде болбойбузбу. Аны өзүң билесиң. Ойлосоң, бизди быякка ойноп кел деп жумшады беле?» Абышкам унчукпайт. Мылтыкты да албайт. «Өзүң бил анда», – де-

дим мен. Мылтыкты таштадым да, кетмекчидей бурулсам, чал мени ээрчиди. «Мага баары бир,– дедим,– Орозкул иштен кууп жиберсе, совхозго кирип кетем. Карыганда сага кыйын болот го?» Абышка ойго батып, кыйналып калды. Мен ого бетер айласын кетирип, мас болмуштай акырын ырдап бастым:

Будур-будур тоолордон,
Буура минип түшөбүз.
Бу дүйнөдө не кызык,
Абышка,
Буулугуп арак ичебиз!..

– Ха-ха-ха!..

– Мени чын эле мас экен деп ойлоду абышка. Кайра мылтыкка кетти. Мен да кайрылдым. Биз ошентип «сен», «мен» деп турганча маралдар нараак жылып кетиптир. «Атсаң азыр ат, чочуй электе,– дедим. – Көрдүңбү, кеткени турушат». Чал мылтыкты алды. Өңүп илгери басты. Мен да артынан жылдым. Жөрмөлөп баратат да, эриндери кыбырап, кеңкелестенип бирдемелерди: «Кечир, Мүйүздүү Бугу-Эне, кечир…» – деп күбүрөп барат. – «Билип койгун,– дедим мен,– жаза атып алсаң, эки колуңу мурдуңа тыгып барып көзүнө көрүнбө, а көрө маралдар менен кошо жогол».

– Ха-ха-ха!..

Каңырсыган арактын жыты менен кулак тундурган каткырыктан баланын башы ооруп, кулагы тунуп, аба жетпей жатты. Оорудан башы сынып, как жарылып бараткансыды. Бирөө анын башын тепкилеп, балта чаап жаткансыды. Бирөө анын көзүнө балта мээлегенсип, бала чабалактап, башын толгой берди. Эти ысып-күйүп, бир маалда ал муздак сууда агып бараткансыды. Ал балык болуп кубулуп баратты. Куйругу, денеси, канаттары балыктыкы, башы гана өзүнүкү бойдон калып, ооруйт да ооруйт. Кулак тундурган суунун караңгы түбү менен сүзүп,

бала эми биротоло балык болуп калууну ойлоду, кайра тоого кайрылбас болду. «Кайрылбайм да, келбеймин,– деди ал өзүнө. – Балык болуп кеткен жакшы, балык болуп кеткен жакшы...»

Бала керебеттен жылбышып түшүп, темтеңдей басып эшикке чыкканын үйдөгүлөрдүн бири байкабады. Бурчтан бурула берген жерде бала кармана албады, окшупкусуп жиберди. Дубалды таяна эңкейип, окшуганына муунуп, көзүнөн жаш куюлуп, бала онтоп турду, ыйлап турду, булдурап сүйлөп турду:

– Жок, мен балык болгонум жакшы. Сүзүп кетем буерден. Балык болгонум жакшы.

Орозкулдун терезесинен бакылдаган мас үндөр угулуп жатты. Кээде айнек зыңгыраткан жапырт каткырык чыкса, баланын дене-бою дүркүрөп, жаны кейип, жыйрыла түшөт. Баланын көңүлү жүрөк үркүткөн ушул дооштон айланып жаткансыды. Кичине эс алып, бастырманы айлана басты. Эшик алды ээн эле. Кемегенин жанында мас таятасы сулап жатканын көрдү. Мүйүздүү Бугу-Эненин омура чабылган мүйүзүнүн түбүндө жатыптыр чал. Балтага жанчылган баштын калдыгын ит кемирип жатат. Башка эч ким жок.

Бала эңкейип, таятасын ийинден булккулады.

– Ата, жүр, үйгө барабыз. Жүр, ата.

Таятасы эчтеме укпады, үн катпады, башын көтөрө албады. Үн катканда балага берер жообу кайсы эле?

– Турчу, ата, үйгө баралы,– деди бала ыйламсырап.

Момун көкшүн[1] бул жерде Мүйүздүү Бугу-Эненин кунуна боюн таштап жатканын, бейбак кызы менен тирүүлөй жетим небереси үчүн өзү күндө жомоктоп айтып, ыйык тутуп жүргөн ата-бабанын арбагына, абийир-ызаатына, умай эненин осуятына аргасыздан мылтык кезеп ок атканын баланын көкүрөгү түшүндүбү-жокпу, ким билсин...

---

[1] к ө к ш ү н – картаң.

Абышка болсо кайгыга башы малынып, кылмышынын шерменделигине жүзү булганып, баланын үнүнө баш көтөрүп, жүзүнө дит багып карай албай жер тиштеп, сулк жатты.

– Ата, башыңы көтөрчү, – деп жалынды бала, алсырап араң кыймылдап, эриндери дирилдеп, колу калтырап турду бала. – Ата, бу менмин. Угуп атасыңбы? Ата, башым айланып баратат. Ата, кыйналып атам, – деп бала ыйлап жиберди. – Башым катуу ооруп атат, жаман катуу ооруп атат.

Абышка онтоп алды, кыбыр этти, бирок эсин жыйбады.

– Ата Кулубек байкем келеби? – деди ый аралаш. – Айтчы, ата, Кулубек байкем келеби? – деп таятасын булккулады.

Абышка онтоп капталына оодарылды. Мас кебетеси ылай-чаңга булганып, сакалы жулмалангандай жүдөгөн көрүнүшү суук. Таятасынын суук кебетеси балага көз ирмемче алиги Орозкул балталап, топурак-канга жуурулуп жаткан маралдын башына окшоп кетти. Бала азабою үркту, кетенчиктеп боюн ала качты.

– Мен балык болуп кетем. Уктуңбу, ата, мен сүзүп кетем. Кулубек келгенде айт, мени балык болуп кетти де.

Ушуну айтып, эси чыккан бала кетенчиктей берди.

Абышка жооп кайтарбады, үнсүз жатты.

Бала андан ары кетти. Суу жээгине түштү. Ошо бойдон токтобостон суруга кирди...

Бала балык болуп, суу менен сүзүп кеткенин эч ким туйбады. Мастар башаламан чурулдап ырдап жатты:

Адыр-адыр тоолордон,
Айгыр минип түшөбүз.
А дүйнөдө не кызык,
Туугандар,
Айкырып арак ичебиз!..

Ошентип сүзүп кеттиң, чырагым. Кулубекти күтпөдүң. Күткөнүңдө болмок. Алдын тосуп, жол менен чуркаганыңда болмок. Бир топко талбай чуркап барганыңда Кулубек алдыңан чыкмак. Машинесин алыстан таанымаксың. Кол көтөрсөң, машине токтомок.

– Сен кайда? – деп сурамак Кулубек байкең.

– Сага! – демексиң.

Ал сени машинесине түшүрүп алмак. Экөөңөр жөнөп бермексиңер. Машине жарык кылган жол менен алдыңарда соорусу күмүштөнүп Мүйүздүү Бугу-Эне чуркап отурмак. Ал эч кимге көрүнмөк эмес. Сен гана көрүп бармаксың.

Бирок, күтпөдүң, сүзүп кеттиң. Эч качан балык болуп кубула албасыңды билдиң бекен? Ысык-Көлгө сүзүп жете албасыңды билдиң бекен? Көл бетинен ак кемени көрүп: «Арыба, ак кеме, мен келдим!» – деп эч качан кыйкыра албасыңды билдиң бекен?

Бала жүрөгүң арамдык менен кыянатчылыкты кабыл кылбады, балык болом деп сүзүп кеткениңен мен ушуну билдим. Эми менин көңүл жубатарым да ушул. Бир жарк этип, жалп өчкөн чагылгандай жашап өттүң. Чагылганды Көк Теңир чагат. Көк түбөлүктүү. Менин көңүл жубатарым ушул.

Дагы бир көңүл жубатарым: адамдагы балалык абийир – дандагы түйүлдүк сыңары. Түйүлдүгү жок дан өспөйт. Бу дүйнөдө кандай күндү баштан кечирбейли, бирок адам туулуп-өлүп турары чын болсо, акыйкаттык түбөлүк жашаары чын...

Эмесе сени менен коштошоюн, бала. Коштошоюн да, сенин сөзүңдү айтайын: «Арыба, ак кеме, мен келдим!»

## ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР

*(Уулум Аскарга)*

Аксай менен Көксайым
Жер соорусу турбайбы...

*(Кыргыз эл ыры)*

Иовго келип чабарман кабар салды:
«Тукумуңду кылычтап кырып салды...»

*(«Иовдун» китеби)*

Кошчулар удаа-удаа жер аңтарып.
Дыйкандар удаа-удаа үрөн септи.
Көк Теңир үстү-үстүнө жамгыр төктү...
Адамдар үмүт менен жер оодарат,
Адамдар үмүт менен үрөн себет,
Адамдар үмүт менен деңиз чалат...

*(«Тхерагатха. 527–536.*
*Байыркы Индостан адабиятынан).*

### I

Ирик түймө жүн жоолугун ороно салынса да болбой үшүгөн Иңкамал-апай өзүнөн бетер көк тумшук болуп отурган балдарга география сабагында Цейлон аралы жөнүндө узун сабак кызык жомок айтып жатыры. Дубалдагы картадан карасаң, Цейлон деген уй желининен тамган тамчы сүттөй болуп, Индостандан чоң океанга үзүлүп түшүп турат. Иңкамал-апайдын сөзүн уксаң бир

укмуш: маймылы бакта ойногон, пилдери токой жойлогон; банан деген мөмөсү шактан ийилип, оозго түшүп турат дейт, дүр-дүнүйө жайнаган, жерден кылтайган өсүмдүгү мөмө-чөмө байлаган жер дейт. Дагынкысы дагы бар: жыл маалы кыш түшпөй, жалаң гана жай болуп турат экен, өтүгүм жок эле, тумагым жок эле, жылаңач элем деп санаа тартпайт экенсиң. Андай болсо да отун-суу деген кыжаалаттыгың да жок. Талаадан куурай оруп, чоң көтөрүм отунду арчынданып үйгө жеткиче өлүп-талбайт экенсиң. Ана, жашоо деп ошону айт! Эки колду чөнтөккө салып, чыйт түкүрүп коюп жүрө берет экенсиң. Эриксең күнөстө, зериксең көлөкөлө. Жай артынан жай келип, күнү менен түнү бирдей жыргал. Ысыласаң керээли кечке сууга кирин. Суудан жадасаң төө куш кубалап ойно. Цейлондо төө куштар болуш керек, аерде болбогондо каерде болмок. Тартаңдаган бечаралар, төө сыңары макоо жан окшобойбу. Бирок Цейлондо тил билген эстүү куштар да бар. Алиги тотукушчу. Кармап алып, ырдаганды, күлгөндү, ал аз келсе бийлегенди да үйрөтүп, мына ошондо кызыкка батасың. Тотукуш ошондой куш, ар өнөр келет колунан. Айтып жүрүшпөйбү, окумал тотукуштар да бар имиш. Айылдан ким-бирөө Жамбылдын базарынан тотукуш көрүптүр. Тумшугуна гезит кармасаң тим эле шатыратып окуйт дейт...

Эмнесин айтасың, ажайып-укмуштун баары Цейлондо. Кардың ток, кайгың жок, жүрө бер көчөнү как жарып. Бирок, плантатор деген байдын көзүнө чалынба. Колунда дайым узун шапалак дейт, Цейлондуктарды кулдай жумшап, кулакка чаап иштетет экен. Эзүүчү ит да! Тайманбай барып, чыкыйга бир берсең, көзүнөн от чагылгандай кылып. Шапалагын тартып алып, өзүн сабап иштетсең. Эзүүчү болобу, капиталисти болобу, көзүнө карабай, ак эмгегиң менен нан таап же десең! Болбосо фашист ошо иштебей кутурган арам тамактардан чыгып отурбайбы... Согуштун болгону да ошолордун кесепети...

Карачы, бир айылдан эле канча киши фронтто апат болду. Апасынын көзүнөн аккан жашы онталаа, сүйлөбөйт, атаңардан ажырап калсак кантебиз дейт. Абысын-ажынга айтыптыр: анда мен чиедей төрт балам менен көргөн күнүм не болот деп, ыйлаптыр...

Үшүп отурган балдардын ичинен бирөө ыкшып жөтөлсө сөзүн токтото калып, өзү далысын күүшөп коюп, суук класста Иңкамал-апай Цейлон жөнүндөгү, көк деңиз, ысык жерлер жөнүндөгү сабагын өтүп жатыры. Кулагы уккан укмуштарга биресе ишенсе, биресе ишене албай Султанмурат отуру. Цейлондо туулбай калганына ичи күйөт. «Ана турмуш, ана жашоо!» – деп санаасы алыста жүрсө, көз кыйыгы менен терезеде. Мугалимди тиктеп отургансып, бирок байкатпай терезеге көз кыйыгын салып, сыртты карап отура берчү. Азыр сыртта кар учкундап жаап, айнекке тийген кымкары кашектин бурч-бурчуна үйүлүп жатыры. Айнек түнөрүңкү тартып, чет кырындагы жылчыгынан суу сарыгып, сыя төгүлгөн түбүнө тоңуп калган. «Цейлондо терезенин деле кереги жок го,– дейт анда Султанмураттын чабыттаган оюу. – Кереги эмне? Атүгүл тамдын кереги эмне? Эки талдын башын ийип, чоң алачык куруп ал да, жашай бер...»

Терезеден үйлөгөн суукка Султанмураттын оң капталы муздагандан муздап баратат. Кашекке тийген шамалдын ышкырыгы кулак түбүнөн ызылдайт. Бирок чыдабаска чара жок, Иңкамал-апай аны атайы отургузган. «Балдардын арасында тирикарагы сен эмессиңби, чыдаарсың», – деген. Суук түшө электе бул орунда Мырзагүл отурчу, аны Султанмураттын ордуна которгон. Аерге мынчалык суук жетпейт. «Мырзагүлдү деле жаныма калтырып койбойбу, терезе жакка мен эле отурбайт белем,– деп Султанмурат ичинде сызып калган. Бир партада жанаша отура беришмек. Эми танаписте жанына жолосо манаттай кызарат. Башкалар менен аралашып ойноп

жүргөнү, а Султанмурат барса эле кызарып, качып кетет. Артынан кубаламак беле. Анда балдар ого бетер күлбөйбү. Баарынан да береги чунак кыздар саал эле болсо: «Султанмурат + Мырзагүл = эки ашык» деп кагаз жазып, партадан партага таратат. Башынан Мырзагүл тартынбай жүргөндө отура беришмек, минтип сөз да чыкмак эмес...

Сыртта кар уюлгуп жаап жатыры. Күн ачыкта карасаң, тоолор даана көрүнүп турар эле. Мектеп айылдан жогору, бийик дөңсөөдө. Айыл этекте. Мектептен карасаң, туш-тарап далай жерлерге чейин алакандын отундай көрүнөт. Тоонун алыскы ак карлуу кыркалары да сүрөттөгүдөй болуп шаңкайып турат. Азыр мобу кар уюлгуган боз мунарыкта береги Улуу-Тоонун карааны араң байкалат.

Бут какшады, кол көк муштум болду. Жон муздап тоңуп баратат. Класстын суугу ай! Согуштан мурда класстагы мешке көң жакчу эле. Көмүрдөй ысытчу кой көңү. Эми саман жагып калды. Саман да отунбу, дуу этип бат күйөт да, жалп өчөт. Бир көтөрүп келген саман эки жагымга араң жетет, анан топонун бырыксытып-быкшытып түтөтүп отурмай.

Кап десең, Таластын аба ырайы деле тиги ысык жактагыдай болсо кана. Аба ырай жакшы, жашоо-турмуш да башкача болмок. Адыр-адырда пилдер жүрмөк оттоп. Бирин өгүздөй чүлүктөп минип алсаң. Минсе эмнеси бар экен. Султанмурат алды менен минмек. Китептеги сүрөттөй болуп дал көк желкесине, эки калдыркан кулактын түбүнө конуп алып, айылды аралата бастырмак. Эл жарданып: «Карасаңар эй, Султанмурат го тиги, Бекбайдын уулучу, пил минип келатат, ой!» – дешип чуулдап ээрчип жүрсө. Ошондо Мырзагүл да көрүп, ичи күймөк ээ. Чала болмок, сулуу деп койсо, тим эле жанына жолотпой ыргыштап калыптыр... Анда Султанмураттын маймылы да болмок. Гезит окуган тотукушу да бол-

мок. Аларды учкаштыра келмек. Пилдин жонуна бир класс баланы мингизсең да батпайбы. Башкасын билбесе да Султанмурат аны жакшы билет, анткени, пилди өз көзү менен көргөн. Кадимки пилди, маймылды, дагы бир түркүн жан-жаныбарларды Султанмурат көрүп келгенин элдин баары билет. Аны өзү да далайларга далай жолу айтып берген. Э, эми андай болмок кайда...

Султанмураттын эси-көөнүнөн чыкпай калган бул окуя согуш чыгар алдында, согуштан мурдагы жайда болгон. Чөп чабык кез эле. Атасы Бекбай жергиликтүү МТСке[1] Жамбылдан жер май ташыйт. Ар бир колхоз унаа бөлүп берүүгө милдеттүү. Ошол үчүн Бекбай да тамашага чалып барктана кетээр эле: мен деген көрүнгөн арабакечтин бири эмесмин, мен деген алтынга бергис, күмүшкө көргүс арабакечмин, ойлочу, арабам, кош атым, менин керт башым үчүн колхоз казынадан каржы алып жатыры. Баңкенин акчасын колхоздун чөнтөгүнө оодарып төгүп берип жаткан киши менмин, билсеңер. Ошол үчүн колхоздун бухгалтери мени көргөн жерде аттан түшө калып салам берет...

Бекбайдын арабасы да атайы жер май ташыганга ылайыкталып жасалган. Тактасы жок, узун катар эки устун, экөөнүн ортосундагы чуңкур жүлгөгө темир бочкеден экөө бататат. Эң алдындагы «көчүк басар» эки кишилик орун бар. Болгон-турганы ушул. Бекбайдын кошкону тандалма аттар боло турган. Эки ат тең кынык алган, катар желсе жаңылып бут таштабаган аттар. Бири – Чабдар, экинчиси – Чоңтору. Ат жабдыгы да келишкен. Моюнчак менен жан кайышы казыналык. Таңке тартсаң да үзүлбөйт. Алыс жолдо антпесе болобу. Бекбай ар бир иште тыкан, камбыл киши эле. Аттары дайым табында. Чабдар менен Чоңтору жалын көккө серпип, кызый жүрүп бергенде соорулары бирдей чайпалып,

---

[1] МТС – машина, трактордук станция.

жанаша жорткон эки жолборстой көрүнөр эле. Дөңгөлөктөрдүн калдыртын алыстан уккан адам: ии, Бекбай Жамбылды карай жөнөдү дээр эле жазбай таанып. Бир күнү барып, эртеси келип калчу. Жүз чакырым жерден келатканы сезилбей Бекбайдын аттары тың кайтар эле. Көргөндөр таң калып: «Бекбайдын арабасы темир жол менен келаткандай жүрөт», – деп шыпшынып калат. Таңыркаштын да жөнү бар. Жаман ат тарткан арабанын жүрүшү дөңгөлөктөрдүн кыйчылдагынан билинет. Тушунан өтүп кеткиче кулак-мээни жеп кетет. Бекбайдын аттары качан көрсөң тың. Жооптуу иштердин дайым Бекбайга тапшырылганы да ошондон улам.

Ошентип мурдагы жылы окуу аяктап, жаңыдан каникул башталган, бир күнү атасы айтып калды:

– Шаарга алпарып келейинби, ыя?

Султанмурат кубанганынан дабдаарый түштү. Ананчы! Шаарды көрсөм дегенде эки көзү төрт болуп жүргөнүн атасы кайдан биле койду. Жаша!

– Бирок сен көп дардаңдаба,– деди атасы мыйыгынан жылмайып,– ини-карындаштарың туюп калса, экөөбүздү карыш жылдырбай коюшат...

Мунусу да туура. Үч жаш кичүү Ажымураттын көктүгүн айтпа, жак дегенин бербейт. Атасы үйдө жүргөндө ээрчигени Ажымурат гана. Бекбайдын андан башка баласы жоктой. Кийинки эки карындашы али жерден боорун көтөрө элек бөбөктөр, бирок алар да ыйлап атып атасына бир асылып калышаар эле. Бирок Ажымураттыкы айрыкча, ал атасын мынчалык жакшы көрүп, ач кенедей жабышып аларына коңшулар да таң. Аруукан деген коңшу кемпирден элдин баары сестенип турушчу, мүнөзү катуу, өзү каржайган сөөктүү, чаңырып сүйлөгөн киши эле. Кээде Ажымуратты тарбайган колу менен кулактан аткып, жекирип калчу:

– Ой, какмаар, бала да үшүнтчү беле, мунуң жакшылыктын жышааны эмес! Бир балээ болордо бала үшүнтүп

атасына эзилип калчу эле. Тирүү басып жүргөн атасын ойноок бала ушунчалык сагынат деген эмне шумдук, кокуй! Мунуңар бала эмей эле балаа! Деги койдурсаңар болбойбу, бул жакшылыктын жышааны эмес, жоругуң жолдо калгыр!

«Өз башына көрүнсүн, какбаш!» деп, апасы кемпирдин артынан жерге үч түкүрүп, анан атасына ашкере элжиреп кеткен Ажымуратты көк желкеге бир муштап, үйгө кубалап кирип кетер эле. Бирок Аруукан энеге бет келип каяша айтуу жок.

Эми ойлосом, Аруукан эненин айтканы тегин сөз эмес экен. Ошондой эле болбодубу акыры. Ажымуратка гана боору ооруйт. Ал азыр эс тартып калды, үчүнчү класста окуйт, айрыкча апасынын көзүнчө аяптоор токтоо, бирок акыйып жол карап, атасын сагынып жүрөт. Уктаар алдында да келме келтиргенден бетер «Жаттым тынч, жаздыгым – кенч, дилим ак, тилегеним атам эртең келсе экен»,– деп шыбырап жатат. Күндө ошол. Апасы үйрөткөн келмени ал ушинтип өзгөртүп алган. Уктап ойгонсо эле баары өзгөрүп калчудай ойлойт.

Иши кылып тилегине жетсе болду, атасы согуштан аман келсе Ажымураттыкы эле болсун, ушу баласын эле колунан түшүрбөй, мойнуна мингизип жүрсүн. Деги келсе болду. Атасын аман-эсен көрсө, Султанмурат ошол бактысына ыраазы.

Султанмураттын тилегени – баягы жылы атасы Чүй каналынан кайткандагыдай окуя үйүндө дагы бир жолу болсо дейт. Чоң каналдын курулушуна атасы мурдагы жылы жайында арабакеч болуп кеткен. Ошо барган бойдон жайды жайлата, күздү күздөй топурак ташып, жакшы иштегенине стахановчу болуптур.

Үйгө кеч курун келди. Үйдө отурушат эле, көчөдөн дөңгөлөктөр калдырттап, аттардын бышкырганы угулду. «Ата!» – деп чур этишип, сыртка атып чыгышты. Караса, атасы арыктап, күнгө биротоло капкара болуп

тотуккан, куду ынды каранын өзү. Үстүндөгү кийими да мусапырдан бетер самтыраптыр деп, кийин апасы айтып жүрдү. Өтүгү гана жаңы, кырым өтүк экен. Биринчи жетип мойнуна асылган Ажымурат болду. Ошо бойдон жабышып түшпөй койду. А өзү ыйлап жүрөт:

– Ата... атаке... ата... атаке... – дегенден башка сөз айта албай шолоктоп ыйлап жүрөт.

Атасы аны бооруна бекем кысып, өзү да жашып алыптыр. Аңгыча коңшулар жетип келишти. Ата менен баланын учурашканын карап алып, алар жашыды. Апасы болсо жетине албай делбиреп, алдына бир чыгып, артына бир чыгып, Ажымуратты атасынан бөлө албай күйкөлөктөйт:

– Коё бер эми атаңды! Болду. Жалгыз сен эмессиң го. Башкалар да учурашсын. Олда эси жогум ай. Карачы, атаң менен учурашайын деп эл келди...

Ажымурат атасынан ажыраар ою жок...

Ушуларды эстеп жүрүп, Султанмурат жүрөгүнөн бирдеме козголуп, ачуу ысык тоголок тамагына келип тыгылганын сезди. Каңырыгы түтөдү. Оозунун ичи туз даамдана түштү. Эч качан ыйлабайм деп эрдемсинип жүрбөдү беле. Аны ойлоп, тиштене баш чулгуп алды.

Сабак дале жүрүп жатыры. Иңкамал-апай эми Ява, Борнео, Австралияны айтып турган экен. Дагы уксаң, дагы укмуш жерлер, суугу жок – түбөлүк жай. Крокодили, маймылы көп, пальма өскөн кулак укпаган ажайып нерселер. Кеңгурусун айтсаң – укмуштун укмушу го. Күчүгүн боор баштыгына салып алып, чаап жүрө берет дейт. Ойлоп тапканын карасаң, жок, ошол өзү ойлоптурбу, табияттын жаратканы да...

Султанмурат кеңгуруну көргөн эмес. Көрбөгөн нерсени көрдүм демекпи. Бирок көрбөгөнүнө ичи күйөт. А жанагы пилди, маймылды, дагы бир топ жан-жанубарларды жакын жерден, өз көзү менен көргөнү ырас. Колун сунса жеткидей эле жерден көргөн.

Эртең шаарга алпарам деп атасы айткандан баштап, Султанмурат жанын коёр жер таппады. Эртеңи качан болот деп, шаарга качан жетем деп, өпкөсү көптү, бирок мактанып бирөөгө айтуудан тартынат. Ажымурат билип калды дегиче, эмнеге Султанмурат барат, мен барбайм, атам эмне үчүн аны алпарат да, мени алпарбайт деп өңгүрөп ыйлап, чоң чатакты баштады дей бер. Анда кантмек? Ошол үчүн Султанмурат эртеңки сапарга кутүнүп, кымылдап да жүрдү. Инисинин алдында күнөөлүүдөй кичине коомайланып да жүрдү. Бир учурда ини-карындаштарына айтып алгысы келип, айтып коё жаздап араң карманды. Бирок атасы, айрыкча апасы катуу тыйып койбоду беле. Алар билсе да силер жолго чыккандан кийин билсиң, болбосо жибербей коёт деген. Ошол үчүн сыр жашырып күн кечкиртиш кыйынга турду, жарылып кете жаздады. Бирок, ал күнү Султанмурат өтө дилгир, өтө боорукер болуп кетти. Үй-тиричиликтин баарын өзү бүтүрдү. Торпокторун жылдырып аркандай коюп, анан огороддо картөшкөнү түптөп жиберди. Кир жууп жаткан апасына суу апкеле коюп, кенже карындашы Алматай баткакка жыгылып калса, айттырбай жууп жиберди. Дагы бир топ иштерди бүтүрүп койгонсуду. Кыскасы а күнкү элпектигине, ылдамдыгына апасы да бырс күлүп, жетине албай отурду.

– Атаа кудай жалгагыр ай, бүгүн деги эле карамдуусуң го? – деди апасы күлкүсүн жашырып. – Дайыма ушундай болсоң кана. Бирөөнүн суук көзү чалбагай эле. Же шаарга барбай эле койсоңчу, мага жардамың керек болор?..

Бирок мунусу тим эле сөз болчу. Жол азыкты бая эле камдап, нан бышырып, шишеге май эритип куюп койгон. Дагы бирдемелерди даярдап жүргөн апасы.

Кечкисин самоорду маңдайга коюп, эшикте алманын түбүндө чогуу баары ысык нан, бал каймак менен чай ичишти. Атасы кенже балдарынын ортосунда отурду, бир

колтугунда Ажымурат, бир колтугунда эки кызы. Апасы чай куюп, Султанмурат пиала сунууда. А оюнда ал эртең жол жүрүп, шаарга бараарын элестетип, көңүлү өрөпкүйт. Атасы да бир-эки жолу ага көз кысып койду. Анан Ажымуратты тамашага чалды:

– Кандай, Ажымтай, карагериңди үйрөттүңбү? – деди чай ууртап отуруп.

– Жок, ата,– деп Ажымурат нааразылана кетти. – Жаман экен эмне. Иттей болуп артыман калбай ээрчип алат да, минейин десем мингизбейт. Откозом, сугарам, бир жолу десең бар эмеспи, мени издеп мектепке жетип барыптыр. Биз танаписке чыкканча терезенин түбүндө күтүп турду, чын, ата, балдардын баары көрдү. Ошентет да, анан минейин десем эле мөңкүп жыгып кетет...

– Үйрөтүп берер кишиң жокпу? – деди атасы кантээр экен дегенсип.

– Мен үйрөтүп берем, Ажыке,– деди Султанмурат токтолбостон. – Сөзсүз үйрөтүп берем...

– Жаша-а! – деп ордунан ыргып турду бала. – Жүр, азыр!

– Кантет, отур ордуңа! – деп апасы кагып койду. – Тынч отуруп эл катары чайыңды ич, анан деле күн бар.

Сөз болуп аткан карагер Ажымураттын кунан чыкма кодиги. Аны балдар минип жүрсүн деп жазында Нургазы таякеси берген. Андан бери аяптоор бели катып калды. Эми үйрөтө берсе да болмок, кол арага жарап турмак. Тегирменге эгин жеткиргенгеби, же отун-суу апкелгенгеби, үй-тиричилик майда иштерге, айыл ичинде эшек табылбаган унаа эмеспи. Эшек болсо да кол бала кылып үйрөтүп алгыла деп берген таякеси. Кодикти баккан Ажымурат. Башкаларга ишенбейт, чөп салган да, аркандап отко коюп, кеч убак сугарып келип, байлаган да өзү. Кодигиме тийбегиле деп турат. Агасы экөө бир жолу ушу кодиктин айынан урушуп да кетишкен. Агасы инисин төпөштөп, кайра апасынан жаза тарт-

кан. Ошондон кийин Султанмурат эр болсоң өзүң үйрөтүп ал деп карабай койгон. Болбосо өзү теңдүү балдардын ичинен Султанмурат торпок-тана, кунан-тай үйрөткөнгө ыкчыл. Бала экен деп санабай, кээде айылдыктар суранып калышат: «Султан, мобу менин жаман баламын тайын үйрөтүп берчи...» Же болбосо: «Султан, айланайын, мобу бакырчак эшекти бир жөнгө келтирчи. Жонуна чымын кондурбас болду. Сенин колуңан эле келбесе...» – деп турушат.

Ушундай даңкка жеткен Султанмурат өз инисине жардам бербей койгон, кайра тиги эки-үч жолу кодигинен жыгылып, боз-ала болуп, чекесин томуйтуп келгенде табалап күлгөн, шылдыңдаган.

– Шашпа, артыңан иттей ээрчиген бу немеден көргүлүктү далай көрөрсүң!.. – деген.

Эми ойлосо чекилик экен, өз үкөсүн көрө албагандай табалап жүргөнү кантип жарашсын. Башта эмнеге ойлободу? Эми эртең шаарга жол жүргөнү турганда, анан калса үкөсүнөн жашырынып кетип жаткандан Султанмураттын бети чымырады, кечирим сурашка даяр болуп, үкөсүнүн бар каалоосун бүт аткармакчы болуп турду.

Чай ичилген соң атасы үчөө огороддун этегиндеги майнап суу түшкөн көк майсанга барышты да, оболу майда таштарды терип таштап, анан «карагерди» жүгөндөштү. Ажымурат мартабалап Карагер деп атаган кодиктин эки шалпаң кулагынан атасы кармап турду, Султанмурат жүгөн катты. Анан чоң намыска белсенген немедей белин бек курчанып, эки алаканына түкүрүндү. Тамаша мына ошондо башталды. Жонуна киши баласы минбей, Ажымуратты ээрчип, эркин өскөн тоңкучак макоо эсирип калган экен, эки-үч ирет Султанмуратты таштап кетти. Бирок Султанмурат ыкчам эле, жеңил жыгылып, тез ыргып туруп, кайра минип, кодикти жүдөтүп жиберди.

«Аттан жыгылсаң жалын төшөйт, төөдөн жыгылсаң чуудасын төшөйт, эшектен жыгылсаң туягын төшөйт» –

деген элде сөз бар эмеспи. Бирок жыгылгандын да эби бар, оодарган каптай куласаң, же кара жаныңа мүдүрүлсөң деле оңбой каларсың. Султанмурат болсо азоо үйрөтүп, мындайдын далайын көргөн. Карап тургандар кыйкырык-сүрөөнгө алып, айрыкча атасы боору эзилгенче ичин тырмап күлдү. Тегеректеги балдар да чуркап келишти. Бирөөн ээрчий келген күчүк кодикти кубалап алды. Ал үргөн сайын кодик ого бетер тоңкучак атты. Бирок ык ала түшкөн Султанмурат осоавиахимчыларча «ат оюн» көрсөтө баштады: чаап баратып карагерден ыргып түшөт да, кайра ыргып минет, же үстүнөн аша секирип, бир нары жагына, бир бери жагына каргыйт.

Согуштун алдында осоавиахимчы атчандар ушинтип машыгышар эле. Сельсоветтин жанындагы чоңмайданга жумуштан кайткан айыл азаматтары чогулуп алып, ат ойнотуп, тизиле сайылган чыбыктарга кылыч чаап, ат жалында ойноп, тегеректеп турган майда балдардын көзүн кызартышчу. Анан мыктыларына алтын чынжырлуу кооз значок тагылчу. Эми ошол жигиттер кайда жүрөт болду экен? Ат ойнотуп чаап жүрүшөбү же окопто тоңуп жатышабы? Атчан аскер бул согушка кирбей калды дешет го…

Султанмурат терезеден сыртты карап отуруп, мындай суукта ат байкуш деле үшүйт го деп ойлоду. Танка болсо бир жөн, суук сезбейт. Бирок баары бир аттан артыгы жок!

…Ошентип Ажымураттын карагерин үйрөткөндө бир кызык болгон. Акыры кодиктин үйрөнбөскө аргасы калбады: бастырсаң басат, желдирсең желет, кайрыган жагына жүрөт.

– Кел эми мин,– деди Султанмурат инисине,– чү де!

Таноолору дердеңдеп, эки бети тамылжып чыккан Ажымурат карагерин теминип, ары бастырды, бери бастырды, оозун ачкан балдарга көрдүңөрбү менин агам кандай кыйын дегенсип, мактанып жүрдү.

Кеч али жарык эле, кара күүгүм кире элек. Үйгө чарчап, бирок көңүлү ток кайтышты. Ажымурат болсо апасына бир көрүнүш үчүн, карагерин эшиктин алдына чейин минип келди.

Анан эчтемеден кабары жок Ажымурат бат эле уктап калды. Султанмурат өрөпкүп көпкө уктай албай жатты. Эртең шаарга барарын, аерден эмнелерди көрөрүн ойлоп, жүрөгү дүкүлдөп жатты. Үргүлөп баратканда атасы менен апасынын күбүр сөзүн укту.

– Экөөн тең ала кетсем бири бирине эрмек болот эле, бирок арабада орун жок, кудай ургурдуку,– деди атасы. – Жол алыс, дагы бир үргүлөп кетип, дөңгөлөктүн астында калабы дейм...

– Койчу суук сөзүңдү! – деди апасы чыйрыккандай. – Кудай сактасын. Дагы бир сааты чыкканда кенжеңи алпарарсың. Кичине чоңоё түшсүн. Мунуң деле эр жетип калган жери жок, жакшылап көз сала жүр, бай болгур...

Таттуу уйкуга көзү илинип бараткан Султанмуратка ата-эненин сөзү жагымдуу угулду, эртең таң эрте атасы экөө алыс сапар жол тартарын ойлоо таттуу болду.

Уктап баратып ал дагы бир жыргал сезимге каалгып учуп жөнөдү. Кантип учушту кайдан билиптир. Адам баласы басат, суудa сүзөт, керек болсо жүгүрө алат. Султанмурат болсо учуп баратты. Куштай болуп канат каккылабады. Кулачын жайып салып, салааларын гана кыбыратып, каалгып баратты. Бу жаркын нурга бөлөнгөн ээндикте ал өзү кайдан учуп келатканын, кайда учуп баратканын билбеди... Бул учуу жан-дилинин учушу эле, эр жетүүнүн учушу эле.

Атасы ийинден акырын булкуп, кулагына шыбыраганда ал селт ойгонду.

– Тур, Султан, кеттик.

Кайраттуу мурут кытыгылап кулагына тийгенде Султанмурат төшөктөн ыргып тургучакты көз ирмемде атасына ичи элжиреп, кандайдыр таттуу сезим көңүлүн сы-

лап өттү. Ушул кайраттуу муруттун кулагына тийгенин, «Тур, Султан, кеттик» деген шыбырын кийин эстеп, каңырыгы түтөй сагынып, эт-жүрөгү сыздап жүрөр катаал күндөр келерин Султанмурат ал учурда билбеди.

Алдагачан турган апасы жаңы жуулган көйнөк, былтыр атасы Чүй каналынан апкелген начальник кийчү чоң шапке, ошондон бери катып жүргөн батинке кийгизди.

– Бутуңу кыспайт бекен?

– Жок, кыспайт,– деди Султанмурат саал кысып турганын жашырып, бир аз басканда калып алып кетер деп ойлоду.

Апасына кош айтышып, атасы экөө жер май ташыган арабаны калдырата көчөдөн чыккан соң айыл этегиндеги чоң суудан өтүп баратып, Султанмураттын жүрөгү дүкүлдөдү, аттардын бутунан чачыраган сууга ичиркенип алды да, эми түшүндө эмес, өңүндө чындап шаарга жөнөгөнүнө көзү жетип, көңүлү толкуду.

Жайдын таңы кулан ээк салып, ак мунарык шоола асманга жайылып келатты. Күн чыгары алыс, тиги ак мөңгүлүү тоолордун нары терең далдасында күнчүлүк жолуна даярданып, жүзүн чайып жаткансыйт. Аздан соң Ала-Тоонун желкеси менен жарк этип чыга келер. Азырынча айлана мемиреп тынч, аба салкын, алдыда чубалып ак даңгыр жол жатат. Атасы экөө айылдан араба айдап чыгып бараткaнын балдар көрбөй калганына ичи күйөт. Арабанын калдыртына ойгонгон иттер гана уйкусуроо күңкүл үрүп кала берди...

Жол Улуу Тоодон эңкейиштеп, те төмөндө күүгүм көктүн шаңында жондонгон Кара Тоону көздөй кашкайып чубалып жатат. Ошол адыр тоонун нары жагында Жамбыл шаары бар. Жол ошол шаарга алып барат.

Түнү бою отто турган кош ат көкүлдөрүн серпип коюп, божу сезбегендей анда-санда бышкырып, көнүмүш калыбында желе-жорто жүрдү. Экөөнө тең бул жол нечен ирет

каттаган тааныш жол. Божуну бош таштаган ээси да өз ордунда, анын жанында отурган бала деле өз киши өңдөнөт, эчтемеге алагды кылган жери жок...

Ошентип, дүйнөдөгү көп арабанын бири болгон бу дагы калыбынча калдырттап жүрүп баратты. Аңгыча оң капталдан, тээ алыскы эки чокунун ортосунан күндүн мурду көрүндү. Жылымта жарык нур абаны толкутуп келип, аттардын жаңы нымшыган сооруларын жаба берди: Чабдар эми торгойдун жумурткасындай буурул тартып, Чоңтору болсо жээрде чалыш болуп көрүндү. Жылымта жаркын нур атасынын субагай жаагына сүртүлдү, жүлжүйө тиктеген көзүнүн кычыктарындагы желе бырыштарды тереңирээк чийгендей баса көрсөттү. Божу кармаган тарамыштуу туурук колдору да кажырдуурак боло түшкөнсүдү; жылымта жарык нур аттардын туяк алдына, жолго төгүлдү, дүпүлдөгөн туяктар жарык нур агымында чабак уруп бараткансыды. Жылымта жарык нур көздөргө чагылды, бешенеден денебойго тарады. Жылымта жарык нур жер бетине жан киргизип келатты.

Кашка жолдо аткан таң менен чыккан күнгө көңүлү толкуп, жүрөгү өрөпкүп, Султанмурат кеңирсип баратты.

– Кандай, ойгондуңбу? – деди атасы тамашалап.

– Уктаган жокмун, – деди уулу.

– Анда ме, карма. – Атасы божуну берди.

Мага деле айдатса деп эңсеп келаткан Султанмурат атасына эркей жылмайды. Өзү озунуп сураса да болмок, бирок бу деген жөн-жай оюн эмес, чоң жолдогу алыс сапар, ошон үчүн атасы ылайык тапканда берер деп үмүттөнгөн. Божу чоочун колго өткөнүн аттар да туйду, бийлик начарлай түшкөнүнө наразыланып, каяша кылчудай кулактарын жапырып, баштарын чулгуй бири бирине сүйкөнүп алышты. Бирок Султанмурат божуну катуу силкип, ким экенин сездире:

– Чү, жаныбарлар! – деп кайраттуу үн салды. Эгер ырыс-таалай деген адам үчүн өткөн чагында да, келечегинде да болбой, учурунда гана болчу болсо, ушул күнү, ушул жолдо Султанмураттын кучагы ырыс таалайга толуп баратты. Атасынын жанында өзүн да мартабалуу эр-азамат көрдү. Көтөрүңкү көңүлү жолду катар бөксөрбөстөн бара берди. Арабанын калдырты, балким, башка бирөөнүн кулагынын кужурун алып, кыжырын келтирер беле, бирок Султанмурат жыргалдын бешигинде жаткандай термелди. Арабанын артында уюлгуп калып жаткан чаң, чимирилген дөңгөлөктөр бир ыргакка салгандай дүпө-дүп жер сабаган туяктар, тер менен карамай жыттанган жан кайыш ат соорууларынан артыла келип, колунда оролуу божу; төбөдө бийик көктө каалгыган ак булуттар, али куурай элек, сүткө толуп турган эки тараптагы кызыл-тазыл, көк-жашыл калың чөп, суусу жол бетине жайылып, араба өткөндө дүңкүлдөтө секирткен арыктар, кээ-кээде бет алды оро-пара жолуккан арабалар, салт атчандар, арабаны калбай коштоп, аркы-терки учкан, кээде аттардын тумшук астынан кайкыган чабалекейлер – ушунун баары Султанмуратка жыргал менен кооздуктун дүйнөсү болду. Бирок ал мунун баарын териштирип ойлободу, анткени, жыргал үстүндө адам ойлонбойт. Дүйнө ушундай болуп курулган экен, башкача болушу мүмкүн эмес деп гана туюк сезди бала. Атасы да баардык аталардын мыктысы, башкача болушу мүмкүн эмес деп туйду баланын жүрөгү.

Атүгүл тетиги калың эрменден, же чачыратккы өңдөнгөн куурай чөптөн бир ырын тынбай сайраган сары боор, кара баш чымчыктарды карачы. Султанмурат жакшы көрөрүн алар билип сайрап жаткандай. Сарайгыр деп бекер аталган эмес го, өмүр бою: «Чү, чү, сарайгыр! Чү, чү, сарайгыр!» деп, көрүнбөгөн Гүлсары айгырын теминип бараткансыйт. Бирок, бу чымчык ар бир тилде ар башка сайрайт дейт.

Бир жолу айылга кино келип калды. Киномеханиги бакылдаган орус жигит экен. Султанмурат айланчыктап, куту-табактарын ташышып берди эле, кечинде жардамчы кылып алды. Султанмурат динамо-машинаны бурайт, андан электр тогу пайда болуп, лампочка күйөт, лампочканын жарыгынан актаган дубалга экран түшөт, экрандан кино көрүнөт.

Ошол киномеханик күндүзү чымчыктын үнүн тыңшап калды да, сурады:

– Тиги сайрап жаткан кайсы чымчык?

– Ал сарайгыр,– деди Султанмурат.

– Эмне деп сайрап атат?

– «Чү, чү, сарайгыр!» – деп.

– Ал эмне дегени?

– Билбейм. Орусча, кыязы; «Но-о, но-о, желтый жеребец!» болот го.

– Биринчиден айгыр сары болбойт. Бирок мейли дейли. Анда «чү-чүлөп» кайда барат?

– Сары айгыр минип, кыз оюнга баратам деп ойлойт дешет. Бирок айгыры чарчап, такыр жете албайт экен. Ошол үчүн «Чү, чү сарайгыр!» деп калган дейт.

– Мен башкача уккам. Бир базарда бу чымчык кумар ойноптур. Утмак болгон экен, бирок ута албай калыптыр. Ошол үчүн: «Чуть, чуть три рубля не выиграл!» деп какшап калган экен. Акыры үч сомун утмайынча ушинтип сайрай берет экен.

– Качан утат?

– Эч качан. Кыз оюнга да эч качан жетпегени ошол.

– Кызык...

Кызыгың кургур, өзү кол башындай боло туруп, атагы ар элге тараганын кара.

Жолду катар сарайгырлар сайрай берди. Султанмурат күлүп кыйкырды:

– Жүргүлө биз менен, базардан үч сом утуп аласыңар!

Чымчыктар бирде: «Чү, чү, сарайгыр!» десе, бирде: «Чуть, чуть три рубля не выиграл!» деп сайрай берди.

Султанмурат шаарга эрте жарыкта жетишке ашыкты. Күн көтөрүлүп, чоң шашке болуп кетти. Султанмурат аттарды чү деди:

– Чү, чү, сарайгыр! – деп Чабдарга айтты. – Чү, чү, торайгыр! – деп Чоңторуга айтты. Атасы кой деди:

– Анча кууба. Аттар өзү билет. Жүрүшүнөн жазбай этин сактап баратпайбы.

– Кайсынысы мыкты, ата, Чабдарбы, Чоңторубу?

– Экөө тең мыкты. Жүрүшү да бирдей, күчү да бирдей. Машинеден кем тартпайт. Ач кылбай, кор кылбай, багып, абзелин мыктылап турсаң ара жолго таштабайт. Жанга шерик жаныбарлар. Былтыр Чүй каналына барбадыкпы, саздак жер болот экен. Арабалар белчесинен батып, дөңгөлөктөрү көрүнбөй калчу. Аерде тыгылдың дегиче бүттү, жумуш токтогону, айлаңын кеткени. Анан мага чуркап келишет, айланып-кагылып жардам сурашат. Сазга таштап кетмек белең, Чабдар менен Чоңторуну чыгарып барып тыгылган арабага кошом. Мал болсо да адамдан эстүү, жаныбарларым, тыгылган арабаны чыгарыш милдет экенин таман астынан түшүнөт, эт ооругуп камчы чаппайм, үн салып коём, болду, жан кайыш үзүлбөсө жер тиштеп тизелей калып жатып, сууруп чыгып кетишет. Чоң Чүйдө бул экөөнү баары таанычу, Бекбай, аттан жолдуу экенсиң дечү. Жолдуу болсом болгондурмун, бирок ат кордогон жолдо калат деген, табын таап, жакшы баксаң, ат адамдын канаты да, кубаты да. Эч жерде кор болбойсуң, жолдуу болгонуң ошол.

Чабдар менен Чоңтору баягы эле камчы салдырбас көнүмүш калыбында желе-жорто баратты. Экөөн сөз кылып атабы, мактап атабы, иши жок. Кулак түп, колтуктары тердеп чыкты, ага деле карабай көкүлдөрүн серпе ылаалап, жүрүшүнөн тайбай барат.

– Ата, кайсынысы улуу? Чабдарбы, же Чоңторубу?

– Чоңтору үч жаш улуу. Байкуш карылыгы билинип, кээде бураңдай калып жүрөт. Чабдар болсо күчкө толуп турган кези. Ишке бекем, чапсаң ылдам. Муну минип улакка түшсө да болот. Илгери мындай атты эр жигиттин жан жолдошу деп койчу.

Ичинен Чабдарды көп жактырып жүргөн Султанмурат ою туура чыкканына кубанып калды. Буурул тартып, Чубак баатырдын эле Көк тулпарындай, деп койду ичинен. Көрктүү, күчтүү, кыялы да жакшы, жоош.

– Мага Чабдар көбүрөөк жагат, – деди Султанмурат атасына. – Чоңтору ачуулуу го, жакындасак акшыя калат.

– Ачуулуу эмес, эстүү ат, – деди атасы күлүмсүрөп. – Куру-бекер асыла бергенди жактырбайт. – Саал унчукпай калып, дагы айтты. – Экөө тең мыкты.

Уулу да макул болду.

– Экөө тең мыкты, – деп атасынын сөзүн кайталап койду да, божу силкти.

Бир аз жүрө түшкөн соң атасы:

– Кана, токтотчу, божуну тарт,– деди да, аттар жүрүшүн басаңдатып, токтой турган болгондо акырын ышкырып күтүп турду. – Аттардын бейшеби толду, бирок айта албай баратышат. Байкаш керек.

Айткандай эле даңгыр жолдун үстүнө шаркырата коё беришти. Тозоң болгон көпшөк чаң сары көбүктөнүп, көөп чыкты.

Андан ары жол уланды, эңкейиштеп кете берди, артта калган Улуу Тоо улам алыс калып жатканы менен, арттан калкалап жабыла ат бастырып келаткан баатырлар окшоп кетет.

Түш оогой шаардын чет-жакасындагы бак-дарак көрүндү. Жолдогу жүргүнчүлөр да көбөйө баштады. Атасы божуну өз колуна алды. Анысы да туура болду, Султанмураттын көңүлү шаардын ызы-чуулуу кызыгына

оогон эле. Аркы-терки жүргөн калың эл, катар турган калың там, жыты да бөтөнчө, кызыл-тазыл өң-түспөлү да бөтөнчө чоң шаар агыны катуу дайра мисал Султанмуратты чабындыдай калкытып, толкундап толкунга серпип алып жөнөдү.

Жамбылдын Атчабар деген чоң базарына көчмө ажайыпкана орноп калган экен, өзү теңдүүдөн эч ким көрбөгөн укмуштарды Султанмурат мына ушерден көрдү. Жолу болгондо да ушунчалык болорбу; өмүрүндө шаарга бир келсе, адам түгөл көрбөгөн түркүн жан-жаныбарлары менен ажайыпкана турса, ал аз келгенсип, тегерегине айланкөчөк-селкинчек, кыйшык күзгү, дагы бир шумдуктарын орнотуп койсо,– мындан ашкан да бак-таалай болорбу...

## II

Күлкүканага Султанмурат үч жолу кирди. Боору ооругуча каткырат да, сыртка чыгып кичине эс алып, кайра кирет. Өз кебетесине өзү күлөт: бирде ырсайып, бирде быркыйып, бирде сөйрөйүп, деги айтып бере албайсың. Кантип ойлоп табышты экен деп таң калат, башыңды муштагыласаң да оюңа келбес.

Арабасын чайканачы тамырына көздөтүп коюп, атасы уулун базар аралатты. Ободу атасынын тааныш өзбектери менен учурашып чыгышты. «Ассалоому алейкум. Бу менин уулум!» – дейт Бекбай. Өзбектер орундарынан тура калып, колдорун бооруна алып, Султанмураттын саламын урмат менен алик алышат. «Өзбектер кичи пейил калк келет», – деп атасы корстон. «Көрдүңбү, сени бала деп санабай урмат көрсөтүп жатышат...»

Анан базардын соода-сатык катарларын кыдырышты, дүкөндөрүн аралашты, баарынан көңүлгө толгону ажайыпкана болду. Жарданган калың топтун арасында түрткүлөшүп жүрүп, баардык капастарын, уяларын,

камактарын көрүштү. Пил, аюу, маймыл – не бир түркүн жан-жаныбарлар турат...

Баарынан да Султанмураттын эстеп калганы пил болду: жашыл ыраңы күйгөн боз дөбө түстөнүп, опол тоодой зор неме узун тумшугун жерге жеткире саландатып, кенебестен чайпалып турат. Укмуш болбосоң коё кал! Элейип карап турган көпчүлүк өз ара ардемелерди айтып жатышат. Пил өзү чоң туруп, дүйнөдө корккону чычкан дешет. Жинине тийбегиле, кокус чынжырын үзүп алып, бүт шаардын ташын талкан кылат дейт бири. Көп сөздүн ичинен Султанмуратка жакканы бир өзбек карыянын айтканы болду: дүйнөдөгү эң акылдуу айбан ушу пил, дейт ал. Карагайчылар иштеткенде тумшугу менен кулач жеткис жоон устундарды көтөрүп ташый берет. А эгер кароосуз калган балага жыланбы, же дагы бир коркунуч келатса, баланы акырын тумшугу менен кучактап көтөрүп кетет имиш.

Бул аңгеме атасына да жагып калды. Ал улам шыпшынып коюп, таң кала башын чайкайт: «Уктуңбу?» – дейт уулуна. – Ой тобо, не деген гана укмуш жок бу дүйнөдө».

Өзгөчө эсине батып калганы, албетте, кыйшык күзгүлүү күлкүкана болду. Өз кебетеңе өзүң бооруң эзилгенче күлгөнүң кызык экен...

Султанмурат эки-үч партадан нары отурган Мырзагүлдү кыйыгын сала карап койду. «Сени ошо күлкүканага алпара турган экен!» – деди ичинен табалагандай. – Сулуусунган сени ошондо көрөт элем. Кебетеңи кыйшык күзгүдөн бир көргөн соң минтип ыргыштабай калат элең го». Бирок бул оюна кайра өзү оңтойсуздана түштү. Мырзагүл ага эмне жамандык кылды эле мынчалык табалагыдай? Өзүнчө жүрөт, көп кыздардын бири, азар болсо сулуулугубу? Ырас, класстагы кыздардын сулуусу Мырзагүл. Ошонусуна жазабы? Өйдөсүнгөн жок, кээде «жаман» деле алып калат.

Бир жолу сабакта Мырзагүл күзгү каранып отурган жеринен эже күзгүсүн алып койгон. Өңү-башыңа каранышка али жашсың деген. Ошондо Мырзагүл байкуш кулагынан бери манаттай кызарып, ыйлап ийе жаздаган. Султанмурат болсо эмнегедир аяп, болушкусу келген. Каранса эмнеси бар экен, кокус колуна тийген күзгү болсо каранбайбы...

Султанмурат азыр кызды дагы бир карады да, аяп кетти. Көгөрүп, бүрүшүп, көзү суу түбүндөгү таштай жылтылдап нымданышып отурат байкуш Мырзагүл, же ыйлап отурабы. Анын да атасы менен агасы согушта... Ай, Султанмурат, акмак элесиң да, оюңа жаман алып байкуш кызды...

Класстагы балдардын көпчүлүгү жөтөлүп отурат. Султанмурат да жөтөлүп койбойбу? Анан ал кара күчкө ыкшып жөтөлүп, ойдолоп жиберди. Эмне, башкалар жөтөлүп жатканда ал жөтөлсө болбойт бекен? Иңкамал-апай кыйык сала бир карап коюп, сабагын уланта берди.

## III

Ажайыпкана менен күлкүканага моокулары канган соң атасы экөө түртүшмө базарга барышты. Аерден үйдөгүлөргө аргандай базарлык алышты. Ажымуратка кадимки нагандай жалтылдаган оюнчук наган, эки кызга разинке боолуу кызыл-ала эки топ. Разинкесинен тартып койсоң топ өзүнөн өзү секирип турат. Апасына жоолук, анан дагы татты, чай дегендей...

Ошентип базарды түгөл кыдырып, баарын көрүштү, карусель деген тегеретме селкинчекти да көрдү Султанмурат. Бирок түшкөн жок, түш деп атасы да айтпады. Бу кичинекей балдардын оюну деди атасы, сен жигит болуп калбадыңбы, эми бир жылдан кийин колукту алып берем. Мунусу тамашасы го. Ошентип карусель селкин-

чекти карап турганда атасы кой, жөнөйлү, деди, нефтибазага кечигип калабыз, күн баткыча бочкелерге жер май куюп алып, жолго чыгышыбыз керек. Чын эле күн кечтеп бараткан. Нефтибазага келишкенде күн шаардын нары четине ылдыйлап, дигерге жакын калды. Базадан чыгып шаарды четтей жүрүштү да, жолдогу бир чайканадан палоого тоюп алышып, айыл кайдасың деп жөнөп беришти.

Күүгүм талаш шаардын четиндеги калың бак-дарактан чыгып, күндүзгү келген чоң жолго түшүштү. Жайкы чөптүн жыты аңкып, кебездей жумшак кеч болуп турду. Жол боюндагы саздан бакалар чардайт. Аттар эртең мененкидей желе-жортпой, эки чоң бочкенин оордугу сезилип, жай баратты. Араба термеген сайын кечке чарчаган Султанмурат үргүлөй берди. Чарчабагандачы, бүгүнкүдөй күн өмүрүндө башынан өткөн эмес. Атасынын ийинине жөлөнгөн бойдон катуу уйкуга кетти. Кээде уңкур-чуңкурда араба секирсе гана көзүн чоң-чоң ирмеп ойгоно калып, кайра кирпиги ылдый тартылат. Бирок ошо көшүлүп бараткан көз ирмемдин ортосунда көңүлүнө балкыган ой сызылат: бу дүйнөдө ата деген болору жакшы тура. Атанын ийинине жөлөнүп укташ бейкапар, бейкут уйку экен. Араба жайбаракат кылдырттап, аттар дүпүлдөтө жер муштап кетип барат.

Канча жол жүрүшкөнүн Султанмурат билбей калды, бир оокумда араба токтоп, дөңгөлөктөрдүн кылдырты басылды. Жымжырт боло түштү. Атасы уулун арабадан көтөрүп кетти.

– Эр жетип калган тура, уулум, – деди бооруна кысып баратып.

Анан Султанмуратты чөмөлө чөптүн түбүнө жаткызды да, купайкесин үстүнө жапты:

– Сен уктай бер, мен аттарды чыгарып, отко коёюн.
Уйкунун шириндигинен Султанмурат көзүн ача албады.

«Бу дүйнөдө ата деген болору жакшы тура...» – деген ой гана көңүлүнөн дагы сызылып өттү.

Атасы батинкесин чечкенде ойгонду. Бүгүн аябай кысып жүргөн эле батинкеси. Аны атасы кайдан биле койду?

Такатсыз агымга калкып жөнөгөндөй болуп, бүткөн бою магдырап Султанмурат кайрадан уйкуга кетти. Апай төштүн тулаңын көл бетиндей толкутуп желаргы жүрүп жаткансыды. Тулаңды жирей чуркап, кээде боюн таштап аласалып, кайра тура жүгүрүп өзү баратканскыйт. Калың тулаң үстүнө жылдыздар жаап турду. Тигиндемында үнсүз шыркырап күйүп келип жылдыз түшөт. Султанмурат жүгүрүп жеткиче жылдыз өчүп калат. Ал түш көрүп жатканын туюк сезип уктай берди. Кээде гана чала ойгонуп, уйку-соонун ортосунда суулуктарын шылдырттатып, тушоолуу аттар анда-санда бир секирип коюп, чөмөлөнү тегерене жашаң чөптү күртүлдөтө оттоп жүргөнүн кулагы чалат. Атасы жанында жатканын, экөө ээн талаада түнөп калышканын, азыр көзүн ачса көктөн учуп турган жылдыздарды көрөрүн ал туюк сезип жатты...

Бирок көзүн ачкысы келбейт, көшүлткөн уйкунун таттуулугу ошончолук эле. Түн жарымы оогондо Улуу Тоодон сыдырым жел урду. Чыйрыккан бала жылып отуруп, атасынын колтугуна кирди. Уйкусуроодогу атасы уулун кучактап, бооруна кысты.

Ээн жолдун боюнда, айдың талаа бетинде, ачык асман астында ата-бала уктап жатты...

Ушул түнкү жылдыздуу уйкуну кийин Султанмурат нечен ирет сагынып эстээр...

Аркан бою жерде бөдөнө таң атканча тынбай бытпылдыктап чыкты...

Бөдөнөнүн баары бактылуу го кыязы...

## IV

– Султанмурат, сага эмне болду? – Иңкамал-апай партасына чукул келгенде Султанмурат араң эсин жыйды.

– Эчтеме,– деп актангансып Султанмурат ордунан турду.

Класс баштагыдан бетер муздап турган. Демейки жөтөл, кээ балдардын күлкүсү угулду.

– Бир туруп жөнү жок жөтөлө кетесиң, анан суроо сураса укпай калганыңа жол болсун? – Иңкамал-апай наараазылана сүйлөндү да, чыйрыгып ийнин күйшөп койду. – Андан көрө саман апкелип, от жакчы. Султанмурат дилгирлене жүгүрдү. Ананчы, мындай тапшырма сабак учурунда дайыма боло бербейт. Көбүнесе дежур балдар танаписте апкелип от жагат, сабак учурунда алагдылык болчу эмес.

Султанмурат сыртка атып чыкты. Кар учурган шамал бетке урду. Мына сага Цейлон!

Султанмурат саман жыйган бастырмага жүгүрүп баратып, жарадар аскер, колхоздун башкармасы Тыналиевдин аттан түшүп жатканын көрдү. Жаш чагында ушинтип мунжу болуп келген жигит. Эки-үч кабыргасын алып таштаган имиш. Согушта десантник экен, парашют менен секирип жүрүптүр. Согуштан мурун агроном болчу дешет. Султанмурат ал кездегисин билбейт. Согуштан мурдагы турмуш түш сыяктуу, андай бейкутчулук болду беле, жок беле, ишене да албайсың...

Самандан чоң кучактап келип, Султанмурат класстын эшигин буту менен ачты. Балдар күбүр-шыбыр болуп, жандана түштү.

– Тынч, алаксыбагыла! – деп тыйды Иңкамал-апай. – Султанмурат, акырын жумушуңу иштей бер.

Мештеги төпөлөмө күлдүн ортосунда жаш баланын тыноосундай бүлбүлдөгөн чок калыптыр, бир тутам та-

мызгы саман салып, Султанмурат ошол чокту үйлөп жатып тутандырды. Анан тутанып алган соң саман өзү эле дуулдап күйүп берди. Мештин оозунан жылуу илеп урганда класс да жанданды.

Артында күбүр-шыбыр көбөйүп, кээде акырын күлкү угулуп жатканга Султанмурат бир кылчайып, эрдин тылтыйткысы келди. Анатайга окшогондорго муштумун кезеп койгусу да келди. Башкадан да ошонуку өтүп жүрөт. Балдардын эң улуусу, он беште, айласыз керкейет. Мырзагүлгө көп тийишчү болду. Анатайга эки салаанын ортосунан бармагын көрсөтүп койсо болот эле: «Ме!» – деп. Бирок айла жок, апай катаал. Анын үстүнө курулай капа кылгысы келбейт. Кийинки күндөрү согуштагы жалгыз уулунан кат албай мүңкүрөп жүрөт. Уулу артиллеристтердин командири экен. Апай жетине албайт. Эри бирдемеге чалынган го, согуштан мурун эле жок болуптур. Эмнеге чалынганын эл да сөз кылбайт. Ошондон кийин апай шаардан айылга келип, мугалим болуп калыптыр. Уулу Жамбылда педучилищада окуп жаткан жеринен согушка кетиптир. Терезеден почточуну көрүп калса эле апай балдардын бирөөн чуркатат. Чуркаган бала колуна кат тийгидей болсо, кайра класска учуп кирет. Атүгүл балдар өз ара кезектешип да алган. Кат келген күн майрам. Иңкамал-апай шашып-бушуп алакандай катты бир сыйра окуп чыгат да, кайра башын көтөргөндө карасаң, класска жаңы мугалим киргендей боло түшөт. Буурул чачынын кылайган талын аспиеттеп жоолугуна кымтып, кубанып турса, кошо кубанасың, кокус башын өөдө көтөргөндө көздөрү жашылданып турса жүрөгүң мыкчылат.

– Балдар, баарыңарга салам айтыптыр! Агайыңар аман-эсен, согушуп атам дейт! – Кубанычка үнү дирилдейт.

Анда балдар да апайдын кубанычын бөлүшүп, мугалимине жапырт умтула карашып, жүздөрү жаркып жылмайып отурушат.

– Кана эмесе, балдар, сабагыбызды уланталы, – дейт апай кайра.

Мына ошондон кийин сабактын көркү чыгат, апайдын ой-кыялы канат байлагандай көкөлөп, балдарды кошо күүлөнтүп, ээрчитип алып учат. Айтканынын бардыгы көңүл менен көкүрөккө батып, класс бүтүндөй азгырылып, жетеленип калат.

Бирок кийинки күндөрү апайдын ою бир жерде эмес...

Ошол үчүн болуу керек, азыр да завуч коштогон башкарма Тыналиев класска кирип келгенде Иңкамал-апай үрөйү учуп, доскага кетенчиктей берди. Ошондо да кайратын жоготпой:

– Тургула, балдар. Султанмурат, ордуңа бар,–деди. Мештин оозун жаап, Султанмурат партасына барды. Киргендер саламдашты.

– Саламатсызбы! – деди класс.

– Бирдеме болдубу? – деди Иңкамал-апай үнү буулуп.

– Жаман кабарыбыз жок, Иңкамал-апай,– деп башкарма көңүл тынчытты. – Мен жумуштап келдим. Балдар менен сүйлөшөр сөзүм бар. Сабагыңыздан алагды кылганымы кечирип коюңуз, уруксат алдым,– деп завучка башын жаңсады.

– Маанилүү сөзү бар экен, – деди завуч. – Отургула, балдар.

Класс отурду.

Бу башкарма согуштан кечээ күзүндө гана келгени менен элге бат алынды, чоң-кичине менен тааныш болуп кетти. Демек азыр таанышканы келбегендир. Таанышкыдай эмне, жетинчи класстын окуучулары айыл ичинде көзгө урунттуу журт, башкарма байкабай калмак беле. Бу балдардын ар кимиси менен үйүндө, жолдон жолукканда, же кеңсеге чакырып деле сүйлөшсө болмок. Азыр сүйлөшөр сөзүм бар деп, өзү сабакка кирип келгенин түшүнүү кыйын болуп турду. Жай мезгили болсо да бир

жөн эле, а кезде балдар бүт колхоздо иштейт, азыр кыштын кыраан чилдесинде эмне сөзү бар болду экен?

– Келген жөнүм мындай,– деп баштады Тыналиев кадала тиктеген балдарды кыдырата карап, кыйраңын сездирбешке боюн түз кармап. – Мектебиңер суук экен, бирок самандан башка берер менде отун жок. Саман деген саман да, дүрт эте күйүп, кайра жалп өчүп жаткандыр. Көңдү болсо тоодогу кыштоолордон оболу төөгө артып түшүп, анан арабага жүктөп келчү элек, өткөн күздө ага кол жетпеди. Жарамдуулардын баары согушта. Жамбылдагы алып-сатарлардан алган эки тонна көмүр, аны дүкөнгө деп бекитип отурам. Ошол кызыл кулактардан темир да сатып алгам дүкөндүн жумушуна. Кызыл кулактардын эсебин кезеги келгенде көрөрбүз, азырынча айла жок, абал оор, согушта да абал оор. Былтыр эки жүз гектар жерге күздүктү кем айдап калдык. Бу да болсо согуштун кесепети. Бирок баардык кемчилигибизди согушка шылтап коюп, жыл сайын кемий берсек, бизди ээрчип башка колхоздор да кемигенден кемисе, анда душманды кантип жеңебиз. Мындай күчтүү жоону жеңиш үчүн наныбыз да, огубуз да мол болуш керек. Мына менин келгеним да ушул түйшүк менен. Кээ бириңер азырынча мектепти коё тургула деп айткым бар. Эртең эле жаз кирип келет, биздин болсо али кошко салар аттарыбыз даяр эмес, ат эмей эле сүлдөрү калган бир жаныбарлар жүрөт. Ат жабдыгы деген жок, соко, сеялкаларыбыз ремонттолбостон кар алдында жатат... Буга эмне үчүн жан күйөт дебейсиңерби. Алиги күздүктөн айдалбай калган эки жүз гектар кемчилигибизди жаздык менен жабыш керек. Согушта алган буйруктай кыңк этпестен аткарар иш. Демек өз күчүбүз менен пландан ашык эки жүз гектар жаздык айдашыбыз керек. Эки жүз гектар! Билдиңерби? Буга күчтү кайдан алмакпыз, кимге таянмакпыз? Мына ошол үчүн акылдашып отуруп, жаз жарышына даярданып жаткан аракеттен тышкары дагы

бир бригада кошчу даярдайлы деген бүтүмгө келдик. Айдоо алыс, Аксайда. Аялдар бара албайт. Башка жарамдуу эл жок. Эмне кылмакпыз? Ойлоп-ойлоп отуруп, акыры окуучу балдар, силерден жардам сурайлы дедик...

Мына ушинтип сүйлөдү Тыналиев башкарма. Аскерден кие келген боз шинели үстүнөн түшпөгөн, көк тумагы башында, асынма сумкасы капталында, өзү жаш болсо да караганы катаал, кабагы түнт, кабыргасы кем капталына кыйраңдай баскан, бет отунун сөөгү чыгып, арыктап калган башкарма ушинтип сүйлөдү...

Артындагы тактада географиялык карта илинүү. Алиги жер үстүндөгү бейиш жайлар Цейлон, Ява, Суматра, Австралиялар тартылган картанын түбүнө туруп алып, мына ушинтип сүйлөдү Тыналиев башкарма.

Мешине саман жагылган, күлү жерге бырыксып, бирок табы балдарды жылыта албаган класста туруп, мына ушинтип сүйлөдү Тыналиев башкарма. Тетиги алыскы Аксайга барып кош айдап, жүздөгөн гектир дың бузуш керек деп сүйлөп жатканда оозунан көк буу чыгып турду...

Мына ушинтип сүйлөдү Тыналиев башкарма...

Сыртта күн ого бетер борошолоп, кар уюлгуп, айнектин жылчыгынан шамал үйлөп турат. Сыртта көрпөчөсү кар болуп, жал-куйругу сапырылып, башын шамалдан ката албай тыбырчылаган башкарманын атын Султанмурат терезеден карап отурду. Ат байкуш да үшүп турду...

Цейлонду эмне кыласың быяк минтип атканда...

– Мен жыргап кеткенимен силерди окууңардан ажыратып жаткан жокмун, – деп сүйлөдү Тыналиев. – Башка арга жок. Кичине эмессиңер, туура түшүнгүлө. Согуш бүтөр замат, же андан деле мурун мектебиңерге өзүм кайра апкелип, окууңарды уланткыла дейм. Ага чейин силердин мойнуңарга тагылган милдет ушул...

Андан кийин завуч сүйлөдү. Завучтан соң Тыналиев дагы сүйлөдү. Мен барам, мен, деп балдар туш-тараптан кол көтөрө баштаганда Тыналиев сөзүн дааналады:

– Окуучулардын баары эле мен айткан ишке жарай берет деп ойлосоңор жаңыласыңар. Жаман окуган бала жаман иштейт. Экинчиден, жакшы окуган бала кийин батырак жетишип кетүүсү да жеңил болот. Кана, Султанмурат, класстагы балдардын ирдүүсү сен окшойсуң...

Балдар чуулдап калды...

– Баарыбыздан Анатай улуу. Жакында он алтыга чыгат.

– Мен жашын сурап аткан жокмун, жарамдуулугун, бой-келбетин айтам. Мына, сен, Султанмурат,– деп башкарма кайрадан ага кайрылды,– былтыр огородуңу айдап жүрдүң беле?

– Ооба,– деп Султанмурат ордунан турду. – Арал көчөнүн огороддорун да айдап бергем.

– Төрт аттуу, эки тиштүү кош беле?

– Ооба, эки тиш, төрт аттуу болчу. Бирок мен убактынча эле жардам бергем. Сартбайдын кошу болчу. Аны согушка алып кеткенде Чекиш аксакал мени айда деген.

– Билем. Ошол үчүн сенден баштап отурам, – деди башкарма.

Балдардын баары Султанмуратка кылчая карады. Мырзагүл да карап калганын көрдү Султанмурат. Кыздын караганы бөтөнчө эле. Караарын карап, кайра өзү кызарып отурду. Уят кылба дегенсип карады. Султанмурат коомайланып, жүрөгү дүкүлдөп чыкты.

– Мен да кош айдагам! – деп ордунан кыйкырды Анатай.

– Мен дагы, – деди Эркинбек.

Дагы башка балдар обдулуп үн катышты.

– Тынчтангыла, – деди Тыналиев. – Бир баштан киреличи, балдар. Бул иш оюн эмес. Кана, окуудан баштайлы. Султанмурат сенин окууң кандай?

– Алынча, – деди Султанмурат.

– Алынчаң кандай?

– Анча жаман эмес дейм.

– Бирок анча да жакшы эмес дебейсиңби,– деп кошумчалады баятан бери унчукпай турган Иңкамалапай. – Дайыма айтам го, тырышсаң алдаганча мыкты окуур элең. Жөндөмү, түшүнүгү мыкты. Бирок көзү китепте болсо, ою талаада.

– Ушундай де,– башкарма ойлонуп калды. – Мен сени балдардын алды деп жүрсө... Болуптур. Атаң согушта. Демек атаңдын күлазыгын өзүң даярдайсың. Анатай, сенин ахыбалың кандай?

– Ошондой эле,– деди Анатай ордунан күүшөлө туруп.

– Демек бириңерден бириңер узабапсыңар да. – Тыналиев күрсүнүп койду, токтоло калып, улантты: – Окуунун баркын мектепке кайра келгенде билесиңер. Өз башыман өткөн. Саал болсо, окубайм, иштеп кетем дечү элек. Бирок ойлоп көргүлөчү, адам жалаң ишке туулуппу дейм? Кандай дейсиң, Анатай?

Анатай жооп берчүдөй бирдемелердин башын чалып келип, акыры мойнуна алды:

– Билбейм.

– Мен дагы билбейм,– деди Тыналиев. – Эгер согуш болбогондо мен дагы окуйт элем.

Класс күлүп калды. Чопчоң эле киши, дагы колхоздун башкармасы, окуйт элем дейт, балдар ушуга күлүштү. Өздөрү окуудан жадап жүргөндөй күлүштү.

– Эмне күлөсүңөр? – деди Тыналиев күлүмсүрөп. – Чын айтсам, дагы көп-көп окуйт элем. Аны силер кийинчерээк түшүнөсүңөр.

Сөз чаргыттап кеткенден улам балдардын бирөө башка суроо катты.

– Агай, сиз самолеттон секирдиңиз беле?

Тыналиев башын ийкеди. Бала дагы сурады:

– Ой-ээй! Корккон жоксузбу? Мен бир жолу тамеки сарайдын үстүнөн үймөк чөпкө калтырап атып араң секиргем.

– Секиргенбиз, балдар. Албетте парашют менен,– деп түшүндүрдү Тыналиев. – Парашют ачылганда боз үйдөй болуп калат, желбоосунан кармап алып, каалгып түшө бересиң...

– Билебиз, билебиз, – деп класс гүүлдөдү.

– Биз десант элек, парашют менен секирчүбүз.

– Десант деген эмне? – деди бир бала.

– Десант эмне дейсиңерби? Өзүнчө маанилүү тапшырманы аткара турган ыкчам, тайманбас отряд болот, аны же душмандын тылына таштайт, же дагы ушундай бир ишке жумшайт, ошону десант дейт. Түшүндүңөрбү?

Класс унчукпады,

– Десантта он чакты эле аскер, же миңдеген аскер да болот, – деп Тыналиев кайра түшүндүрдү. – Десант душмандын тылына түшүп, өз алдынча согуш жүргүзөт. Кеп ушунда. Түшүнбөсөңөр анда жайынча дагы бир келип айтып берем. Азыр ишибизди унутпайлы. Анатай отур, эмне турасың? Сенин атаң да фронтто жүрөт.

– Менин атам да?

– Менин да!

– Менин атам!

– Менин атам да!

Тыналиев колун көтөрдү:

– Баарын билем, балдар. Керээли кечке колхоздун иши менен алек болуп жүрүп, башканы билбейт деп ойлобогула. Ким согушуп жүрөт, ким госпиталда жатат, баарын билем. Силердин ар кимиңерди билем. Ошол үчүн маңдайыңарга келип турам. Демек, Анатай сен дагы атаңа гүлазыкты өз колуң менен даярдаш үчүн окууну таштай турасың. Бир жыл болобу, эки жылбы, аны көрөбүз.

– Мен дагы! Мен! Мен да! – деп бир тобу орундарынан ыргып тура баштады.

Мындай учурда ар кимиси өзүнө эр көрүнөт эмеспи. Окубайсың, ат минип кош айдайсың деп жатса, андан артык жыргал барбы?

– Жок, отургула! – деп Тыналиев балдарды араң тынчытты. – Чуру-чуу менен иш бүтпөйт. Мурда кош айдап көргөндөр гана барат. Мына, Эркинбек, сен кош айдагансың ээ? Сенин атаң Москванын алдында курман болду. Билем. Көп-көп аталар менен агалар окко учту. Эркинбек, сен да бизге кошуласың. Жардамдаш. Окуу ордуна кошко чегилет деген ушул. Айла жок. Апаңа мен өзүм айтып түшүндүрүп коём...

Андан соң башкарма дагы Эргеш менен Кубаткулду тандап алды, эртең менен ат сарайга нааратка[1] келесиңер деп, жөнөп кетти.

Бүгүн мектепке башкарма келгенин Султанмурат апасына жатар алдында гана айтты. Эртеден кечке уй фермада иштеп чарчаган апасы чекесин укалап отуруп укту. Ал ортодо Ажымурат тентек так секирип сүйүнүп кетти:

– Жаша! Окуу жок, атка минип, кош айдайм! Мен да барам!

– Сабагыңды бышыктадыңбы? – деди апасы жүзүн үйрүп.

– Бышырдым.

– Анда жат кыңк этпей! Уктуңбу!

Анан бир оокумда кыздарды уктатып коюп Султанмурат да уктап жатат дедиби, чыракты өчүрөр алдында эки алаканына чекесин таяп алып ыйлады апа. Уркуйган арык ийиндери гана дирилдеп, үн чыгарбай буулугуп, көпкө ыйлады апа. Султанмураттын жүрөгү өйүп жатты. Туруп барып, апасын жайкап, жылуу-жумшак сөздөрүн айтып, соороткусу келди. Бирок анте албады, жөн койду. Апасы азыр баарын ойлоп, күйүп отурган чагы да: тиги кан күйгөн согуштагы атаны, балапандар-

[1] н а а р а т – наряд.

ча оозун ачкан быяктагы төрт баланы, кароосуз калган үй-жайды, күндөлүк көр оокаттын кыйынчылыктарын... дагы-дагы канча убайым-санаа апанын башын маң кылып жатпады...

Бирок, аял байкуш аял экен да! Көп ыйлашат аялдар. Иңкамал-апай да башкарма кеткен соң өзүнөн өзү капа болуп, сабакты унутуп койду. Танапиские коңгуроо кагылганын да укпастан столдо ойго чөгүп отура берди. Мугалим апайы туруп кетмейин балдар да былк этпеди, баары жалдырап отурду. Бир маалда гана Иңкамал-апай эсине келип, туруп жөнөдү да, эшикке жеткенде кармана албай ыйлап жиберди. Ыйлаган бойдон кетти. Унутуп кеткен картаны Мырзагүл алпарып, ал да кайра көзүн кызартып келди. Ырас, аял деген бечара жан. Боорукер келишет, ошол үчүн ыйлай беришет. Болбосо анчалык мүңкүрөп эмне, согуш узап эле кетсе бир жыл, эки жыл жүрөр, анан кайра мектепке бара бермей да...

Сыртта кар борошолоп турганын тыңшап жатып ушундай ойлорго чырмалган Султанмурат акырын уйкуга кетти.

Эртеси ойгонсо кар дале жаап турат. Жел токтобоптур, күрткү үстүндө кар тозоңу удургуйт. Асман көрүнбөйт, жааган кардан теребел боз чаар. Ат сарайга жеткенче Султанмурат көк муштум болуп чыкты.

Тыналиев башкарманын ойлогон иши кечээ Султанмурат элестеткенден алдаганча кыйын экен. А дегенде эле Чекиш деген чокчо сакал сары чал төртөөнө бирден нокто карматты. Анан башкарма баш болуп, баары эски ат сарайдын короосуна кириште. Кар баскан чоң короодо акырлардын түбүндөгү кашекти искегилеп, сүлдөрү калган аттар жүрөт. Аттар жайкысын семирип, кышкысын этинен түшөрү баштан белгилүү, бирок мобулардын кайрымакка илинер эти жок, аркайган сөөгүнө жабышып териси калыптыр. Жайы менен жан терин чыгара иштетип алып, кышында чоң короодогу сүрмө топко

коё беришкен тура. Чөп салган, көз салган эч ким болбогондой. Жем-чөп тартыш экени белгилүү го, болгонун жазгы кош айдоого сактап отурушат, бирок аттар мындай абалга жетет деп ким ойлоптур.

Балдар оозун ачып туруп калышты.

– Эмне алаясыңар! – деп чаңкылдады Чекиш чал. – Силерге буерде Манастын тулпарларын таптап туру дедиңер беле? Четинен кармап ала бергиле, тандаганыңар ошо болот. Жыйырма күн эле жакшы баксаңар ушул көтөрүм аттардын ар бири оюн салып чыга келет. Айтты-айтпады дээрсиңер! Чыдаганга чыккан* аттар булар, караган көз, баккан кол болсо, көрөт элеңер!

– Кармагыла, балдар! Керектүү жем-чөбүн бүт беребиз. Кана, ар ким төрттөн ат алгыла! Жактыргылачы кана, көрөйүн, – деди башкарма.

Мына ошондо жаман чобурлардын арасынан Султанмурат атасынын аттарын көрө койду: уча сөөгү уркуюп, кыйраңдап капталынан басып, Чабдар менен Чоңтору жүрөт. Оболу Султанмурат буурул түсү сарала жамбаш болуп өзгөрө түшкөн Чабдарды тааныды, анан Чоңторуну көрдү. Жүнү түксүйүп, буттары тартайып, моюндары ничкерип, калдайган баштары калган эски тааныш эки атты көргөндө Султанмураттын каңырыгы түтөп кетти. Кубанып да, коркуп да турду. Атасы менен шаарга барганы эсине кылт этти. Атасынын колунда бул эки ат кандай эле. Эми карачы. Даңгыр жолдо жолборс жортушка салып, экөө кандай жүрчү эле, эми карачы.

– Карагылачы, атамын аттары го! – деп кыйкырып жиберди Султанмурат башкарма менен бригадирге кылчайып. – Тигине, Чабдар, Чоңтору! Атамын аттары!

– Туура айтасың! Бекбайдын аттары болчу! – деди Чекиш чал.

---

* *чыдаганга чыккан* – кыйынчылыкка бышкан, тарамыштуу.

– Андай болсо атаңдын аттарын өзүң ал! – деди башкарма.

Атасынын аттарына кошуп, Султанмурат дагы эки ат алды: бири чалкуйрук, бири карагер. Кошко кошор төрт ат болду. Башка балдар да төрттөн ат тандап алышты.

1943-жылдын кышында окуудан чыгарып алган балдардын жумушу мына ушундан башталды...

Жумуш көп экен, башта ойлогондон алда канча арбын болуп чыкты. Эртеден керээли кечке ат сарайда, ал аз келгенсип күндө дүкөнгө барып, Барпы уста менен анын чолок барсканчысына жардам беришет. Алар жазда жер оодарар соколорду оңдоп жатышкан. Мурда иштен чыкты деп, ыргытып салган темир-тезектердин баарын кайрадан чогултуп, ылай менен датын тазалап, бурамаларын чыгарып, керектүү тетиктерин алып, керексиздерин таштап, кайра чогултуп, тыным жок. Соколордун мокоп бүткөн эски тиштерин кайра отко салып, чыңап суугa сугарып, кайрадан ишке жаратып жатышты. Эски тиштин баары эле жарай бербеди, бирок жакшы чыңап алса, Барпынын төбөсү көккө жеткендей кубанат. Барсканчысын дүкөн тамдын үстүнө чыгарып, ат сарайдан балдарды чакырат.

– Эй, кошчулар! – деп барсканчы там башынан үн салат. – Бери келгиле, устаке чакырып жатыры!

Балдар жүгүрүп келет. Барпы текчеден али муздай элек, чыңдан жаңы эле чыгып көгүш жылтылдап турган салмактуу тишти алып көрсөтөт.

– Ме, карма,– деп сунат кезеги келген балага. – Ал, ал, кармап көрчү. Кандай дейсиң? Бар, сокоңо салып көр. Жер тилер тиши кандай келди? Укмушпу? Ээ, ошондой! Кыз-күйөөдөй эле айкалышып калган го! Айдоого салганда таш күзгүдөн бетер жаркырап тазаланып чыгат дейсиң. Көрөсүңөр, алдагы какмар бетиңерди күзгү тиштен далай каранасыңар. Колуктуңар бар болсо, күзгү

деп белек кылсаңар да болор дейм, ыя? Эч качан сынбаган күзгү болот да! Ошондой эмесе. Эмкисин дагы бириңерге жасап берем. Баарыңарга жеткирем, ар бириңе үч жуптан даярдап берсем жетпейби, ыя? Ии, ошондой эмесе. Оозумдагы сары тиштерими гана чыңай албайм, калган өнөрүңүн баары колуман келет. Бу тиштер чытырата дың тилгенде бизди далай эстээрсиңер али. Соконун баш тетиги эмне, ал – тиши. Калгандарынын баары тиш үчүн курулган. Тиши бакубат, курч болсо, салган борозуң да терең. Тиши мокосо, айдаган кошчу киши эмес. Көрдүңөрбү, мааниси кайда жатыры... Чынында мыкты уста эле Барпы карыя. Бүт өмүрү дүкөндө өттү. Ырас, мактана кетчү, бирок мактаганчалык өнөрү бар болучу.

Андан кийин балдар кайышчыларга да барып жардам берише турган. Чекиш чал өзү айткан, жардам берип, ишти тездеткиле деген. Ат абзели болбосо баары бир эч жакка жыла албайсың. Сокосу болор, аттар жараар, а бирок каамыты жок, жан кайышы үзүк болсо кантип кош чыгат деген. Анысы да туура. Ошол үчүн балдар кайышчылардын жанына көп байырлап, каамыт, жүгөндөрүн аттарына ченеп-тууралап жүрүштү.

Бирок баарынан өткөн милдет ат багуу эле. Эртеден каш карайгыча балдардын караганы аттары. Акырга түнкү чөбүн салып коюп, өздөрү үй-үйгө эл жатарда араң барышат. Антпесе да болмок эмес. Жаз кирип келатты. Мына азыр январь аяктады. Кош чыгарына эми отуз, ашып кетсе отуз беш күн калды. Ушул убакыттын ичинде, аттар кайра эт алып, күч-кубатына кире алабы, жокпу, балдардын багышына жараша болмок. Ат курсагын тойгузуп, ордунда үргүлөп турса да, күн болобу, түн болобу, акырында жем-чөбү белен болуш керек. Ат жаныбар ошондой мал...

Тыналиевдин эсеби боюнча февралдын аягында жакадагы кар кетери менен кош Аксайдын этегинде болуш керек. Илгери бир кездерде Аксайга кошчулар эгин эк-

кен экен. Андан бери айдалбаптыр. Жердин алыстыгынан, аерде жашаган элдин жоктугунанбы, же кайракы буудайдан көңүлү калганбы, айтор Аксайдын этегиндеги адырмактуу жайык дың бойдон ээн жатат. Чекиш чал айтат, баса атасы да бир жолу айткан, Аксайга эгин эккен дыйкан же мусапыр болуп тентип кетет, же түшүм жыйноого кол кабыш сурап, эл чакырат деген. Биринчи милдет, жерин айдап, үрөндү сээп коюш. Экинчисин көктү тиктеп, жамгыр күтүп жата бермей деген Чекиш чал.

«Дыйкан жерге терин себет да, түшүмүн көктөн тиктейт» – дейт Тыналиев. Ошол тилек менен ал эртелеп кошту даярдап жүрөт, жаан-чачын мол болсо, Аксайдын буудайы ыңкып калар деп тилеп жүрөт...

Күндөр өтө берди. Аптанын аягында аттар кичине тыңыгансып калды, жүнү жатып, тың басып, оңоло баштады. Чыкыроон басаңдап, күндүн көзү көрүнө калса, мал жан чубактай турган болду. Андай күндөрү аттарды сыртка, күнөстөгү акырларга алып чыгышат. Дене-боюна жылуулук тараган аттар жем-чөпкө балбан болуп, тез эттенет. Беш кошко деген жыйырма ат күнөстө тизилип, күртүлдөтө акырдан баш көтөрбөйт. Беш бала, жыйырма ат – Аксайдын десанты деп, Тыналиев ушуну айткан. Башкарма таң эрте келип бир кыдырып көрөт, ал учурда балдар да аттарынын жанында какыйып турат. Башкарманын алиги сөзүнөн кийин бригадир, арабакеч, атчылары баардыгы «десант, десантчылар, Аксайдын аттары, Аксайдын чөп-жеми, Аксайдын сокосу» дей турган болушту. Ат сарайдын жанынан өтүп бараткан салт адам да десанттын ал-жайы кандай экен деп, бир башбагып кетет. Аксайдын десанты деген сөз бүт айыл элинин оозунда. Башкарма десанттын командирлигине Бекбайдын уулу Султанмуратты дайындаптыр деп сөз кылып жүрүштү. Командирлик оңой эле колго тие койгон эмес. Анатай экөө бир серпишип өтүшкөн.

– Эмне үчүн Султанмурат болот? Биз каалабасакчы? – деген Анатай ошол эле замат.

Султанмураттын жини келе түшкөн.

– Командирликти талашкан жокмун. Жете албай турсаң болуп ал! – деген ал.

Анда Эркинбек менен Кубаткул бир жактан жаалап кеткен:

– Эмне, ичиң күйүп атабы, Анатай?

– Сен эмнеден куру калдың? Айтылдыбы, болду, Султанмурат командир!

Анда Эргеш Анатайга болушкан:

– Анатайдын эмнеси кем экен? Бою гана кичирээк болбосо, баарыбыздан күчтүү... Мектепке старостаны деле шайлап алчу эмес белек, келгиле командирди да шайлайлы... Болбосо дайыма эле Султанмурат, бирдеме болсо эле Султанмурат!

Тыналиев унчукпай угуп турду да, күрсүнүп алып, башын чайкады, анан кебетеси катаалданып:

– Токтоткула чууңарды! – деп буйруду. – Бери келгиле. Катар тургула! Десант дегенден кийин десант болосуңар. Менин сөзүмдү уккула! Эсиңерде болсун, командир шайланбайт, командирди андан жогору турган командир дайындайт.

– А жогорку командирди ким дайындайт! – деп сөзгө аралашты Эргеш.

– Андан да жогору турган командир.

Унчукпай калышты.

– Эмесе, балдар, азыр согуш учуру. Демек биз дагы согуш тартиби менен жашайбыз,– деп сүйлөдү башкарма. – Мен силер үчүн керт башым менен жооп берем. Экөөңөрдүн атаңар согушта курман болду, үчөөңөрдүн атаңар согушуп жүрөт. Өлгөндөрдүн да, тирүүлөрдүн да алдында мен силер үчүн жооп берем. Силерге ишенген үчүн жоопкерчиликти мойнума алып отурам. Алыскы Аксайга жөнөйсүңөр. Өзгөчө тапшырмага жөнөгөн па-

рашютчу десант сыяктуу силер да нечен күн, нечен түн ээн жерде жалгыз болосуңар. Азыртан ыркырашып ынтымакка келбей турсаңар, аякка барганда кантип жашап, кантип иштейсиңер?

Ат сарайда катар тизилген балдардын алдында Тыналиев ушинтип айтты. Балдардын алдында кечээги парашютчу аскер ошол эле аскердик боз шинелчен, көк тумакчан, асынган сумкасы бар, өзү жаш туруп, жаак эттери шылынып арыктаган, жарадарлыктын айынан бир ныптасына кыйраңдаган, катаал жүздүү, өткүр көздүү башкарма ушинтип сүйлөп турду.

Бекбайдын уулу Султанмурат командир болуп даярдалган Аксай десантынын алдында Тыналиев башкарма ушинтип сүйлөдү.

– Баарына сен жооп бересиң, – деди ал Султанмуратка. – Кишилерге да, унаага да, сокого да, шайманга да сен жооп бересиң. Аксайдагы айдоого сен жооп бересиң. Жооп бериш деген тапшырманы аткарыш деген сөз. Тапшырма аткарылмайынча эч кимиңердин сөзүңөрдү укпаймын да, кабылдабайм.

Үркөрдөй Аксай десантынын алдында Тыналиев башкарма ал күнү ушинтип сүйлөдү.

Кошчу балдар башкарманын жүзүнө тик карап, сыймыктана кулак төшөп, ар бир буйругун аткарууга даяр турушту. Балдарга азыр алдында башкарма эмес, зоот кийген, каарынан жер жарылган, кадимки көкжал Манас өзү тургандай көрүндү. Өздөрү болсо Манастын чоролору сыяктанды. Бир колдо калкан, бир колго кылыч кармап тургандай сезишти. Манас өзү жардыгын айткан бу баатыр-чоролор ким эле?

Баш баатыр чоро Султанмурат. Бекбайдын уулу, он бештеги Султанмурат кошчуларга кол башчы болуп даярдалды. Аталардын мыктысы Бекбай атасы алыскы чоң казатта жүрөт. Жоого минсе жарайт деген Чабдарын уулуна таштап кеткен. Султанмураттын Ажымурат

деген иниси бар. Кээде тентектигине кыжыры келсе да жакшы көрөт. Султанмураттын дагы купуя сүйгөн сулуусу Мырзагүл бийкеч бар. Мырзагүлдүн күлкүсү кашкайып аткан таңдай. Шыңга бойлуу, кымча бел, бото көз, айдай сулуу бийкеч...

Экинчи чоро Анатай баатыр болду. Жашы он алтыга караган, бул бешөөнүн улуусу. Ителгидей мыжыгыр, теңтушуна алдырбаган баатыр. Жоого минер Октору деген аты да келишти. Анатайдын атасы да согушта, чоң казатта. Анатай да алиги ай жүздүү Мырзагүл бийкечти купуя сүйөт, бир өпкөнгө зар болуп жүрөт...

Үчүнчү чоро атка жеңил, тайга чак Эркинбек баатыр болду. Үйүндөгү балдардын улуусу. Досун жолго таштабас, бирөөгө кара санабас ак жүрөк баатыр. Болгондо тиги чоң казатта Москваны коргоп окко учкан атасын эстеп, кийинки күндөрү көңүлү чөгүп жүрөт, балдардан жашырынып ыйлап да алат. Бирок жоого минер аты да жарашты, аркарды койдой айдаган Акбайпак деген күлүк.

Төртүнчү чоро Эргеш баатыр. Бу дагы жанга шерик жакшы дос. Он бештеги курагы. Өз оюн тартынбай айтып, жактаганын бербеген көйгашка. Ишенип тапшырган иштен кам санаба. Эргештин атасы да алыста, чоң казатта. Баатырдын өзүнө куп келип, Алтынтуяк аты да жарашты,

Беш чоронун бири Кубаткул баатыр. Бул да он беште, үйүндөгү балдардын улуусу. Кубаткулдун атасы тиги чоң казатта Белорустун токоюнда окко учкан. Кубаткул өзү эмгектен чарчабаган мээнеткеч. Жибекжал тулпарын сылап-сыйпап таптап жаткан кези.

Тыналиевдин алдында мына ушундай баатырлар турду. Баатырлардын көк шили болгон желкесинде, дубал түбүндөгү узата созулган акырда Аксайга барып кош тартар жыйырма чобур турду.

Кар кетери менен жер тилишке тетиги Аксайга барат бу балдар. Жаз келип, жер көбөрү менен кош айдашка тетиги Аксайга барат бу балдар!

Бирок азырынча теребел тунжурап, жер тумчугуп калың кардын астында жатат. Ага болбой закымдап күндөр өтүп жатыры, күткөн кез жакындап келе жатыры...

## V

Күтүнгөн күндөр келе берди...

Аксайга арналып багылып жаткан аттарды эл ар түрдүү атачу болду: бири десант аттар десе, бири Аксайдын аттары дейт. Ошол аттар эки апта жакшы багуудан кийин бөлөк аттардан өзгөчөлөнө баштады. Жем-чөпкө ток, суусуну канган, кашылып тазаланган, жүнү жатып, этине келген аттар булчуңдары буржуюп, десант акырда катарынан байланып турса көргөндүн көзүн кубантат. Чоочун кишини сүзө карап акшыя, кошкуруп кулак жапырып, ар бир аттын арык кезинде унутуп койгон мурдагы кыял-жоругу кайра чыга баштады. Баккан ээлерине үйүр алып, алар келатса сүйлөшкөн үнүнөн, же басканынан таанып, эркелегендей кылчая окуранып, бирдеме үмтөткөндөй кебез эриндерин созуп турчу болду. Балдар да кынык алып, кашыганда тартынбастан төрт туяктын астына кирип кетишет. «Так, так, тарт бутуңду, жаныбарым. Так, деймм, ашыкпа, айбан, азыр жем берем! Карасаң эркелегенин. Жалгыз сен эмессиң!..» – деп сүйлөшө кетишет.

Алгачкы күндөрү сууга айдаганда аттар үлдүрөп мүргүп басчу, кийинчерээк, айрыкча суудан кайтканда ойноктой турган болушту. Султанмурат Чабдарды, Анатай Окторуну, Эркинбек Акбайпакты, Эргеш Алтынтуякты, Кубаткул Жибекжалды минип, калган аттарды туш-туштан чыга тобун бузбай сууга айдашат.

Кышкысын агын суунун күбүрлөнгөн муз жээгинен ат сугаруу, анан калса топ атты чогуу сугаруу опурталдуу иш. Айбан мал сууга жабыла жүткүнүп, күбүрлүү жээкте тайтарактап калышат. Ошондуктан балдар обо-

лу жээктеги музду чаап, жалтаң жерлерине кум, саман төгүп, даярдап коюшат. Аяз күндөрү суунун үстүн биротоло муз алып калганда ар-ар жерден оюк оюшат. Султанмурат ар балага кезек бөлүп, катуу тартип койду. Күндө бир бала суу жээгин ат сугарууга даярдап турат.

Кошчу балдардын айт-айтынан сестенип, аттар чунаңдабай катар туруп, суу ичет. Муздун коңулунан агып чыккан таш сындырар кашка суу бир көрүнөт да, мөлтүлдөгөн бойдон кайра коңулга кирип кетет. Жайкысындай жаркырай албай муз астында кулдурап, түбүндөгү жылтыр кара таштар менен сүйлөшөт...

Аттар тиши какшап кеткенсип, калбык эриндеринен суу чуурута баштарын көтөрө калышат, жылуу күндүн жылуу нуруна соорулары жибигендей мээрлене бир аз туруп, кайра суууга тумшуктарын созот. Суусуну кангасы кетенчиктеп акырын катардан чыгат, бир силкинип алып, кайрылып сарай жакка жөнөйт. Мына ошондо таноолорун дердендетип, куйруктарын көтөрө кошкуруп, мөңкүп оюн салып кетишет. Туш-туштан айт-айттап, балдар текирең-таскак менен аттарды кайра сарайга кубалап келип киргизет.

Дагы бир топ күн өттү. Көркүнө чыккан аттарды көрүүгө кызыгып, сарайга баш баккандар көбөйдү. Бу баягы өлөсөлүү көтөрүмдөрбү, же жаңы туулганбы деп калышат балдарды мактап. Карыялар эски сөзгө кирет: ат адамдын канаты, ат адамдын жолдошу, жакшы кишинин колундагы ат баласындай ысык көрүнөт, баккан ээсине ат да ынак болуп калат дешет. «Ат баласын арык деп, жолго таштап кетпеңер, адам уулун карып деп, колго таштап кетпеңер» деп ылакап сөз менен маселдетишет.

Тыналиев башкарма гана аттарды да, балдарды да али мактоого ала элек. Баарын сынай карап, күндө текшерип турат. Кам-чому даярбы – аны текшерет, бирөөнүн шымынын тизеси жыртык болсо, аны байкайт, апаңын колу тийбесе, өзүң жамап албайсыңбы деп жеме-

лейт. Ат жабдуулар качан бүтөт деп бакырат. Аксайга ат сарайды бүт көчүрүп кете албайсың. Тоо этеги түнкүсүн кадимкидей суук болот. Кечке соко тартып, эти жашыккан аттар түнкүсүн суук жесе, эртеси ишке жарабай калбайбы дейт. Бүгүн бүтөр камылганы Аксайда бүтүрө албайсыңар, убакыт аз калды деп шаштырат. Кээде ачуусу келсе, же атайы Аксайдын аттарына деп сактап берип жүргөн беде учурунда сарайга жеткирилбей калса, Чекиш бригадирди тилдеп да коё берет.

Бекерооздорчо үзүлүп түшө мактабаган дагы бирөө – энелер. Кээ күндөрү балдардын биринин энеси сарайга келип, кейип калат: десант деген кайдагы балакетти таап алдыңар, эрибиз согушта жүргөнү аз келгенсип, эми коларага жумшаган балдарыбызды да ай-талаага айдап, бизди ого бетер сыздатат экенсиңер го. Бешиктен бели чыга элек балдар күнү-түнү үйгө жолобой калышты, биз жытын сагынганыбыздан да өздөрүн маестетмей болдуңар го...

Ойлосоң энелердики да туура, бирок башка арга кайсы?

Командир эмеспи, Султанмуратка тил көп тийди. Балдардын баарына жооп бермекчи киши. Энелердин алдында балдарына жооп бериш деген оңой бекен. Өз апасы болсо, биротоло түңүлгөндөй колун силкип таштады, «Иши кылып атаң согуштан аман келсинчи, өзү териштирип алар. Айтып тилим тешилди. Бир күнү мен тырайып калсам, ошондо эсиңе келерсиң, балам, бирок кеч болуп калар...» Султанмурат апасын аяп кетет бирок колунан эмне келмек, деги ошо бешөөнүн кимисинин үйгө карай турган чолосу бар? Ар биринин колунда төрттөн ат, андан тышкары камылга иштер канча. Жем-чөп бер, сугар, астын тазала, боорун кашы, кайра жемге кой, кыгын тазала, сыртка чыгар.., ушул эле түйшүк канчалык... А күздөн калган жоордун картын, чакалай жараттарын тазалоо деген балакетичи. Алиги мал догдур дары деп

бир май таштап кеткени болбосо, кол тийгизбеди, баарын өздөрү бүтүрүп жатышты. Күндө ушул жумуш. Антпесең көтөрүм, жоор аттар жазга жарамакпы, семиртип бакканың менен каамыт кийгизе албай отурсаң кызык ошондо болор. Бир да соо ат жок болчу, сагызган ойгон жоору, күндүр-түндүр бутунан алынбаган кыл чылбыр тушоо суу болуп чыйралганда шыйрагын кесип сөөгүнө жеткен жарааттары, көрүнгөн бала чапканда бакайын кырча баскан аксак-терсектери канча эле. Анан калса ат деле айбан да, дарылап атасыңбы, айыктырып атасыңбы, аны билбей курсагы тойгон немелер чунаңдап бутун карматпайт.

Кийинчерээк аттар эттенгенде Чекиш чал айтты: камсоо болуп калды, күндө тер алып, денин чыйралтып тургула деди, болбосо муунунда каруу жок немелер кошко салганда кара терин төгүп, калтырап калат.

Ошентип тер алып жүргөндө бир кырсык болду...

Беш баатыр тең жоого минер аттарын минип, бир күнү айылдан сырткары чыкты. Султанмурат Чабдарчан, Анатай Окторучан, Эркинбек Акбайпакчан, Эргеш Алтынтуякчан, Кубаткул Жибекжалчан. Обол мурун ат сарайды тегерене таскак салдырып чыгышты да, анан көчө бойлоп айылдан сыртка кар баскан будурга таскактата жөнөштү. Күн ачык эле, кар чагылткан нуру көздү уялтат, бирок жакын калган жаздын жыты абдан сезилет. А тиги Улуу Тоо болсо, аппак карга оронуп, бооруна чымын консо да көрүнгүдөй таптаза. Кыш алдан тайып, күн жылуусуна талыкшып баратkансыйт.

Аттар да арылдап катуу жүрдү. Байлоодо тура берип кам болгон денелери нымшыган сайын бой жазып, оюн салып кетчүдөй жулкунушту. Тизгин бошотсо ого бетер арыш керип, даңкан атышты. Султанмурат алдыда бараткан. Анатай арттан көкүттү:

– Эмне кыбырайсың, коё бер аттын оозун!

Бирок Султанмурат командирлик жоопкерчилигин унутпады, тер алыш деген ат жарыш эмес деп, балдарды текиреңге өткөрбөй тизгин тартып баратты. Бу деген оюн эмес, аттардын муундарына чогулган сары сууну денесине таратып, булчуңдарын чыйралтыш керек, ошентсек кийин кошто кыйналбайбыз деп баратты. Бул акылды Чекиш чал айткан. Ошентип десант болгон беш баатыр адырдагы жайыкка чыгып, аттын башын кайра тартууга саал токтой калганда мектептен ылдый куюлган жолдон балдардын кыйкырыгын угуп калышты. Десантты таанып, алар дөңдө кол булгалап туруптур. Десантчылар да кол булгап, айкырык салышты. Өздөрү окуган жетинчи класстын балдары, башка класстан да бар көрүнөт, жоон топ бала дөбөдө чуулдап турат. Ошол топтун ичинен Султанмурат Мырзагүлдү жазбай тааныды. Кандайча ажырата тааный койгонун өзү билбеди, бирок тиги кызыл жоолукчан, турган турпаты, баскан басыгы тааныш, кол булгап үн салган Мырзагүл экенине көзү жетти. Мырзагүл да аны бөлүп тааныгандай көрүндү. Дөбөдөн ылдый десантты карай чуркаган топтун ичинде китеп кабын булгалап, кыйкырып келаткан Мырзагүл атүгүл: «Султанмура-а-ат!» деп кыйкыргандай туюлду. Боюн таштап, кулачын жая чуркап келаткан кыздын ушул бир элеси караңгыда жарк эткен чагылгандай Султанмураттын дилине жаркын элес болуп бата түштү. Кызды сагынып жүргөнүн эми сезди... Кубанганынан дене-бою дүркүрөп, көмөкөйү кургап кетти, ээликтирген бир күч башын айлантып, көзүнө эчтеме көрүнбөй мунарыктанып, толкундан толкунга сүрдүктүрүп алып жөнөдү...

Тиги төбөдөн ылдый куюлуп чуркап келаткан классташтарына каршы кандайча чаап жөнөшкөнүн балдар өздөрү да байкабай калды. Аңыздан өтүп, каптал-боорго салып, ат башын коё беришти. Капталдай чаап, суктана караган классташтарынын алдынан ат алкынтып

өтүп, андан ары ат сарайга жөнөйбүз деп ойлогон Султанмурат. Бирок андай болбоду, өктөм Окторучан Анатай шамалдатып алдыга суурулуп чыкты.

– Катуу чаппа, токто! – деди Султанмурат артынан, бирок Анатай кылчайып да койбоду.

«Мырзагүлдүн алдынан өзүм чыгайын дегени го»,– бул ой Султанмуратка жалын ургандай тийди. Каны кызып кетти, Чабдарды теминди да, ачуу кыйкырып, ат жалына эңкейди. Чабдар көп узатпай Окторуну баса калды. Бирок Анатай бой токтотпой камчыланып баратат. Экөө тең аянар жерден өтүп калган белем, кыздын көзүнө кимиси кыйын көрүнөрдүн кызыгына кирип, теңтайлаша чабышты. Ат жалынан шамал ышкырып, көзгө эчтеме байланбай жер айланкөчөк болуп кетти. Келиштире таптаса күлүк чыгар эле деп атасы бекеринен Чабдарды мактаган эмес экен. Султанмурат Анатайды басып өтүп баратып, көз кыйыгы менен жогору дөбөнүн бооруна токтоп калган балдарды карады да, топ ичинен кызды таанып, жүрөгү алып учту. Анатайдан озуп баратып, Султанмурат аттын башын саал өргө бурду, кызга оропара баргысы келди. Ошенткени ырас болуптур, Анатайдан куйрук улаш узай бергенде топтошкон балдардын чуу түшүп чыңырып калганын укту. Аттын башын тартып, артына кылчайса, Анатай жок. Күүлөнүп алган Чабдарды тигинден барып араң кайрып келатып, ошондо Окторунун сыйрылтмадан жыгылып, каптал ылдый карды күрөй сүрдүгүп кеткенин көрдү. Анатай ээрден учуп кеткен экен, бозала кар болуп, араң туруп жатыптыр.

Султанмураттын эси чыкты. Жакын барып, Анатайдын колу канап жүргөнүн көргөндө ого бетер коркуп кетти. Мырзагүл экөөнүн көздөрү бир ирмемге чагылыша түштү. Кумсарып, эси чыгып турса да, кадимкисиндей сулуу эле... Анатай тумагын санына чаап, күбүнүп турду да, аты тигинде күрткүдө туйлап жатканын көрүп, ага

чуркады. Октору тизгинге чалынып калыптыр. Аңгыча калган десантчылар жете келишти. Жабыла түшө калып, Окторуну күрткүдөн тургузуп чыгышты. Балдардын үндөрү Султанмуратка ошондо гана угулуп, катуу кырсык болбогонун билди да, жүрөгү ордуна келди.

Мырзагүл бийкечтин алдында алчыланып өтөбүз деген баатырлардын көйрөңдүгү ушундай уят иш менен бүткөн. Кыздын көзүнө тике кароодон айбыгышты, уялды. Аттарды сарайга кийирер убак да болуп калган эле, баштары салаңдап, унчукпай жөнөй беришти. Октору аксап келатканын айылга жакындаганда Эргеш байкады.

– Токточу! – деди ал. – Карачы, атың аксап баратат!

– Аксап? – деди Анатай таңыркагансып.

– Ии! Аксаганда да!..

– Кана, бастырчы, көрөлү. Бастыр! – деди Султанмурат.

– Чынында эле Октору алдыңкы оң колуна таканчыктай албай сылтып баратат. Түшө калып кармалап көрүшсө бакайдын үстү шиший баштаган экен. Эми эмне кылмак, арга кетти. Кошко деп асырап багып жүрүп, анан бир жолку оюндан чыккан от ушул беле! Кардуу боорду капталдата ким ат чабат? Андай жер сыйрылтма болорун эмнеге ойлошподу? Дагы, кудай жалгап, өздөрү аман калганын айт.

– Баарын кылган сен! – деп кызарып-татарып ачуусу келген Анатай Султанмуратка опурулду. – Жарышты сен баштап жибербедиңби.

– «Токто, чаппа!» деп артыңан кыйкырган ким эле, ыя?

– Анда эмне кубалап өтөсүң?

– А сен эмне озо чаап кетесиң?

Талашып-тартышып чуулдап, кызыл чеке болушка аз калды. Бирок карманышты да, аксаган атты жетелеп, ат сарайга шылкыя бастырып келишти. Аттарды акырларына байлап, Окторуну кантерин билбей делдейип дагы

турушту. Эч биринен акыл чыкпай айла түгөндү. Башкармага эмне жооп айтышат? – Анатайды: бар атчыларга айт, Октору аксап калды, эмне кылабыз дешти. Анатай болсо кадимки терс мүнөзүн карматты:

– Мен эмнеге барам? Айыбым кайсы? Мына, командир болуп жүрбөйбү, өзү барсын.

Кайрадан талашып-тартышты, дагы кызыл чеке боло жаздашты. Баарынан да Анатай ак болуп чыга бергени Султанмураттын жинин кайнатты.

– Катын экенсиң! – деди туталанып. – Кара күчкө эле эрдемсийт турбайсыңбы, башыңа иш түшкөндө качтыңбы? Эмне, мени коркот дейсиңби? Барам да, болгонун болгондой айтып берем.

– И, бар. Ошон үчүн командирсиң да, – деп Анатай уялып койбойт.

Акыры Султанмурат атчыга өзү барды, болгон ишти айтты. Атчы байкуш кокуйлап жетип келип, аттын аксаган бутун ары карады, бери карады, акылы жетпеди. Кош башталарда аттын иштен чыгып калганы оңой бекен. Жакшы эле чуу болуп жатты. Бирок ал эчтеме эмес экен, көргүлүктү Чекиш чалдан көрүштү. Бирөөдөн уккан окшойт, сарайга далбактап чаап келди. Сөөккө доо кеткенби, же тарамышы созулганбы деп, атчы карап жаткан. Ошол учурда арттан дүбүрт чыкты. Баары кылчая калса, ат менен кошо энтигип Чекиш турат. Ал унчукпай аттан түштү да, кабагын түйүп, ит көргөн кармүштөктөй[1] үрпөйүп басып келди.

– Эмне болду?

– Карап жатырым, сөөктөнбү, же тарамыш үзүлгөнбү, билбейм, – деди атчы.

– Билгенде эмне! – Мен буларды азыр сотко берем! Аттырыш керек мындайларды!

---

[1] к а р м ү ш т ө к – (ир.) *талас диалект.* кирпи.

Камчысын көтөрүп, Чекиш чал кошчу балдарды качырып сала берди. Балдар чачырай качты. Чекиш улам бирин кубалап, эч кимисине жетпеди. Күйүккөнүнөн көгөрө түтөп, ого бетер ачуулана чаңырып жүрдү:

– Коштун аттарын ишенип тапшырган ушул силерсиңерби, ыя?! Мынчалык кара санагыдай мен эмне кылдым силерге? Атаңдын... башисттер! Мылтыгым болсо, бирден терип атсам болор эле. Кыштан берки мээнет, жем-чөптүн баары талаага кетпедиби? Эми коштү эмне менен айдайбыз, ыя! У, ата-бабаңды!..

Ошентип чуу салып келаткан Чекиш Султанмуратка кептелди. Башка балдар качып жөнөгөндө Султанмурат ордунда калган. Кан-сөлү жок үрөйү учуп, бирок жоoптон кача албай биргатты тике карап, калчылдап турган.

– Сага эмне жок? Кыларыңы кылып, кыл жип менен бууп коюп, карап турасыңбы? – Чекиш чал чаңырып келип, кармана албай командирди жон талаштыра тартып жиберди. Дагы бир тартып жиберишке камчы көтөрдү да, эсине келе калып, үнү буула кыйкырды: – Кач, иттин баласы! Кач деймн! Сабап салам! Кач!

Камчы жеген Султанмурат теңселе түшүп, коркконунан көздөрү алайып, эрксизден жүзүн калкалай берди. Жонундагы ысып чыккан тилкеге, дагы бир ысык тилке качан чып жабышат деп күтүп, качып бербеске чымырканып чыдап турду...

– Болуптур! – деди Чекиш чал баланын көктүгүнө таң калып. – Калганын атаң аскерден келгенде аласың. Коркот дейсиңби, атаңдын көзүнчө эле сабап коёрмун ошондо.

Султанмурат унчукпады. Чекиш тынчый албады, камчысын бүктөй кармаган колун сереңдете аркы-терки баса берди.

– Кач десем мисирейип туруп бергенин карасаң мунун, атакей оой! Качып берсең шыйрагың сынат беле? Мен баары бир жетпейт элем го? Силерди кубалап жетиш

кайда мага! Жок дегенде сыйлап качып койсоң мен жеңилдене түшпөйт белем! Же сабагыдай бир камчылык алың болсочу, кайырмакка илер этиң жок тыртыйып, кийимиң да чел кабыктай... Атаң көрү-ү согушуң менен, баланы баладай өстүрбөдү го!.. Болуптур, атаңар келгенде силердин өчүңөрдү менден алсын, макулмун. Иши кылып аман келишсинчи, мен даярмын, качпаймын... Кана эми, эмне балакет кылдыңар, көрсөткүлөчү...

Ал күнү ушундай окуя болду. Султанмурат да энчисин алды. Колуң менен кылганды мойнуң менен тарт деген. Биргаттыкы да туура, камчы шилтебей кантип чыдамак. Кол оорутуп, бел жоорутуп короткон мээнети күйүп кетсе, камчы шилтебей тура алабы. Союшка эле жарабаса, аксак аттын кереги эмне? Коштун атын союуга кимдин колу барат? Чекиш чалдын аргасы куругандай эле болду, бирок аттын аксагы анчалык коркунучтуу эмес деген сөз гана көңүлүн жубатып турду. Анан Окторуну бир чалга алпарып тапшырды. Беде-сулу жеткирип беришти, күн сайын көз салып турушту. Чалдын колу жөндөм экен, бир жумадан кийин Октору калыбына келип калды. Аны кайра ат сарайга апкелишти.

Деги ушул жума абдан кыйын болду, үйдө апасы ооруп, бир-эки күн онтолоп жүрдү эле, анан биротоло төшөк тартып жатып калды. Султанмурат апасына, ини-карындаштарына каралап, жумушуна чыга албады. Короо-жайынын кейпи учуп, кунары качып калганын ошондо көрдү. Атасы аскерге кетерде он чакты жандыгы бар эле, эми бири да калбаптыр. Экөөн союп алышкан, калганын аскер зайымынан, башка салыктардан кутулуш үчүн сатып жиберишкен. Колдо калганы азыр желиндеп турган жалгыз уй, анан там артында оттоп жүргөн Ажымураттын карагер эшеги. Болгон «төрттүлүгү» ушул. Ушуну багышка да чөбү жок. Бастырманын үстүндө жыйылган бооланув жүгөрү бакал турат, ал да азайган. Байкап көрсө, ую тууп, музоосу отукканча жеткидей, а

эгер кыш создугуп кетсе эмне болорун кудай билет. Эшек болсо кардан соройгон куурай баштарын искеп, өз отун өзү таап кетер. Жыйган куурайы бөксөрүп, бастырманын бурчундагы көңү да эңшерилип калыптыр, алар түгөнсө отун-суусу эмне болот. Актөш дүңкүлдөгөн дөбөт эле эми бураңдай басып жүрөт. Күндүр-түндүр Аксай десантынын камылгасы менен ат сарайда жүрө берип, Султанмурат мунун баарына серп салган эмес экен. Атасынын тушунда ахыбалдары ушундай беле? Айланып жайса жеткидей чөп чаап, жыйып коёр эле. Отун-сууну арбын камдаар эле. Кайсы бирин айтасың, атасы жашоонун көркүн чыгарып турчу эмес беле. Бүт дүйнөдө, аталуу үйлөрдүн баарында эле ошондой болсо керек. Эми атасы кеткенден кийин короо-жайы шүмүрөйүп, такыр башкача. Күзүндө жалбырагынан ажыраган дарактай болуп, бирдеме жетишпей турат. Айыл деле ордунда, көчө, үйлөр деле ордунда, бирок баары бир атасы бардагыдай көрүнбөйт. Атүгүл жолдон өткөн арабанын калдырты да атасы айдап бараткандай көңүл козгоп, кубанычтуу угулбайт…

Жамбылга барып келгендердин айтуусуна караганда шаар да оңбой калган окшойт, каатчылык дешет, элдин пейили бузулуптур дешет. Баягы атасы экөө баргандагы шаар азыр жок окшойт.

Эмнеликтен ушундай? Ата жок болсо эле мүшкүл түшөт экен да… Азыр кайда болду экен атасы? Соңку каты келгенине бир жарым ай болуп калды, андан бери кабар жок. Жолдо бир жерден кармалып калгандыр дейт апасы, ошентип балдарынын көңүлүн жубатып коёт да, өзү үшкүрүнөт. Фронттон жөнөтүлгөн кат болсо, жолдо кармалып калышы да этимал го. А балким кат жазууга чолосу тийбей жүргөндүр. Чүй каналынын курулушунан жөнөтүлгөн кат кармалып калса мейли эле, согуштан келаткан кат кармалышынын жөнү башка го. Апасы да, балдардын да тарткан санаасы ушул.

Мурдагы күнү таңга маал сырттан ит жан-алы калбай үрдү да анан ээсин көргөндөй кыңшылап, аздан соң бирөө терезе какты. Ооруп жаткан апасы төшөктөн «Э, кудайлап» ыргып турду. Султанмурат да тура калып, терезеге жабышты. Сыртта бирөө туруптур. Апасы тааныды:

– Нургазы таякең келген тура. Бар, эшик ач.

Өзү тиши-тишине тийбей калчылдап кайра төшөгүнө жатты.

Нургазы таякеси тоодо чабан, коңшу совхоздун малын багат. Жашы өтүп калса да бир жолу көп чабандын катары менен аскерге чакырылып, Жамбылга жеткенде кайра коё берген. Ооруктагы малды багышка да киши керек тура. Ошондон бери таякеси маал-маалы менен каттап турат. Азыр карындашы ооруп калыптыр деген сөздү угуп, жетип келген.

Сакал-мурутун бубак баскан, чоң тончон, түлкү тумакчан, кийиз конч өтүкчөн, ызгаарга капкара болуп бышкан, аяз менен кой жыттанган кажырлуу таякеси кирип келгенде үйдүн ичи жандана түштү, жылып кетти. Тонун чечип таштап, Нургазы карындашынын жанына отурду да, тамырын кармады. Ийкеми жок колдогой кара салаалары менен таякеси апасынын арык билегин кармап, башын бир жагына саландата көпкө кан тамырдын согушун тыңшап отурду. Бирдемени сезгендей, бирдемени туйгандай болду. Анан күрс жөтөлүп коюп, бир аз ойлонуп отурду да, сакалын сылап, Султанмуратка күлө карады:

– Кудай сактасын. Суук тийип, катуу сескенип жыгылган турбайбы. Билгендей мен да куйрук май, эт ала келдим эле, ырас болуптур... Майлуу шорподон ысык-ысык ичип, бир тердесең эле баш көтөрүп каласың. Султанмурат, тиги канжыгадагы куржунду алып кир. Малды камаган бойдон келдим, кайра тез кайтпасам болбойт.

Апасы Нургазы менен аркы-беркини сүйлөшкүчө Султанмурат от жагып чай кайнатып жиберди. Ал ортодо ини-карындаштары да ойгонду. Жылаңач бойдон баары таякенин мойнуна асылышты. Таяке аларды өөп-жыттап, койнуна катты. Жакшы көргөнү Ажымурат эле, тайраңдап эркелей кетти, мойнуна асылып, тизесине тура калып, үчүнчү класста окуганын билбеген чоң торпок, ата жытын сагынып жүргөн бала тайраңдап эркелеп жатты. Таякесинин тумагын кийип, камчысын камчыланып, өзүн ат кылып желкесине минип алды.

– Эй, уяты жок, түш! – деп Султанмурат оодара тартайын дегенде таякеси болбоду!

– Тим койчу, кичине эркелеп алсын.

Ошол күнкү таң ушинтип кубанычтуу атты. Ажымураттын мектепке барар учуру болуп калса да ажырагысы келбейт. Апасы жемелесе да болбой таякесин имерчиктейт. Акыры араң жатып кийимин кийгизип, Султанмурат колдон алып, сыртка сүйрөп чыгарды. Ажымурат кыйыктанып көчөгө араң чыкты да, өңгүрөп ыйлап коё берди. Ыйлаган бойдон мектебине кетти. Үйдөгүлөр кайра боору ооруду.

– Бул эмне кылганың? – деп Нургазы Султанмуратка кейиди.

– Жок, таяке, тийген жокмун.

– Анда эмне ыйлап кетти?

– Султан тийген деле жок,– деди апасы жаздыктан башын көтөрүп. – Атасын сагынып жүрөт, ошол үчүн барып сага жабышып жатпайбы. О, жаным ай, кыйналып бүттүк го. Санаа басып, жол карай беребиз. Жадегенде бир кабарын билдирсечи. Эки айдын жүзү болду дайыны жок...

Нургазы кайра карындашын сооротуш менен алек болду: «Ыйлабай балдарыңа ал-кубатыңы сакта, согуш деген согуш, кээде өлдү деп түңүлүп калган кишиден деле

жарым жылдан кийин кат келип жатпайбы, капаланба»,– деп көңүл жубатып отурду...

Ушул азыр ооруп жаткан апасынын жанында отуруп, атасы жок турмуш коңултактап каларын Султанмурат айрыкча сезип, жанына батты. Ажымураттай кичине болсо ыйлап коё берет беле, көзүнүн жашын аарчыбай, талаа-түздү карабай качат беле.., анте албады. Көзөнөктөн түшкөн күндүн нурундай кичинекей эле үмүт керек болуп турду ага. Атасы азыр келе койбосо да, тирүү экени билинсе көңүл тынчып, үмүттүн деми менен жүрө берер эле. Иңкамал-апайдын сары убайымын Султанмурат эми түшүндү.

Бир жолу Иңкамал-апай ат сарайга келген. Районго бараткан экен, арабаны кошкуча кыйраган чоң дарбазанын жанында баягы эле түймө жоолугуна оронуп, күтүп турду. Баштагыдан картайгандай жүдөңкү, санаа толгон көздөрү киртийип капалуу көрүндү балдарга. Эртеси райондон кайтканда кечээги апай жок, бырыштары жазылгансып, жүзү жаркыйт, окуучуларынын ал-жайын сурап, көңүлдүү келди, Султанмурат ат сарайды кыдыртып, десант аттарды көрсөттү:

– Мына, акырда турган аттардын баары биздики, апай.

– Жакшы аттар экен, жакшы багыпсыңар, көрүнүп турат, – деп апайы мактап жүрдү.

– Биз жаңы алгандагы кебетелерин көрсөңүз укмуш болчу. Баары көтөрүм, жоор болчу. Эми караңызчы, таанылбай калды. Мобу менин Чабдарым, апай. Атамын аты. Бул Акбайпак, тигини Желтаман дейбиз...

Анан Султанмурат апайына соко-шаймандарын көрсөтүп чыкты.

Иңкамал-апай ыраазы болуп кетти. Балдарды окуудан ажыратып жатканда ичинен нааразы болуп, санааркап калганын, эми иштерин көргөн соң көңүлү толуп турганын айтты. Азыркы учурдун башкы милдети эптеп

душманды жеңүү, анан аскерге кеткендер кайтышса, калган окууну кууп жетип алабыз деди.

Көрсө Иңкамал-апай райборборго бир чоң төлгөчүгө барып келиптир. Ал эч качан калп айтпаган, бирөөнүн кубанычына өзүнүкүндөй кубанган, тарткан төлгөсүнө акы сурабаган ак пейил төлгөчү имиш. Иңкамал-апайдын согуштагы уулуна үч кайтара төлгө тартып, аман-эсендигин айтыптыр, колго түшкөн жок, жарадар болгон жок, бир чоң милдет мойнуна жүктөлүп, ошол себептүү кат жаза албай жүрүптүр, милдетин аткарган соң кат артынан кат жазат дептир... Канчасы калп, канчасы чын экенин ким билсин, райборборго алпарып келген арабакеч ушинтип бежиреп сүйлөп берди.

Иңкамал-апай төлгөчүгө барганына Султанмурат айран-таң болду. Апайын сары санаа сагыныч менен түпөйүл коркунуч айдап барганын кийин түшүндү, апасы айыкканда ошо төлгөчүгө барып кел деп айтмакчы болду.

Бул ойлор оор эле, коркунучтуу ойлор эле...

Бирок чордонунан кайнап чыгып турган тунук булак сыңары өзүнөн өзү көңүлгө сызылып келе берчү жүрөк сырлар, жаркын ойлор да бар эле. Ал ойлор Мырзагүлдү айланчыктаган таттуу ойлор. Ал ойлорду атайы ойлочу эмес, өздөрү келе берчү, жер жылыганда топурак астынан баш баккан сары сойгок чөптөр сыяктанып тереңдеп өздөрү жүрөктү кытыгылап чыга берчү, ошонусу менен ал ойлор жанына жакын, дилине кымбат эле, ошол үчүн Султанмурат ал ойлорунан ажырагысы келбей аярлап, саксактап турат. Мырзагүлдү ойлогондо эч кандай оорчулуктан, кыйынчылыктан коркпос, тайманбас сезет өзүн, эрдик менен бирөөгө жакшылык кылып, көзгө көрүнгүсү келет, өрөпкүп кетет андай учурда. Бирок баарынан ал – кандай сонун ойдо, кандай учкул кыялда жүргөнүн, эмне ойлоп, эмне кыялданганын Мырзагүл да билсе деп каалайт.

Дили менен денин курчап алган бул сезим-ойлор эмне экенин өзү али дааналап түшүнө элек. Бирок чоң жигиттерден уккан, китептерден окуган махабат деген сезим ушул го деп туюк баамдайт. Аскерге жөнөп бараткан жигиттер кыз-келиндерге кат жазып, жашыруун алпарып беришти Султанмуратка тапшыраар эле. Султанмурат андайда дилгирлене чуркачу. Эч кимге айтпа дечү жигиттер, Султанмурат да жигитчилик кылып, бир жанга оозунан чыгарчу эмес. Ичинде арстан тумчугуп, түлкү муунбаган эркек да эркекпи? Атүгүл бир жолу Жаманкул деген тууганынын катын жазып берген болчу. Жаманкул жаштайынан мал артында жүрүп окубай калган, анан аскерге кетип жатканда колуктусуна куш тилиндей кат жөнөткүсү келген го, Султанмураттан суранып калды. Калың жүгөрүнүн арасына бекинишип алып, өзү айтып берип отурду, Султанмурат жазып жатты. Жаманкул байкуш көмөкөйү кургап, сөздөн сөз тандап айтып жатса, минтип кыйналбай эле барып сүйлөшпөйбү деп, Султанмурат ичинен күлө жазып отурган. Оболу жазбайм деп, акыры Жаманкул мүйүз саптуу макисин бергенде гана макул болгон. Жыл айланбай өзү Жаманкулдай болорун анда ойлонбогон экен да.

Азыр кээде эсине түшкөндө кыңкылдап ырдап жүргөн алиги ыр да Жаманкул кой жайып тоодо жүргөндө чыгарган ыр эмеспи:

Аксай менен Көксайым
Жер соорусу турбайбы...

Ушул ырды эстеп, бир ой кылт этти: Мырзагүлгө кат жазсам эмне!

Уялбай, кысынбай, апкаарыбай ой-сезимин кат аркылуу алыстан ачык айтып алыштын амалы табылганга Султанмурат кубанып кетти, бир жакшы иш кылып, башкаларды да өзүндөй кубанткысы келди. Эң оболу апа-

сына жардамдашмакчы болду. Апасы эртерээк айыгып, атасын ойлоп көп санааркабай кайра фермадагы жумушуна барса, короо-жай таза, үй ичи жылуу, отун-суу мол болуп турса, анан дагы... уулу эр жетип, бир сулуу кызды сүйүп жүргөнүн апасы да туюк сезип калса, үй-жай ошол үчүн зымылдап оңолуп калганын билсе деп жылмая кыялданды...

Ошентип, апасын каралап калган эки-үч күндүн ичинде Султанмурат жыл маалы иштебеген иштерди бүтүрдү. Короо-жайдын бузулганын оңдоп, үзүлгөнүн улап, шыпырып-сыйрып тазалап жиберди. Маал-маалы менен апасынын кашына келип:

– Кандайсың, апа? Эмне кылайын, бирдеме керекпи? – деп сурап турду.

Арыктап, бет эти жукарып, бырышы көбөйө түшкөн апасы жетине албай күлүмсүрөсө ыйламсырагандай көрүнөт:

– Эми өлүмдөн коркпой калдым. Өзүң эс алчы, керек болсо айтармын...

Катты болсо, үйдөгүлөрдүн баары уктаганда жазды. Баштаар алдында аябай толкундады. Карап турган жан жок, жолтоо болгон эчтеме жок, бирок толкундай берди. Эмнеден баштаарын ойлоп бир топ отурду. Андай баштайын десе да, мындай баштайын десе да ылайыгы жок, бөтөнчө баштагысы келет. Таш түшкөндө көлчүктүн бетинде жымырап чачыраган толкундар сымал ойлору кармалтпай туш-тушка качат. Мурдатан ойлоп жүргөндөрүн жазмак, бирок кагазга үңүлөр замат сөздөрүнүн байланышы үзүлүп-үзүлүп кетет. Баарыдан мурун Мырзагүлдүн сулуулугун жазайын деди, бул айылда, атүгүл бүт дүйнөдө Султанмурат жактырган сенден сулуу жок деп жазмакчы болду. Класста отуруп, сени гана тиктей бергенден башка мага бу дүйнөдө жыргал жок демекчи болду. Бирок азыр шарт башка, десант болуп мектепке бара албай калдым, качан бараарым белгисиз. Ошол үчүн сени

кээде гана көрүп калам да, кайра көргүчө сагынып, кыйналып жүрөм деген ойлорду жазмак болду. Сагынганы ушунчалык, кээде каңырыгы түтөп, ыйлагысы келет. Кээде каңырыгы түтөп кетмеги чын болчу, бирок аны катка жазып, жашыктыгын моюнга алыш эркектин иши эмес да. Ал эмес, окуп жүргөн кездеги кай бир оройлугун, кээде олдоксон тийишип өткөн учурларын түшүндүрүү керек эле. Андай учурларда Мырзагүл бекер эле жаа бою качып жүргөн, себеби Султанмурат сыртынан оройлонгону менен, ичи жылып, жүрөгү элжиреп келип тийишчү. Мына ушуну жазыш керек эле. Баягы кардуу боордо ат чаап, сомдомо Анатай башка балдардан мыкты көрүнгүсү келип, бирок андан аркысы эмне болгонун Мырзагүл өзү көрбөдү беле, жиндилигинен Окторуну аксатып салганын эскерте кетиш керек. Анан ток этер жери, ошондо жоон топ окуучулардын ичинен Султанмурат сүйгөнүн жазбай тааныганын, чындап сүйөрүн мына ошондо билгенин, балдар болсо ылдый чуркаганда Мырзагүл да кулачын жайып, учкан куштай боюн таштап жүгүргөнүн өмүр бою жүрөгүнө элес кылып батырып алганын жазмак болду. Кулачын жайып, дөңдөн ылдый жүгүрүп келаткан Султанмураттын сүйгөн сулуусу эле, сулуусу эмес шаркыратмадай куюлган, жалындай алоолонгон, комуз күүсүндөй сезим өйүткөн сүйүүсү деп жазмак болду...

Терезедеги чырак эки-үч жолу бүлбүлдөп, билигин экиүч жолу чоңойтту. Аз калган жер майды түгөтө жагып отурганын төркү бөлмөдө жаткан апасы билбеди, билбегени жакшы деди ичинен. Кат болсо дале жазылбай жатты, айтар ойдун жоктугунан эмес, көптүгүнөн кагаз улам айрыла берди.

Үстүңкү көчөнүн терезелериндеги жарык алдагачан өчкөн, иттердин күңкүлдөп үргөнү да алда качан басылган, Манас-Атанын этегиндеги айылдын эли алда качан уйкуда. Февралдын ызгаардуу караңгы түнү чыйрыкты-

ра басып турат. «Ушул түнү мен жана менин Мырзагүл жөнүндөгү оюм экөөбүз гана ойгоо отурабыз»,– деп ойлоду Султанмурат.

Акыры ал катын баштады. «Ашыктык кат» деп башына коздоп жазды да, анан: «Ушул алакандай кагазга жүрөгүмдү ороп, сулуулугу караңгы түндөгү чырактай көзүмө жарык, көңүлүмө жылуулук берген айлымдагы «М» тамгага арнаймын» деди. Андан ары: «Базардан миң сан киши жолугат, бирок ар ким жакынына кол берет...» деп улантты. Бу сөздөрдү Жаманкулдун катын жазып жатып, эстеп калган. Анан дагы бүт өмүрүн сүйгөнүнө арнаарына ант берди. Аягында Жаманкулдун ырын келтирди:

«Аксай менен Көксайым,
Жер соорусу турбайбы...
Арзыдым сага деп айтсам,
Ашыгым сөздү тыңдайбы?..»

## VI

Эртеси Ажымурат мектептен келгенден кийин экөө отунга жөнөдү. Инисинин карагерин токуп, орок-жибин канжыгага байлап, Актөштү ээрчитип алышты. Ажымуратты карагерге мингизип, айдап алды. Жакын жерде калың отун жок эле, куурайлуу Туюк-Жарга жөнөштү. Жазда-күздө жааган жаан чопо топурактуу жылганы жеп отуруп, терең аң кылып таштаган. Жайы менен жар түбүндө суу арылбай, жээгинде төө араласа көрүнгүс ар түркүн катуу сабак, катаал чөп бийик өсүп, кеч күздө куурай отун өзүнчө эле токой болуп калат. Ал жакка отун алууга чанда бирөө барат. Бирок барган жан куру кол кайтпайт.

Бу тегеректеги сейрек куурайды бирден тербей, Аксайга кетер алдында апасына отунду мол камдап коюш үчүн, Султанмурат түз эле ошол Туюк-Жарга жөнөдү.

Жолдун бир тобуна чейин Султанмурат ар кыл ойлорго чарпылып, көп сүйлөгөн инисинин сөзүнө кошула албады. Ойлоор ой көп эле. Аксайга аттанаар кез жакын. Саналуу гана күндөр калды. Ар качан жөнөөр алдында бүтпөгөн иштер көбөйүп кетет эмеспи. Аксайга барганда керегиңе мык да табылбас. Жакында Тыналиев башкарма үйгө келип кеткени да жакшы болуптур. Апасынын алын сурайын деп, десант командиринин иштерин билейин деп келиптир. Өзү да Аксайга балдар барганда кандай жашоо тирилик болорун айтып берди: үй тигип беребиз, азык-түлүктү жеткирип турабыз деди. Кеселге каржалып, атасынан кат келбегенге санааркап жүргөн апасы кийинки күндөрү кейишчил болуп кетти эле, аны менен сүйлөштү. – «Бу балдарды ай талаага айдап, курутасыңар го, жибербейм уулумду. Өзүм минтип төшөктө жатсам, калган балдар чиедей жаш болсо, атасынан кат-кабар болбосо, тамызгыга отун, уй жалмалаар чөп жок болсо, бу кеткенден кийин биздин көргөн күнүбүз эмне болот, жок, айланайын, уулумду жибербейм» – деп оболу апасы бир топ туталанды. Башкарманын да аргасы түгөндү. Чөптөн кичине кайрылышабыз деди, көп бере албайм, себеби жазгы кош кирип келди. Отун жагынан эчтеме айта албады. Түйнөк болгон немеден бетер кумсарып отурду. Кыжаалаттык катуу басканда ошентет окшойт. «Балдарды ээн талаага айдап» деген сөзүңүздү экинчи укпайын,– деди. Билип турсам да, башка аргам жок. Бу деген аскердин тапшырмасы сыңары. Эч кандай шылтоо болбосун. Эстүү жансыз, өзүңүз эле ойлоп көрүңүзчү: эгер душманга чабуул коёр алдында эриңер үй-жайы кароосуз калганын шылтоолоп, отун жок эле, суу жок эле, чабуулуңа бара албайбыз деп кыйыктанса эмне болор эле? Согушта андайды айтуу эч кимдин оюна кирбейт. Биз үчүн Аксайдын кошу өзүнчө чабуул. Бу чабуулга биз акыркы күчүбүз деп, балдарды баштап баратабыз. Башка аскер калган жок».

Башкарма келгенде мына ушундай сөз болду. Султанмурат апасын да аяп, бирок Тыналиевдин аргасы түгөнгөндөгү иши экенин да түшүнүп турат. Ошентип, Султанмуратты эртерээк ишке чык деп, башкарма кетти. Апаң кичине баш көтөрөр замат кармалбастан чык, убакыт бүттү деди...

Кечээтен бери апасынын ден соолугу дурус, кыбырап үй тирилигине кол тийгизе баштады. Султанмурат ат сарайга жөнөсө да болмок. Бирок очоктун отун өчүрүп таштап, басып кетмек беле. Жерден-көрдөн болсо да отун камдап берип, анан кетиш керек болду...

Сыдырым жели жок болсо, жонуңу магдырата нымшыткан көктөмдүн маңыроо күнү аркандан тийип, түш маал болуп, бууга толгон аба нымтырап турат. Кыш этегин жыйнаганы менен толук кетпей, жаз келгени менен күчүнө кире албай, эки тарап тең тайлашып турган чак. Теребел таптаза, кеңирсип ээн, магдырап жымжырт. Коңул-колтукта, тескей беттеринде калган үзүк кар кирдеп, өзүнөн өзү жүдөгөн. Тунарган көк асмандын шаңында тиги ак карлуу тоолор бараандуу. Жай дем алып, айланада кең көкүрөк жер жатат. Жер үстүндө түйшүгү түгөнбөй кыбырап адам жүрөт!

Султанмурат токтой калып, Аксай тарапка көз чаптырды. Манас-Атанын керме тоосунун тетиги батыш жак учундагы бөксө тоонун этеги, Аксай ошол. Бирок биерден көмкөрүлүп жаткан көк асман, төмөндөп казактын талаасына куюлуп кеткен жер кыйрынын сызыгы гана көрүнөт, Аксай көрүнбөйт... Жакында ошол көрүнбөгөн жакка жол тартышмак. Кандай күндөр болор экен, кандай окуялар баштан өтөр экен?.. Муну ойлоп алып, көз ирмемге Султанмураттын дене-бою дүркүрөдү, күптүү болгондой көкүрөгү түпөйүлдөндү...

Бирок күн сонун болуп турган эле. Ээн-эркиндигине Ажымураттын көңүлү чак. Жанында агасы, артында ити ээрчип, бу чоң дүйнөдө агасы экөө гана болуп, отунга

баратканына, анан калса мингени өзүнүн карагери болсо, Ажымурат кеңирсибегенде ким антет. Чыңылдаган ничке үнү абаны көзөп, согуш алдындагы кай бир уккан ырларын ырдап барат:

Бер, команда, маршалдар,
Калбай тегиз чыгабыз.
Миң-миллион жоо келсе да,
Баарын тегиз жыгабыз.

Баласыңбы деген ушу да... О, эселегим! Ажымураттын аркы-берки менен иши эмне, бейкапар ырын улантат:

Бир, эки, үч
Биздерде күч!..

Султанмураттын да көңүлү ачылды. Мобу эшек минген баатырдын жоругу күлө тургандай эле. Бирок былтыркы кырмандын жанынан өтүп баратып, эрксизден санаага батты. Тиги эңшерилип бузулган саман маядан былтыркы шаңдуу ызы-чуунун шоокуму угулгансыды, эски кырмандан жаздын деми урду балдарга. Айлана тунжурайт. Былтыр казылып жыйнап алгандан кийин кырман бети тынчыган, ошондон бери тунжурап тынч жатат. Чирий баштаган самандын коңурсуу жыты, былтыр орок салганда куураган буудайдын деми урду балдарга. Арыкта чагарагы жок сынык дөңгөлөк жатат. Саман жабылган алачык аман турат. Түшкү аптапта кырманчылар ушул алачыкка көлөкөлөшчү эле. Кырмандын такыр бетинде калган былтыркы чар эми көк соё болуп чыгып, калың ыраң басыптыр.

Актөш кырмандын бетин ары-бери жойлоп жүрүп, жапайы көгүчкөндөрдү үркүттү. Көгүчкөндөр маянын эңшерилген күнөсүндө оттоп жүрүшкөн окшойт, аба шатырата жапырт учту. Төбөдө тобу менен ары-бери удур-

гушту да, кайкып учуп кетишти. Актөш кара күчкө экиүч ав деп коюп, өз жолу менен жортуп жөнөдү. Ажымурат да бир кыйкырып алып, кайра башкага алаксыды. Султанмурат көгүчкөндөрдү көпкө карап турду. Удургуп кайкып учуп, жылтыр көгүш канаттары күнгө чагылышып бараткан топ көгүчкөндөрдөн бир маалда экөө бөлүндү да, жанаша канат кагышып, башка тарапка кетишти. Ал экөөнү карап туруп, аскерге кеткен математика мугалиминин ыры эсине түштү:

Ак кептер сенсиң шактагы,
Ак туйгун менмин таптагы.
Катарлап учуп бир жүрсөк,
Каалабайт туйгун башканы...

Бозокердин үйүнөн узатып чыкканда кызып калган эле, арабага түшүп айылдан ырдап кетти, ак туйгун менен ак кептер деген үнү көпкө угулуп барды... Катаал мугалим ушинтип күйгөндөн ырдаганы анда Султанмуратка тамаша көрүнгөн. Эми тиги жанаша учкан эки көгүчкөндү карап туруп, бүткөн бою чымырады. Мугалимдин ошол ыры жүрөгүн көзөп өткөндөй болду. Тиги эки канаттуунун бири өзү – туйгун, экинчиси Мырзагүл – кептер деп сезди да, ушул азыр сүйгөнү экөө катарлаша канат кагып, кардуу боордун үстүндө кайкып учкусу келди. Жазган катын ойлоп, бу «Ак кептерди» да кошуп коюш керек деди... Бирок кептин баары катты кызга кантип берүүдө эле. Балдардын көзүнчө кыз эч качан албайт. Атүгүл танаписте жолобой качып жүргөн неме кайдан алсын. Султанмурат болсо мектепке барбай калды, үйүнө барыш болбойт, энеси эмне дейт. Энеси эчтемеден шек албаганда деле өзү кызга кантип айтмак? Деги бир айылда туруп эмне үчүн кат жазышып калган бул эл?

Канчалык көп ойлогон сайын оюн Мырзагүл билсе деп ошончолук каалай берди. Анын ойлорун кыздын билиши өтө маанилүү, абдан маанилүү сезилди.

Жолду катар кызды бир ойлосо, жакында Аксайга жөнөөрүн бир ойлоп, согуштагы атасын ойлоп жүрүп отуруп, Туюк-Жарга кантип жеткенин да билбей калды. Алардан мурун бирөө келип, калың куурайдын четин эңшерип оруп кеткен экен. Бирок калганы деле көп отун болгудай: тоңгон суунун эки жээги, чычырканактын арасындагы куурай өзүнчө токой болуп турат. Кантип орушту эмес, кантип алып кетишти ойлогудай.

Көп турбай ага-ини ишке киришти. Карагер эшек чычырканактын арасын оттоп кетти. Актөш өз камын өзү көрүп, аңды аңтара шимшип жүрөт. Балдар сөзгө алаксып сүйлөшпөстөн, шымалана катуу иштеди. Чөкө-чөкө куурай бат көбөйдү. Ысыган соң тондорун чечип салышты. Калың өскөн куурайды ороктоп оргондун өзү кызык эмеспи. Тутамдап туруп орокту тартканда көңдөй сабактары зыңылдап, башындагы уругу моюнуңа себеленет. Эрте күздөгү эрмен өңдөнүп ачуу-кыйгыл жыты каңылжаарыңы жарат. Жакшылап эки-үч көтөрүм отун алып барышса, апасы менен карындаштары бир кубанып калышар. Үй жылуу болсо бой кеңирсип, көңүл да көтөрүңкү болот эмеспи...

Үй ордундай жердеги куурайды жапырып салып, кичине эс алмакчы болушкан эле. Аңгыча Актөш жан алы калбай үрүп калды. Султанмурат башын көтөрүп, көргөнүнө таң калганынан колундагы орогу түшүп кетти:

– Ажымурат, карачы, түлкү!

Тиги жардын туюк алкымынан каткалаң кардын үстү менен улам кылчактап коюп, бир түлкү качып келатат. Кар үстүндө жыбылжып чуркаганы жеңил. Дөбөт түлкү окшойт, чоң экен, эки кулагынын учтары карарып, төшү агарып, соорусу менен чубалжыган узун куйругу куйкул кызыл-көгүш тартып жылтылдайт. Артынан сундура кууган Актөш өчөгүшө жулунган сайын күрткүгө батып, кар малтап калып жатат.

– Карма! Карма! – деп Ажымурат бакырды.

Орокторун серендетип, экөө түлкүнүн алдын тосо чуркады. Аларды көрүп, түлкү капталга ойт берди да, калың караган-чычырканакка корголой калды. Адырандаган Актөш өтө бергенде, коңулдан булт ыргып чыгып, нары качты. Оңдуу жер болсо түлкү бу куугунчуларынан оңой эле кутулуп кетмек. Бирок анын шоруна туюкка камалып калган: нары аңдын алкымы туюк жар, жалама тик бет, быякта болсо ит арсылдап, балдар кыйкырып, камалап келатат. Иттин авалап үргөнү болбогондо чычырканактын түбүндө жата бермек, көрсөң да ала албассың. Иттин үргөнүнө чыдай албай чыга качкан эле. Анан калса балдардын ити да иттей ит экен, арсылдай берип, түлкүнүн жүрөгүн түшүрмөй болду.

Балдар болсо түртөсүнөн[1] чыккан бул окуянын кызыгына батып, өз кыйкырыгына өздөрүнүн кулагы тунуп, тердеп-бурдап жүгүрүп, түлкүнү туюкка камап баратышты. Түлкүдө амал калган жок, же иттин оозуна түшүп бериш керек, же болбосо балдарды тике качырып, ортосун жарып өтүш керек.

Түлкү кылчак-кылчак каранып алды да, анан токтой калып, түз эле балдарды көздөй салды. Балдар ооздорун ачып туруп калды. Түлкү шашпады, артында үнү басылбай, күрткүгө батып чуркай албай, араң келаткан иттин чамасын ченегендей күрткүнүн чети, кыраң менен желе-жорто гана келе берди. Шар суунун агымы алып жөнөгөн жел кайыктай жортуп, түлкүнүн келатышы укмуш кооз көрүндү. Балдар көз айрый албай алайып турду. Түлкү мээлегендей эки баланын дал ортосуна түздөп келди да, жакындаганда булт коюп, Султанмураттын жанынан мойноп[2] өтө качты. Ошол көз ирмемдин ортосунда Султанмурат түлкүнү толук эле сынай карагансыды, бирок уйку-соонун ортосундагы түштөй болуп, көргөн көзүнө

[1] т ү р т ө с ү н ө н – капысынан, ойдо жок жерден.
[2] м о й н о п – моюн бербей, карматпай.

ишене албай турду. Моюнун созгон бойдон жанынан зуу коюп баратып, түлкү Султанмуратты бир карап өттү. Күйгөн чоктой жылтыр кара-кызыл көздөрү кадала түштү. Султанмураттын эси ооп калды, бирок түлкүнүн ошол элеси – башын кыңайта буруп караганы, жерге тийбей сунулган үлпүлдөк жибек куйругу, агыш тарткан көкүрөк-чабысы, көзгө илешпей лыпылдаган бармактары, баарынан да сынай караган куйту көздөрү эсине биротоло сиңип калды... Султанмурат тийбесин түлкү да билип өткөндөй болду. Бирок ичинен алкышын айттыбы, жокпу, ким билди... Ажымурат орогун ыргыта уруп:

– Ур! Чаап кал! – деп чыңырганда гана Султанмурат эсине келди.

А кезде түлкү ылдый карай зыпылдап жүрүп берген, адыраңдаган Актөш күйүккөндөн кышылдап артынан кеткен.

– Ой-ээй, укмуш! – деп алды Султанмурат. Экөө бир аз жерге чуркап барып токтоду. Түлкүдөн дайын жок, Актөштүн эле үнү тигинден, мындан угулат.

– Ээй сен!.. – деди Ажымурат нааразы болуп. – Ушундай түлкүнү колдон чыгарып... Нес болуп калыпсың, жок дегенде кол шилтеп койбойсуңбу.

Инисинин айтканы туура эле. Султанмурат эмне дээрин билбеди.

– Түлкүнү эмне кыласың? – деген болду жөн эле.

– Эмне кыласың дейт да? – Андан аркысын айтпай сөзүнө какап, Ажымурат колун силкип салды да, терс бурулуп кетти.

Анан экөө унчугушпай орулган куурайды жыйнашты. Чоң көтөрүм кылышка дагы оруш керек эле. Ошондо Ажымурат наараазылана дагы айтты:

– Эмне кылат элең дейсиң. Нургазы таякемдикиндей кылып атама тумак тигип берет элек да! А сен турасың карап!..

Султанмурат дабдаарып калды: түлкүнү кубалап жүргөндө баланын оюна ушул келген экен да! Аны ойлоп, атасын түлкү тумакчан элестетип, жанагы сулуу түлкүнү кармай албай калышканына эми Султанмураттын да ичи ачышты. Түлкү тумак атасына жарашып калмак. Султанмураттын бул кыялын Ажымураттын бышактаган ыйы бузду. Караса, үкөсү чөкө куурайга отуруп алып, ыйлап атат.

– Кой эй. Сага эмне болду? – деп Султанмурат жанына келди.

– Эчтеме,– деп бурк этип койду иниси ийнин булкуп.

Султанмурат кыйнап такыбады. Баягы күнү Нургазы таякеси келгендеги Ажымураттын мектепке ыйлап кеткенин эстеп, атасын аябай сагынып жүргөнүн ойлоду. Түлкү тумак баланын ичиндеги букту козгоп кеткен тура...

Инисин кантип сооротоорун билбей турду Султанмурат. Өзүнүн да каңырыгы түтөдү. Инисинин капалыгын жазыш үчүн акырында жашыруун сырын ачты:

– Сен ыйлабачы, Ажыке,– деди жанына отуруп. – Ыйлабай кулак салчы. Атам келгенде мен катын алайын деп жүрөм.

Ажымурат улутуна ыйын токтотуп, таңыркай карап калды.

– Катын дейсиңби?

– Ооба. А көрө сен бир ишке жарап бер.

– Кандай иш? – Ажымурат кызыга кулак төшөдү.

– Эч кимге оозуңан чыкпасын!

– Өлөйүн, айтпайм.

Баштаарын баштап алып, Султанмурат кайра тайсалдады. Эми Ажымурат жабышты:

– Айтчы, кандай иш? Айтсаң, Султан? Өлөйүн, бирөөгө айтсам!

Султанмураттын чекесинен тер чыпылдады. Инисин карабай унчукту:

– Мектептеги бир кызга кат алпарып бересиңби?

– Кана кат, кандай кат? – деп Ажымурат агасына ыктай отурду.

– Анан көрсөтөм. Жанымда жок.

– Каерде?

– Бекем жерде. Анан көрөсүң.

– Кайсы кызга берейин?

– Билесиң. Анан айтам.

– Азыр эле айтпайсыңбы?

– Жок, анан айтам.

Ажымурат такып сурай берди. Султанмураттын ачуусу келип, айтканына өкүндү. Акыры мукактанып жатып араң айтты:

– Ошо катты... жанагы... Мырзагүл деген кыз бар го... ошого бересиң.

– Кайсы Мырзагүл? Силердин классыңардагы кызбы? – Жаша! – Же кубанганы, же агасынын сырын тартып алганына табасы канганы билинбей Ажымурат эки колун көккө серпип так секирди. – А кызды билем, мен сулуумун деп, тим эле койкойот да чойкоёт. Төмөнкү класстын балдары менен сүйлөшкүсү келбейт.

– Эмне кыйкырасың, ой? – деп Султанмурат ачуусу келди.

– Макул, макул, кыйкырбайм. Сен ошону сүйөсүңбү? Экөөңөр Семетей менен Айчүрөктөйсүңөрбү? Ыя, ошондойбу?

– Болду эми! – деп Султанмурат да кыйкырды.

– Эмне? Айтса да болбойбу? – деп иниси ого бетер жинге тие берди.

– Кыйкыр, кыйкыра бер! Тиги дөбөгө чыгып алып, бүт дүйнөгө жар сал!

– Эмнеси бар экен, жар салам! Мырзагүлдү сүйөсүңбү? Мына! Мына, чын экен! Сүйөт экенсиң, кызарып кеттиң!..

Инисинин ажыкыстыгына Султанмурат чыдай албай көк желкеге коюп калды. Ажымурат аңдын ичин жаңырта өңгүрөп-өксөп коё берди:

– Атам согушта жүрсө, болушары жок деп сен мени урасың ээ? Карап тур! Көрөсүң го... Атам келсинчи, анан сени... – деп өпкө өпкөсүнө батпай муңкана ыйлады.

Эми кантип сооротот, таза балээ болбодубу?

Акыры эптеп Ажымурат экөө элдешти. Ошондо Ажымурат кичинекей муштуму менен көзүн аарчып, улам улутунуп коюп агасына айтты:

– Сен корпой эле кой, эч кимге айтпайм, апама да айтпайм. А сен урасың... Катыңы берип коём. Ошентип айтайын десе болбой урасың... Танаписте четке чакырып чыгып, берип коём. Бирок атамы тосуп чыкканда сен мени ала барасың, макулбу? Атам станчага келиптир деп, элдин баары чуркаганда сен Чабдарыңды мин да, мени учкаштырып ал, экөөбүз элден озуп жетебиз. Анан атамы Чабдарга мингизип, экөөбүз эки жагынан үзөңгү кармап чуркап алабыз. Тосуп келаткан апамдар алдыбыздан чыксын. Макулбу?..

Иниси ушинтип бир эсе таарынып, бир эсе муңканып, арманын айтканда Султанмурат да ыйлап жибере жаздады. Жана ачууга алдырып уруп коём деп, эми кайра бармагын тиштеп отурду.

– Макул, Ажыке, ыйлабачы. Атам аман келсе болду, экөөбүз Чабдарды минип, алдынан чаап чыгабыз...

Орулган куурайды жыйнап таңганда, үч көтөрүм отун болду. Эки көтөрүмдү Султанмурат Карагерге арткыдай кылып таңды да, бир көтөрүмдү өзүнө ылайыктап, арчындама кылып таңды. Жер алыс, көтөрүп жетиш оңой эмес, бирок ушунча дүйнөнү таштап кетмек беле. Эптеп жеткирсе апасы кубанып калар...

Карагерге отун артканда кулагы да, куйругу да көрүнбөй калды. Аны Ажымурат жетеледи. Артынан көкүрөгүнө арчындалып түшкөн арканды эки бармагы менен

иле кармап, жерге башы ийилип, Султанмурат жөнөдү. Үчүнчү болуп Актөш келатат. Ал эртемененкидей аркы-терки жойлобой калыптыр, жана түлкү кубалайм деп чарчап калган көрүнөт.

Чоң таңым отун көтөрүп келатканда узак отуруп эс албагын. Болбосо улам бир аз жерге бара түшүп, дагы отургуң келе берет. Аны билген Султанмурат арышын бир калыпта кенен таштап, алды-артын карай албай, бутунун учун гана тиктеп жүрүп отурду. Мындайда жүктүн оорчулугун сезбеш үчүн башка бир ойго алаксый басканың жакшы.

Эртең таң эртеден ат сарайдагы ишине чыгып, командирлик милдетине кириши керек. Аксайга жөнөөргө саналуу күндөр калды. Аттар да табына келди. Кош-сокосу кошумча тиштери менен даяр. Бирок дагы бир сарамжалдап чыгыш керек. Чекиш чал айткандай кемчилиң дал аттанаар алдында билинет эмеспи. Бирок Чекиштин дагы бир жакшы сөзү бар: көз коркок, кол баатыр дейт. Мунусу да туура, ушерде эле жамаачы жамап отура бербей кошко чыгыш керек, калганын көрө жатышар... Мына ушуларды ойлоду Султанмурат.

Анан дагы муну ойлоду: апасынын түйшүгүн кантип жеңилдетсе болот? Таң атпай уй сарайга барып, уйларын саап, астын тазалап, жайытка чыгарып, анан кайра үйгө келип, үй тирилиги менен кечке алек болуп, кубатына толук кире элек апасы катуу кыйналып жүрөт. Жаз чыгары менен айылдын тегерегиндеги аңыздарга да чоң кош чыгат. Катындар кетмендерин көтөрүп, арык чапканы жөнөйт. Анда апасы да жөнөөр. Ошондо үй-жай, кичинекей балдар эмне болот? Же апасы баарын жонуна таңып ала кетеби?.. Апасынын түйшүгүн кантип жеңилдетмек?.. Ойлоп-ойлоп, эч айла таппады...

Бирок баарынан да Султанмурат эртең каттын берилишин ойлоду. Үйгө барар замат, жок, кечинде эл жатканда катка «Ак кептерди» жазып коюш керек... Анан

Мырзагүл катты окуп жаткан учурун элестетип көрдү, кандай ойдо калар экен деп бушайман болду. Ашыктык кат жазмак ушунчалык азап беле, ыя? Канча далбас урсаң деле ичтеги ойлордун баары кагаз бетине түшпөй калат экен... Кызык, кыз эмне жооп кайтарар экен? Унчукпай коймок беле, деги бир жообун берер. Аны кантип билет Султанмурат? Кат келер бекен, же оозекиби? Султанмурат сүйүп калганына кыз макулбу, жокпу,– мына ушуну кантип билет? А эгер сен сүйбөгүн, мен сүйбөйм деп койсочу?.. Анда кантет?..

Туюк-Жар алыс калды. Батып бараткан күндүн жылымчы нуру оң жагына маңдай талаш тийип баратты. Жаз келатканы билинбей, жер дагы эле кыштагыдай дүңкүйүп, сырын ичине катып, тоңуп жатат. Тунжураган, жан-жаныбарды мемиреткен бу беймаралдык адатта бороон алдында орной калар эле. Анан бороон капилеттен башталып, бейкут дүйнөнү бырын-чырын талкалап жиберер эле. Мындай учурда эл тынччылык тилеп, жакасын карманчу. «Тынччылыгын бер», – деп Султанмурат ичинен күбүрөп койду, да көзүнүн төбөсү менен алдыдан эс алгыдай каптал бет издей карады.

Кайра туруп кетишке жеңил болсун деп, бир арыктын кашатына чалкасынан кулады. Көкүрөгүндөгү арчындалган арканды бошоткондо кенен дем алып, ачышкан терлүү далысына жабышкан жегдеси акырындап сыйрылып, бүткөн бою чымырап кеңирсий берди. Ыраhаттана көзүн жумуп саам жатты да, анан акырын жүлжүйтө ачып, кыйыгы менен дагы каерге барып эс алар жерин белгилеп, жолдун алысын карап алды. Дагы бир жерге жетип, ушинтип Мырзагүлдү гана ойлоп эс аларына азыртан балкыды.

– Бирок сен жоопту кечиктирбе, билдиңби,– деп күлүмсүрөп, өзүнчө жылмайып койду.

Анан айланага кулак салып отурду.

Жер бетине чоң кебез жууркан жаап салгандай али күүгүм кире элек теребел ың-жыңы жок мемиреп жымжырт турду.

## VII

Ал күндөр жакындап келатты...

Өзү керээли-кечке тынбай иштеп жүргөнү менен Султанмураттын оюу Мырзагүлдө, чарчап келип уктап калганда гана болбосо, калган учурда санааркап катына жооп күтүп жүрөт. Колу жумушта, оюу кызда, көзү бирөөнү тиктеп турса да, санаасы кызда. Десантына командалыгын кылып, ат сарайда жүргөнү жүргөн, а бирок улам кылчактап мектептен түшкөн жолду карайт, көптөн күткөн кыздын катын койнуна катып, Ажымурат качан ат сарайга чуркап келет деп көзү талыйт. Иниси экөө макулдашып алган белгилери бар: эгер Мырзагүл жооп берген болсо, Ажымурат колун жаңсагылап, оромпой тепкендей так секирип ойноп келмек, эгер жооп албаган болсо эки колун чөнтөгүнө салып, шылкыя басып жай келмек.

Султанмурат жол карайт. Бирок күн сайын иниси эки колун чөнтөгүнө салып, шылкыя басып келет. Ансайын Султанмураттын көңүлү чөгөт, кыздын тымпыйганына таң калат. Жолукканда кыз ага эмне айтканын, ал кызга кандайча барып учурашканын, экөө эмне деп сүйлөшкөнүн жана башкаларын Ажымураттан такып кайра-кайра сурайт. Ага да көңүлү толбойт. Кечинде дагы сурамакчы, бирок иштен келгенде Ажымурат дайым уктап калган кези болот. Сурап билгидей эчтеме деле калбаган, Ажымурат ийне-жибине чейин айтып берген: бу тетири мүнөз Мырзагүл бийкечиң кандай неме экенин билбейм, дейт Ажымурат, танаписте жолукса сүйлөшпөйт, эчтеме билбегендей, эчтеме эсинде жоктой жүрөт. Кебетеси деги эле кат албаган немедей. Ажымурат өзү

келип саламдашмайынча такыр байкамаксан болуп, бир карап койбостон курбулары менен сүйлөшүп тура берет.

Бу кандай мамилеси деп, Султанмураттын башы маң. Эгер жактырбаса, уккусу да, көргүсү да келбесе, ачыгын айтып, бир жообун бербейби? Унчукпай тымпыйганы эмнеси? Быяктагы Султанмураттын саргайып азап чегип жүргөнүн ойлобойбу?

Ушундай кыжаалат ойлор менен уйкуга чөмүлөт да, эртеси жумушка киргенден баштап кайта ойлогону кечээги эле жандырмагы жок көп суроолуу ойлор. Жөнөөр кез да кирип келди. Талаадагы кар эрип, жер карарып баратат. Тоң кетип, жер көбөр замат айдоого бороз салынат, анан эки жакка кылчайганга чоло болбой калар...

Султанмурат инисине кесе айтты:

– Жакында Аксайга кетет; узакка кетет деп айткын... Бул талабына:

– Билем,– деген гана бир ооз жооп келди...

«Билемден» башка эч сөзү жок. Султанмураттын башы катты. Мектепке жүгүрүп барып, танаписти күтүп туруп, класстан чыгаар ооздон Мырзагүлдү тосуп алып, «бу кандай жообуң» деп, маселени кабыргасынан койгусу келди. Бирок даай албады. Жүрөксүндү, апкаарыды, уялды, күдүктөндү, анан кайра ушу сезимдердин баары кайнап, ичи бышып кетти...

Иш кычады. Десантка командир болуш оңой эмес экен. Күн чыккандан батканча колу бошобойт, Аксайга жөнөөр учур суук кирип келаткан сайын ого бетер кычай берди.

Анткен менен жаз түйшүгү канчалык желкеден басса да, анын жадыраган пейили элдин көңүлүн ачып, үмүтүн жандырып, тирүү жандын баарына дем берди. Ат сугарган суу жээги да чемгерленген муздан бошонуп, кенен тартып, жылтыр кара таштарды жууп аккан суунун шылдыры да көңүлдүү угулчу болду. Аттар үйүр-тобу менен сууга жапырт кирет, сооруларына суу чачыратып, тумшуктарын агымга каршы созот, майда толкундарды

көбүртүп, көккашка сууну жиреп, өрдөй басып ичишет. Балдар да ызы-чуу, күлкү менен теминип топ жылкынын арасына кирип барып, минген аттарын сугарат... Кээде суу үстүндө тамашалап алыша кетишет...

Бир күнү мына ушинтип ат сугарып турган учурда Султанмурат Мырзагүлдү көрүп калды. Аттамчыктан аттап өтүп келаткан экен, эси ооду. Мырзагүл жалгыз эмес, үч кыз менен келатыптыр. Күнүнө бу аттамчыктарды аттап нечен киши өтөт. Бирок Мырзагүлдү жолуктурам деп, үч уктаса да түшүнө кирбеген. Таалай жолуктурат деген ушубу? Көрөр замат тааныды, таанып замат Чабдардын тизгинин тарткан бойдон нес болуп калды. Аттамчык аттап келаткан кыз да аны көрдү, бир аттамчыкта сыңар бутуна чайпала түштү, кулачын жая таканчыктай калып, бери аттады, анан жээкке чыкканда кылак эте бир карап алды. Курбулары менен сайдан чыгып баратып, дагы бир-эки кылчайды. Кылчайган сайын Султанмурат атын теминип, учуп жеткиси келди, калтаарыбай, жашырбай сүйөрүн айтып, үмтөттүргөн бактысын сурагысы келди. Сенсиз мага жашоо жок, өлөм, деп айткысы келди. Бирок даабады, кыз ар бир кылчайган сайын ал өлүп кайра тирилип турду. Кыздар Арал көчөгө кирип, көрүнбөй кетти, Султанмурат болсо Чабдардын башын кекейте тартып, суунун ортосунда тура берди. Суусуну канган аттар жээкке чыккан. Балдар сарайды карай айдап жөнөгөн. Ал Чабдарды сугарымыш болуп, дале эсин толук жыйбай суу ортосунда турду...

Кыз мектептен дайым ушул жол менен кайтарын билет, анда эмне үчүн баштатан ушул кечиттен, ушул аттамчыктан тосуп алып жүрбөдү? Мурда эмне үчүн бул ой башына кирбеди? Өзүң аракет кылбасаң, өзүң жолдон тосуп, катыңын жообун сурабасаң кыз атайы издеп келмек беле? Кийин ушинтип ойлоп алып, Султанмурат бир эсе таң калса, бир эсе өзүн тилдеп жүрдү.

Аттарды сугатка саал кечирээк айдаса эле алигидей жолугушуу күн сайын болуп турмак. Күндө десант аттарды суудан айдап кеткенден кийин аерден кыздар өтүп жүргөн экен да. Муну билишке, ойлоп коюшка чоң акылдын кереги жок эле го? Мына эми башыңды муштагылап отура бер...

Түштөн кийин келсе да, бу тапкан акылына Султанмурат бекем турмай болду. Эртеси аттарды сугарган соң балдарга: «айдай бергиле, ар бирин орду-ордуна байлап, беде салып койгула, мен Чабдарды кичине кызытып коёюн, антпесе бутуна суу түшкүдөй»,– деген шылтоо айтып, суу боюнда буйдалып калды.

Бирок баягы эле оңбогон Анатай да! Кыйылып кеткиси жок, башкаларды да жибербейт.

– Билем кимди күтүп турганыңды,– дейт өчөшкөндөй.

Ай бир тескери неме да!

Бирок Султанмурат эле андан өөдө бекен: «Билсең жакшы болуптур. Жаңылбапсың», – деп токтоо гана жооп берип коюунун ордуна Анатайга атырылды:

– Сен фашисттин шпионусуң! – дейт ачуусуна муунуп.

– Ким шпион? Менби?

– Сен шпион!

– Кана, далилде. Мен шпион болсом атып салышсын! Болбосо азыр тумшугуңду канжалатам! – деп, экөө суунун ортосунда аттарын темине үрпөңдөшүп, кармаша кетишти. Бирин бири сестенте айкырышып, акшыңдай тиктешип, бирин бири сууга оодара тарткысы бар. Жээктеги балдар боорун тырмап күлүп жатышат. Суу чачырап көк буурул болуп, такалуу аттар таштарды жара басып, кээде мүдүрүлүп кетип жатты. Ошондо Эркинбек кыйкырды:

– Эй, атты дагы аксатасыңар!

Экөө тең эсине келип, жакшы шылтоо табылганына сүйүнүп калышты, унчукпай эки бөлүндү.

Бирок баары бир ачык күндү булут баскандай болду. Балдар аттарды айдап кеткенде да Султанмурат ээликкен демин баса албай атын суу жээктете желдирди, улам жолду карап баратты. Аттын башын кайра тартканда Мырзагүлдү дагы көрдү. Кечээгидей болуп, курбулары менен келатыптыр. Ага быякта бирөө арзып жүргөнү капарында жок, быякта бирөө ал деп азап тартып, сары санаага батып, ал үчүн жан аябай салгылашка түшүп жүргөнүн ойлоп койбостон келатат өз ара сүйлөшүп. Азап тартканы чын эле. Жакында апасы: «Бир жериң ооруйбайбы, садагаң болоюн? Кийинки күндөрү азып кеттиң го»,– деди. Жооткотуп апасына бирдеме деди да, өзү күзгүгө каранды. Көптөн бери өз кебетесин карабай жүрүп байкабаган экен, чын эле өзгөрүп кетиптир: оору кишидей көздөрү жылтылдайт, жаагы шимирилип, моюну ичкергенге узарып кеткенсийт, эки кашынын ортосуна бырыштын жүлгөсү салыныптыр, үстүңкү эрдине көлөкө түшкөндөй түк пайда болуптур. Мына кызык, мынчалык өзгөрөт деп өзү да ойлогон эмес... Атасы келгенде адеп тааный албай калышы да этимал...

Ал кыздарга туурадан жакындай бастырды. Кыздар көрө элек, бирок Мырзагүл эки-үч ирет ат сугарчу кечит тараптан бирөөнү издегендей көз таштап алды. Анан бурулуп Султанмуратты көрө койгондо буттары шилтенбей токтой калды да, кайра ошол замат эсин жыйып, курбуларына кошулуп кетти. Эчтеме көрбөгөндөй, эчтеме билбегендей кыздар аттамчыктан аттап өтүштү да, үй-үйүнө тарап кетишти. Султанмурат аларды четтеп айланып, көчөнүн башка учунан каршы чыкты. Арал көчө кыска көчө, тиги башынан келаткан Мырзагүлдү беттеп, Султанмурат жай бастырды. Анан улам жакындаган сайын өрөпкүп, калтаарый баштады. Элдин баары терезелеринен ал экөөнү гана карап турушкандай, экөө кантип жолугуп, эмне деп сүйлөшөөрүнө кызыккандай туюлду ага.

Кыз да бет алдыда жай келатты. Бир окуп жүргөндө жөнү жок жерден китебин тартып алып, же дагы бирдемеден улам ыза кыла берчү ушу кызга азыр жолугаарда эмне үчүн мынчалык апкаарып баратканына таң Султанмурат. Жолукпай эле койбой деп ойлоду, бирок кеч болуп калган эле. Кыз да анын жүрөк заадалыгын туйгандай болду, аркан боюндай жакын калганда өз үйүнө жетпей башка бир үйгө бурулуп кетти. Султанмурат анысына кубанып, ыраазы болуп калды. Бетме-бет жолугушуу ушунчалык кыйын белем!..

Андан кийин суу жүрөктүгүнө өзүн өзү жемелеп, тилдей турган болду. Түн уйкусу качты. Эртеменен ойгонуп алып, бүгүн сөзсүз жолугуп, тайманбай бастырып барып жолукмай болду, олуттуу сүйлөшүп, катка жооп берер ою барбы, жокпу, бар болсо качан бererин кесе сурамай болду. Эгер жооп бергиси келбесе өзү билсин, жакында Аксайга кетип жатам, болгон иш ортодо калсын демек болду. Ушу бүтүмгө келди.

Ошол ой менен жумушун баштады. Аттарды сугарып келгенден кийин Чабдарды минип алып, аттамчыкты көздөй жөнөдү. Жээк бойлоп нары бастырды, бери бастырды. Бастырып жүрүп, тамдардын көлөкө түптөрүндөгү карлар да эрип калганын, бирок кышында бороон уруп салган күрткүлөрдүн калдыгы ыргытылган тердиктей болуп, али эрип бүтө элегин көрдү.

Кечээ күнү Тыналиев башкарма менен Чекиш биргат Аксай десантынын аттарын сыноодон өткөргөн. Соколордун баарына номур басылып, кошчулардын керт башына бекитилип берилген.

Султанмуратка номур биринчи соко тийди. Анан ар ким аттарын жабдыктап, сокого кошуп, өнөрлөрүн көрсөттү. Беш кош катарга тизилди. Четтен карасаң кадимкидей бараандуу көрүнөт. Аскер тачанкадай эле бар. Болгондо тачанка ордуна соко кошулган. Аттар күчкө толгон, жабдыктары кынала тартылган, майланган со-

колор жалтылдайт. Тыналиев башкарма кол башчыдан бетер десант алдында аркы-терки басты. Ар кимисине кайрылып:

– Даярдыгыңды айт! – дейт.

– Даярдыгым: колумда такаланган төрт ат, жарактуу төрт каамыт, төрт шилия, сегиз жан кайыш, бир ээр, бир шапалак, эки тиштүү соко жана кошумча үч жуп тиш!

Куду аскердегидей. Чекиш бригаттын гана кабагы салыңкы. Карыган чал бу аскер тартибин кайдан билмек, аныкы да жөндүү.

Сыноо жакшы өттү. Эки суроодон гана десантчылар кулап калышты. Тыналиев башкарма баарын Эргештин кошуна чакырды.

– Кана, ат жабдыгынан кемчилик тапкылачы?

Баары жабыла карап чыгышты, кармалап текшерип чыгышты, бирок эчтеме табышпады. Ошондо Тыналиев башкарма өзү көрсөттү:

– Бул эмне? Мобу торунун басмайылы бооруна толгонуп калганын көргөн жоксуңарбы? Мына, карагыла! Ишке салганда толгонгон басмайыл аттын капталын жоорута өйкөп калбайт бекен. Аны ат байкуш кантип айтат? Шапалактын ачуусу менен тартып жүрө берет, а эртеси капталы шишип чыгат да, кошко жарабай калат. Башка менин белендеп турган атым жок, кайдан табам? Демек кошчунун шалаакылык кесепетинен кош токтоп калат. Өзүңөр ойлогулачы, антишке акыбыз барбы? Кышты кыштай биз аттарды ошол үчүн багып чыктыкпы?..

Балдар уялып калды. Болбогон эле нерсе экен, бирок айтып отурса мааниси канчалык.

– Султанмурат, – деп башкарма эсине бек түйгүздү,– сен командир болгон соң ар күнү эртеменен иш баштаар алдында аттардын кошулганын текшерип чыгышың милдет. Түшүндүңбү?

– Жарайт, жолдош башкарма! Десант жаңылган экинчи суроо биринчиден алдаганча олуттуу эле. Ал суроодон командир өзү кулады.

– Иштен кийин түн ичинде ат жабдыктарды каерге коюп турасыңар? – деп сурады Тыналиев.

Ар кимиси ар кандай жооп берди. Ойлоп-ойлоп, айдоого эле соконун түбүнө коюп жүрөбүз дешти.

– Командир, сен кандай деп ойлойсуң?

– Мен деле ошондой ойлойм, аттарды чыгарган жерге эле соконун түбүнө борозго коюп кетебиз да. Ушунун баарын көтөрүп жүрөбүзбү.

– Жок, туура эмес! Ат жабдыгын түн ичинде талаага таштап кетиш жарабайт. Бирөө кармап кетет деген сөз эмес. Аксайда ал десең да эч ким жок. Эгер кокус түнкүсүн жамгыр, же кар жааса кам кайыштын баары суу болуп эзилип калбайбы. Билдиңерби? Демек, эмне кылыш керек? Соко айдоодо калат. Аттарды жабдыгын албай станга апкелесиңер. Боз үй тигип берем, ошондо жашайсыңар. Башка үйүм жок. Ар ким өз аттарынын жабдыктарын үйгө киргизет да, өзү жаткан ныптага тыкандап жыйнап коёт. Билдиңерби? Ат жабдыктарыңар жаздык болуп, башыңарда турсун. Закон ушул. Себеби, силердин куралыңар ушул! Ар бир аскер баарынан мурда куралын сактайт!

Бүт даярдыгы менен, кошу менен катар тизилип турган Аксай десантынын алдында ошол түнү Тыналиев башкарма ушинтип сүйлөдү:

Аксайга аттанар күн эртең келет деп турганда Тыналиев башкарма ушинтип айтты...

Балдарга акыл үйрөтүп, Тыналиев башкарма ушинтип айтты...

Ушинтти...

Иштер ушинтип кычап турган. Күн бузулбаса төртбеш күндөн кийин Аксайга аттанышат. Анда Мырзагүлгө жолукмак кайда. Султанмурат кадыресе чочулады. Узак

убакка ажырашып атып, жок дегенде алыстан болсо да бир көрбөй кетет деген эмне шумдук! Ошол үчүн бүгүн ачык жооп сурамак болуп, макул дейсиңби, жок дейсиңби, айт, жок дегениңде өлүп кетмек белем, ачык айт, күтөр чолом жок, Аксайга жөнөп атам, аякта да маанилүү иштер көп демекчи болуп ызырынып чыккан...

Жээк бойлой бастырып жүрүп, Султанмурат улам жолду карай берди. Мерчемдүү мезгил өтүп баратты, андан бетер тынчсызданды. Бир маалда караса, кыздар келаткан экен. Бирок арасында Мырзагүл көрүнбөйт. Курбулары келатат, өзү жок. Султанмураттын көңүлү чөктү. Айла канча, башын жерге салып, ат сарайга бет алды. Бирок бара түшүп, а балким ооруп калгандыр, же дагы бирдеме болдубу деп күдүктөндү да, жүрөгү өйүдү. Бир дайынын билмейинче жүрөгү ордуна келээр эмес, курбу кыздарынан сурамакчы болуп, аттын башын бура тартты. Мына ошондо жалгыз келаткан Мырзагүлдү көрдү. Кыз сууга жакындап калган эле. Дал аттамчыктан алдынан чыгайын деп, Султанмурат Чабдарды теминди. Жүрөгү опколжуп, ушунчалык коркуп, ушунчалык кубанып кеткен экен, башы айланып, эриндеринен: «Кымбатым!» деген ысык деми чыкты.

Мырзагүлдү аттамчыктан тосуп алды. Аттан түшүп, тизгинди узун кармап, кыз бүйүзгө чыгарын күтүп турду.

Мырзагүл ага түз келатты, жалжылдап тиктеп келатты, жадырап жылмайып келатты.

– Абайла, жыгыласың! – деп үн салды Султанмурат.

Чоң таштарды чогултуп, үстүнө чым бастырган аттамчыктан жыгылып кетиши мүмкүн эле. Ушул шар аккан сууга канча жолу көпүрө салса да болбой үйөр жүргөндө алып кете берип, акыры аттамчык курушканы ырас болгонун Султанмурат азыр билип, ичи элжиреп турду. Анткени гүлдөн гүлгө учуп-конгон көпөлөк мисал тиги кыздын этек-жеңи желбиреп, аттамчык ат-

тап келатканы бир сонун көрүндү. Же сүйгөн жигитке ошондой сонун көрүнөбү? «Жигит» деген оюна Султанмурат өзү корстон болуп калды.

Ал колун сунуп турду, кыз ага түз келатты, жалжылдап тиктеп келатты, жадырап жылмайып келатты.

– Абайла, жыгыласың,– деди дагы бир жолу.

Кыз эчтеме деген жок, күлүп гана койду. Мына ушунусу менен көптөн зарыктырып, санааркай күттүргөн жообу айтылгандай болду. Кат жазып жооп күтүп, азап чегип жүргөн өзү апенди экен да!..

Кыз колун берди, эки алакан жабышып, Султанмурат кызды сүйөй тартып алды. Ушунча жыл бир класста бирге окуп жүрүп, кыздын колу мынчалык сезимтал, мынчалык сырдуу экенин билбептир. «Мына мен, каалаганың! – деди кол. – Мен кубанычтамын! Кубанчымды сезбей турасыңбы, сез!» Султанмурат кыздын жүзүнө тик бага карады. Карап алып, өзүн тааныгандай таң калды. Өзүндөй болуп кыз дагы көрүшпөгөндөн бери мурдагыдан алдаганча өзгөрүптүр, бой салып, мүчөсү сыналыптыр, кеселден жаңы айыккан жандай көздөрү бир башкача, элегей тарта жалжылдайт. Кыз дагы аны сүйүп, түнкүсүн уйкусу качып, күндүзү санаа тартып жүргөнгө Султанмураттай болуп өзгөрүп, өсүп калыптыр. Ошонусу менен ал азыр баштагыдан сулуураак, баштагыдан жакыныраак көрүндү. Турган турпаты таалайдын убадасындай болуп, ал убада көздөн көзгө өтүп, Султанмураттын жүрөгүнө куюлду, боюна тарады.

– Мен сени ооруп калдыбы десем... – Султанмураттын үнү титирей түштү.

Мырзагүл ага жооп берген жок, бир гана:

– Мына, – деди да, төрт бүктөлгөн жүзаарчы берди. – Сага!

Башка сөз айтпастан жөнөй берди.

Кийин Султанмурат ушул жүзаарчы менен сүйлөшө турган. Бир күндө нечен ирет чөнтөгүнөн алып чыгып,

жибек жип менен саймаланган жүзаарчыны карайт. Кайра чөнтөгүнө салып, аздан соң сагынып кеткендей кайра карайт. Дептердин барагындай жүзаарчынын бурч-бурчуна, четтерине гүл, жалбырак түшүрүп сайма сайыптыр, бир бурчундагы гүл арасына кызыл жип менен үч тамга жазыптыр: «S q M». Мунусу «Султанмурат жана Мырзагүл» дегени го! А кезде кыргыздар ийкемдүү латын тамгасын окучу, латынча жазылган бул үч тамга Султанмураттын узун сабак катына берген жообу эле.

Көкүрөгүн жарып кетчүдөй ичте удургуган кубанычын араң басып, Султанмурат ат сарайга келди. Бул бактысын ал эч ким менен бөлүшө албасын, бул бакыт жеке өзүнүн гана энчиси экенин, азыр өзүнөн башка эч ким мынчалык бактылуу эмес экенин түшүнүп, бирок алиги жолугушууну балдар билсе кана, белекке келген жүзаарчыны аларга көрсөтсө кандай сонун болоор эле деп, бирок антпеш керегин ойлоп, ээликкен жүрөгүн бас-бастап келди...

Иши да жакшы жүрдү. Балдар аттарын кашып, челектеп сулу апкелип, жем баштыктарга салып, аттарга илип жүрүшкөн экен. Султанмурат да ат тарак менен аттарын кашып-тарап чыкты, сулу салды, акырларын тазалады. Ошентип кайда жүгүрүп жүрсө да апасы кичирейтип берген аскер гимнастеркасынын төш чөнтөгүндөгү жүзарчы жүрөгүн жылытып, жагымдуу кытыгылап жүрдү. Жүрөк тушунда көрүнбөгөн шам күйүп тургандай, көңүлү алеп-желеп болуп, кубанып да, кандайдыр түпөйүл коркунучка жүрөгү опкоолжуп да жүрдү. Сүйүүсүнө Мырзагүл сүйүү менен жооп бергенине кубанды, бирок мындан аркысы кандай болорун билбеген жүрөк опкоолжуду...

Анан ал беде апкелгени сарайдын чет бурчундагы маяга жүгүрүп барды. Күкүмдөлгөн бедениn жыты буруксуп каңылжаарын жарган күнчубакка жетип, жүзаарчысын дагы бир көргүсү келди. Чөнтөгүнөн алып чыгып, нары

айлантып карады, бери айлантып карады, атыр самынга жуулган жүзаарчынын жыты беденин жытын басып турду. Бир жолу мектепте ал Мырзагүлдүн чачынын жытын сезген эле. Эми жүзаарчыдан улам ошол жыт кыздын жыты экенин туйду. Ошентип көзү тойбой, көңүлү канбай карап турганда бирөө жүзаарчыны колунан жулуп кетти. Кайрылып караса, Анатай!

– Ии, жүзаарчы берише баштаган экенсиңер го!

Султанмурат кулагына чейин кызарды:

– Келе бери!

– Шашпагын, дос. Көрөйүнчү, кандай экен.

– Бер дейм!

– Кыйкырбачы, эй берем. Итим да албайт мунуңу.

– Бербейсиңби анда? Келе!

– Катуураак кыйкыр, катуураак! Сүйгөнүм берген жүзаарчыны тартып алды деп кыйкырбайсыңбы! – деди да Анатай жүзаарчыны чөнтөгүнө салып алды.

Андан ары эмне болгонун Султанмурат билбей да калды. Анатайдын коркконунан өңү бузулуп, ага кошо жини келип турганын бир билет, бет талаштыра коюп калды. Анан кулак түпкө дагы бир урду да, өзү ичке муш жеп, артына учуп кетти. Оңкобаш атып маянын түбүнөн кайра ыргып турду, ого бетер каны кайнап, дагы атырылды. Аңгыча балдар жүгүрүп келди, үчөөлөп арачалап калышты. Койгула деп, жакалашкандардын колдоруна артылып, экөөн эки жакка тартты, ага болбой экөө жулунуп чыгып, жан аябай койгулашып жатышты. «Бергин дейм! Бергин!» – деп, Султанмурат башка сөзгө келбеди, же өлүш, же жүзаарчыны кайтарып алыш гана оюнда болуп, эчтемеден тартынбады. Анатай кажырлуураак, алдуураак эле, анын үстүнө Султанмуратча туталанбай мээлеп даана уруп жатты. Бирок акыйкаттык менен актык Султанмураттыкы эле, ошол ага күч кошуп, жыгылып түшсө деле болбой кайра тура жүгүрүп, Анатайга атырылып тийип жатты. Дагы бир жолу Ана-

тайдын муштумун жеп жыгылганда Султанмураттын колуна айры урунду. Айрыны кезей кармап тура келди. Балдар чуркурап туш-туштан кыйкырып жиберишти:

– Кой, эй!

– Токто!

– Ташта айрыны!

Анатай качаар жагы жок, бир тарабы дубал, бир тарабы мая болуп, туюкка камалып, эси чыкты, көзү алайып, колдорун арбаңдата калкаланып, айла таппай калды. Айры жаман экенин туюк сезгени менен Султанмурат аянаар жерден өтүп калган, кайра бекемдик гана керек экенин билип, кайратына кирген эле.

– Бергин, – деди ал жаалданып,– оңбойсуң азыр!

– Ой, мечи! Ме! – Анатай алактап, тамашага чаптырган болду. – Тапкан экенсиң. Тамаша кылып койсо, тим эле... Ит экенсиң... – деп жүзаарчыны ыргытып жиберди.

Бир коркунуч өтүп кетти. Балдар жеңилдене дем алып, кужулдашып калды. Султанмурат жүзаарчыны төш чөнтөгүнө салды да, маяны айлана басты. Башы айланып, колу-буту калтырап турганын ошондо сезди. Эрдиндеги канын аарчынып, теңселе басып барып, маянын түбүнө кулады да, деми басылгыча чалкалап көпкө жатты...

## VIII

Анатай экөө а күнү жарашкан жок, бирок жумушу чогуу болгон соң катар жүрүп иштей беришти. Ойдо жок жерден мушташып калганына бети чымыраса да, жүрөгүндө жаман сезим чөгүп кала берди. Бир чоң сыноодон өткөнүнө Султанмурат бир чети ыраазы да болду, эгер саал эле жалтактык кылса, элден мурда өзүнүн алдында өз баркы түшмөк, басынып кем болуп калмак. Андай киши десантка командир боло алмак эмес, болуп да кереги жок эле.

Күн батарда сарайга Тыналиев башкарма менен Чекиш биргат келгенде бул оюнун адилет экенине Султанмурат дагы бир жолу көзү жетти. Өздөрү да чарчап, алыс жолго барып кайткан аттары да жука чабысынан бери баткак болуп, араң буттарын сүйрөп келди. Ал экөө таң эрте Аксайга кетишкен, мына азыр кайтып отурушат. Бирок ток пейил келишти. Эки күндөн кийин Аксайга жөнөй берсе болот дешти. Жер көөп, кыраңдар жаап, балкып жатат, канча айдасаң айдай бер. Журтуңардын ордун белгилеп келдик. Эми көчүп барып, кышы менен көргөн камылганы ишке ашырыш гана калды дешти.

– Өзүңөр кандай, балдар? – деди Тыналиев. – Көңүл ачык, санаа тынчпы? Эмне сунуш, оюңар бар? Айткыла азыр, Аксайга көчүп барганда кеч болуп калбасын. Айылдан алыс кеткенде аттиң деп жүрбөгүлө.

Балдар унчукпады, бышып калган маселе деле жок эле, өз тиричилигиндеги майда-чүйдө кысталыштарды айтууга эч кимиси батынбады.

– Биздин командирибиз бар, – деди Эргеш. – Ошол айтсын, баарын билет.

Ошондо Султанмурат айтты: камылгабыз бүткөндөй эле болду, чокойлорду көктөдүк, кийимдерди жамап-жаскадык, суукта жамынарга бирден тон алабыз, кыскасы азыр десеңер азыр, эртең десеңер эртең жөнөй беришке даярбыз, – деди.

Анан тамак-аш, жашоо жагын кеңешти, ашпоз, отунсуу, үй, жем-чөп жагын такташты да, күн бузулбаса, кар жаап жибербесе эки-үч күндөн кийин жөнөшмөй болду...

Аба ырайы жакшы эле, асман бетин үзүк-үзүк ала булут каптап, булуттан чыккан күн ачуу тийип, кайра жашырынып кеткиче жерди нымшытып, нымтыраган буу көтөрөт, нымдуу аба жаз жыттанып турат...

Ошентип күткөн күндөр кирип келди... Баарынын ою ал күндөргө байланган...

Канчалык сарамжалдана камынышса деле болбой жөнөөр алдында бир топ майда кемчиликтер дагы чыкты. Эки аттын жабуусу жок экен. Жарайт деп сактап жүргөн эки жабуу далдалынан жыртылып, жамаар жери калбаптыр. Көктөмдүн түндөрү суук болор, айрыкча алгачкы аптадагы түндөрү кыш түнүндөй болуп, ишке жаңы кирген эти ката элек аттарга кыйын болоор... Илгери буурусун менен жер айдап жүргөндө оболку күндөрү жердин тоңгологу эрисин деп, түшкө чейин күтүп калаар элек деп, Чекиш чалдын айтканы эсте... Андай болсо, түнкүсүн суук жеп калган ат күндүз кошко жарамакпы...

Султанмурат конторго бир жүгүрүп, биргат менен башкармага эки жүгүрүп жүрүп, акыры айыл ичинен жарактуу эки жабуу табышты.

Бирок кайда жүгүрбөсүн Мырзагүл эсинен чыкпады. Жөнөөр алдында аттамчыктан дагы бир тосуп алсам деп самады... Ага чолосу болбоду. Айтылаар сөз аягына чыкпай калгандай, сүйлөшөр сөз бүтпөй калгандай, өзүн күнөөкөр сезип, ушу бойдон жолугушпай жөнөп кетээрине күйүндү. Баягы күнү кыздын көзүнөн өзүн көргөн Султанмурат бу күндөрү Мырзагүл да аны ойлоп жүргөнүн туюнду. Бирок Мырзагүл кыз башы менен жолугушууга аракет кылмак беле. Кыз намысы ага жол бербес, саймалуу жүзаарчысын белектедиби, сырын ачып, оюн айтканы ошол, калганы жигиттин иши...

Дагы бир жамандык болуп кетпегенде кызга жолукмак эле. Жөнөөрдөн мурунку күнү балдар аттарын акыркы жолу деп сууга айдап калды. Султанмурат мына бүгүн Мырзагүлдү күтүп калмак. Сарайдын оозунан Чекиш биргат жолукту. Кашы үйрүлүп, кабагы салыңкы. Куйкул сакалы чокчоюп, тумагын көзүнө түшүрө кийиптир.

– Кайда? – деди ал.

– Сууга.

– Токтогула. Анатай, сен үйүңө бар. Апаң кичине сыркоолоп калыптыр. Бар, бар, атты коё берип, азыр бар.

Силер, балдар, кууп барып сугарып, кайра тез кайткыла. Мен ушерде күтүп турам!

Аттарды сууга кууп баратып да, кайра айдап келатып да Султанмурат кылчактап жолду карай берди, бирок Мырзагүл көрүнбөдү. Али мектептен кайтаар маалы боло элек болчу. Чекиш мынчалык эмне шаштырды? Эмне балакет болуп кетти? Шаштырбаганда суу жээгинде күтүп турбайт беле! Аттамчыктан дагы бир жолу тосуп алсам дегенде эки көзү төрт болду...

Балдар аттарды сарайга айдап кирип, орду-ордуна байлаган соң Чекиш төртөөн тең четке чакырып алды.

– Сөз бар, – деп күңк этти. – Отургула.

Балдар дубалга сүйөнө сыңар тизелеп отурушту. Тыналиев башкарма туруп сүйлөйт, сөзүн уккандарды да алдына тургузуп алат, Чекиш чал болсо тескерисинче, жайма жай отуруп алып, шашпай сүйлөшкөнгө көнгөн. Айылдын карыясы деген ошол. Ошентип балдар отурган соң Чекиш серейген чокчо сакалын сылагылап, капалуу күңгүрөндү:

– Силер эми бала эмессиңер, жигитсиңер. Турмуштун ачуу-таттуусун эртелеп таттыңар. Эртелеп ысыкка күйдүңөр, суукка тондуңар. Бешенеңерге жазылганы ушул болсо айлаңар канча. Мына бүгүн да бир суук кабар келди, Анатайдын атасы Сатаркул бронтто окко учуптур, шейити болгур. Бирөөңөрдүн башыңарга мүшкүл түшкөндө башкаңар тикеңерден тик туруп, караанжөлөк болуп, кайрат бергениңер оң. Жаш эмессиңер. Баргыла, батага келген элдин атын алып дегендей, каралашып тургула. Эл барып атат, силер да ошерде болгула. Анан Анатайдын жанына туруп алып, сай-сөөктү сыздатып бышактай бербей, ыйласаңар жакшылап өкүргүлө. Анатайдын досу экениңерди эл билсин. Силерди шаштырганым ушул, жүргүлө, чогуу барабыз...

Анатайдын үйү көчөнүн учунда эле, алар жалгыз аяк жол менен ээрчишип баратты. Туш-тараптан атчаны ат-

чан, жөөсү жөөлөй баштарын жерге салып, Анатайдын үйүнө бараткан эл.

Күн ала булут болуп турган. Күн булутка киргенде, төмөн талаадан жанды жеген ызгаар жел тизени какшатат. Мына азыр там үстүнөн бурк этип асманга атылган өрттөн бетер айыл үстүнөн калың өкүрүк-ый чыгат. Ата-бабаны коктусуна корголотуп, тектирине эркелетип келген тиги Улуу Тоонун дагы бир кулунун жоктогон ый. Алыста окко учкан кулуну эми эч качан кайтып келбейт, үмүт үзүлүп, күдөр соолор, бирок, эл дагы бир кишисинен кемип, үй ээсинен түбөлүк ажыраганы ошол. Бул ойлоруна жүрөкзаада болуп, кабыргасы кайышып, заарканып баратты Султанмурат... «Көптөн бери кат-кабары жок, атам кандай күндө болду экен? Аман бекен, соо бекен? Апам эси чыгып, араң жүрөт? Момундай жамандыктан сырткары болсо экен, жамандыгы угулбаса экен!»

Алар жакын барганда Анатайдын үйүнөн аба көзөп ачуу чаңырык чыкты, аны коштогон калың ый-өкүрүк көчөгө батпай турган жоон топ элди коштоп, сел алгандай каптап кетти...

Чекишти ээрчип бараткан балдар жабыла өкүрүк салды...

– Эсил-кайран атакем оо-ой, эми кайдан көрө-лү-үү!..

Ушул учурда алыста өлгөн Сатаркул жалаң Анатайдын эмес, баарынын атасы болду, эсилдигин козгоп өкүргөндө кайран киши балдардын эң жакыны сыяктанды. Адамдын жакындыгы, улуулугу көзү өткөндө гана билинет... Бул сезим илгертен боло келген, түбөлүк кала бермек...

– Эсил-кайран атакем оо-ой, эми кайдан көрө-лү-үү!..

Балдар Чекишти ээрчип өкүргөн бойдон эл аралап, эшик алдына барышты да, босогодо өбөктөп-мөгдөп өкүрүп турган Анатайды көрүштү. Кайгы адамды чөгөрүп салат. Балдардын ичинде алдуусу, олбурлуусу, баары-

нан улуусу ушул Анатай эми ак бороондо адашып калган кулундан бетер бүрүшүп, башына түшкөн каран күнгө басынып, жаш баладай боздоп, муздак дубалга чекесин сүйөп, «атам-ой» деген сөзгө тили күрмөлбөй өпкөсүн кагып, муңканат. Жанында чырылдап ыйлап, үкөлөрү турат.

Балдар Анатайдын жанына катар тура калып, коштоп өкүрүштү. Жолдошторун көрүп, Анатай ого бетер бошоду, арманын айткандай, тегеректеги кулак тундурган улуу ыйдын кайгысынан коргоп алгыла дегендей ого бетер боздоду. Султанмуратка баарынан да Анатайдын ушул кароосу жок калган жетимчилиги оор тийип, муунжүүнү бошоду. Балдар эмне кыларын билбей, кантип коргоп алыштын айласын таппай тегеректеп турушту. Эч кимде коргоп алаар арга жок эле. Бирок эч ким Султанмураттын топтон суурулуп чыгып, көчөгө чуркаганын, автоматын кезей кармап, түз эле ошол кан күйүп, согуш жүрүп жаткан жакка жөнөгөнүн, буйдалбастан фронтко кирип барып, Анатайдын атасынын өчүн алып, айыл элинин кайгысынын өчүн алып, огу түгөнбөгөн, үнү басылбаган автомат менен фашисттерди кырып-жоюп киргенин эч ким байкабады...

Аттиң, бирок колунда автоматы жок эле!

Командир эмеспи, ошондо Султанмурат Анатайга кайрат айтты:

– Ыйлаба, Анатай. Айла канча. Мына Эркинбек менен Кубатбектин аталары да согушта өлдү. Өзүң билесиң. Менин атаман да көптөн бери кат келбейт. Согуш деген ушул экен да, кантебиз. Эгер жардам керек болсо, айт, Анатай, аянбайбыз. Эмне кылсак кайгыңды кичине жеңилдетебиз, айт, Анатай...

Бирок Анатай дубал сүзүп турган калыбында эки ийини солуктап, эчтеме айта албады. Султанмураттын бул сөздөрү аны сооротпой эле жүрөгүн эзип, ого бетер муунун бошотту. Өпкө-өпкөсүнө батпай, көгөрүп муунуп кет-

ти. Султанмурат жүгүрүп барып, чөмүчкө суу сузуп келип ууртатты.

Султанмурат эми өзүн буердеги көп иштерге милдеттүү сезди. Аракет кылып, жардам көрсөтүп туруу керегин билди. Төртөөлөп арыктан суу ташып, отун жарып, самоор коюп, келгендердин атын алып, кайткандарды аттантып жүрүштү...

Эл арылбай келе берди. Бирөөлөр батага келип атса, башкалар парсынан кутулган соң шашылыш иштерине жөнөп жатты. Балдар гана Анатайдын жанынан карыш жылган жок.

Баарынан да Иңкамал-апай келгенде кыйналды Султанмурат. Жетинчи класстын кыздарын ээрчите келген экен, арасында Мырзагүл жүрөт. Иңкамал-апай Анатайды кучактап алып, буркурап-боздоп ыйлады, элдин баарын жашытты. Баягы төлгөчүнүн айтканы келбей, өзү да ага ишенбей, убайым тартып жүргөн байкуш апай уулун сагынып, ардемени ойлоп коркуп жүрүп, ичине толгон бугун чыгара ыйлады. Апайынын жанында кыздар да ыйлады. Мырзагүл башын жерге салып, үн чыгарбай муунуп ыйлап турду. Согушта жүргөн атасы менен агасын эстеп ыйлап жаттыбы, башын көтөрбөдү, Султанмуратты карабады. Бирок кайгы басып, ыйлап турган ушу турушунда да ал баарынан сулуу көрүндү. Карап туруп Султанмураттын жаны кейиди, сүйгөнү ушул кыз экенине сыймыктанып да турду. Жанына барып, кучактап алып, кыздын кайгысын өз кайгысына кошуп, бирге ыйлагысы келди...

Ай, Мырзагүл, Мырзагүл,
Ак кептер сенсиң кайкыган...

Анан бир карыя куран окуду. Калың эл бүт отуруп, ыйлагандар ыйын токтотту. Ар ким өз оюна батып, жабыла алакан жайып, алакандарын жазмыштын китебиндей кадала тиктеп, миңдеген жылдар мурун жердин түбү

Арабстандан келген курандын салтанаттуу, уккулуктуу кыраатына кулак төшөдү. Карыянын коңур үндүү кыраты абанын толкунуна кошо толкуп, туулмак жалган, өлмөгү ак бу дүйнөнүн түбөлүктүүлүгүн айткан куран азыр Анатайдын согушта шейит болгон атасы Сатаркулга арналып окулуп жатты. Кулагы куранда, көңүлү кызда Султанмурат бет алдына кармаган алаканынан ашыра Мырзагүлдү карады. Кыз ойго чөмүлүп, татынакай болуп отурган экен. Бирок Султанмуратты карабады, же карай албадыбы, же элден айбыктыбы, айтор ыйлаган жүзү нурланып отурду...

Ошол бойдон экөө бир ооз сүйлөшө алышпады, кайтаарында гана Мырзагүл бир жолу муңайым карап, акырын баш ийкеди да, кете берди. Султанмураттын ичи тызылдап калды: ай, Мырзагүлүм, сүйгөнүм.

Сатаркулдун үйүндөгү ый акырындап бастай берди. Көздүн жашы түгөнүп, көкүрөктү күйгүзгөн ысыгы муздап, атадан ажыраткан ажалга аргасыз баш ийип, эс жыяр учур келатты. Ый деген ажалдын өкүмүнө адамдын каяша айтканы, каршы чыкканы, бийлигине көнбөйм дегени. Бирок жоготконун кайра таппасына көзү жетип, түңүлгөн учур баарынан оор. Кыйын кайгы, туюк ой мына ошондо басат адамды.

Башын шылкыйтып, Анатай дубалдын түбүндө отурду. Анын кебетесинен Султанмураттын жүрөгү шуулдады. Кечээги эле күчтүү, ачуулуу, орой Анатайды кайгы бүгүн мөгдөтүп салды. Мындан көрө жер тепкилеп чыңырып, өкүрүп, бакырганы жакшы эле.

Бул мөңкүрөгөн аргасыз жалгыздыгынан кантип куткарып алыштын айласын таппады Султанмурат. Бирок бир айла кылыш керек эле, ага жардам берчүлөр, колдон алчу жолдоштору жанында турганын сездириш керек эле.

– Анатай, бери келчи, сөз бар, – деди Султанмурат. Анатай алсырап, тизесин таяна ордунан турду. Экөө бурчту айланып кетишти.

– Анатай, сен ойлобо... таарынба мага... – деди Султанмурат сөз таппай мукактанып. – Мен анда... Эгер керек десең жүзаарчыны сага эле берейин...

Анатай муңайып күлүмсүрөдү.

– Бул эмне дегениң, Султан! Кереги жок. Жүзаарчы сеники, эч кимге бербе. Мен тим эле... Мен каракучкө... Сен кечирип кой, унут. Мен экинчи антпейм, Султан. Мага эми эчтеменин кереги жок... Атам... атам... байкуш... Биз аны сагынып... – Анатай кайра мууну бошоп, карманса да болбой, кайрадан буркурап жиберди.

Жаштайында туш келип, өсүп жаткан мезгилдин суук шамалына кайыгып, элден бөтөн туруп алып, экөө тең ыйлады...

## IX

Аксайдын жакасына кош түшкөнгө үч күн болду. Тунжурап ээн жаткан чыбырдын үстүнөн үч күндөн бери кошчулардын үнү чыгат.

Күдүрөйгөн боордо Аксай десанты айдаган алгачкы тилке кара-күрөңдөнүп чубалжып жатып калды. Кадыресе бир топ жерди коңторуп салышты, карасаң көз кубангыдай. Эми күн жакшы болуп берсе болду, иш ыкчам жүргүдөй.

Манастын Улуу-Тоосунун этегиндеги кең жайыктын жымжырты кылымдап бузулбай келген. Аксайдын талаасы ушундан башталат. Мындан ылдый куюлуп, эки тарапка этеги жайылып, Чымкент, Ташкендин суу көрбөгөн эрме чөлү уланат. Ушул кең талаанын алкымында, Улуу-Тоонун этегинде ээрчишкен үч кош кыбыраган коңуз сымал көрүнөт. Коңуздар боор таянып жылып, артына тилкеленген из калтырып бараткансыйт.

Азырынча үч эле кош жүрүп атты. Эргеш менен Кубаткулду ным уча электе күздүк малалайсыңар деп, айылга алып калышкан. Ал керектүү, шашылыш жу-

муш экени түшүнүктүү го, бирок Аксайдын убактысы да күтпөйт. Белгиленген жер айдалар замат үрөн сээп жетишип калууга кошчу десант таң аткандан күн баткыча жапырт аракет кылбаса убакыт өтүп кетээр. Султанмураттын тынчы кетти, калган эки кош бүгүн келээр бекен, эртең келээр бекен деп, аябай күттү. Эки-үч күнгө деген, али жок, ошол үчүн Чекиш биргат менен жаакташып калган.

– Тыналиев башкармага айта барыңыз, аксакал, өзү келип текшерсин. Үч кош менен эчтеме бүтпөйт. Тапшырмаңар аткарылбайт.

Чекиш чал эмне демек? Кантмек? Ойлогон ой көп, кол кыска. Баарына көзү жетип турат, баардык ишти кезеги менен, тартип менен бүтүргүсү бар, бирок туш-тараптан чыккан өрттөн бетер баардык жерге кол керек, убакыт кыстап келет. Жазда бүтчү жумуш жазда эле бүткөнү жакшы го, бирок киши жетпейт, оокат аз. Кечээ күнү ал тиги дөбөдө үңкүйүп отуруп, ушуларды ойлоду. Аны Султанмурат деле түшүнүп, кайра биргатка боору ачыды. Айылда үзүмчүлүк, мал көтөрүм. Жаңы түшүмгө кантип жетээр экенбиз деп ар ким тишинин кирин соруп, араң жүрөт. Жем кайда, чөп түгөнгөн, же союп алышка арык малдын эти көк жашык, каны бир кашык. Кеселман жанга ысык-ылык шорпо кылып бериш үчүн бир кило эт издеп, базарга жөнөшөт. Базар да каатчылык, бир кило эттин баасы мурдагы бир койдун баасына барабар. Анда да эт табылса. Бирок жан багыш керек го. Минээр көлүгү жок самсыган эл жөө-жалаңдап, бир салым эт издеп, отуз-кырк чакырым жердеги кыштакка барат. Мингич аттардын сүлдөрү калган. Минип чыксаң ара жолдо каларың бышык. Кошко салаар аттарды гана тигинтип араң дегенде кыштан тың алып чыгышты. Бирок зоруктура иштетсең, булар да бат эле иштен чыгып калаар.

Баарын ойлой берсең үрөйүң учат. Бирок баарынан ашкан балээ тыякта жүрүп жаткан согуш, же анын качан бүтөрү белгисиз. Каптаган немистин мизин кайтарып, кайра артына сүрүптүр, ошого шүгүр.

Бүгүн күндүн түрү башкача. Эртең менен саал ала булут эле, анан тоо артынан күн башбагып, асман кайра боз чаңгылдана бүркөлүп келди. Түшкө жакын айланатегерек түнөрүп, суук каптады. Карыбы, жамгырыбы, бирдемеси болчудай... Теребел тарып, түнөрүп турат. Түштөн кийин кошчулар жаан-чачын болсо жамынууга деп, каптарын ала келди.

Чытыраган дыңды ичкери карай оодарып, үч кош узун тилкенин мизинде барат: алдыда Султанмурат, андан кийин эки жүз метр жерде Анатай, үчүнчү болуп үн жеткидей артта Эркинбек. Бүгүн кошчулар өздөрү гана калган. Үч кошчу барат жер тилип. Оң тарабы асман тиреген Улуу-Тоо, сол тарабы кыйыры көрүнбөгөн кең талаа. Тыналиев башкарма иштин башталышында гана болуп, анан Чекишти таштап, айылдагы иштерине чаап кеткен. Айылда калган Эргеш менен Кубаткулду быякка эртерээк жөнөтүшкө бүгүн Чекиш кетти. Ошентип үчүнчү күнү соколору, аттары менен үч кошчу калды. Үчөө минтип, айдап бүтүргүс ээн жерди тилип жүрөт, мол түшүм болсун, ач курсактар тоюнсун деп тилип жүрөт...

Түнөк журту айдоодон алыс. Журтта жалгыз үй, бир чөмөлө беде, беш-алты кап сулу бар. Анан дагы ашпозчу кемпир бар. Ишинен да сөзү көп. Отунуңар суу экен, тиги жок, бу жок деп, куру шылтоону көп айтып, же учурунда дурустап тамак бышырып койбойт. Талаадагы кошчуларга бир сындырым нан, бир кесе көжө болсо жетет. Кемпир аны да маалында даярдабай, бирөө урушуп жаткансып, өзүнөн өзү сүйлөнүп жүргөнү. Бу киши айылга кайдандыр бир жактан жакында эле келген. Бала-чакасы жок, жалгыз экен. Башкалар быякка келе албайт: балдары бар, үй-жайы кароосуз калат. Ошол үчүн жал-

гыз кемпир кошчулардын аркасы менен жанын баксын деп жөнөтүшкөн. Жанын бага берсин, бирок жандан башка да айылдан атайы келген иши бар эмеспи. Аны түшүнбөйт, кара жанына карбаластап, чачылганы чачылган жерде, төгүлгөнү төгүлгөн жерде. Ага кол кабыш көрсөтүшкө кошчулардын чолосу жок. Ат кош деген трактор эмес, моторун өчүрүп салып, басып кете бергидей, же жер май куюп алып, айдай бергидей. Кошчу чегилүү ат сыңары, баштаган иштин аягына чыкмайын чегилгени чегилген. Сокону токтоткондон кийин да алар аттарына жем-чөп берип, каамыт-жүгөндөрүн сыйрып, орду-ордуна коюп, майда-чүйдө иштер менен бир топко алек болушат. Анан үйгө жеткенде буттарын тарта албай жыгылат... Таң эрте кайта жумушка... Айрыкча таңкы уйкунун таттуулугун кантесиң...

Кошчулардын ойлогону – кош токтобосо дейт, кыштан кам эт чыккан аттар кара терин төгүп, бирок этинен түшпөсө экен, кош бүткүчө алдан тайбаса экен дейт. Алгачкы күнү аттар он-жыйырма кадам жерге тартып барып эле, тизелери калтырап токтоп калып жатышты. Айдоону тайыздатып, соконун тишин саал көтөрүштү. Аттар каамытына көнүп кеткиче ошентиш керек болду.

Аттар бүгүн жакшы тартып калыптыр. Курч туяктары дың жерге мылгый батып, төртөө борозго улай жүргөнгө көнө баштады. Чымдуу жер келсе баштарын жерге салып, чымыркана тартышат. Куду алиги окуу китептеги бурлактар сыяктуу. Соко тиш жерди чытырата тилип, аттар кулак түбүнөн тер чыпылдагыча тынбай тартат.

Бирок күн бузулду. Аба нымырап турду эле, заматта суук тартып, анан далбактаган сары кар жаап келди... Кыш али кетпеген экен да, мунусу коштошуп жатканы го. Бирок кошчуларга кыйын болбодубу...

Султанмурат да кабын бурчтантып башына кийди, бирок кардан жакшылап калкалана албады. Дың баскан

аттын үстүндө шапалагын төбөсүнө ойнотуп, улам бир атка умтулуп шапалак көтөрүп, шамалга улам бир боорун ача берип, удургуган кар коюн-колтугуна кирди. Лапылдаган калың кар эрип жаап жатты. Айлана-тегерек чаарала уюлгуп, өйдө карасаң көктүн түбү көрүнбөй, кыбыраган кар көзгө түшүп, дүйнө куурулуп келди. Шамалга такат бере албай удургуган таандардын үнүндөй болуп, ушул дем кыскан тар чөлкөмдө кошчулардын гана ат тындырбай айдаган үндөрү угулат.

Соколор жер тилип барат. Чубалжыган үч караан чаарала мунарыкта толкун минген кайыктай кырга бир чыга келсе, толкундан шыпырылып түшкөндөй кайра жылгага кирип көрүнбөй кетет.

Эзилген ылайдан жуурулуп, жерден ат болуп суурулуп чыгып келаткансып, таноодон буу бүрккөн аттар жата калып тырмыша тартат. Булчуңдары буржуя түйүлгөн ысык сооруларына лапылдап түшүп жаткан кар эрип, жука чабы, боорунан ылдый чууруйт. Туяк астында жер сыйрылып, кам кайыштар жондо былжырап, соконун тиштери балчык тиштеп, дыңга мылгып, улам оор тартып, аттар кыйналды. Бирок ишти токтотуу болбойт. Айдай бериш керек. Эртең күн ачылса, айдоо бат эле шамалдап калат. Азыр баарынан кымбат – убакыт.

Соко улам тыгылып калып жатты. Султанмурат улам аттан түшүп келип, камчы сабы менен соконун тишине жабышкан ылайды тазалайт да, артта келаткан Анатай менен Эркинбекке кыйкырып коёт. Алардан жооп угуп, боорунан бери шөмтүрөп, тер жыттанып турган аттардын ортосунан кысылып өтүп, дыңда жүргөн атына минет. Аттарга дем берип, дагы айдап жөнөйт.

Кар басылар эмес. Көк деңиздин бетинде бараткан кемелер мисал үч кош калың туманды жирей ээрчишип, араң жылжыйт. Уюлгуган калың кар дүйнөнүн үндөрүн бүт тумчуктуруп салгандай ыңжың. Кулак чуулдаган жымжырттан кошчулардын гана кыйкырыгы угулат:

– Аната-ай!

– Эркинбе-ек!

– Султанмура-ат!

Эриген кар экени, же тер экени билинбей жаак ылдый суу шорголойт. Тизгин кармаган колдор муздак карга көгөрүп шишип чыккан, оң буту катар келаткан эки аттын тийишкен капталдарына кысылып, тартып алаар бош жер жок, сыздап барат. Бирок Султанмурат тиштенди, артында Анатай менен Эркинбек келатат. Үч соконун алты тиши жер тилүүдө, күн али эрте, токтотор акысы жок. Аттар чыдаса болду, аттар гана чыдап берсе экен. Ошентип, оюнда аттары менен сүйлөшүп, аларга жалынат-жалбарат:

«Чыдагыла, Камбар-Атанын тукуму, чымыркангыла! Бул оорчулук күн сайын баса бермекпи. Бүгүн кар жааса, эртең күн жадыраар. Чү, жаныбарларым, чү, алгалагыла! Чыдагыла, жаныбарларым, айдоонун аягы тигине, аз калды. Аерден кайрылабыз да, кайра башын көздөй тартабыз. Чыдагыла, басаңдабагыла. Коштон чыгара албайм силерди, акым жок. Ошол үчүн силерди кышы менен бакканбыз. Башка арга жок. Кара жер басканга жумшак, айдаганга катуу, силерге кыйын болду, билем, бирок оңой мандалак жок, жан терибиз акпай нан жок. «Ушундай боло келген, түбөлүк боло бермек»,– дейт Чекиш чал. Ар сындырым нан адам терине жуурулган, бирок аны нан жегендин баары биле бербейт. Бизге нан абдан керек. Аябай керек. Ошол үчүн силер менен Аксайда жер тилип жүрөбүз.

Чабдарым, дили тууган, жаны жолдош жаныбарым, дың басып өзүң барасың. Тартканың соко, мингизгениң мен. Жанына батыра камчы чапсам кечир. Айла кеткендеги иш да, таарынба, Чабдар.

Карт күрөңдөй каржайган Чоңтору, сен оң жагымда бороз малтап барасың. Чабдардан кийинки күчтүү сенсиң, ошол үчүн айдоо жакка кошком, ошол үчүн айдоо

малтап, соко тартып, сага башкалардан оор болуп барат. Сени атам мактачу. Эсиңдеби? Атам менен шаарга барганыбыз эсиңдеби?.. Атаман көптөн бери кат жок, корком, аны силер кайдан билмек элеңер. Согуштагы адамдан кабар кечиксе, коркосуң. Апам сарсанаадан биротоло куурап бүттү. Анатайдын атасын угузганда эле ичинен катуу муңканып ыйлагандар апам менен Иңкамал-апай болду. Экөө бир балээни билгендей, бир балээни туйгандай... бирок айтышпайт. Чү, жаныбарым Чоңтору, чү! Демиңен кайтпа, кыйынчылыкка алдырба! Умтул, Чоңтору! Чыда, жаныбарым!

Чалкуйрук, сен да бир тууганымдай болуп калдың. Сен алдыда барасың. Чымыркана тарт! Чалкуйругуң булактап, көркөм атсың. Талыба, кыйыктанба. Чарчашыңа жол бербейм. Чү, жаныбарым Чалкуйрук, чү! Уят кылба!

Карагер досум, кандайсың? Жупуну, бирок жан жолдош атсың. Төрт ат тандап жатканда сени бекеринен алган эмесмин, ишенип алгам. Жоошсуң, бирок иштен тартынбаган калыңдыгың жагат. Чалкуйрук менен жанаша жүрөсүң. Сыртыбыздан сынаган көз болсо, алгач сени көрөт, карагерим. Сени да таарынтпайм, болгону баш чулгубай тарта бер, тарта бер. Аксайдын айдоосун бүтүп, айылга кайтканда сени четке жетелейм, эл көрсүн, билип кой. Биз ошондо Мырзагүлдүн үйүнүн жанынан өтөбүз. Мырзагүлүм үйүнөн жүгүрүп чыгып, а деп эле сени көрөт, карагерим. Быякка жөнөөр алдында кол кармашып коштошо албай калдым. Бирок жүрөгүмү жылытып, жүзаарчысы төш чөнтөгүмдө жүрөт. Кар тийгизбей, суу жугузбай сактайм. Мырзагүл оюман чыкпайт. Аны ойлобой коё албайм. Аны ойлобой койду дегиче ичим эңшерилип, жашоомун кызыгы кеткени...

Чү, Камбар-Атанын тукумдары! Чыдагыла, чамдагыла, бир жандай чогуу тарткыла! Чү! Чү!.. Бу кар басылар эмес. Эрип жааган сары кар! Кичине шамалдап ту-

рат. Биздин кемпир ат жабуулар менен сулуну жаап койду бекен? Жаппаса сулуңар куруду го. Он эки атсыңар, анда силерди эмне менен багабыз? Ишке чыгарда айтып кетпей, эсте жок. Бирок, кар жаап жибererin кайдан билипмин.

Кызык кемпир биздин ашпозчу. Ач көз. Аттарга сугу түшүп, тамшана берет. Жакшы багылган экен, согумга жарачудай экен дейт. Эки эли казы шашпай чыгаар эле. Илгери мындай аттарды ашка соёр эле. Кырк кулак казан толтура эт салып, кайнаганда зардебин чөмүчтөп сүзүп алаар элек. Жылкынын зардеби кеселманга табылбас дары дейт. Казы деп шилекейин чуурутат жезкемпир. Аттарга көзү тийбесе болду. Э, ошо да кеппи. Көз тиет деген калп деп окутпады беле мектепте. Тамакты маалында даярдап турса болду, былжырай берсин. Кызык, кечээ күнү тоо текенин этин салыптыр. Арык экен, антсе да кийиктин эти эмеспи, даамдуу. Эки мергенчи тоодон түшүп келатып, биздин отко кайрылыптыр дейт, шыралга таштап кетиптир. Ушундай кыйын кезде салтты сактаган жакшы мергенчилер экен. Биринчи жолукканга шыралга берген мергенчинин кийин да жолу болот дейт эмеспи. Тегеректен эч жан жок, алардын жолунан чыккан жан биз болгонбуз го. Болбосо тоо аралай чапсаң да, талааны талаалай кыдырсаң да жакын жерден киши көрбөйсүң. Кар дале жаап жатат... күчөп алды го... Аттар да такыр жүрбөй калды...»

Аттар калчылдап тартпай калды... Султанмурат аттан түштү да, уюган тизесин араң жазып, теңселе басты. Көз чуңкурунан бери кара терге түшүп, энтиге дем алып, тизелери бүгүлүп кетчүдөй калтырап, моюнчак алды, жука чабы, такымдарынан бери ак көбүк болуп турган аттарына жаны кейип, онтоп жиберди.

Буу көтөрүлгөн ат сооруларына кар тынбай жаап турду, эрип жатты. Төбөсүнөн баскан ным капты Султанмурат сыйрып таштады да, бүгүлбөй тоңгон колдору жан

кайыштын илмегин чыгара албай кыйналды. Анан жаны кашайып, Чабдардын мойнун кучактап алып, буркурап ыйлап жиберди. Аттын кыйгыл-туздуу ысык терин эриндерине жугуза: «Алда байкуш аттарым ай...» деп муңканды...

– Эй, Султанмурат! Кандайсың? Эмне болду? – деген Анатайдын үнү угулду.

– Чыгар аттарды! – деп Султанмурат кыйкырды.

## X

Эртеси күн чайыттай ачылды. Кечээги алай-дүлөйдүн изи-жыты жок. Болгондо аба ным, саал чыйрыктырып сыдырым салкын, жердин бети кыламык кар, бирок тоо башкача, эски кийим ордуна жаңы кийим кийинип, сүткө чайынгандай таптаза. Чыгыштын көк асманын түркүн түс нурга бөлөп, дүйнөгө өзүн жар айтып жадырап, тоо артынан күн чыкты. Аксайдын адырмагы, чыбыры, андан төмөн агылган жайык талаасы алаканындагыдай учу-кыйырына чейин көз алдыда. Айрыкча Манас-Атанын керме тоосу түн ичинде жакын жылып келгенсийт, ишене албайсың, бирок көзүң көрүп турат, боорунда туулуп-өсүп, эми боорунда тирилигин кылып жүргөн перзенттерине кайрат бергенсип, тоолор жакын келиптир, ошол үчүн баштагыдан бийик, баштагыдан улуу көрүнөт, көкүрөк керип бараанданат. Сыртка жаңы чыккан балдар тоолордун залкарлыгына, сулуулугуна, улуулугуна таң калып, сыймыктанып карап турушту.

Күн нуруна чайынган тоолор ушул саатта алыс да, жакын да, сүйкүм да, сүрдүү да көрүндү...

Ырас, ал күнү Аксайга жаңы таң атты.

Жер кичине тоорсусун деп, балдар айдоого шашпай чыгышты.

Ага чейин аттарын кашып-тарап, сергитип, жабдыктарын тууралап, нымдашкан сулуну күнгө жайып, май-

да-чүйдө иштерин бүтүрүштү. Күн бат эле ысыды. Балдар аттарын коштоп, соколорго жөнөштү. Соколор жерге батып калган экен. Үчөөлөп ар бирин бирден оодарып, тиштерин тазалап, дөңгөлөктөрүн майлашты. Анан аттарды кошту. Бүгүн бул айдоону бүткүдөй болушса, эртең жаңы айдоого түшмөк. Иш эпкиндүү башталды, кызуу жүрдү. Түнүндө эс алып, эртеменен кашынып, тазаланып, бой жазып алган аттар соколорду тың тартышты. Кам эти чыйралып, ишке кадимкидей көнүп калыптыр. Оор ишке мал деле болсо, көнүшү кыйын, көнгөн соң иштин оордугу анча сезилбейт. Кечээ күнү жан үрөп жакшы эле айдашкан экен, азыр сыдырымга жер бат тоорсуду да, конторулган дың катпады, желдеген соң күндүн ысыгына майдаланып жатып калды. Айдоонун сапаты ушунда.

Бүгүн күн деги оңунан берди. Ишиң шыр жүргөн, жашоо тиричилигиңдин маңызы дааналанган, турмушуң жөнөкөй, сонун көрүнгөн күндөр болот эмеспи. Кыштын кыраан чилдесиндеги кыйналган мээнет бекер кетпегени ушул, соко жерди чытырата тилип, дүйнө кенен, көңүл чак. Бүгүн Эргеш менен Кубаткулдар келип калар. Беш соко, беш кош деген оңой күч эмес. Десант деп ошондо айтса болот. Анан үрөн сээп, маласын тартып сал да, Баба дыйкандан түшүмүн тилеп жата бер! Жаздык буудайдын да ууздай болгон өзүнчө касиети бар эмеспи. Чекиш биргат айткандай, жаздык буудай түшүмдүүлүгү жагынан гана күздүктөн калбаса, нанынын даамдуулугу күздүктөн артыкча. Баба дыйкан жамгырын кенен берсе. Ушунча мээнет зарп болуп, маңдай тер төгүлүп жаткан соң жамгыр деле аянбас, а көрө тыяктагы согушуп жаткандар бекем туруп, кетенчиктебей илгерилесе, кийин бу жаздыктын нанын жегенде тамакка түйүлбөгүдөй болуп, абийир менен душманды сүрүп турушса болгону...

Ошентип балдар тилкени эки тилимден кеңейте беришти. Алдыда Султанмурат, андан эки жүз кадамча

артта Анатай, жарым чакырымдай кийин жакта Эркинбек...

Жон нымшытып, күн ысып келатты. Түндөн калган кыламык бат эле жок болуп, адыр-дөңдө жашыл ыраң жылбырскалана түштү. Жомоктогудай болуп, айдоонун бир учуна баратсаң оң жагында жашыл килем, кайра кайтып аягына баратсаң сол жагында жашыл килем. Күн табына жылынган сайын жер жылуу ным жыттанып, көөп келет. Үч кош болсо Аксайдын боорун тилип, жалданган бороз таштап баратат...

Жакын жерден торгой учту. Көкөлөп барып, канаттарын дирилдетип токтой калды да, сайрап кирди. Нараактан дагы бир торгой сайрап жатты. Дагы бир тараптан торгой үнү угулгансыйт. Үйү жок, жайы жок, отун-суу менен иши жок, үстүнө жапкан жалбырагы, конуп отурар бутагы жок, шыбактуу талаада жашап, сайрап күн көргөн торгойлорго Султанмурат күлүмсүрөп баратты. Ушул жашоосуна ыраазы бул макулуктар. Жазга ыраазы, күнгө ыраазы, башка эчтеменин кереги жок. Кечээги алай-дүлөйдө булар каерге жашынышты экен? Эптеп түнөп чыккандыр, мына эми анын баарын унутуп, сайрап жатышат. Адамдын моокун кандырат, сезимин козгойт...

Жаз келет деген ушу да, эми кыш кайрыла албас. Жаз жарыш, иш чачтан көп, бул айдоо башталмасы гана. Заарканып эмне! Бүгүн Эргеш менен Кубаткул келип калса, десант толук болуп, иш да ыкчам илгерилээр...

Маал-маалы аттарын «Чү!» деп коюп, Султанмурат тетигинде четтеп бараткан атчанды көзү чалды. Ал айдоонун тигил учун кайрып, тоого бет алып барат, улам-улам кошчуларды карап коёт. Асынган мылтыгы бар. Башында саңсаң тумак. Мингени сөөктүү жээрде ат. Арттагы балдар да көрүп, кыйкырып калышты:

– Эй, мергенчи, бери кайрыла кет!

Бирок мергенчи жооп кылып үн салбады. Токтобостон, жакындабастан, улам карап коюп кете берди. Султанмурат кишинин караанын көргөнүнө кубанды, аттарын токтотуп, үзөңгүгө тура калды:

– Эй, мергенчи, шыралгаңа ыракмат! Ыракмат деймʼ! Жолуң болсун!

Бирок тиги атчан унчукпастан өтүп кете берди. Укпайт дегидей ыраак эмес болчу, бирок жооп кайтарбады. Кыязы шашып бараткан неме го. Аздан соң дөңдү ашып, көрүнбөй кетти.

Жарым сааттай убакыттан кийин дагы бир мергенчи көрүндү. Ал дагы мылтыкчан экен, ал дагы тоону бет алып кетти. Ал айдоонун быяк четинен айланып өтүп, ал да балдарды улам карап өттү, бирок кайрылбады, унчукпады, кошчулар менен саламдашпады. Салт билбеген немелерби, болбосо кошчу көргөн жолоочу кыя өтпөйт, кайрылып саламдашып, иш илгери болсун, кырман толсун, кепсенге келээрбиз деп кетет эмеспи. Чекиш чал айткандай, азыркы адамдар башкача болуп калганбы. Салтты унутуш деген эмне, айтса-айтпаса Чекиш чалдыкы туура белем.

Мергенчилер кеткенден кийин бир сонун окуя болду.

А деп Анатай көрүптүр. Көрүп эле тамагы айрылганча кыйкырып калды:

– Турналар! Ээй, карагылачы, турналар учуп барат!

Султанмурат башын шак көтөрүп, асманды карады. Төбөсү ачык, түбү жок, тунук көктө коңгуроодой үн салып, кээде бир-бирине орун алмашып коюп, эки ача тизилген турналар учуп баратыптыр. Бийик учуп баратышат. Бирок асман андан бийик. Учу-кыйры, түбү жок ээн көктө каалгыган турналар шамалга учкан кыз жоолугундай болуп, көздүн жоосун алат. Султанмурат чалкалап карап туруп кыйкырды.

– Жаша-аа! Турналар!

Түшкө кирбес укмуш көргөнсүп, үчөө тең кыйкырды:

– Турналар! Турналар! Турналар!

Турналардын эрте келгени жаз менен жайга жакшы жышаан деген карыялардын сөзүн эстеди Султанмурат.

– Эрте келген турналар жакшы жышаан! – деп ээр үстүндө артына тоголоно берип кыйкырды ал Анатайга. – Түшүм болот! Түшүм мол болот.

– Эмне, эмне? – деп Анатай жакшы укпай жатты.

– Түшү-үм! Түшүм мол болот!

Анатай артына толгонуп, Эркинбекке кыйкырды:

– Түшүм мол болот! Түшүм! Эркинбек жооп кайтарды:

– Уктум, укту-ум! Түшүм мол болот!

Турналар көк мухитке киринип, кээде жабыла, кээде жалгыздап үн салып, канаттарынын учтарын гана эрине каккылап, каалгып сүзүп баратты. Бүгүнкү тунук, таза абада сурнай сымал кооз созулган моюндары, учтуу ничке тумшуктары, бири бооруна бекем кыскан, бири бошураак каткан кара шыйрак буттары даана көрүнөт. Каалгый каккан канаттарынын учтарындагы ак чалгындары чаарланат. Балдар ошентип акыйкат карап турганда турналар акырындап төмөндөй баштады. Тиги этектеги адырмактуу боорго агызып бараткансып, турналар жапыстагандан жапыстады. Султанмурат бала болуп башына жүн чыкканы турналарды жакын жерден көргөн эмес. Качан болсо бир көргөн түштөй бийик асманда учуп өтүп кетээр эле.

– Карагылачы, карагылачы, коңгону баратат! – деп кыйкырды Султанмурат.

Үчөө тең аттарынан ыргып түшүп, кошту орду-ордуна таштаган бойдон, турналар конуп бараткан адырды көздөй чуркашты.

Жан аябай тызылдашты. Жакын барып көрүүгө кызыгып чуркашты. «Укмуш ээ!» – деп өздөрүнчө энтиге кыйкырып чуркашты.

Ай, андагы Султанмураттын чуркаганы! Согончогу жерге тийбей дикилдесе жашыл кыраң жамынган жер алдын тосо жылып келаткандай. Тоолор жандай жүрдү.

Нары карай конуп бараткан турналар кайрылып, бери карай каалгып сүзүп келаткансыды. Кубанычка көкүрөгү өрөпкүп, буту жерге тийбей учуп бараткансыды. Турналардын бири бир тал канатын таштап кетсе Мырзагүлгө алпарып берээр элем деп, бул укмуш окуяны бүт айтып берээр элем деп, ээлигип чуркады. Жетсе эле болду турналарга, көрүп калса болгону. Көкүрөгүндө күйүгүү эмес, Мырзагүл деген назик сезимди ала чуркады. Колунда болсо, турнанын бир тал канатын кармап алып, ушу бойдон Мырзагүлгө чуркап жөнөмөк... Турнанын канатын суна кармаган бойдон Мырзагүлгө учуп-күйүп жетмек...

## XI

Балдар тызылдап чуркап баратты. Акшыйган бир көз өңүттөн аларды кароолго илип, улам бирине өткөрүп карайт. Кароол тиктеген кезде ачуу заар, жексурлук күйүп турду. Кароолдун учундагы балдар тепеңдешип, кипкичине байкуштар... Кароол үстүндөгү төбөсү ачык көк асман дайыны жок кең жатат, а кароолдун учундагы тепеңдеген балдар кумурскадай тырбаңдашып, кипкичине байкуштар. Түксүйгөн жаакка кундакты кыса кармаган колдун сөөмөйү саал эле тартылып койсо, балдар окко учканы, экинчи жүгүрбөй жок болгону... Сөөмөйдүн бир басымы асман-жерди коңторуп, турналуу дүйнөнү заматта ташын талкан кылып жибермек да, анан карантүн басып жатып калмак.

– Атаң көрү, кароолдун учунда баратышат, тырс эттирип койсомбу, кыңк эте албай жалп этишсин,– деди кароол шыкаалаган киши демин чыгарбай.

– Койсоңчу, айбан! Ок менен ойнобо,– деди калың шыралжындын арасында, каптал астындагы карышкыр

үңкүрдүн оозунда эки аттын тизгинин кармап турган киши.

Мээлеп жаткан киши жаак эттери буржуктанып, балдарды кароолдон кетирбеди.

– Башыңды чыгарба деймин! – Аттарды кармаган киши киркиреди. – Чуркап, ойноп алышып, кайра кетишет да. Сага эмне жок?

Тиги көнөр эмес. Кундакты түктүү жаагына такап, турна кубалаган балдарды кароолдон чыгарбай кармаганына маашырланып, жата берди. Балдар каткырып чуркап баратат! Кубанганын кара деп, бу кишинин жини келип жатты. Кайсы арына күлүшөт экен, кайсы жыргаганына кубанышат экен? Атаңдын көрү...

Кошчу балдар бир топ жерге чуркап барышты, анан бир белге чуркап чыкканда турналар кайра көтөрүлүп калганын көрүштү... Конбой коюшканын карачы. Же конгону баратканы төгүн беле?

Энтиккен балдар эс алып туруп калды. Султанмурат дагы нараак чуркап барды да, каалгып көкөлөп бараткан турналарды узата караган көздөрүнө жаш толуп, токтоп калды...

Балдар кайра кайтып, кош айдоону улантты. Күн жакшы тийип берди. Түштө колхоздон араба келди. Аттарга чөп, балдарга картөшкө, эт, ун, отун апкелиптир, Чекиш биргат Эргеш менен Кубаткулду кошмошу менен алып, балдар капа болбой чыдай турсун, башкарма быяктагы эки баланы коё бермей болду, эртең десант толук чогулат дептир Чекиш. Сөзсүз болот дептир дагы. Анан эки күндөн кийин Ак-Сайга Тыналиев башкарма өзү келмей болуптур. Жүк ташып келген арабакеч ушундай кабар апкелди. Баары чогуу отуруп түштөнүштү да, балдар кайра ишине жөнөөрдө ашпоз кемпир Султанмураттан суранып калды: «Ушул араба менен айылга барайын, эртең эле Чекиш менен кошо келип калам; үйдө майда тирилигим бар эле, анын үстүнө самын ала келбесем, баарыңар кир-

деп кеттиңер. Силер ач болбосун деп, бир казан нан жаап койдум, көжө бышырып койдум, курсагыңар ачканда жылытып ичкиле...» Султанмурат коё бергиси жок эле, аргасыз макул болду. Чоң эле кишини тыйып, талашып отурмак беле.

Ошону менен балдар айдоосуна кетти. Күн батканча айдашты. Кеч киргенде ошол тилкени бүтүрүштү. Айланта карасаң, аябагандай көп жерди коңторуп салыптыр. Балдардын биринчи айдоосу. Алдыда канча айдоо жатат. Бирок иштин башталышы бар. Башталышы болбосо уландысы кайдан болмок.

Күүгүм талаш акыркы бороздү тилип чыгышты да кайрылган жерлердеги алаларды терип айдап, анан токтолбостон соколорун жаңы тилкеге өткөрүштү. Эртең жаңы айдоо башталат.

Аттарды чыгарып, станга келгенче каш карайып кетти. Кемпир жок, стан аңгырап ээн. Каруу кетип чарчаган балдар шашпастан, каамыттарын чыгарып, үйдөгү орундарына бөлөк-бөлөк жайгаштырып, он эки атты акыр ордуна пайдаланып жүргөн чөп салынуу арабага эки беттеме тизип байлашты. Эртеменен эрте туруп, аттарын кашып, сугарып алып, кайра ишке жөнөш керек. Караңгыда карайлашып бети-колдорун жуунушту, үй ичине кичине от тутантып, көжө жылыткандан эриништи да, оттун жарыгында кургак нан жеп алышты, муздак суудан бир-бирден жутуп, бүкүлү бойдон жата кетишти.

Султанмурат балдардан кийин уктады. Уктаар алдында эшикке чыгып, аттарды карап койду. Арабанын эки жанына алты-алтыдан байланган аттар кургак бедени жайбаракат күртүлдөтүп, кээде бышкырып коюп, тынч турушкан экен.

Түн мемиреп жылуу. Он бешинен өтүп калган ай отуруп чыкты.

Султанмурат эмнегедир түпөйүл чочулап, бир аз басып жүрдү. Күндүзү көз жоосун алган тоолордун кокту-

колоттору айдын жарыгына ала көлөкөлөнүп сүрдүү, теребел тунжурап, караңгы түн тумчуктура басып турат, элсиз ээн жай. Бу күнгө чейин иш менен алек болуп жүрүп, иштеп келгенде күп жыгылып, тырп этпей таң атканча уктап калып жүрүп, түнкүсүн бул тарап мынчалык сүрдүү болорун байкабаган экен. Ушинтип чалдыкуйдуланган оюнан ого бетер чочулап, ал үйгө кирди. Ордуна барып, көпкө уктай албай жатты. Караңгыны теше тиктеп, көздөрүн ачып жатты. Ардеме оюна келет, өткөндөр эске түшөт. Үйүн ойлоп, сагынычы жүрөгүн өйүдү. Ал жокто үйдөгүлөр кантип жатты экен? Атасынан алиге чейин бир кабар жок. Кат келген болсо, бүгүнкү арабакеч сүйүнчүлөйт эле. Сүйүнчүсүнө эчтемесин аянбайт болчу Султанмурат. Бирок эмне бермек? Берер эчтемеси жок. Күзүндө колхоз эмгек акы берип калса, жарым кап буудай убада кылмак да. Аны ойлоп жатып, анан Ажымураттын айтканын эстеди, атам согуштан кайтканда Чабдарга учкаштыра кет, экөөбүз элден мурда жетип тособуз дегени, тосуп алып, атасын Чабдарга мингизишет да, экөө үзөңгү кармап, эки жактан жандай жүгүрүп алышат. Ошондо күйүгүп далбалактап келаткан апасы, калган туугандар алдыдан чыгат... Оо, андай сүйүнүч болсо, Чабдарды коштон чыгарып алып, ушерден түз чаап жөнөбөс беле... Кийин келип, өксүп калган жерин жүз эселеп айдап салбас беле.

Андай бакыт башка конбосун баланын жүрөгү туюк сездиби, же сагынычтын жүрөк мыкчыганыбы, же санаалардын түгөл жуурулушкан кыйноосубу,– Султанмурат үн чыгарбай буулуп ыйлап жатты.

Анан кадимки аттамчыктан Мырзагүлгө жолукканын эстеп, караңгыда кайра күлүмсүрөдү. Кыздын алаканы алаканына жабышып, тумсак назик колу: «Мына, мен, каалаганың. Мен кубанычтамын. Кубанчымы сезип атасыңбы?» – деп тилсиз айтканы азыр болуп тургандай туюп жатты. Анан кыздын кебетесинен өзүн тааныганын, ошо-

го таң калганын, сүйгөн кызы экөө бир жан болуп калганына кубанганын да жыргап эстеди. Азыр Мырзагүл уктап жаткандыр. Же уктабай аны ойлоп отургандыр? Экөө бир жан эмеспи... Султанмурат акырын төш чөнтөгүндөгү жүзаарчыны кармалап, сылап жатты...

Ошентип жатып кантип уктап кеткенин өзү билбей калды. Тырп этпей уктаптыр. Анан бир жаман түш көрүп, албарсты үстүнөн басып, муунтуп жаткансыды. Алкымдан муунтуп, колдорун артына кайрып жатты албарсты. Султанмурат чоочуп ойгонуп, өңү-түшүн билбей бакырганча бирөөнүн махорка жыттанган салмактуу туурук алаканы жаагын кабыштыра басты.

– Жаныңдан үмүт кылсаң унчукпа! – деди деминен махорканын кычкыл жыты урган неме кулагына кышылдап.

Анан ошол темирдей катуу кол жаагын капшыра кысып, оозун ачты да, чүпүрөк тыгып салды. Султанмурат эсине келип, эмне болуп жатканын баамдагыча эки колун артына карыштыра байлап салды. Султанмураттын аза боюн муздак тер басып өзүнөн өзү калтырады. Булар кимдер болуп кетти, эмне үчүн байлап салышты?..

– Мунусу бүттү,– деп күбүрөдү алиги кышылдак беркисине. – Кана эми тигилерди!..

Караңгыда Анатай жаткан ныптада алышып калышты. Анатай бир кыйкырып туйлап калды, бирок аны да байлап салышты окшойт, үнү чыкпай күшүлдөй дем алганы угулуп жатат.

Эркинбекти башка бир коюштубу, онтоп алып, ошо бойдон унчукпай калды.

Эмне болуп жатканын Султанмурат дале түшүнө албады. Чүпүрөк көмөкөйүнө тыгылып, оозунун ичи кургап, деми кысылды, байланган жип колун кесип, жансеректете уютуп баратты. Үйдүн ичи көзгө сайса көрүнгүс. Бирок булар кимдер, буерде эмне кылып жүрүшөт, эмне

үчүн байлап салышты, эмне ойлору бар, же өлтүргөнү келгенби? Кайсы жазыгына?

Султанмурат туйлап, ооналактай кетти эле, тигилердин бирөө тизелеп өпкөдөн ныгыра басты да, бармактары темирби, чеке маңдайын оё нукуду. Акырын, бирок ызырына тактап айтты:

– Мөңкүбөй жат! Уктуңбу? Балдардын башчысы сен болсоң керек ээ? Силер бекер жоопко тартылбасын деп байлап салдык билсеңер. Түшүндүңбү? – деп кыш-кыш этип айтып коёт да, айткан сайын төбөгө чеге каккандан бетер катуу-катуу уруп коёт. – Эстүү болсоңор, аман кутуласыңар. Силерди ушерден таап, чечип алганда болгонун болгондой айтып бергиле. Силерди эмне кылмак эле! А эгер тил албай азыр мөңкүчү болсоңор, таарынбагыла, ушерден эле коконорду жулуп алам! Былк этпегиле! Өлбөйсүңөр, – деп алар күшүлдөп-бышылдап, сөгүнүп, какырынып чыгып кетти. Анан аттарга барышты окшойт, аттар үркүп күрс-тарс болуп, кошкуруп жатты. Аздан соң бир топ аттын дүбүртү чыкты, камчынын чыпылдаганы, алиги кишилердин сөгүнүп-тилденгени угулду да, дүбүрт алыстап барып, биротоло житип кетти.

Бул окуянын коркунучтуу маанисин Султанмурат мына ошондо түшүндү. Уурулар тура булар, коштун аттарын уурдап кетишпедиби! Ызасы ичин өрттөп, алсыз ачуусу кайнады. Колун бошотууга далбас уруп, ары-бери ооналактады, жылыш болбоду. Ого бетер тумчугуп баратат. Башын чулгуп, тили менен чүпүрөктү түрткүлөдү. Оозунун ичи ысып-күйүп, кан даамданып, опколжуп жүрөгү айланды. Ошентип эптеп жатып, шилекей болгон былжырак чүпүрөктү араң бүркту. Камактан бошотко чыккансып, абадан энтиге дем алганда башы айланып, көңүлү караңгылай түштү.

– Балдар, менин оозум бошоду,– деди ал башын көтөрүп. – Менмин, Султанмурат, тирүүсүңөрбү!

Эч кимиси жооп бербеди, бирок тиги экөө тең орду-ордунда кыбыраган шыбырты угулду.

– Балдар, коркпогула, – деди анда Султанмурат. – Мен азыр. Азыр бир айласын табабыз. Силер менин айтканымы кылгыла. Анатай, кайдасың кыбырап койчу?

Анатай дудук кыңылдап, оонай башын көтөрдү.

– Анатай, коё тур, Анатай! Ордуңан жылба! – Султанмурат төшөнчү-орундан, ат жабдыктардан артыла оодарылып оонап барып, жанына жетти. – Эми далыңы тосуп жат, мен да ошентем, колуңу туштат. Колуңу туш келтир дейм...

Экөө аркалашып жатты да, Султанмурат байлануу колу менен кыбырап жатып Анатайдын колу байланган жипти тапты. «Нары жат, бери жат, чыдай тур»,– деп күшүлдөп жатып, жиптин учун таап тартты эле, бошой түштү. Анатай ыкшап колун чыгарып алды.

## XII

Уурулар анча ашыкпай кетип баратты. Текирең-таскак менен жүрүп отурду. Караңгы түндө кайда шашмак, арттан келээр куугун жок, байлануу жаткан балдардан качмакпы. Эки таноосунан кирген абага ыраазы болуп, алар жата берсин. Аман калгандарына сүйүнүп алар... Бу тегеректе башы түктүү, буту айры башка жан жок.

Уурулар төрт атты коштоп баратты. Ар кимиси экиден, андан көбүн кантип жетелеп жүрмөк. Ушулар алкымга тыгылбай аш болуп кетсе да шүгүр... Ээн талаа, эрме чөл басып, барар жактары алыс. Коно-түнөй үч күн жүрүшсө Ташкенге жетишет. Жеткен соң иштин бир жаңсыл болгону. Ташкендин Иски-Жуба базарында азыр эттин баасы көкөлөп турган кези. Касап, соодагер дегенди Ташкенден издебей табасың. Эпчил кызыл кулактар килолоп эмес, мыскалдап сатат. Иши кылып кантип сатса

антип сатсын, бир кап акча, буюрса, колдо дей бер! Анча акчаны кайда катышат, ыя? Тамаша эмес, чын эле? Көздөн жашырып, кантип алып жүрүшөт? Берген март эмес, алган март дегендей, алганда да ортон колдой төрт ат алып баратышат. Бара көрүшөт. Эртерээк жетсе болду. Эми төрт аттын туягын таап алышсын! Акча колго тийген соң житип кетиш иттен оңой... Капканга түшүп кала электе бу чөлкөмдөн эртерээк жоголушканы жөн. Түшүп калсаң бүттү дей бер! Трибунал. Эшектин богун жептир түшүрчүлөр! Акча бар жерде пайгамбарың да ак жолунан адашкан! Ташкенден нары канча шаар, канча жерлер жатат... Экөөнүн изин бу жалганда таппай калышты го...

Жазмыш деген ак сөз окшойт. Айла түгөнүп баратты эле. Кулак тоңгон аязда, көз ачырбаган бороондо көр оокатка кийик уулап, аска-зоонун чокусунда жүргөн оңой бекен. Көктөмдөгү кийиктин эти эмне, көк жашык. Ок-дары да түгөнүп баратты эле. Ач карышкырча жележортуп көпкө жашай алышмак эмес. Ошентип, «өлбө, жаным, өлбө» деп калган кезде көктөн тилегендери жерден табылып, алиги мадыра баштар кошчу болуп, Аксайга келип калгандарын карабайсыңбы. Кудай деген куру калбайт, Алла деген ач калбайт! Ар кимдин ырыскешигин бөлүштүрүп турган кудай болбосо бу шыбага кайдан тиймек.

Тандабай туруп, аттарды четтен эле чечип алышкан. Тандаганда эмне, баары бир кылка, эттүү, эки элиден кем казы чыкпайт. Эрте жазда мындай согумду кудай өзү буюрубаганда кайдан келмек. Ууру менен бөрүнүн ырыскысы жолдо, жары кудай деп бекер айтпаптыр!

Ошентип корстон көңүл уурулар кете беришти. Эттүү аттарды кызыл эт кылып салбайлы деп, ашыкпады. Мындай согумдар Иски-Жуба базардагы касапчылардын үч уктаса түшүнө кирген эмес. Мына согум, ач көз сарандар, келе акча!..

Мына, суналган сулуу төрт жылкы кайда бараткансын, кандай күнгө туш болорун туйбай бышкырып коюп, желип келатат. Тобу менен айдап жүрүш болмок эмес, андаалап качса, кайсы бирин кубалашмак. Ошол үчүн кайыш ноктолорун алдын ала белендеп чыгышкан. Ошол ырас болуптур, мына эми, жылкы жаныбар эстүү мал эмеспи, кыйыктанбай коштоодо элпек жүрүп баратат.

## XIII

Чабдар ордунда калыптыр. Султанмурат үйдөн жүгүрүп чыгып, Чабдарга ыргып минди да, жулкунган жаныбарды бир тегерете токтой калып, балдарга кыйкырды:

– Анатай, айылга чап! Кармалбай тез жет! Элди чакыр! Мен ууруларды кууп жетип, алаксыта кармап турам. Тезирээк жете көр! Эркинбек, сен ушуерде бол, эч жакка кетпе! Уктуңбу? Анатай, айылга чап! Мен кеттим!..

Жана дүбүрт кеткен тарапка Чабдардын оозун коё берди.

Алга, Чабдарым, алга, жан бирге жаныбарым! Кууп жет ууруларды! Мен жыгылбайм, мен өлбөйм, менден коркпо, өзүңө кубат берсин! Чурка, жаныбарым! Өлсөк бир өлөбүз, ылдамыраак, ылдамыраак, Чабдар! Түн караңгы, мен көрө албайм, сен көрөсүң, тайманбай жаныңды үрө, аянбай күрпөң-күрпөң кулач кер, жаныбарым! Ушунча алыстап кетиштиби? Алды жактан бирдеме караандайбы? Дүпүйгөн караан жылып бараткансыйбы? Каерге жетишти экен? Колдон чыгарып жибербесек экен. Алгала, Чабдарым, алгала!.. Мүдүрүлбө, сүрдүкпө, эки көзүң экөөбүзгө шам болсун, жаныбарым!..

## XIV

– Куугун! – деп бакырып ийди уурулардын бири жакындап келаткан ат дүбүртүн угуп.

Экөө коштоодогу аттарды сабап, чаап жөнөштү. Эми куру санаа менен баюу бүттү. Же бар, же жок. Эми жоголуш керек. Эми куйрукту кыпчып качкандан башка арга жок.

Аттарды башка-көзгө чапкылап, бирин бири шаштырып, урушуп-сөгүнүп, жандарын ала качты. Көп аттын дүбүртүнөн жер дүңгүрөдү. Ат жалында, атчандын кулак учунда шамал ышкырды. Караңгы түн жээги жок, шары катуу кара дайра болуп бет алды каршы акты.

– Токто! Кутулбайсыңар, токтогула! – деп айкырык салып, Султанмурат улам жууктап кууп кирип келатты.

Бирок калың дүбүрттөн анын ач кыйкырыгы үзүлкесил угулат.

Чабдар! Мал асылы Чабдар! Атанын жан жолдошу Чабдар! Түндү жиреп, шукшурулуп учту, жаныбар! Бул Аксайдын этегин баскан караңгы түндө мүдүрүлүшкө да, кууганына жетпеске да акысы жоктой окторулуп чуркады.

Султанмурат ат коштоп өксүй чапкан ууруларды бат эле баса жетти да, окчунураактан жандай чапты.

– Таштагыла аттарды! Таштагыла! Коштун аттарына тийбегиле! – деп кыйкырды.

Уурулардын бири коштогон эки атты алдыңкысына тапшырды да, Султанмуратка атырылды, аттан оодара тээп өтчүдөй жутунду. Бирок Чабдар буйтап, жолотподу.

Жайлачудай кууган уурудан буйтап, Султанмурат топ атты коштогон уурунун алдын торой, аттарды кайрый чапты.

– Кайры артка! – деп кыйкырды.

– Жолобо, жайлап салам! – деп күркүрөйт ууру.

Бирок Султанмурат көгөрдү, алдын тороп, кайрый берди.

Ушинтип кайкып учкан топ канаттуудай кайрый сала чаап баратышты. Алиги артынан кууган ууру жете келген сайын Султанмурат топ аттын нары капталына чыгат, аякка барса, бери капталына чыгат. Иши кылып түз качууга ууруларга жол бербеди.

Ошондо караңгы түндү жаңыртып мылтык тарс этти. Султанмурат мылтык үнүн укпай калды. Жарк эткен оттон Аксайдын түн баскан жайыгы, жанынан чаап өтүп бараткан топ аттардын карааны, серендеген эки атчан көз ирмемге жарык боло түшкөнүнө таң калып, ою жыйналбай аттан учуп кетти. Ташка урунган мүрү какшап калганын да сезбей ордунан кайра ыргып тура калганда астындагы аты мүдүрүлбөй эле окко учканын билди. Чабдар башын жерге ургулап, коркурап, чаап бараткансып төрт аягы тыбырлап жатты...

Жаны кашайган Султанмурат ойлоп-карап турбастан уурулардын артынан чуркады:

– Токто-о! Кутулбайсыңар! Кууп жетем! Чабдарды эмне өлтүрдүңөр? Атамдын атын эмне өлтүрөсүңөр?

Эсин жыйбай, аргасыз ачууга алдырып, атчандарды кууп жетчүдөй, кайрып келчүдөй болуп, Султанмурат жиниге чуркап баратты. Дүбүртү улам алыстагандан алыстап, уурулар кылчайбастан кетти. Султанмурат ага көнө албады, кууп жеткиси келди. Өрт алгандай бүткөн бою, бети-колу күйүп-жанып чуркап баратты. Жана аттан жыгылганда кыр таштарга алдырган колу менен бети ысып-күйүп, улам чуркаган сайын чыдатпай ооруду...

Акыры күйүгүп эт-бетинен эки-үч аласалып кетти. Жүрөгү мыкчылады. Бул тунжураган дүлөй караңгыны жектеп, көзүнөн от чагылып, жанына баткан оорудан онтоп, ооналактап жиберди...

Уурулардын алыс кеткен дүбүртү акырындап өчүп бараткнын солуктаган Султанмурат жерге кулагын

төшөп угуп жатты. Дүбүрт уламдан улам жердин туюк тереңинен араң угулуп, анан биротоло өчтү да, кара жер тынчып жатып калды...

Мына ошондо Султанмурат кыңкыстап ордунан турду, үн сала муңкана ыйлап, кайра артына темселей басты. Соороноp алы да, айласы да жок, же бул каран түн түшкөн Аксайда аны сооротор жан жок. Согуштан кайткан атасын тосуп чыгарда учкаштырып ала барам деп Ажымуратка берген убадасын эстеп алып, ого бетер мууну бошоду, ого бетер өксөп ыйлады. Эми Ажымурат экөө Чабдарга минип алып, станчага келген атасынын алдынан чаап чыга алышпайт. Эми Аксайга себебиз деген эгиндин баарын себе алышпайт. Тиштери жаркылдаган соколорун сүйрөтүп айылга салтанаттуу кайтар күн эми болбойт. Мырзагүл эми кубанып көчөгө чыгып тоспойт, Султанмуратты көрүп, сыймыктанып турбайт...

Үмүт-кыялдын баары талкаланды...

Ошол үчүн ыйлап баратты...

Жел жеткирген жаңы кандын жыты каңылжаарын жарып, арaанын козгогон сайын улам кара тумшугун жаланып, ач карышкыр күрпөң жортуп келатты. Жыт кууп, жакындаган сайын ач карыны кынжыйып ичине тартылып, эртемененки өлүмсүк суз көздөрү от жанып кызарып келет. Кыштан арык чыккан, кылкандаган каман жалдуу дөбөт карышкыр эле. Аксайды кыштаган бөкөндөрдүн арык-торугун кармап жеп жүрүп, бу кышты кечирди. Эми бөкөндөр казактын эрме чөлүнө кургуйлап түшүп кеткенден бери кабыргасы каржайып, тумшугун желге тосуп, улуп-уңшуп отуруп калган. Жаш бөрүлөр тобу менен тоодо аркар-кулжанын алсыргандарын кууп жүрөт. Бу болсо суур качан чээнден чыгат деп, күңгөй боорду жойлоп келген, чарчаганда ач курсагын күнгө кактап, тилин саландатып солуктап жатат. Бирок бүгүн-эртең чыгат деген суурлар кечигип али жок. Айласы түгөнгөндө карт бөрү күнөстөгү көк ыраңды жал-

малайт. Ал оокат болмок беле, өзөгүн өйкөп, ичин ого бетер куурутат.

Жаңы кандын жыты башын айлантып күчөгөн сайын бөрүнүн заары күчөп, башка бир ит-куш ээлеп калбагыдай эле дегенсип өзүнөн өзү ыркырап коюп, күчөй жортту... Шилекейин чуурутуп азгырган жыт жылкы этинин жыты эле. Жылкынын эти менен тердин буруксуган жыты бөрүнү мас кылып жиберди. Бу бөрү өмүрүндө топ бөрү болуп үч-төрт жолу гана жылкыны кууп, камап жеген.

Бөрү тумшугун сундуруп, карышып калган жаагын ачык кармап, шилекейи тамчылап, ач карыны мыкчылып, жортуп келатты. Таң алдындагы шоокумдуу түндө ач бөрү кубаңдаган караан болуп, жортуп келатты.

Ушу жутунган боюнча боюн токтотпостон барып өлүк жылкыга тиш салмакчы болду, бирок куу бөрү көнүмүш сактыгына салып, шилекейин жалана боюн зордоп токтотуп, өлүктү бир айланып чыкты. Жылкынын өлүгүнүн жанында адам турганын көрө сала бөрү селейе токтоду. Адам чоочуп тура калды.

– Эй! – деп Султанмурат тап берип, жерди тепти.

Карышкыр кетенчиктей секирди да, куйругун такымына кысып, четке жылжый басты. Жолу болбоду. Адам турат. Адам этке жолотпойт. Бөрү жортуп саал алыстай берди да, тык токтоп, ыркырап адамга кайрылды. Көздөрүнөн көк чаар учкундар чачырап, кылкан жалы түксүйдү. Башын ийинине ката жыйрылып, азууларын шакылдата арсайтып, жаалы көзүнө чыгып, акырын жакындай берди.

Султанмурат катуу кыйкырып бөрүнү токтотту да, Чабдардын жүгөнүн шыпырып ала койду. Жүгөндү колуна ороп жиберип, ооздукту салмоорлоп кармады. Эми анын куралы ушу жүгөн болуп калды.

Карышкыр дагы жакындап келди да, кылкан жалы дүгдүйүп, тулку бою тырышып, секирмекчи болуп, жер-

ге жабышып жата калды. Көздөрү Султанмураттын көзүнө кадалды. Бөрүнүн көзү курчураак, заардуураак сезилди.

Бирок Султанмурат жалтанбады. Болгондо өмүрүндө биринчи жолу жүрөгү муштумдай эт экенин, ал дүкүлдөп көкүрөгүн ургулап жатканын даана сезди...

Султанмурат жүгөндү оңтойлото кармап, илгери жүткүнө даяр турду.

## МАЗМУНУ


Айтматов Чыңгыз ........................................ 3

Жамийла ........................................ 8

Делбирим ........................................80

Биринчи мугалим ........................................ 195

Саманчынын жолу ........................................ 249

Ак кеме ........................................ 362

Эрте жаздагы турналар ........................................ 520

*Адабий-көркөм басылма*

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

25-том

**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ**

*Чыгармалар жыйнагы*

Т ү з г ө н *Кадырманбетова Айнура*

Тех. редактор *Жусупбекова А.*
Корректор *Кадырманбетова А.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.05.2017-ж. берилди.
Басууга 20.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^1/_{16}$.
Көлөмү 40,0 б.т. Нускасы 500.

---

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү , 68